**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**Ош мамлекеттик университети**

**Кыргыз тили илими кафедрасы**

Кол жазма укугунда

УДК: 811.161 (575.2) (043.3)

**Элчиев Жаанбай**

# Сүйлөмдүк келки маанилердин типтери жана түрлөрү

Адистиги – 10.02.01. Кыргыз тили

филология илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий кеңешчи – филология илимдеринин доктору, профессор К.З.Зулпукаров

Ош, 2015

# Мазмуну

Киришүү..........................................................................................................5-11

I глава. Семантикалык синтаксистин баштапкы идеяларына жана синтаксистин концептуалдык салааларына мүнөздөмө

1.1. Түшүнүк категориялары аркылуу синтаксисти сыпаттоо маанилери.12-13

1.2. Тилдерди “мааниден туюнтуучу каражаттарына карай” сыпаттоо принциби.......................................................................................................13-14

1.3. Л.В.Щербанын активдүү жана пассивдүү грамматикасы жөнүндө.....14-15

1.4. Локалисттик синтаксистин жоболорунан..............................................15

1.5. Синтаксистик парадигма жана генративдик синтаксис жөнүндө........15-25

1.6. Тыгыздык түзүүчүлөрдүн (байланыштардын) синтаксиси жөнүндө.26-31

1.7. Позициялык синтаксис жөнүндө.....................................................32-33

1.8. Семантикалык синтаксис жөнүндө..................................................34-36

1.9. Коммуникативдик синтаксис жөнүндө............................................37-39

II глава. 2.1. Сүйлөмдүн мазмундук уюшулушун изилдөөнүн негизги аспектилери.......................................................................................................40-43

2.1.1. Сүйлөмдү изилдөөнүн семантикалык аспектиси ............................44-65

2.1.2. Сүйлөмдү изилдөөнүн коммуникативдик аспектиси .......................66-71

2.1.3. Сүйлөмдү изилдөөнүн прагматикалык аспектиси ...........................72-77

2.1.4. Сүйлөмдүн изилденишиндеги логицизм .........................................77-83

III глава. Сүйлөмдүк келки маанилердин типтери жана түрлөрү

Кириш сөз ...................................................................................................84-94

3.2. Сүйлөмдүк келки маанилердин типтери

3.2.1. Маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр...........................................95-103

3.2.2. Суроо маанисиндеги сүйлөмдөр..................................................104-122

3.2.3. Сурануу маанисиндеги сүйлөмдөр...............................................123-134

IV глава. Сүйлөмдүк келки маанилердин түрлөрү. Кириш сөз ..................135

4.1.1. Адресанттын таанымдык деңгээлине байланышкан маанилер

*Таануу жана каршы болуу, ынануу жана моюнга алуу маанилери*.......136-150

*Белгисиздик жана эканжылык маанилери*..................................................151

*Болжолдоо мааниси*.......................................................................................159-169
*Терс түшүнүктүк маани*.................................................................................170-183
*Тастыктоо жана тактоо маанилери*...................................................184-195
4.1.2Адресанттын туюмуна катышта болгон позитивдүү маанилер
*Каалоо, эңсөө, кыялдануу маанилери*...................................................195-204
*Жактыруу, суктануу, үндөө, кубаттоо маанилери*...............................205-210
4.1.3. Адресанттын туюмуна негативдүү таасирде болгон маанилер
*Өкүнүү, арман кылуу маанилери*.........................................................211-218
*Таңдануу жана кабатырлануу маанилери*...........................................219-230
4.1.4. Адресаттын таасиринде пайда болгон позитивдүү маанилер
*Эскерүү, эскертүү жана эстетүү маанилери*.......................................231-239
*Сунуштоо, кеңеш берүү, көкүтүү маанилери*.......................................240-248
*Ыраазылык, канааттануу, алкоо маанилери*.........................................248-251
4.1.5. Адресат менен катышта болгон негативдүү маанилер
*Кекетүү, какшыктоо, табалоо маанилери*.............................................252-263
*Наразылык мааниси*.............................................................................264-267
*Каргоо жана кордоо маанилери, алардагы семантикалык катыштар*...............................................................................................268-277
4.1.6. Сүйлөм тутумунда камтылган жалпы маанилер
*Күчөтүү мааниси*.....................................................................................277-283
*Салыштыруу мааниси*............................................................................283-292
4.1.7.Сүйлөмдө сейрегирээк камтылган маанилер...............................292-302
4.1.8. Маанилик түрлөрдүн жөнөкөй, татаал сүйлөмдөрдө катарлаш абалда келүү өзгөчөлүктөрү...........................................................................303-316
Корутунду ....................................................................................................317-323
Колдонулган адабияттардын тизмеси......................................................324-344

# К и р и ш ү ү

Синтаксистин изилдөө обьектиси болгон сүйлөм башка бөлүмдөрдүн обьектилерине караганда кеңири алкакта болуп, структуралык, семантикалык, функционалдык жактардан өтө көп кырдуу бөтөнчөлүктөрдө колдонулуучу адамдар арасында пикир алышууну тейлөөчү негизги тилдик бирдик болгондуктан, синтаксис илими байыртадан бери ич ара түрлөргө (салааларга) ажыратылып каралуу аркылуу сүйлөм ар тараптан изилденип келатса да, дүйнөлүк тил илиминде тыянакталган корутунду аныктамага ээ боло элек. Кийинки учурларда тилчи окумуштуулар тилдик негизги бирдик болгон сүйлөмдүн формалык-грамматикалык курулушун гана эмес, анын семантикалык жана коммуникативдик-прагматикалык жактарын биримдикте изилдөө зарылдыктарын белгилешүүдө. Түрдүү бөтөнчөлүктө уюшулуп, өтө көп кырдуу функцияны аткарган бул тилдик бирдикти ар тараптан комплекстүү изилдөөсүз анын табиятын жеткиликтүү ачып берүүгө мүмкүн эместигин көрсөтүшүүдө. Мындай негиздеги пикирлерди билдирген жана сүйлөмдү мазмундук аспектилерде изилдөө иштерин жүргүзгөн швейцариялык, чехиялык, англиялык, франциялык, германиялык, орусиялык окумуштуулардан Ш.Балли, Ф.Данеш, П.Сгалл, В.Матезиус, Э.Бенвенист, Джон Лайонз, А.Бейкер, Клод Ажек, Ф.Кифер, В.Г.Гак, Т.П.Ломтев, И.И.Мешанинов, Е.В.Падучева, Н.Д.Арутюнова, В.А.Белошапкова, О.И.Москальская, Ю.С.Степанов, В.А.Звегинцев, Г.А.Золотова, Н.Ю.Шведова, Д.Н.Шмелев, Т.В.Шмелева, В.К.Богданов, А.В.Бондарко, Б.А.Плотников, М.В.Никитин, И.П.Сусов, И.И.Ковтунова, О.А.Крылова, Г.В.Колшанский ж.б. атоого болот. Алар сүйлөмдүн семантикалык, коммуникативдик-прагматикалык, логикалык, психологиялык багыттардан изилденишине байланышкан илимий эмгектерди жаратышып, семантикалык, коммуникативдик синтаксистердин илимий-теориялык негиздеринин, жоболорунун калыптанышына өз салымдарын кошушкан. Бул багыттарда И.Х.Ахматов, С.Ж.Мусаев, А.Б.Бердалиев, С.Н.Абдуллаев, А.Н.Нурманов, К.З.Зулпукаров, К.Т.Токтоналиев, Т.Т.Маразыков, М.А.Атакулова ж.б.

тарабынан айрым түрк тилдеринин фактылык материалдарынын негизинде да илимий изилдөө иштери жүргүзүлгөн.

Биз бул диссертациялык изилдөөбүздө кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдүн семантика-функциялык табиятын семантикалык, коммуникативдик, прагматикалык, логикалык, психологиялык өңүттөрдө изилдөөлөрдүн негизинде маалым болгон бөтөнчөлүгүн тактап айтканда, анда камтылган келки маанилердин берилүү өзгөчөлүктөрүн аныктоого, аларды өз ара типтерге жана түрлөргө ажыратып классификациялоого, сүйлөмдү мындай негизде изилдөөнүн жана окутуунун зарылдыгын белгилөөгө аракеттендик.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Иштин темасын тандоо, биринчиден, кыргыз тилинин семантикалык синтаксиси изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бөлбөй жаткандыгы, анын мазмуну жана турпаты ачылбагандыгы менен, экинчиден, семантикалык синтаксистин түзүүчүлөрүнөн болгон сүйлөмдүк келки маанилердин айкындалбагандыгы менен, үчүнчүдөн, мазмундук синтаксистин жалпы сүлпөтүн жана ички маани-маңызын уюштурган каражаттардын талданбагандыгы менен, төртүнчүдөн, сүйлөмдүн мазмундук, коммуникативдик, прагматикалык, логикалык жана психологиялык өзөгүн түзгөн предикаттын семантикалык түрлөнүшү сыпатталбагандыгы менен, ошондой эле сүйлөмгө мүнөздүү маанилердин түрлөрү өзүнчө обьект катары иликтене электиги менен түшүндүрүлөт.

**Диссертациялык иштин максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн максаты сүйлөмгө мүнөздүү келки маанилердин тиби менен түрлөрүн, алардын уюшулуу жолдорун жана жаралуу булактарын аныктоо болуп эсептелет. Бул максаттын ишке ашышында төмөнкүдөй негизги **милдеттердин** аткарылышы талап кылынды:

- сүйлөмдүк мазмунду жана келки маанилерди изилдөөнүн чен-өлчөмдөрү менен принциптерин аныктап алуу;

- сүйлөмдүн изилденишиндеги грамматикалык, семантикалык, коммуникативдик, прагматикалык, логикалык, психологиялык көрсөткүчтөрдү биримдикте, ички байланыштарда талдап чыгуу;

- келки маанилердин типтери менен түрлөрүн аныктоодо контексттин, интонациянын, басымдын, учурдагы кырдаал-жагдайдын ролдорун, алардын берилүү бөтөнчөлүктөрүн аныктоо;

- сүйлөмдүк келки маанилердин өз ара типтерге жана түрлөргө ажыратылыш критерийлерин негиздөө;

- маанилик типтерди ич ара классификациялоо;

- маанилик түрлөрдү адресанттын таанымына, адресат менен болгон катыштык өзгөчөлүктөрүнө ж.б. ылайык топторго бөлүштүрүү;

- сүйлөмдүн келки маанилеринин чагылдырылышын шарттоочу тилдик бирдиктер менен каражаттарды аныктоо жана белгилөө;

- маанилик типтердин да, түрлөрдүн да өз ара окшош жана айырмалуу жактарын көрсөтүү;

- келки маанилердин функционалдык стилдин түрлөрүндө колдонулуу чектерин белгилөө;

- маанилик түрлөрдүн колдонулуу алкагын, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн тутумунда келүү бөтөнчөлүктөрүн аныктоо.

**Эмгекте анализделинген фактылык материалдар.** Изилдөөнүн максат, милдети азыркы кыргыз тилинде активдүү колдонулган сүйлөмдөр менен айтымдарда камтылган келки маанилердин табиятын аныктоо болгондуктан, иш синхрондук планда каралып, ага ылайык бардык фактылык материалдар ыр жана кара сөз түрүндөгү көркөм чыгармалардан, илимий жана публицистикалык эмгектерден, оозеки кептен алынды. Сүйлөмдүк келки маанилердин типтери менен түрлөрү поэтикалык кепте арбын кезиккендиктен, талдоого алынган фактылык материалдардын көпчүлүгүн лирикалык ырлардан, эпостордон алынган мисалдар түздү.

**Изилдөөнүн теориялык натыйжаларынын жаңылыктары.** Сүйлөмдүн мазмундук уюшулушун шарттоочу негизги бирдик болгон

предикат бул изилдөөдө алгачкы жолу маанилик бөтөнчөлүктөрүнө ылайык: этиштик предикаттар 11 түргө, атоочтук предикаттар 14 түргө классификацияланды жана сүйлөмдүн мазмундук уюушулушуна талдоо жүргүзүүнүн үлгүсү иштелип чыгылды. Анткен менен диссертациялык иштин негизги максат, милдеттери боюнча сүйлөм, же айтым аркылуу маалым болгон ойго кошумча түшүнүк киргизүүчү, бирок сүйлөөчү тарабынан айтылбай, анын (сүйлөөчүнүн) ошол сөз болуп жаткан түшүнүккө болгон түпкү мамилесин (позициясын), максатын, учурдагы психологиялык абалын кошумча түрдө туюнтуучу функцияны аткарган келки маанилердин ич ара типтерге жана түрлөргө ажыратылып изилденишин иштеги негизги жаңылык катары кароого болот. Көрсөтүлгөн илимий жаңылыктардын негизинде коргоого төмөнкү жоболор коюлат:

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- ар кайсыл сүйлөмдө, же айтымда пикир алышуунун өзгөчөлүгүн, адресанттын сүйлөм куруудагы позициясын, максатын, маанайын ж.б. туюнтуучу келки маанилердин камтылары;
- ал келки маанилердин өз ара маанилик типтерге жана түрлөргө ажырашы;
- маанилик түрлөрдүн сөзсүз түрдө кайсыл бир маанилик типтердин тумунда келери;
- татаал сүйлөмдүк структурада уюшулган сүйлөмдөр менен айтымдарда келки маанилердин бир, же бир нечесинин камтылышы;
- келки маанилерди туюнтуучу тилдик бирдиктер менен каражаттардын лексика-семантикалык, контекстуалдык ыктарда уюшулары;
- келки маанилердин типтеринин да, түрлөрүнүн да чагылдырылышында кайсыл бир конкреттүү тилдик бирдик (сөз, же сөз айкашы), же каражат (мүчө) эмес, сүйлөм тутумуна кирген сөздөрдүн лексикалык маанилеринин негизги ролдо турары;
- мындай маанилердин айкын берилишиндеги интонациянын, айрым сөздөр менен мүчөлөрдүн көмөгү;

- келки маанилердин кайсыл бирин экинчи бир тибине, же түрүнө өткөрүп жиберүүдөгү айрым сөздөрдүн, мүчөлөрдүн жана интонациянын ролу;
- сүйлөмдүк келки маанилердин жаралышындагы сүйлөөчүнүн таанымдык деңгээлинин орду ж.б.

**Иштин теориялык мааниси.** Өтө көп кырдуу негизги тилдик бирдик болуп эсептелинген сүйлөмдү мазмундук аспектилерден изилдөө өзгөчө түркологияда актуалдуу болуп турган бул учурда сүйлөмдүк келки маанилерди андан ары тереңдетип изилдөөгө кызыгуулар туулушу мүмкүн. Тилдик мындай маанилик бөтөнчөлүктөрдү изилдөөнүн алкагын кеңейтүү сүйлөм-айтым табиятынын илимий жактан жеткиликтүү аныкталышына өбөлгө болот. Сүйлөмдүн семантикалык, коммуникативдик, прагматикалык, логикалык, психологиялык аспектилерден изилденүүсүнүн таасиринде айкын болгон келки маанилердин табияты прагматикалык багытка бир топ жакын болгондуктан, аны ушул аспектинин изилдөө обьектиси катары кароого болот. Бул диссертациялык иште сүйлөмдүк келки маанилер өз ара типтерге жана түрлөргө классификацияланып, аларды уюштуруучу тилдик бирдиктери менен каражаттары такталуу аркылуу изилдөөнүн жалпы маселелери аныкталды. Мындан ары тилчи-окумуштуулар тарабынан өнүктүрүүчү, тактап толуктоочу илимий иштерди жүргүзүү зарылдыгы бар.

**Иштин практикалык мааниси.** Диссертацияда камтылган маалыматтар, фактылык материалдардын анализделинишиндеги иш тажрыйбалар, аныктамалар, эң алгач, филологиялык адистиктерде окуган студенттердин, аспиранттар менен изденүүчүлөрдүн сүйлөм-айтым проблемасы, аларды изилдөөнүн түрдүү аспектилеринин өз ара карым-катыштары ж.б. жөнүндөгү билимдерин тереңдетүүгө көмөк көрсөтөт. Сүйлөмдүк келки маанилерди изилдеп үйрөнүүсүз пикир алышууда өтө көп кырдуу функцияны аткарган сүйлөм менен айтымдын табияты жеткиликтүү негизде аныкталбайт жана пикир алышуу өз деңгээлинде ишке ашпайт. Анткени ар кайсыл сүйлөм, же айтым өз функциясын аткарып жатканда,

аларда чагылдырылган түшүнүктөр сүйлөөчү тарабынан атайын айтылбаган маанилик өзгөчөлүктөрдө (маалымдоо, суроо, сурануу маанилеринде) берилип, ошол эле учурда сүйлөөчүнүн ошол маселеге карата болгон көз карашын (позитивдүү, негативдүү), таанымын (айкын, же болжолдуу), ал-абалын (кабатырлануусун, суктануусун ж.б.) туюндурган көмүскөдөгү келки маанилердин кайсыл бири да камтылат. Кандай келки маанилердин берилип жаткандыгын тыңдоочунун туура аңдай алуусу ал пикир алышуунун өз деңгээлинде ишке ашышын шарттайт. Сүйлөмдүк мындай келки маанилердин берилишин, пикир алышуудагы ролун өздөштүрүү практикалык чоң мааниге ээ. Ошондой эле бул диссертациялык иште берилген тилдик материалдарды ЖОЖдордун филология факультеттеринде окутулуучу морфология, синтаксис, семантикалык синтаксис, стилистика, кеп маданияты, көркөм текстке тилдик талдоо предметтерин өтүүдө пайдаланууга, өзүнчө атайын курс түрүндө окутууга мүмкүн. Сүйлөмдүн мазмундук уюшулушун (семантикалык синтаксис менен коммуникативдик-прагматикалык синтаксисти) ЖОЖдордун филология адистиктеринде окутуу, андан кийин орто мектептердин окуу программаларына киргизүү – келечектин иши. Ансыз тил илиминин синтаксис бөлүмүнүн окутулушу өз максатына жетпеген бойдон кала берет.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери.** Диссертациялык иштин жазылышында индоевропа жана түрк тилдеринин изилдениши боюнча жарык көргөн Ш.Балли, Ф.Данеш, Т.П.Ломтев, Е.В.Падучева, Н.Д.Арутюнова, В.А.Белошапкова, О.И.Москальская, И.П.Сусов, Ю.С.Степанов, Б.А.Плотников, Г.А.Золотова, Н.Ю.Шведова, Т.В.Шмелева, М.В.Никитин, А.В.Бондарко, К.К.Сартбаев, А.Жапаров, М.Мураталиев, Б.Орузбаева, А.Турсунов, Б.Тойчубекова, А.Иманов, С.Өмүралиева, С.Мусаев, С.Ибрагимов, К.Зулпукаров, К.Токтоналиев, Б.Усубалиев, И.Ахматов, С.Абдуллаев, А.Бердалиев, Т.Маразыков, Т.Токоев ж.б. окумуштуулардын эмгектери теориялык жана методологиялык негиз катары каралды.

**Изилдөөдө колдонулган негизги илимий методдор.** Ишти жазууда, негизинен, байкоо жүргүзүү, баяндап жазуу, салыштырма, психолингвистикалык, дистрибутивдик, статистикалык, анализ жана синтез, индуктивдүү жана дедуктивдүү методдор пайдаланылды. Ошондой эле зарылдыкка жараша схемалаштыруу, каршы коюу, интегративдик методдордун ыкмалары да колдонулду.

**Иштин апробациясы.** Диссертациянын жалпы мазмуну 2002-жылдан бери ар кайсыл учурларда КУУда профессор А.Жапаровдун 80жылдыгына, ОшМУда доцент А.Сыдыковдун, профессорлор Ж.Шериев, К.Матикеевдин 70 жылдыктарына байланыштуу өткөрүлгөн илимий-теориялык конференциялардын, “Кыргызстандын келечеги – мамлекеттик тилинде” республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдарында жана “ОшМУ жарчысы” журналынын серияларында 25 макала түрүндө жарыяланган. Ошондой эле иштин жалпы мазмунуна тиешелүү “Сүйлөмгө грамматикалык жана мазмундук талдоо жүргүзүү” (Бишкек, 2002. 7,4 б/т) деген аталыштагы окуу-колдонмо, “Сүйлөмдүн келки маанилери, типтери жана түрлөрү” (Бишкек, 2012. 20,5 б/т) деген диссертациянын мазмунун камтыган монография басмадан чыккан. Мындан тышкары, диссертациянын тийиштүү материалдары ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 5-курсунун студенттерине “Семантикалык синтаксис” предмети боюнча лекция түрүндө окутулуп келе жатат.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы.** Сүйлөмдүк келки маанилерди өзүнчө ажыратып кароо аркылуу аларды ич ара классификациялап, жетиштүү фактылык материалдардын негизинде аныктоо, тактап айтканда, коргоого коюлган негизги жоболордо көрсөтүлгөн маселелерди аныктап чыгуу – диссертанттын жеке салымы.

**Иштин структурасы жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн тышкары 4 главадан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Булар 342 беттик көлөмдө чагылдырылган.

# I Глава. Семантикалык синтаксистин баштапкы идеяларына жана синтаксистин концептуалдык салааларына мүнөздөмө

1.1. **Түшүнүк категориялары аркылуу синтаксисти сыпаттоо маанилери.** Аң-сезимде түшүнүк категориялары (понятийные категории) болот. Булар жөнүндө биринчи болуп Отто Есперсен айткан. Анын ою боюнча, синтаксистик категориялар менен катар, алардан тышкары жана алардын артында турган, ар бир тилдин түзүлүшүнө багынган категориялар жашайт. Булар – тилдик эмес категориялар, бар тилдердин айрым жөнсүз фактыларына баш ийбейт, универсалдуу мүнөздө жашап, даана жана ачык көрүнбөгөнү менен, бүткүл тилдерге тиешелүү (1958, 57-58- бб.).

Грамматикалык категориялар түшүнүк категорияларынын чачыраган көлөкөлөрү, же симтомдору катары кызмат кылат. Грамматикалык кубулуштун артындагы түшүнүк Канттын “өзүндөгү нерсеси” (“вещь в себе”) сыяктуу аңдалбаган, көрүнбөгөн түрдө жашайт. Буларды изилдөө универсалдык грамматиканы түзүүгө негиз болот (60-б.). Бул идеяны И.И.Мещанинов андан ары өнүктүрөт.

И.И.Мещанинов: “Түшүнүк категориялары конкреттүү коомдук чөйрөдө бар түшүнүктөрдүн тил аркылуу берилишин туюнтат. Алар тилдин жардамы менен сыпатталбайт, бирок тилде, тилдин лексикасы менен грамматикалык түзүлүшүндө айкындалат. Тилдеги синтаксистик, же морфологиялык формага ээ түшүнүк категориялары грамматикалык категориялар болуп калышат” – деген (1978, -196-б.). Түшүнүк категорияларына бул окумуштуу **субьект, предикат, атрибут, тике жана кыйыр обьект, предметтүүлүк, атрибутивдүүлүк** ж.б. кошот. Бул категорияларды А.В.Бондарко аң-сезимдин да, тилдин да категориялары болот деп эсептейт (2002, -80-86 бб.).

С.Д.Кацнельсон да түшүнүк категориялары тууралу айтып, буларга аракеттенүүчү (агенс), таасирлентүү (фактивдүүлүк), таасирдин обьекти, ээлөө обьекти, куралдуулук (орудийность), мейкиндикте ташуу/орун алмаштыруу ж.б. маанилерди ыйгарат (1971, 9-10 бб.). Түшүнүк категориялары ой-туюмда жашайт. Алар тажрыйбанын жыйынтыгы катары кызмат кылышат. Ошондой эле грамматикалык категорияга өтүшү мүмкүн, бирок атайын "тышталбастан" тилдин семантикасында берилиши да ыктымал. Б.А.Серебренников түшүнүк категориясын грамматикалык категориялардан баалуу жана туруктуу деп эсептейт. Көп морфологиялык категориялар өзгөрүлүп, жоголуп отурат. Ал эми түшүнүк категориялары дайыма жашайт жана бардык тилдерде болот деп карайт (1976, 13-16 бб.). Бул идеялар да семантикалык синтаксистин баалуулугун, сүйлөмдүк келки маанилерди изилдөөнүн зарылдыгын негиздөөгө өбөлгө болот.

**1.2. Тилдерди "мааниден туюнтуучу каражаттарына карай" сыпаттоо принциби.** Европа лингвистикасы классикалык грек, латын грамматикаларынын негизинде жана таасиринде пайда болгон. Ал тилдер синтетикалык мүнөздө, ал эми азыркы роман, герман тилдеринде аналитизм үстөмдүк кылып, булар грек "калыбына" сыйбай калган. Биринчилерден болуп француз лингвисти Фердинанд Брюно **семантиканын синтаксистеги ролунун зарылдыгын** өзгөчө белгилеген. Ал тилдин нагыз маани-маңызын, бүт боекторун, ыраатсыздыктарын, элементтердин тынымсыз аралашып турушун татаал биримдикте жана бүтүндүктө изилдөө зарылдыгын, аны жөнөкөйлөтүп, үзүп-созуп жана сызгычка салып жалган илим катары иликтебөө керектигин айткан. Аналитикалык тилдерди бул окумуштуу өзүнүн "Ой жана тил" деген эмгегинде идеялардын берилишине карап изилдөө зарылдыгын айтат. Бул эмгектин "Аныктык жана анык эместик", "Жандуулук жана жансыздык", "Сан (эсеп)", "Мүнөздөмө" ж.б. бөлүмдөрүндө тилдик каражаттарга семантикалык-лексикалык сыпаттоо жүргүзөт (Бул жөнүндө: Б.А.Серебренников. 14-15-бб.).

В.М.Жирмунский Ф.Брюнонун теориясын грамматикалык анализдин “мааниден туюнтуучу каражаттарга карай” принциби аркылуу аткарылган эмгек катары баалайт. Бул идеянын О.Есперсендин теориясына жакын экендигин белгилейт жана аны кубаттайт (1965, 17-б.).

Ф.Брюнонун теориясына К. де Бур (Франция), В.Дорошевский (Польша), И.Леков (Болгария), Ч.Филлмор (АКШ) ж.б. лингвисттердин ой-пикрилери жакын жана аны өнүктүрөт (бул жөнүндө: К.З.Зулпукаров. - 1994, 89-91-бб.). Алардын эмгектеринде грамматикалык категорияларды семантикалык негизде изилдөөнүн башкы жоболору иштелип чыккан.

**1.3. Л.В.Щербанын активдүү жана пассивдүү грамматикасы жөнүндө.** Л.В.Щерба өзүнүн “Преподавание иностранных языков в средней школе” аттуу изилдөөсүндө (1947, 84-88-бб.) активдүү жана пассивдүү грамматика жөнүндө идея сунуштаган. Анын ою боюнча, пассивдүү грамматика тилдин түзүүчү элементтеринин кызматын жана маанисин тышкы формасына, турпаттык биримдигине карап изилдейт, ал эми активдүү грамматика ойлоого негизделет, ал анализди мазмундук-семантикалык биримдиктен аларды уюштуруучу формага, сырткы турпатка карай жүргүзөт. Активдүү грамматиканы бул окумуштуу “идеологиялык” деп да атаган.

Активдүү жана пассивдүү грамматика бири-бирин толуктайт. Активдүү грамматика сүйлөөчү менен жазуучунун, маалымдоочунун позициясын чагылдырат. Пикир билгизүүчү өз оюн, каалоосун, максат-мүдөөсүн, талабын ж.б. билдирүү үчүн ойкампасындагы семантикалык ассоциативдик чөйрөдөн жагдайга ылайык тилдик бирдиктерди, каражаттарды издейт, иргейт, табат жана колдонот. Пикирди уюштуруу семантикалык топторго карата жана булардын негизинде жүргүзүлөт. Мында ойду, пикирди билгизүү мазмундан турпатка карай жүрөт. Ал эми пассивдүү грамматика тыңдоочу менен окуучунун позициясына, кабылдоосуна байланыштуу. Мында түшүнүү тигил же бул форманын, тилдик каражаттын маанисин аныктоого багытталат. Пикир кабылдоочунун позициясы турпаттан мазмунга карай ишке ашат. Угулган же окулган текст дискурстук кубулуш катары

тилдик каражаттарды өзүндө камтыйт. Анын мазмунун өздөштүрүү кеп аракетинин катышуучусунун формадан мааниге карай ой жүгүртүүсүн талап кылат (Л.В.Щерба. - 1974, 56-б.).

Активдүү грамматика семантикалык синтаксисти түзүүдө чоң өбөлгө болгон.

**1.4. Локалисттик синтаксистин жоболорунан.** Вербалдык коммуникация бир нече алкакта жүргүзүлөт. Сүйлөөчү менен жазуучу тил системасынын өзөгүн (ядросун) түзөт. Кеп аракети мейкиндик-убакытта аткарылат. Мейкиндик-убакыттын борборун пикир билгизүүчү түзөт. “Мен” борборун түзгөн тегеректин ичинде үч алкак болот. Кеп аракетинин баштапкы координаталарын “мен - буер - азыр” үчилитиги уюштурат. Бул үчилтик эң алгачкы “мен – мен эмес” дихотомиясына барып такалат жана андан ажырап чыккан. Бул дихотомияда сүйлөөчү өзүн угуучуга, бүт адамзатка, айлана-чөйрөгө, ааламга карама-каршы коет. Бул дихотомия диахрондук да, синхрондук да (өтмүштөн учурга, учурдан келечекке карай) мүнөздө жашайт. Ошондой эле ал бүткүл синтаксистик категориялардын, маанилердин, маалыматтардын түпкү, эң жалпы, зарыл маани-маңызын жана закончeнемдүүлүктөрүн аныктайт (Караңыз: Степанов Ю. С. – 1975, 136-142-бб.).

Ю.С.Степановдун ушул семиосеологиялык-синтаксистик теориясы да биздин ишке түрткү берди.

**1.5. Синтаксистик парадигма жана генеративдик синтаксис жөнүндө.** Синтаксистик парадигма жана парадигма-синтагма түшүнүктөрү лингвистикадагы салыштырмалуу жаңы түшүнүктөр. Сүйлөмдү типологиялык жактан анализдегенде, биз “парадигма” терминине кайрылабыз. Сүйлөмдүн парадигмасы жөнүндөгү жобо XX кылымдын 60-жылдары пайда болгон. Бул маселе орус грамматикасынын проспектисин түзүү учурунда көтөрүлгөн эле. «Основы построения описательной грамматики современного русского литературного языка» аттуу эмгекте (М.:Наука, 1996-211 б.) академиялык кыскача грамматиканын проспектиси

берилген болчу. Мунун “Синтаксис слово сочетания и предложения” деген бөлүмүндө (128-167 бб.) биринчи жолу синтаксистик парадигма тууралу сөз козголот. Мында эки составдуу толук парадигмалуу сүйлөмдөр жөнүндө айтылат. Мындай сүйлөмдөрдө ээ менен баяндооч өз ара координацияланып, бирин-бири толуктап, коштоп келери белгиленет. Бул парадигманын борбору − этиштик баяндооч. Баяндоочтун жак, сан, чак, ыңгай категорияларын түзгөн синтаксистик маанилери синтаксистик парадигманы жаратат (150-151 бб.).

Синтаксистик парадигма бир составдуу болушу да мүмкүн. Буга төмөнкү мисалдар келтирилет: -***Рассветает*** “Таң атып келатат” - ***Рассветало*** “Таң атып келаткан эле”. – ***Будет рассветать*** “Таң атат”. - ***Рассветало бы*** “Таң атмак”. -**Пусть бы рассветало!** “Таң ата берсин эле!” - **Пусть рассветает!** “Таң ата берсин!”. Табигый өзгөрүү орус тилинде мындай учурда жаксыз сүйлөм аркылуу берилет. Аны кыргыз тилине бир составдуу кылып которууга болбойт.

Ошондой эле аталган проспектте  сүйлөмдүн толук, кемтик жана аралаш парадигмалары тууралу сөз болот (151-153 бб.).

Синтаксистик парадигма идеясы “Грамматика современного русского литературного языка” (М.: Наука 1970) аттуу коллективдүү эмгекте толугу менен ишке ашкан (Тиешелүү бөлүмдүн автору-Н.Ю.Шведова).

Сүйлөмдүн парадигмасы бардык түрлөрү, бөтөнчөлүктөрү менен “Русская грамматика” аттуу эмгектин экинчи томунда берилген (Русская грамматика том II. Синтаксис-М.: Наука, 1982-709б.). Мында: “Глагольные подлежащно – сказуемостные предложения имеют полную восьмичленную парадигму”, - деп айтылат (245 б.). Бул сегиз түрдүү сүйлөмдүк парадигмага төмөнкү мисалдар келтирилет:

*1.* ***Он работает*** *“Ал иштейт /иштеп жатат”* (учур чак).

*2.* ***Он работал*** *“Ал иштеген /иштеди / иштечү”* (өткөн чак).

3. ***Он будет работать*** *“Ал (эми) иштейт”* (келер чак)  (Бул үч сүйлөм – синтаксистик индикативдин мүчөлөрү).

4. ***Он работал бы*** – *“Ал иштээр эле /иштейт эле /иштемек эле*” (ниет ыңгай).

5. *а)* ***Работал бы он****... Если бы он работал // б)* ***Работал он****...* / ***Работал бы он****... “Ал иштесе /иштеген болсо // Эгер ал иштесе/ иштеген болсо”...* (шарттуу ыңгай).

6. ***Работал бы он! /Если бы*** *(хоть бы, лишь бы...)* ***он работал!*** *“Ал иштесечи/ иштеп калсачы/ иштеп калган болсочу”* (каалоо ыңгай).

*7.* ***Пусть он работают!*** *“Иштей берсин”//****Что бы он работал****. “Иштей берсин”* (буйрук ыңгай).

*8.* ***Он работай, а ты будешь бездельничать?*** *“Ал иштесин/ иштей берсин, а сен бекерпоз болуп жүрө бересиңби*?”(Мажбурлоо ыңгайы) *(245-б.)*

Демек, жөнөкөй сүйлөмдүн парадигмасы орус тилинин грамматикасында этиштин ыңгай категориясына изоморфтуу болуп, ага барабар кызмат кылып калат. Бул мисалдарда субьектини үчүнчү жактагы ат атооч аткарган. **Ал** (Он) ат атоочу парадигманын бардык мүчөлөрү үчүн бирдей, ошондуктан ал парадигма түзүүгө кыйыр катышып турат.

Синтаксистик парадигмага жакын дагы бир түшүнүк бар. Бул − парадигма-синтагма түшүнүгү. Кайсы бир синтаксистик каражаттар парадигманы уюштуруп, парадигматика-синтагматикалык касиетке ээ болот. Лексикадагы парадигматика-синтагматикалык көрсөткүчтөр жөнүндө М.И.Задарожный, грамматикадагы мындай көрсөткүчтөр тууралу К.З.Зулпукаров жазган эле (караңыз: Зулпукаров К.З. Подежная грамматика: теория и прагматика-СПб; -Ош, 1994. 111-190 бб.). Бир парадигма менен экинчи парадигманын айкашуусу парадигма-синтагма деп аталат. Жактама ат атоочтор − жалпы жана өзгөчө сапаттарга ээ лексика-грамматикалык каражаттардын жыйындысы катары келген өзүнчө парадигма. Ал эми жакталуу көрсөткүчтөрүн кабыл алган этиш өзүнчө парадигманы уюштурат. Бул эки парадигманын өз ара жалпыланышы парадигма-синтагманы түзөт.

Мындай ири лексика-грамматикалык обьектини парадигматика-синтагматикалык өңүттө иликтөөгө болот. Караңыз:

| | |
|---|---|
| *А. 1. Мен иштейм (ин)* | *1. Биз иштейбиз* |
| *2. Сен иштейсиң* | *2. Силер иштейсиңер* |
| *Сиз иштейсиз* | *Сиздер иштейсиздер* |
| *3. Ал иштейт* | *3. Алар иштейт /иштешет* |
| *Б. 1. Мен иштегем/ иштегенмин* | *1. Биз иштегенбиз* |
| *2. Сен иштегенсиң* | *2. Силер иштегенсиңер* |
| *Сиз иштекгенсиз* | *Сиздер иштегенсиздер* |
| *3. Ал иштеген* | *3. Алар иштеген /иштешкен* |

Бул мисалдарды дагы улантууга болот, же индикатив эмес, башка ыңгайларга да өткөрүүгө болот. "Иште" сөзүн "башта", "ойно" ж.б. сөздөрү менен алмаштырып берүүгө да болот. Бардык баш мүчөлөр S+P түрүндөгү бир формулага баш ийет. Субьектини (S) түзгөн каражаттар да, предикатты (P) уюштурган тилдик каражаттар да өз ара саны боюнча (жекелик, көптүк), жагы боюнча (1,2 же 3-жак), сылык-одоно түрү боюнча (2-жакта), варианттуулугу боюнча (толук/кемтик, адабий/сүйлөшүү формасы) ажыратылат.

Парадигма-синтагмалык катыш бир гана S+P формуласынын чегинде учурабайт. Мындай алаканы биз локативдик, темпоралдык, обьектилик ж.б. сөз айкаштарынан да учуратабыз:

1. *Автомобиль үйдүн жанында турат.*
2. *Биз бактын ортосунда отурганбыз.*

3. *Мерген үңкүрдүн ичинде калды* ж.б. мында субьектилер (автомобиль, биз, мерген)-өзүнчө парадигма, илик жөндөмөдөгү заттар (үйдүн, бактын, үңкүрдүн) да, жатыш жөндөмөдөгү жардамчы атоочтор да (жанында, ортосунда, ичинде), этиштер да (турат, олтурганбыз, калды) − парадигмалар. Булар өз ара айкаштагы ири парадигма-синтагманы жаратып турат.

Парадигматика-синтагматикалык түзүлүш жана муну иликтөөнүн методикасы тууралу караңыз: Зулпукаров К.З. Введение в русскую

казусологию -Б., 2001. (61-162 бб). Бул демилге бир нече изилдөөчүлөр тарабынан колго алынып, өнүктүрүлгөн: М.А.Атакулова “Инвариантное в прономинальной парадигме языка” (Б., 2010) аттуу эмгегинин “О единстве личных и указательных местоимений” деген бөлүмүндө ушул маселеге кыргыз тилинин фактылык материалында кенен кайрылат (120-123-бб.). Тилдик фактыларга карата парадигматика-синтагматикалык көз караш К.Турдуев тарабынан да улантылган. Ал өзүнүн “Функционально-семантическое поле генетивности в сопоставительном аспекте (на материале русского и кыргызского языков)” (Ош, 2011) деген аталыштагы монографиясында кыргыз жана орус тилдеринин материалдарында парадигматика-синтагматикалык түзүлүштөгү бир нече мисалдары талдайт. (25-27,43-47 бб.).

Парадигматика-синтагматикалык түзүлүштөгү тилдик каражаттар (ички бөтөнчөлүктөрүнө карабай) жалпы бир каркаска, же формулага баш иет. Ушуга ылайык жалпы синтаксистик семантикага ээ болот. Парадигма-синтагмада (парасинтагмада) анын мүчөлөрү изоморфтуу, окшош, бирок ички айырмачылыктарга да ээ. Парасинтагмада сүйлөөчүнүн позициясы, жоромолу чагылдырылат. Парадигма – тандоо потенциалын өзүндө алып жүргөн көптүк. Ал ыңгайга, кырдаалга карап, сүйлөөчү тандап колдоно ала турган тилдик каражаттарды өз курамына камтыйт. Булардын ичинен маалымат берүүчү өз компотенциясына, жөндөмүнө, тажрыйбасына, жагдайга жараша мүчөнү тандай алат. Караңыз: Зулпукаров К.З.Введение в русскую казусологию. -Б., 2001. (110-б.)

Эми генеративдик трансформациялык синтаксистин негизги маселелерине токтолобуз. Сүйлөм – кеп аракетинин натыйжасы. Ал − коммуникация жараткан, маалымат берүүчү каражат. Сүйлөмдү жаратуучу эрежелердин жыйындысын Н.Хомский “генеративдик синтаксис”, же “генеративдик грамматика” деп атайт. Чексиз көп сүйлөмдөр чектүү гана эрежелердин негизинде уюшулат. Н.Хомскийдин бул идеясын башка

лингвисттер да активдүү колдоого алышкан эле (Дж.Миллер, Ю.Галантер, К.Прибрам, Дж.Грил ж.б.).

Н.Хомскийдин негизги теориясы анын «Синтаксистик структуралар» деген эмгегинде берилген. (Караңыз: Хомский Н. Синтаксические структуры// Новое в лингвистике. –Вып. 2. –М., 1962; Хомский Н. Аспекты теории синтаксиса. –М., 1972.). Мындагы генеративдик синтаксис жөнүндөгү жоболор орус лингвистикасында ырааттуу улантылып, бир топ жаңы табылгалар, байкоолор менен байыган.

1964-жылы «Трансформационный метод в структурной лингвистике» деген жыйнак чыгып, андагы макалаларда генеративдик синтаксистин бир нече маселелери кенен талдоого алынат. Булардын ичинде С.Я. Фиткаловдун “Трансформации в аксиоматических грамматиках” (3-11бб.), С.К.Шаумяндын “Трансформационная грамматика и аппликативная пораждающая модель” (12-56 бб.), И.И.Ревзиндин “Трансформационный анализ и трансформационный синтез” (57-73 бб.), В.Н.Топоровдун “Трансформационный метод” (74-87 бб.), Л.Н.Засоринанын “Трансформация как метод лингвистического эксперимента в синтаксисе” (99-113бб.) ж.б. макалалар басылып, трансформациялык синтаксистин орчундуу проблемалары сунушталып жана ал орус тилинин материалында чечмеленип берилди. Е.В.Падучева “О семантике синтаксиса (Материалы к трансформационной грамматике русского языка.) (–М., 1974) аттуу эмгегинде генеративдик синтаксистин зарыл маселелерин кенен талдап берет. Кийин чыккан “Проблемы пораждаюшей грамматики и семантики” аттуу рефеpативдик жыйнак (М., 1979) генеративдик трансформациялык грамматиканын негиздерин, принциптерин конкреттүү факты-материалдардын негизинде ар тараптан толук ачып бере алган.

Булар менен катар эле С.К.Шаумяндын, Л.Н.Засоринанын, И.И.Ревзиндин, Ю.Д.Апресяндын, Т.В.Булыгинанын, Т.М.Николаеванын, Т.Н.Молошнаянын монографиялары чыгып, генеративдик синтаксистин проблематикасы бул эмгектердин тиешелүү бөлүмдөрүндө кенен

анализделинди. (Караныз: Апресян Ю.Д. Идеи и методы современной структурной лингвистики. –М., 1966; Засорина Л.Н. Введение в структурную лингвистику. –М., 1974; Ревзин И.И. Современная структурная лингвистика. -М., 1977). Бул эмгектердин ичинен Л.Н.Засоринанын изилдөөсү ар тараптуулугу, мазмундуулугу менен баалуу. Анда трансформациялык анализдин келип чыгыш тарыхы, трансформация менен жандаштыктын (параллелдүүлүктүн) катышы, трансформациялардын түрлөрү жана тил структурасындагы орду, келечеги кенен сыпатталат. (224-255-бб.).

Генеративдик синтаксис, Н.Хомскийдин оюу боюнча, сүйлөөчү кеп процессинде колдонгон табигый ык-операциялардын аналогу катары кызмат кылат. Ал формалдык синтаксистик моделдерден турат. Синтаксистин бул тармагы бир нече негизги дихотомияларга таянат:

1) компотенция (тил билүү) – кепте колдонуу;
2) ички структура – сырткы структура;
3) базалык субкомпонент – трансформациялык субкомпонент;

Генеративдик грамматикада сүйлөөчүнүн компотенциясы, билими: 1) фонологиялык, 2) семантикалык, 3) синтаксистик болуп үч бөлүккө ажыратылат. Булардын негизгиси − синтаксистик компонент. Калгандары синтаксиске карата чечмелөөчү кошумча кызмат аткарышат.

Синтаксистик компонент ички жана сырткы структураларга ажыратылат. Синтаксис бул эки структураны так, даана жиктеп, сыпаттап чыгышы керек.

Синтаксисте жогоруда көрсөтүлгөн базалык жана трансформациялык субкомпоненттер болот. База деп ар түрдүү тилдер үчүн бирдей, же жалпы болгон элементардык эрежелердин системасын айтышат. Базада саны чектелүү ички структуралар аныкталат. Ички (тереңдиктеги) структуралар жаралуучу сүйлөмдөрдүн түпкүрү, же ой туюмдагы прототиби катары кызмат кылат.

Маселен, бир окуяны, көрүнүштү элестетели. Бир жерде бирөөлөр там салып жатышат. Бул окуя ой тутумга орноп, анда сүйлөмдүн баштапкы

сөлөкөтүн жаратат. Муну аң-сезимдеги элес катары кабыл алышыбыз керек. Бул сөлөкөт вербалдашып, кадимки сүйлөмдү, тилдик каражаттарга чүмбөттөлгөн, турпатташкан сүйлөмдү пайда кылат.

Вербалдык сүйлөм − сырткы структура. Ал прототипке тилдик форма берет. Бул сырткы структураны кырдаалга карап ар түрдүү турпатка өзгөртүүгө болот:

1. *Жумушчулар үй салып жатышат/салыбатышат.*

2. *Жумушчулар үй салып жатышкан (+- эле) ж.б.*

Бул вербалдашкан каражаттар сүйлөөчү-ойлоочунун тилдик тажрыйбасына, компотенциясына, билим денгээлине, жашаган аймагына, жаш-курагына жана маалымдалуу жагдайына жараша түрдүү формага ээ болушу мүмкүн.

3. *Жумушчулар там салып жатышкан.*

4. *Тамды жумушчулар салып жатышат.*

5. *Тамды мандикерлер салып жатышат.*

6. *Жумушчулар үй курупатышаттар.*

7. *Жумушчулар үй курушуп жатыры.*

8. *Үй салыбатасынарбы, балдар?*

9. *Үй салып жаткандар, иштер илгери болсун!*

10. *Үйдү кура бергиле, балдар.*

11. *Мандикерлеринин үй курушуну кара!*

12. *Иш илгери болсун, уста акелер!* ж.б.

Бул сүйлөмдөр (1-12) сырткы түзүлүштө, же вербалдык структурада ушундай берилиши мүмкүн. Сырткы түзүлүш базалык жана трансформациялык субкомпонентке ажыратылат. Мында 1-2-сүйлөмдөрдү базалык (негизги, нейтралдуу маанидеги) субкомпонент, калгандарын (3-12) трансформациялык субкомпонент деп кароого болот. Трансформациялык субкомпонент базалык субкомпонентти өнүктүрөт, “бутактатат”, жагдайга ылайыкташтырат.

Ички структура ой-тутумдун түпкүрүндө уюшулуп, базалык вербалдык структураны "тууйт", базалык структура трансформациялык түзүлүштөрдү жаратат.

Трансформациялык субкомпонент парадигматика-синтагматикалык мүнөздө жашайт. Трансформа, бул – субкомпоненттин бир мүчөсү. Парадигма бирдей, жакын, же окшош каражаттардын бирөөнү тандоону талап кылат. Ал тандоо зарылдыгы менен шартталат. Жогорку мисалдардагы субьект бир топ сөздөрдөн (жумушчулар, мандикерлер ж.б.) бирин тандоону, предикат бир нече каражаттардан (салып жатышат ж.б.) бирөөнү, обьект да бир конкреттүү аталышты (үй, там... ) талап кылышы парадигманы мүнөздөөгө негиз боло алат.

Ал эми "субьект+обьект+предикат" структурасын түзүүчү каражаттардын өз ара айкашуулары, комбинацияга келиши трансформациялык субкомпоненттин синтагматикасын түзөт. Тигил же бул трансформаны тандоо себеби (дискурска чейинки ички план) да, колдонулуу натыйжасы да – синтагмалык көрүнүш.

Формалдык жактан бул трансформациялык субкомпоненттин түзүүчүлөрүндө төрт операция ишке ашат: 1) кошуу, 2) түшүрүү, 3) орун алмаштыруу, 4) алмашуу. Булар да өз ара комбинацияга кирет.

**Алмашуу** төмөнкү трансформаларда бар:

А. *1. Жумушчулар үй куруп жатышат.*

*2. Жумушчулар үй курууда.*

*3. Жумушчулар тарабынан үй курулууда.*

*4. Жумушчулар тарабынан үйдүн курулушу...*

*Б. 1. Мандикерлер үй куруп жатат.*

*2. Алар там куруп жатат.*

*3. Жумушчулар там салып жатат...* Бул мисалда бир каражат экинчи бир каражат менен алмашылып колдонулду.

**Кошуу** препозитивдик, интерпозитивдик жана постпозитивдик түрдө жүрөт: А. Препозитивдик кошуу:

1. *Билесиңби, алар там салып жатышат.*

*2. Айтсам, колдору бош эмес, алар үй куруп жатат...*

Б. Интерпозитивдик кошуу:

1. Алар ***көптөн бери*** там салып жатышат.

2. Алар ***шаарда*** там салып жатышат.

3. Жумушчулар ***го*** үй салып жатышат...

В. Постпозитивдик кошуу:

1. Алардын там салып жаткандыгын ***билесиң***.

2. Алардын үй салып жаткандыгын ***билбесең керек.***

3. Жумушчулар үй салып жаткандыгын ***айтышты...***

Булардын комбинациясы төмөнкүдөй негизде болот.

Белек: "Алар үй салып жатышат, колдору бош эмес", - деди. Алар го үй салып жатышат, сага эмне жок?! ж.б.у.с.

**Орун алмашууга** төмөнкү мисалдарды келтирүүгө болот:

1. *Үйдү жумушчулар куруп жатышат.*
2. *Үйдү куруп жаткандар – жумушчулар.*
3. *Үйдү жумушчулар курат.* ж.б.

**Түшүрүү** да – көп таркалган ыкма. Ал да трансформациялык субкомпоненттин уюшулушуна орчундуу салым кошо алат:

1. *Үйдү куруп жатышабы?*
2. *Там курулуп жатат.*
3. *Жумушчулар курулушта.* ж.б.

Мындай трансформалардын саны жүздөн да ашып кетет. Ар бирине өзүнчө ат берүүгө да болот. (Караныз: Зулпукаров К.З. Падежная грамматика: теория и прагматика. Ош, 1994. 167-169, 296-297 бб.).

Е.И.Шутова өзүнүн "Вопросы теории синтаксиса" (-М.: Наука, 1984) деген эмгегинде трансформациялык алакаларды парадигматиканын чегинде карап, синтаксистик парадигматиканын бир өзгөчө бөлүгү катары изилдейт. Анын оюу боюнча синтагматика менен парадигматика тилдин бардык алакаларын, денгээлдерин камтыйт. Ал эми трансформациялык

өзгөрүүлөрдүн колдонулуу чөйрөсү тар. Булар синтаксистик парадигматиканын чегинде, же ичинде гана жашайт (70-76 бб.). Бул ойду четке кагууга мүмкүн эмес.

Ой түпкүрүндөгү когнитивдик структура вербалдашып, көптөгөн трансформалар аркылуу сыртка чыгарылат да, сүйлөөчүнүн пикирин кырдаалга ылайык форма түрүндө ишке ашырат.

Трансформациялык субкомпоненттен кийин фонологиялык компонент ишке кирет да, ал сүйлөмдү тыбыштык жактан чечмелейт. Бул компонент татаал түзүлүштөгү фонетикалык “чынжырчалар” аркылуу ишке ашат. (Караңыз: Кибрик А.Е. Генеративная лингвистика⁄⁄Лингвистический энсклопедический словарь. –М.; 1980. 98-99 бб.).

Генеративдик синтаксис XX кылымдын 60-жылдары пайда болгон. Бул тармак синтаксисти изилдөөгө эксплициттүүлүктү, тактыкты, саноо ыкмасын кийирип, синтаксис менен морфологиянын анологиялуулугун, изоморфтуулугун белгилеп жана көрсөтүп, формализация методун тилди ЭЭМге ылайыктап сыпаттоонун ыкмасы катары колдонуу менен лингвистиканы өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошо алган. Бирок XX кылымдын 70-жылдарында эле анын айрым кемчиликтери көзгө уруна баштайт: базалык синтаксистик структураларды жиктөөнүн чалагайымдыгы, кеп аракетин сыпаттоого жол ача албагандыгы жана тоскоол болушу, семантикалык жана прагматикалык аспектилерди эсепке албагандыгы бир топ тилчи-окумуштууларды иренжите баштаган. Бирок ички структура, сырткы структура, трансформациялык анализ жана синтез жана башка идеялар салттуу лингвистиканы байытып, кенен колдонулуп келүүдө. (Караңыз: Трансформационно-генеративная грамматика в свете современной научной критики. –М., 1980). Бул жыйнактагы 27 макала генеративдик синтаксистин жетишкендиктерин жана кемчилдиктерин ар тараптан талдоого алат. Биз да бул теориянын айрым жоболоруна таянабыз.

Синтаксистик трансформациялар С.Ж.Мусаев, К.Зулпукаров, А.Абдулатов, С.Эргешова ж.б. кыргыз лингвисттердин да көңүлүн бурган.

Маселен, К.Зулпукаров "Жупташ сүйлөмдөрдүн трансформацияланышы жана компрессияланышы" деген макаласында ("Эл агартуу". -2001. №5-в. 63-69 бб.) синтаксистик трансформацияларды паремиялардын материалдарында иликтейт. Ал эми А.Абдулатовдун "Паремияларды когнитивдик-педагогикалык максатта сыпаттоонун айрым проблемалары" (Ош, 2006) деген монографиясында паремиялардагы трансформациялоонун айрым үлгүлөрү кенен талдоого алынат (24-26, 39-40, 58, 127 бб.).

## 1.6. Тыгыздык түзүүчүлөрдүн (байланыштардын) синтаксиси жөнүндө

Лингвистикада ушундай аталыш менен белгилүү болгон синтаксистик анализдин өзгөчө модели бар. Бул да – өзүнчө методологиялык негизи бар өңүт. Орус лингвистикалык салтта бул агымды туюнтууда "синтаксис/грамматика непосредственно составляющих", "метод непосредственно составляющих" деген терминдер колдонулат. Биз буларды "түздөн-түз түзүүчүлөрдүн синтаксиси/грамматикасы", "түздөн-түз түзүүчүлөрдүн методу" дебестен, тавтологияны жоюп, "тыгыздык түзүүчүлөрдүн синтаксиси/грамматикасы" деп атоону оң көрдүк.

Лингвистикалык бул салаанын башатын америкалык лингвист Л.Блумфилд XX кылымдын 20-жылдары негиздеген. Кийинчерээк бул идеяны Р.Уэлла, З.С.Харрис, Ч.Ф.Хоккет ж.б. илимпоздор өнүктүрүшкөн. (Караңыз: Апресян Ю.Д. Метод непосредственно составляющих //Лингвистический энциклопедический словарь. –М., 1980. 332-б.).

Тыгыздык түзүүчүлөрдүн синтаксиси (ТТС) жөнүндө 60-жылдары бир топ окумуштуулар эмгек жазышкан. (Хамский Н. Три модели описания языка. –М., 1967; Синтаксические структуры//Новое в зарубежной лингвистике. –Вып.2. –М., 1962; Несколько методологических замечаний о пораждаюшей грамматике//Вопросы языкознания. -1962. - №4; Харрис З.С. Совместная встречаемость и трансформация в языковой структуре//Новое в

зарубежной лингвистике. –Вып.2. –М., 1962; Уленбек Э.М. Еще раз о трансформационной грамматике//Вопросы языкознания. -1962. - №4).


ТТС үчүн негизги бирдик – конструкция. Конструкция деп маани берүүчү сөздөрдүн, же морфемалардын ар кандай тобун (биримдигин) айтышат. Ал бөлүктөрдөн, түзүүчүлөрдөн турат. Өзү да көлөмдүү бирдиктин бөлүгү, же түзүүчүсү боло алат. ТТСте конструкция кыргыз тилиндеги “сөз айкашы”, “сөз тизмеги” терминдерине окшош, же бирдей. Ар кандай конструкция тыгыздык түзүүчүлөрдөн уюшулат. Ошондуктан синтаксистик анализди дескриптивисттер (Л.Блумфилд, Э.Сепир ж.б. лингвисттердин окуучулары) конструкциялардын тыгыздык түзүүчүлөрүн (ТТ) аныктап, ТТни “дарак” түрүндө көрсөтүшкөн. Ар кандай жуп ТТ өз көлөмүндө борбордук жана жандаш элементти жиктейт. Борбордук элемент багынычсыз, өз алдынча маанилик өзөктү түзөт. Жандаш элемент багынычтуу, өз алдынча мааниге ээ эмес. Демек, синтаксистик конструкция ядрого (борборго) жана периферияга (жакабелге) ээ.

Кийинчерээк да ТТСке көптөгөн окумуштуулар кайрылышкан (Кодухов В.И. Общее языкознание. –М., 1974. 80-91 бб.; Степанов Ю.С. Основы общего языкознание. Изд. 2-е, перераб. –М., 1975. 148-150 бб.; Ревзин И.И. Современная структурная лингвистика: проблемы и методы. –М.,: Наука, 1977. 182-186 бб. ж.б.). Ал эми түркологияда ТТСке кайрылуу айрым гана эмгектерде кезигет. Р.Б.Лиз “Построение номинализованных конструкций в турецком языке и проблема эллипсиса” деген эмгегинде атоочтуктар кирген синтаксистик конструкциялардагы ТТнин түрлөрүн аныктайт (Новое в зарубежной лингвистике. –Вып. XIX. Проблемы современной түркологии. – М., 1987. 311-323 бб). Бул эмгекте трансформациялык анализден оолактоо себеби айтылып, жекече конструкциядагы сүйлөмдүн ички тизмектешүүсүнүн изилденүү зарылдыгы аныкталат. Ал түркчө бир нече сүйлөмдү салыштырат. Буларды кыргызчалаганыбызда төмөнкүлөргө ээ болобуз:

1. *Адамдын салык төлөгөндүгүн айттым.*

2. *Адамдын салык төлөбгөндүгүн айттым.*

Бул эки сүйлөм, дээрлик, окшош түзүлүштө. Экинчиси бир элементке чоңдук кылат. Мында “киринди” сүйлөм бар: *Адам төлөгөн*. Өзүнүн субьекти (ээси) жана предикаты (баяндоочу) бар. Ал – сүйлөм тутумундагы предикаттуу бирдик. Бул сүйлөмдүн тыгыздык түзүүчүлөрүн төмөнкүдөй белгилөөгө болот:




Мында $C_1$-сүйлөм, $C_2$ - киринди сүйлөм, А – атооч, Э – этиш. Калгандарындагы тике байланыштарды чийин аркылуу, же башка бир жол менен туюнтууга болот. бул байланыштарды кашаа ыкмасы менен да белгилөөгө мүмкүн:


А. ((( айт) ты) м).

Б. (((( төлө ) гөн) дүг) ү) н).

В. (( сал) ык).

Г. (((адам) ды) н).

Буларды чогултканда, төмөнкүдөй эки түрдүү (кашаасыз, кашаалуу) схемага ээ болобуз:



же болбосо:

[{((( Адам) ды) н [((сал)ык) (((((төлө)гөн)] дүг) ү)} н) (((айт)ты)м))]

(Бул ыкмалар жөнүндө караңыз: Зулпукаров К. Падежная грамматика: теория и прагматика. – Б., 1994.134, 165, 223 бб). Келтирилген эки схеманын чагылдыруучу, чечмелөөчү касиеттери бирдей. Кашаасызы обьекитти эки өлчөмдө, экинчиси бир өлчөмдө бере алат.

Тыгыздык түзүүчүлүк мында кантип белгиленет? Мисал катары илик жөндөмөнүн мүчөсүн алалы: **адамдын**. Адатта ал бир бүтүндүк катары каралат. Биздин схемаларда бул мүчө экиге ажыратылып, табыш жөндөмөнүн мүчөсүнө **-н** мүчөсү улануу менен илик жөндөмөнүн туунду –нын мүчөсүнүн келип чыккандыгы көрсөтүлөт.

Бул көз карашка бир топ окумуштуулар көңүл бурушкан. (Караңыз: Исхаков Ф.Г. Имя сушествительное//исследования по сравнительная грамматика тюркских языков. Часть II. Морфология. –М., 1956. -121-122 бб). Мында табыш жана илик жөндөмөлөрүнүн изоморфтуулугу, тыбыштык жактан бирдей варианттальшы, окшош жагдайда колдонулушу, бар болгону иликтик формасынын –н, же –ң көрсөткүчтөрүнүн артыкчылыгы белгиленет.

Илик жөндөмөнүн мүчөсү тыбыштык туунду формасы экендигин К.Зулпукаров да аргументтейт: -ды(н), -ди(н), -ду(н), -дү(н); -ты(н), -ти(н), -ту(н), -тү(н); -ны(н), -ни(н), -ну(н), -нү(н); -ы(н), -и(н), -у(н), -ү(н), -н(ын) (баласынын). Мында кашаага иликтин көрсөткүчү алынды. Бул маселе анын "Падежная грамматика: теория и прагматика" (СПб; Ош, 1994. – 317 б) эмгегинде керектүү фактылык материалдардын, окумуштуу адистердин пикирлеринин негизинде чечмеленет. Бул идея К.Турдуевдин "Функционально-семантическое поле генетивности в сопоставительном аспекте (на материале русского и кыргызского языков)" аттуу эмгегинде да кошумча далилденет. (Ош, 2011. -57-58 бб).

Ал эми М.Атакулованын "Инвариантное в прономинальной парадигме. – Б., 2010. -25-27- бб)" деген аталыштагы монографиясында ушул маселе талкууланып, бир катар мисалдар келтирилет.

Илик жөндөмөсүнүн табышка карата болгон туундуулугу тыгыздык түзүүчүлүк идеясы үчүн баалуу. Салттуу морфологияда бул эки жөндөмө бирдей статустагы, теӊ укуктагы каражаттар катары бааланат. Мисалы: адам-ды, адам-дын. Экинчи көз караш боюнча түзүүчүлөрдүн катышы башкача көрсөтүлөт: адам-ды-н. Башкача айтканда, илик жөндөмөнүн мүчөсү уңгу менен түз, тыгыз байланышта эмес, ал табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү аркылуу алакага кирет. Тыгыздык түзүүчүлүк грамматикасынын көз карашы менен алганда, илик жөндөмөнүн көрсөткүчү уңгу менен табыш жөндөмөнүн мүчөсү аркылуу байланышат.

Бул өңүттөн алганда, бир мүчө  катары каралып жүргөн –гычакты, -кучакты..., -майынча, -мейинче...ж.б.у.с. морфологиялык каражаттар бар. Алар бир аффикс, же бир форма катары белгиленет. (Караңыз: Азыркы кыргыз адабий тили. –Б., 2009. -715-716 бб.).


Тыгыздык түзүүчүлөрдүн грамматикасы мындай ирилештирүүгө жол койбой, булардын ичиндеги түздөн-түз байланыштарын аныктайт:

Кел – мей – ин – че бар – май – ын – ча



Булар шарттуу, кээде мезгил багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочторун уюштурган чакчыл этиштин көрсөткүчү катары ички тыгыздык түзүүчүлөргө ээ. Мисалы:

Жел жүр-мөй-үн-чө, чөп-тү-н баш-ы кыймыл-да-ба-й-т.



Мында сүйлөм мүчөлөрүнүн байланыштары, алардын түзүүчүлөрүнүн алакалары ырааттуу тыгыздыкта аныкталды.

ТТС морфологиялык каражаттардын да алакасын эсепке алат. ТТС түрк тилиндеги атоочтуктардын колдонулуш мисалдарында Р.Андерхилл тарабынан аныкталган. (Караңыз: Андерхилл Р. Причастия в турецком языке//Новое в зарубежной лингвистике. -Вып. XIX. – М., 1987. 324-339 бб.). Бир топ баалуу ойлор, табылгалар Х.Ханкамер менен Л.Кнехттин «Роль противопоставления подлежащных имен в турецком языке при выборе

формы причастия в относительной конструкции” (Ошол эле жыйнакта 349-357 бб.) деген эмгегинде берилген.

Кыргызстанда мындай түзүлүштөрдү аныктоо биринчи жолу К.Зулпукаровдун “Учет специфических парадигматико-синтагматических свойств родного языка при изучении студентов-кыргызов русскому языку” деген макаласында көрсөтүлгөн (Жыйнак: Лингвистические основы методики преподавания русского языка в национальных группах неязыковых вузов/ред.Г.С.Зенков. –Ф., 1980). Бул изилдөө методикалык мүнөздө аткарылганы менен, анда бир топ алгылыктуу теориялык маселелер көтөрүлүп чечмеленген. Булардын ичинде ТТС да чийме түрүндө мемонстрацияланган.

ТТС ушул эле автордун “Вопросы интегрально-типологического описания грамматики на уровне категории падежа” аттуу докторлук диссертациясында да каралган. (Филол.ил. доктору ... дис.автореф. –Б., 1995. – 28 б.). Бул жерде *Сенин “Москвичиң” биздин үйдүн жанында турат* деген сүйлөмдүн тыгыздык түзүүчүлөрү схема түрүндө аныкталып, анын орусча котормосу менен салыштырылган жана кыргыз конструкциясынын көп өлчөмдүү экендиги аныкталган.

Ошентип, тыгыздык түзүүчүлөрдүн синтаксисин морфологиялык жана синтаксистик каражаттардын конструктивдик-семантикалык жактан уюштурган биримдигин жалпылап, бир бүтүндүктө талдоочу тармак катары аныктоого болот.

## 1. 7. Позициялык синтаксис жөнүндө

Орус лингвистикасында позициялык синтаксис атуу салаа бар. Анын негиздөөчүсү – белгилүү синтаксист Т.П.Ломтев. Ал өзүнүн “Основы синтаксиса современного русского синтаксиса” деген эмгегинде (М: Учепедгиз, 1958. 46-51 бб.) бул синтаксистин негиздерин, башкы жоболорун иштеп чыккан. Кийин ал аталган идеяга атайын кайрылган (Анын докладынын стенограммасын караңыз: IV международный сьезд славистов. Материалы дискуссии. Том II. Проблемы славянского языкознания. – М.: Изд. АН СССР, 1962. 40-41 бб.).

Т.П.Ломтевдин бир пикирин келтирип, талдап кетели. Ал: “Не член предложения, не словосочитание и не словесная форма, а позиционное звено в позиционной структуре предложения является элементарной синтаксической единицей”, - деп айтат. Анын ою боюнча, синтаксистин элементардык бирдиги болуп сүйлөм мүчөсү, же сөз айкашы, же сөз формасы эмес, сүйлөмдүн позициялык түзүлүшүндөгү позициялык бөлүк, же орун эсептелет. Маселен, зат атоочтор жөндөмө категориясынын бардык формасын кабыл алат. Бирок тигил, же бул зат атоочтун бардык жөндөмөлөрү ал затка тиешелүү болгон бардык позицияларды ээлей албайт. Маселен, **кирүү** этишин алсак, ал барыш жөндөмөгө позиция ачат: *үйгө кир, окууга кир, ишке кир...*, бирок ушул позицияны бардык эле зат атоочтор ээлей албайт: Күн, Юпитер..., уй, жылкы..., диван, стул... ж.б. Синтаксистик бирдиктин жаралышына айкашып жаткан сөздөрдүн ички семантикалык потенциалы негиз болот. Кээде өтмө маанини туюнтушуна, контексттик өзгөчөлүккө ылайык айрым тилдик бирдиктердин түшүрүлүп берилишине байланыштуу аталган позицияны ээлеп калат: *жерге кир, уйкуга кирди, жылкыга (жылкы багуучу, жылкычылык кесипке) кириптир* ж.б.

Айрым этиштер эки жөндөмөгө орун ачат. Мисалы, **түшүү**, же **чыгуу**: *автобустан (таксиден...) түш, автобуска (таксиге...) түш; автобустан (таксиден...) чык, автобуска (таксиге...) чык*. Мында чыгыш жана барыш жөндөмөлөрү бирдей орун ээлеп, бирок карама-каршы багыттарды туюнтуп

жатат. Ал эми *сүттү ич, сүттөн ич; китепти оку, китептен окуу* деген учурларда иш аракеттин обьектиге толук тарагандыгы жана толук тарабагандыгы айкындалат. Мындай позицияларды бардык этиштер жана бардык зат атоочтор эле ээлей албайт. Ошондон улам Т.П.Ломтев жөндөмөлөрдүн позициясын сөз айкашындагы эки сөздүн валенттүүлүгүнө, өз ара орун бошотуусуна, бирине экинчисинин ыкташуусуна карап аныктайт. Бул окумуштуу жөндөмө категориясын синтаксистик категория деп эсептейт.

Т.П.Ломтевдин бул идеясын Е.В.Клобуков өнүктүргөн. Ал позициялык методдун негизинде жөндөмөлөрдүн синтаксистик теориясын түзгөн. Жөндөмө категориясы деп ал позициялардын өзгөрүүсүнө багынып оошкон маанилердин тобун атайт. (Караңыз: Клобуков Е.В. Семантика в современном русском литературном языке (Введение в методику позиционного анализа) – М.: МГУ, 1986. 3, 74 бб.). Анын пикири боюнча жөндөмөлөрдүн функциясы жана мааниси позиция менен аныкталат. Позиция гана алардын маанилерин пайда кылат. Ал: “Нечерпивающие описание семантических функций падежной формы предпологает и соответствущее описание типов контекстов (позиций), в которых реализуется каждое из установленных значений” деп белгилейт. Жөндөмөлөрдүн семантикалык функцияларын ар тараптан толук сыпаттоо бул маанилерди жараткан контексттердин, же позициялардын типтерин аныктоону талап кылат. Жөндөмөлөрдүн маанилери контекстте, сүйлөмдөгү белгилүү бир орунда гана аныкталат. Бирок бул жобо кыргыз тилинин жөндөмө категориясына толук тиешелүү боло албайт. Анткени түрк тилдеринде жөндөмө мүчөлөрү өз жөндөмөлөрүнүн көрсөткүчтөрү боло алышат жана ал жөндөлүштүн маанисин жаратууга түздөн-түз катышат. Ошентсе да айрым учурларда түрк тилдериндеги жөндөмөлөрдүн мааниси контекстте даана ажыратылат. Бул пикир кыргыз тили үчүн өзгөчө атооч жөндөмөнүн колдонулушуна мүнөздүү. Атооч жөндөмөдө обьект, атрибут же субьект берилгенде, бул маанилер контекст аркылуу гана жиктеле алат: ***Ат*** *качты*

(субьект). ***Ат** – адамдын канаты*. (сапат ээси). *Сейит **ат** алды* (обьект). ***Ат** жеми түгөндү* (атрибут) ж.б.

Ошентип, позициялык синтаксистин жоболору кыргыз тилинин грамматикасына да мүнөздүү деп белгилөөгө болот. Буга толук негиз бар.

## 1.8. Семантикалык синтаксис жөнүндө

Формалдык-конструктивдик синтаксис сыяктуу эле семантикалык синтаксистин да изилдөө обьектиси – сөз тизмеги жана сүйлөм. Бирок синтаксистин бул эки тармагы бир эле обьектини эки башка максатта, айырмалуу аспектилерде изилдейт. Конструктивдик синтаксисте сүйлөмдүн тутумуна кирген тилдик бирдиктердин өз ара байланыштары аныкталып, баш жана айкындооч мүчөлөргө ажыратылуу менен алардын ич ара катыштарына ылайык сүйлөм түрлөргө бөлүштүрүлүп каралса, семантикалык синтаксисте сүйлөмдүн маанилик бирдиктеринин берилүү өзгөчөлүктөрү, анын семантикалык типтери, формалык жана мазмундук түзүлүштөрүнүн өз ара карым-катыштары, субьект менен предикаттын маанилик бөтөнчөлүктөрү, катыштары жана башкалар аныкталат. Сүйлөмдүн мазмундук өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө өз ара тыгыз биримдикте каралчу, бирок орчундуу айырмачылыктарга ээ болгон обьективдүүлүк жана субьективдүүлүк түшүнүктөрү анализделинет. Сүйлөмдүн обьективдүү мазмуну чындыктын чагылдырылышын туюнтса, субьективдүү мазмуну ой жүгүртүүчү адамдын (активдүү субьекттин) ал чындыкка карата болгон мамилесинин (түшүнүгүнүн, көз карашынын ж.б.) чагылдырылышын туюнтат. Сүйлөмдүн бул өңдүү маанилик бөтөнчөлүктөрүн изилдөө жана үйрөтүү семантикалык синтаксистин милдетине кирет. Орус тилинин энциклопедиясында семантикалык синтаксиске төмөнкүдөй аныктама берилет: "Семантический синтаксис – раздел языкознания, изучающий отношение высказывания к обозначаемой им ситуации, а также пути формирования смысла высказывания... Важнейщим предметом с.с. является определение семантических типов предложения. Поскольку ядров

предложения является предикат, говорят тагже о семантических типах предикатов”. (Русский язык. Энциклопедия. Изд. 2-е, перераб. и доп. Гл.ред.Ю.Н.Караулов – М., 1997.457-б.).

Тил бирдиктүү бүтүн система болгондуктан, сүйлөмдүн структуралык жана маанилик негиздерин так аныктоо, тилдик башка бирдиктерден айырмалап турган негизги белгилерин тактоо, табиятын тастыктоо синтаксис илиминин башкы маселелеринен болуп саналат. Андыктан бир эле обьектини эки башка багыттан караган формалдык-конструктивдик синтаксис менен семантикалык синтаксисти таптакыр обочолонгон түшүнүктөр катары кароого болбойт. Булар – бир эле илимдин өз ара тыгыз карым-катышта болгон эки тармагы. Бири сүйлөмдүн грамматикалык курулушун изилдесе, экинчиси ошол эле сүйлөмдүн маанилик типтерин изилдейт. Анткен менен алардын чектерин ажыратып кароо зарыл.

Тил өз табиятында эки жактуулукка: тышкы тыбыштык жана ички мазмундук түзүлүшкө ээ. Ага ылайык байланыш жасоонун негизги куралы болгон тил лингвистикада жалпыланган эки планда: сырткы тыбыштык курулушун аныктоо планында жана ички мазмундук планда каралат. Адамдын ой-жүгүртүүсүн, сезим-туюмун, айлана-чөйрөнү кабылдоосун туюнткан маани, мазмун тилдик бирдиктердин түрдүүчө негизде берилиши аркылуу чагылдырылгандыктан, кептин тышкы курулушу менен ички мазмунун байланыштырбай кароого болбойт. Тил илиминин көпчүлүк бөлүмдөрү (лексикология, фразеология, грамматика ж.б.) кыйыр түрдө болсо да, негизинен, мазмундук планда изилденет. Тилдик бирдиктердин мазмундук планы маани (значение) деп аталса, мазмундук планды, тилдик бирдиктерди жана жалпы эле тилди семантика деп атоого болот. “Семантика” деген термин гректин semantikos деген сөзүнөн алынып, бизче “маанини алып жүрүүчү” деген түшүнүктү туюнтат да, “значение” деген түшүнүккө караганда кеңири мааниде колдонулат. Бирок айрым илимий адабияттарда (Плотников Б.А. Основы семасиологии. 1984) бул терминдер синоним терминдер катары берилген. Ошондой эле семантиканын бир

тармагы катары келген “семасиология” термини да окумуштуулар тарабынан ар башка өзгөчөлүктөрдө колдонулган. Маселен, Р.Будагов, В.Звегинцев, Д.Шмелевдор “семасиологияны” сөздөрдүн гана маанилерин изилдөөчү лингвистикалык предмет катары карашса, О.Романова, Ю.Маслов, Ю.Степановдор жалпы эле тилдин мазмундук багытын изилдөөчү илим катары карашат.

Азыркы учурда дүйнөлүк тил илиминин көңүл борборунун “семантика” тарапка оошу тилдик бирдиктердин маанилик уюшулушун изилдөөнүн зарылдыгын, же актуалдуулугун айгинелейт. Тилди семантикалык багыттан изилдебей туруп, анын табиятын, колдонулуу закон ченемдүүлүктөрүн, өнүгүүсүн, адамдын ой жүгүртүүсү жана сезим-туюму менен болгон байланышын терең аныктоо мүмкүн эмес. Ошондой эле тилдин семантикалык системасын өздөштүрүүсүз аны илимий жактан жеткиликтүү үйрөтүүгө жана аң-сезимдүүлүк менен кеп маданиятына, ой жүгүртүү маданиятына жетишүүгө болбойт. Тилдин семантикалык системасын изилдөө жана үйрөнүү теориялык да, практикалык да чоң мааниге ээ.

Семантика-лингвистикалык гана эмес, логикалык да, психологиялык да, философиялык да категорияларды өз ичине камтыган татаал түшүнүк. Анткени мында адам баласынын көп кырдуу ички дүйнөсү, курчап турган чөйрөгө болгон түшүнүгү, аны кабылдоосу, ой жоруму ж.б. чагылдырылат. Андыктан мындай татаал категорияга бир тараптуу аныктама берүү мүмкүн эмес. Тилдин негизги өзгөчөлүгүн алып жүрүүчү бул түшүнүктү обьективдүү өздөштүрүү үчүн аны ар тараптан изилдөө талап кылынат. Ошондой эле мында пикир алышуу учурундагы конкреттүү кырдаал, түшүнүктүн чындыкка болгон катышы, тилдин улуттук спецификасы сыяктуу факторлор эске алынат.

Семантикалык синтаксистин негизги маселелери орус тил илиминде Н.Арутюнова, Е.Падучева, В.Белошапкова, В.Гак, Т.Announcement Аписова, Н. Шведова, В.Богданов, И.Сусов, Ю.Степанов ж.б. түркологияда И.Ахматов,

А.Нурманов, А.Бердалиев, С.Абдуллаев ж.б. тарабынан изилдөөгө алынып, сүйлөмдү мазмундук пландан изилдөө иши бир аз жолго коюлуп калды.

## 1.9. Коммуникативдик синтаксис жөнүндө

Коммуникативдик синтаксис – синтаксис илиминин (анын негизги изилдөө обьектиси болгон сүйлөмдү мазмундук багыттан изилдөөдө семантикалык синтаксис менен тыгыз карым-катышта болгон) өзүнчө салаасы. Андагы негизги түшүнүк – сүйлөмдү актуалдуу мүчөлөштүрүү түшүнүгү. Сүйлөм актуалдуу мүчөлөштүрүлгөндө айтым (высказывание) деп берилет. Сүйлөмдү актуалдуу мүчөлөштүрүү, же анын бөлүктөрүн **тема** жана **ремага** ажыратуу индивидуалдуу келип, сүйлөөчү менен тыңдоочунун карым-катышына, ошол айтым камтыган маселе боюнча болгон таанымдык деңгээлдерине, конкреттүү жагдайга ж.б. байланыштуу ар бир айтым коммуникативдик функциясын аткарат.

Коммуникативдик синтаксис XX кылымдын 20-30-жылдары чехиялык окумуштуу В.Метазиус тарабынан негизделип, ал орус тил илиминде Ф.Ф.Фортунатов, И.И.Ковтунова, П.Адамец, Г.А.Золотова, И.М.Кобозева ж.б. тарабынан өнүктүрүлгөн.

Г.А.Золотова – бул тармакка көп кайрылган илимпоз. Анын бир пикири көңүлгө аларлык: "Система моделей предложения в целом отрожает общую модель языкового видения мира. В центре этой модели человек как лицо говорящее (представитель языкового коллектива) и главное действующее лицо мира, о котором он говорит. Позиция говорящего, обусловленная прикрепленностью к типовым общественно-коммуникативным ситуациям речи, а с другой стороны – индивидуальным отношением к содержанию речи и языковым средствам его выражения, положение говорящего во времени и в пространстве по отношению к претворяемой в языковое сообщение реальной действительности – эти факторы определяют признаки различных типов реча" (Золотова Г.А. Коммуникативные аспекты русского синтаксиса. – М.: Наука, 1982. 3-б.). Мында пикир алышуунун борборунда сүйлөөчү тарап

болушу, сүйлөөчүнүн орду типтүү коомдук-коммуникативдик жагдайга, кеп мазмунуна жана аны билгизүүчү тилдик бирдиктерге, каражаттарга болгон мамилесине, пикирде чагылдырылган чын дүйнөгө карата убакыт-мейкиндиктеги позициясына жараша аныкталат. Бул факторлор кептин түрлөрүн жана белгилерин аныктайт.

Коммуникативдик синтаксистин негизги аспектилерине, Г.А.Золотованын пикири боюнча, төмөнкүлөр кирет: кептеги дүйнөнүн тилдик сүрөтү жана синтаксис менен семантиканын өз ара алакасы (5-88 бб), сүйлөмдөгү субьекттин ролу, сүйлөм тутумундагы этиштин маани билгизүүчү, кеп уюштуруучу касиеттери (133-186 бб.), предикаттын жана сүйлөмдүн типтеринин өз ара катышы (157-186 бб.), сүйлөмдү семантикалык-коммуникативдик компоненттерге ажыратуу жолдору: сүйлөмдүн бүтүн-бүтүн эместигин, эквиваленттүү-эквивалентсиз болушун, сүйлөмдө түшүнүүнүн, баалоонун берилиши ж.б. (187-231 бб.), сүйлөмдү актуалдуу мүчөлөштүрүү, тема, реманын жиктелиши, кептин коммуникативдик түрлөрү ж.б. (182-256 бб.).

Сүйлөмдүн (айтымдын) коммуникативдик тарабын И.М.Кобозева “оролгон”, “түйүнчөктөлгөн” (упаковочный) компонент деп атайт да, буга сүйлөмдүн маалыматтык мазмуну жайгашкан пропозицияларды кошот. Маалыматка мазмун дискурс дүйнөсүнө тиешелүү жагдай-кырдаалды чагылдырат. И.М.Кобозева “жагдай сүйлөмдүн пропозициясында чагылдырылат, бирок ар кандай эле кырдаал тигил, же бул пропозицияда бирдей бериле бербейт” деген пикирин билдирет (Караңыз: Кобозева И.М. Коммуникативный (упаковочный) компонент семантики предложения //Кобозева И.М. Лингвистическая семантика. 4-бас. –М., 2009. 247 б.). Бир эле жагдай бир нече пропозицияда берилиши мүмкүн (249 б.). М: *Мен тамактанып алдым. Мен шорпого нан туурап жеп алдым эле* ж.б. Төмөнкү сүйлөмдөрдө пропозиция бирдей, бирок кырдаал ар түркүн болуп, өз ара даана ажыратылат: 1. *Иван Петрга лыжасын 100 сомго сатты – Петр Ивандан лыжаны 100 сомго сатып алды. 2. Жон – нокотек. – Жондун ата-*

*энеси никеде болгон эмес* ж.б. Мазмун бирдей, бирок ар бир сүйлөм өзүнчө упаковкаланган, өз-өзүнчө “оролуп” турат.

Сүйлөмдүк (айтымдык) коммуникацияда катышуучулардын максаттары, каалоолору, ролдору, байланыштары, кеп жүрүшүндөгү тема-ремалык бөлүнүш, берилген жана жаңы маалымат, белгилүү жана белгисиз маалымат ж.б. (250-256 бб.) маселелердин изилдениши коммуникативдик синтаксистин өзөктүү проблемалары боло алат.

# II глава. Сүйлөмдүн мазмундук уюшулушун изилдөөнүн негизги аспектилери

Азыркы учурдагы бардык синтаксистик изилдөөлөрдө сүйлөм синтаксистин негизги борбордук объектиси катары каралып келүүдө. Ал – предикативдүүлүктүн белгилерин алып жүрүүчү минималдык коммуникативдик тилдик бирдик. Кийинки учурларда “сүйлөм” деген термин, эң алгач, предикативдик бирдиктердин формалдык (конструктивдик) жана мазмундук (маанилик) жактан уюшулушу, алардын өз ара биримдиги деген түшүнүктө колдонула баштады. Ал өзүнүн формалык курулушу менен мазмундук уюшулушун байланыштыруучу семантикалык өзгөчөлүктөргө ээ болуу менен бирге башка бардык тилдик бирдиктердин ичинен адамдар ортосундагы карым-катнашты ишке ашыруучу негизги коммуникативдик бирдик болуп саналат. Анткени адам тарабынын берилүүчү маалыматты ишке ашыруучу монологдуу жана диалогдуу кеп, жазуу тексттери сүйлөм аркылуу ишке ашат. Адам аң-сезиминде даяр материал катары чагылдырылган фонемалар, морфемалар, сөздөр жана фразеологизмдер маалымат берүүчү тарабынан сүйлөм курууда максатка ылайык пайдаланылып, ар бир сүйлөм аркылуу түрдүүчө мазмундагы ар башка маалыматтар берилет. Буга далил катары ар башка, же бир эле жазуучу тарабынан жазылган чыгармаларды алып көрүүгө болот. Аларда сөздөр, же фразеологизмдер кайталанып колдонулганы менен, сүйлөмдөрдүн грамматикалык жана мазмундук курулуштары кайталанбайт. Бул көрүнүш сүйлөмдүн өзгөчө тилдик бирдик экендигин, ар бир сүйлөм өз алдынча жана жекече мазмундуулукка, мааниге ээ экендигин айгинелейт. Сүйлөмгө мүнөздүү болгон мындай абал анын маанилик бөтөнчөлүктөрүн морфемалардын, же сөздөрдүн семантикасын изилдеген ыкмалар аркылуу изилдөөгө мүмкүнчүлүк бербейт. Ошондуктан тилчи окумуштуулар сүйлөмдүн семантикасын (мазмундук уюшулушун) изилдөөнүн өзүнчө ыктарын иштеп чыга башташты. Улам барган сайын сүйлөмдү семантикалык

жана коммуникативдик-прагматикалык аспектилерден изилдөөнүн масштабы кеңейип баратат. Анткени менен башка тилдик бирдиктерге (тыбыш, морфема, сөз, сөз айкашына) салыштырмалуу сүйлөм адистер тарабынан бирдиктүү тыянакталган корутунду аныктамага ээ боло элек. “Сүйлөм” деген термин кеңири түшүнүктө колдонулуу менен ар тараптан изилденип, теориялык жактан бир топ оорчулуктарга дуушарланууда. Өзгөчө аны семантикалык жана коммуникативдик-прагматикалык планда изилдөө анын грамматикалык курулушун аныктагандай системалуу бир нукка түшө элек. Башкача айтканда, сүйлөмдү бул багыттардан изилдөөдө окумуштуулар ортосунда айрым ажырым көз караштар өкүм сүрүп, белгилүү өлчөмдө айырмаланган аныктамалар берилип келүүдө. Мындай абал бир эле терминдин эки башка негизде колдонулушунан да көрүнөт. Маселен, аспект термини В.А.Белошапковада сүйлөм термини менен биргеликте “сүйлөмдүн конструктивдик аспектиси, сүйлөмдүн коммуникативдик аспектиси” деп берилсе (Современный русский язык. Под.ред. В.А.Белошапковой. – М.: Высшая школа, 1989. 675-б.), М.В.Никитинде синтаксистин үч аспектиси делип, синтаксис термини менен айкаша колдонулат. Ошондой эле М.В.Никитин синтаксистик үч аспектини “конструктивдик синтаксис, семантикалык синтаксис, коммуникативдик синтаксис” деп белгилеп, төртүнчү синтаксистик аспект катары “прагматикалык синтаксисти” көрсөтөт. (Никитин М.В. Основы лингвистической теории значения. - М., 1988, 116-б.). Ал эми Б.А.Плотников ушул эле маселеде “ сүйлөм үч жактуу көз караште: формалдык (грамматикалык) жактан, логикалык жана семантикалык жактан изилденет деген пикирин билдирет ( Плотников. Б. А. Основы семасиологии. - Минск, 1984, 85-б.). Биз бул белгиленген жана булардан башка окумуштуулардын негиздүү делген көз караштарын жалпылаштыруу менен сүйлөмдүн мазмундук уюшулушу боюнча түшүндүрмө беребиз.

Азыркы лингвистика сүйлөмдү салыштырмалуу түрдө бири-бирине көз карандысыз, бирок өз ара тыгыз байланыштагы системалардын

комплексинен турган көп аспектилүү көрүнүш катары изилдөөсү менен өзгөчөлөнүп турат. Тактап айтканда, азыркы тил илими сүйлөмдү, негизинен, үч багыт боюнча: анын грамматикалык курулушун гана эмес, семантикалык жана коммуникативдик–прагматикалык аспектилерден да изилдейт. Сүйлөмдү бул аспектилер боюнча аныктоонун өз алдынча ыкмалары, максат-милдеттери бар. Аны формалдык-грамматикалык көз караштан кароо – сөз формалары менен сөз айкаштарынын конкреттүү лексикалык маанилерине ылайык өз ара айкаша келген чынжырчаларынын (тизмектеринин) абстракцияланган маанидеги курулушун аныктоо дегендик. Сүйлөмгө мындай негизде анализ жасоо бул тилдик бирдиктин сырткы формасын гана, же грамматикалык моделин, структуралык схемасын гана аныктоо дегендикке жатат. Сүйлөмдүн типологиясы, аларды классификациялоо жана сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратуу иштери анын (сүйлөмдүн) тышкы грамматикалык формасынын негизинде келип чыгат. Маселен, *От күйүп жатат. Ал – мугалим. Гүл – жыттуу* деген сүйлөмдөр бир типтүү моделдеги, ал эми *Жаныбек жаратылышты жакшы көрөт. Жанбоз спортко кызыгат. Карагай кайыңдан кооз* деген сүйлөмдөр - өзүнчө моделдеги структуралык курулушка ээ болгон сүйлөмдөр. 1-топтогу сүйлөмдөр менен 2-топтогуларынын моделдик типтери сырткы формалары боюнча айырмаланып турат. Бирок мындагы бир эле топко кирген сүйлөмдөрдүн ар бири ички мазмундары боюнча өз ара айырмачылыктарга ээ. Ошентип, сүйлөм курулушун формалдык-грамматикалык жактан анализдөөдө өз ара синтаксистик катышта турган сөз жана сөз айкаштары сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратылып, ал эми сүйлөмдүн өзү жалпысынан түрдүү типтерге (жалаң–жайылма, толук-кемтик, жөнөкөй-татаал ж.б.) ажыратылат. Маселен, *Жанбоз келди* деген сүйлөмдүн грамматикалык курулушун анализдөө үчүн бул сүйлөмдүн ушул турушу гана каралат. Тактап айтканда, атооч жөндөмөдө, 3-жакта, жекелик санда турган зат атоочтон түзүлгөн ээден жана 3-жактын жекелик санында, өткөн чакта берилген этиштен уюшулган баяндоочтон турган жөнөкөй түзүлүштөгү жалаң сүйлөм экендиги гана

көрсөтүлөт. Бул – сүйлөмдүн конструктивдик (формалдык) аспектиси. Бирок сүйлөмдү бул аспектиден кароо мындай көп кырдуу, өтө кеңири алкактагы тилдик бирдиктин, болгону, сырткы курулушун гана аныктайт. Эгерде сүйлөмдүн тышкы формалык берилишин аныктоо менен гана чектелсек, анын негизги өзгөчөлүгүн түзгөн ички мазмундук берилиштери (семантикалык, коммуникативдик–прагматикалык бөтөнчөлүктөрү) изилденбей калган болор эле. Ал эми сүйлөмдү мазмундук планда изилдөө үчүн өзүнчө көз караштагы, ыкмадагы иш аракеттер талап кылынат. Адатта, “синтаксис”, “синтаксистик бирдиктер”, “сүйлөмдүн синтаксистик курулушу” деген сыяктуу терминдер колдонулганда, алардын формалдык жактары түшүнүлөт. Бирок ал туура эмес, анткени мындай синтаксистик түшүнүктөрдүн мазмундук жактары да бар. Андыктан аларды сүйлөмдүн кайсыл багыттан каралып жаткандыгына карап “синтаксистик-конструктивдик”, “синтаксистик-семантикалык”, “синтаксистик-коммуникативдик” деп тактап колдонуу максатка ылайык.

Сүйлөмдүн формалдык курулушу белгилүү бир чекте анын маанисин да аныктайт. Маалымат берүү мазмунунун ишке ашышы аркылуу сүйлөмдүн маанилик курулушу пайда болот. Аны семантикалык көз караштан алып караганда, ал туюнткан түшүнүктүн чындык менен болгон катышы эске алынат. Сөз жана сөз айкаштарында камтылган чындыктын бөлүктөрү сүйлөм аркылуу бир бүтүндүккө бириктирилүү менен биздин аң-сезимибизге чагылдырылат. Сүйлөмдүн семантикалык жактан уюшулушу айрым сөз жана сөз айкаштарынын лексикалык маанилерине ылайык грамматикалык жактан белгилүү бир негизде айкаша келүүсү аркылуу гана пайда болот. Маселен, *Ручка китептен даракты алды* деген сөздөрдүн тизмектери грамматикалык жактан сүйлөмдүк структурага туура келгени менен, толук кандуу сүйлөм боло албайт, анткени мында ички мазмундук (семантикалык, коммуникативдик) аспект жок. Сөз жана сөз айкаштарынын берилүү формалары сүйлөмдөгү иш аракетти аткаруучу субъектини, иш аракеттин өзүн, иш аракет багытталган объектини, предметтик белгилерди, иш

аракеттин болгон ордун жана башкаларды ажыратып аныктоого мүмкүндүк берет. Маселен, *Жанбоз келди* жана *Сүрөтчү Жанбоз кечээ Бишкектен самолет менен келди* деген эки башка формалык курулуштагы жалаң жана жайылма сүйлөмдөр, семантикалык аспектиден каралганда, бир эле жалпыланган түшүнүктү түюндурат. Анткени жалаң сүйлөмдөгү ээлик милдетти аткарган атооч жөндөмөдөгү зат атооч менен баяндоочтук кызматта келген 3-жактын жекелик санындагы өтпөс этиш маанилик жактан Жанбоздун ким экендигин, анын кайдан, качан, эмне үчүн, эмне менен келгендигин айкындоочу сөздөрдүн катышуусун талап кылат. Мындай сөз жана сөз айкаштары учурдагы кырдаалга, сүйлөөчү менен тыңдоочуга белгилүү, же белгилүү эместигине ылайык сүйлөмгө катыштырылышы да, катыштырылбашы да мүмкүн. Сүйлөмдүн мындай маанилик жактан уюшулуу өзгөчөлүктөрүн атайын ыкмалар аркылуу изилдөө анын семантикалык аспектиси катары каралып, бул аспект сүйлөмдүн уюшулушунун негизги жагы болуп эсептелет.

### 2.1.1. Сүйлөмдү изилдөөнүн семантикалык аспектиси

Сүйлөмдүн мазмундук уюшулушун изилдөө маселесине байланыштуу айтылган алгачкы пикирлер А.Дмитревский, В.Сланский, А.Шахматов, А.Пешковский, И.Давыдов, Ш.Балли, В.Адмони, Л.Теньер, Э.Бенвенисттер ж.б. тарабынан башталып, В.Г.Гак, Ф.Данеш, Т.Б.Алисова, И.П.Сусов, Т.П.Ломтев, Е.В.Падучева, Н.Д.Арутюнова, В.А.Белошапкова, О.И.Москальская, С.Д.Кацнельсон, Ю.С.Степанов, В.А.Звегинцев, Г.В.Кольшанский, Б.А.Плотников, Г.А.Золотова, Н.Ю.Шведова, Т.В.Шмелева, И.И.Ковтунова, М.В.Никитин, А.В.Бондарко, О.А.Крылова, И.Н.Смирнов ж.б. тарабынан XX кылымдын 60-жылдарынан тартып сүйлөмдү мазмундук (семантикалык, коммуникативдик, прагматикалык ) пландан изилдөө иштери активдүү жүрүп келатат. Синтаксисти автономиялуу абалдагы үч багыттан (грамматикалык, семантикалык, коммуникативдик-прагматикалык) изилдөө идеясы чехиялык лингвист

Ф.Данешке таандык. Ал семантикалык синтаксисти синтаксис илиминин автономиялуу бир тармагы катары кароого төмөнкүдөй негиздердин бар экендигин белгилейт: биринчиден, сүйлөмдүн маанисин өз алдынча изилдөө объектиси катары кароого; экинчиден, ага карата берилүүчү аныктамаларды, түшүнүктөрдү системалуу иштеп чыгууга; үчүнчүдөн, сүйлөмдүн маанилик бөтөнчөлүктөрүн анын формалдык жана актуалдык бөтөнчөлүктөрүнөн айырмалоого, ажыратууга мүмкүн. (Белошапкова.В.А. Современный русский язык. Синтаксис – М.,1977, 119-бет).

Семантикалык синтаксис сүйлөмдүн грамматикалык курулушун изилдөөдөн кийин анын таасиринде келип чыкты, же улам барган сайын сүйлөмдүн маанилик өзгөчөлүктөрүн изилдөө зарылдыгы айкын боло баштады. Мындай семантикалык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө сүйлөмдүн мааниси ар түрдүү өзгөчөлүктөгү бирдиктердин өз ара катыштагы комплексинен турары аныкталды. Тактап айтканда, сүйлөмдүн мазмуну принципиалдуу айырмачылыктарга ээ болгон эки башка: объективдүү жана субъекивдүү маанилерди камтыры айкын болду. Объективдүү маани курчап турган чөйрөдөгү чындыктын чагылдырылышын туюнтуучу, ал эми субъективдүү маани – ой жүгүртүүчү субъекттин (адамдын) ал чындыкка карата болгон мамилесин (көз карашын, түшүнүгүн ж.б.) билдирүүчү маани. Бул маанилик өзгөчөлүктөр семантикалык синтаксисте “Сүйлөм мазмунундагы объективдүүлүк жана субъективдүүлүк” деп берилип, ага тийиштүү маселелерди швейцариялык окумуштуу Шарл Балли бир топ системалуу ачып берген. Ал сүйлөмдөгү негизги, же объективдүү маанини **диктум**, ал эми сүйлөөчүнүн жеке оюн, түшүнүгүн туюнтуучу субъективдүү маанини **модус** деп атайт. (Балли Ш. Общая лингвистика и вопросы французского языка. - М.,1955, 43-48 бб).

Ар кайсыл сүйлөм өз ичине айлана-чөйрөдөн чагылдырылган чындыктын (көрүнүштүн, түшүнүктүн, окуянын, ойдун жана башкалардын ) кайсыл бир элементин камтыйт. Камтылган маалымат сүйлөөчүгө тиешеси болбогон сырткы чөйрөлүк көрүнүштөрдү, окуя, кубулуштарды, же

сүйлөөчүнүн катышы бар түшүнүктөрдү жана башкаларды туюндурушу мүмкүн. М: 1) *Күн чыкты. Шаар ичи уйкуда. Телевизордон шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө маалымат берилип жатат* ж.б. 2) *Аны менен факультетте жолуккам. Кечээ айылдан келдик. Мага шахмат белек кылышты* ж.б. Бул сүйлөмдөрдүн эки тобунда тең камтылган маанилерди түзүү менен сүйлөөчү бул маалыматтардын байкоочусу катары келди. Мында чөйрөлүк жагдайга ылайык сүйлөөчүнүн ой жүгүртүү операциясы ишке ашты жана анын негизинде нерсенин аталышы, белгиси, көрүнүшү, ал-абалы жана башкалары түрдүү өзгөчөлүктөрдө берилет. М: *Асман бүгүн ачык. Бул жер абдан кооз. Менин атам жылкычы болгон. Тигил жыгач–арча. Бул кыздын аты – Чынар* ж.б. Мындай сүйлөмдөрдө тышкы чөйрөдөгү көрүнүштөрдү, кубулуштарды, же аларга байланышкан түшүнүктөрдү ой-жүгүртүү операциясында камтуу менен сүйлөөчү да объективдүүлүктү алып жүрүүчү катары каралат. Ал эми жогорку сүйлөмдөрдө камтылган маанилер сүйлөөчүнүн эркине баш ийбегендиги үчүн, же бардык адамдар тарабынан бирдей кабыл алгандыгы үчүн, же чындыкка дал келгендиги үчүн объективдүү маанилер болуп эсептелет. Маселен, асман бүркөө болуп турса, Күн ачык деп айтуу мүмкүн эмес. Объективдүүлүк түшүнүгү боюнча каралганда, сүйлөмдөгү маани андагы сөз айкаштарынын маанилеринен кескин айырмаланбайт. Башкача айтканда, сүйлөмдүн объективдүү мааниси анын тутумундагы сөз жана сөз айкаштарынын маанилерине ылайык келип чыгат. Бирок сүйлөм курууда андагы маалымат берүү максатына, ой-жүгүртүү жана кабыл алуу өзгөчөлүктөрүнө жараша объективдүү чындык ар кандай бөтөнчөлүктөрдө чагылдырылышы мүмкүн.

Сүйлөм семантикалык аспектиден изилденгенде, тышкы чөйрөлүк кырдаалдын, окуя, көрүнүштөрдүн камтылуу жана чагылдырылуу ыктары анын (сүйлөмдүн) өзөк маселеси (денотаты) катары келип, ал пропозиция түшүнүгү аркылуу аныкталат. “Пропозиция” термини “кырдаал”, “окуя”, “кубулуш”, “иш аракет ыргагы” деген маанилерди камтыйт. Ал уюшулган сүйлөмдөгү объективдүү маанинин, иш аракеттик абалдын модели катары

келет да, маанилик өзгөчөлүктөр сүйлөмдүн кандай формалык курулуштары аркылуу берилиштерин да аныктайт. Пропозиция эң алгач предикат аркылуу уюшулат, же анын структурасын предикат аныктайт. Ал эми предикатты биринчи кезекте этиш сөздөр уюштурат. Бирок атооч сөздөрдүн да мындай функцияны аткарып каларын эстен чыгарууга болбойт. Анткени предикат иш аракеттин болушун гана эмес, нерселердин, түшүнүктөрдүн аталыштарын, белгилерин, же алардын өз ара катыштарын да ичине камтыйт. Ошондой эле ал нерселердин сүйлөмдөгү тийиштүү ордун, болгон мезгилин көрсөтөт жана иш аракетке катышкан актанттардын, сирконстанттардын саны менен ролун аныктайт.

Пропозиция түшүнүгүн жеткиликтүү деңгээлде кабылдоо үчүн ал өз ичине камтыган **предикат, актант, сирконстант** деген терминдердин туюнтмаларын жана алардын пропозициядагы ролдорун, өз ара карым-катыштарын аңдоо талап кылынат. Пропозицияны уюштуруучу бул түшүнүктөрдү жөнөкөйлөштүрүп, сүйлөм мүчөлөрү менен салыштырып айтканда, предикат- баяндооч, актанттар - предметтик, нерселик мааниде келип, ээлик, толуктоочтук, аныктоочтук милдеттерди аткарган сөздөр. Ал эми сирконстанттар – орундук, мезгилдик, чен-өлчөмдүк маанилерди камтыган, же бышыктооч, кээде аныктооч болуп түшкөн сөздөр. Сүйлөм семантикалык аспектиден каралганда, предикат негизги орунда туруп, анын маанисине ылайык актанттар менен сирконстанттар сүйлөмдөн орун алат. Маселен, *“барды”* деген предикат маанилик жактан *Ким барды? Каякка барды? Качан барды? Кантип барды? Эмне менен барды? Эмне үчүн барды?* деген суроолорго жоопторду талап кылат. Предикат-семантикалык да, грамматикалык да, логикалык да түшүнүк. Ал семантикалык түшүнүк катары каралганда, ар кайсыл типтеги сүйлөмдүн номинативдик негизи болуп түшөт. Анын сүйлөмдүн семантикалык курулушун уюштуруудагы ролу, ич ара түрлөргө ажыратылышы боюнча окумуштуулар ортосунда ажырым пикирлер кезигет. Бирок алардын, дээрлик, бардыгы тең сүйлөмдүн семантикалык уюшулушунда предикаттын өзөк маселе катары келерин

белгилешет. Илимий адабияттарда айтылган пикирлерди жалпылаштыруу менен кыргыз тилинин фактылык материалдарынын негизинде предикаттарды төмөндөгүдөй түрлөргө ажыратып кароого болот. Кыргыз тилинде бардык маани берүүчү сөз түркүмдөрү сүйлөм тутумунда предикаттык функцияны аткара алгандыктан, ага ылайык аны **этиштик предикат** жана **атоочтук предикат** деп бөлүп кароого мүмкүн. Ал эми маанилик жана  колдонулуу бөтөнчөлүктөрүнө ылайык алар өз ич ара дагы бир нече түрлөргө ажыратылат.

Этиштер жакталуучу формада келгенде, өзү катышкан сүйлөмдө ар дайым предикат болуп түшөт. Нагыз этиш катышкан ар кайсыл сүйлөмдө ал этиштин курамында келген грамматикалык каражаттар (чак,жак категорияларын уюштуруучу мүчөлөр) эки түрдүү: 1) сүйлөмдү уюштуруучу тилдик бирдиктерди тутумдаштыруучулук; 2) сүйлөмдү сүйлөмдүк деңгээлге чыгаруучулук милдеттерди аткарат. Ал эми атооч сөздөр предикат боло алышы да, боло албашы да мүмкүн. Алар предикаттык функцияда келиш үчүн сүйлөмдүн грамматикалык курулушундагы мындай сөздөрдүн орун абалы да мааниге ээ жана ал сүйлөмдө нагыз этиштин катышпоосу шарт. Атооч сөздөр предикаттык функцияда  келген учурда анын ( предикаттын) түрдүү өзгөчөлүктөрүн билдирип, актанттар, же сирконстанттар катары кызмат өтөшөт.

Кыргыз тилиндеги этиштик предикаттарды маанилик бөтөнчөлүктөрүнө ылайык төмөнкүдөй түрлөргө ажыратууга болот:

1. **Кыймыл-аракеттик предикаттар:** *басты, учту, кулады* ж.б.
2. **Иш аракеттик предикаттар:** *окуду,жазды, курду* ж.б.
3. **Кабылдама предикаттар:**  *көрдүм, түшүндү, билди* ж.б.
4. **Сезимдик предикаттар:** *сагындым, эңседи, жактырдың* ж.б.
5. **Ал-абалдык предикаттар:** *үшүдү, чарчадың, сергидим* ж.б.
6. **Психикалык предикаттар:** *чочуду, кубандым, таарындың* ж.б.
7. **Мамилелик предикаттар:** *жардамдаштым, учураштың, күттү* ж.б.
8. **Максаттык предикаттар:** *окумакмын, иштемекчи, келмек эле* ж.б.

9. **Терс түшүнүктүк предикаттар:** *келбейт, барган жок, окубадың* ж.б.

10. **Модалдык предикаттар:** *көрсө керек, айткан окшойт, келген го* ж.б.

11. **Табигый процесстик предикаттар:** *жел сокту, жаан жаады, күн тийди* ж.б.

Этиштик предикаттын мындай маанилик түрлөрү сүйлөмдүк мазмунга ылайык дагы бир нече өзгөчөлүктөрдө берилиши да мүмкүн. Ошондой эле алар маанилик бөтөнчөлүктөрүнө карай канча актант менен катышта боло алышына ылайык нөл орундуу, бир орундуу жана көп орундуу предикаттар болуп бөлүнөт. Нөл орундуу предикаттар жаратылыштык кубулуштарды, көрүнүштөрдү туюнткан этиштерден болуп, кыргыз тилинде сейрек кезигет. Мындай предикаттар өзүн тастыктоочу актанттардын болушун талап кылбайт. М: *Суук түштү. Күн жаады* ж.б. Бир орундуу предикаттар, негизинен, жансыз заттардын, жаныбарлардын кыймылдык процессин билдирген этиштерден болот. М: *(Чыны) сынды, (Машина) жүрдү. (Чырак) өчтү* ж.б. Ал эми активдүү субъект менен катышта болгон предикаттар эки, же андан көп актанттардын болушун талап кылат да, алар көп орундуу предикаттар деп аталат. М: *Каныбек жылкыларды тосуп келди. Биз огородго көчөт отургуздук* ж.б. Бирок мындай предикаттар да бир орундуу предикат катары келе берет. М: *Балдар чуркашты. Биз иштеп жатабыз* ж.б.

Кыргыз тилиндеги атоочтук предикаттар да атайын максатта изилдене элек. Сүйлөмдүн маанилик типтери, негизинен, андагы предикаттын бөтөнчөлүктөрүнө ылайык аныкталгандыктан, атоочтук предикаттарды да тилдик өзгөчөлүктөргө ылайык жеткиликтүү негизде аныктоо зарыл. Аларды маанилик бөтөнчөлүктөрүнө ылайык төмөнкүдөй түрлөргө ажыратып кароого болот:

**Тастыктоочу предикаттар.** Сүйлөмдө берилген ойду, маалыматты жалпылоо менен бирге белгилүү бир өлчөмдө тастыктоочулук, ырастоочулук маанини камтуу- кыргыз тилиндеги атоочтук жана этиштик предикаттардын, дээрлик, бардыгына таандык көрүнүш. Бирок мындай маанилик өзгөчөлүк атооч жөндөмө формасындагы зат атооч, ат атооч, кээде сын атооч сөздөрдөн

уюшулган предикаттарда негизги орунда тургандыктан, андай предикаттарды тастыктоочу предикаттар деп атоого мүмкүн. Мындай маанилик типтеги предикаттар конкреттүү, же абстрактуу заттык маанини камтып, өзү көбүнчө объект катары келет. М: *Куш атасы* - ***буудайык**, ит атасы* - ***кумайык**. Сезүү жана акыл менен ченөө- айрыбуттун **милдети** (А.С.). Мугалим – мөмөлүү **дарак**. -Ырас, андай нерсени моюнга алуу кимге болсо да **кыйын** (Т.К.)* ж.б. Ар кандай предикаттын негизги маанилик функциясын аныктоодо контексттик маани, кырдаалдык, интонациялык ж.б. өзгөчөлүктөр эске алынат. Маселен, жогорку эки мисалда кошумча түрдө таандыктык маани да камтылды, бирок анда тастыктоочулук маани басымдуулук кылат. Тастыктоочу предикаттын тутумунда жандоочтор катышып келиши да мүмкүн.

М: *Беттин көркү **нур менен.***

*Белдин көркү **кур менен** (Барпы).*

*Ойлорум **өзүң жөнүндө** (Об. ырдан)* ж.б. Ошондой эле жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндөгү атооч сөздөрдөн кийин "эмес" көмөкчү сөзү келип да, кээде бул көмөкчү сөз катышпай да тастыктоочу предикат уюшула берет. М: - *Бул кишинин баласы азыр **бул жерде эмес*** (А.Б.). – *Кезек **силерден эмес*** (Б.Т.). *Өрлүк айтмак **сизден**, тосуп алмак **бизден*** (Эл оозунан) ж.б.

Тастыктоочу предикаттын өзүнчө түрү катары сүйлөмдөгү ойду, маалыматты тастыктоо максатында келип, суроо маанисин камтыган атоочтук предикаттарды көрсөтүүгө болот. Бул түрдөгү тастыктоочу предикаттар, негизинен, сурама ат атоочтордон, атооч сөздөргө суроо маанисин пайда кылуучу **-бы, -чы** мүчөлөрүнүн жалгануусунан уюшулат.

*М: Апакем **кайда**, мен **кайда**?!* (Об. ырдан)

*Теңтушумдан кем болдум,*

*Теңирим, менде **не жазык**?!* (Жеңижок.)

*Кадырымды сураган,*

*Көзүнөн жашы кулаган,*

*Кара жаак* ***инимби?*** (Токтогул.).

-*А, тиги үйдөгү* ***меймандарчы?*** (Оозеки кептен) ж.б.

**Таандыктык предикаттар.** Мындай маанилик түрдөгү предикаттар формалык курулушу жагынан жак жана жалпы таандык мүчөлөрдү кабыл алып келүү менен, өзү катышта болгон объектинин үч жактын бирине таандык экендигин көрсөтөт. *М: Тиги четтеги чаканыраак ак өргө бектин кичи* ***токолунуку*** (А.С.). *– Бул киши - менин* ***агайым*** (С.М.). - *Мобул ак көз, кара көздөрдүн баары-* ***өз боорлоруң*** (З.С.) ж.б. Мисалдардан көрүнгөндөй, келтирилген предикаттарда кошумча түрдө тастыктоочулук маанилер да камтылган. Бирок бул предикаттардын негизги маанилери –таандыктык маанилер. Анткен менен таандык мүчө жалганып уюшулган предикаттар ар дайым эле таандыктык предикаттар катары келе бербейт. Маселен, *Чал бир ак боз, бир кара аргымак алып чыгат. Акбозун кармаба, сенин уулуң –карасы* деген сүйлөмдөгү предикат (карасы) таандыктык предикат эмес, тастыктоочу предикат катары каралат. Ал эми *Асанкул - Сейиттин* ***атасы*** деген сүйлөмдүн предикаты - таандыктык предикат. Мындай негизде курулган атоочтук предикаттардын маанилик түрлөрүн аныктоодо кошумча каражат катарында фразалык басымдын кайсыл сөзгө түшүрүлгөндүгүн да эске алууга болот. Тастыктоочу предикаттуу сүйлөмдө басым предикаттын өзүнө түшүрүлсө, таандыктык предикаттуу сүйлөмдөгү басым, негизинен, илик жөндөмөдөгү актантка түшүрүлөт.

**Орундук предикаттар.** Бул түрдөгү атоочтук предикаттарды жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө келип, орундук түшүнүктү туюнта алган зат атооч, ат атоочтор, орун тактоочтор уюштурат. М: *Аңкоолук да, тазалык да* ***тоолуктарда*** (С.М.). *–Бардык үмүтүм* ***сенде*** (М.К.). *Бул адам* - ***өзүбүздөн*** *(К.Б).* ***Алыс, алыс, алыс*** *ардагым,*

*Ак булуттай көчүп барбадым* (Э.Д.) ж.б. Эгерде жатыш жөндөмө формасындагы атоочтук предикаттан кийин “эмес” көмөкчү сөзү биргеликте келсе, орундук мааниден тастыктоочулук маани басымдуулук кылып, тастыктоочу предикат уюшулуп калат.

М: *Күнөө* ***менде эмес****, күнөө* ***сенде эмес,***

*Күнөө* ***сүйүдө, экөөбүздө эмес*** (Об.ырдан.). Ошондой эле бул мисалдын курамындагы ***сүйүүдө*** деген предикат да – орундук эмес, тастыктоочу предикат. Анткени ал контекст боюнча тастыктоо маанисин туюнтуп, ага фразалык басым да түшүрүлүп айтылат. Бирок мындай формалык курулуштагы орундук предикаттарга **эле, экен** деген жардамчы сөздөр айкаша келе берет. М: *Атам көптөн бери* ***жайлоодо эле****. Сенин китебиң* ***менде экен*** ж.б.

Ошондой эле кээде орундук предикаттар менен айрым көмөкчү этиштер да айкаша келиши мүмкүн. Мындай учурда предикаттык негизги функцияны көмөкчү этиш эмес, анын алдында келген атооч сөз аткарат. Маселен, *Анын аялы Алайдан болот* деген сүйлөмдө болот нагыз этиштик маанисинде келген жок. Бул сүйлөм мазмундук курулушу боюнча, *Анын аялы Алайдан* деген сүйлөмдөн айырмаланбайт. Эгерде мындагы **болот** көмөкчү этишинин ордуна **келди** нагыз этиши берилсе, жогорку предикат болуп түшкөн сөз (Алайдан) сирконстанттык функцияны аткарып калат. Ошентип, **эле, экен, болот** деген өңдүү көмөкчү сөздөр атоочтук предикаттардын тутумунда келе берет да, атооч сөздөрдүн предикаттык функциясын айгинелөөчү, көмөктөшчү милдетти аткарышат.

**Белгилик предикаттар.** Атоочтук предикаттын бул түрү, негизинен, сын атоочтордон курулат да, өзү маанилик катышта болгон объектинин туруктуу белгисин, өзгөчөлүгүн туюнтат. Мындай предикаттуу сүйлөмдөр кыргыз тилинде көбүнчө оозеки кепте колдонулуп, кыска структурада берилет. М: *Ал* - ***ак жуумал****. Алма-****таттуу****. Бычак* - ***курч****. Анын чачы* ***коло түспөл, кызгылтым эле*** (И.К.) ж.б.

**Мүнөздүк предикаттар.** Бул түргө кирген предикаттар да сын атоочтордон түзүлүп, маанилик жактан жандуу объектинин кулк-мүнөздүк өзгөчөлүктөрүн билдирет. Аларда белгилүү өлчөмдө белгилик да, тастыктоочулук да маанилер камтылат. М: *Шайырдыгы жок курган жигиттин мүнөзү* ***оор****, кайра жазылмагы* ***бир кыйла*** (Ж.М.).

*Айша*- ***шайыр***. *Бул буура* - ***кишичил. Элдияр*** - ***эпчил*** ж.б.

**Ал-абалдык предикаттар**. Мындай маанилик түрдөгү предикаттар да сын атооч сөздөрдөн уюшулуп, өз ичине кошумча түрдө тастыктоочулук, белгилик мааниледи да камтыйт. Бирок мындагы негизги маани объектинин учурдагы ал-абалдык өзгөчөлүгүн билдирет. М: *Ошентип жүргөн күндөрдүн биринде кой кайтарып кечинде келсем, айыл ичи* ***чаң тополоң*** (Ж.М). *Айтор, ар кайсысы,* ***ар кандай, беймарал*** (Ж.М.). *–Бул машина* ***жаңы.*** *Азыр мал* ***арык*** ж.б.

**Чен-өлчөмдүк предикаттар.** Мындай предикаттар маанилик жактан өзү катышта болгон объектинин сандык, өлчөмдүк өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. Алар, негизинен, сан атооч, тактооч сөздөрдөн курулат. *М: Аларга* - ***алтоо,*** *берерге* - ***бирөө***. *Сөз* - ***бирөө***, *кулак –* ***экөө***. *Күйүмдүү* - ***көп***, *күйгөн –* ***аз,*** *билимдүү* - ***көп***, *билген* - ***аз*** (элдик учкул сөздөр) ж.б.

**Мезгилдик предикаттар.** Бул түргө кирген предикаттар мезгил тактоочтордон уюшулуп, объектинин мезгилдик түшүнүк менен болгон катышын көрсөтөт. М: *Ош* - ***кечээ, бүгүн, эртең***. *Тулпар* ***тушунда***, *күлүк* ***күнүндө*** (элдик учкул сөздөр) ж.б.

**Бардыкты туюнтуучу предикаттар. Бар** сөзү кыргыз тилинде өзүнчө маанилик түрдөгү предикатты уюштурат. Бул сөз өз табиятында туруп, предикаттык кызматта келгенде, сүйлөм аягынан орун алат.

*М: Боз адырда түлкү* ***бар,***

*Боз уланда күлкү* ***бар*** (Барпы).

*Атка бергис кунан* **бар**, *кызга бергис жубан* ***бар*** (Макал) ж.б.

**Жоктукту туюнтуучу предикаттар. Жок** сөзү да өзүнчө маанилик түрдөгү предикатты уюштуруп, **бар** сөзүнө антоним катары колдонулат. Бирок алар предикаттык кызматты аткаруу, **-бы** мүчөсүн кабыл алуу, экен, эле жардамчы сөздөрү менен айкаша келүү ж.б. өзгөчөлүктөрү боюнча бири-бирине жакын. *М: Шер даткам, конушуң калып, өзүң* ***жок,***

*Шер даткам, элиңе айтар сөзүң* ***жок*** (К.Ж.).

*Акылмандын ачуусу* **бар**, *кеги* **жок**, *даанышмандын курбусу* **бар**, *теңи* **жок** (Макал) ж.б. **Бар**, **жок** сөздөрү заттанып колдонулса, объектилик, же актанттык функцияларда келет. М: ***Бар*** *мурат эмес,* ***жок*** *уят эмес* ж.б.

**Сезимдик предикаттар.** Ички сезимдик түшүнүктөрдү туюнтуучу айрым сырдык сөздөр да кээде сүйлөм тутумунда актант, же сиркостанттар менен синтаксистик катышта келип, ажырым интонацияда эмес, бир кылка интонацияда айтылып, предикаттык функцияны аткарып калат. М*: - Рахмат, үкөм, жүзүнчү жигитиң үчүн* ***чоң рахмат!*** (Т.К.). *-Баракелде, бир мык какпай, жыгачтан жыгач улап, бир теше жерге бир үй, болгондо да тоодой боз үй курган өнөрүңө* ***баракелде***! (Ж.М.) *Тирүү калтыргандарына да* ***шүгүр!*** (А.Ч.) ж.б. Мындай маанилик өзгөчөлүктөрдү камтыган предикаттарды сезимдик предикаттар деп атоого болот.

**Элестик предикаттар.** Тууранды сөздөр өз табиятында туруп, сүйлөм тутумунда предикаттык функцияда келгенде, маанилик жактан элестелинген көрүнүштөрдү, түшүнүктөрдү билдиргендиктен, андай предикаттарды элесттик предикаттар деп атоого мүмкүн. М: *Завод ичи* ***тарс-турс, кыйч-куйч.*** *Жаңы конуш* ***ызы-чуу, күрү-күү*** ж.б.

**Эскерме предикаттар. Эле** жардамчы сөзү (эле чектегич бөлүкчөсү эмес) этиш жана атооч сөздөрдөн кийин келип, алдындагы сөзгө өткөн чактык түшүнүктү киргизүү менен бирге, анын предикаттык функцияны аткаруусун шарттоочу жана ал сөзгө эскерүү маанисин киргизүүчү кызматтарды аткарат. Башкача айтканда, бул жардамчы сөз эскерме предикаттарды уюштуруучу грамматикалык каражат катары колдонулат.

*М: Асманда айдай толукшуп,*
*Анда сен* ***жыйырма жашта элең*** (К.А.)

*О, анда* ***көктөм эле, көктөм эле,***
*Көнөктөп жаз жамгыры төккөн эле* (Об. ырдан*)* ж.б.

**Модалдык предикаттар.** Бул маанилик өзгөчөлүктөгү предикаттар кыргыз тилинде атооч сөздөрдөн да, этиштерден да түзүлөт. Андыктан алар атоочтук предикаттардын да, этиштик предикаттардын да тобунда каралат.

Атоочтук-модалдык предикаттар айрым атооч сөздөргө **-дыр** мүчөсүнүн жалгануусунан, **го, бейм** бөлүкчөлөрүнүн, **окшойт** модалдык сөзүнүн айкаша келүүсүнөн курулат. *М: Балким, ушул зор бактынын **өзүдүр**...* (Ж.М.). *Бул алма эмес, **пияз окшойт*** (Оозеки кептен). *–Оо, келе жаткан **Током го**?!* (С.А.) ж.б. Ошентип, кыргыз тилиндеги предикаттарды маанилик бөтөнчөлүктөрүнө ылайык жогоруда көрсөтүлгөндөй түрлөргө ажыратып кароого белгилүү негиздер бар. Бардыкты, жоктукту туюнтуучу жана сезимдик, элестик предикаттардын сүйлөмдүн мазмундук уюшулушундагы ролдору этиштик предикаттарга караганда, атоочтук предикаттарга жакын болгондуктан, аларды шарттуу түрдө болсо да, атоочтук предикаттардын тобунда караганыбыз максатка ылайык. Ошондой эле сүйлөмдүн мазмундук уюшулушунда этиштик предикаттар субъектилик типтеги актанттар менен катышта болсо, атоочтук предикаттар объектилик типтеги актанттар менен катышта болот.

Предикат сүйлөмдүн мазмундук уюшулушунда негизги ролду ойногон менен, ал өзүнчө келип жеткиликтүү маалыматты, ойду бере алган сүйлөмдү түзө албайт. Ал үчүн аны маанилик жактан толуктап, тактап туруучу бирдиктер талап кылынып, алар семантикалык синтаксисте актанттар жана сирконстанттар (же аргументтер) деп аталат.

Актанттар маанилик, функциялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык ич ара субъектилик типтеги актанттар жана объектилик типтеги актанттар болуп эки топко бөлүнөт.

**Субъектилик типтеги актанттар.** Субъект- предикат менен маанилик жактан түздөн түз катышта келип, андагы (предикаттагы) көрсөтүлгөн иш аракеттик түшүнүктөрдүн аткаруучусу, катышуучусу болуп түшкөн актанттын татаал түрү. Ал жандуу, же жансыз заттардан, же абстрактуу сөздөрдөн курулгандыгына жана кырдаалга ылайык предикат менен болгон маанилик катыштарына карай **агенс, коагенс, каузатор, күч, фуктив** деген түрлөргө ажырайт:

**Агенс -** предикат аркылуу чагылдырылган иш аракеттин негизги аткаруучусу. Кээде сүйлөмдөгү бир нече субъекттин негизгиси, активдүүсү катары да келет.М: ***Сен*** *көп аракеттендиң.* ***Ал*** *дубал урду. Кайрылуунун тексттин* ***Айша*** *жазды* ж.б.

**Коагенс** – иш аракетти экинчи бир жак менен биргелешип, же карым-катышта аткарган субъектин түрү. Ал иш аракеттин жеке аткаруучусу боло албайт, же бир сүйлөмдөгү бир нече субъекттин ар бири өз алдынча **коагенс** деп каралат. М: ***Жанбоз*** *менен* ***Айша*** *бийлешти.* ***Асан агасына*** *кыш куюшту.* ***Атаке уул****у менен ууга жөнөдү* ж.б.

**Каузатор** – иш аракетти сүйлөмдө белгисиз болгон күчтүн, же субъекттин таасири боюнча аткарган актант. Ал көбүнчө нерселик-предметтик, же абстрактуу түшүнүктөгү сөздөрдөн болушу мүмкүн. *М:* ***Жебе*** *ат жалына сайылды.* ***Ызы-чуу*** *тынчтыкты бузуп жатты* ж.б.

**Күч** - кыйратуучу, бузуучу, жок кылуучу таасирге ээ болгон кубулуштун, көрүнүштүн, нерсенин аталышын туюнткан актанттын түрү. М: ***Сел*** *айылдын жарымын алып кетти.* ***Толкун*** *кемени аңтарып салды* ж.б.

**Фуктив** – кырдаалга, учурга жеке катышкан зат, же нерсе. Ал кыймыл-аракеттик, же иш аракеттик түшүнүктөрдү аткаруучу эмес, башынан өткөрүүчү субъектин түрү катары келет, ошондой эле объектилик маанини да камтыйт. *М:* ***Таш*** *кулады.* ***Саат*** *жүрүп жатат.* ***Чырак*** *жанып турат.* ***Магнитафон*** *ырдап жатат* ж.б.

Субъект айрым сүйлөмдөрдө катышпашы да мүмкүн. Кыргыз тилинде субъекттин болушун такыр талап кылбаган жана субъект сүйлөмгө тике катышпай, бирок предикат аркылуу белгилүү болуп турган сүйлөмдөр да арбын кезигет. Мындай сүйлөмдөрдө иш аракетти аткаруучуга маани берилбей, негизги ой иш аракетке бөлүнөт. М: К*ечигүүгө болбойт. Эртерээк келүүгө туура келет. Жети өлчөп, бир кес* ж.б.

**Объектилик типтеги актанттар:** Объект - кыймыл-аракет, же иш аракет багытталган зат, же заттык түшүнүк. Ал субъектиге көз каранды

абалда келген экинчи түрдөгү актант болуу менен төмөнкүдөй түрлөргө ажыратылат:

**Адресат** – субъекттин иш аракети багытталган жандуу зат. Адамды, жамаатты, же жаныбарларды туюнткан кыйыр объект. *М: Бул кече **акын Ж.Мамытовго** арналды. Элнур **энесине** белек берди. Окутуучу **студенттерге** эскертти. Жакып **жылкыга** жөнөдү* ж.б.

**Пациенс-** субъекттин иш аракетинин таасирине кабылган жак. *М: Эне **баласын** кийинтти. Темир **инисине** окуганды үйрөттү* ж.б.

**Партитив** – актанттын ар кайсыл түрүнүн бөлүгү. *М: Ал **колун** көтөрдү. Чака **суусу** менен турат* ж.б.

**Объектив –** субъекттин иш аракети багытталган предметтик, кийим-кечелик, тамак-аштык ж.б. заттарды туюнткан актанттын түрү. *М: Ал **китеп** окуду. Айгүл **эт** кууруду. Акмат **көйнөгүн** кийди* ж.б.

**Инструмент**, **жарак, каражат** деген терминдер менен берилген объектилик типтеги актанттын түрлөрү буюм-тайымдык, нерселик маанидеги сөздөрдөн уюшулат. М: *Чай **самоварга** кайнатылды. Бакен **күрөк** менен **жер** жазды. Датканын эстелиги **бронзадан** жасалган* ж.б.

Актанттын бул көрсөтүлгөн субъектилик жана объектилик типтеги түрлөрүн ушулар менен чектөөгө болбойт. Мындай түрлөргө ажыратылуудан тышкары субъект да, объект да илимий адабияттарда маанилик бөтөнчөлүктөрүнө ылайык предикат сыяктуу бир нече түрлөргө бөлүштүрүлөт.

Ал эми сирконстанттар сүйлөмдүн семантикалык уюшулушун аныктоодо актанттардын деңгээлиндегидей ролго ээ боло албаганы менен, алар-кырдаалга ылайык пропозициянын структурасын уюштурууга көмөктөшкөн, орундук, мезгилдик, себептик, белгилик ж.б. маанилерди туюнтуп, негизинен, этиштик предикат менен катышта келген сөздөр.

Ошентип, пропозицияны классификациялоодо анын өз ара тыгыз байланыштагы төмөнкүдөй эки белгиси: 1) предикаттын семантикалык табияты; 2) андагы актанттардын, сирконстанттардын саны жана ролу эске

алынат. Негизи, пропозиция сүйлөмдүн объективдүү мазмунун камтыган түшүнүк болгону менен, кеңири мааниде колдонулуп, субъективдүү маанинин элементтерин да, эң алгач, сүйлөмдүн предикативдик жабдылышын, ошондой эле формалык жактан уюшулушун да карайт. Анткени булардын баары өз ара, тыгыз байланыштагы түшүнүктөр болуп саналат.

Окумуштуулар пропозициянын эки өзгөчөлүктө: предикативдик конструкцияда жана предикативдик эмес конструкцияда берилерин белгилешет. Пропозициянын предикативдик конструкцияда берилишин анын уюшулушундагы биринчи жана негизги ыгы деп кароого болот. Анткени мында сүйлөмдүн маанилик жана грамматикалык курулуштары өз ара айкашат, же объективдүү мазмуну менен грамматикалык курулушу бирдиктүү сүйлөмдүк стуруктураны түзөт. Башкача айтканда, бул учурда толук кандуу сүйлөм уюшулат. Ал эми пропозициянын предикативдик эмес конструкцияда курулушу анын кошумча ыгы катары келет да, мындай ыкта берилген пропозиция өз алдынча колдонулган сүйлөмдү түзө албайт. Ал предикативдик конструкцияда курулган башка пропозиция менен биргеликте келип, андагы мазмунду татаалдаштырат. Натыйжада, сүйлөмдүн семантикалык уюшулушу менен грамматикалык курулушунда дал келбөөчүлүк пайда болот да, формалык жактан жөнөкөй түзүлүштө болгон мындай сүйлөмдөрдө эки, же андан көп пропозиция камтылып, татаалдашкан объективдүү мазмун берилет. Мындай типтеги сүйлөмдөргө кыргыз тилинде киринди түрмөктүү жөнөкөй сүйлөмдөр туура келет. *М: - Бул сөзүң, ачыгын айтканда, өзүңдөн башкага жакпай калды* (К.М.). *Көпчүлүк айтып жүргөндөй, ал акылман адам болчу* (С.М.) ж.б.

Ошондой эле пропозиция мындан башкача жол менен да анализделинет. Т.В.Шмелева пропозициянын эң алгач предикат аркылуу жасаларын жана диктумду аныктоодо анын башкы каражат катары келерин белгилеп, аны өз ара байланыштагы эки типке: **событиялык пропозия** менен **логикалык прпозицияга** ажыратат. Событиялык пропозиция (СП)

айлана-чөйрөлүк окуя кубулуштарды, көрүнүштөрдү, нерселерди камтуу менен сүйлөмдүн диктумун уюштурарын белгилейт. М: *Касиеттүү кыргыз жери- берекенин кени. Жаныбек директордун кабыл алуусунда болду* ж.б. Ал эми логикалык пропозиция (ЛП) аң-сезим операциясынын натыйжасын билдирип, эс-акыл аркылуу кабылданган белгилик, мамилелик, сезим-туюмдук ж.б. түшүнүктөрдү камтырын көрсөтөт.

М: *Ар бир жылдын өз алдынча даңкы бар.*

*Ар бир айдын өз алдынча баркы бар* ж.б.

Бирок мындан "сүйлөм, же событиялык, же логикалык пропозицияда курулат" деген түшүнүк келип чыкпайт. Көпчүлүк сүйлөмдөрдө пропозициянын бул эки түрүнүн тең элементтери катыша берет. М: *Бул эскерүү иш чарасы кусалык менен сагынычты гана пайда кылды* ж.б.

Пропозициянын бул эки түрүнүн төмөнкүдөй негиздеги айырмачылыктарын белгилөөгө болот:

СПнын структурасын предикаттан тышкары актанттар менен сирконстанттар да аныктайт. Ал эми ЛПда актанттын бир түрү объект гана, болгондо да абстрактуу сөздөрдөн *(Анын **жашы** кырктарда)* түзүлгөн объектилик типтеги актанттардан тышкары нерселик, предметтик эмес түшүнүктөгү сөздөр бул пропозициянын структурасын түзөт.

СП модус менен чөйрөнү кабыл алуунун натыйжалары, иш аракеттин жалпы маанилери боюнча катышат. М: *Мен көрдүм. Ал укту. Сен жаздың* ж.б. Ал эми ЛП модус менен интеллектуалдык ишмердикке байланышкан маанилер боюнча катышат. М: Мен *түшүндүм. Сен ойлодуң. Ал эсине түшүрдү* ж.б.

СПнын уюшулушунун негизги ыгы катары анын предикат аркылуу берилиши каралат. Ал эми ЛП иш жүзүндө өз ара окшош, же жакын типтеги предикаттык курулмалардан уюшулат да, анын (ЛПнын) элементтери катары жандоочтор менен байламталар кызмат өтөйт. М: *Кыялдануу **менен**, максат **менен** жашоо да өзүнчө артыкчылык* (Т.Д.). *Иштин жайын түшүндү, **бирок** бир чечимге келе албады* (К.Д.) ж.б. Же жөнөкөйлөштүрүп айтканда, өз ара

катыштагы түшүнүктөрдү сүйлөмдө байланыштыруучу кызмат аткарган жандоочтор менен байламталар да (орус тилинде предлогдор да) ЛП катары каралат.

Пропозициянын бул эки түрү маанилик өзгөчөлүктөрүнө ылайык өз ич ара бир нече түрлөргө ажыратылат. Аларды Т.В.Шмелева төмөнкүдөй негизде классификациялап, ал СПны маанилик өзгөчөлүктөрүнө ылайык 5 типке, колдонулуш сферасына (чөйрөсүнө) карай 4 түргө ажыратат. Аны төмөнкү таблицадан көрөбүз.

СПнын типологиясы:

| Колдонулуу сферасы ↓ | Маанилик типтери | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бардыктытуюнтуучу маани | Ал-абалдык маани | Кыймыл-аракеттик маани | Иш аракеттик маани | Кабылдоо мааниси |
| Социалдык сфера | *Кыргызда кызык салттар бар. Бизде партия көп.* | *Анын башы бош. Ал өлкөдө саясий кризис.* | - | *Проект кабыл алынды. Каршылыктар күчөдү.* | *Алар газета окушту. Мен концерт көрдүм.* |
| Менталдык сфера | *Жаштарда идея бар. Кимде сунуш бар?* | *Ал эргип турат. Ага айылда жакшы болот.* | - | *Ал ыр жазды. Мен табышмакты таптым.* | *Доклад кубатталды. Белгини дароо түшүндү.* |
| Психикалык сфера | *Кусалык деген сезим бар. Ар кимде көңүл чөгүү болот.* | *Айша азыр кусалуу. Үй ичи шаңдуу.* | - | *Ал көңүл ачуу-да. Аны дос-тору таарын-тышты.* | *Гүл жытына рахаттанды. Талантына кубандым.* |
| Физикалык сфера | *Сыртта машина турат. Тоодо кыргыз-дар жашайт.* | *Мотор бузук. Алма чирик.* | *Таш ку-лады. Дарак сынды.* | *Мен көчөт эккем. Завод машина чыгарат.* | *Ал дары ичти. Сен түтүнгө жөтөлдүң.* |

ЛП да шарттуу түрдө төмөнкүдөй түрлөргө ажырайт:

1. **Мүнөздөөчү ЛП:**

а) Анкеталык мүнөздөө. *М: Фамилиясы - Асанов. Туулган жылы- 1960-жыл. Кызматы - окутуучу* ж.б.

б) Сапаттык мүнөздөө: М: *Анын бою узун. Аңгемең кызыктуу болду. Кыялдануу баарынан оңой* ж.б.

в) Түшүндүрмө мүнөздөө. *М: Жаштык-бакыт. "Каар заман"- роман. Англис тили индоевропа тилдерине кирет* ж.б.

г) Тактап мүнөздөө. М: *Лингвистика, бул - тил илими. Кечээ эмне сөз болсо, бүгүн да кайталанды* ж.б.

2. **Экиден көп объектилердин катыштарын көрсөтүүчү ЛП:**

а) Байланыштыруучу ЛП. М: *Ал кубаныч менен бакытка кеч жетти* ж.б. ЛПнын бул түрүн кыргыз тилинде **жана**, **менен** , **да** байламталары уюштурат.

б) Салыштыруучу ЛП. Кыргыз тилинде мындай маанидеги ЛПны **кандай-ошондой**, **канча-ошончо**, **канчалык-ошончолук** деген сөздөр жасашат. М: *Суук жаш балдарды кандай кыйнаса, чоңдорду да ошондой кыйнады* ж.б.

в) Каршылоочу ЛП. Бул маанидеги ЛПны **бирок**, **анткени менен**, **ошондой блосо да** деген негиздеги каршылагыч байламталар уюштурат. М: *Түн кирди, бирок айлана ай жарыгында тегиз көрүнүп турду* ж.б.

г) Божомолдоочу ЛП. Бул маани **же**, **же болбосо**, **болбосо** байламталары аркылуу берилет.

М: *Бабалар кылган иш бекен?*
*Баатырлар баскан из бекен?*
*Же болбосо акыйкат,*
*Туурдан качкан кууш бекен?* (Ж.М) ж.б.

д) Шарттоочу ЛПны **эгер, эгерде** байламтасы туюнтат.

М: *Калган сөздү өзүң эпте, **эгерде** достошолу десе* (И.К) ж.б.

е) Себептик ЛПда **анткени, себеби, андыктан, ошондуктан** деген негиздеги байламталар эки, же андан көп объектилердин катыштарын көрсөтөт. М: *Чеберден алга жылуубуз керек, анткени душман бизден алыс эмес* (У.А.) ж.б.

Ошентип, СП менен ЛП диктумдун эки тарабы катары келип, СП **төмөнкү**, чындыкты чагылдыруучу тарабын, ал эми ЛП **жогорку** тарабын, же карым-катыштын, мамиленин ой жорумун тейлейт. Ошондой эле ЛП предикативдүүлүктүн элементтерин, башкача айтканда, СПнын белгилерин байланыштыруучу кызматты да аткарат. Андыктан сүйлөмдүн диктумун аныктоодо андагы пропорциянын түрлөрүн, алардын сандык өзгөчөлүктөрүн анализдөө да талап кылынат. Сүйлөмдүн диктумун анализдөө дегендик, бул-биринчиден, анын курамындагы пропозициянын санын көрсөтүү; экинчиден, андагы пропозициялардын түрлөрүн ажыратуу; үчүнчүдөн, пропозициянын бул түрлөрүнүн сүйлөм уюшулушундагы өз ара байланыштарын аныктоо дегендик. Сүйлөмдүн диктумун төмөнкүдөй негизде талдоого болот. М: *Жигит бычагын шилтегилей берди, бирок колунун каруусу кетип, шамшар койотторго анда-санда гана тийип жатты* (М.Рид). Бул сүйлөмдүн диктумунда 3-СП, 1-ЛП бар: СП-1 ***Жигит бычагын шилтегилей берди*** физикалык сфера, иш аракеттик маани, ***жигит*** – субъект (агенс), **бычагын** - объект (жарак), ***шилтегилей берди*** - предикат. ЛП - ***бирок*** байланыштыруучулук милдетти, каршылаштык маанини камтып, СП-1 менен СП-2 ни байланыштырды. СП-2 ***колунун каруусу кетип*** - физикалык сфера, ал-абалдык маани, **каруусу кетип** - предикат, ***колунун*** - партитив, предикатты айкындоочу актант. СП-3 *Шамшар* ***койотторго анда-санда гана тийип жатты*** - физикалык сфера, иш аракеттик маани, Шамшар – Субьектилик типтеги актант(каузатор), **койотторго** – объект (адресат), ***тийип жатты*** - предикат, ***анда-санда гана*** - предикаттын чен-өлчөмдүк, мезгилдик өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн сирконстант.

Диктумдун курамындагы пропозициянын сандык өзгөчөлүгүн конкреттүү тактап, же чектеп көрсөтүүгө болбойт, башкача айтканда, сүйлөмдүн диктумунда бир же, бир нече пропозиция болушу мүмкүн.

Ар кайсыл сүйлөмдө объективдүү мааниден тышкары субъективдүү маани да камтылат. Объективдүү мааниде берилген чындыкка карата болгон сүйлөөчүнүн, же ар кайсыл ой жүгүртүүчү субъекттин мамилеси, жеке көз карашы, түшүнүгү, ой жоручу субъективдүү маани катары келет. Ал эки өзгөчөлүктө: Эң алгач, сүйлөөчү тарабынан, экинчиден, ар кайсыл эле ой жүгүртүүчү субъект (сүйлөөчү, аңгемелешүүчү, кепке тике катышпаган жак) тарабынан берилиши мүмкүн. Маселен, *Есуге сыртка чыкты* жана *Есуге сыртка чыгыш керек* деген сүйлөмдөрдө бирдей эле объективдүү маани камтылды. Бирок биринчи сүйлөмдө окуянын чындык менен дал келгендигин сүйлөөчү тастыктаса, экинчи сүйлөмдө иш аракеттин чындыкка аша электиги, болгону сүйлөөчүнүн чындыкка аша элек түшүнүктү маалымдоосу берилди. Ал эми *Есугенин сыртка чыккысы келди* деген сүйлөмдө дагы эле жогоркудай объективдүү маани камтылды, бирок мындагы маанинин субъективдүү (модустук) бөлүгү бир топ татаалдашты. Тактап айтканда, мында иш аракеттин аткарылышына даярдык көрүлө баштагандыгы, ага карата кепке тике катышпаган жактын каалоосу, же Есугенин учурдагы абалы маалымдалды.

Сүйлөөчү тарабынан пайда болуучу субъективдүү маани бардык сүйлөмдө камтылып, ал белгилүү өлчөмдө сүйлөмдүн мазмунун түзүүдө милдеттүү түрдө сакталуучу компонент катары келет. Аны ар кайсыл ой жүгүртүүчү субъект (2-3-жак) тарабынан берилген субъективдүү маани менен бирдей деңгээлде кароого болбойт. Анткени сүйлөөчү сүйлөмдүн объективдүү мазмунун кырдаалга ылайык актуалдаштырып, ар кайсыл сүйлөмдөгү сөзсүз камтылуучу субъективдүү маанилердин түрлөрүн иштеп чыгат. Сүйлөөчү тарабынан берилген сүйлөмдүн субъективдүү маанисин уюштуруучу бирдиктер болуп: 1) предикативдүүлүк; 2) максаттуулук; 3)ынанымдуулук жана ынанымсыздык түшүнүктөрү эсептелет. Бул

түшүнүктөр сүйлөөчүнүн сүйлөмдөгү объективдүү мааниге карата болгон мамилесин (позициясын) билдирип, сүйлөм мазмунунда камтылган субъективдүү маанилердин милдеттүү түрдө сакталчу белгилерин түзөт.

**Предикативдүүлүк** – ар кайсыл сүйлөмдүн синтаксистик, спецификалык белгиси. Анын жалпы мааниси чакка (убакытка) жана берилген маалыматтын, иш аракеттин чындык менен болгон катышына ылайык аныкталат. Сүйлөм аркылуу туюндурулган ой, түшүнүк, баяндалган окуя, берилген маалымат чындыкка карата бирдей катышта болбойт. Тактап айтканда, айрым сүйлөмдөрдө болуп өткөн, же болуп жаткан айкын чындык берилсе, кээ бир сүйлөмдөрдө чындыкка аша элек, сүйлөөчүнүн каалоосун, оюн, жеке пикирин гана туюнткан түшүнүктөр берилет. Ал эми мындай реалдуу чындык, же ирреалдуу маалымат сөзсүз түрдө чактык түшүнүктү камтыйт. Предикативдүүлүктү уюштуруучу грамматикалык каражаттарга чак, жак, ыңгай категорияларындагы сөздөр жана модалдык, сырдык сөздөр менен бөлүкчөлөр кирет. Маселен, *Ай чыкты. Ай чыкса экен. Ай чыкты окшойт* деген сүйлөмдөрдүн үчөөндө тең белгилүү бир маалыматтар берилип, аларда объективдүү жана субъективдүү маанилер камтылды. Бирок, 1-сүйлөмдө объективдүү чындык чагылдырылуу менен, андагы маалымат учур чакты, үчүнчү жакты камтыган предикативдүүлүк аркылуу берилсе, кийинки сүйлөмдөрдө предикативдүүлүктүн элементтери аркылуу сүйлөөчүнүн эркине, сезим-туюмуна байланышкан чындыкка аша элек, же күмөн болгон ирреалдуу түшүнүктөр берилди.

**Максаттуулук** түшүнүгү сүйлөөчүнүн маалымат берүү, же маалымат алуу максатына ылайык ишке ашат. Тактап айтканда, ар кайсыл сүйлөмдө сүйлөөчү өз түшүнүгүн, оюн кырдаалга ылайык маалымдайт, же өзүнө белгисиз, түшүнүксүз болгон нерсени, түшүнүктү, окуяны жана башкаларды билүү максатын коет, же сурайт.

Сүйлөм куруудагы  бул максат интонациянын, басымдын, сурама ат атоочтор менен сурама бөлүкчөлөрдүн, же мүчөлөрдүн көмөгү аркылуу

берилет. М: *Сабак башталды. Сабак баштал**ды**? Сабак* ***качан*** *башталды? Сабак башталды**бы**?* ж.б.

**Ынанымдуулук жана ынанымсыздык түшүнүгү** сүйлөмдүн объективдүү маанисине карата болгон сүйлөөчүнүн ой жоруму, көз карашы, берген баасы катары каралат. Маселен, *Машина келди. Машина келди окшойт. Сыягы, машина келди* деген сүйлөмдөрдө ынанымдуу жана ынанымсыз, же болжолдонгон, так эмес маалыматтар берилди. Мындай маанилик өзгөчөлүктөрдүн тигил же бул түрү ар кайсыл сүйлөмгө мүнөздүү болуп, кыргыз тилинде ынанымсыздык маанисин ***балким, мүмкүн, сыягы, окшойт, керек, көрүнөт, кыязы,го, бейм*** деген типтеги модалдык сөздөр менен бөлүкчөлөр пайда кылса, ынанымдуулук мааниси мындай модалдык сөздөр менен бөлүкчөлөрдүн катышпай келиши, же ***албетте, сөзсүз, күмөнсүз, айкын*** деген модалдык сөздөрдүн жардамы аркылуу берилет.

Кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдүн субъективдүү маанилериндеги максаттуулук, ынанымдуулук жана ынанымсыздык түшүнүктөрү өз ара айкаша бербейт. Тактап, айтканда, ынанымсыздык мааниси менен суроо мааниси айкашып келе берсе *(Балким, кечээ келди бекен?),* ынанымдуулук мааниси менен суроо мааниси бир сүйлөмдө өткөн чактык, же учур чактык абалда айкашпайт. Маселен, *кечээ, албетте, келдиби?* деп берилбейт, бирок келер чак формасында айкаша келүүсү мүмкүн. М: *Эртең сөзсүз келет бекен?* ж.б. Анткен менен бул учурда да ынанымдуулук салыштырмалуу, шарттуу түрдө берилет.

Ошентип, сүйлөмдүн семантикалык курулушундагы объективдүү жана субъективдүү маанилер бири-бири менен тыгыз карым-катышта жана ошол эле учурда өз алдынча бөтөнчөлүктөргө да ээ. Алар бири-биринен өздөрүн уюштуруучу тилдик бирдиктери, каражаттары боюнча да айырмаланып турушат. Маселен, объективдүү маанини кайсыл бир суроого жооп болуп түшө алган маани берүүчү сөздөр менен сөз айкаштары уюштурса, субъективдүү маани сурама ат атоочтор, кызматчы сөздөр, айрым мүчөлөр, интонация ж.б аркылуу пайда болот. Берилген сүйлөмдүн мааниси кең, же

тар болушу мүмкүн, бирок кандай болгондо да, объективдүү жана субъективдүү маанилер бардык сүйлөмдө белгилүү бир деңгээлде камтылат. Субъективдүү  маанини туюнтуучу каражаттар ал сүйлөмдө катышпаса да, мурунку же кийинки сүйлөмдөр аркылуу субъективдүүлүк белгилүү болот.

### 2.1.2. Сүйлөмдү изидөөнүн коммуникативдик аспектиси

Ошондой эле сүйлөмдүн мазмундук уюшулушунун экинчи багыттан каралышы да өзүнчө ыкмалар менен өз алдынча тилдик бирдиктерге ажыратылуу аркылуу изилденет. Анын механизмдери менен өзгөчөлүктөрүн маалымат берүүчүлүк функцияда келген сүйлөмдөрдүн курулушундагы кептик кырдаалга жана контекстке көңүл буруу менен гана аныктай алабыз. Сүйлөмдүн мындай маалымат берүүчүлүк функциясынын түрдүүчө бөтөнчөлүктөрдө берилиши анын **коммуникативдик** аспектиси катары каралат. Маселен, өзүнчө маалымат катары берилген жогорку *Жанбоз келди* деген сүйлөмдүн коммуникативдик курулушун кептик кырдаалга, контекстке ылайык анализдөө үчүн бул сүйлөм жооп болуп түшө алган: *Жанбоз жөнүндө эмне угулду? Ким келди? Кандай жаңы маалымат болду?* деген негиздеги суроолорду коюуга туура келет. Бул сүйлөм 1-суроо боюнча каралганда, тыңдоочунун маалыматтагы окуя боюнча кабары болгон эмес. 2-суроо боюнча тыңдоочуга кимдир бирөөнүн келгендиги белгилүү болуп, бирок анын ким экендиги белгисиз болушу мүмкүн. Ал эми 3-суроо 1-суроого бир топ жакын, бирок мында Жанбоздун өзү да, анын келиши да тыңдоочу үчүн жаңы маалымат катары каралды. Бул өңдүү өзгөчөлөнгөн суроолордун коюлушуна карай ыңгайлашып, сүйлөм кептик кырдаалга, контексттик бөтөнчөлүктөрүнө ылайык коммуникативдик кызматын аткарат. Сүйлөмдүн коммуникативдик жактан уюшулушу анын формалык курулушуна көз каранды эмес. Башкача айтканда, бирдей эле формалык курулуштагы сүйлөмдөрдө кептик кырдаалга жана башкаларга ылайык бир нече коммуникативдик функция ишке ашышы мүмкүн. Бирок андай

коммуникативдик өзгөчөлүктөр тилдик бирдиктердин орун алмашуусуна, фразалык басымдын түшүрүлүшүнө, экспрессивдик- стилистикалык боектуулуктун бар, жок экендигине жана башкаларга ылайык айырмаланып турат. Маселен, жогорку сүйлөм төмөнкүдөй коммуникативдик бөтөнчөлүктөргө ээ: 1*) Жанбоз жөнүндө эмне угулду?* - *Жанбоз келди. – Келди Жанбоз. 2). Ким келди? Жанбоз келди. – Келди Жанбоз. 3). Кандай жаңы маалымат берилди? Жанбоз келди. Келди Жанбоз.* Бул мисалдардагы жуп-жубу менен берилген сүйлөмдөр өз ара бирдей эле коммуникативдик милдеттерди аткарып, бирок алардын ар бири ич ара экспрессивдик-стилистикалык боектуулукка ээ, же ээ эместигине карай өзгөчөлөнүп турушат. Ал эми ар бир катар номерде берилгендери ар башка суроолорго жооп болуп түшкөндүктөрүнө ылайык ар түрдүү коммуникативдик милдеттерди аткарышты. Ошентип, сүйлөмдүн кептик кырдаалга, учурдагы абалга ылайык берилген коммуникативдик курулушу да болот. Мында сүйлөмдүн жалпы мазмуну, мааниси маалымат берүүдөгү бөтөнчөлүктөргө ылайык изилденет. Сүйлөм аркылуу сүйлөөчү тарабынан тыңдоочуга белгилүү, же белгисиз болгон натыйжалуу маалыматтар берилет. Учурдагы жагдайга ылайык кабарлоону камтыган сүйлөмдүн тыңдоочуга белгилүү болгон бөлүгү - **тема**, ал эми тыңдоочу үчүн белгисиз болуп, жаңы маалыматты билдирген бөлүгү (же сөзү) - **рема** деп берилет. Ошондой эле сүйлөмдү коммуникативдик аспектиден изилдөө сүйлөмдү актуалдуу мүчөлөштүрүү деп да аталат. Актуалдуу мүчөлөштүрүүнүн грамматикалык мүчөлөштүрүүдөн болгон бир айырмасы: формалдык мүчөлөштүрүүдө (этиштик баяндоочтуу сүйлөмдөрдө) ордулары алмаштырылса да, сүйлөм мүчөлөрү өз функцияларын туруктуу сакташса, актуалдуу мүчөлөштүрүүдө тема менен рема маалыматтын берилүү бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу орун алмаштыруу аркылуу бири-биринин ордуна колдонулуп калышы мүмкүн. Маселен, ***Келди Жанбоз*** деген сүйлөмдө Жанбоздун келери күтүлүп жаткан болуп, анын келгендиги жаңы маалымат катары берилсе, ээлик милдетти аткарган сөз – **тема,** баяндоочу - **рема** катары каралат. Ал эми бул

сүйлөм ***Жанбоз келди*** абалында берилип, кимдир бирөөнүн келери белгилүү болуп, анын Жанбоз экендиги жаңы маалымат катары берилсе, тескерисинче ээ - ремалык, баяндооч-темалык милдетти аткарып калат. Ошондой эле сүйлөөчү менен тыңдоочунун кабыл алуусунун мүнөзүнө байланыштуу ээ, же баяндооч болуп түшпөгөн ар кайсыл эле сөздүк бирдик да рема катары келиши мүмкүн. Сүйлөмдү актуалдуу мүчөлөштүрүү, же анын бөлүктөрүн тема, рема катары кароо адамдын логикалык ой жүгүртүүсү, кабылдоосу менен тыгыз байланышта болгондуктан, сүйлөмдү мындай багыттан кароо айрым илимий адабияттарда (Б.А. Плотников.) Сүйлөмдү логикалык түшүнүүчүлүк көз караштан анализдөө деп да берилет.

Сүйлөмдүн коммуникативдик багыттан уюшулушун **айтым** (вызказывание) деп берүү тил илиминде калыптанып калган. Айтым, биринчиден, өзгөчө коммуникативдик бирдик катары келүү менен оозеки кепте интонациянын, жазуу кебинде ажыратуучу тыныш белгилеринин жардамы аркылуу уюшулат. Экинчиден, аны кырдаалдык контекстке ылайык маанилик жактан актуалдуу мүчөлөштүрүүгө мүмкүндүк болот. Сүйлөмдү актуалдуу мүчөлөштүрүү анын коммуникативдик милдетине байланыштуу каралат. Ар кайсыл сүйлөмдүн тема менен ремага ажыратылышы анын жагдайга ылайык аткарган коммуникативдик милдетине байланыштуу болот. Изилдөөчүлөр тема менен реманын төмөнкүдөй белгилерин көрсөтүшөт: Тема 1-ден, актуалдуу маалыматты (реманы) берүүгө база болгон көмөкчү бөлүк; 2-ден, ремага салыштырмалуу анын актуалдуу мааниси төмөн; 3-дөн, ал – контексттен, же мурдагы сүйлөмдөрдөн белгилүү болгон жаңы маалыматты байланыштыруучу, жалпылаштыруучу бөлүгү. Рема – 1-ден, тема жөнүндөгү маалыматты камтыйт; 2-ден, темага салыштырмалуу актуалдуу мааниге ээ болуп, аны менен (тема менен) байланышта актуалдуу маалыматты берет. Ал маалыматтын негизги мазмунун өзүндө сактоо менен, айтымдын коммуникативдик борбору катары келет; 3-дөн, ал жаңыны алып жүрүүчү болуп эсептелет. Сүйлөм өзүнүн коммуникативдик өзөгү катары келген ремасыз уюшулбайт, бирок тема катышпай калышы мүмкүн. Мындай

учурда сүйлөмдүн тутумуна кирген ар бир сөз тыңдоочу үчүн жаңы маалымат болуп түшөт. *М: Бир атчан, эки жөө адам келатат.* ж.б. Ошондой эле ар кандай көлөмдөгү сүйлөм, же айтым тема менен ремага ажыратылышы мүмкүн. Ал кырдаалга, тыңдоочунун туюмуна ылайык ишке ашат да, алардын чеги жазууда тема катары каралган бөлүгү жаа формасындагы сызыкча менен үстүнөн, рема түз сызык аркылуу алдынан белгиленет. М: *Жанбоз азыр келди. Менде кызыгуу пайда боло баштады* ж.б.

Сүйлөмдүн темасы менен ремасын аныктоочу неизги каражаттар катары сөздөрдүн орун абалы менен интонация роль ойнойт жана алар өз ара биримдикте каралат. Кыргыз тилиндеги экспрессивдик-стилистикалык нейтралдуу сүйлөмдөрдө фразалык басым сүйлөм аягында келген синтагмага түшүндүрүлөт да, ага ылайык сөздөрдүн орун абалы аныкталат. Бул өзгөчөлүккө байланыштуу шарттуу түрдө реманы аныктоого да мүмкүндүк түзүлөт. Тактап айтканда, мындай түз орун тартибинде келген айтымдарда 1-тема, 2-рема орун алат. М: *Келе жаткан* - *Элнур. Үсөн үй алды* ж.б. Ал эми көбүнчө оозеки жана көркөм кептеги экспрессивдүү маанидеги сүйлөмдөрдө сөз жана сөз айкаштары кыйыр орун тартибинде да келип, алгач - рема, акырында тема бериле берет.

М: *Ант урду Шерматты! Улуу нерсе, достук деген* ж.б.

Сүйлөм кырдаалга байланыштуу келип чыккан бир эле объективдүү маанини камтып турса да, коммуникативдик функциясына ылайык фразалык басымдын түшүрүлүшү, же сөздөрдүн орун алмашуусу аркылуу бир нече өзгөчөлүктө актуалдуу мүчөлөштүрүлүшү мүмкүн. М: *Кечээ жылкыларды тутушту. Кечээ жылкыларды Дөмөрсазда тутушту. Жылкыларды Дөмөрсазда кечээ тутушту* ж.б. Бул сүйлөмдүн мындай берилиштеринин бардыгы экспрессивдик-стилистикалык жактан нейтралдуу. Бирок анын ар бир берилиши кырдаалга жана суроолордун коюлушуна ылайык ар кандай коммуникативдик милдеттерди аткарат да, тутумундагы компоненттери түрдүү бөтөнчөлүктөрдө темалык жана ремалык функцияларда келет. Маселен, жогорку сүйлөмдөгү маалымат тыңдоочу үчүн такыр белгисиз

болуп, ал тарабынан сүйлөөчүгө суроо коюлбаган болсо, сүйлөм толук бойдон рема катары каралат. Эгерде тыңдоочу кечээги күнү бир окуя болгондугун сезип, бирок эмне экендигин биле албай, сүйлөөчүгө *Кечээ эмне болду*? деген суроо менен кайрылган болсо, **кечээ** - темалык, сүйлөмдүн калган бөлүгү ремалык мааниде келет. Ал эми *Кечээ Дөмөрсазда эмне болду?, Кечээ Дөмөрсазда жылкыларды эмне кылышты?, Кечээ жилкыларды каерде тутушту?, Кечээ Дөмөрсазда эмнелерди тутушту?, Жылкыларды Дөмөрсазда качан тутушту?* деген суроолор берилген болсо, сүйлөмдүн суроонун тутумуна кирген бөлүктөрү-тема, кирбеген бөлүгү, бөлүктөрү рема болуп түшөт. Адатта, сүйлөмдүн ремалык функцияда келген бөлүгүнө фразалык басым түшүрүлүп айтылат. Актуалдуу мүчөлөштүрүүнүн кошумча, же көмөкчү каражаттары катары бөлүкчөлөр, жардамчы жана модалдык сөздөр кызмат аткарат. Башкача айтканда, бул каражаттар көбүнчө реманы, кээде теманы аныктоого жардам берет. М: *Келе жаткан Айша го?! Асан эле барсынчы!* ж.б.

Сүйлөм - өз алдынча коммуникативдик күчкө жана текст ичинде өз алдынчалыкка ээ болгон бирдик. Анткен менен ал бирден бир коммуникативдик синтаксистик бирдик эмес, бирок мындай бирдиктердин негизгиси. Сүйлөмдөн тышкары да коммуникативдик бирдиктер, же коммуникаттар кепте арбын колдонулат. Алар сүйлөмдүк структурага ээ болбогону менен, маалымдоочу бирдик катары келет.

*М: - Эмне,эне?*

*-Менин жолборсум...*

*-Кайсы жолборсуңуз, эне?*

*-Менин жанымда жүргөн... жолборсум...*

*-Коюңчу, апа! Кайдагы жолборс?!* (Т.К.) ж.б.

Коммуникативдик синтаксисти изилдөөчү окумуштуулар мындай коммуникаттарды айтымдын кошумча бирдиктери катары белгилешет. Г.В.Валимова аларды “Релятивдер” деп атайт. Релятивдер сөз жана сөз айкашы формаларында келип, оозеки жана көркөм кепте колдонулат да,

текстте сүйлөм тутумунан тышкары өз алдынча, бирок кайсыл бир сүйлөм менен маанилик катышта берилет. М: - *Мен да барайынчы, ата?*

-*Макул* ж.б. Айтымдын мындай кошумча бирдиктерине кыргыз тилинде: *Ошондойбу?! Көрүшкөнчө! Рахмат! Майрамың менен! Жок! Эмнеси бар экен?! Сениби! Мынча!?* деген типтеги сөздөр жана сөз айкаштары кирет.

Ошентип, адамдар ортосундагы карым-катнаш жасоонун лингвистикалык негизги бирдиги болгон сүйлөм формалдык-грамматикалык жана мазмундук аспектилерден комплекстүү изилденгенде гана натыйжалуу илимий аныктамага ээ боло алат. Сүйлөмдүн мазмундук уюшулушу анын негизги жагы катары келип, ал өз ара тыгыз байланыштагы, бирок өз алдынча автономиялуулукка ээ болгон семантикалык, коммуникативдик багыттардан изилденет. Буга ылайык сүйлөм үч башка өзгөчөлүктө:

1) формалдык-грамматикалык жактан баш жана айкындооч мүчөлөргө;

2) семантикалык жактан предикат менен актанттарга, сирконстанттарга;

3) коммуникативдик жактан тема жана ремага ажыратылат. Сүйлөмдү мүчөлөштүрүүнүн бул түрлөрү бири-бири менен дал келиши да, дал келбеши да мүмкүн. Аны төмөнкү таблицадан көрүүгө болот:

**Диатеза – 1**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Сүйлөм → | Калык | кечээ | камчы | өрдү. |
| Формалдык структурасы | Ээ | бышыктооч | толуктооч | баяндооч |
| Семантикалык структурасы | субъект | сирконстант | объект | предикат |
| Коммуникативдик структурасы | | Тема | | Рема |

**Диатеза – 2**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Сүйлөм → | Камчы | кечээ | Калык тарабынан | өрүлдү. |
| Формалдык структурасы | Ээ | бышыктооч | толуктооч | баяндооч |
| Семантикалык структурасы | объект | сирконстант | субъект | предикат |
| Коммуникативдик структурасы | Тема | | Рема | |

### 2.1.3. Сүйлөмдү изилдөөнүн прагматикалык аспектиси

Сүйлөмдүн коммуникативдик (маалымдоочулук, карым-катышты тейлөөчүлүк) функциясы көп кырдуу. Андыктан аны (сүйлөмдү) тема жана ремага ажыратып кароо менен чектелүү жетишсиздик кылат. Анткени маалымат алышуу курчап турган чөйрөдөгү чындыкка, кырдаалга, сүйлөөчү менен тыңдоочунун катыштык өзгөчөлүктөрүнө, ой жорумдарына жана башкаларга ылайык жайынча маалымдоо, ойду айкын, же каймана-кыйыр түрдө берүү, же тактоо-суроо, же таасир этүү-баалоо максаттарында жүрүшү мүмкүн. Бул өзгөчөлүктөр тилдик системада атайын кызмат аткарган синтаксистик, морфологиялык, фонетикалык каражаттар аркылуу берилет. Мындай каражаттарга кыргыз тилинде сырдык сөздүк функцияда келген айрым тыбыштар менен сөздөр, **-бы, -чы** мүчөлөрү жана этиштин ыңгай категориясын уюштуруучу мүчөлөр, сурама ат атоочтор, модалдык сөздөр, бөлүкчөлөр, фразеологизмдер, интонация, фразалык басым ж.б кирет. Булар кептик кыйыр актылар катары каралып, сүйлөмдү **прагматикалык** аспектиден изилдөөнүн негизги өзгөчөлүгүн түзөт. Башкача айтканда, сүйлөмдө камтылган ойдун чындык менен болгон катышына (шарттык, буйруктук, ниеттик, тилектик маанилерге) карай берилиштери, суроо, таасир этүү, ынандыруу маанилери, айкындык, же күмөндүүлүк түшүнүктөрү ж.б. сүйлөмдүн прагматикалык багыттан каралышында аныкталат. Бирок сүйлөмдүн мазмундук уюшулушуна мүнөздүү болгон бул өзгөчөлүктөр анын коммуникативдик функциясын ишке ашыруудагы кыйыр, же көмөкчү түшүнүктөр катары келгендиктен, бир топ адистер өзүнчө бөлүп карашпастан, коммуникативдик аспектинин тутумунда карашат. Бул боюнча Л.А.Киселева: “Одним из способов изучения языка как действеннего объекта, обладающего коммуникативной и экспрессивной функциями, является признание прагматического аспекта языка. Обычно этот аспект определяется как подвид коммуникативной фукции. Ряд авторов полагает, что прагматическая направленность любого высказывания есть конкретизация общей коммуникативной функции языка, связанная с

реальными условиями речи”,- деген пикирин билдирет. (Киселева Л.А. Язык как средство воздейсвия. -Л., 1971, 105-б.). Ошондой эле прагматикалык айтымдарды имплициттик-прагматикалык жана эксплициттик-прагматикалык деп бөлүп кароону сунуштайт.

Сүйлөмдү прагматикалык аспектиден караганда, андагы камтылган маалымат эки башка өзгөчөлүктө: эксплициттик (ачык-айкын, так) жана имплициттик ( айкын эмес, каймана, кыйыр) маанилерде берилет. Жогоруда көрсөтүлгөн кептик кыйыр актылар (фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик каражаттар) имплициттик маанилерди пайда кылып, алардын колдонулуу бөтөнчөлүгүн изилдөө сүйлөмдү прагматикалык аспектиден аныктоонун негизги талаптарынын бири болуп саналат. Маселен, бөлмөнүн эшигин жабууга туура келген жагдай түзүлсө, сүйлөөчү менен тыңдоочунун ортосундагы мамилелик, жаш курактык, кызмат абалдык, тууגандык, теңтуштук ж.б. катышына ылайык эшикти жабуу жөнүндөгү маалымат эксплициттик, же имплициттик өзгөчөлүктө берилет. Эгерде сүйлөөчүнүн тыңдоочудан жаш курагы, же кызмат абалы чоң болсо, же атасы, же теңтушу болсо, ал сүйлөөчү бул маалыматты *Эшикти жап!* деген эксплициттик негизде уюшулган айтым аркылуу бериши мүмкүн. Ал эми сүйлөөчү өзүнөн жашы, же кызмат абалы жогору болгон тыңдоочуга, же ата-энесине мындай эксплициттик маалыматты билдире албайт. Андай жагдайда сүйлөөчү *Эшикти жапсак окшойт., Эшикти жабалыбы?, Эшикти жабыш керек го?, Суук болуп кетти* деген имплициттик мааниде берилген айтымдардын кайсыл бирин колдонууга аргасыз болот. Башкача айтканда, эксплициттик маанидеги сүйлөмдөргө ачык-айкындык менен биргеликте белгилүү бир өлчөмдөгү өктөмдүк, императивдик маанай мүнөздүү болсо, имплициттик маанидеги сүйлөм же айтымдарда кыйыр, же каймана өтмө маани менен бирге эле андай сүйлөмдөн белгилүү бир чектеги пассивдүүлүк да сезилип турат. Бул өзгөчөлүктөн каралганда, табу жана эвфемизм сөздөр да имплициттүүлүктүн элементтерин өз ичине камтыйт.

Адамдар ортосундагы карым-катыш ар тараптуу, көп тармактуу келип, ойду, маалыматты берүү жана аны кабылдоо өтө көп кырдуу өзгөчөлүктөрдө ишке ашат. Бул абал, негизинен, сүйлөм, же айтымдын имплициттик уюшулушуна мүнөздүү болуп, аны лингвистикалык, логикалык, философиялык, психологиялык көз караштардын биримдигинен турган прагматика илими изилдейт. Лингвистиканын бул тармагынын мындай көп кырдылуугун, изилдөө объектисинин кеңири алкагын француз окумуштуусу Клод Ажеж: "Сосредотачивая исследование на проблематике тема-рематического членения, то есть на проблематике выбора говоряшим и восприятия слушаюшим той или иной информационной иерархии, мы, конечно, расширяем предмет лингвистики и тем самым не позволяем ей затеряться в безбережном океане прагматики. Этим термином обозначается направление исследований, которое вот уже несколько десятков лет особенно интенсивно развивается в Европе и в США, - деп көрсөтөт. (Клод Ажеж. Человек говоряший. Вклад лингвистики в гуманитарные науки. Пер.с. фр. Изд. 2-е, стереотипное. -М.: Едиториал УРСС, 2006. 209-б.).

Ар кандай маалымат чөйрөлүк кырдаалга ылайык уюшулуп, аны ишке ашыруучу тилдик негизги бирдик болгон сүйлөм, же айтым эксплицирттик жана имплициттик маанилерде уюшулат. Бир караганда, маалыматтын ачык-айкын, так берилгени максатка ылайыктуу көрүнөт. Бирок адам ой жорумунун, кабылдоосунун, каалоосунун көп кырдуу табияты, "назиктиги" ушунда: көпчүлүк учурда болгон чындыкты ачык (эксплициттик мааниде) айтууга мүмкүн болбойт. Эгерде андай жагдайда маалымат түз айтылса, тыңдоочунун психикасына терс таасир этип, ал тарабынан сүйлөөчүгө карата негативдүү иш аракеттер болушу мүмкүн. Маселен, Эшмамбет Токтогулдун баласынын өлгөнүн

*Аркаңда жалгыз Топчубай,*

*Аткардык жалган дүйнөдөн* деген имплициттик маанидеги айтым аркылуу эмес, *Балаң өлүп калган* деп түз айтса, Токтогулдун психикасына дагы да оор тийип, ал тарабынан: *Табалап жатасыңбы? Сүйүнчү*

*берейинби?!* деген негиздеги кекээр жооптор болушу мүмкүн эле. Ал эми Айхандын баласынын каза болгонун Бука ырчы:

*Туу куйругу бир кучак,*

*Тулпар качты, Айханым* деген имплициттик айтым аркылуу угузбаса, анын башы кетмек. Ошентип, бул өңдүү себептердин, зарылдыктардын негизинде сүйлөйм, же айтым аркылуу маалымат алышуунун имплициттик түрү калыпташкан. Албетте, анын адам аң-сезиминин, туюмунун өркүндөшүнүн, пикир алышуунун масштабынын кеңейишинин натыйжасында эксплициттик мааниден кийин калыпташкандыгы айкын сезилип турат. Эксплициттик маанинин да, имплициттик маанинин да өз колдонулуу чөйрөсү, шарт, жагдайы бар. Ошондой эле эксплициттик маанидеги сүйлөмдөр функционалдык стилдин бардык түрлөрүнө мүнөздүү болуп, өзгөчө илимий, иш кагаздары стилдеринде талап кылынса, имплициттүүлүк, негизинен, оозеки жана көркөм кепке, публицистикалык стилге мүнөздүү. Анткен менен, тактап айтканда, эксплицитүүлүккө салыштырмалуу колдонулуу чөйрөсү “тар” болгону менен, имплициттүүлүктүн уюшулуу өзгөчөлүктөрүн, берилүү ыктарын кабылдоо жана изилдөө ошончолук татаал. Анткени ал, жогору жактарда белгиленгендей, чөйрөлүк шарт-жагдайга, сүйлөөчү менен тыңдоочунун мамилелик, жаш куррактык, кулк-мүнөздүк ж.б. өзгөчөлүктөрүнө ылайык уюшулуп, сүйлөөчүнүн ошол маселе боюнча болгон түшүнүгүнө, дүйнө таанымына, психикалык ал-абалына жараша кабылданат. Андыктан анын (имплициттүүлүктүн) өзгөчөлүктөрүн кайсыл бир конкреттүү эреже менен аксема түрүндө көрсөтүү мүмкүн эмес. Имплициттүүлүк - жандуу тилдин жандуу мисалы, же үлгүсү. Имплициттүүлүккө мүнөздүү мындай өзгөчөлүктөр жөнүндө Хоанг Фе: “Имплицитное содержание высказывания, как и содержание мысли, практически не имеет пределов и ничем не ограничено. В поисках имплицитного содержания высказывания каждый слушаюший может проводить внутренний диалог каким-то своим, отличным от других способом, но всегда с учетом эксплицитного содержания,

контекста и коммуникативной ситуации. Имплицитно выраженное смысловое содержание может соответствовать требованиям различных категорий слушателей и различным обстоятельствам произнесения данного высказывания”- деп белгилейт. (Хоанг Фэ. Семантика высказывания. Пер с. англ. // Новое в зарубежной лингвистике. Вып.XVI.- М.: Прогресс, 1985, 399-б.).

Айтымдын семантикалык курулушунун уюшулушунда пресуппозиция (презумпция) негизги орунда турат. «Пресуппозиция» термини грекче prae – «алды», «алдыңкы» жана suppositio- «божомол» деген сөздөрүнөн алынып, бизче «алдын ала болжолдоо» деген маанини туюнтат да, сүйлөмдүн контексттик өзгөчөлүккө ылайык берилген маанилик бөлүгүн туюнтуучу семантикалык термин катары колдонулат. Айрым семантикалык топторго кирген сөздөр менен синтаксистик бирдиктердин маанилерине болгон катышына ылайык категориялдык, экзистенциалдык, фактивдик, семантикалык, прагматикалык пресуппозиция деген бир нече түрлөргө ажыратылат. Семантикалык пресуппозиция менен прагматикалык пресуппозиция тыгыз карым-катышта келип, негизинен, сүйлөмдү актуалдуу мүчөлөштүрүүдө пайдаланылат.

Тилдик тааным менен дүйнө тааным, контексттик жана коммуникативдик кырдаалдык өзгөчөлүктөр пресуппозициянын негизин түзөт. Конкреттүү кептик ишмердүүлүктө бул таанымдардын бөлүктөрү менен кырдаалдык, контексттик бөтөнчөлүктөр актуалдашып, айтымдын пресуппозициясы болуп түшөт. Маселен, *Сенин бул убадаң төөнүн куйругу жерге тийгенде аткарылат* деген сүйлөмдө берилген маалматтын туура мазмунун *төөнүн куйругу табиятынан кыска экенин, анын куйругу эч качан жерге тийбей тургандыгын* аңдаткан пресуппозиция аркылуу гана туура кабылдай алабыз. Ошентип, бул айтымдагы *Сен бул убадаңды эч качан аткарбайсың* деген маани имплициттик негизде берилди. Бирок бул мисал аркылуу берилген түшүнүк имплициттүүлүктүн болгону бир гана өзгөчөлүгүн чагылдырат. Имплициттик маанилер өтө ар тараптуу болуп,

макал, ылакап, учкул сөздөрдө да арбын камтылат. Күндөлүк жандуу кепте чөйрөлүк коммуникативдик жагдайдын өзгөчөлүгүнө, сүйлөөчүнүн маалымат берүү максатына ж.б. ылайык иштелип чыгылып турат. Имплициттүүлүк сүйлөм, же айтымды прагматикалык аспектиден изилдөөнүн негизин түзүп, сүйлөмдүн мазмундук уюшулушун изилдеген семантикалык, коммуникативдик аспектилери менен гармониялуу биримдикте каралат.

## 2.1.4. Сүйлөмдүн изилденишиндеги логицизм

Ошондой эле лингвистикада **логикалык агым** бар. Анын максатына гносеологиянын проблемаларын тилдик аспектиде изилдөө, тилдерге мүнөздүү универсалдык касиеттерди аныктоо, тилдик фактыларды логикалык категорияларга негиздеп синхрондук өңүттөн иликтөө, синтаксиске жана семантикага өзгөчө көңүл бөлүү, тилдик бирдиктер менен каражаттарды логикалык категорияларга карата барабарлаштырып (сөз менен түшүнүктү, сөз түркүмү менен логикалык функцияны, сүйлөм менен пикир-суждениени, татаал сүйлөм менен тыянактоо-умозаключениени) талдоо, имплициттик маанилерди айкындоо сыяктуу милдеттер кирет. “Логика” термини антикалык доордо “ойду сөз аркылуу билгизүү” деген мааниде колдонулган. “Логос” термини кепти да, ойду да, сүйлөмдү да, атты (аталышты) да ж.б. көптөгөн маанилерди туюнтуп келген.

Лингвистикалык логицизм узун тарыхка ээ. Тилдик-логикалык категорияларды көптөгөн окумуштуулар изилдешкен (Аристотель, А.Арко, К.Ланапо, Дж.Локк, Д.Дидро, Г.В.Лейбниц ж.б.). Н.Д.Арутюнованын оюу боюнча, логикалык агымда “категории языка интерпретирования в как соответствуюищие определительным операциям рассудка: его способности представлять, судить и умозаключать. Членение грамматика иногда получает гносеологическое осмысление”. (Арутюнова Н.Д. Логическое направление //Лингвистический энциклопедический словарь. – М., 1980, 274-б.). Демек, мында тилдин категориялары ойдун аныктоо операцияларындагы элестетип,

пикирлеп жана тыянактап берүү жөндөмүнө ылайык түшүндүрүлгөнү, грамматиканы ажырымдоо (мүчөлөштүрүү) дүйнөнү таанып-билүү түрүндө жүргүзүлгөндүгү белгиленет.

И.И.Давыдовдун пикиринде, синтаксис түшүнүктөрдүн логикалык алакаларын жана буларды берүүнү, же ойлордун алакаларын жана аларды берүүнү изилдейт. (Арутюнова Н.Д. 1980. 274-б.) Логикалык синтаксисте сүйлөм пикирдин (суждениенин) модели аркылуу туюнтулат да, S (субъект) + P (предикат) түрүндө белгиленет. (К.Ф.Беккер, И.И.Греч, К.С.Аксаков, И.И. Давыдов ж.б.). Бул окумуштуулардын эмгектеринде тилдин закондорун логиканын закондоруна оодаруу аракети байкалат. И.И.Греч "Практическая русская грамматика" аттуу эмгегинде сөздөрдү алар чагылдырган түшүнүктөр аркылуу сыпаттоо зарылдыгын белгилейт. Анын ою боюнча, зат атооч – нерселердин жана кубулуштардын сөлөкөтү, сүйлөм – пикирдин сөз аркылуу туюнтулган түрү. Логикалык ээ грамматикалык ээден көлөмдүү. Сүйлөмдө аныктооч менен толуктооч бар, ал эми бышыктооч толуктоочтун курамында берилет. (Караңыз: Греч И.И. Пространная русская грамматика //Хрестоматия по истории грамматических учений в России/сост. В.И.Щеулин, В.И.Медведева. –М., 1965. 55-60 бб.). "Бышыктооч" (Обстоятельство) терминин А.Х.Востоков сунуштайт, бирок аны толуктоочтун бир түрү катары мүнөздөйт. (Ошол эле хрестоматияда. 35-б.).

П.М.Перевлесский да синтаксистик категорияларды сыпаттоодо логикалык категорияларга кайрылат: сүйлөм – пикир (суждение), период – силлогизм, сөздүн грамматикалык формасы – сүйлөмдөгү түшүнүктөрдүн жана сүйлөм айкаштарындагы ойлордун алакасы ж.б. Бирок пикирде эки мүчө (субъект, предикат) гана жиктелип келген болсо, бул окумуштуу сүйлөмдөн төрт мүчөнү ажыратат: ээ, баяндооч, аныктагыч сөздөр, толуктагыч сөздөр (Перевлесский П.М. Начертание русского синтаксиса//Хрестоматия по истории грамматических учений в России. – М., 1965. 122-123 бб.).

Логикалык субъект жана предикат формуласы сүйлөм мүмкүнчүлүгүн чектеп, кысып коет да, анын көп тараптары, сапаттары ж.б. өзгөчөлүктөрү бул формулага сыйбай калат. Ошондуктан логикалык агымдын айрым тарапкерлери бул баштапкы концепцияга тактоо, толуктоо киргизишкен. Маселен, Ф.И.Буслаев XIX кылымда бул формулага сыйбай калган синтаксистик кубулуштарды атоо үчүн аныктооч сөздөр (определительные слова), толуктооч сөздөр (дополнительные слова) жана бышыктооч сөздөр (обстоятельственные слова) терминдерин колдонгон. Сүйлөмдүн бул мүчөлөрү пикир жөнүндөгү жободо өз аналогуна ээ болбой, өзүнчө объектиси бар синтаксистик каражаттар катары кабыл алынган. Ф.И.Буслаев ээни биз ой жүгүрткөн нерсе (предмет), баяндоочту ой жүгүркөн нерсеге мүнөздүү сапат, сүйлөмдү сөз аркылуу берилген пикир деп аныктайт. (Караңыз: Буслаев Ф.И. Историческая грамматика русского языка// Хрестоматия по истории грамматических учений в России/сост. В.И.Щеулин, В.И.Медведева. – М., 1965. 149-151 бб.).

Логикалык агымда сөз менен түшүнүктүн (элестин), сүйлөм менен пикирдин, период менен силлогизмдин (тыянактоонун) окшоштуктарын, же жалпылуулуктарын аныктоо аркылуу ээ менен баяндоочтун субъект менен предикаттан тарыраак экендиги, буларды аныктооч, толуктооч жана бышыктооч мүчөлөр жайылтып, тактап, толуктап берери көрсөтүлөт. Логицизмге чейин сүйлөм мүчөлөрү жөнүндө жобо болгон эмес эле.

XX кылымда сүйлөмдү предикатка баш ийген пропозиция катары аныктап, андагы айкындооч мүчөлөрдүн милдеттери белгиленип, сүйлөмдүн туруктуу көрсөткүчтөрүнүн катыштарын коньюнкция, дизьюнкция, импликация, эквиваленттүүлүк ж.б. терминдер аркылуу сыпаттоо колго алынган. (Панфилов В.З. Логика и грамматика. – М.; Л.: Наука, 1963; Панфилов В.В. Взаимоотношение языка и мышления. – М.: Наука, 1971; Колшанский Г.В. Логика и структура языка. – М.: Наука, 1965; Степанов Ю.С. Современные связи лингвистики и логики//Вопросы языкознания. – 1973. №4; Степанов Ю.С. Имена. Предикаты. Предложения. – М., 1981;

Арутюнова Н.Д. Логические теории значения//Принципы и методы семантических исследований. –М., 1976).

Ю.С.Степанов Аристотелге кайрылып, ал аныктаган жалпы философиялык-логикалык категорияларды санап берет: маани-маңыз (субстанция/сушность), сан, сапат, катыш (мамиле/алака), орун (каерде?), убакыт (качан?), жайгашуу (положение), абал (ээ болуу /состояние /обладения), аракет (кыймыл/акт), пассив (кармануу, баш ийүү). Ю.С.Степанов бул тууралу мындай дейт: “Исследователи уже давно указывали, что в виде категорий у Аристотеля перечислены, причем в определенном порядке, все формы сказуемого, которые могут встретиться в простом предложении древнегреческого языка”. (Степанов Ю.С. Имена. Предикаты. Предложения. Семиоселогическая грамматика. –М., 1981. 121-б.). Демек, Аристотелдин категориялары - предикаттарга мүнөздүү зарыл маанилер. Бул маанилер абстракттуу, жалпылоочу касиетке ээ. Ошондуктан **бул маанилерди сүйлөм түзүүчү, сүйлөмгө мүнөздүү маанилер катары баалоого болот**. Салыштырып көрөлү:

1. Бул эмне? Субстанция: ***Аристотель – философ***. Предикат субъекттин маңызын ачып жатат.

2. Канча? Сан, өлчөм: *Жакшы адамдар* ***көп***. *Мен* ***кырктамын***.

3. Кандай? Сапат: *Балаң* ***зээндүү***. *Кызым* ***адептүү***.

4. Кандай катышта? Алака: *Мен* ***кичүүсүмүн***. *Бул жигит* ***иним.***

5. Каерде? Орун: *Биз* ***үйдөбүз***. *Сай сагызган* ***сайда экен***.

6. Качан? Убакыт: *Күн* ***эрте***. *Ош* ***кечээ, бүгүн, эртең***.

7. Кандай жайгашкан? Жайгашуу: *Кар* ***кетпейт.*** *Тоолор* ***көк тирейт***.

8. Кандай абалда? Ээ болуу: *Ал* ***куралдуу***. *Сен* ***атчан элең.***

9. Аракет: *Мокок бычак кол* ***кесет***. *Убакыт* ***өтүп жатат.***

10. Кармануу/пассив: *Там* ***бузулду***. *Кылмышкер беш жылга* ***кесилди.***

Бул байыркы идея жаңыча чечмелөөнү, жаңыча талдоону талап кылат.

Логикалык семантика да бир топ изилдөөлөрдө колго алынган. Мында сигнификат (интенсионал), денотат (экстенсионал, референт), презумпция

негизги түшүнүктөр катары колдонулат. (Караңыз: Ревзин И.И. О логической форме лингвистических определений//Применение логики в науке и технике. – М., 1960; Фреге Г. Смысл и денотат//Семиотика и информатика. – М., 1977. –Вып.8; Падучева Е.В. Понятие презумпции в лингвистической семантике//Семиотика и информатика. – М., 1977. Вып.8. 91-124-бб; Падучева Е.В. Денотативный статус именной группы и его отражение в семантическом представлении предложения // Научно-техническая информация. – М., 1973. – Сер.2. №9. 25-31-бб.; Баранов А.Н., Кобозева И.М. Семантические метаязыки для описания смысла предложения //Лингвистическое обспечение информационных систем. – М., 1989. 26-37-бб) ж.б.

Лингвистикалык логицизм көптөгөн изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде чагылдырылган. Семантикалык синтаксиске байланыштуу идеялар менен жоболор “Пропозициональные предикаты в логическом и лингвистическом аспекте” деген жыйнакта (М.: Наука, 1987. 218 б.) жана “Логический анализ языка: Знание и мнение” аттуу жыйнакта (М.: Наука, 1988. 127 б.) берилет. Мисалы, экинчи жыйнактагы Э.Разлогованын “Эксплицитные и имплицитные пропозициональные установки в причинно-следственных и условных конструкциях” деген макаласындагы айкын жана кыйыр (кыйытма, тымызын) маанилердин предикатта берилиши жөнүндөгү тыянактары (98-106 бб.), Е.Д.Смирнованын “Референция в интенциональных контекстах” аттуу макаласындагы референт менен контексттин алакасы жөнүндөгү байкоолору (121-125-бб) биз үчүн өзгөчө баалуу.

Н.Д. Арутюнованын “Предложения и его смысл: логико-семантические проблемы” деген монографиясы логикалык лингвистиканын эң жалпы теориясын камтыйт. (5-бас. –М., 2007. 387-б.). Бул эмгекте XIX кылымда жашаган орус тилчиси И.М.Давыдовдун логика менен грамматиканын алакасы жөнүндөгү төмөнкү оюн келтирет: ой менен сөз тыгыз байланышта, логика түшүнүктөрдүн, ой-пикирлердин жаралышын камсыз кылат, грамматика аларга форма берип, ыраатуу жайгаштырат, ой жүгүртүүчү

рухтун касиеттүү казынасына жол ачат (16-б). Н.Д.Арутюнова сүйлөмдүн логикалык өзөгү катары этишти эсептейт. Ал пропозиция түшүнүгүнө аныктама берип (21-38 бб), тил менен кептин табияты тууралу “инструменталдуу” жана философиялык-логикалык концепцияларды мүнөздөйт (38-55 бб). Этиш уюштуруучу пропозицияларды, пропозиция менен предикаттын өз ара катышын, пропозициялык маанилердин түрлөрүн иликтейт (56-80 бб). Сүйлөмдүн структурасын уюштуруудагы этиштин ролун, этиштеги валенттүүлүктү, ээ менен баяндоочтун, баяндооч менен толуктоочтун өз ара байланыштарын жаратуудагы этиштин семантикасынын жана пропозициялык потенциалынын маанисин сыпаттайт (81-178 бб). Ошондой эле референция менен “болуу”, “жашоо”, “абал”, “окшоштуруу” этиштеринин алакасы логикалык-семантикалык өңүттө кенен талданат (284-356 бб).

Референция, пресуппозиция, ассерция, пропозиция маселелери логикалык-семантикалык синтаксистин проблематикасына байланыштырылып И.М.Кобозеванын “Лингвистическая семантика” деген монографиясынын Ш бөлүмүндө кенен каралат (- М.: Моск.мам.ун-ти, 2009. -198-317 бб.).

Логиканын айрым элементтерин А.Т.Дунканаев өз изилдөөсүндө пайдаланган. Анын монографиясы “Кыргыз макалдарынын тексттик коммуникативдик өзгөчөлүктөрү” (Каракол, 2010) деп аталат. Бул эмгектин айрым параграфтары лингвистикалык логицизмдин таасири менен жазылган:

Ошентип, лингвистикалык логицизм синтаксистин калыптанышына, сүйлөм мүчөлөрүнүн сунушталышына, этиштин сүйлөмдүн борборуна айланып, пропозицияга жайылтышына ири салым кошо алды десек болот.

Жыйынтыктап айтканда, сүйлөмдүн мазмундук уюшулушун изилдөөнүн жогоруда көрсөтүлгөн негизги аспектилери өз ара белгилүү бир чектерде айырмачылыктарга ээ болгону менен, бири-биринен кескин өзгөчөлөнгөн, обочолонгон түшүнүктөр эмес. Алар - өз ара тыгыз биримдиктеги, бири-бирин толуктаган сүйлөм, же айтымдын мазмундук

уюшулушун ар тараптан изилдөөчү бирдиктүү иш аракеттик максатты көздөгөн илимий багыттар.

Биз төмөндө бул белгиленген илимий багыттарга таянуу, аларда айтылган окумуштуулардын пикирлерин жалпылаштыруу аркылуу сүйлөм, же айтымда камтылган келки маанилерди кыргыз тилинин фактылык материалдарынын негизинде изилдеп, андай маанилик өзгөчөлүктөрдү маанилик типтерге, түрлөргө ажыратуу менен ар тараптан анализдөөгө аракеттендик. Сүйлөмдүк келки маанилер (маалымдоо, суроо, сурануу) сүйлөмдүк, же айтымдык уюшулуштун өзгөчөлүктөрүнө ылайык кайсыл бир маанилик түрлөрдө берилет да, алар өздөрүнө мүнөздүү болгон тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде уюшулат. Келки маанилер жалпыланган, жазы, туташ маанилер катары келип, ар кайсыл сүйлөм, же айтым ушул маанилик бөтөнчөлүктөрдүн биринде берилет. Ал эми маанилик түрлөр маанилик типтердин кайсыл биринин тутумунда келип, ар кайсыл сүйлөмдүн конкреттүү (жеке) маанисине көмөкчү абалда келген көмүскө маани катары каралат. Аларды адресант менен адресатка карата болгон таасирлерине ылайык позитивдүү жана негативдүү маанилерге ажыратып, өз ара катыштагы топчолорго бөлүштүрүү аркылуу ар тараптан анализдедик.

# III глава. Сүйлөмдүк келки маанилердин типтери

## Кириш сөз

Тил илиминде «маани» жана «сүйлөм» түшүнүктөрү орчундуу орунду ээлеп, алар ар кайсыл аспектилерден изилденүү аркылуу түрдүүчө өзгөчөлүктөрдө каралып келе жаткандыгы маалым. Маани тилдик карым-катнаш жасоонун өзөк маселеси катары келип, тилдик бирдиктерди изилдөөнүн максат-милдеттерине ылайык тил илиминин бардык бөлүмдөрүндө түрдүүчө өзгөчөлүктөрдө колдонулгандыктан, ага структуралык лингвистикада да кайрылууга туура келген. Тактап айтканда, маселен, грамматиканын синтаксис бөлүмүндө сүйлөмдүн структуралык курулушун, же грамматикалык жактан уюшулушун аныктоо, изилдөө башкы максат болсо да, сүйлөмдөр жалпы маанилик өзгөчөлүктөрүнө (колдонулуу максатына жана айтылуу интонациясына) ылайык жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, илептүү сүйлөм, буйрук сүйлөм деген түрлөргө ажыратылат. Ошондой эле татаал сүйлөмдөрдүн тутумуна кирген жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара маанилик катышына карап тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү да, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү да бир нече түрлөргө ажыратып жүрөбүз. Бирок сүйлөм маселесинде «маани» түшүнүгүнүн көрсөтүлгөндөрдөгүдөй негизде гана колдонулушу сүйлөмдүн табиятын жеткиликтүү өздөштүрүүдө чек боло албайт.

Маани тилдин кеңири алкактагы негизги критерийи катары келип, өтө көп кырдуу өзгөчөлүктөрдө, түрлөрдө колдонулат. Тилдик маанилердин кыргыз тилинде арбын колдонулган өзгөчө түрү катары өтмө маанилүүлүктү көрсөтүүгө болот. Тил илиминде кептеги өтмө маанилүүлүк жөнүндө сөз болгондо өтмө маанилүү сөздөр менен фразеологизмдерди гана түшүнүү калыпташып кеткен. Чынында, адамдар ортосундагы пикир алышууда, өзгөчө оозеки кеп менен көркөм чыгарманын, поэзиянын тилинде айрым сөздөр менен фразеологизмдерден тышкары кээде сөз тизмектери да, сүйлөм да өтмө мааниде колдонулуп калат. Ал эми бул тилдик бирдиктердин (сөздөрдүн, фразеологизмдердин, сөз тизмектеринин, сүйлөмдөрдүн) мындай

маанилик бөтөнчөлүктө колдонулушу угарманга бир топ татаалдыкты туудуруп, адамдар ортосундагы пикир алышуунун жеткиликтүү деңгээлде ишке ашышы үчүн адамдагы көңүл буруу, кабылдоо, ой жоруу, тыянак чыгаруу мүмкүнчүлүктөрүнүн талап кылынары маалым. Балким, ушул негизден келип кыргыз элинде *«түркөйдү түртмөйүнчө билбейт», «сөз маанисин билбеген сөлдүрөктөн не пайда»* деген өңдүү учкул сөздөр келип чыккандыр. Мындай көрүнүштөрдөн тил илиминин психология, логика, философия, педагогика илимдери менен болгон ажырагыс байланышы да айкын байкалат.

Сөзгө өтө этияттык менен мамиле кылуу, ар бир сөздүн маанилик бөтөнчөлүктөрүн сезимталдык менен кабылдоо жана колдонуу талап кылынат. Сөз маанисинде ар бир фонеманын, а түгүл басым менен интонациянын да ролу өтө чоң. Кыргыз тилинде мындай «назик» сөздөр бир топ арбын кезигет. Маселен, «убай» деген абстрактуу зат атооч сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү кабыл алып, «сал», «тарт», «көр», көмөкчү этиштери менен айкаша колдонулуу аркылуу атоочтук уңгулуу татаал этиштерди уюштурат да, төмөнкүдөй маанилик өзгөчөлүктөрдө колдонулат:

1) Өкүнүү, кайгыруу мааниси: М: *Убайга салдың агаңды, улгайган кезде көрүнүп... Убайым тартып ар убак унутуп бардык нерсени...*ж.б.

2) Каргоо, наараазы болуу мааниси: М: *Убайын тарт ушул ишиңдин!* ж.б.

3) Алкоо, ыраазы болуу мааниси: М: *Убайын көр ушул ишиңдин!* ж.б.

Мындай мүчөлөрдүн кайсыл бир мүчөсү же бөлүгү өзгөртүлүп, же алмаштырылып айтылып же жазылып калса, такыр тескери түшүнүктү пайда кылат. Ошондой эле тилдик мындай абалга *«ото - отто, тоссо - тозсо, тан албайт - тана албайт, таз адам - таза адам, бал экен - бала экен»* деген өндүү сөздөрдү, сөз тизмектерин, аналитикалык формаларды мисал келтирүүгө болот. Тилекке каршы, бул өңдүү тилдик бирдиктер эл алдында айтылган кептерде да, аткарылган обондуу ырларда да так айтылбай, тыбыштык жактан жакын болгон, бирок башка маанидеги сөздөр менен алмашылып айтылып жүрүлгөнү арбын учурайт. Мисалы, «Учкундары

көзүндөгү чекиттин» дештин ордуна «Учкандары көзүндөгү чекиттин», «Термеле бер, ак жолтоюм, арча бешик» дештин ордуна «Термелей бер, ак жолтоюм арча бешик», «Балбал жанган көздөрүң» дештин ордуна «Бүлбүл жанган көздөрүң» деп таза кандуу эле кыргыз ырчылары ырдап жүрүшөт. Сөзгө мындай үстүртөн кароо, маани-маңызын ажырата албоо, бери айтканда, тантыктыкка алып келет.

Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн маанилик түрлөрүн, кепте колдонулуу өзгөчөлүктөрүн Ж.Мамытов, Э.Абдулдаев, С.Өмүралиева, А.Жалилов ж.б. окумуштуулар жетиштүү фактылык материалдардын негизинде изилдешип, аныктамаларды беришкен. Аталган илимпоздордун ичинен сөз маанилерин Ж.Мамытов бир топ кеңири планда карап, сөздүн номинативдик мааниси, конкреттүү жана абстрактуу маанилер, грамматикалык маани жөнүндө да маалыматтар берген (Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика жана лексикология. –Бишкек, 199). Ал эми С.Өмүралиева фразеологиялык тутумдаш маани, сөздүн синтаксистик-контексттик мааниси тууралуу өзүнчө сөз кылган (Ахматов Т.К. Өмүралиева С. Кыргыз тили. Фонетика, лексика. –Фрунзе, 1990). Сөзгө жана башка тилдик каражаттарга мүнөздүү болгон мындай маанилик бөтөнчөлүктөрдү толук жана ар тараптуу салыштырып кароо бул тилдик татаал түшүнүктүн чектерин ажыратууну, мүнөздүү бөтөнчөлүктөрүн тактоону жеңилдетет жана жеткиликтүү деңгээлде өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

Тил илиминде *«маани»* терминининин негизги орунда турары, башкача айтканда, тил, бул - маани экендиги кеп тутумундагы сөздөрдүн колдонулуш бөтөнчөлүктөрүнөн айкын көрүнөт. Сөздөрдүн маанилик бөтөнчөлүктөрү жөнүндө маалымат берүүдөн мурда кыргыз тилиндеги (элиндеги) *«сөз»* деген тилдик терминдин кеңири түшүнүктө, *«сүйлөм», «кеп», «пикир»* деген маанилерде да колдонуларын эске алгандыгыбыз артыкбаштык кылбайт. Бул өзгөчөлүктөн алганда, *«сөз маанилери»* деген түшүнүктү кеңири планда карап, С.Өмүралиева белгилеген *«фразеологиялык тутумдаш маани», «сөздүн синтаксистик- контексттик мааниси»* деген тилдик түшүнүктөрдү

да эске алууга туура келет. Ошондой эле көп маанилүүлүк жана омонимия түшүнүктөрүнүн таасиринде келип чыккан кош маанилүүлүк түшүнүгүн ажыратып кароо зарылдыгы бар. Маселен, *«жүздөшүү»* деген сөз - көп маанилүү эмес, кош маанилүү сөз, анткени аны *«учурашуу»., «көрүшүү»* деген мааниде да, *«жүз граммдан алып ичүү»* деген мааниде да түшүнүүгө болот. Мындай сөздөрдүн кайсыл маанисинде айтылып жаткандыгы сүйлөмгө, же контекстке ылайык аныкталгандыктан, мындай кош маанилүү сөздөрдү контексттик маанидеги сөздөрдүн бир түрү катары кароого туура келет. Бирок С.Өмүралиева *«сөздүн синтаксистик-контексттик мааниси»* деп караган тилдик маселе бул айтылган түшүнүккө толук дал келбейт. Анда келтирилген мисалдар катары өтмө маанилүү сөздөр менен фразеологизмдер алынган. Биздин оюбузча, сөздөрдөгү көп маанилүүлүк, өтмө маанилүүлүк, кош маанилүүлүк түшүнүктөрүнүн баары - контекстке ылайык аныкталчу түшүнүктөр. Балким, сөздүн синтаксистик-контексттик мааниси деген түшүнүктү өтмө жана көп маанилүүлүктөн, фразеологиялык бирдиктердин айрым учурларынан ажыратып карай турган сөздүк маанилер кепте кезигиши мүмкүн, бирок С.Өмүралиеванын келтирген мисалдары өтмө маанилүү сөздөр менен фразеологизмдер болуп калган. Маселен, *«арстан», «карышкыр», «аюу», «түлкү»* деген сөздөр - айрым бир авторлор тарабынан гана эмес, бүт кыргыз эли, ал эле эмес орус ж.б. элдер тарабынан да түз мааниде да, өтмө мааниде да кеңири колдонулуп жүргөн сөздөр. Ал эми *«Көңүлүм кирдеп, чөгүп жүрөм"* - контекстке байланышса да, байланышпаса да *«маанайы бузулуу»* деген маанини туюнткан фразеологизмдерден уюшулган сүйлөм. Ошондой эле, *«Жүзүң аппак пилланин жибегиндей Паризат», «Албууттанат кызуу кайрат, жаштар жанган чагылган»* деген саптарындагы «пилланин жибегиндей», «жанган чагылган» деген салыштыруу маанилерин контексттик маани деп кароо максатка ылайык келбейт.

Кыргыз тилинин башка тилдерден болгон бир бөтөнчөлүгү катары сөз жана сөз айкалыштарынын кеп тутумунда көп жана өтмө маанилерде

арбын колдонулгандыгын белгилөөгө болот. Тилдик бирдиктердин мындай маанилик өзгөчөлүктөрдө байыртадан эле жыш колдонулуп келгендиги элдик оозеки чыгармалардын бардык түрлөрүнөн, макал лакаптардан, учкул сөздөрдөн айкын көрүнөт. Андай маанилердин татаалдыгы жана «баалуулугу» кыргыз тилинде сүйлөгөн ар кайсыл эле адамга түшүнүктүү боло бербей, сөздү аздектөөнү, улуттук психологияны кабылдоону, тилдик сезимталдыкты талап кылгандыгы менен түшүндүрүлөт. Тил илимин изилдөөнүн жана үйрөтүүнүн башкы талабы болуп тилдик бирдиктердин маанилик өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө жетишүү эсептелинет. Ал эми бир жана түз мааниде колдонулган сөздөрдүн туюнтмаларын, функциясын үйрөнүү жана изилдөө тил илиминин алгачкы баскычы катарында гана каралат. Андыктан *«мааниге»* маани берүү, басым жасоо тил илимин үйрөнүүдө жана изилдөөдө башкы маселе болуп кала берет.

Сөз жана сөз тизмектериндеги, фразеологизмдердеги, кээде сүйлөмдүк сруктурадагы өтмө маанилүүлүктүн камтылышын, же аталган негизги тилдик бирдиктердин кеп тутумунда ар кыл маанилик өзгөчөлүктөрдө колдонуларын төмөнкү мисалдардан карап көрөлү:

1. *«Мал аласы сыртында, адам аласы ичинде»* деген макалдагы «ала» сөзү - көп маанилүү сөз. Ал келтирилген сүйлөмдө баштапкы же түз маанисинде да, кийинки же өтмө маанисинде да колдонулду. Бул сөз төмөнкүдөй маанилерге ээ:

1) Өңдү - түстү билдирген сын атооч (АлаТоо, ала карга, ала дөбөт ж.б);

2) Текши эмес, бирдей эмес деген мааниде (Асман - ала, жер - чоло);

*3)* «Кек», «кир», «арамзалык» деген зат атоочтук мааниде (-Көңүлүңдө ала калбасын, тууган);

*4)* Адамдын терисине ала-була болуп түшкөн тактар (тери оорусу);

5) Зат атооч, 1-2-3-4 маанилерине омоним. Адамдын, жаныбарлардын буттарынын кошулушкан жери.

Жогоруда келтирилген татаал сүйлөмдүк структурада берилген мисалдын 1-жөнөкөй сүйлөмүндөгү «ала» түпкү сын атоочтук маанисинде, 2-

жөнөкөй сүйлөмүндө «арамзалык", «кара ниеттик» деген түшүнүктү туюнткан өтмө маанисинде колдонулду. Ошондой эле алынган мисалды өзгөртпөй туруп эле андагы «ала» сөзүн жогоруда көрсөтүлгөн: маанисинде (зат атоочтук) кабыл алып түшүнүүгө да мүмкүн. Бирок анда ал сүйлөмдүн макалдык маани-маңызы сакталбай калат. Бул өңдүү тилдик көрүнүштөрдөн кыргыз тилинин өтө көп кырдуу маанилик бөтөнчөлүктөргө ээ экендигин көрөбүз.

2. *Каныбек куу арчадан анда - санда **отко салып**, кепке кулак төшөйт. (К.Ж.). **Отко салып**, өзүбүз өзүбүздү, ишеничтин кеткени өкүнүчтүү (*Обондуу ырдан*).*

Бул алынган мисалдардын 1-сүйлөмүндөгү *«отко салып»* - ар бир компоненти түз маанилеринде колдонулуп, өз алдынча суроолорго жооп болуп түшүү менен, өз-өзүнчө сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара алган сөздөрдүн эркин тизмеги. Ошол эле сөз тизмеги экинчи сүйлөмдө туруктуу айкалыш формасында келип, өтмө мааниде колдонулуу менен, синтаксистик жактан бир сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарды. Мындан кыргыз тилиндеги айрым сөздөр гана эмес, эркин сөз тизмектеринин да түз маанисинде да, өтмө маанисинде да кеңири колдонулгандыгын көрүүгө болот.

3.- *А, сени Абдрахман! Териңди тескери гана сыйрыбай! (Т.К.). - Тигини, босогодон бою, бешиктен бели чыга элек жатып!* («Ала - Тоо»).

*Турмуш менин чыгып алды кырыма,*
*Сенин болсо туш - тарабың кыбыла.* (О.Хаям).

Фразеологизмдер кыргыз тилинде, өзгөчө анын көркөм кебинде арбын колдонулуп, өтмө маанилүүлүктү алып жүрүүчү негизги тилдик бирдик катары келет. Алардын тутумундагы сөздөрдүн жалпыланган өтмө маанини туюнтуп, бир суроого жооп болуп түшүү менен сүйлөм ичинде бир мүчөлүк милдетти аткарышы, башкача айтканда, грамматикалык курулушу менен семантикалык бөтөнчөлүгүнүн өз ара дал келбестиги өзү катышкан сүйлөмдүн тутумдук уюшулушуна да таасирин тийгизет. Тактап айтканда, сүйлөмдөгү жаксыздык маанинин пайда болушунда да фразеологиялык

айкаштар орчундуу рол ойнойт. Жогоруда алынган мисалдардын 1 - экөөндө фразеологизмдер башка кайсыл бир сүйлөм мүчөлөрүнүн катышуусусуз сүйлөмдүк функцияда колдонулса, 3 - мисалдын эки жөнөкөй сүйлөмүндө тең сүйлөм мүчөлөрү менен катышта колдонулду. Бирок үчөөндө тең негизги сүйлөм мүчөлүк же баяндоочтук функцияны аткарып, сүйлөмдөгү өтмө маанилүүлүктү камсыз кылды. Чечмелеп айтканда, 1 - сүйлөмдө *«Өлтүрүп салбай», «Жок кылып койбой»* деген маанилер, 2 - сүйлөмдө *«Жашабай жатып», «Жаш эле туруп»* деген маани, ал эми 3 - татаал сүйлөмдүн 1 - жөнөкөй сүйлөмүндө *«Турмуш мени кыйнады, чүнчүттү»* деген, 2 - жөнөкөй сүйлөмүндө *«Сенин бардык мүмкүнчүлүгүң бар, кыйынчылыгың жок»* деген маанилер камтылды.

*4. Бозоруп безеленбе сезимдерим,*

*Базарым өтүп калган кезим менин (А.Б.).*

*Өзөккө чок таштадың өчпөй турган,*

*Өрүкзар гүлүн көбүн төккөн кезде. (А.К.).*

Алынган татаал сүйлөмдүк структурадагы ыр саптарынын экөө тең толук бойдон фразеологизмдердин катышынан уюшулбаса да, алардын ар бир сабы (жөнөкөй сүйлөмдөрү) өтмө мааниде берилген. Мындан фразеологизм катары калыпташпаган сөздөрдүн синтаксистик катыштары да сүйлөмдүк функцияда колдонулуп, өтмө маанини туюнтары көрүнөт. Жогорку мисалдардын 1 - тең байланыштагы татаал сүйлөмүндө жана 2 - багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн баш сүйлөмүндө *«бозоруп калуу», «базары өтүп кетүү»* жана *«өзөккө чок таштоо»* деген фразеологизмдердин элементтери катышкан менен, 2 - татаал сүйлөмдүн багыныңкы сүйлөмү *(Өрүкзар гүлүн көбүн төккөн кезде)* фразеологизмдин таасирисиз эле өтмө мааниде, башкача айтканда, *«Жаш өткөндө, күч-кубат кеткенде»* деген мааниде берилди. Ошондой эле мындан мурунку жөнөкөй сүйлөмдөр да ушул берилиштеринде фразеологизмдер катары каралбайт. Анткени тилдик мындай көрүнүштөр фразеологизмдер сыяктуу туруктуу

формалык курулушка ээ болбой, өтмө маанилүүлүк функцияны ошол учурда гана, же контекстке ылайык гана аткарат.

Ошентип, бул келтирилген мисалдардын негизинде кептеги өтмө маанилүүлүктү алып жүрүүчү тилдик бирдиктер болуп сөздөр менен фразеологизмдер гана эмес, сөз тизмектери да, сүйлөм да эсептелерин белгилөөгө болот.

Сүйлөм проблемасын семантикалык синтаксистин максат-милдетине ылайык, же мазмундук- прагматикалык аспектиден кароо аркылуу анда (сүйлөмдө) камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдү изилдөө, классификациялоо зарылдыгы бар. Сүйлөмдө камтылган маанилик бөтөнчөлүктөр көп түрдүү келип, алар сүйлөмдүн объективдүү мазмунунда (диктумда) да, субъективдүү мазмунунда (модуста) да камтылат. Андай маанилик өзгөчөлүктөрдүн камтылышына ылайык сүйлөмдү жалпысынан ***түз маанидеги сүйлөмдөр*** жана ***образдуу-кыйыр маанидеги сүйлөмдөр*** деп эки чоң топко бөлүп кароого болот. Мындай негизде каралганда, түз маанидеги сүйлөмдөрдүн тобуна: ***маалымдоо, ырастоо-тактоо, каршы болуу, ыраазылык*** жана ***нааразылык, таануу*** жана ***тануу, талап кылуу-буйруу, эскертүү, сунуштоо, баалоо, үндөө, сурануу*** жана башка маанилерди камтыган сүйлөмдөр кирсе, образдуу-кыйыр маанидеги сүйлөмдөрдүн тобуна: ***күчөтүү, салыштыруу*** жана ***теңештирүү, божомолдоочулук*** жана ***күмөндүүлүк, какшыктоо, кусалануу, кыялдануу, кабатырлануу, шарттуулук, кыйытуу, терс түшүнүктүк, эркелетүү, эңсөө, элестетүү, ниеттенүү, тамашалоо*** жана башка маанилерде айтылган сүйлөмдөр кирет. Ал эми ***суроо, кекетүү, каалоо*** жана ***кубаттоо, суктануу*** жана ***таңдануу, ынануу*** жана ***моюнга алуу, жактыруу*** жана ***жактырбоо, аео, эскертүү, кемсинтүү, сагынуу, таарынуу, кайдыгерлик, шектенүү, түңүлүү*** маанилери, ошондой эле жогорку топторго кирген маанилердин айрымдары түз маанидеги сүйлөмдөрдө да, образдуу кыйыр маанидеги сүйлөмдөрдө да камтылышы мүмкүн.

**Түз маанидеги сүйлөмдөр**, негизинен, объективдүү мазмундагы сүйлөмдөрдөн жана субъективдүү мазмундагы сүйлөмдөрдүн эксплициттик бөтөнчөлүктө уюшулган түрлөрүнөн болот да, аларда берилген ой, камтылган маани ачык жана так келип, түшүнүүгө, которууга жеңил болот. Мындай сүйлөмдөрдө, негизинен, түз жана бир маанилүү сөздөр, сөз айкаштары катышып, сырдык сөздөр менен модалдык сөздөрдүн көпчүлүгү, боектуу сөздөр, фразеологизмдер, дээрлик, катышпайт. Функционалдык стилдин түрлөрүнөн, көбүнчө, иш кагаздар стилинде жана илимий стилде арбын колдонулат. Көркөм чыгарманын тилинде автордук баяндоолордо, оозеки кепте официалдуу маалымат алышуу учурларында кеңири колдонулушу мүмкүн. Түз маанидеги сүйлөмдөр катары төмөнкүдөй негиздеги сүйлөмдөрдү кароого болот. М: *Абил бийдин иреңинде эч өзгөрүү жок эле* (Т.К.). *Жай сүйлөмдөрдүн аягына чекит белгиси коюлат* (А.Ж.). *Тигине, көздүн жашындай мөлтүрөгөн көк асман* (Т.К.). *Сакал-чачы - буурул, куудай ак десе да болор* (Ч.А.) ж.б. Бул сүйлөмдөрдүн бардыгы ойду түз берүү менен бирге өз ичтерине маалымдоо маанисин камтышты. Бирок үчүнчү сүйлөмдө кошумча түрдө салыштыруу мааниси, төртүнчү сүйлөмдө болжолдоо мааниси да туюнтулду.

Ал эми **образдуу-кыйыр маанидеги сүйлөмдөр** (же айтымдар), негизинен, көркөм чыгарманын тилинде, поэтикалык кепте, макалдар менен учкул айтымдарда арбын кезигип, мында көп жана өтмө маанидеги сөздөр, боектуу семалар, фразеологизмдер анын бөтөнчөлүгүн билдирүүчү тилдик бирдиктер катары кызмат өтөшөт. Мындай сүйлөмдөрдө берилген ойду, камтылган маанини, же маалыматты жеткиликтүү кабылдоо түз маанидеги сүйлөмдөргө салыштырмалуу бир кыйла татаал болот. Башкача айтканда, аларды ар бир эле тыңдоочу, же окурман жеткиликтүү деңгээлде кабылдай албайт, ошондой эле которууда да оорчулуктар келип чыгат. Образдуу-кыйыр маанидеги сүйлөмдөргө төмөнкүлөр мисал боло алат:

*Айланып көлгө конбосоң,*

*Аккуулар сени сагынар* (Э.Т.).

*Капыстан артта келатсаң,*

*Кадамым калат кыбыра* (Б.А.). *Таянган келтеги морт сынгандай медер туткан үмүтү ташка чапкан кум кеседей быркыранып, Исхактын өз жакшыларынын көз алдында бедели түштү* (Т.К.). *Бөзүң жок болсо, сөзүң жокпу!?*(Макал*)* ж.б.

Айрым сүйлөмдөр, мейли ал түз маанидеги сүйлөмбү, мейли образдуу-кыйыр маанидеги сүйлөмбү, сүйлөмдүк ички маанилик бөтөнчөлүктөрдүн кайсыл бир түрүн гана камтыса, айрымдары бир нече түрлөрүн камтышы мүмкүн. Бирок алардын бири негизги, калгандары көмөкчү маани катары каралат. Маселен, - *Мырзам, байкуштардын таманын тилип кыйнаганда не пайда?!* (А.С.) деген сүйлөмдө суроо мааниси да, каршы болуу мааниси да камтылып, бирок каршы болуу мааниси негизги маани катары келди. -*Доктор, сен, албетте, Балабаницаны билсең керек?* (А.Г.) деген сүйлөмдө суроо, тастыктоо, болжолдоо маанилери да камтылган менен, суроо мааниси негизги орунда турат. Ал эми катарлаш орун абалында берилген жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар бири ар башка маанилерди, же бир эле түрдөгү маанини туюнтушу мүмкүн. Маселен, -*Эмне болду, атаке? Мен жаныңызда отурам го?* (Б.К.) деген сүйлөмдөрдүн биринчисинде суроо, экинчисинде тастыктоо мааниси камтылса, -*Тилимди ал. Кайтар желдетиңди! Өзүңө жаман болуп калат!* (Т.К.) деген сүйлөмдөрдүн биринчи, экинчилеринде талап кылуу, үчүнчүсүндө эскертүү мааниси берилди. Ошондой эле татаал сүйлөмдүк структурада курулган сүйлөмдөрдүн да ар бир жөнөкөй сүйлөмдөрүндө же бир, же ар башка түрдөгү маанилик өзгөчөлүктөр чагылдырылат. Маселен, *Эриң - жазуучу, өзүң - атактуу актриса, сенде эмне арман?!* (Ч.А.) деген татаал сүйлөмдүн биринчи, экинчи жөнөкөй сүйлөмдөрүндө тастыктоо, үчүнчү жөнөкөй сүйлөмүндө суроо мааниси (Кошумча түрдө «сенин арманың жок» деген тастыктоо мааниси) туюнтулду. Кээде ар бир жөнөкөй сүйлөмү бирдей түрдөгү маанилерди билдирип калат. Маселен, *Аты болду ыргайдай, өзү болду торгойдой* («Эр Төштүк») деген татаал сүйлөмдүн эки жөнөкөй сүйлөмү тең салыштыруу, күчөтүү маанилерин камтышты.

(Мындагы негизги маани - күчөтүү мааниси). Эгерде сырдык сөз сүйлөм менен катарлаш келсе, сүйлөм сыяктуу өзүнчө маанини билдирет. Мисалы, *Атаганат... же мен санактан жаңылдымбы?* (Ж.М.) деген сүйлөмдө өкүнүү, тактоо, суроо маанилери берилди. Мындагы өз алдынча келип, ажырым интонация менен айтылган «Атаганат» сырдык сөзү аркылуу берилген өкүнүү мааниси кийинки сүйлөмдөргө да белгилүү өлчөмдө таасирин тийгизди. Бирок бул өңдүү айрым эмоциялуу-экспрессивдүү сөздөрдө камтылган маанилик бөтөнчөлүктөргө карап, жогоруда саналып өтүлгөн сүйлөмдүн прагматикалык аспектиден каралышындагы маанилик түрлөрүн сөздүн чегинде кароо, биздин оюбузча, туура эмес түшүнүккө алып келет. Анткени андай сөздөр, же тилдик каражаттар (мындай маанилерди түз туюнткан жана сырдык, тууранды, модалдык сөздөр, бөлүкчөлөр, айрым мүчөлөр) өз алдынча колдонулбай, негизинен, сүйлөм тутумунда берилет да, аларда камтылган маани жалпы сүйлөмдүк маани катары каралат. Мындай сөз жана сөз айкаштары менен мүчөлөр сүйлөмдө камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдүн берилүү ыктарын уюштуруучу тилдик бирдиктер менен каражаттар катары гана кызмат өтөшөт.

Сүйлөмдүн жогоруда көрсөтүлгөндөй негиздеги келки маанилери кыргыз тилинде, негизинен, синтетикалык, лексикалык, аналитикалык, синтетика-аналитикалык, лексика-аналитикалык, контекстуалдык ыктар аркылуу жана интонациянын таасиринде уюшулары көрүнөт. Сүйлөмдө камтылган андай маанилик бөтөнчөлүктөрдү классификациялоо, ар бир маанинин берилүү ыктарын фактылык материалдардын негизинде анализдөө, ал маанилердин өз ара окшош, айырмалуу жактарын көрсөтүү, бир эле сүйлөмдө камтылган бир нече маанилердин берилүү өзгөчөлүктөрүн жана башкаларды изилдөө зарылдыгы бар.

Сүйлөм тутумундагы келки маанилерди алардын сүйлөмдөгү ролуна, аткарган функциясына, камтыган масштабына, башка маанилерден болгон орчундуу айырмачылыктарына ылайык жалпысынан эки баскычка бөлүп кароого туура келет. Бул багыттан караганда, 1-баскычтагы, же негизги келки

маанилер катары **маалымдоо, суроо, сурануу** маанилери каралат. Анткени бул маанилер пикир алышуунун негизги өзгөчөлүктөрү катары келип, тилдик карым-катнаш жасоодо белгилүү негиздеги айырмаланган функцияны аткарышат жана, дээрлик, бардык сүйлөмдөр ушул үч маанилик бөтөнчөлүктүн кайсыл биринде берилет. Ал эми сүйлөм тутумунда, же айтымда камтылган маанилердин булардан башка бардык түрлөрү 2-баскычтагы, же көмөкчү келки маанилер катары келип, алар же маалымдоо, же суроо, же сурануу маанилеринин кайсыл биринде берилет. Башкача айтканда, мындай көмөкчү маанилер маалымат берүү, маалымат алуу, же сурануу функцияларында уюшулган сүйлөмдөрдүн түрдүүчө ички маанилик бөтөнчөлүктө уюшулушун ишке ашыруучу кызматты аткарышат. Андыктан жогоруда көрсөтүлгөн негизги маанилерди **сүйлөмдүк келки маанилердин типтери,** ал эми кошумча, же көмөкчү маанилерди **сүйлөмдүк келки маанилердин түрлөрү** деп ажыратып кароо максатка ылайык.

## 3.2. Сүйлөмдүк келки маанилердин типтери

### 3.2.1. Маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр

Ойду, же түшүнүктү маалымдоо сүйлөмдүн функциялык негизги бөтөнчөлүгү катары келип, деги эле сүйлөм түшүнүгүнүн башкы өзгөчөлүгү катары каралат. Андай **кеңири түшүнүктөн** каралганда, суроолуу сүйлөмдөр маалымат алуу максатында уюшулса, жай, илептүү сүйлөмдөр маалымат берүү, же маалымдоо функциясын ишке ашырат, же мындай сүйлөмдөр маалымдоо маанисинде болот. Сүйлөмдө камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдү (келки маанилерди) семантика-прагматикалык (мазмундук) аспектиден караганда, «маалымдоо мааниси» деген түшүнүк өз алдынча белгилерге ээ болгон түшүнүк катары ажыратылат. Маалымдоо мааниси объективдүү жана субъективдүү мазмундагы сүйлөмдөрдө берилип, андай сүйлөмдөр, негизинен, түз маанидеги сүйлөмдөрдөн болот да, анда сүйлөөчү тарабынан маалымдоо максаты негизги орунга коюлат. Маселен, *-Ата, Хан-Теңирдин кабагы бүркөлө баштаган турбайбы...* (Ө.Д.) деген объективдүү

мазмундагы сүйлөм да*, Мага болсо, эми баары бир болуп калган* (Ч.А.) деген субъективдүү мазмундагы сүйлөм да маалымдоо маанисиндеги сүйлөм болду. Негизи, маалымдоо мааниси сүйлөмдө, же айтымда деги эле тилдик карым-катнаш жасоо түшүнүгүндө орчундуу орунда туруп, маанилик түрлөрдүн көпчүлүгү анын курамында берилет. Андыктан, же бул маанилик түшүнүктүн камтыган масштабы кең болгондуктан, аны конкреттештирип, ички бөтөнчөлүктөрүн айырмалоо максатында **жайынча маалымдоо** жана **эмоциялуу маалымдоо** деп эки топко бөлүп кароого туура келет. Мындай негизде каралганда, жай сүйлөмдөр жайынча маалымдоо маанисиндеги, ал эми илептүү (буйрук) сүйлөмдөр эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн тобуна кирет. Анткени маалымат сүйлөөчү тарабынан бардык учурда бирдей негизде берилбейт. Маалымат мазмунунун сүйлөөчүнүн психикасына болгон таасири: сүйлөөчү менен тыңдоочунун ортосундагы мамилелик катыш (дос-душман, жаш-кары, аял-эркек, ата-бала, тааныш-бейтааныш, кызмат абалдык окшоштук, же айырмачылык ж.б.), тыңдоочу тарабынан болгон жооп, кептик чөйрө, жагдай (фамилярдуулук, официалдуулук ж.б.), маалымат алышуучулардын ошол темага болгон түшүнүктөрү, кулк-мүнөздөрү ж.б. маалыматтын жайынча, же эмоциялуу берилишин шарттайт. **Жайынча маалымдоо** менен **эмоциялуу маалымдоо** белгилүү бир чектеги айырмачылыктарга ээ болуп, негизинен, төмөнкүдөй структуралык, семантикалык, интонациялык өзгөчөлүктөрдө берилет.

**Жайынча маалымдоо** маанисин адресатка болгон катышына ылайык **тике маалымдоо** жана **кыйыр маалымдоо** деп бөлүп кароого мүмкүн. **Тике маалымдоо** маанисинде уюшулган сүйлөмдөрдө сүйлөөчү өз оюн, маалыматын экинчи жакка, же тыңдоочуга тике багыттап айтуу менен кайрылат да, мындай сүйлөмдөрдүн көпчүлүгү каратма сөздүү сүйлөмдөрдөн болот. М: *-Жолдош капитан, сизди чакырып жатышат* (А.Г.). – *«Акыл оошот, ырыс жугушат» дегендей, байбиче, ошол мүнүшкөрдүн сырттандыгы силердин үйдө калып калыптыр*…(Ж.М.) ж.б. Ал эми **кыйыр маалымдоо** маанисиндеги сүйлөмдөрдө сүйлөөчү, же маалымдоочу өз

маалыматын кайсыл бир конкреттүү жакка карата багыттабай маалымдайт. М: *Албетте, бир тутумдуу сүйлөмдөрдү кандайдыр бир стандарттык үлгүнүн негизинде өнүккөн деп айтууга болбойт* (А.Ж.) *Элин асырай албай, жетимин кулдукка алдыргандын башынан бак таят* (А.С.) ж.б.

Татаал структуралык түзүлүштө уюшулган тике жана кыйыр маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдү ички маанилик бөтөнчөлүктөрүнө ылайык төмөнкүдөй негиздеги түрлөргө ажыратып кароого болот:

**1) Салыштырып маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр.** М: *Бүркүт карыса чычканчыл болот, каракчы карыса алдамчы болот* (Макал).

*Мен боздоп бопбош калдым өмүр бою,*
*Уядай боз торгою келбей калган* (А.Ө.) ж.б.

**2) Тастыктап маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр.**

*М: Ардагым – сен, Жамийла,*
*Жалжалым – сен, Жамийла* (С.С.)
*Куш атасы – буудайык, ит атасы – кумайык* (Макал) ж.б.

3**) Каршылаш маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр.**

М: *Жанаша иштеп жүрсөк да,*
*Селкинин тынбайт санаасы* (Э.К.). *Арстан катуу качырат, бирок жумшак алат* (Макал) ж.б.

4**) Шартташ маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр.**

М: *Абийир тапса баласы, атасына бак конот* (Макал). *Адал болсоң, дос көбөйөт, арам болсоң, кас көбөйөт* (Макал) ж.б.

Бул өңдүү маалымдоо маанисинин ич ара түрлөрү түрдүү структуралык курулушта уюшулган сүйлөмдөрдө камтылып, бирок өздөрүнө мүнөздүү болгон белгилүү бир бөтөнчөлүктөргө да ээ болуп турат. Мисал катары жогоруда келтирилген сүйлөмдөрдү анализдесек, төмөнкүдөй негиздеги түшүндүрмөлөр берилет: Салыштырып маалымдоо мааниси, негизинен, салыштыруу маанисинин ыгында уюшулуп, мындай сүйлөмдөгү маалымат кайсыл бир жактан жакындыгы, же окшоштугу бар объект менен объектини, түшүнүк менен түшүнүктү салыштырып маалымдайт. Маселен,

жогорудагы биринчи мисалда «бүркүт», «каракчы» деген аталыштагы физикалык күчкө ээ экендиги, жырткычтык сапаттары боюнча бири-бирине жакын болгон эки объект эки жөнөкөй сүйлөм аркылуу салыштырылып маалымдалса, кийинки мисалда сүйлөөчүнү туюнткан объектилик маанидеги «мен» ат атоочу ал маалымдоочунун учурдагы абалына жакын, шайкеш келген, алсыздык, жансыздык маанисин туюнткан «уя» деген объект менен салыштырылып маалымдалды. Бирок мындагы салыштырылуучу объект биринчи мисалдагыдай өз алдынча сүйлөмдө эмес, айкындооч мүчөнүн тутумунда келди. Ошондой эле салыштыруучу көмөкчү маанинин берилишинде – **дай** мүчөсү да белгилүү рол ойноду. Ал эми тастыктап маалымдоо маанисинин уюшулушунда кыргыз тилиндеги атоочтук предикаттардын өзүнчө түрү катары келген тастыктоочу предикаттар негизги ролду ойносо, каршылаш маалымдоодо айрым антонимдик катыштагы сөздөр, каршылаш байламталар, шартташ маалымдоодо шарттуу ыңгай формасындагы этиштер негизги ролду ойнойт.

**Эмоциялуу маалымдоо** маанисиндеги айтымдар менен сүйлөмдөр сүйлөөчүнүн кабылдоосуна, кызыкчылыгына катышы болгон, анын психикалык абалына таасир эте алган түшүнүк, көрүнүштөрдү, окуя, кубулуштарды өз мазмунунда сактаган тилдик бирдиктерден болуп, өз ичине а) талап кылуу; б) ыраазы болуу, кубаттоо, үндөө; в) жактыруу, суктануу, таңдануу; г) жактырбоо, жекирүү, табалоо; д) аео, кайгыруу, өкүнүү өңдүү маанилик түрлөрдүн кайсыл бирин камтып уюшулат. Мындай айтымдар жана сүйлөмдөр ар дайым көтөрүңкү интонация менен айтылат да, негизинен, таасир этүүчүлүк функцияны аткарат. Көбүнчө оозеки жана көркөм кепке мүнөздүү болуп, структуралык жактан кыйыр орун тартибинде берилет. Эгерде иш кагаздар стилинде, илимий стилде колдонулса, мындай сүйлөмдөрдөгү (илептүү, буйрук сүйлөмдөрдөгү) эмоционалдуулук, көркөмдүүлүк, боектуулук белгилери солгундап, же жок болуп, официалдуулук үстөмдүк кылып калат. Мындай учурда өз ичине жогоруда белгиленген маанилик түрлөрдөн, негизинен, талап кылуу маанисин гана

сактайт. Бул өңдүү бөтөнчөлүктөрдөн, тактап айтканда, талап кылуу мааниси башка маанилик түрлөрдөн белгилүү чекте айырмаланып тургандыктан, эмоциялуу маалымдоо маанисин (шарттуу түрдө болсо да) **талап кылып маалымдоо** жана **сезимдик маалымдоо** деп бөлүп кароо керек. Мындай негизден каралганда, буйрук сүйлөмдөр талап кылуу маанисин, ал эми нагыз илептүү сүйлөмдөр сезимдик маалымдоо маанисин камтыйт.

Ошондой эле жогоркудай ички маанилик түрлөрдү эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги айтымдар менен сүйлөмдөргө гана мүнөздүү деп түшүнүүгө да болбойт. Алар жайынча маалымдоо, суроо, сурануу маанилеринде уюшулган сүйлөмдөрдүн тутумунда да камтылышы мүмкүн. Бирок алардын ичинен талап кылуу мааниси эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөргө, өзгөчө буйрук сүйлөмдөргө мүнөздүү. Андыктан анын өз ара маанилик уюшулуу өзгөчөлүктөрүн да ич ара ажыратып кароого туура келет.

**Талап кылуу** маанисин өзүнө камтыган эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн предикаттары, негизинен, уңгу түрүндө, жөнөкөй, татаал түзүлүштө жана **–гын, -сын, -гыла** формасында келген буйрук ыңгайдагы этиштерден болуп, өз учурунда талап кылуу мааниси да төмөнкүдөй негиздеги ич ара маанилик бөтөнчөлүктөрдө берилет:

***1)*** Буйруп талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М: - *Аввакум Заховго* ***телефон чалгын*** *да, токтоосуз мага* ***келсин деп айт!*** (А.Г.). *– Атыңды мин да,* ***жолуңа түш****. Кыз арабасы менен* ***калсын!*** (И.К.) ж.б.

***2)*** Суранып талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М: - *Кет мындан!* ***Кете бер****, кең пейилим Чиледи!* (И.К.). *– Эжеңден* ***кабар ала көр****, каралдым!* (С.М.) ж.б.

***3)*** Эскертип талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М: - *Шерменде кыла элегимде, аттан* ***түш!*** (У.А.). *– Ай, кызым, эгер акылың болсо, сен эч качан булар менен* ***жакындаша көрбө!*** (Ф.Н.) ж.б.

**4)** Кекенип талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М: -*Чыккынчыга* ***бир гана жаза!*** (Т.К.). ***Дегениме көн деймин****, Чалкуйрукту* ***бер деймин****!* (“Эр Төштүк”) ж.б.

**5)** Тыюу салып талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М*: –* ***Болду эми, кантет!*** *Жеңе дейм, атаман* ***уялсаң болбойбу****!* (У.А.) – ***Балдыраба! Антип сүйлөбөй жүр!*** (И.К.) ж.б.

**6)** Сунуштап талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М: *– А турсун, ыймандай сырыбызды айтсак, эзелтен эшиктеш жашап, эриш аркак болуп келген эки элдин ортосундагы эрегишти* ***токтотуш керек!*** (“Кыргыз Туусу”). *Жаш төкмөлөргө көңүл бөлүп, алардын өнүгүп-өсүшү үчүн* ***кам көрүү керек.*** (“К.М.”) ж.б.

***7)*** Чыйралтып талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр: -***Бошошпогун!*** *Жигит болуп жоого аттанып баратасың.* ***Эми энеңдин эмчегин эммек белең****! Курал-жарагыңарды жакшы үйрөнүп, согушка* ***мыкты машыккыла!*** *Силерди* ***эр жигит дейт!*** (У.А.) ж.б.

***8)*** Коркутуп талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. *М: – Кудайдын алдында чыныңды айт!* (У.А.). *– Азыр өлө элегиңде энемден кечирим сура!* (С.М.) ж.б.

**9)** Шарт коюп талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. *М: – Кыскасы, газета күзгү болсо, чыныгы күзгү болсун! Болбосо, ансыз деле оромой-чоромой кагаз жетиштүү!* (Ф.М.) – *Убадага тура алса, убада берсин!* (С.М.) ж.б. Мындай сүйлөмдөр тыңдоочунун (2-3-жактын) иш аракетинин сүйлөөчүнүн талабына дал келбегендигин билдирүүчү сүйлөмдөр катары келип, андагы талап кылуу мааниси (сүйлөөчүнүн талабы) жогоркудай түрдүүчө маанилик катыштарда берилет. Андай маанилик айырмачылыктар талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдүн жалпы семантикасынан, же аны менен катыштагы мурда, же кийин келген сүйлөмдөрдөн айкындалып турат.

Ал эми эмоциялуу маалымдоо маанисинде уюшулган сүйлөмдөрдүн **сезимдик маалымдоо** маанисинде камтылган мындай кошумча маанилердин айрым түрлөрүн төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот.

М: 1. – *Кош, датка! Жигит пири шаймерден колдосун!* (Т.К.). (Колдоо, кубаттоо мааниси). *2. – Карышкыр! Баланы алып кетти, кокуй күн!* (Ч.А.). (Коркуу, тынчсыздануу мааниси) *3. – А, сени, Теке кул, териңди тескери гана сыйрыбай!* (А.С.) (Кекенүү мааниси). *4. – Дагы башын ийкеп коет шөмтүрөп!* (К.Ж.) (Жактырбоо мааниси). *5. – Пай-пай, эмгек сүйгөн адамдар алп экен го!* (Т.С.) (Ыраазы болуу мааниси). *6. – О, тажрыйбасы жок жаш жүрөк, алданган экенсиң го!* (Ч.А.) (Өкүнүү мааниси). *7. –Эх, кандай керемет дүйнө!* (С.М.) (Суктануу мааниси). *8. – Урбай эле койбой, оолда байкуш, ай!* (Ч.А.) (Аёо мааниси). *9. – Баракелде, баракелде, ушундай эле болмок!* (К.Ж.). (Канааттануу мааниси). *10. – Жашасын эгемендүүлүк*! (Үндөө мааниси) ж.б.

Бул көрсөтүлгөндөрдүн негизинде айкындалып тургандай, маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр менен айтымдар жайынча маалымдоо, же эмоциялуу маалымдоо түрүндө берилсе да, маанилик түрлөрдүн кайсыл бирин камтыбай, же камтып уюшулушу мүмкүн. Мындай өзгөчөлүктөрүнө, тактап айтканда, уюшулуу бөтөнчөлүгүнө ылайык маалымдоо маанисин **кошумча маанисиз маалымдоо** жана **кошумча маанилүү маалымдоо** деп ажыратып кароого туура келет. Бул багыттан каралганда, кошумча маанисиз маалымдоо, негизинен, илимий жана иш кагаздар стилдеринде колдонулган жайынча (тике жана кыйыр) маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө камтылып, эмоциясыз, боексуз эксплициттик негизде берилген маалыматты билдирет. М*: - Апа, мен окууга жөнөшүм керек (С.М.). Эл менен жашайм деген адам адилетсиз болбойт (М.Б.). Кафедранын жыйыны токтом кылат* ж.б. Ал эми кошумча маанилүү маалымдоо көбүнчө эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө кезигип, андагы кошумча маанилер эки башка өзгөчөлүктө: айкындооч мүчөлөрдүн кызматында келген сөз, же сөз айкаштарында жана предикаттын тутумунда камтылат.

М: *1) Бүлбүлдөп жанган билиги сыңар чырактын,*

*Үмүттү таштап... сен эми, жаным, ыраақсың* (М.А.) ж.б.

*2) Сараң эле... Ал сөзгө сараң эле,*

*Сөздөн эмес, иштен баар табар эле...* (С.Ж.) ж.б. Мындагы 1-мисалдагы маалымдоо айкындооч мүчөлүк кызматта келген “Бүлбүлдөп жанган билиги сыңар чырактын” деген сөз бирдиктери аркылуу туюндурулган салыштыруу маанисин кошо камтып берилсе, 2-мисалдагы маалымдоо “сараң эле”, “баар табар эле” деген предикаттардын тутумунда келген **эле** көмөкчү сөзүнүн таасиринде пайда болгон эскерүү маанисин кошо камтып берилди. Кээде бул эки өзгөчөлүк бир сүйлөмдө камтылышы да мүмкүн. Маселен, *Асманда Айдай толукшуп, анда сен жыйырма жашта элең* деген сүйлөмдүн *Асманда Айдай толукшуп* деген бөлүгүндө салыштырып сыпаттоо, ал эми *жыйырма жашта элең* деген предикаттык бөлүгүндө эскерүү мааниси камтылуу менен кошумча маанилүү маалымдоо уюшулду.

Негизи, маалымдоо мааниси кеңири алкактагы түшүнүк болуп, мындай кеңири түшүнүктөн каралганда, өз алдынча колдонулган сырдык сөздөр да, ал гана эмес ымдоо, жаңсоолор да белгилүү бир чектеги маалымдоочулук функцияны аткарат. Ага ылайык маалымдоо маанисинин **образдуу маалымдоо**, **сүйлөмсүз маалымдоо** деген түрлөрүн да көрсөтүүгө болот. Образдуу маалымдоо маанисин камтыган тилдик бирдиктерге сырдык сөздөрдүн бардык түрлөрү, алар катышып уюшулган *“Жүзүмдөй бышкан мөлтүрөп, жүзүңдөн жаным садага”, “Алда балакетиңди алайын каралдым, ай”* деген өңдүү сүйлөмдөр менен айтымдар кирет. Анткени мындай тилдик бирдиктер аркылуу, бир караганда, кайсыл бир маалымат берилбегендей көрүнгөнү менен, маселен, жогорку 1-сүйлөмдө сүйлөөчүнүн кеп багытталган жакты жактыргандыгы, 2-сүйлөмдө кабатырланып, тынчсыздангандыгы маалымдалды. Ал эми, маселен, ***Баракелде, Бали*** деген сырдык сөздөрдө ***Азаматсың, Жарайсың*** деген маанидеги малыматтар, ***чү, өш*** дегенде, ***бас***, же ***кет*** деген, ***мо-мо, ов-ов*** дегенде ***кел***, же ***токто*** деген маалыматтар берилет. Ошондой эле баш ийкөө аркылуу ***ооба, макул***, же баш чайкоо аркылуу ***иш жайында эмес, болбой калды*** деген, ал эми колдун кандай жаңсалышына ылайык ***бери кел,*** же ***менден көрөсүң*** деген маалыматтар туюндурулат.

Ошентип, маалымдоо мааниси адамдар ортосундагы карым-катышты ишке ашыруучу маанилик типтердин негизгиси катары келип, сүйлөөчүнүн же маалымат берүүчүнүн 2-3-жакка угулган, ал жактарга карата багытталган ар кандай сөзү, же жасаган кыймылдык белгилери (дудуктардын ымдоо-жаңсоолору да) эгерде уккан, же көргөн жактарга кабылданган болсо, маалымдоочулук функцияны ишке ашырат. Ал эми сүйлөөчүнүн ички кеби (өзү менен өзү сүйлөшүүсү), же 2-3-жактардын бирине карата багытталбаган кеп, ошондой эле тыңдоочуга, же көрүүчүгө түшүнүксүз болгон кептик, кыймыл-аракеттик маалыматтар кабылданбагандыгы үчүн маанилик типтердин кайсыл бирине кирбеген натыйжасыз иш аракеттер катары кала берет.

Маалымдоо маанисинде берилген сүйлөмдөрдүн мындай маанилик түрлөрүнүн дагы бир нечесин көрсөтүүгө болот. Сүйлөмдө, же айтымда камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдүн бул өңдүү ич ара да бир нечелеген түрлөргө ажыратылып, бутактап кетиши сүйлөм табиятынын көп кырдуулугун айгинелейт. Анын (сүйлөмдүн) эң негизги өзгөчөлүгү - конкреттүү чектеп көрсөтүүгө мүмкүн болбогон маанилик түрлөрдү өз ичине камтуу аркылуу аларды чагылдырып берүү мүмкүнчүлүгүнүн болгондугу. Ошол үчүн ал башка бардык тилдик бирдиктерден өзгөчөлөнүп турат. Сүйлөм курамына кирген сөз, же сөз айкаштары өз ара маанилик жана грамматикалык жактан катышып келген сыяктуу эле сүйлөмдөрдө камтылган жогоркудай маанилик бөтөнчөлүктөр да өз ара ырааттуулуктагы катышта келип, келки бир тексттик бүтүндүктү түзөт. Сүйлөмдүк келки маанилерди, алардын өз ара катыштарын сезимталдык менен андай алуу аларда берилген ойду, маалыматты жеткиликтүү кабылдоого негиз болот. Мындай маанилик өзгөчөлүктөрдүн чен өлчөмү ар кайсыл тилде ал тилдин ээси болгон улуттун психологиялык, үрп-адаттык, социалдык ж.б. өзгөчөлүгүнө, философиялык дүйнө таанымына, этникалык бөтөнчөлүгүнө жана башкаларга ылайык биринде арбын, биринде азыраак болушу мүмкүн.

## 3.2.2. Суроо маанисиндеги сүйлөмдөр

Өз ичине суроо маанисин камтыган сүйлөмдөр сүйлөмдүн өзгөчө түрү катары келип, маалымат берүү максатында эмес, маалымат алуу максатында уюшулгандыгы үчүн сүйлөмдүн башка түрлөрүнөн өзгөчөлөнүп турат да, конструктивдик синтаксисте «суроолуу сүйлөмдөр» деп аталат. Мындай сүйлөмдөр сүйлөөчү тарабынан ага белгисиз, же түшүнүксүз болгон объективдүү, субъективдүү көрүнүш, кубулуштарды, түшүнүктөрдү билүү, тактоо үчүн уюшулуп, 2-3-жак тарабынан ага карата болчу жооптун, же маалыматтын уюшулушун шарттайт. Бирок суроолуу сүйлөмдөр, же сүйлөмдөгү суроо мааниси семантикалык жактан бир кылка эмес, башкача айтканда, ал түрдүүчө маанилик бөтөнчөлүктөрдө колдонулуп, түрдүү ыктарда, ар кандай тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде уюшулат. Бул өңдүү өзгөчөлүктөргө ылайык ар кайсыл тилдеги суроолуу сүйлөмдөр өз ич ара бир нече түрлөргө ажыратылып каралып жүрөт. Маселен, орус тилиндеги суроолуу сүйлөмдөр суроонун тибине жана жооптун өзгөчөлүгүнө карап жалпы суроолуу (общевопросительные) жана жеке суроолуу (частновопросительные), ал эми мааниси менен коммуникативдик милдетинин мүнөзүнө ылайык өздүк суроолуу (собственно вопросительные) жана өздүк эмес суроолуу (несобственно вопросительные) сүйлөмдөр деген түрлөргө ажыратылган (Современный русский язык. Под. Ред. В.А.Белошапкова. М.: Высшая школа, 1989. 625-б).

Суроо маанисиндеги сүйлөмдөр кептик тармактын (функционалдык стилдин) бардык түрүндө кеңири колдонулуп, түрдүү структуралык типтеги сүйлөмдөрдүн тутумунда, же өз алдынча сүйлөмдүк курулушта, негизинен, төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдө берилет:

Сүйлөм мүчөсүнүн тутумунда.

М: *Тааныбай:* ***- Кимсиң? – деп айттың,***

*Мен элем – сени алар анык Саринжи* (“С-Б”) ж.б.

Атоочтук, чакчыл түрмөктөрдүн тутумунда.

М: *Ак сүтүн берип эмизген,*

***“Кимдин уулу?” дегизген***.

*Колунан тамак жегизген,*

***“Энекем аман барбы?”*** деп... (“С-Б”) ж.б.

Жалаң жана жайылма сүйлөмдүк структурада.

М: -*Атаң үйдөбү? Алиги бордоп аткан каманыңар кандай, жеп-ичкени жакшыбы?* (А.Г.) ж.б.

Бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдүк структурада.

М: - *Аны айтпай коюуга болбойбу?* (С.Ж.) – *Эмне кереги бар дегени эмнеси?! – деп каршы болдум.* (А.Г.) ж.б.

Атама сүйлөмдүн тутумунда.

М: “*Бу кандай?” деген, “Чойке бүгүн эмне болуп турат?” деген көз караштар* (К.А.) ж.б.

Татаал сүйлөмдүк структурада.

М: *Кайдан жүрүп сага кабылдым,*

*Карегиңде барбы жалының?* (Т.М.) ж.б.

Диалогдуу сүйлөмдөрдүн уюшулушун шарттайт.

М: - *Бул дүйнөдө бардыгынан эмне жакшы?*

*-Кемсинүүсүз карапайымдык, сыйлыксыз айкөлдүк* (“Мурас”) ж.б.

Суроо маанисин камтыган бир нече сүйлөм текст ичинде катарлаш орун абалында келе берет. М: *Ошентип, Кузмич атаган төрт маселени текшерип чыгуу керек: тапанча кайда, Леха бул күндөрү кайда жашырынып жүрөт, качан, кайсы жерде эмне кылмыш кылды жана акырында ал Москвага жалгыз келдиби?* (И.Л.) ж.б.

Сүйлөмдү конструктивдик аспектиден изилдеген грамматикалык адабияттарда сүйлөмдөгү суроо маанисинин (суроолуу сүйлөмдөрдүн), негизинен, сурама ат атоочтордун, суроолуу **-бы** мүчөсү менен **беле, бекен** көмөкчү сөздөрүнүн жана интонациянын таасиринде келип чыгары кеңири белгиленип жүрөт. Ошондой эле мындай сөздөр менен мүчөлөрдүн суроолуу сүйлөмдү уюштурбай колдонулган учурлары жөнүндө да маалыматтар берилген. Бирок сүйлөмдөгү суроо маанисинин табиятын, көп кырдуулугун

жеткиликтүү ачуу үчүн бул белгиленгендерди тереңдетүү менен бирге суроо маанисинин өз ара түрлөрүн ажыратып кароо зарылдыгы бар.

Ат атоочтун, өзгөчө сурама ат атоочтун кепте колдонулуу бөтөнчөлүгү, сүйлөм маанисине тийгизген таасири көп кырдуу. Ошондой болсо да сурама ат атоочтун өзү катышкан сүйлөмгө суроо (маалымат алуу) маанисин киргизүүсү – анын негизги өзгөчөлүгү.

М: *Ээси болуп **ким** турат,*

*Ээн калган калаанын?* (“С-Б”).

*Ар убакта көз алдыма келесиң,*

***Неге** мени тооруп алды элесиң?* (Ж.Э.).

*Акыркы күндө **эмне үчүн**,*

*Мен **мынча**,*

*Кызганчаак болуп баратам?* (С.А.).

*Жолуңду тосуп жүгүрөм,*

*Жоop угуп **качан** сүйүнөм?* (Ж.Т.) ж.б. Бул мисалдардагы, маселен, 1-сүйлөмдөгү **ким** ат атоочунун ордуна “Саринжи” зат атоочу берилсе, 2-сүйлөмдөгү **неге**, 3-сүйлөмдөгң **эмне үчүн**, 4-сүйлөмдөгү **качан** сурама ат атоочтору катышпай, же алардын ордуна башка сөздөр берилген болсо, бул сүйлөмдөрдө суроо мааниси эмес, маалымдоо мааниси камтылмак. (Бирок жогорку 3-сүйлөмдө катышкан **мынча** (мына+ча) чен өлчөм сөзү да суроо маанисинин жаралышын шарттайт. Анткени бул сөз канча (кана+ча), нече (не+ча) сурама ат атоочторунун тибинде жасалып, кээде сурама ат атоочтук мааниде колдонулат. М: - *Болду эми, мынча?* ж.б.).

Ошондой эле сурама ат атоочтор сүйлөм ичинде өз маанисинен четтеп, суроо маанисинен башка маанилерди туюнтуп колдонулган учурлары да кыргыз тилинде арбын кезигет.

Маселен, *Ошо көлдүн четинде,*

*Кайтпастын кара ташы бар, Төштүк,*

***Канча** дөөнүн башы бар, Төштүк* (“Эр Төштүк”).

*Кең-Булуңдан Чалдыбарга чейин* ***канча*** *жер!* (Ө.Д.). *Толо салынган тыныке замбилдердин туткалары колдон жылмышып, оңдоп кармап көтөрүүгө туура келет. Ар күнү мындай замбилдердин* ***канчасы*** *ташылат.* ("Ала-Тоо") деген сүйлөмдөрдө катышкан **канча** сурама ат атоочу контексттин, же интонациянын, алдындагы сүйлөмдөрдүн таасиринде суроо маанисин жоготуп, өзү семантикалык катышта болчу чен өлчөмдүк сөздөрдүн ордуна "канчалаган", "көптөгөн", "узак" деген маанилерде колдонулуу менен 1-сүйлөмдө эскертүү, 2-сүйлөмдө каршы болуу, 3-сүйлөмдө күчөтүү маанисин пайда кылды.

Ал эми *Карааны* ***кандай*** *көлүңдүн,*

*Карап көр өзүң калыстап* (Э.Т.) деген жөнөкөй сүйлөмдөн уюшулган ыр саптарынын эгерде 1-сабы гана берилген болсо, **кандай** сурама ат атоочу өз маанисин сактап, суроо маанисиндеги жөнөкөй сүйлөм уюшулмак. Бирок мында эки сап биригип келип, суроо маанисиндеги эмес, маалымдоо маанисиндеги жөнөкөй сүйлөм уюшулган. Анткени бул сүйлөм түз орун тартибинде "Көлүңдүн карааны **кандай экендигин** өзүң калыстап карап көр" деп берилет. Тилдик мындай учурлардан сүйлөмдүн маанилик бөтөнчөлүгү менен структуралык бөтөнчөлүгүнүн карым-катышы да көрүнөт. Мындай көрүнүштөрдү өздөштүрүүсүз сүйлөм табиятын, деги эле кеп табиятын жеткиликтүү өздөштүрүү мүмкүн эмес. Анткен менен жогорку эки сап ыр "Көлүңдүн карааны кандай? Өзүң калыстап карап көр" деген негиздеги өз алдынча эки сүйлөм аркылуу да берилиши мүмкүн. Эгер бул типте уюшулса, биринчи жөнөкөй сүйлөм толук кандуу суроолуу сүйлөм болуп түшөт.

Өзү катышкан сүйлөмгө суроо маанисин киргизүү функциясы боюнча сурама ат атоочторго жакын ролду кыргыз тилинде **–бы** мүчөсү аткарат.

М: *Ай тийген тескей тескей**би**?*

*Алтыным апам эстей**би**?*

*Алтыным апам эстесе,*

*Ай сайын келип кетпей**би**?* (Обондуу ырдан) ж.б.

Кээде бир эле сүйлөмдүн тутумунда сурама ат атооч да, **-бы** мүчөсү да катышып келиши мүмкүн. Бирок мындай учурда **–бы** мүчөсүнүн суроо маанисин пайда кылуучулук ролунун басымдуулук кылары байкалат. М: *Сен **эмне,** биздин макулдашканыбызды унутуп калдың**бы**?* (А.Г.) Бул сүйлөмдөгү **эмне** ат атоочу катыштырылбай берилсе, сүйлөмдөгү суроо маанисинин түрү, дээрлик, өзгөрбөйт. Башкача айтканда, ат атооч катышса да, катышпаса да мында тактама суроо мааниси сакталат. Эгерде ат атооч сакталып, **-бы** мүчөсү катыштырылбай берилсе, бул сүйлөм интонациялык жактан да өзгөрүлүп, тактама суроо эмес, зекиме суроо түрүнө өтөт. М: *Сен биздин макулдашканыбызды унутуп калдың**бы**? Сен **эмне** биздин макулдашканыбызды унутуп калдың?!* Бирок мындай көрүнүштөрдөн сурама ат атоочтор суроо маанисинин өзүнчө түрүн, **-бы** мүчөсү өзүнчө түрүн пайда кылат деген түшүнүк келип чыкпайт. Көпчүлүк учурда алар бир эле түрдөгү суроо маанисин пайда кылышат. *М: Билбейсиң **неге** анымды,*

*Билсең да сынар чагың**бы**?* (Ж.С.) ж.б.

Бирок **–бы** мүчөсү да сурама ат атоочтордой эле өзү катышта болгон сөздө жана сүйлөмдө суроо маанисин эмес, каршы болуу, нараазы болуу өңдүү маанилик түрлөрдүн кайсыл бирин туюнтуп колдонулушу да мүмкүн. Мындай учурда сүйлөмдүн айтылуу интонациясы, контексттик маани чоң рол ойноп калат. Маселен, - *Эртең кеч болуп калбай**бы**?* (!) деген сүйлөм **–бы** мүчөсүнө басым түшүрүлүү менен басыңкы интонацияда айтылса, суроо маанисин, эгер **кеч** сөзүнө басым түшүрүлүп көтөрүңкү интонация менен айтылса, (жазуу кебинде илеп белгиси коюлуп жазылса), каршы болуу маанисин туюнтат. Ошондой эле мүчө аркылуу туюнтулган суроо мааниси жалпы тексттик логикага жана айтылуу интонациясына ылайык негизги эмес, кошумча маани катары берилиши мүмкүн.

Мисалы, *Такымдан калмак албай**бы**,*
*Дардайтып жыгып салбай**бы**?!*
*Уруучу кудай урбай**бы**,*

*Мусулман шагы сынбай**бы**?!* ("Эр Табылды") деген сүйлөмдөрдө белгилүү өлчөмдө суроо мааниси да камтылган менен, мындагы негизги маани - каршы болуу мааниси. Бирок **–бы** мүчөсүнүн суроо маанисин туюнта албай, же интонациялык, контексттик өзгөчөлүктөргө баш ийип, кош маанини туюнтуп калышы көбүнчө терс формалуу этиштерге жалганган учурларына мүнөздүү. Маселен, жогорку сүйлөмдөр *Эртең кеч болуп **калабы?** Такымдан калмак **алабы**?...* деген негизде берилсе, суроолуу интонацияда гана айтылып, суроо маанисин гана туюнтмак.

Суроолуу **–бы** мүчөсү бардык сөз түркүмүндөгү сөздөргө жалгануу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бул жагынан жана предикативдүүлүктү уюштуруучу каражат катары келиши жагынан ал **экен, эле, эмес, беле, бекен, бейм** көмөкчү сөздөрүнө жакын. Анткен менен **–бы** мүчөсү уңгу түрүндө келген этиштерге эмес, чак, жак, ыңгай категорияларынын биринде, же чакчыл, атоочтук, кыймыл атооч формаларында келген этиштерге гана жалгана алат.

Сөзгө, ал аркылуу жалпы сүйлөмгө суроо маанисин киргизүү жагынан **–бы** мүчөсүнө жакын кызматты кыргыз тилинде **–чы** мүчөсү да аткарат. Бирок бул мүчө атооч, тактооч жана **–са** мүчөлүү этиштерге, заттанган сөздөргө жалгануу менен гана суроо маанисин пайда кылат. Мисалы:

- *А, азыр**чы**? – деп чыдамым кетип, шилекейимди жутуп жибердим.*
- *Азыр**бы**? – деп ал мага ушунчалык жакындап келди дейсиң...* (А.Г.).

*-А, жанагы сиз айткан Чокон**чу**? - деди жигит* (К.А.). *-А, жанагы трамвайга плакатты жабыштыргандар**чы**? Алардын каалагандары эмне?* (Ч.А.) – *Эгер, эртең келип калышса**чы**?* ж.б.

Ал эми **–са** мүчөсү уланбаган нагыз этиштерге жалганса, суранүү, талап кылуу, кекетүү маанилерин пайда кылат. М: Айтып кой**чу**. Кара**чы.** Айтып көрсүн**чү**! ж.б.

**Бол, жүр** көмөкчү этиштери атоочтук баяндоочтун тутумунда терс формаларында берилгенде, сүйлөмдө суроо мааниси пайда болот.

М: - *Сен Асандын уулу болуп жүр**бө**?* (Оозеки кеп).

*Көлдө сүзүп жүргөн бир аккуу бол**бо**?*

*Көп издедим өзгөчөм, көп издедим.* (Э.И.) ж.б. Мындай сүйлөмдөрдөгү суроо маанисинин пайда болушунда **–ба** мүчөсүнүн ролу чоң. Эгерде жогоркудай көмөкчү этиштер терс формада берилбесе, маселен, жогорку эки сүйлөм тең маалымдоо, талап кылуу маанилерин туюндурмак. Дегинкиси, сүйлөмдөгү маанилик бөтөнчөлүктөрдүн келип чыгышында, же бир маанини экинчи бир мааниге өткөрүүдө форма жасоочу мүчөлөр да орчундуу кызмат аткарат. Маселен, -*Сени капа кылууга **кимдин дити барды**?* (Ян) деген сүйлөмдүн бяндоочу өткөн чактык формада эмес, буйрук ыңгай формасында берилсе, бул сүйлөмдөгү суроо мааниси жокко чыгарылат. М: -*Сени капа кылууга **кимдин дити барсын!*** ж.б.

Сүйлөмдөгү суроо маанисин **ээ, ыя, беле, бекен** деген бөлүкчөлөр менен көмөкчү сөздөр да пайда кылат. М: - *Куп гана ооздорун ачырдык **ээ**?* (И.К.) – *Мунун айтуучусу бар го **ыя**?* (И.К.) *....биздин өчөштүгүбүз бар **беле**?* (Т.К.). – *Бул кары кул менен сүйлөшүүгө болор **бекен**?* (Ян) ж.б.

Өзү тутумуна кирген сүйлөмгө кайсыл бир маанини киргизүүчү тилдик бирдиктер менен каражаттар жөнүндө сөз болгондо, **го** бөлүкчөсүнө атайын токтолууга туура келет. Ал маанилик жактан күмөндүү бөлүкчө катары каралган менен, атооч сөздөрдөн, көмөкчү этиштерден, жардамчы сөздөрдөн кийин келип, айрым сүйлөмдөрдө суроо маанисин пайда кылат.

М: *Уругу кырктан эл дейт **го**?*

*Көптүгү дайра- сел дейт **го**?* (“Эр Төштүк”).

*-Анын көзү менен чачы кара эмес **го**?* (И.К.). *Орустан наркы бир дили катуу элден дейт **го**?* (Т.К.) ж.б. Бул сүйлөмдөрдө **го** бөлүкчөсүнүн катышкандыгы үчүн суроолуу интонация шартталып, маалымат алуу максаты коюлду. Ал эми *–Ээ, заман бузулду **го**, пейил бузулду **го!*** (И.К.). *–Мен сени күтүп олтурам **го!*** деген сүйлөмдөрдө **го** жогоркудагыдай рол ойной алган жок, башкача айтканда, бул сүйлөмдөрдө **го** бөлүкчөсү катышпаса да маалымдоо (нараазы болуу) мааниси берилмек. Ошондой эле сейрек түрдө болсо да, **да** бөлүкчөсү өзү катышкан сүйлөмдө суроо маанисинин пайда

болушун шарттайт. М: -*Менин досум доктор Петр Тошковду байкоого алган сиз экенсиз* ***да****?* (А.Г.). – *Кечээ кетип калыпсыз* ***да****?* (Оозеки кеп) ж.б.

Ошентип, сүйлөмдө камтылган суроо мааниси кыргыз тилинде, негизинен, сурама ат атоочтордун, **-бы, -чы, -ба** мүчөлөрүнүн, **ээ, ыя, беле**, **бекен, го, да** деген бөлүкчөлөр менен көмөкчү сөздөрдүн таасиринде пайда болот. Бирок алардын суроо маанисин пайда кылуусу туруктуу эмес. Ал үчүн контексттик маани менен суроолуу интонациянын көмөгү талап кылынат. Негизи, суроо маанисинин пайда болушунда негизги рол интонацияга таандык. Анткени суроолуу интонация ар кайсыл сөздө (Ал сөз өз алдынча турса да) суроо маанисин пайда кылып, сөздү сүйлөмдүк деңгээлге алып чыгат. Мындай абал өзгөчө диалогдуу сүйлөмдөрдө айкын көрүнөт.

М: - *Жапар келиптир дейт.*

-*Жапар?* (К.Б.).

-*Бешөө качып кетиптир.*

-*Бешөө?* (И.С.) ж.б.

Кыргыз тилиндеги суроо маанисин билдирген сүйлөмдөр да кептик чөйрөнүн бардык тармактарында кеңири колдонулуп, белгилүү чектеги өз ара ички маанилик айырмачылыктарда берилет. Андай ич ара маанилик айырмачылыктарды камтыган суроо маанисин жоопту талап кылуу, талап кылбоо жана өз ичине жоопту камтуу өзгөчөлүктөрүнө ылайык **нукура суроо, туңгуюк суроо, маалымдама суроо** деген үч типке, ал эми кошумча камтыган маанилик бөтөнчөлүктөрүнө ылайык ***кабатыр суроо, тактама суроо, өкүнүч суроо, нааразы суроо, божомол суроо, зекиме суроо, кыйытма суроо, таарыныч суроо, каймана суроо, кусадар суроо*** деген өңдүү бир рече ички маанилик түрлөргө ажыратып кароого туура келет.

**Нукура суроо** сүйлөөчү тарабынан, негизинен, 2-жактагы активдүү субъектке (адамга) карата берилип, жооп талап кылынат. Өз ичине мындай суроону камтыган сүйлөмдөр көбүнчө каратма сөздүү сүйлөмдөрдөн болот да, дээрлик, тике сөз (бөтөн сөз) түрүндө келет.

М: *Уктубу, Курман, кулагың?*

*Убайым тартып турамын.* («С-Б»)

*Ой, кызыл жоолукчан,*

*Кандай турмуш жайыңыз?* (Ж.Т.) ж.б.

Нукура суроонун негизги өзгөчөлүгү катары мындай маанидеги сүйлөм айтылган учурда тыңдоочунун, же жооп берүүчү субъекттин бар экендиги эсептелет. Ал эми жооптун болушу, же болбостугу сүйлөмдөгү каратма сөздүн катышкан, катышпагандыгына гана байланыштуу болбойт. Маселен, *Каректин курчун түгөтүп, каякка кеттиң, Гүлбарчын?* (Б.К.) деген сүйлөмдө камтылган суроо маанисин нукура суроо катары кароо туура эмес, анткени мында сүйлөм учурунда тыңдоочунун (Гүлбарчындын) катышпагандыгы, сүйлөөчүнүн (автордун) аны издеп, өз алдынча «сүйлөнүп» жаткандыгы жалпы тексттик маани менен предикаттык семантикадан билинип турат. Эгерде предикат «каякка кеттиң?» эмес, «каякта жүрдүң?» деп берилсе, андагы суроо мааниси нукура суроо тибине кирер эле.

Нукура суроо маанисин камтыган сүйлөм катышкан текст көбүнчө диалогдуу сүйлөмдүк структурада берилет.

М: - *Ой, мадыра баштар, силер алигиче уга элексиңерби Коргон-Таштын адам колунан жасалганын?*

- *Ооба, кантип эле!* (Ж.М.)

- *Эмне үчүн?*

- *Эмне үчүн дегениңиз кандай? Аны сүйбөйм, ошон үчүн!* (А.Ч.) ж.б.

Кээде нукура суроого болчу жооптун ордуна автордун түшүндүрмөсү берилиши мүмкүн. М: - *Бир аз чырым этип алдыңбы? Председатель башын ийкеди* (А.Г.) ж.б.

**Туңгуюк суроо** сүйлөөчүнүн акылы, ой жоруму аркылуу таанып-билүүгө, же нукура суроо сымал 2-жакка кайрылуу менен аныктоого да мүмкүн болбогон, анын ички сезим-туюумдук проблемалуу түшүнүктөрүн, көз карашын, каалоосун камтып, бирок конкреттүү жоопту талап кылбаган суроонун өзгөчө түрү болуп эсептелет. Суроо маанисинин бул тибинде

уюшулган сүйлөмдөр объект катарында келген адамдарга, жаныбарларга жана жансыз заттар менен абстрактуу түшүнүктөргө, же сүйлөөчүнүн өзүнө карата айтылып, сүйлөөчүнүн ал объектиге, же түшүнүккө болгон ички сезим-туюму, мамилеси катары келет да, негизинен, көркөм кепте колдонулат.

Тунгуюк суроону багытталган объект, же түшүнүктөрдүн өзгөчөлүктөрүнө ылайык, жалпысынан, төмөнкүдөй негизде ич ара ажыратып кароого болот:

**а)** ***Адамдарга карата коюлуучу туңгуюк суроо***

Тунгуюк суроонун бул түрү 2-жакка карата айтылышы жана мындай сүйлөмдөрдүн көпчүлүгүндө каратма сөздөрдүн катышып келиши жагынан нукура суроого жакын. Бирок мында суроо багытталган объекттин кеп учурунда катышпагандыгы, суроого карата жооптун болбостугу айкын болуп турат. Мында сүйлөөчү өзүнө жооп алуу максатын койбойт. Суроо багытталган жак жекелик, же көптүк санда болушу мүмкүн.

*М: Өмүрүм өтүп жатат эңсөө менен,*

*Кымбатым, келер жагың кайсыл тарап?* (А.Ө.).

*Пушту бекен, жашыл бекен көйнөгүң?*

*Мынча мени алоолонтуп ойнодуң?* (Ж.М.)

*А бирок атанын кадырын ким билет?*

*Аттиң ай, эненин кадырын ким билет?* (С.Ш.)

- *Айтылуу эр дүйнө кыдырат,,*

- *Кайдасын сен, Нестандарежан?* (И.А.) ж.б.

**б)** ***Жаныбарларга жана жансыз заттарга карата айтылуучу туңгуюк суроо***

Көркөм кепте жаныбарлар менен жансыз заттар да адамдардын сезимдик сүйлөшүүсүнүн объектиси болуп түшөт. Адам мындай заттарга суроо иретинде кайрылса, кайсыл бир түшүнүккө жооп алуу максатында эмес, өз сезим-туюмун, ага карата болгон мамилесин билдирүү максатында каймана түрдө «кайрылат». Андай объектилер сүйлөм уюшулган учурда

сүйлөөчүнүн сезиминде гана болуп, көз алдында болбошу да мүмкүн. Мындай учурда бул объектилер шарттуу түрдө пикир алышууга мүмкүнчүлүгү бар активдүү субъект катары каралат. Ошондуктан бул маанини камтыган сүйлөмдөрдө да каратма сөздөр катыша берет.

М: *Каран күнгө, марал, кабылдыңбы сен?*

*Конушуңдан үркүп жаңылдыңбы сен?* (А.Р.).

*Кайдасыңар кызгалдактуу көктөмдөр?* (К.Ж.).

*Алсырап турган сезимди серпип жылытпай,*

*Алтын Ай, неге нурларың муздак түнкүсүн?* (М.А.).

*Эзиле бышып сен турсаң,*

*Мөмөлүү бакка жарашып.*

*Аралай басып мен барсам,*

*Үзүлөр белең колума?*

*Башкага барбай адашып.* («Алмага». Эл ыры) ж.б.

**в) *Абстрактуу түшүнүктөргө карата айтылуучу туңгуюк суроо***

Конкреттүү заттар сыяктуу эле абстрактуу түшүнүктөр да адам таанымында кабылданып, аны жандуу объект катары сүрөттөө көркөм кептин өзгөчөлүгүнө кирет. Адамдардан башка жандуу жана жансыз заттарга карата коюлуучу суроо сыяктуу эле абстрактуу түшүнүктөргө карата айтылган суроо да жооп алууга мүмкүн болбогон туңгуюк суроо болуп эсептелет. Суроонун мындай түрүн камтыган сүйлөмдөрдүн үлгүсү катары төмөнкү мисалдарды көрсөтүүгө болот.

М: *Кайдасың, ажарланган айлуу түнүм?*

*Кайдасың, жылаажындай жаштык үнүм?* (Г.М.).

*Карылыкты байлап менин чачыма,*

*Эх, жашчылык, сен кеттиңби ашыга?*

*Жаштыгымды алып кетип сен кайра,*

*Сүртөсүңбү наристенин чачына?* (А.Э).

*Он сегиз жаш, тоодо тунук булак белең?*

*Болбосо андан учкан бубак белең?* (К.Б.) ж.б.

**г) *Сүйлөөчүнүн өз туюмуна карата коюлуучу туңгуюк суроо***

Туңгуюк суроонун бул түрү жогорудагы түрлөрүнөн кайсыл бир объектилик түшүнүккө карата айтылбагандыгы менен айырмаланып турат. Мында сүйлөөчү өзүнө түшүнүксүз болгон кабылдоосун тактоо, же айкындоо үчүн өзүнө өзү суроо коет, ага жооп табуу үчүн «кабыргасы менен кеңешет». Бирок мындай суроолор жоопсуз, же туңгуюк бойдон калат. Сүйлөөчүнүн өзүнө өзү суроо койгондугу контексттен, же мурдагы, же кийинки сүйлөмдөрдөн айкындалып турат. М: *...Теке баатырды кайсы кара теке сүздү? Ким кайрады аны өзүнө каршы?... Атаке баатыр өзүнчө туруп ушулар жөнүндө ойлойт* (А.С.). *Эмне ич күптүсү бар мунун?...* (Т.К.).

*Сагынсам көзгө көрүнбөйт,*
*Санаалаш курбум кайда экен?* (Элдик ырдан) ж.б.

**Маалымдама суроо** туюнткан мааниси боюнча да, уюшулушу боюнча да, айтылуу интонациясы боюнча да суроо маанисинин жогорку типтеринен өзгөчөлөнүп турат. Мында суроо мааниси менен бирге маалымдоо (тактоо, каршы болуу, тастыктоо ж.б.) мааниси да камтылат. Бул маанилердин тең даражада айтылышы суроонун бул түрүн «Маалымдама суроо» деп атоого мүмкүндүк берет. Мындай кош маанинин таасиринде андай сүйлөмдөрдүн айтылуу интонациясы да суроонун башка түрлөрүн камтыган сүйлөмдөрдүн интонациясынан өзгөчөлөнүп кеткен. Башкача айтканда, маалымдама суроо маанисин камтыган сүйлөмдөргө илептүү интонацияга окшоп кеткен көтөрүңкү интонация мүнөздүү.

Суроонун бул түрүн уюштурууга суроо маанисин пайда кылуучу жогоруда көрсөтүлгөн тилдик бирдиктер менен каражаттардын ичинен көбүнчө **сурама ат атоочтор** менен **-бы** мүчөсү катышат. М: *Алган жарың жаман деп, ашканды **кайдан** табасың?!* (Макал). *Жер жайытынын көптүгү жагынан казактарга **кайсы** эл теңелет!?* (А.С.).

*Атадан бала айрылып,*
*Азап тарткан бүгүн**бү**!?* («С-Б»).

*Жаным бирге сырттанды,*

*Азык кылсам оңом**бу**!?*

*Эзелде эки болом**бу**!?* («Эр Төштүк») ж.б.

Мисалдардан сезилерлик деңгээлде байкалып тургандай, **-бы** мүчөсүнүн таасиринде уюшулган абалына караганда, сурама ат атооч аркылуу уюшулган сүйлөмдөрдө суроо маанисинин ролу басымдуулук кылары көрүнөт. Маселен, жогорудагы 1-2-сүйлөмдөрдө «Ашканды таба албайсың, же табасыңбы?», «Казактардай жайыты көп эл жок, же барбы?» деген кош маанилер айкын сезилип турса, 3-4-сүйлөмдөрдө «Атадан айрылып азап тарткан бүгүн эле эмес, ар дайым болуп келген», «Сырттанды азык кылсам оңбойм, эзелде эки болбойм» деген бир жактуу маалымдоо маанилери берилди. Бирок мындай маанилик айырмачылыктардын берилиши эң алгач сүйлөм тутумуна кирген сөз жана сөз айкаштарынын семантикасына байланыштуу. Суроо маанисин жаратуучу бирдиктер менен каражаттар мындай учурда көмөкчү функцияны гана аткарышат. Бул жагынан **беле**, **бекен** көмүкчү сөздөрү да – **бы** мүчөсүнө жакын кызматты аткарат. М*: Нарбото бийдин балдарынан сан тийди **беле** буларга!?* (Т.К.). -*Же Теке баатыр салт билбеген жан **бекен**!?* (А.С.) ж.б.

Ал эми мындай сүйлөмдөрдөгү суроо маанисин пайда кылган сөздүн, же мүчөнүн таасирин солгундатчу айрым сөз, же сөз айкаштарынын, же сүйлөмдүк бүтүндүктүн ролун төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот. Маселен, *Жети-Өгүз сендей жер **кайда**!?* (О.С.) деген сүйлөмдөгү **кайд**а сурама ат атоочунун суроо маанисин пайда кылуучулук ролунун төмөндөшүнө *сендей жер* деген сөз тизмеги себеп болду. Анткени ал катыштырылбай берилсе, «сендей жер жок» деген образдуу маани эмес, *Жети-Өгүз кайда*? деген нукура суроо маанисиндеги сүйлөм уюшулмак. Эгерде *Мындай кеп бекеринен айтылып келатыптырбы?* (Ж.М.) деген сүйлөмдөгү *бекеринен* деген сөз катышпаса, бул сүйлөм да нукура суроо маанисиндеги сүйлөм катары каралар эле. Ал эми *Босогодон мүдүрүлсөң, төрдө **эмне** бар!?, Акылы жок ойлонгуча, акылдуу карап турмак **беле**!?* деген татаал түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө мындай ролду алдыда келген

жөнөкөй сүйлөмдөр аткарса, *Армандуу дүйнө кимде жок, айтылып бүтпөйт махабат* деген татаал сүйлөмдүн экинчи жөнөкөй сүйлөмү аткарды. Кээде бул типке кирген суроолуу сүйлөмдөрдүн маалымдоочулук функциясы айкын көрүнбөй, нукура, же туңгуюк суроолорго окшоп кетет. Маселен, *Сен кайдасың бул күндө, мен кайдамын!?* деген мисалдагы "Экөөбүз бул күндө эки жактабыз, бирге боло албадык" деген маалымдама маани 2-жөнөкөй сүйлөмгө, жалпы контекстке, логикалык таанымга ылайык айкындалат.

Маалымдама суроо мааниси сурама ат атоочтордун таасиринде уюшулса, андай ат атоочтор абстрактуу зат атооч, этиш жана «бар», «жок» сөздөрү менен катарлаш келип, басым түшүрүлүү аркылуу көтөрүңкү суроолуу интонация менен биргеликте айтылат.

М: - *Өзгөчө бизге, аялдарга,* ***эмне сын, эмне таарыныч****!?* (Ө.Д.).

*Каныбыз акмак эмеспи,*

*Калың журтта* ***не жазык****!?* («Эр Төштүк»). *Андай болгондо уйларды* ***ким карамак****, чөптү* ***ким жыйып, ким үймөк****!?* (А.Г.). *Акылмандын өрнөк болор сөзү бар, акмактын өрнөк болор* ***неси бар****!?* (макал) ж.б.

Суроо маанисинин бул түрү оозеки жана көркөм кепте арбын колдонулуп, өз ара диалогдуу сүйлөмдөрдү уюуштурушу да мүмкүн.

М: - *Силердин араңарда кандай достук болмок эле?!*

- *Достуктун мында эмне тиешеси бар?!* (А.Ч.) ж.б.

Ошентип, суроо маанисин жогорудагыдай негиздеги үч типке ажыратып кароо суроолуу сүйлөмдөрдүн табиятын тереңирээк өздөштүрүүгө, сүйлөм маанисин жеткиликтүү кабылдоого өбөлгө түзөт. Туңгуюк суроо илимий адабияттарда **риторикалык суроо** деп берилет.

Суроо мааниси сүйлөөчүнүн туюмун, учурдагы психологиялык ал-абалын, андагы түшүнүккө, көрүнүшкө карата болгон жеке мамилесинин өзгөчөлүгүн туюнтушуна карай бир нечелеген ички маанилик түрлөргө ажырайт. Кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдө камтылган суроо маанисин жалпысынан төмөнкүдөй негиздеги ички маанилик түрлөргө ажыратып кароого болот:

**1) *Кабатыр суроо.*** Мындай суроо сүйлөөчүнүн кабылдоосундагы кайсыл бир көрүнүшкө, түшүнүккө карата анын кабатырланып, тынчсыздангандыгын билдирет. Бул түрдөгү суроо, негизинен, туңгуюк суроонун тибине кирет. М*: Күкүгүм Зыйнат деп жүрүп,*

*Күйүттө өтүп кетемби?* (Абдрахман).

*Азыр мен ал көзүңдү табар белем?*

*Анда сен баштагыдай жанар белең?* (Г.М.).

*«Сыйкырдын дубасын да билет бул. Деги эле мунун билбегени жок» дешчү эмес беле? Андай болсо эмне үчүн мага жооп бербейт? Же баласынтып жатабы?..* (Ж.М.) ж.б.

**2) *Тактама суроо.*** Бул суроо, негизинен, нукура суроо тибине кирип, мында сүйлөөчү өзүнө болжолдуу түрдө белгилүү болгон, же күмөндөгөн туюмун тактоо үчүн 2-жакка кайрылат. М: - *Эй, кудайдын пендеси, сен таза көзгө урунбай жоголуп кеттиң го? Күнү бою кайда сенделип жүрдүң?* (А.Г.). *«Эң эле сүйгүнчүктүү» деген эпитетти сиз тырнакчага алып айтып жатасыз го?* (А.Г.). *Кымызга, жеңе, бал коштуң беле?*

*Татымы кетпейт таңдайдан дале!* (С.А.) ж.б.

**3) *Өкүнүч суроо.*** Суроонун бул маанилик түрү туңгуюк суроо тибине кирип, мында сүйлөөчүнүн кайсыл бир көрүнүшкө, түшүнүккө карата өкүнгөндүгү, кайгыргандыгы камтылат. М: - *Эй, каран күн, бизге кошоматтан башка, колубузду чокубузга алып калкаланыштан башка арга калган жок беле?* (Т.К.). *Калдымбы чындап ажырап,*

*Кайраным Жамгыр көк жалдан?* («С-Б»).

*Антташкандан айрылган,*

*Арманы менен кайгырган,*

*Мендей байкуш бар бекен?* («Эр Төштүк») ж.б.

**4) *Божомол суроо.*** Бул түрдөгү суроодо сүйлөөчү өзүнө түшүнүксүз болгон көрүнүш менен кубулушка карата өзүнүн болжолдонгон түшүнүгү аркылуу суроо коет. М: *Бабалар кылган иш бекен?*

*Баатырлар баскан из бекен?*

*Же болбосо акыйкат,*

*Туурдан качкан куш бекен?* (Ж.М.).

*Ошолордун тобунда өзүң болбо?*

*Сагынычым жүрөктөн ташып барат!* (Э.И.).

*Табийгат жылдыз бергенби,*

*Жасалма упа, эндиксиз?* (М.А.) ж.б.

**5) *Наааразы суроо.*** Сүйлөөчүнүн кайсыл бир көрүнүшкө, түшүнүккө макул эместигин, каршы, же нааразы экендигин туюнтуу менен коюлган суроону нааразы суроо деп атоого болот. Мындай суроо, негизинен, нукура суроо тибине кирет да, поэтикалык кепте, публицистикалык стилде арбын колдонулат. М: *Каргадайдан бир өскөн,*

*Каалап алган жарыңа,*

*Ушубу, Бөкөй, кыларың?* («С-Б»).

*Сайган мөрөй баарысын,*

*Алат деген эмине?*

*Уят болуп чоң Көкдөө,*

*Калат деген эмине?* («Эр Төштүк»).

*Өзүңдү сүйгөн күнөөмбү?*

*Өрттөндүм, аргам түгөндү* (Р.А.). -*Эмне, негиз болбосо деле атын бир-эки жылда өзгөртүп туруу керекпи?* («Ж.Ж») ж.б.

**6) *Кусадар суроо.*** Суроонун бул түрү туңгуюк суроо тибине кирүү менен бирге сүйлөөчүнүн өз сезиминдеги өткөн чактык, же учурдагы өзү үчүн таасирдүү, же кымбат болгон түшүнүктөрүн, жакындарын эңсегендигин, аларга карата болгон кусалыгын чагылдыруу максатында айтылат. М: *Бото көз анда, мен мында,*

*Боздосом үнүм жетеби?* (Обондуу ырдан).

*Күн тийген теской тескейби?*

*Күмүшүм апам эстейби?* (Обондуу ырдан).

*Күн күркүрөп жамгыр төккөн,*

*Ошол күндөр кайда кеткен?* (Т.К.).

*Сагынамын, сансыз ойго батамын,*

*Жолугушуп качан көңүл ачамын?* (К.Т.) ж.б.

**7) *Зекиме (кекетме) суроо.*** Бул маанилик өзгөчөлүктө коюлган суроо нукура суроо тибине кирип, сүйлөөчүнүн тыңдоочуга, же кепке катышпаган 3-жакка карата болгон ачууланумусун, кекенгенин билдирет.

М*: Акылың жарым болбосо,*

*Сен кастошкансың ким менен?!* («С-Б»).

-*Кудайдын каалоосуна не дегиң бар, жээнчер?!* ( Т.К.). *– Болбосо ошол албарстыдай болгон неменин каери артык менден, каерим кем ошондон?!* («Ала-Тоо»).

*Туура эле үйгө жүр дейсиң,*

*Мени сен, жигит, ким дейсиң?* (Райкан) ж.б.

**8) *Эскерме суроо.*** Мындай суроо нукура, же туңгуюк суроолордо камтылат да, сүйлөөчүнүн өткөн чактык туюмдарын аны менен катыштагы 2-жактын эсине салуу, эскерүү максатында коюлат.

М: *Эсиңдеби кечиндеги сырдашуу?* (Ж.А.).

*Сен да минип, мен да минип аргымак,*

*Эсиңдеби жайыт чалып жүргөн чак?* (Н.Ж.).

*Аралап шаар ичин басып жүргөн,*

*Андагы ак буурул түн эсиңдеби?* (О.С.) ж.б.

**9) *Таарыныч суроо.*** Суроонун бул түрүндө сүйлөөчүнүн 2-3-жакка карата болгон таарынычы камтылып, негизинен, нукура суроо тибинде болот. М: *Кагазың короп калса да,*

*Кат жазып койсоң не болмок?* (А.Н).

*Жолугууга бир келсең эмне болмок,*

*Убактыңды ушунча аядыңбы?* (Р.А.).

*Менден башка бар турбайбы ардагың,*

*Анда неге «сүйөм» дедиң, алдадың?* (С.Ш.) ж.б.

**10) *Тастыктама суроо.*** Бул суроо болуп өткөн, же болуп жаткан көрүнүштү, түшүнүктү экинчи жак менен бирдикте ырастап, тастыктоо максатында коюлат да, нукура, же маалымдама суроо тибинде уюшулат.

М: - *Өлгөндө жууп, тазалап коюунун эмнеси зыян? (К.К.).*

*Кара жолтой бул Көкдөө,*
*Каалаганын көрдүңбү?*
*Кайра тартпас өлүмгө,*
*Баалаганын көрдүңбү?* («Эр Төштүк»).

*Кайниме айтпай кимге айтам,*
*Капалуу көңүл жайымды?* («С-Б») ж.б.

**11) *Эканжы суроо.*** Мындай суроо сүйлөөчү бир пикирге келе албай, бир нече ой жорумга кабылган жагдайда нукура, же туңгуюк суроо тибинде коюлат. М: - Б*үгүн жөнөйлүбү? Же тигилерди күтсөк бекен?* (Оозеки кеп). *Не деп жорушка болот? Акылы айныган бирөөнүн дөөдүрөгөн сөзүбү, же чын эле, Теңирдин сырдуу белгисиби?* (И.К.).

*Атын атып салсамбы?*
*Аман кармап алсамбы?*
*Аркасында калмакка,*
*Анан кийин барсамбы?* («Эр Табылды») ж.б.

**12) *Сунуштама суроо.*** Нукура суроонун маанилик түрү катары келген мындай суроо сүйлөөчүнүн 2-3-жакка карата багытталган сунушу, жооп талап кылган пикири түрүндө коюлат.

М: *Андай дебей сабыр кыл,*
*Аялга түшүн айтчу эмес.*
*Калың кытай журтуңдан,*
*Карыга айтсаң болбойбу?*
*Калк бийлеген жакшыңдын,*
*Баарына айтсаң болбойбу?* («Кожожаш»).

- *Аба, бул жерден жарак алсак кантет?* (Э.К.) ж.б.

**13)** ***Таңданыч суроо.*** Сүйлөөчүнүн кайсыл бир көрүнүшкө, кубулушка таасирленип таңданган, суктанган учурунда, нукура, же туңгуюк суроо тибинде айтылат. М: - *Капрай, анын катынын көрбөй туруп да сынайсызбы? (А.С.). Бажырайып эмнеге, гүлдөр жумбайт көздөрүн? (*М.А.). - *Тообо, ушундай да болот экен ээ?* (Ө.Д.) ж.б.

**14)** ***Какшык суроо.*** Мындай суроодо сүйлөөчүнүн 2-3-жактын бирине карата айтылган какшыгы камтылат. М: Жериңден кеттиң алыстап,

Жемиштүү бекен алыс жак? (Э.Т.*)*

*Өмүрү келте дегендей,*
*Ушул келген мергенди,*
*Жасаган кудай сен белең? («Кожожаш»)* ж.б.

***15) Шектенич суроо.*** Суроонун мындай түрү малымат алуучунун (сүйлөөчүнүн) кайсыл бир окуя, көрүнүшкө болгон кызыгуусун, саксынуусу менен шекшинүүсүн туюнтуп, ага жооп издөө максатында уюшулат. М: *Асылкандын жүрөгүн тартып алыш үчүн чыккан үшкүрүк болуп жүрбөсүн?.. (У.А.). Уурулук кылып журтуңдан,*

*Качып келип жүрбөгүн?* (Барпы).

*Шек билгизбей мага алдыртан,*
*Койгон болбо өзүң көз ымдап?* (С.А.) ж.б.

Суроо маанисинин кыргыз тилиндеги мындай маанилик түрлөрүн бул белгиленгендер менен гана чектөөгө болбойт. Булардан тышкары да, маселен, **келеке суроо** (*Башың башпы кумганбы, чачыңды бирөө жулганбы?*), **айгинелеме суроо** (*Каректе турса жазылып, катасың неге жашырып?)* деген өңдүү дагы бир нече түргө ажыратылышы мүмкүн.

Ошентип, суроо мааниси сүйлөмдө камтылган маанилик типтердин өзгөчө түрү катары келип, бөтөнчө оозеки жана көркөм кепте арбын колдонулуу менен ич ара түрлөргө ажырап кетет. Бул маанинин тилдик байланыш жасоодогу ордун, анын ички маанилик түрлөрүн ажыратып кароо аркылуу кабылдоого жетишүү сүйлөм табиятынын (ал аркылуу ойду берүү, же алуу амалдарынын) көп кырдуулугун тереңирээк өздөштүрүүгө өбөлгө

түзөт. Суроо маанисинин жогоруда көрсөтүлгөн типтери менен түрлөрүн аныктоо жана ажыратуу суроо маанисин пайда кылуучу тилдик бирдиктер менен каражаттарга гана байланыштуу болбойт. Андай маанилик бөтөнчөлүктөрдүн келип чыгышы сүйлөм тутумундагы сөз жана сөз айкаштарынын семантикасына, контексттик, интонациялык жана башка өзгөчөлүктөргө байланыштуу да ишке ашат.

Тилдик мындай өзгөчөлүктөрдү, же ойду берүүдөгү (же кабыл алуудагы) маанилик бөтөнчөлүктөрдү жеткиликтүү, туура кабылдоосуз адамдар ортосундагы пикир алышуу, тилдик карым-катнаш жасоо өз деңгээлине чыга албайт. Андыктан сүйлөмдө, же жалпы эле кепте камтылган бул өңдүү маанилик бөтөнчөлүктөрдү изилдөө жана үйрөтүү тил илиминин башкы милдеттеринен болуп кала берет.

## 3.2.3. Сурануу маанисиндеги сүйлөмдөр

Сүйлөөчү өз кебинде тыңдоочу менен тике катышта келген, же тескерисинче, тике катышпаган, өтө көп кырдуу структуралык, семантикалык бөтөнчөлүктөрдө берилген маалымдоо, суроо, сурануу функцияларын ишке ашырган сүйлөмдөрдү, айтымдарды иштеп чыгат. **Сурануу** тыңдоочу менен тике катышта келип ишке ашкан жана тыңдоочуга таасир этүүчү касиетке ээ болгон карым-катнаштык түшүнүк болгондуктан, аны Н.И.Формановская, С.П.Савельевалар сунуштоо, кеңеш берүү, талап кылуу, буйруу, көрсөтмө берүү, эскертүү, тыюу салуу, уруксат берүү өңдүү маанилик түшүнүктөрдүн тобунда (поле побудительности) карашат. (Формановская Н.И. Речевое взаимодействие: коммуникация и прагматика. – М.: Издательство “ИКАР”, 2007.480 стр. Савельева С.П. Номинации речевых интенций в русском языке и их семятико-прагматическое истолкование. Дисс.канд.филол.наук. –М.:, 1991). Сурануу жогоруда белгиленгендей (Ар дайым тыңдоочу менен катышта келиши, тыңдоочуга таасир өткөрүүсү)

өзгөчөлүктөрү боюнча аталган маанилик бөтөнчөлүктөргө жакын болгону менен, алардан төмөнкүдөй негиздеги орчундуу айырмачылыктарга да ээ:

1) Н.И.Формановская өзү: "В побуждениях выделяют те РА (реч.акт), которые основаны на приоритете говорящего, его высоком статуса, власти" деп белгилегендей, талап кылуу, буйруу, тыюу салуу жана башкаларда сүйлөөчү менен тыңдоочунун орду, социалдык, жаш куррактык жана башка абалдары айкын айырмаланып турса, сурануода андай айырмачылык тескерисинче, же тең салмакта болушу мүмкүн. Башкача айтканда, буйруп талап кылуу маанилерин камтыган сүйлөмдөрдө тыңдоочуга милдеттүүлүк, же аргасыздык мүнөздүү болсо, сурануода сүйлөөчүгө караганда тыңдоочунун "укугу" чоң, же ал баш тартуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Логикалык таанымга ылайык, эгерде карапайым (социалдык абалы, даражасы тыңдоочудан төмөн) сүйлөөчү өз жетекчисине, же өзүнөн жогорку даражадагы тыңдоочуга буйруу, талап кылуу, тыюу салуу негизинде кайрыла алса, анда ошол жагдайга ылайык ошол маселе боюнча тыңдоочу сүйлөөчүнүн алдында айыптуу, же алсыз, ал эми, маселен, директор мугалимден, же окуучудан суранса, сүйлөөчү тыңдоочудан көмөк күткөн болот, эгер сүйлөөчү үчүн тыңдоочу өтө кымбат, жакын болсо, тыңдоочунун (баланын) кызыкчылыгы үчүн сүйлөөчүнүн (эненин) суранычы анын даражасынын төмөндүгү катары кабылданбайт.

2) Талап кылуу, буйруу, тыюу салуу жана башкаларга өктөм интонация, сүйлөөчүдөгү артыкчылык, же тең укуктуулук, мажбурлоочулук маанай мүнөздүү болсо, сурануга, тескерисинче, басыңкы, же илбериңки интонация, сүйлөөчүдөгү зарылдык, же жетишпестик, муңайыңкы, же жалбарыңкы маанай мүнөздүү. Аталган маанилик өзгөчөлүктөрдүн туюндурулушунда аларга мүнөздүү болгон белгилердин, өзгөчө, интонациянын ролу чоң. Эгерде, маселен, суранууну туюндуруучу ***суранам, берип турчу, кабатыр болбочу*** деген өңдүү тилдик бирдиктер катышып уюшулган сүйлөмдөр сурануга мүнөздүү эмес өктөм интонация менен айтылса, тыңдоочу ал сүйлөмдөгү ойду сүйлөөчүнүн кекерлөөсү, талап

кылуусу, же коркутуусу катары кабылдайт. Мындай интонациялык айтымда, чынында эле, сүйлөөчү да сурануу максатын койбойт. Ошондой эле буйруу, талап кылуу маанилерин туюнтуучу тилдик бирдиктер, же каражаттар катышып уюшулган сүйлөмдөр, же айтымдар басыңкы, илериңки интонацияда айтылса, аталган маанилерди эмес, жайынча маалымдоо, же сурануу маанилерин туюнтуп калыштары мүмкүн.

3) Сурануу жогоруда белгиленген маанилик түрлөрдөн жалпы функциялык бөтөнчөлүгү боюнча да сезилерлик деңгээлде өзгөчөлөнүп турат. Тактап айтканда, буйруу, талап кылуу, сунуштоо өңдүү маанилерди өз ичине камтыган сүйлөмдөр эң алгач маалымдоо функциясын аткарса, сурануу маанисиндеги сүйлөмдөрдө маалымат берүү негизги орунда турбайт. Мында негизги орунда сүйлөөчүнүн көмөк күтүүсү, анын каалоосунун ишке ашыш-ашпашы турат. Маселен, *Эрте мененки саат сегизде бардык кызматкерлер өз ордуларында болушсун!* деген сүйлөмдө эң алгач (эң негизгиси) маалымат берилип жатса, *Эртеңге чейин китебиңди берип турчу* деген сүйлөмдө маалымдоо жогорку сүйлөмдөгүдөй негизги орунда эмес, же түпкүрдөгү кийинки орунда. Бул өңдүү өзгөчөлүктөрдүн, айырмачылыктардын негизинде сурануу маанисин камтыган сүйлөмдөрдү өзүнчө маанилик типтеги сүйлөмдөр катары кароого, ал эми жогоруда белгиленген маанилик түрлөрдү (буйруу, талап кылуу, сунуштоо ж.б.) камтыган сүйлөмдөрдү маалымдоо маанисиндеги сүйлөм тибинде кароого туура келет.

Н.И.Формановская сурануута мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрдү көрсөтүп, анын көбүнчө (ар дайым эмес) сүйлөөчүнүн пайдасына байланыштуу уюшуларын, сылык жана одоно түрдө берилерин, сылык түрдө берилгенде, **пожалуйста, будьте добры, будьте любезны** деген сылыктыктын актуализаторлору катышып келерин белгилейт. Ошондой эле, эгерде сурануу эффект бербесе, же тыңдоочу көмөк көрсөтүүдөн баш тарткан жагдай жаралса, адресатка таасир көрсөтүү, анын боор ооруу сезимин ойготуу максатында сүйлөөчү ***Прошу вас, Ну что вам стоит..., Войдите в***

***мое положение, Умоляю вас (тебя)...*** деген өңдүү тилдик атайын бирдиктерди колдонорун көрсөтөт. Кыргыз тилинде сурануну туюндурган сүйлөмдөрдө камтылып, жогоркудай кызматтарды аткарган мындай даяр тилдик бирдиктер сейрек. Башкача айтканда, **суранам, өтүнөбүз** сөздөрүнөн тышкары кыргыз тилинде көбүнчө **–чы** мүчөсү жалганып келген жөнөкөй жана татаал этиштер бул маанилик өзгөчөлүктү пайда кылат. Ошондой эле жогоркудай семантика-стилистикалык бирдиктердин сүйлөм мазмунуна тийгизген таасирлеринин ролун да аткара алат. Маселен, ***Папа, пожалуйста, не пей!, Папочка, умоляю, не пей!*** деген айтымдарда камтылган сүйлөөчүнүн суранычынын жогорку чеги, таасирдүүлүгү, жалынычы жана башкалары ***Атаке, ичпечи*!** деген кыргызча берилишинде да толук сакталды, а түгүл улуттук аң-сезимден, тилдик өзгөчөлүктөн алып караганда, кайсыл бир жактан жогорку таасирдүүлүктө берилди, же **–чы** мүчөсүнүн таасиринде сүйлөөчүнүн суранычы менен биргеликте анын жалбаруусу, зарыгуусу, аеосу, мукуроосу да туюндурулду. Эгерде бул терс формадагы этишке **–чы** жалганып келбеген болсо, өктөмдүк, талап кылуучулук, тыюу салуучулук маанилер чагылдырылып, суранmicro туюндурулмак эмес. Мындан тышкары сурануну пайда кылуучу жогоркудай тилдик бирдиктер менен каражаттардын ар кайсыл эле сөздөр менен катышта келе бербесин да эске алуубуз керек. Алар өздөрү катышта келген сөздүн лексикалык маанисине байланыштуу болгон түшүнүктөрдү пайда кылышат жана жалпы сүйлөмдө эмне жөнүндө кеп болуп жаткандыгы маалым болот. Маселен, жогорку мисалда **–чы** мүчөсү **ичпе** деген терс формадагы этишке жалганып келгендиги үчүн ичилүүчү заттын (объекттин) суу, же сүт эмес экендиги тыңдоочуга айкын болду. Эгерде **иччи, ичип алчы** деген негизде оң формадагы этишке жалганып келсе, ичилүүчү объекттин тамак, же дары экендиги маалым болот эле. Ошондой эле, жогорку мисалдагы сурануунун туюндурулушунда **Атаке** деген каратма сөздүн да ролу чоң. Анын лексикалык маанисине ылайык айтылуу интонациясы да айкындалып, мында сарунуу тыңдоочунун гана эмес, сүйлөөчүнүн да

пайдасы үчүн уюшулгандыгы көрүнөт. Эгерде ал сөздүн ордуна негативдүү таасирдеги, **шүмшүк, каныңды ичкир** деген сыяктуу сөздөр колдонулса, суранууу эмес, тажоо, жек көрүү, кекетүү өңдүү маанилер туюндурулмак.

Суранууу сүйлөмдүк тулкуда камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдүн өзүнчө тиби катары келип, маалымдоо жана суроо маанилеринен айырмаланып турат. Башкача айтканда, мында сүйлөөчү тарабынан маалымат берүү максаты да, маалымат алуу максаты да коюлбайт, бирок сүйлөөчүнүн кайсыл бир нерсеге, түшүнүккө болгон каалоосу билдирилип, ага жетүү үчүн анын (сүйлөөчүнүн) 2-3-жактан жардам, көмөк, же кечирим күткөндүгү туюнтулат. Белгилүү бир чекте маалымдоочулук функция да ишке ашканы менен, ал негизги орунда турбайт. Сүйлөмдүн бул тибинин уюшулушундагы башкы максат – тыңдоочуга кайсыл бир маалыматты берүү эмес, сүйлөөчүнүн сураныччын гана билдирүү. Ошондой болсо да суранууу мааниси суроо маанисине бир топ жакын келет, анткени **суроо маанисинде сөз, же сүйлөм түрүндөгү жооп талап кылынса, суранууу маанисинде иш аракет түрүндөгү «жооп»** талап кылынат. Мындан, ошондой эле сура+оо, сура+ын+уу сөздөрүнүн уңгусу бир экендигинен да суранууу маанисинин суроо маанисинен бутактап чыгып, өз алдынча маанилик деңгээлге жеткендиги айкын болуп турат. (Мында өздүк мамиленин мүчөсү - **ын** сөз жасоочулук функцияны аткарып калган). Мындай жакындыктын, же бир тектүүлүктүн натыйжасында бул эки маани бири-бирин толуктоо, кошумчалоо иретинде бир жөнөкөй, же татаал сүйлөмдүн тутумунда түрдүүчө өзгөчөлүктө арбын колдонулат. М: - *Кана, айтыңызчы, ата, бала менин табышмагымды жандыра алдыбы?* (Э.К.).

*Карындаш, ачык жообуң айтып койчу,*
*Шаарыма кетейинби, кетпейинби?* (Б.А.).

*Билбедим, айткылачы, замандаштар,*
*Дүйнөдө кандай сүйүү ак болорун?* (С.А.) ж.б.

Бул алынган мисалдардын 1-2-сүйлөмдөрүндө суранууу маанилери өзүнчө сүйлөмдөрдө *(-Кана, айтыңызчы, ата, карындаш, ачык жообуң айтып*

*койчу)*, суроо маанилери өзүнчө сүйлөмдөрдө *(Бала менин табышмагымды жандыра алдыбы? Шаарыма кетейинби, кетпейинби?)* өз ара маанилик катыштарда келсе, 3-сүйлөмдө «айткылачы» деген сурануу мааниси менен «кандай болот?» деген негиздеги суроо мааниси бир жөнөкөй сүйлөмдүн тутумуна сиңип кеткен. Кээде суроолуу **-бы** мүчөсү баяндоочунун тутумунда келген сүйлөмдөр да суроо маанисин эмес, сурануу маанисин туюнтуп калат. Белгилүү бир чекте маалымдоочулук функция да ишке ашканы менен, ал негизги орунда турбайт. Сүйлөмдүн бул тибинин уюшулушундагы башкы максат – тыңдоочуга кайсыл бир маалыматты берүү эмес, сүйлөөчүнүн сураныччын гана билдирүү. Маселен, *Жалынга мени күйгүзбөй, жакындап койсоң болбойбу, Гезитиңизди карап берсем болобу?, Бир аз жылып коесузбу?* деген сүйлөмдөр интонациялык, контексттик өзгөчөлүгүнө ылайык сурануу маанисин туюнтуп турат. Бул өңдүү тилдик көрүнүштөр кепте арбын кезиккендиктен, суроо мааниси менен сурануу маанисин чаташтырган, же бирдей караган учурлар көп болот. Бирок ойду жеткиликтүү кабылдоо үчүн мындай маанилик типтерди  ажырата билүү талап кылынат.

Өз ичине сурануу маанисин камтыган сүйлөмдөр предикаттарынын курулуу формалары жагынан  буйруу, талап кылуу маанилерин туюнткан сүйлөмдөргө да жакындап кетет. Бирок андай сүйлөмдөр тутумундагы айрым сөз, же сөз айкаштарынын семантикасына, айтылуу интонациясына ж.б. ылайык өз ара айырмаланып турат.

Маселен, *Калтырбай, кайним, **түгөл ук,***
*Жеңеңдин айткан арманын.* («С.Б.»).

*О, кыздар, агай деш ордуна,*
*Атымдан **чакырчу болгула.***
*Бүлбүлдөп бараткан жаштыктын,*
*Билигин **көтөрүп койгула*** (З.И.) деген сүйлөмдөр буйрук ыңгайлык предикаттык формаларда уюшулганы менен, 1-сүйлөм «арманын» деген сөздүн, кийинки сүйлөмдөр «жаштыктын билигин» деген сөз тизмегинин таасиринде буйруу маанисинде эмес, сурануу маанисинде айтылгандыгы

айкын болду. Анткени бул өңдүү сезимдик түшүнүктөрдү туюнткан тилдик бирдиктер жогорудагыдай негизде сүйлөм тутумунда келгенде сурануу маанисин айкындайт. Ошондой эле адам эркине баш ийбеген объективдүү күчтү, түшүнүктү билдирген сөздөр менен катышта болгон буйрук ыңгай формасындагы этиштерден уюшулган сүйлөмдөр да логикалык таанымга ылайык буйруу маанисин эмес, сурануу маанисин туюнтат.

М: *Кымбатыма алдым жасанып,*

***Шамал, шамал, бузба*** *чачымды* (А.У.). – *Ээ, балдар, «үмүтсүз шайтан» дейт,* **Кудай бейүмүт калтырбасын!** (Ж.М.). – *О, кудай, кудуретиңден… Шайтаныңдын азгырыгынан* ***сакта****!* (У.А.) ж.б. Мындай негизде уюшулган өтүнүү маанисиндеги сүйлөмдөр көтөрүңкү интонацияда айтылып, жазуу кебинде акырына илеп белгиси коюлуп жазылышы мүмкүн. Кээде буйрук ыңгайдагы этиштерден уюшулган сүйлөмдөрдөгү буйруу маанисин айрым көмөкчү сөздөр солгундатып, сурануу маанисине өткөрүп жиберет. Маселен, -*Бүгүн түштө шалбаага келгин ээ* (А.Г.) деген сурануу маанисиндеги бсүйлөмдө «ээ» көмөкчү сөзү катыштырылбаса, буйруу мааниси камтылмак, сүйлөмдүн айтылуу интонациясы да өзгөрүлмөк. Мындай учурлардан сүйлөмдүн маанилик типтеринин өзгөрүшүнө чак категориясынын да таасири болору байкалат. Эгер бул сүйлөмдөгү «келгин» этиши келер чактык мааниде эмес, «келдиң» деген өткөн чактык формада берилсе, *Бүгүн түштө шалбаага келдиң, ээ*? деген суроо маанисиндеги сүйлөм уюшулмак. Бул өңдүү тилдик көрүнүштөрдөн сүйлөмдө камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдүн көп кырдуу өзгөчөлүктөрдө берилери, аларды аныктоодо тилдик туюмдун, сезимталдыктын талап кылынары көрүнөт.

Ошондой эле тилдик фактыларда өз ара жакын келген маанилик түрлөрдүн чаташтырылып, биринин ордуна экинчиси колдонулуу менен калыпташып кеткен учурлар да кезигет. Маселен, сурануу-өтүнүү маанисине суроо маанисиндей эле **арызданув мааниси** да жакын. Буга ылайык жана орус тилинен калькалоонун натыйжасында иш кагаздарында термин катары колдонулуп жүргөн «арыз» сөзү өз маанисине туура келген жардам, көмөк

күтүп, бийлик, же күч органдарына карата кайрылуу учурунда гана эмес, жумушка кирүү, иштен бошоо, эс алууга чыгуу учурларында да, же «өтүнүч» сөзүнүн ордуна да колдонулуп кеткен. Негизи «арыз» термининин функциясын «өтүнүч» сөзү менен бөлүштүрүп (айырмалап) колдонуу аркылуу бул маанилик түшүнүктөрдү ажыратып кароо максатка ылайык. Мындан тышкары «кечирим сура» деген татаал этиштин да туура эмес түшүнүктө калыпташып кеткендигин мисал катары алсак болот. Бул сөздүн түпкү туура мааниси - «кечирим суран». Анткени «кечирим сура» деген сөздү «китеп сура», же «маалымат сура» дегендегидей негизде кароого болбойт, себеби мында бир нерсе алуу, же билүү максаты эмес, алдынан өтүү, сурануу максаты коюлат. Жогорку мисалдарда «сура» сөзү үч башка сөз менен айкаша келип, үч башка мааниде: китеп сура-ал, маалымат сура-бил, кечирим сура-өтүн маанилеринде колдонулду. Андыктан мындай учурларды да ажыратып кароо менен өзгөчө кыргыз тилин үйрөнүүчүлөргө түшүндүрмө берүү артыкбаштык кылбайт.

Сурануу-өтүнүү мааниси эки өзгөчөлүктө: жардам, көмөк күтүү жана кечирим суроо маанилеринде айтылат. Ошондой эле бул эки өзгөчөлүктө тең сүйлөөчү эң алгач адамдарга, образдуу кыйыр түрдө жандуу, же жансыз заттарга, абстрактуу түшүнүктөргө карата кайрылат.

М: *Кабыл алып коюшуңду* ***суранам,***

*Таазим кылып сунган кызыл гүлүмдү* (Т.К.).

- *О, жакшылыгыңдан айланайын кудай, күнөөкөр пендеңдин* ***күнөөсүн кече көр!*** *– деп төшөктөн турган экен* (Ж.М.).

*Кайрылбай кайда кеттиң,* ***айтчы деги,***

*Адашып айлыңды мен сурап келем* (К.Б.) ж.б.

Андыктан сурануу маанисин ички бөтөнчөлүктөрүнө ылайык: а) **көмөк күтүп сурануу,** б) **кечирим күтүп сурануу** деп бөлүп кароого туура келет. Маселен, *Тиги китепти берип койчу, Айшаны чакырып келчи* деген сүйлөмдөр менен *Мени кечирип койчу, Анын сөзүн көңүлүңө албачы* деген сүйлөмдөрдөгү сурануу маанилерин бирдей кароо мүмкүн эмес.

Кыргыз тилиндеги сурануу мааниси, негизинен, төмөнкүдөй сөздөр менен мүчөлөрдүн таасиринде уюшулат:

**а)** Өз табиятында сурануу, кечирим суроо маанилерин камтыган «суранам», «өтүнөм», «эстей жүр», «кечирип кой» деген өңдүү сөздөрдүн таасиринде. М: ***Өтүнөрүм*** *мага келсең, кеч келбе* (Ж.К.)

*Эгиз тал көрсөң* ***кыйбай жүр,***

*Элиңде жүрсөм,* ***сыйлай жүр*** (Ч.С.).

*Сүрдөп кетем капыс жерден кабылсам,*

***Кечирип кой****, мен сүйүүдөн жаңылсам* (Мидин) ж.б.

Мындай сөздөр өздөрү катышкан сүйлөмдөрдө, же өз алдыларынча келип предикаттык функцияны аткарат да, грамматикалык курулушу боюнча буйрук ыңгай формасында болот. Анткен менен бул сөздөр сүйлөм тутумунда формалык уюшулушу менен семантикалык табияты дал келип да, дал келбей да колдонулушу мүмкүн. Маселен, жогорудагы «кыйбай жүр», «сыйлай жүр» деген сөздөр сүйлөм табиятына ылайык буйруу маанисин да, сурануу маанисин да билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо, «кечирип кой» сөзү буйрук ыңгай формасында берилген менен, семантикалык жактан сурануу маанисин гана туюнтат.

*б***)** «көр» жардамчы этиши **–а (-й)** мүчөлүү чакчыл этиштерден кийин келип предикаттык кызматты аткарган сүйлөмдөрдүн көпчүлүгүндө сурануу мааниси берилет. Бул сөз да, анын алдында келген чакчыл этиш да оң жана терс формаларында келе берет: *М: Сөзгө кулак сал****а көр,***

*Чалкуйрук тилин ал****а көр*** («Эр Төштүк»).

*Жаркыным, суу куя* ***көр*** *сезимдерге,*

*Тамыры такыр кургап кала электе* (Д.С.)

*Анжиян барсаң агаңдан,*

*Үз****ө көрбө*** *оюңду* (Токтогул). – *Менин эки энем менен атама көз салып жүр****ө көр*** (У.А.) ж.б. Мындай предикаттуу сүйлөмдө камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдүн чагылдырылышында да контексттик, интонациялык ж.б. өзгөчөлүктөр өз таасирин тийгизет. Маселен, -*Тамырын тартсаң тарта бер,*

*жеңе, бирок мени ортого кош**о көрбө*** деген сүйлөм суранууу манисинде да, талап кылуу маанисинде да берилиши мүмкүн. Ал эми:

*Сен кан ичмеңди карматкын, какбаш,*

*Каардуу жиниң сал**а көр**, какбаш!*

*"Камчы үзүлүп калды" деп,*

*Кенжекенин колунан,*

*Өгөөнү сурап ал**а көр,** какбаш!*

*Өгөөнү берсе келиниң,*

*Эртеңки кептен сал**а көр**, какбаш!*

*Унуткарып билгизбей,*

*Өгөөнү эптеп ал**а көр**, какбаш!* деген мисалда жалпы контексттик мааниге, "какбаш" деген сөздүн таасирине ылайык суранууу эмес, буйрууу-талап кылуу мааниси туюндурулду.

**в) –са** мүчөлүү этиш 2-жакта берилгенде жана "боло" көмөкчү этиши менен айкаша келгенде, өзү катышкан сүйлөмгө суранууу-өтүнүү маанисин киргизет. М: *Айыптуу кылбай жүрөктү,*

***Аясаң**, курбум, **аясаң*** (Т.М.).

*Баары болуп жүрөсүң, бирок **айтсаң,***

*Качан мага өмүрлүк жар болосуң?* (С.Ж.).

*Күн чыгышым, кел**сең боло** күттүрбөй,*

*Саамай чачың салааланып дирилдеп* (Т.К.).

*Эркелеп айткан сөз үчүн,*

*Эзбе**сең боло** жүрөктү* (Т.Т.) ж.б.

**г)** Суранууу маанисинин берилишинде **–чы** мүчөсүнүн ролу чоң. Ал мүчө оң жана терс формада келген жөнөкөй жана татаал этиштерге жалганганда, өзү уланган этиште, ал аркылуу жалпы сүйлөмдө суранууу маанисин пайда кылат. Бул маанини пайда кылчу негизги мүчө катары келип, бир эле сүйлөмдө кайталанып да колдонулуу менен, уйкаштыкты, көркөмдүктү уюштуруучу кызматты да аткарат.

М: ***Кечирчи**, менин **күнүм болчу** кайра,*

***Назданчы**, **кучагыма толчу** кайра* (Н.Ж.).

***Көрүнүп** мага **койсоңчу,***

*Жүрөгүм сүйгөн **ыр болчу*** (М.Ж.).

***Кыйнабачы** жүрөктөгү жарадай,*

***Кылгырбачы, койчу** мени **карабай*** (Мидин).

*Ой, комузчу, комузчу,*

***Чертип койчу** комузду* (Т.Б.) ж.б.

Айрым учурда бул мүчөдөн кийин сурануу маанисин күчөтүүчү жардамчы сөз катышып келсе, кээде, тескерисинче, **-чы** мүчөсү түшүрүлүп калат. М: *Кымбатыма алдым жасанып,*

***Бузбачы эми,** шамал, чачымды* (А.У.).

*Көңүлгө төтө кылайын,*

***Түшкө кир (-чи),** Мунар, кайдасың?* (Аалы) ж.б.

Ошондой эле кээ бир татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар бири сурануу маанисин камтып, бири **–чы** мүчөсүнүн таасиринде, бири бул маанини тике туюнткан сөздүн таасиринде берилет.

М: *Терезеңдин гүл тагынган көзүнөн,*

***Тиктеп койчу** күндө бир маал, **өтүнөм*** (К.Ж.) ж.б.

Бул мүчөнүн сурануу маанисин туюндуруучу функциясы, келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, качан гана тыңдоочуга, же 2-жакка карата айтылганда ишке ашат, башкача айтканда, 2-жактагы адресаттын, же тыңдоочунун болушу аталган маанинин туюндурулушун шарттайт. Эгерде **–чы** мүчөлүү этиш 1-жакта берилип, 2-жакка карата айтылбаган болсо, аталган маани туюндурулбай, сүйлөөчүнүн иш аракеттин аткарылышына карата болгон ниеттенүүсүн гана билдирилиши да мүмкүн. Маселен, *Эртең айылга барып келейин**чи*** деген сүйлөм сүйлөөчүнүн иш аракетине таасир этүү мүмкүнчүлүгү бар тыңдоочуга карата айтылса, сурануу маанисин, ал эми сүйлөөчү өз алдынча сүйлөнсө, же ал учурда анын иш аракетине таасир этүү мүмкүнчүлүгү жок тыңдоочу катышкан болсо, ниеттенүү мааниси берилет. Мындай учурда интонациялык, жагдайлык, чөйрөлүк жана башка

өзгөчөлүктөрдүн да ролу чоң. Ал эми предикат болуп түшкөн **–чы** мүчөлүү этиш 3-жакта берилсе (М*: Эртеңки чогулуштан уруксат берип турсачы*), тыңдоочу кыйыр адресат катары келип, бул учурда да, сурануу эмес, суроо, же сунуштоо маанилерин туюндурат. М: -*Айтып салсамчы?*-*Ушундайда айтып койсоңчу!* -*Айтпай койсочу?* ж.б.

Ошентип, **– чы** мүчөсү ар дайым эле сурануу маанисин пайда кыла бербейт. Анын суроо, наараазы болуу өңдүү маанилерди туюнткан төмөнкүдөй учурлары менен (М: - *Ошентип, Айдарбек датка менен алакам жакшы деңиз**чи**, молдоке?* (К.Ж.), -*Анысы аз келгенсип, күндө көзүңдүн майын кетирип, кагаз тиктегениң**чи**!* («Ала-Тоо»)), кесипти туюнтуучу омоним мүчөсүн *(жылкы**чы**, жалган**чы*** ж.б.) ажыратып кароо керек.

Кеп тутумунда камтылуучу сурануу маанисин ага жакын түшүнүктөр катары келген суроо, арыздануу маанилеринен айырмалап кароо, чектерин ажыратуу, аларды уюштуруучу тилдик бирдиктер менен каражаттардын берилүү өзгөчөлүктөрүн анализдөө сүйлөм маанилеринин, кеп табиятынын көп кырдуулугун аңдоого өбөлгө түзөт.

# IV глава

# Сүйлөмдүк келки маанилердин түрлөрү

## Кириш сөз

Жогоруда көрсөтүлгөн сүйлөмдүк келки маанилердин типтери өз ичтерине кошумча түрдө кайсыл бир маанилерди камтып да колдонулат. Андай маанилик өзгөчөлүктөрдүн кырк чамалуу түрү кыргыз тилинде кезигип, алар лексика-семантикалык, семантика-грамматикалык, семантика-стилистикалык, контекстуалдык, интонациялык жактардан өз алдынчалыктарга ээ болуп турушат. Алар жогорку маанилик типтердин кайсыл биринин курамында келип, сүйлөөчүнүн айтайын деген оюн, көз карашын, мамилесин каймана, кыйыр түрдө туюндурган кошумча, көмөкчү маанилер катары келишкендиктен, аларды өз алдынча логика-семантикалык функцияны аткарган маанилик түрлөр катары кароого туура келет. Мындай маанилик бөтөнчөлүктөрдүн бир нечесинин кыргыз тилиндеги жай, суроолуу, илептүү, буйрук айтымдардагы берилүү өзгөчөлүктөрүн К.Токтоналиев анализдеген (Кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-функционалдык жана интонациялык структурасы. –Бишкек, 2004. 48-81бб.).

Бул маанилер сүйлөөчү менен тыңдоочунун катыштык өзгөчөлүктөрүнө, дүйнө таанымдык, кулк-мүнөздүк ж.б. абалдарына ылайык келип чыккандыктан, шарттуу түрдө болсо да “Адресанттын таанымдык денгээлине байланышкан маанилер”, “Адресанттын туюмуна катышта болгон позитивдүү маанилер”, “Адресанттын туюмуна негативдүү таасирде болгон маанилер”, “Адресаттын таасиринде пайда болгон позитивдүү маанилер”, “Адресат менен катышта болгон негативдүү маанилер” деген топторго бөлүштүрүлүү аркылуу өз ара семантикалык жакындыктары менен айырмачылыктары ар тараптан каралып, жетиштүү фактылык материалдардын негизинде структуралык, семантикалык, коммуникативдик-прагматикалык аспектилерден анализге алынды. Семантикалык жактан бир тектүү болгон айрым маанилик түрлөрдүн (маселен, кекетүү, кекенүү,

кектөө, зекүү; ыраазылык, наразылык ж.б) ич ара катыштары көрсөтүлүү менен, чектери ажыратылды. Ошондой эле жалпы сүйлөмдө да, сүйлөм тутумундагы айкындооч мүчөлөрдө да камтылган маанилик түрлөр (күчөтүү, салыштыруу маанилери), бир жөнөкөй, же татаал сүйлөмдө бир нече маанилердин камтылуу бөтөнчөлүктөрү изилденди.

## 4.1.1. Адресанттын таанымдык деңгээлине байланышкан маанилер

### *Таануу жана каршы болуу, ынануу жана моюнга алуу маанилери*

Адам туюмундагы таануу, ынануу жана моюнга алуу маанилери - өз ара катыштагы, биринин негизинде экинчиси келип чыккан маанилик түшүнүктөр. Алардын баштапкысы таануу, андан ынануу, ынануудан моюнга алуу мааниси келип чыккандыгы байкалат. Анткени ой жүгүртүүчү субъект кайсыл бир түшүнүк, же көрүнүш боюнча таанымы, түшүнүгү болгондо гана, ал түшүнүк, же көрүнүштү өз ой жорумунда объективдүү чындык катары кабыл алганда гана ага ынанат, ага ынангандан кийин гана моюнга алууга аргасыз болот. Бирок бул маанилер биринен кийин экинчиси келип чыгып, өз алдынчалык деңгээлге өсүп жеткен түшүнүктөр болсо да, сүйлөм тутумундагы берилиштери айрым тыңдоочу, же окурман үчүн дароо айкын болбой калышы мүмкүн. Андыктан мындай маанилердин айырмачылыктарын, алардын берилүү өзгөчөлүктөрүн илимий негиздөө анализдеп тактоо зарылдыгы келип чыгат. Мындай маанилик айырмачылыктардын чегин ажырата албоо ал сүйлөмдө камтылган ойду, берилген маалыматты жеткиликтүү деңгээлде кабылдай албоо дегендикке жатат. Ал эми тилди окутуунун, үйрөнүүнүн башкы максаты сүйлөмдө камтылган маалыматтык маанини жеткиликтүү кабылдоого жетишүү болуп саналат.

***Таануу түшүнүгү*** философиялык да, логикалык да категория болуу менен бирге лингвистикада сүйлөм тутумундагы маанилик өзгөчөлүктөрдүн өзүнчө түрү катары келет. Сүйлөөчүнүн объективдүү, же субъективдүү көрүнүш-кубулуштарды, түшүнүктөрдү өз сезим-туюмуна, ой-жорумуна ылайык ошол учурда кабылдоо менен таанып билүүсүнүн сүйлөмдөгү чагылдырылышын сүйлөмдүн коммуникативдик-прагматикалык аспектиден каралышында таануу мааниси деп атоого болот. Бул маанилик түрдөгү сүйлөмдөр, негизинен, маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн тибине кирип, сүйлөөчүнүн кайсыл бир көрүнүш-кубулушту, түшүнүктү кеп учурунда таанып билгендигин туюнтат.

М*: Жакыным, боорум туулган жер,*

*Жанымдан* ***артык белемсиң!*** (Ж.М.).

*Сүйгөнүн эстеп сагынуу,*

***Эң кыйын экен*** *баарынан.* (К.Ал.) ж.б. Бирок, бир караганда, мындай сүйлөмдөрдө ынануу мааниси да, моюнга алуу мааниси да камтылгандай сезилет. Анткен менен бул сүйлөмдөрдөгү негизги маани – таануу мааниси. Анткени бул сүйлөмдөр аркылуу «туулган жеринин жанынан да артык экендигин», «сүйгөнүн сагынуу эң кыйын экендигин» сүйлөөчүнүн түшүнгөндүгү, таанып билгендиги маалымдалып жатат. Ал эми ынануу жана моюнга алуу маанилериндеги сүйлөмдөр мындан жана өз алдыларынча бири-биринен сезилерлик деңгээлде айырмаланып турушат. М: *Нарботонун акылман адам экендигине эми ого бетер көзүм жетти* (А.С.) (Ынануу мааниси). *Башка салганды көрбөскө не чара!* («Кан жол») (Моюнга алуу мааниси).

Таануу мааниси кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдө төмөнкүдөй негиздеги тилдик бирдиктердин таасиринде уюшулат:

а) **турбайбы (тура)** көмөкчү сөзү этиш жана атооч сөздөр менен катышта болуп предикаттын тутумунда келген сүйлөмдөрдө таануу мааниси камтылат. М:*Асмандагы куш да жем деп торго* ***илинет тура*** (Ж.М.).

*Бул өмүрдүн жыргалы,*

*Жаштык **болот турбайбы*** (Ч.С.).

*Адамга бүткөн таалайдын,*

*Негизи **жүрөк турбайбы*** (К.М.).

*Кой баккан **сонун турбайбы,***

*Балалык ойду таштадым* (Т.С.).

*Туулган жерим, **сенде турбайбы,***

*Айтып бүткүс кооз сулуулук* (Ж.М.) ж.б.

Бул көмөкчү этиш ойду, маалыматты өтмө мааниде берген сүйлөмдөрдө да таануу маанисин туюнтуучулук кызматын сактай алат.

М: *Көпүрөң ооп, Алымкул,*

*Көлгө кет**кен турбайбы.***

*Көк шумкарың айланып,*

*Чөлгө кет**кен турбайбы.***

*Жети атаң барып тынч алган,*

*Жерге кет**кен турбайбы*** (Барпы) ж.б.

Ал көбүнчө өткөн чактык, же учур чактык маанидеги түшүнүктөрдү «таануучулук» милдетти аткарса да, кээде келер чактык маанидеги – **мак** мүчөлүү этиш менен келип, сүйлөөчүнүн ишке аша элек түшүнүктү, окуяны таанып-билип калгандыгын туюндурат. М: -*Кемпиримден да каңтарып, таза шорумду кайнат**мак турбайсыңбы!*** (У.А.) ж.б.

**Тур-ба-й-бы (тур-а)** сүйлөм ичинде эки башка өзгөчөлүктө: **нагыз этиштик** маанисинде жана **көмөкчү этиш** абалында колдонулат. Жогорудагыдай таануу маанисин туюнтуучулук ролду качан гана **–т,-ган,-мак** мүчөлүү этиштер жана атооч, тактооч сөздөр менен көмөкчү этиштик абалда келгенде аткарат. Ал эми чак менен жакты туюнта албаган – **ып** мүчөлүү чакчыл этиштен кийин келгенде, мындай функцияны аткара албайт. Маселен, *Кой дээр кожонун, ой дээр ажоонун жоктугунан профеционализм деген түшүнүктүн жоголуп бараткан ачык эле көрүн**үп турбайбы!*** (С.К.). -*Мына, мисалы, Сиз эмнеден калтыр**ап турасыз?*** (Достоевский) деген сүйлөмдөрдө жогорку мисалдардагыдай таануу мааниси билдирилген жок.

Бул сөз кандай өзгөчөлүктө колдонулса да, анын арасына жак мүчөлөрү кыстырылып келе берет. М: -*О, сиз бир көргөндө эле туура табат турбай**сыз**бы?* (Достоевский) (Таануу мааниси). *Бул ишти мен эле аткарып турбай**мын**бы?* (Сунуштоо мааниси) ж.б.

б) **экен** көмөкчү сөзү предикаттын тутумунда келүү менен өзү катышкан сүйлөмдө көпчүлүк учурда таануу маанисинин берилишин шарттайт. Мындай учурда бул көмөкчү сөз төмөнкүдөй сөздөр менен катышта колдонулат:

Этиш жана атооч, кээде тактооч сөздөр менен биргеликте келет.

М: *Адам, Чиркин, өзүн алдап, азгырып,*

*Мүнөт санап **өтөт экен** жашчылык* (Аалы).

*Жаным секет, жалгыз өзүң билип кой,*

***Жаштык экен** бул өмүрдүн жыргалы* (Э.Т.).

*Карагаттай көздөрүңдү сагынам,*

***Кыйын экен**, жаштык, сага багынган* (К.Т.).

*Ак сүйүүдөн көңүл калуу **көп экен,***

*Отуз жаштын улам аркы жагында* (А.О.) ж.б.

Ошондой эле **эмес, эле** деген көмөкчү сөздөрдөн кийин, **го, да** бөлүкчөлөрүнөн мурда келип аталган маанини туюнтат. Мындай учурда жак мүчөлөрүн кабыл алып да, кабыл албай да колдонула берет. М: *Алардын маани-маңызына чындап жете алган **эмес экенмин*** (С.К.). *Кыргыздар бул макалды бекер айткан **эмес экен да*** (У.А.).

*Абасы да, булагы да, ал тургай,*

*Дары **экен го** тоо ичинде баткагы* (У.М.) ж.б. Мисалдардан көрүнгөндөй, бул көмөкчү сөздүн таасиринде таануу маанисин туюнтурган сүйлөмдөр жай жана илептүү сүйлөмдөрдөн болот. Эгерде **экен** көмөкчү сөзү катышкан сүйлөмдө кайсыл бир сурама ат атооч да катышкан болсо, бул сөз аталган маанинин берилишин шарттай албай калат. Маселен, *Бул **эмне** деген корпус болду **экен**? Алар бул сөздү **кимге** айтышты **экен**?* деген сүйлөмдөрдө

таануу мааниси камтылган жок, же бул маанидеги сүйлөмдөр суроолуу сүйлөм тибинде уюшулбайт.

**Керек, мүмкүн, бар, жок** сөздөрү кыймыл атоочтун тутумунда, же өзүнчө келип **экен** көмөкчү сөзү менен катышта берилгенде, таануу мааниси чагылдырылат. М: *Адамча жашоо үчүн **жакшы тамактаныш керек экен**, жакшы үйдө **туруш керек экен**, жакшы кийим **кийүү керек экен*** («КР»).

*А, көрсө, көз **жок экен** сенден сулуу,*

*Дүйнөдө сөз **жок экен** сенден сырлуу* (Г.М.) ж.б.

Кээде бул көмөкчү сөз этиштер менен айкаша келгенде, экинчи жактын жекелик санын туюнткан **–сың** мүчөсүн кабыл алып, бирок ал жакты, же үч жактын бирин конкреттүү көрсөтпөй, сүйлөөчүнүн сүйлөмдө маалымдалган түшүнүктү, ойду түшүнгөндүгүн, же таануу маанисин билдирет. М: *-А, туугандын душмандыгын качан токмогу чокуңа тийгенде **билет экенсиң**!* (Т.К.). *Эл кыйналып, күйүткө батып, азап тартып жатканда, ар кандай иштин оордугуна **чыдайт экенсиң, көнөт экенсиң*** (Ч.А.) ж.б. Предикаты мындай негизде уюшулган сүйлөмдөрдүн айрымдары 2-жакка тике багытталып айтылып, ал жакка мүнөздүү болгон кайсыл бир түшүнүк, көрүнүштү сүйлөөчүнүн таанып билгендигин туюнтат.

М: *Жаак чачың алдырбай,*

***Жүндүү болгон экенсиң.***

*Жаратканың унутуп,*

***Жинди болгон экенсиң!*** (Жеңижок) ж.б.

Кээбир сүйлөмдөрдө **турбайбы, экен** сыяктуу көмөкчү сөздөрдүн таануу маанисин пайда кылуусун айкындоочу, же күчөтүүчү кызматты аткарган **көрсө** киринди сөзү катышып келет. М*: **Көрсө**, эне болуш үчүн тээ башынан, бешиктен бели чыга элек жатып өзүн тарбиялап, өтөсүнө чыга **үйрөнүш керек турбайбы**!* («Көч»). ***Көрсө**, кээде жоопторго караганда суроолордон көп нерсени **билүүгө болот экен*** (А.А.) ж.б.

Айрым татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн предикаттары бул көмөкчү сөздөрдүн экөөнүн тең катышынан уюшулуп,

жалпы татаал сүйлөмдүк маалымат таануу маанисинде берилет. М: *Жаш кезде адам аны **ойлобойт тура**, орто курагында да анын ага **кереги жок экен*** (К.А.). – *Анда менин **өзүмөн турбайсыңбы, уруулаш экенбиз*** (Э.К.) ж.б.

в) **беле** көмөкчү сөзү үч жактын биринде, атооч, этиш, кээде **керек** модалдык сөзү менен келип, өзү катышкан сүйлөмгө таануу маанисин киргизет. М: *Сыланган сулуу кызгалдак,*

***Сыймыгы белең** көктөмдүн* (Г.М.). ***Көрсө**, ар кимдин өзүнө жаккан бир кызыгуусу **болот белем*** (А.Г.). - *Сен **белең**!?* (Ч.А.). *А тургай, анын коомдук маанисин түшүнүү жагынан мына ушундай мээнеткеч, канык кишилерден үлгү алуу **керек белем**!* (Ө.Д.) ж.б. Бирок бул көмөкчү сөздүн таасиринде келип чыккан таануу мааниси маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө берилет. Жогорку сүйлөмдөрдө камтылган мындай маанилик өзгөчөлүктү «*Азыр мен ал көзүңдү **табар белем**? Анда сен баштагыңдай **жанар белең**?»* деген суроолуу сүйлөмдө берилген маани менен бирдей кароо мүмкүн эмес.

Ошондой эле **беле** көмөкчү сөзүнүн таасиринде туюнтулган таануу маанисинин берилишинде да контексттик, интонациялык өзгөчөлүктөрдүн ролу чоң. Маселен, *Табышмак сындуу таарынчаак, тагдырым сенден **кем беле*** деген сүйлөмдө таануу мааниси берилсе, -*Эмне, Атабек сенден **кем беле!*** деген сүйлөмдө кекетүү мааниси туюндурулду.

г) **–ып, ыптыр** формасындагы этиштер үч жактын биринде келип предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөрдө да таануу мааниси туюндурулат.

М: *Казак Майкөт пирим деп,*

***Жиндептирсиң,** Эсеке.*

*Карыганча пириңди,*

***Билбептирсиң,** Эсеке!*

*Карыганча Майкөттү,*

*Мазар кылып **кармапсың.***

*Эл чогулган мечитке,*

*Эч бир басып **барбапсың.***

*Ырас айтсам,Эсеке,*

***Ыйманыңды жалмапсың!*** (Жеңижок) ж.б.

Мындай **-ыптыр** формасындагы этиштер предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөрдүн айрымдары сүйлөөчүнүн кайсыл бир түшүнүк, көрүнүштү таанып билгендигин айкын туюндурат, башкача айтканда, мындай сүйлөмдөрдө таануу мааниси ачык берилет.

М: *Эми билдим, эч кандай апыртп**аптыр**, туптуурасын, кеп чордонун айт**ыптыр**...* (С.К.). *Жыргап жүрүп эчтеке көрб**өптүрмүн*** (У.А.). *Бул кетишим мен үчүн талуу жериме тийген экинчи ок болгон экен. Бул окту өзүм ат**ыпмын*** (С.К.). *Андан бери жылдар жылып кет**иптир,***

*Ал учурлар бизден эчак өт**үптүр*** (У.М.) ж.б.

Өткөн чактын бул түрүндөгү этиштен уюшулган предикаттын таануу маанисин билдиришине көбүнчө алдында келген сүйлөмдөр көмөк көрсөтөт, эгер андай сүйлөмдөр болбосо, таануу маанисин айкындоочу **көрсө, ойлосом, байкасам** деген өңдүү сөздөрдү ал сүйлөмгө катыштырып берүүгө логикалык жактан мүмкүн болот. Маселен, жогорудагы биринчи жана үчүнчү мисалдарда алдындагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз таасирлерин тийгизди, ал эми экинчи, төртүнчү сүйлөмдөргө **көрсө** тибиндеги кириндики сөздөрдү катыштырып берүүгө мүмкүн.

д) Таануу мааниси, кеңири түшүнүктө каралганда, маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн баарында камтылат, анткени сүйлөөчү кайсыл бир көрүнүш, түшүнүк, окуя-кубулуш боюнча белгилүү бир өлчөмдөгү түшүнүгү, таанымы болгондо гана маалымат берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Маселен, *Бардык өмүрдү унчукпай өткөрүүгө болбойт»* (Ян). *«Машиненин астына сойлобосо болор эмес* (Ч.А.) деген маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө да таануу мааниси бар, бирок бул маанини туюнтуштары жагынан бул эки сүйлөм жогоруда келтирилген сүйлөмдөрдөн өзгөчөлөнүп турат. Башкача айтканда, бул сүйлөмдөрдө маалымдалган түшүнүк, көрүнүштөр боюнча талап кылынчу сүйлөөчүнүн таанымы, түшүнүгү сүйлөм уюшулганга чейин эле калыптанып, ага сүйлөмдүн өзүндө

көңүл бөлүнбөгөн болсо, жогоруда келтирилген сүйлөмдөрдө, же **таануу маанисиндеги** сүйлөмдөрдө сүйлөөчүнүн андагы түшүнүк, көрүнүш боюнча жаңыдан түшүнүк алып, таанып, билип жаткандыгы кошо туюнтулат да, ал жогоркудай көмөкчү сөздөрдүн кайсыл бири аркылуу айкындалып турат. Мындай көмөкчү бирдиктердин бири катары **демек** каринди сөзүн да көрсөтүүгө болот. Анткени бул каринди сөз катышкан сүйлөмдөрдө да аларда чагылдырылган окуя, түшүнүктү сүйлөөчүнүн ошол учурда таанып билгендиги сезилип турат. М: ***Демек****, урушту кайтып келгенден кийин гана баштаса болот* (А.Ч.). *Эмдигиче бир жолу да келе элек,* ***демек****, менин керегим жок ага* (А.А.) ж.б.

Ошентип, таануу мааниси айрым сүйлөмдөр аркылуу туюндурулган **ынануу** жана **ынанбоо, моюнга алуу** жана **каршы болуу** маанилеринин башаты катары келип, аталган маанилик түрлөрдүн ар биринде белгилүү бир чекте камтылчу түпкү маани катарында да каралат.

**Ынануу маанисиндеги** сүйлөмдөр сүйлөөчүнүн ал сүйлөмдө камтылган, маалымдалган түшүнүк, окуя, көрүнүш боюнча белгилүү чектеги таанымы, түшүнүгү болуп, ага көзү жеткендигин, ынангандыгын туюндурган сүйлөм катары келет. Сүйлөмдө камтылган бул маанини айкындоочу лексикалык бирдиктер болгон «ынандым», «ишенебиз» деген өңдүү сөздөрдөн тышкары «көзүм жетти» фразеологизми да сүйлөөчүнүн сүйлөмдө берилген түшүнүккө карата болгон ынанымын, же ынануу маанисин айгинелөөчү милдетти аткарат. Ага көмөкчү тилдик бирдик катары мындай сүйлөмдөрдө көбүнчө **эми** мезгил тактоочу катышып келет. М: ***Эми*** *кармашуудан өзгө арга калбагандыгына* ***кимдин да болсо көзү жетти*** (Т.К.). ***Эми*** *элден да, динден да чыкканыңа* ***көзүм жетти*** (Т.К.) ж.б. Ошондой эле айрым сүйлөмдөрдө ынануу маанисин билдирүүчү тилдик көмөкчү бирдиктер катары «чынында» каринди сөзү, «да», «эле» бөлүкчөлөрү кызмат аткарып калат. М: ***Чынында,*** *аларга кыйын эле болгон экен* (Ө.Д.). -*Төгүн жерден өрт чыкпайт дегендей, ал сөз бекер жерден чыкпаптыр* ***да****…* (А.С.). *Ошол эле* ***да****, андан башка эмне болмок* ***эле****!?* (К.А.)

ж.б. Кээде сүйлөм тутумунда келген сөздөрдүн лексикалык маанилеринин негизинде келип чыккан контексттик мааниге ылайык маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө ынануу мааниси да чагылдырылып калат.

М: *Биз жаңыны жаратабыз,*

*Жаңыны издеп баратабыз!* (С.Ж.). *Келечек жаштардыкы, бардык үмүтүм сенде!*(Оозеки кеп) ж.б. Мындай сүйлөмдөрдөгү ынануу маанисинин туюнтулушунда интонациянын да ролу бар.

**Ынанбоо мааниси** – өз сезим-туюмуна, ой-жорумуна шайкеш келбеген көрүнүшкө, маалыматка карата болгон сүйлөөчүнүн пикирин, жообун туюндурган маани. Бул маани да **таануу** түшүнүгүнөн келип чыгып, **ынануу, моюнга алуу** маанилерине антонимдик, ал эми **каршы болуу** маанисине синонимдик катышта болот. Өз ичине ынанбоо маанисин камтыган сүйлөмдөр, негизинен, “кантип эле”, “калп айтпачы”, “көрөбүз го”, “ошондой да болчу беле”, “койсоңчу”, “айта бериптир”, “дөөрүбөчү” деген өңдүү сөз жана сөз айкаштарынын катышуусунда уюшулуп, оозеки жана көркөм кепте арбын колдонулат да, **каршы болуу, нараазы болуу** маанилеринен контексттин, интонациянын таасиринде айырмаланып турат. Маселен, “койсоңчу”, “айта бериптир” деген айтымдар өздөрү катышта келген сүйлөмдөрдө камтылган объективдүү, же субъективдүү мазмундарга, чактык, жагдайлык бөтөнчөлүктөргө ылайык ынанбоо маанисин да, каршы болуу маанисин да туюндуруучу бирдик катары кызмат өтөшү мүмкүн.

М: - *Айтаалы аюу атып алыптыр дейт.*

- *Койсоңчу! (*Ынанбоо мааниси*).*

- *Эртең ууга чыгып келбейлиби?*

- *Койсоңчу. (*Каршы болуу мааниси*).*

- *Уулуңуз эртең колукту алып келем дейт го?*

- *Айта бериптир! (*Каршы болуу мааниси*).*

- *Шайлоодо бардык партиялар биригишет экен.*

- *Ким айтса, айта бериптир!* (Ынанбоо мааниси) ж.б.

Ошондой эле, маселен, “ошондой да болобу” деген айтылыш жогоркудай өзгөчөлүктөрдүн таасиринде ынанбоо маанисин да, каршы болуу маанисин да туюндуруп колдонулуп калса, “Ушундай да болобу?” деп берилиши нараазы болуу, каршы болуу, ынанбоо маанилерин туюнтуп колдонулат. Мындан “ошол”, “ушул” шилтеме ат атоочторунун колдонулушундагы семантикалык айырмачылыктардын таасири сезилет. Эгерде ынанбоо маанисиндеги сүйлөмдөр официалдуу стилде колдонулса, түз маанидеги “ынанымсыз”, “ишенүүгө болбойт” деген өңдүү сөздөрдүн таасиринде берилет.

**Ынануу маанисин** аны менен аркылуу мамилелик катышта болгон **ынандыруу** маанисин антонимдик катыштагы **ынанбоо** маанилерин байланыштырып, ошол эле учурда айырмалап кароо зарылдыгы бар. Ынануу мааниси кайсыл бир түшүнүккө, окуя, көрүнүшкө сүйлөөчүнүн өзүнүн ынангандыгын, же көзү жеткендигин билдирсе, **ынандыруу мааниси** – ошол эле кайсыл бир түшүнүккө, ойго, окуя, кубулушка тыңдоочуну, же 2-3-жакты сүйлөөчүнүн ынандырууга аракеттенгендигин билдирүүчү маани. Мындан этиштин мамиле категориясын уюштуруучу мүчөлөрдүн да сүйлөм маанисине тийгизген таасири ачык көрүнөт. Буга далил катары жогорудагы эле “ынануу”, “ынандыруу” терминдерин маанилик айырмачылыкка ээ кылган аркылуу мамиленин –**дыр** мүчөсүн көрсөтүүгө болот.

**Ынандыруу мааниси** татаал сүйлөмдүн тутумунда келген төмөнкүдөй негиздеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн таасиринде берилет. М: ***-Өзүң ойлоп көрчү,*** *ал ошончолук эле кыйын ишпи?! Бүтүрүп берем да, кудай урсун, бүтүрөм...* (Достоевский). – ***Андан эмне болмок эле****, сен өз айылыбыздын кызы эмессиңби!* (У.А.). – ***Камсанабаңыз,*** *менин айылым тынч жерде...* (Ж.И.). *Келген мейман сөзү деп эстей жүргүн,*

***Ишенип кой****, унутпайм мен да сени* (Н.Ж.) ж.б.

**Ынанбоо мааниси** берилген маалыматка, окуя, көрүнүшкө сүйлөөчүнүн ишенбегендигин, ынанбагандыгын билдирген маани катары келет. Ал көпчүлүк учурда сүйлөмдүн ар кайсыл жагында келип,

предикаттык функцияны аткарган “кантип” чыкчыл этишинин таасиринде туюнтулат. Ал эми бул сөз – **сын** мүчөлүү этиштер менен, **эле** жардамчы сөзү менен айкаша колдонулат. Ошондой эле бул сөзгө “коюңузчу”, “тамашалабачы” деген өңдүү сөздөр көмөк көрсөтүшү мүмкүн. М: - *Ушу **кантип** колуна курал алып, жоого **айбат кылсын**!* (У.А.). – ***Кантип эле** менин катымда анын көңүлүн оорута турган сөздөр **болсун**!* (Достоевский). – ***Тамашаңды кой**, ак кагаздан башканы кармабаган неме **кантип** сакманчы **болсун**, кийимине караганда, **ай, таң, ким билет**...* (У.А.).

– *Эмки кезек сага келди окшойт...*

– ***Коюңузчу, кантип эле...*** (Ж.И.) ж.б.

Сейрек болсо да, контексттик өзгөчөлүккө ылайык, **керек** модалдык сөзү, **го** бөлүкчөсү менен айкаша келген **эле** жардамчы сөзүнүн, арсар келер чактын терс формасын уюштурган – **бас** мүчөсүнүн таасиринде да аталган маани туюундурулуп калат. М: *... толук элдин көңүл, ички сезим-туюм менен анчалык **иши болбошу керек эле**. Ал-көчмөн эмес, отуруктакашкан, шаарлашкан, сезимтал, билимдүү, ойчул адамдардын **иши эле го*** (С.К.). *О, карындаш, карындаш, сеникиндей көздөр **табылбас*** (К.Б.) ж.б.

Ошентип, ынануу, ынандыруу, ынанбоо маанилерин туюндурган сүйлөмдөр маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн ички түрлөрү катары келип, булар көбүнчө илептүү сүйлөм тибинде уюшулат.

**Моюнга алуу** мааниси бир топ кеңири түшүнүк катары келип, ал эки өзгөчөлүктө: эң алгач, “күнөөсүн, айыбын тана албоо” деген мааниде, экинчиден, таануу түшүнүгүнө жакын, же “өз каалоосуна каршы келген түшүнүктүн, көрүнүш-кубулуштун объективдүү чындык экендигине сүйлөөчүнүн **аргасыздан** макул болгондугун туюнтуучу маани” деген түшүнүктө колдонулат. Биринчи маанилик өзгөчөлүктө келгенде, бул түшүнүктү түз туюнткан сөзү аркылуу берилет. М: *Жашырганда эмне, **моюнга алуу керек*** (А.Ч.). *–Ооба, өтө өкүнүчтүү болсо да **моюнга алууга туура келет*** («Агым») ж.б. Мисалдардан көрүнгөндөй, «моюнга алуу» фразеологизми айрым көмөкчү этиштер, же модалдык сөздөр менен

биргеликте колдонулушу мүмкүн. Ал эми экинчи маанилик өзгөчөлүгүндө берилгенде, таануу, ынануу маанилерине жакын келип, белгилүү чекте бул маанилик өзгөчөлүктөрдү да камтып колдонулат. М: *Бүгүн көргөн эртең жок, **ушундай беле** дүйнө шок* (Макал). – *Бек, акыбалыбыз **ушу экен**, мындан ары деле **колубуздан эмне келет**?!* (Т.К.).

*Турмуш деген **татаал экен, кантели,***

*Тагдыр деген **татаал экен** ушундай* (С.Ж.) ж.б.

Бул алынган мисалдардын предикаттарынын тутумунда **беле, экен** көмөкчү сөздөрү катышып келип, алардын таасиринде таануу мааниси да белгилүү өлчөмдө камтылган менен, мындай маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн негизги маанилик түрү катары моюнга алуу мааниси каралат.

Моюнга алуу мааниси, негизинен, кайсыл бир тилдик бирдиктердин, же каражаттардын тике таасиринде эмес, сүйлөм тутумуна кирген сөз, же сөз айкаштарынын лексикалык туюнтмаларына ылайык көбүнчө контекстуалдык ыкмада берилет. Бул маанинин берилишиндеги бир бөтөнчөлүк катары мындай маанини туюнткан сүйлөмдөрдүн өткөн чактык, же учур чактык мааниде берилишин көрсөтүүгө болот.

М: *Бирок анда оттой жаныппыз,*

*Биз тагдырдын такыр таныппыз* (С.Ж.).

-*Мынтип карылык башка түшкөн чак, баатыр* (Э.К.) ж.б. Анткен менен бул эки чактын биринде берилиши туруктуу эмес, кээде чактык маанини айкын көрсөтпөй берилиши да мүмкүн. Маселен, *«Сен, сен дүйнө, сен дүйнө,*

*Ким жеткен сенин түбүңө»* (Коргол) деген сүйлөмдүн предикаты жалпы өткөн чактык формада берилген менен, контекстте ал жакты гана көрсөтпөйт. Ошондой эле моюнга алуу мааниси, жогоруда белгиленгендей, ар дайым эле сүйлөөчүнүн өз каалоосуна каршы келген түшүнүк, көрүнүштүн гана эмес, ой түпкүрүндө каалаган түшүнүгүнүн да ишке ашкан, же ашпагандыгын объективдүү чындык катары моюнга алгандыгын да туюнтат. М: *Калыпмын сүйүп ошондо,*

*Калп айткан менен не керек.* (Э.И.).

*Туткунуң болдум, багындым,*

*Буйругуң барбы мен үчүн?* (Аалы).

*Шамал айдаган жакка көңдөй жаңгактай тоголонуп, талаада тентиреп жүргөн менде эмненин билгени!* (Ян) ж.б.

Ошентип, моюнга алуу мааниси сүйлөөчүнүн өзү кабылган, же катышы болгон көрүнүш, түшүнүктү объективдүү чындык катары кабылдап, аны тана албагандыгын, же жокко чыгара албагандыгын билдирген маани катары келет да, сүйлөөчүнүн ал түшүнүккө болгон көз карашын билдирет.

**Каршы болуу мааниси** – белгилүү бир чекте таануу, ынануу, моюнга алуу маанилери менен катышта болгон маанилик түшүнүк. Бул маани өз ичине сүйлөөчүнүн кайсыл бир көрүнүш, түшүнүк боюнча таанымынын болгондугу үчүн таануу маанисине катышып турса, ынануу, моюнга алуу маанилерине антонимдик катышта келет. Анткени бул маанини камтыган сүйлөмдөрдө адресанттын сөз болуп жаткан түшүнүктүн, кубулуш, окуянын объективдүү чындык экендигине ынанбагандыгын, аны моюнга албагандыгын билдирген ой, маалымат туюнтулат, же каршы болуу маанисинде ал көрүнүшкө, түшүнүккө каршы келген, аны жокко чыгаруучу тааным, түшүнүк болот. Мындай сүйлөмдөрдө сүйлөөчүнүн өз сезим туюмуна, кабылдоосуна ишенгендиги сезилип турат. Мында сөз жүрүп жаткан көрүнүшкө, түшүнүккө сүйлөөчүнүн ынанбагандыгы, же аны моюнга албагандыгы маалымдалат. М: - *Исмен-мисмениң менен ишим эмне!* (Ө.Д.). *Башка бирөөнүн башын ооруткада эмне пайда!?* (Ч.А.) ж.б. Бул мисалдардан көрүнгөндөй, каршы болуу мааниси сүйлөөчүнүн 1-же 2-жактардын ой-пикирине, же өз оюна өзү каршы болгон абалды туюнтушу мүмкүн. Каршы болуу эки өзгөчөлүктө: өктөм (же одоно), солгун (же сылык) абалда берилип, негизинен, төмөнкүдөй тилдик бирдиктердин таасиринде туюнтулат:

а) **Каршымын, туура эмес, кой** деген өңдүү сөздөр катышкан сүйлөмдөрдө жана терс формадагы этиштер катышкан сүйлөмдөр жооп

иретинде айтылганда, каршы болуу мааниси берилет. М: *Эртең барганыңар* ***туура эмес*** (И.Г.). *Ишен**бейм**, жигит, сөзүңө,*

*Азгыр**ба** мени, алда**ба**!* (Т.Ү.)

***Кой, кой,*** *жигит, мага көздү када**ба,***

*Карашыңдан эмне пайда, садага!* (М.Б.) ж.б.

б) **эмне, канча, качан** деген өңдүү сурама ат атоочтор айрым чакчыл жана заттанган сөздөр, **бар, жок** сөздөрү менен предикаттын тутумунда берилсе, андай сүйлөмдөрдө камтылган маалымат сүйлөөчүнүн кайсыл бир түшүнүккө, көрүнүшкө макул эместигин, каршы экендигин туюнтуучу маалымат катары келет. М: -*Муну **жазып бүткүчө качан!?*** (Т.К.). *Алыс жерде анын мардегинин **кереги канча**?* (Ө.Д.). *Чачыңа ак кирди, ордонун **эмне кереги бар** сага? Бийликтин **эмне кереги бар** сага?! (*Т.К.). *Кудалашкан жери бар кыздын тынчын алып мага **эмне жок**?!* (Ч.А.) ж.б. Ошондой эле **жок** сөзү айрым заттык түшүнүктөгү сөздөр, заттанган **керек** модалдык сөзү менен биргеликте келип да каршы болуу маанисин берет. М: -*Дайра суунун боюнда олтурган **жериңер жок*** (Ч.А.). – *Бирок планыңыз жөнүндө алдын ала эскертиштин **кереги жок** эле* (А.Ч.) ж.б.

Кыргыз тилинде сурама ат атоочтор жана өз ичине суроо маанисин камтыган тилдик каражаттар (-бы, беле, бекен, бейм) өзү катышкан сүйлөмгө суроо маанисин гана эмес, бир нече маанилик бөтөнчөлүктөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Булардын мындай көп кырдуу маани жаратуучулук функциясы сүйлөм тутумунда келген лексикалык бирдиктердин табиятына, берилүү өзгөчөлүгүнө ылайык келип чыгат. Андыктан аларды “тигил же бул маанини пайда кылчу каражат” деп бир жактуу кароого болбойт. Каршы болуу маанисинин туюндурулушунда да алардын таасири күчтүү экендигин төмөнкү сүйлөмдөрдөн көрөбүз.

М: - *Шарапатты окутпайсыңбы? – деди Саадат.*

- *О, **кайдан**,* - *деди Бурул,* - ***кайдан**! Заман ушундай бузулуп турганда, **эмненин** окуусу!* (У.А.).

*Атымдын белин бек тартып,*

*Аңтарышып* ***нетемин*** (Барпы).

- *Сабак берген мугалим менен да теңтуш болуп алыш керек****пи****?!* (У.А.). *Арамдан туулган баланы үйүмдө багып отурмак* ***белем****!* (У.А.) ж.б. Ошондой эле – **чы** мүчөлүү “койчу”, “болдучу”, “токтотчу” деген сөздөр да ажырым абалда келип, илептүү интонацияда айтылып, жалпы сүйлөмгө каршы болуу маанисин киргизет. М: ***-Койчу нары****, башымды тегеретпей!* (У.А.). *– Абышкага тийип чыккан неме да* ***жаш болмок беле****!*

- ***Болдучу****, байболгур, башка сөздү сүйлөшөлү****чү!*** (У.А.) ж.б.

в) Ат атооч, чакчыл, көмөкчү сөздөр менен айкаша келген айрым нагыз жана жардамчы этиштер предикаттык функцияда келген сүйлөмдөрдө каршы болуу мааниси камтылат. М: – *Кызды он алтыда гана дешти,* ***тапкан экенсиң*** *карадалыны!* (А.С.). – *Ээ, кулду мага* ***ким коюптур****!..* (Ян).

*Алдына келген келинин,*

***Алсын кантип*** *кайнага!* («С-Б») ж.б.

Ошентип, каршы болуу мааниси сүйлөөчүнүн өз оюна, кабылдоосуна, таанымына шайкеш келбеген түшүнүк, көрүнүштөргө карата болгон мамилесин, көз карашын билдирген маалымат катары келип, ал суроо, маалымдоо маанилериндеги сүйлөмдөрдүн тутумунда келчү маанилик түрлөрдүн бири болуп эсептелет. Бул маанинин берилүү өзгөчөлүктөрүн жогоруда белгиленгендер менен гана чектеп коюуга болбойт. Ошондой эле каршы болуу маанисин «каршылаш тең байланыштагы», «каршы байламталуу тең байланыштагы» жана «каршылаш багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн» тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда болчу каршылаштык маанилерден ажыратып кароо керек.

### *Белгисиздик жана эканжылык маанилери*

Сүйлөөчү өзү түзгөн сүйлөмүндө (айтымында) камтылган маалымат боюнча кайсыл бир деңгээлдеги таанымы болгондо, же берилүүчү маалыматтын мазмуну сүйлөөчүгө белгилүү болсо гана ал сүйлөм куруу мүмкүнчүлүгүнө ээ боолт. Бирок мындан "Ар кайсыл сүйлөмдө сүйлөөчүгө белгилүү болгон маалыматтар гана берилет" деген түшүнүк келип чыкпайт. Сүйлөөчү үчүн белгисиз болгон түшүнүк, көрүнүштөрдүн белгисиздигин маалымдоо да сүйлөм аркылуу ишке ашат. Кепте **белгисиздик** түшүнүгү түрдүүчө деңгээлде (баскычта) берилип, айрым сөз жана сөз айкаштарынын, бөлүкчөлөр менен мүчөлөрдүн, контексттик жагдайдын, интонациянын таасиринде туюнтулат да, белгисиздикти маалымдоо максатына, деңгээлине ылайык болжолдоо, кабатырлануу, күмөндөө, шектенүү маанилеринин келип чыгышын шарттайт. Ошентип, сүйлөм аркылуу берилген белгисиздик мааниси жогоркудай бир нече маанилик түрлөрдүн келип чыгышын шарттоочу түшүнүк болуу менен, айрым сүйлөмдөрдө 1-баскычта берилип, өзүнчө маанилик түр катары каралат. Бул учурда, негизинен, маалымдоо маанисиндеги сүйлөм тибинде уюшулуп, ар кандай окуя, көрүнүштүн, түшүнүктүн сүйлөөчүгө белгисиздигин маалымдайт. Мындай маалымат, жалпысынан, эки өзгөчөлүктө: тике жана образдуу-кыйыр абалда ишке ашат да, кыргыз тилинде төмөнкүдөй тилдик бирдиктердин, каражаттардын көмөгүндө туюндурулат:

а) "Билбейм", "Кудай билет", "намаалым", "туңгуюк", "табышмак" деген өңдүү этиш жана атооч сөздөр предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөрдө белгисиздик мааниси берилет. *М: Кайсыл күнү сылаарымды **билбеймин**,*

*Желден башка сылабаган чачыңдан* (А.О.).

*Өткөрөм кандай күндөрдү,*

*Мен үчүн али **табышмак*** (У.А.). *Айкаштын аягы не менен бүтөрү **Көкө Теңирге гана маалым*** (И.К.) ж.б. Алынган сүйлөмдөрдүн бардыгы маалымат берүү функциясын (маалымдоо маанисин) ишке ашырып, үчөөндө тең белгисиздик маанилери камтылды, тактап айтканда, натыйжалары

сүйлөөчүгө белгисиз болгон түшүнүк, көрүнүштөр маалымдалды. Алардын тутумдарында келген “билбеймин”, “табышмак”, “Көкө Теңирге гана маалым” деген бирдиктер өздөрү катышкан сүйлөмдөрдө берилген ойдун, маалыматтын аткарылышынын, же аткарылбашынын, кандай натыйжа болорунун белгисиздигин билдиришти. 1-мисалдагы белгисиздик маанисин билдирген сөз аталган маанини тике туюндуруп, ушул кызматында функционалдык стилдин бардык түрлөрүндө колдонула берсе, 2-3-мисалдардагы белгиленген тилдик бирдиктер аталган маанини образдуу-кыйыр абалда билдирип, негизинен, оозеки жана көркөм кепте колдонулат.

б) **ким билет** (ким билсин) ат атооч+этиш айкалышы төмөнкүдөй көп кырдуу бөтөнчөлүктөрдө колдонулуп, белгисиздик маанисинин берилишин шарттайт. Бирок кептик жагдайга, жалпы контексттик мазмунга, айтылуу интонациясына ылайык мындан башка маанилерди туюндуруу мүмкүнчүлүгүнө да ээ. Маселен, бул айкалыш өзү катышкан бир эле сүйлөмдө интонациялык өзгөчөлүктүн таасиринде төмөнкүдөй негиздеги үч башка маанилик түрлөрдү туюндура алат. *М: Алды жакта дагы кандай окуялар болорун* ***ким билет*** (Достоевский) (Жай интонацияда, сүйлөөчү өз алдынча сүйлөнгөн жагдайда айтылса, белгисиздик мааниси туюндурулат). - *Алды жакта дагы кандай окуялар болорун* ***ким билет?*** (Суроолуу интонацияда, тыңдоочуга карата айтылса, суроо мааниси туюндурулуп, маалымат алуу максаты коюлат). - *Алды жакта дагы кандай окуялар болорун* ***ким билет!*** (Көтөрүңкү илептүү интонацияда айтылса, “эч ким билбейт” деген тастыктоо мааниси берилет). Андыктан бул айкаштык бирдиктин кайсыл сүйлөмдүн тутумунда кандай маанилик бөтөнчөлүктү туюндуруп колдонулгандыгын аңдай билүү зарыл. Анын белгисиздик маанисин билдирип колдонулушунун негизги шарты катары сүйлөмдүн, же айтымдын тыңдоочуга (2-3-жакка) карата багытталып айтылбагандыгын көрсөтүүгө болот. Эгерде бул бирдик экинчи, же үчүнчү жакка карата айтылган сүйлөмдөрдө катышкан болсо, аталган маани туюндурулбайт. *М:*

*Жүрөгүмдүн анык сырын **сизден** бөлөк **ким билет**?!* (У.А.). ("Сиз гана билесиз" деген тастыктоо мааниси) ж.б.

**Ким билет** адресат айкын болбогон төмөнкүдөй негизде уюшулган сүйлөмдөрдө белгисиздик маанисинин берилишин шарттайт.

*М: Чакырган соң Аккочкор,*

*Жакып найза көтөрдү.*

***Кудай билет, ким билет,***

*Кимиси сайып өтөрдү* ("Жаңыл Мырза").

*Доорубузга каухар чачып калалы,*

*Алдыбызда канча күн бар **ким билет*** (Аалы) ж.б.

Алынган мисалдарда "эч ким билбейт" деген тастыктоочулук, ырастоочулук мааниге караганда "биз билбейбиз", "бизге белгисиз" деген маани негизги орунда турат.

**Ким** ат атоочу менен **билет** этиши негизги семантикаларын толук сактабай, жогоркудай негизде бир сөз сыяктуу шыр интонацияда айтылып, маалымдоо маанисиндеги сүйлөм тибинде уюшулган сүйлөмдөрдүн тутумунда келгенде, киринди сөз түрүндө колдонулса да белгисиздик маанисин пайда кылат. М: *Мамазия ава да күч-кубатынан тая элек, өлүм капарына келбеген кылоолуу кезинде жолуксам, мага бул ырды мындай кылып, чын дили менен терип-тепчип айтып бербес беле, **ким билет*** (С.К.). ***Ким билет**, бүгүн бар, эртең жок дүйнө эмеспи* (С.К.) ж.б.

Эгерде суроолуу сүйлөмдүн тутумунда, же суроо маанисин пайда кылуучу каражаттардын кайсыл бири катышкан сүйлөмдүн тутумунда келсе, бегисиздик маанисин туюндуруу мүмкүнчүлүгү солгундайт. Маселен, *Аялымды эле тиктеп олтурсам бактылуу болгон болор **белем**? Ай, **ким билет*** (А.Г.) деген сүйлөмдө белгисиздик маанисине салыштырмалуу ынанбоо мааниси басымдуулук кылып турат. Ал эми **ким** сурама ат атоочу өз маанисин сактап, ага басым түшүрүлүп айтылуу менен, **билет** сөзү нагыз этиштик функциясында келсе, жалаң сүйлөмдүк структурадагы суроолуу сүйлөм уюшулат. Бул учурду буга чейин сөз болгон учурлары менен

чаташтырууга болбойт. Маселен, ***Ким билет**, бакытты, тагдырды ченеп болбойт* деген сүйлөм менен ***Ким билет**, кийинки айыл кандай аталат?* деген сүйлөмдү бирдей кароо мүмкүн эмес.

**Ким билсин** варианты да предикаттык, киринди сөздүк кызматтарда колдонулуп, жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдүн тутумунда келүү менен белгисиздик маанисин пайда кылат, бирок башка маанилерди да туюнтуу, өз алдынча суроолуу сүйлөм катары колдонулуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ эмес.
М: *Андан кийин анын кимге жолугуп, болгон окуя жөнүндө эмне айтып берерин **ким билсин*** (А.Г.). – ***Ким билсин**, учуру келер бекен, же...* (М.Б.). – *Ох, атынжан, алардын бешенелерине дагы нелер жазылганын **ким билсин**!* (Ф.Н.) ж.б.

в) **–бы** мүчөсү тыңдоочуга, же 3-жакка карата айтылбай, автордун баяндоосу, же каармандын ички кеби катары келген сүйлөмдөрдө бир, же бир нече сөзгө (атооч сөздөргө да, этиштерге да) жалганып келүү менен, өзүнө мүнөздүү болгон суроо маанисин пайда кылбай, өзү катышкан сүйлөмгө белгисиздик маанисин киргизет. М: *Булар согушту көрө элек, дыр коюп качып беришe**би**, же өлбөгөн жерден калып беришe**би**...*(У.А.). *Эми аны курчаган токой тереңинен байлуунун**бу**, башка жандыктын**бы** түшүнүксүз сайраганы угула баштады. Анын үнүнө жооп кылганы**бы**, эми туш тараптан ошого окшогон түшүнүксүз үндөр чыга баштады* (А.М.) ж.б. Мындай сүйлөмдөрдө **ким билет, ким билсин** айкаштары катышып келиши да мүмкүн. Ошондой эле **же** байламтасы, **айтор, кыскасы** деген киринди сөздөрдүн катышуусу да шартталат. М: *Тобокел деп, ошондо көпкөндүк**пү**, же жаштыктын жалыны**бы**, **ким билет**, (айтор), (кыскасы) Барпыга тийишип ырдап кирдим* (Т.Т.). *Бул болгон иш**пи**, жок**пу**, **ким билсин**, же элдин кыялы**бы**...*(У.А.). ж.б. Бирок **–бы** мүчөсү белгисиздик маанисинин берилишин шарттоочу тилдик каражат катары колдонулганда, “суроо маанисин такыр пайда кылбайт” деп бир жактуу кароого болбойт. Айрым сүйлөмдөрдө такыр пайда кылбаган болсо, айрым сүйлөмдөрдө белгилүү чектеги суроо маанисин да камтыйт. Анткен менен андай сүйлөмдөрдө

негизги орунда суроо мааниси эмес, белгисиздик мааниси турат. Маселен, *Күйөөсү өлүү келе**би**, тирүү келе**би**, ким билет, анын үстүнө кыргыздын оозу тек турмак беле, сөзү да болот* деген сүйлөмдө эч кандай суроо маанисин туюнтпаган болсо, *Бул менин куру куса болгонум**бу**, болбосо, көңүлүм кайрадан көгөрүп, максатым жаңырып, тазарганым**бы**?* деген сүйлөмдө белгилүү чектеги суроо мааниси да камтылды. Ошондой эле бул мүчө кээде жалпы сүйлөмгө эмес, өзү жалганган сөзгө гана белгисиздик маанисин киргизип калат. М: *Көлөкө, күңүрт болгонунан эшик**пи**, тешик**пи** ажырата албады* (А.М.) ж.б.

г) **Негедир, эмне үчүндүр** белгисиз ат атоочтору өздөрү катышкан сүйлөмдөрдө белгисиздик маанисин пайда кылышып, сүйлөөчүнүн өзүнө намаалым болгон ойду, көрүнүштү маалымдаган сүйлөмдөрдү уюштурат. Алар өз ара синоним болгондуктан, стилдик талаптардын чегинде бири-биринин ордуна колдонулуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ.

*М: **Негедир** канаттуулар учуп өтсө,*

*Сезилет сени көздөй бараткансып* (О.С.).

***Негедир** жүрөк жалтанат,*

*Жүрсөк да дайым бирге эле* (Ж.Ш.). ***Эмне үчүндүр** жүрөгү жыйрылып, колуна кат тийгенде, муздак сууга колун салгандай ичиркенип кетти* (У.А.). *Бир канча мүнөткө болсо да, **эмне үчүндүр** өзүм менен өзүм гана болгум келди* (С.К.). ж.б. Ал эми кыргыз тилиндеги белгисиз ат атоочтордун булардан башка түрлөрү заттык, мезгилдик ж.б. түшүнүктөрдүн белгисиздигин гана туюндуруп, жалпы сүйлөмдүк мааниге мүнөздүү болгон белгисиздик түшүнүгүн пайда кыла албайт.

д) Антонимдик катышта келген сөздөргө **–бы** мүчөсү жалганып, же андай сөздөр менен **эмне** сурама ат атоочу биргеликте келип колдонулган сүйлөмдөрдө белгисиздик мааниси берилет. Мындай учурда “эмне” ат атоочу суроо маанисин туюндуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбойт. *М: - Ыя, акыретке чейин **эмне бар, эмне жок**!* (Т.К.). – *О, дүйнө, сагынгандарым келип, мен чыркырап ыйлар күнүм **барбы, жокпу**?* (У.А.). ***Алыстанбы, жакынданбы***

*кулагына кайсыл бир дарыянын шоокуму бирде* ***алыстан****, бирде* ***жакындан*** *угулат* (А.М.) ж.б. Мындагы 3-мисалда колдонулган “алыстан”, “жакындан” деген антонимдик катыштагы сөздөр **–бы** мүчөсү жалганып келгендиги үчүн сүйлөмдөгү маалыматка белгисиздик маанисин (түшүнүгүн) киргизсе, кийинки келген ушул эле сөздөр бул мүчө уланбагандыктан аталган маанини жарата алган жок. Ал эми бул мисалдагы “кайсыл бир” белгисиз ат атоочу жалпы сүйлөмдөгү ойго эмес, өзү синтаксистик катышта болгон “дарыя” сөзүнө гана белгисиздик түшүнүгүн киргизди.

Ошентип, белгисиздик мааниси сүйлөм аркылуу берилген маалыматтын ичинде камтылган маанилик түрлөрдүн бири катары келип, негизинен, жогоруда көрсөтүлгөн тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде туюндурулат да, ал бирдиктер айрым сүйлөмдөрдө катарлаш абалда колдонулуу менен көркөм сөз каражаттары катары да кызмат өтөйт.

*М: Сездиң****би****, сезбедиң****би*** *абалымды,*

*Азырынча* ***табышмак*** *аның мага* (Б.А.).

*Айлана жымжырт мемиреп,*

*Келе****би****, жок****пу****,* ***ким билет*** (К.Т.) ж.б.

Белгисиздик маанисинин берилүү өзгөчөлүктөрү да, аны пайда кылуучу бирдиктер менен каржаттардын сүйлөмдө колдонулуу бөтөнчөлүктөрү да көп кырдуу.

**Эканжылык мааниси** белгилүү бир чекте белгисиздик мааниси менен катышта болуп, сүйлөөчүнүн өзү кабылган кайсыл бир көрүнүшкө, түшүнүккө карата бир чечимге келе албай калган абалын билдирген маани болуп эсептелет. Ал эми сүйлөөчүдөгү мындай абал белгисиздик түшүнүгүнүн таасиринде, же качан гана сүйлөөчү өзүнө толук белгилүү эмес көрүнүшкө, маалыматка кабылып, ага пикир билдирүү, же чечимге келүү зарылдыгына туш келген учурда пайда болот. Белгисиздик мааниси сүйлөөчүнүн өзү кабылган көрүнүш, маалымат боюнча түшүнүгү жоктугун, же ага белгисиз экендигин билдирген маани катары келсе, эканжылык мааниси сүйлөөчүнүн ал көрүнүшкө, маалыматка карата кайсыл бир

деңгээлдеги түшүнүгү, ой-пикири бардыгын, бирок өз оюна өзү толук ынана албагандыгын, бир тыянакка келе албаган абалын билдирүүчү маани катары келет. Өз ичине эканжылык маанисин камтыган сүйлөмдөр, негизинен, оозеки жана көркөм кепте колдонулуп, төмөнкүдөй негиздеги тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде туюндурулат да, маанилик типтери боюнча көбүнчө суроо, кээде маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болот:

а) Үч жактын биринде шарттуу ыңгай формасында келген этиштер, же ага **-бы** мүчөсү жалганып келип предикаттык функцияны аткарган этиштер өздөрү катышкан сүйлөмгө, негизинен, эканжылык маанисин киргизет. Мындай грамматикалык формадагы предикаттын тутумунда **экен, бекен** көмөкчү сөздөрү катышса, алар да белгилүү өлчөмдө аталган маанинин берилишин шарттайт. М: *Эмне кыл**сам**? Ата-энемкине кетип кал**самбы**? Эмне деп кетип, эмне деп барам? Болотбегим таштап кеткен үйдөн кантип кетем?(*У.А.). *Эки саатча уктап ал де**семби**? Ошондон кийин туталанбай калар **бекен?*** (Достоевский). *Ошону үчүн буга кандай мамиле **кылсам экен**: бир шылтоо айтып, эптеп үйдө калайын**бы**, же башка жакка кетип кал**самбы**?* (Ф.М.). *Мен тиги кошуналарга барып кел**сем бекен*** (И.К.). ж.б. Алынган мисалдардан көрүнгөндөй, аталган маанинин көбүнчө каармандын ички кеби катары келген сүйлөмдөрдө камтылары байкалат. **–са, -бы** мүчөлөрүнүн деңгээлинде болбосо да, **экен, бекен** көмөкчү сөздөрүнүн да ролу бардыгын жогорку мисалдардан көрүүгө болот. Маселен, 4-сүйлөм *Мен тиги кошуналарга барып келсем* деп берилсе, башкача айтканда, анын предикатындагы **–са** мүчөсүнөн кийин же **–бы** мүчөсү, же **бекен** көмөкчү сөзү катышпаса, эканжылык маани эмес, сунуштоо мааниси туюндурулмак. Ошондой эле аталган маанинин берилишинде **же** байламтасынын да таасири бардыгы байкалат, тактап айтканда, эканжылык маанисинин чагылдырылышын айкындоого бул байламта **–са, -бы** мүчөлөрүнө көмөктөшөт. М: ***Же** муну сабабай эле койсок**пу**?...* (И.К.). *Сүйүп **алсамбы, же***

*ала **качсамбы?*** (Обондуу ырдан). *Бул бойдон **же** жайытка кое берүүгө болбо**со**...*(Ж.М.) ж.б.

Ошентип, **-са, -бы** мүчөлөрү, **экен, бекен** көмөкчү сөздөрү, **же** байламтасы сүйлөм семантикасына ылайык бири экинчисин толуктоочу өз ара катышта колдонулуу менен, эканжылык маанисин туюндуруучу негизги грамматикалык каражаттар катары кызмат өтөшөт.

б) Айрым төл жана бөтөн сөздүү сүйлөмдөрдүн тутумунда (негизинен, төл сөздүн курамында) **эканжы, арсар** сөздөрү катышып келип, түрдүүчө деңгээлде берилген эканжылык мааниси маалымдалат. М: *Тептеңир ушуну айт**самбы**, **же** тек эле кой**сомбу** дегендей **эканжы болуп туруп** акыры акылын айтты* (И.К.). *– Аны көрөрбүз,* - *деди Таштанафган ийнин **арсар** куушуруп,* - *кандай болот экен?* (Ч.А.) ж.б. Мындагы 1-сүйлөмдө каармандын оюндагы эканжылык бөтөн сөз түрүндө келген түрмөктө **–са, -бы** мүчөлөрүнүн, **же** байламтасынын таасиринде берилсе да, аны төл сөз тибинде келген автордук баяндоодогу “эканжы болуп туруп” деген чакчыл этиш айкындады. Ал эми кийинки мисалдагы каармандын эканжылык абалы анын кеби катары келген тике сөз түрүндөгү сүйлөмдө сезилбесе да, автордук маалымдоодогу “арсар” сөзүнүн таасиринде маалым болду. Ошондой эле айрым сүйлөмдөрдө антонимдик катышта келген сөздөр да эканжылык маанисинин туюндурулушун шарттап калат. М: - *Мен эми, досум, **барышымы да, коюшуму да** билбей турам* (Достоевский). *– Анын **акылман экенин да, акмак экенин да** айта албай калдым* (С.М.) ж.б.

Ошентип, эканжылык мааниси, негизинен, жогоруда көрсөтүлгөндөй өзгөчөлүктөрдө берилип, белгиленген тилдик каражаттардын таасиринде келип чыгат да, кайсыл бир деңгээлде белгисиздик мааниси менен катышта болот. Башкача айтканда, сүйлөөчүнүн сүйлөм куруу учурундагы ага (уюшулуучу сүйлөмдүн мазмунуна) байланышкан маалыматтын, түшүнүктүн жетишсиздигинен, же так эместигинен сүйлөөчү болжолдонгон ойду айтуу, кабатырланган, шектенген жагдайга кабылуу абалына келген сыяктуу эле белгилүүлүктүн жетишсиздигинен, же белгисиздиктин таасиринде сүйлөөчү

эканжы ойду, так эмес маалыматты берүүгө аргасыз болот. Сүйлөөчүнүн мындай өзгөчөлүктөрдө берген маалыматтарынын ар бири өз алдынча сүйлөмдүк маанилер катары каралып, андай сүйлөмдөр аркылуу сүйлөөчүнүн маалымат берүүдөгү абалы, айтылган ойго карата болгон түшүнүгү, көз карашы чагылдырылат. Ал эми тилдик карым-катнаш жасоодогу негизги талаптардын, зарылдыктардын бири болуп, сүйлөмдө, же айтымда камтылган бул өңдүү маанилик бөтөнчөлүктөрдү аңдай алуу эсептелет. Көп кырдуу маанилик жана структуралык өзгөчөлүктөрдө уюшулуу менен, адам аң-сезиминдеги түрдүү түшүнүктөрдү сүйлөөчүнүн жагдайга ылайык келип чыккан ички психологиялык ал-абалын, чөйрөнү кабылдоодогу ой жорумун туюндуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондугу үчүн сүйлөм эң негизги тилдик бирдик болуп саналат. Ага мүнөздүү болгон, же анын тутумунда камтылган тилдик каражаттар (интонация, басым, үн ыргагы, мүчөлөр, көмөкчү сөздөр ж.б.) менен алардын таасиринде келип чыккан маанилик түрлөрдүн эч бири орунсуз, же артыкбаш эмес. Алардын ар биринин сүйлөм ичинде өз орду, ролу бар.

## *Болжолдоо мааниси*

Болжолдоо мааниси сүйлөөчүнүн өзүндө жеткиликтүү деңгээлдеги маалыматы, түшүнүгү болбогон, бирок анын объективдүү жана субъективдүү шарт-кырдаалдарга ылайык кабылдаган ой-пикирин чагылдырган сүйлөмдөрдө камтылат. Бул маани белгисиздик, эканжылык жана бүшүркөө маанилерине жакын келип, негизинен, маалымдоо, суроо тибиндеги сүйлөмдөрдө камтылат. Мындай сүйлөмдөрдөгү берилген маалымат так, аргументтүү болбой, сүйлөөчүнүн субъективдүү оюу, пикири катары келет.

Сүйлөмдөгү болжолдоо мааниси төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдө берилет:

а) Жалпы сүйлөмдүк тулку болжолдонгон маалыматты камтыйт.

М: *Сыягы, Искөбүл-паша менен алдыртан алакага келүүгө аракети бардай* (Т.К.). *Бейтааныш аялдын жашы отуз менен кырктын ортосунда* (А.Г.). *Же*

*болбосо бир тикенек бөлгөнбү?* (Аалы) ж.б. Кээде мындай сүйлөмдөр катарлаш абалда берилиши мүмкүн. М: *Табыңдан бузуп алдым окшойт. Айланайын кырааным, сенден да айрылат окшоп калдым. Үйрөнгөн тооңдо жүрсөң, кор болбоссуң* (Ж.М.) ж.б.

б) Тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүк структурада уюшулган сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн кайсыл бири болжолдоо маанисинде болот. М: ***Молдо Кайып болжол менен XIX кылымдын баш чендеринде туулган,*** *ал учурда Кокон хандыгы дооран сүрүп турган мезгил болчу* ("Ала-Тоо"). ***Балким, сүрүм, же сүйүүңдүн күчүбү,***

*Чоктой ысып эки бетиң албырат* (М.Б.).

-*Кеңешибизди угуп, акылга көнүп иш кылсаң,* ***кор боло койбоспуз*** (Ж.М.).

***Өмүрлөр, балким, узарар,***

*Экөөбүз жүрсөк жанашып* (Б.А.) ж.б.

в) Маалымдоо маанисиндеги татаалдашкан сүйлөмдөрдү уюштуруучу тилдик бирдик катары келген тике сөздөрдө, киринди сүйлөмдөрдө болжолдоо мааниси камтылат. М: "***Сыягы, бир кезде кеги калгандай***" *деп болжолдошот* (Ж.М.). *Темселеген бирөө, албетте,* ***жаңылыштыктан болсо керек****, аз жерден менин бөлмөмө качырып кирип келе жаздаса болобу!* (А.Г.). ***Үшүгөндүгүнөнбү, же коркпондугунанбы****, айтор, тигил бечаранын денеси опсуз калтырап-титирей баштады.* (Ж.М.) ж.б.

Болжолдоо мааниси, негизинен, төмөнкүдөй тилдик бирдиктердин, каражаттардын таасиринде уюшулат:

**1. Керек, мүмкүн, имиш, сыягы, ыктымал, балким** деген өңдүү модалдык сөздөрдүн таасиринде берилет. Мындай сөздөр өздөрү катышкан сүйлөмдө анын тутумунда берилген ойдун объективдүү чындыкка дал келгендиги, же келбегендиги айкын болбогон, болжолдонгон маалымат, же субъективдүү пикир катары берилишин шарттоочу милдетти аткарышат.

М: ***Койсоң керек*** *сен сүйүүңдү кулпулап.* (К.Ж.). *Көп сүйлөгөндү жактырбашы да* ***мүмкүн*** *(Э.К.). – Өзү кызык адам, эгер казынаны таап алсак, ал өз энчисинен баш тартышы да* ***ыктымал*** (А.С.).

*Бозойдун тарткан кыягы,*

*Сүйүүсүн айтат,* ***сыягы*** (Э.К.).

*Кара жердин боорунда.*

*Калганың бар* ***шекилди****.*

*Кайгырасың жалгызга,*

*Арманың бар* ***шекилди*** (Жеңижок) ж.б.

Кээде мындай модалдык сөздөрдүн экөөсү бир сүйлөмдө бири кириндИ сөздүк кызматта, экинчиси баяндоочтун тутумунда келип, бири-бирин толуктоочу абалда колдонулат. Бирок бул учурда кириндИ сөз катары келгени көмөкчү абалда болуп, ал катыштырылбаса да, болжолдоо мааниси сүйлөмдө сактала берет. М: *Ал күнү мен****, сыягы****, иштен аябай чарчасам* ***керек*** (С.Ж.). *Анын колунда,* ***балким****, түйүнчөк болушу* ***мүмкүн*** (А.Г.) ж.б. Бирок **керек, имиш, мүмкүн** модалдык сөздөрү өздөрү катышкан сүйлөмдө ар дайым эле болжолдоо маанисин пайда кыла бербейт. Маселен, **керек** сөзү **–са** мүчөлүү этиштен кийин келсе, ар дайым болжолдоо маанисин туюнтат, ал эми мындан башка грамматикалык формада берилген этиштерден, же атооч сөздөрдөн киийн келсе, болжолдоо маанисин, дээрлик, туюнтпайт. М: *Базар күнү бол****со керек эле*** (“Ала-Тоо”). *Саясий максаттар үчүн экологияга* ***зыян келтирбөө керек*** (Ч.А.). *Бул талаптарды ишке ашыруу үчүн көп* ***эмгек керек*** (С.Ж.) ж.б. Айрым учурда кыймыл атооч формасындагы этиштен кийин келип да болжолдоо маанисин пайда кылып калат, бирок андай учурда кыймыл атоочтун мүчөсүн **–са** мүчөсү менен алмаштырып берүүгө мүмкүн болот. М: *Петр Тошков ага* ***айткан болуу (-ыш, -са) керек****.* (А.Г.). ж.б. Ал эми **мүмкүн** сөзү кириндИ сөздүк функцияда да, баяндоочтун тутумунда да келүү менен, болжолдоо маанисин туюнтуп да, туюнтпай да колдонулат. М: *Анын бөтөн бут баспаган сепили* ***Карабаир болушу мүмкүн****.* (А.Г.). *Ат атоочтук баяндоочтор жатыш, чыгыш жөндөмө уландыларында болушу да мүмкүн* (А.Ж.) ж.б. Бул сөздүн болжолдоо маанисин туюнтуу, же туюнтпоо кызматы анын сүйлөмдөн алган орун абалына да байланыштуу болот. Маселен, *Эгерде алар өздөрү түшүнүп багынышса,* ***мүмкүн****, анда “орус*

*маселесине” кайрылууга болот* (А.Ч.) деген сүйлөмдөгү **мүмкүн** сөзү бул абалда эмес, баяндоочтун тутумунда берилсе, ал сүйлөмдө болжолдоо мааниси камтылбас эле. М: *Эгерде алар өздөрү түшүнүп багынышса, анда “орус маселесине” кайрылууга **мүмкүн** болот* ж.б. Ошондой эле бул өңдүү эки башка маанини туюнтуп колдонулуу өзгөчөлүгү **имиш** сөзүнө да мүнөздүү. М: *Абил бийдин эшигине сүйрөтүп алып келишкен **имиш*** (Т.К.). *Дароо эле бүтүрө коет **имиш!** (*Оозеки кеп) ж.б. Болжолдоо маанисин пайда кылуучу мындай модалдык сөздөр катышкан айрым сүйлөмдөрдө андай сөздөргө антонимдик катышта болгон **албетте, туура, ооба** деген өңдүү ырастоочу сөздөр киринди сөздүк кызматта келип катышып калат. Бирок алар мындай учурда сүйлөмдөгү болжолдоо маанисин жокко чыгара албайт. М: *-**Албетте**, ошондой болушу да мүмкүн* (А.Г.). ***Ооба,** ар кандай окуялардын болуп кетиши ыктымал* (И.Л.). – ***Туура, туура**, ошондой болгон имиш* (Ж.М.) ж.б.

2. **Көрүнөт, окшойт, өңдөнөт, сыяктанат** деген көмөкчү сөздөр үч жактын биринде, оң жана терс формаларында берилүү менен модалдык мааниде колдонулуп, өзү катышкан сүйлөмгө болжолдоо маанисин киргизишет. М: *Түшүп калсак торуна,*

*Жан коер акмак **көрүнбөйт*** (“Эр Төштүк”).

*Каптатам сага жинимди,*

*Кара ниет **окшойсуң,***

*Калп айтарың билинди (“*Эр Табылды”).

*Кеңешүү таалай **өңдөнөт,***

*Келечек ойду сырдашып* (Ж.С.). *Анын мелтиреп көгөргөн асманды тиктеп жатып алышы өзүнчө бир кумар **сыяктанат*** (А.Г.) ж.б. Бирок бул сөздөр да сүйлөм тутумунда эки башка өзгөчөлүктө: көмөкчү этиштик жана нагыз этиштик кызматта колдонулат. Ал эми болжолдоо мааниси булар качан гана көмөкчү этиштик абалда колдонулуп, баяндоочтун тутумунда келгенде пайда болот. Эгерде ал сөздөр нагыз этиштик функцияда

келип, же өз алдынча сүйлөм мүчөсү болуп түшсө, ал сүйлөмдө болжолдоо мааниси пайда болбойт. М: *Суу алууга Быйты күң,*

***Келип калган көрүнөт*** (Болжолдоо мааниси).

*Андан ары бастырса,*

*Такыядай боз дөбө,*

***Уурчугу чыгып көрүнөт*** (Айкын маалымдоо мааниси). – *Өскөн журттун* ***кулуну окшойсуң****?* (Болжолдоо мааниси). – *Сен чоң атаңа* ***окшойсуң*** (Айкын маалымдоо мааниси) ж.б.

3. Кириндичсөздөр менен киринди сүйлөмдөрдүн таасиринде болжолдоо мааниси келип чыгат. Мындай сүйлөмдөрдүн баяндоочторунун тутумунда кайсыл бир модалдык сөздөр, же модалдык маанидe келген көмөкчү этиштер катышпайт. М: *Мен күткөн ушул эмеспи,* ***буюрса****, жол болот экен* (Э.К.). ***Чагымда****, баягы бүркүттөр балдарын эртең-бүрсүгүндөн учурат* (Ж.М.). ***Шоферлордун айтуусуна караганда****, доктор мени мурдумдан жетелеп, көз көрүнө алдап кетиптир* (А.Г.). ***Сыртынан караганда,*** *ал мага эч нерсе айтпайт* (И.Л.) ж.б. Кээ бир татаал сүйлөмдөрдө болжолдоо маанисин пайда кылуучу тилдик бирдиктердин бул көрсөтүлгөн үч түрү тең катышып калат. М: ***Кыязы,*** *кандайдыр бир шайке жөнүндө кеп болуп жатты* ***көрүнөт****, анда Чума менен Леха үчүнчү ролду* ***ойношсо керек*** (И.А.) ж.б.

4.Сүйлөмдө камтылган болжолдоо мааниси предикаттын тутумунда келген төмөндөгү форма жасоочу жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн таасиринде пайда болот:

а) Арсар келер чакты уюштурган **–ар** мүчөсү өзү жалганган этиш катышкан сүйлөмдөгү ойду, маалыматты болжолдонгон, чындык менен шайкеш келиш-келбеши айкын болбогон маалыматка өткөрөт.

М: *Агаң ушул деген соң,*

***Айткан чыгар*** *эркелеп* (“С-Б”).

*Акмарал кууп үй* ***кылар,***

*Алышкан жанды* ***буй кылар*** (“Семетей”).

*Кызыл-кызыл кыялар,*

*Кыргый талга* ***уялар.***

*Такыясын колго алып,*

*Кыз жигитти* ***кубалар*** (Калыгул).

*Бетти сылап өтүп кеткен жай жели,*

*Эркелетип* ***сүйгөн чыгар*** *ал сени* (К.Ж.) ж.б.

Ошондой эле арсар келер чактын терс формасын уюштурган **–бас** мүчөсү да ушул эле функцияны аткарат. М: *Арстанбек менен Калыгул, Молдо Кылыч менен Молдо Нияз, Токтогул менен Тоголок Молдо, Барпы менен Калык, Сагымбай менен Саякбай өңдүү чыгаан таланттарды төгүн жерден эле чыккан деп айтууга эч кимдин* ***оозу барбас*** ("Ала-Тоо"). *Көпкө* ***турбас*** *мобул турган сур булут* (А.О.). *Кылчайып күлүп койгонуң,*

*Кырк жылга* ***кетпес*** *санаамдан* (Т.Т.) ж.б. Бирок сүйлөмдөгү болжолдоо маанисинин уюшулушундагы арсар келер чактын **–ар, -бас** мүчөлөрүнүн ролун бул мүчөлөрдүн этиштин туунду формаларынын бири болгон атоочтукту уюштурган учурлары менен чаташтырууга болбойт.

б) **–дыр** мүчөсү **–ган** формалуу этиштерге, зат атооч, ат атооч, сын атооч, сан атооч, тактооч жана айрым модалдык сөздөргө, "бар", "жок" сөздөрүнө жалганып, предикативдүүлүктү уюштуруучу каражат катары келүү менен бирге эле өзү катышкан сүйлөмдө айтылган ойду болжолдонгон маалыматка айландырат. М: *Жакшы болсо Кенжеке,*

*Аманатым* ***койгондур.***

*Жаман болсо Кенжеке,*

*Чаар ингенди* ***сойгондур*** ("Эр Төштүк").

*Далай жашка белгисиз,*

***Баргандырсың,*** *Ысык-Көл.*

*Далай элди узатып,*

***Калгандырсың,*** *Ысык-Көл* (А.Т.) ж.б.

Эгерде бул мүчө атооч, же тактооч сөздөргө жалганса, ал сүйлөмдө кайсыл бир киринди сөздүн катышуусун талап кылат. М: ***Балким,** ошол колундагы Болот тырмакты тапка келтирүүчү **нерседир** (*Ж.М.). ***Мүмкүн** кеңешме **эртеңдир*** (Оозеки кеп). ***Балким,** ушул зор бактынын **өзүдүр**...*(Ж.М.). ж.б. Ал эми **–ган** мүчөлүү этишке жалганып келгенде, киринди сөздүн ал сүйлөмгө катышышы зарыл болбойт. Бул мүчө этишке, же атооч сөздөргө жалганып келип, бирок 1-жакта берилсе, же ал сүйлөмдүн ээси 1-жакта турса, болжолдоо маанисин пайда кыла албайт. Маселен, "***Мен** бир досуңдан калган **карыптыр,** эсимди Кудай алыптыр"* ("С-Б"). ***"Балким,** эчак эле **бүтүрүп койгондурмун"*** (Оозеки кеп) деген сүйлөмдөрдө **–дыр** мүчөсү да, киринди сөз да болжолдоо маанисин пайда кыла алышкан жок. Анткени мындай учурда сүйлөөчү өзү, же өзүнө айкын болгон түшүнүк жөнүндө маалымдайт. Ал эми **–дыр** мүчөсү менен киринди сөздөр бул учурда стилдик-көркөмдүк максатта гана колдонулуп калат.

в) **–дай** мүчөсү сүйлөм ичинде салыштыруу маанисинен тышкары **–ган, -чу** мүчөлүү этиштерге, сан атооч жана сан атоочтон кийин келген мезгилдик түшүнүктөгү зат атоочторго, айрым модалдык сөздөр менен "бар", "жок" сөздөрүнө жалганып келип, болжолдоо маанисин да пайда кылат.

М: *Кайдадыр эркин жайга аркыраган шамал менен жарышып, үлбүрөп чубалган булуттардын үстүнөн **сызгысы келгендей*** (Т.К.).

*Журт багынып бербесең,*

*Кашайта көздү **ойчудай.***

*Калтырбай жанды **сойчудай*** ("Эр Төштүк"). *Бул жерде тергөөнү чыныгы күнөөлүүлөрдөн адаштыруу максаты **бардай*** ("Кылмыш жана жаза") ж.б. Эгерде сан атоочко, же сан атооч менен катыштагы абстрактуу зат атоочко жалганса, **-ча** мүчөсү менен синонимдеш болуп колдонулат.

М: *Тиги, Сарыбулакта кен ачылган имиш, ошол жакка кеткенине **бир айча (-дай) болду*** ("Ала-Тоо"). *– Кечээ тиги кырдын аркы бетинде **жыйырмадай** жылкы жүргөн* (Оозеки кеп) ж.б. Мисалдардан көрүнгөндөй бул мүчөлөр баяндоочтун тутумунда келген сөзгө жалганса, жалпы сүйлөмгө, айкындооч

мүчө болуп түшкөн сөзгө жалганса, өзү уланган сөзгө гана болжолдоо маанисин киргизет.

г) **–бы** мүчөсү этиштерге жалганганда айрым сүйлөмдөрдө суроо маанисин эмес, болжолдоо маанисин пайда кылат. Бул мүчө уланган этиштен кийин “де” жардамчы этиши айкаша келиши мүмкүн. М: *Ал да менден* ***түңүлгөнбү,*** *үн бербейт* (Аалы).

*Каракөз шайыр сулууну,*
***Калдымбы деймин*** *жактырып* (Э.У.).

***Өрттөнүп кетеби дейм*** *боз уландар,*
*Өзүңө жакындашып бир болгондо* (А.И.) ж.б.

д) Сейрегирээк болсо да, этиштин терс формасын уюштуруучу **–ба** мүчөсү кээде контекстке ылайык өз алдынча, кээде кириндии сөздүн көмөгүндө өзү катышкан сүйлөмгө болжолдоо маанисин киргизет.

*М: “Бермет берди муну” деп,*
*Хан Бөкөйгө* ***бербесин.***
*Иниңе душман кылмакка,*
*Ойлочу, ушул Коңурбай,*
*Ортодо* ***бузуп жүрбөсүн*** (“С-Б”). ***Балким,*** *кайненесине шыбырап, же бир кыймыл менен ишарат кылып* ***түшүндүрүп жатпасын*** (Ж.М.). ***Кыязы,*** *сен жаман деле адам* ***көрүнбөйсүң*** (А.Г.) ж.*б.*

5. **го** бөлүкчөсү контексттик жана интонациялык өзгөчөлүктөргө ылайык айрым сүйлөмдөрдө болжолдоо маанисин жаратат. *М: Антпесе, эл кыдырып өнөр кылышка оор болот* ***го*** (К.А.). *Көбүрөөк отуруп калган калбаганын текшерип көргөнү келген* ***го*** (А.Г.) ж.б. Бирок кээ бир сүйлөмдөрдө бул бөлүкчөнүн болжолдоо маанисин пайда кылуу мүмкүнчүлүгү солгун болуп, ага же **–дай** мүчөсү, же де жардамчы этиши, же кайсыл бир кириндии сөз көмөк көрсөтөт. Эгерде мындай көмөкчү каражаттар катыштырылбай, сүйлөм көтөрүңкү интонацияда айтылса, болжолдоо мааниси сакталбайт. М: -*Акылың толо эр жетип, каныктың* ***го дейм*** (А.С.). *Ошентсе да канга сиңип, кумар кылып койгон кептер баш менен кошо*

*жатчу**дай го*** (Ж.М.). -***Кейпи**, түн ичинде дагы жамгыр жааганы турат **го*** (А.Г.) ж.б.

6. **бейм, беле, бекен** көмөкчү сөздөрү көпчүлүк сүйлөмдөрдө суроо маанисин пайда кылышса, айрым сүйлөмдөрдө болжолдоо маанисин туюнтушат. Мындай абал контексттик мааниге ылайык келип чыгып, бул учурда сүйлөмдүн айтылышы да жай, же илептүү сүйлөмдүк интонацияда болот. *М: Тилекти Кудай берет **бейм,***

*Сырттаным эми келет **бейм*** (“Эр Төштүк”).

*Таякеңден тай алып,*

*Минип келер **бекенсиң**.*

*Таяжеңдин бир кызын,*

*Илип келер **бекенсиң*** (А.К.). *Жолдош абанын эми аргасы түгөндү **белем,** үшкүрүнүп, тигиндей жерде турган жалпак таштын үстүнө отура кетти* (“Ала-Тоо”). ж.б. Негизи, менен сүйлөмдө камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдүн туюнтулушунда негизги рол бул өңдүү көмөкчү сөздөргө, же мүчөлөргө эмес, контекстке таандык. Анткени бир эле көмөкчү сөз, же мүчө ар кайсыл сүйлөмдө ар башка маанинин берилишин шарттап калат. *М: Азыр мен ал көзүңдү табар **белем**?*

*Анда сен баштагыңдай жанар **белең?*** (Г.М.). *Кеңеш өкмөтү чыкпаганда, үй-бүлө күтпөй, “сакалдуу койчу” атанып көз жумуп кетет **белем*** (Ж.М.) ж.б. Бул сүйлөмдөрдүн биринчиси туңгуюк суроо маанисинде, экинчиси болжолдоо маанисинде берилди. Бирок аталган маанилик өзгөчөлүктөр бири-бирине бир топ жакын келет, себеби суроо маанисинде сүйлөөчү өзүнө айкын болбогон, ал үчүн белгисиз түшүнүктү билүү максатын койсо, болжолдоо маанисинде да сүйлөөчүгө айкын эмес, болжолдонгон түшүнүк маалымдалат. Ошондуктан бул эки маанинин элементтери кээде бир сүйлөмдө камтылып калышы да мүмкүн. М: -*Силер, балким, ошол аңчылык эмне менен аяктаганын билет чыгарсыңар?* (А.Г.) ж.б.

7. Өзү катышкан сүйлөмгө болжолдоо маанисин киргизүү **же, же болбосо** байламталарына да мүнөздүү. Булар туюнткан маанилери боюнча өз ара жакын болгон сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруу аркылуу, же байламталык кызматты аткарбай эле өзү катышып келген сүйлөмдө болжолдоо маанисин пайда кылат.

*М: Эгерде бирөө болсо менден бөлөк,*

***Же** тытып, сүрөтүңдү **же** өрттөмөк* (Ж.С.).

***Же** болбосо сен жаралып мен үчүн,*

*Жаралганда мендик болуп жаралдың* (О.С.). ж.б.

Болжолдоо маанисин пайда кылчу жогоруда көрсөтүлгөн көмөкчү сөздөр менен мүчөлөрдүн түрлөрү кээде жеке өздөрү катышып бул маанинин берилишин шарттаса, кээде мүчө менен мүчө, же мүчө менен көмөкчү сөз кабатташ абалда, же бир сүйлөмдө келип, аталган маанини уюштурат. *М:* - *Уурдаганды билгендер кайрылышарды да* ***унутушпастыр*** (Ж.М.). – *Бул заманың туруп калса, тил билген, сабаты бар, эти тирикарак адам кор* ***болбочудай го*** (Ж.М.). *Кара жолтой бул казан,*

***Кайсачудай көрүнду*** (“Эр Төштүк”).

***Мүмкүн** азыр мени ойлоп сен дагы,*

*Жаткан**дыр**сың ай шооласын жамынып (*К.Ж.) ж.б.

Кээде болжолдоо мааниси жогоркудай кайсыл бир тилдик бирдиктердин, же каражаттардын таасиринде эмес, айтылган ойдун болжолдонгон маалымат экендиги тике түрдө айтылып калат. М: *Көңүлдөшү таштап кеткен Иллардия Англиядан кандайдыр бир болгаринди таап алат да, ага турмушка чыгат, бирок мунун баары имиш-имиш кеп* (А.Г.) ж.б.

Ошентип, болжолдоо маанисин камтыган сүйлөмдөр түрдүү жанрдагы көркөм чыгармалардын тилинде, публицистикалык стилде, оозеки кепте арбын колдонулуп, андай сүйлөмдөр, негизинен, маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдүн өзүнчө маанилик түрү катары келет. Мындай сүйлөмдөрдө камтылган ойдун, берилген маалыматтын объективдүү чындыкка болгон катышы айкын болбогондуктан, сүйлөөчүнүн жеке көз карашы, түшүнүгү

катарында каралат да, белгисиздик, күмөндүүлүк, эканжылык түшүнүктөрүнө логикалык катышта болуу менен, белгилүү бир негизде бул маанилерге байланышып кетет. Бирок аталган маанилердин ар бири өз алдынча бөтөнчөлүктөргө ээ. Буларды өз ара жакындатып турган негизги өзгөчөлүк – мындай сүйлөмдөрдө айтылган ойдун, түшүнүктүн сүйлөөчү үчүн айкын болбогондугу, же аларда камтылган маалыматтын субъективдүү мүнөзгө ээ экендиги. Мындай жакындыктарына ылайык бул маанилердин айрымдары бир сүйлөмдө бири-бирин коштоп, логикалык ырааттуулукта келет. Маселен, *Назарында баласынтабы, же сөзгө чоркок немеби, айтор, эмнегедир ооз ачпайт* (Э.К.) деген сүйлөмдө болжолдоо маанилери менен белгисиздик мааниси айтылган ырааттуулукта берилди. Ошондой эле сүйлөмдөгү маанилик бөтөнчөлүктөрдү пайда кылуучу тилдик бирдиктер менен каражаттардын кайсыл бир түрү бул маанилердин ар кайсынысынын жасалышын шарттап калат.

*Маселен, Балким, менмин, балким, тиги ак келин,*

*Бекбекейлеп улуу тоодон үн каткан* (А.Т.) деген ыр саптарында **балким** модалдык сөзү катышкан менен, мында болжолдоо мааниси эмес, белгисиздик мааниси камтылды. Ал эми *Кудай билет, андан башка бул туйгундун сырын билген адам чыга кой**бос*** (Ж.М.) деген сүйлөмдүн баяндоочунда **–бас** мүчөсү катышкан менен, мында да болжолдоо мааниси эмес, күмөндүүлүк, белгисиздик мааниси берилди, аны “Кудай билет” деген киринди сүйлөм да айкындап турат.

Жыйынтыктап айтканда, аталган маанилер өз ара жакын келип, бири-биринен сүйлөмдүк бөтөнчөлүккө, контексттик мааниге ылайык ажыратылат. Аларды айырмалоодо адабий көрөңгө, тилдик сезимталдык талап кылынат.

## *Терс түшүнүктүк маани*

Кыргыз тилинде сүйлөм тутумуна киргенде кайсыл бир сөздөр менен айкаша келип, баштапкы номинативдик маанилеринен өзгөчөлөнгөн жаңы маанилерди туюнтуп калган сөздөр бир топ арбын кезигет. Мындай сөздөрдүн жана айрым мүчөлөрдүн таасиринде жалпы сүйлөмгө мүнөздүү болгон жогоруда белгиленген маанилердей эле терс түшүнүктүк маани да келип чыгат. Сүйлөмгө мүнөздүү болгон маанилик бөтөнчөлүктөрдүн бул түрүнүн кыргыз тилинде, негизинен, синтетика-аналитикалык, лексика-аналитикалык жана контекстуалдык ыктар аркылуу берилерин көрсөтүүгө болот. Бирок терс түшүнүктүк деген тилдик термин эки башка өзгөчөлүктө колдонулгандыктан, алгач анын колдонулуу бөтөнчөлүктөрүн тактап алууга туура келет. Кыргыз тилиндеги **терс** сөзүнүн алгачкы маанисинде иш аракеттин аткарылбагандыгын, же этиштин терс формасын уюштуруучу **–ба** мүчөсү менен **жок, эмес** сөздөрү аркылуу берилген маани түшүнүлөт. Бирок сүйлөм маанисиндеги терс түшүнүктөрдүн берилиши дегенибизде, сүйлөм курамына кирген айрым сөздөрдүн экинчи бир сөз менен айкаша келип, баштапкы маанисине тескери болгон түшүнүктү билдирип калган абалын түшүнөбүз. Ошондой эле **–ба** мүчөсү менен **жок, эмес** сөздөрү катышпай келип, бирок жалпы сүйлөмдүк мааниде терс түшүнүктүн берилишин, же мындай тилдик каражаттар сүйлөм курамында катышуу менен оң түшүнүктүн берилишин эске алабыз.

Сүйлөм маанисиндеги терс түшүнүктөрдүн синтетика-аналитикалык ык аркылуу берилишинде кыргыз тилиндеги мындай маанини пайда кылуучу грамматикалык каражаттар болуп **–ба, -бы** мүчөлөрү эсептелет. Бул мүчөлөр айрым сүйлөмдөрдө төмөнкүдөй бөтөнчөлүктөрдө берилип, өздөрүнүн негизги функцияларына (этиштин терс формасын жана суроо маанисин пайда кылуучулук) тескери келген жалпы сүйлөмдүк маанини пайда кылышат:

**-ба** мүчөсү өз функциясында колдонулганда этиштин терс формасын уюштуруп, аткарылбаган, же ишке аша элек кыймыл-аракеттик түшүнүктү туюнтат. *М: Чынында, эне тилдин кудуреттүү күчү менен сыйкырдуу сырын*

*айтып бүтө ал**ба**йсың* (Х.К.). *Нестейе түшкөн Нүзүп кагазды жерден ала ал**ба**ды* (Т.К.) ж.б. Ал эми бул мүчө жалганып колдонулган этиш кээде маани берүүчү, көмөкчү сөздөр менен айкаша келип, сүйлөмдөгү кайсыл бир сурама ат атоочтун таасиринде ишке ашкан кыймыл-аракеттик түшүнүктү туюндуруп калат. *М: Өмүрлүү адам келечектен эмнелерди гана күт**пө**йт!* (Т.С.). *– Ошентсе да, бир топтон бери канча тозоку мүшкүл баштан өт**пө**дү!* (И.К.) ж.б. Келтирилген мисалдарда терс формалуу этиштер катышкан менен, бул сүйлөмдөрдө “баарын күтөт”, “баштан өттү” деген маанилер камтылды. Мындай маанилик айырмачылыктардын келип чыгышында илептүү интонациянын ордун да эстен чыгарууга болбойт. Негизи, интонациянын ролу сүйлөмдөгү терс маанилердин берилүү ыктарынын, дээрлик, баарына мүнөздүү.

Жогорку мисалдардан көрүнүп тургандай, **-ба** мүчөсү өз алдынча эмес, негизинен, сүйлөм ичиндеги сурама ат атоочтор менен маанилик катышта болуп келгенде өзүнүн түпкү функциясына тескери болгон маанинин берилишин шарттап калат. Кээде сүйлөмдө катышкан андай ат атоочтор кайсыл бир атооч сөз менен биргеликте келсе да, баарыбир **–ба** мүчөсүнө өз таасирин тийгизет. Маселен, *Кинодо көргөн керемет Туюк-Жарда баратса, кайсыл жинди таңдан**ба**сын да, суктан**ба**й койсун!* (Ч.А.) деген сүйлөмдөгү “кайсыл” ат атоочу “жинди” сөзүнө багыныңкы абалда келип, биргеликте колдонулганы менен, “ким” сурама ат атоочуна синоним катары келип, **-ба** мүчөсүнө таасирин тийгизип жатат. Бирок **–ба** сурама ат атоочтордун таасирисиз да **–ганда (чы)** татаал мүчөсү менен биргеликте келип, өз маанисине тескери болгон түшүнүктү ат атооч менен катышта болгон абалына салыштырмалуу күчөтүп туюндурат. М: - *Майдандагылардын ден соолугу үчүн ич**пе**генде! – деп Солтонкулдар рюмкаларды толтурушту* (У.А.). - *Мени тааныдыңбы?*

- *Тааны**ба**гандачы, жолдош полковник!* (У.А.).

*– Кандай дейсиңер, аксакалдар, эл макул болобу?*

*– Эл макул бол**бо**гондо, эл макул бол**бо**гондо! – деп көпчүлүк чуулдап жиберишти* (У.А.) ж.б.

**-бы** мүчөсү негизги функциясы боюнча суроо маанисин пайда кылат. М*: - Күн кечтеп калдыбы?* (Т.К.). *Ак**пы**, көк**пү**, кызыл бекен жолугуң?* (Ж.М.) ж.б. Бирок бул мүчө этиш жана атооч сөздөр менен айкаша колдонулган “экен”, кээде “эле” жардамчы сөздөрүнүн алдына жалганып, бул көмөкчүлөрдүн алдында келген сөздүн маанисине каршы түшүнүктү жалпы сүйлөмдүк мааниге киргизет. М: *Көзү жок кишиге калп айта берсе **болот бекен**?!* (Т.К.). *– Колду менден алып кетсе, күнөө **менде бекен!*** (И.К.) *– Мен өзүм да сенин алдыңа так ушинтип салбырап барган **жок белем**!* (И.К.). *– Бирөө менен болгон ишин катын **айтмак беле**!* (У.А.). ж.б. Кээде бул мүчө **–ба** мүчөсү жалганган уңгуга, же катарлаш келген уңгуга жалганып, ал (-ба) пайда кылган терс түшүнүктү жокко чыгарат. *М: - А, анда жакшы бол**бойбу**!* (Т.К.). *Касым аскерге жөнөр күнү кечинде сууга бар**бадык** беле, чоң сайга...*(Ч.А.) ж.б. Мындагы 1-сүйлөмдө –**бы** мүчөсү катышпаса, “жакшы болбойт” деген, 2-сүйлөмдө катышпаса, “барбадык эле”, “барган эмеспиз” деген маанилер берилмек. Ошондой эле жокко чыгаруу, тануу маанисин билдирген “эмес” көмөкчү сөзүнө жалганып келсе да, бул сөздүн түпкү маанисин жокко чыгарат, же тескери түшүнүгүн билдирип калат. Маселен, *Аны тарых өзү миң ирет далилдебедиби! Биз азыр буга мисал эмеспизби!* (С.К.) деген сүйлөмдө “мисал эмеспиз” деген түшүнүктү “мисалбыз” деген түшүнүккө өткөрдү, бул маанинин айкындалышына белгилүү чекте алдында келген сүйлөмдүн да таасири болду.

**-бы** мүчөсү “экен”, “эле”, “эмес” көмөкчү сөздөрүнөн, терс формалуу этиштерден сырткары төмөнкүдөй сөздөргө түрдүүчө өзгөчөлүктөрдө жалгануу менен өзү катышкан сүйлөмгө терс түшүнүктүк маанини киргизет:

а) **–ган, -чу, -ыптыр, -мак** мүчөлүү жана чакчылдын **–а** мүчөсү уланган этиштерге жалгынап келүү аркылуу аталган маанини пайда кылат. *М: ...илбирс менен барс жүргөн жерлерге ат жаныбар бар**чу**бу!* (Ч.А.). –

*Сенин балаң той тойлоп жүр**үптүрбү**!? Кан күйгөн согушта жүрөт* (У.А.). *Мындай кишинин тилдегени тилде**генби**, сөккөнү сөк**көнбү**!* (С.К.).

*Айткан сөздөн жан**абы**,*

*Ар-намыстуу эр киши!* (Арстанбек) ж.б.

**-бы** мүчөсүнүн **–а, -мак** формалуу этиштерге жалганып келүүсүндөгү бир өзгөчөлүк катары анын шарттуу багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн баш сүйлөмүнүн тастыктоочу предикаты болуп келгендигин көрсөтүүгө болот. Тактап айтканда, бул мүчөнүн терс түшүнүктүк маанини билдиришине кээде **–са** мүчөлүү оң, терс формадагы этиштер да өз таасирин тийгизет. М*:* *Магдырап дүйнө тур**абы**,*

*Асмандан күн тий**бесе**.*

*Лайли-Мажнун бол**обу**,*

*Ашыктык отко күй**бөсө*** (Т.Ү.).

*Өзүңдөй сулуу бол**босо**,*

*Өзгөнү жигит сүй**өбү**!* (Обондуу ырдан).

*Асманда**са** уулунун даңазасы,*

*Андан элге тий**мекпи** залакасы* (С.Ж.) ж.б.

б) **зат атооч, сын атооч, тактооч**, **бар, жок** сөздөрүнө жалганып келип да терс түшүнүктүк маанини, башкача айтканда, “эмес” көмөкчү сөзүнүн маанисин туюндурат. М: *Сагына турган кишиси жок киши **кишиби**! (киши эмес)* (У.А.). *Өзүңүз ойлоп, көз алдыңызга элестетип көрүңүз*: *карыялар менен дин жана илимий-техниканын өнүгүшү жаатында талашып тартышкан **оңойбу?**! (Оңой эмес)* (Ф.М.). *Өзү душман болсо, анан да сырыңды билсе, улутка мындан өткөн **апаат барбы**! (апаат жок)* (С.К.). *Жакынынан айрылып, жан кашайган **бүгүнбү!** (бүгүн эле эмес)* (“С-Б”) ж.б.

Сүйлөмдөгү терс түшүнүктүк маанилердин лексика-аналитикалык жол менен берилишинде андай маанини пайда кылуучу лексикалык каражаттар катары **ким, эмне, кайдан, кантип** сурама ат атоочтору, **бар, жок** сөздөрү жана сейрек түрдө айрым абстрактуу зат атоочтор кызмат өтөйт. Мындай сөздөр сүйлөм тутумунда зат атооч, сын атооч, этиштер менен маанилик

катышта келип, жалпы сүйлөмдөгү мааниге таасирин тийгизет. Алардын өз ара катышуу бөтөнчөлүктөрү, жалпысынан, төмөнкүдөй негизде ишке ашат:

**Ким** сурама ат атоочу оң, же терс формада берилген, түз, же өтмө мааниде колдонулган **-ган, -сын, -мак** мүчөлүү этиштер менен катышта келип, алардын берилүү формаларына каршы келген терс түшүнүктөрүн пайда кылат. М: *-Ие, тагдыр ушудур...Тагдырдан* ***ким качып кутулган...*****(**Т.К.). *Канчалык чабыттаса да,*

***Ким тапмак*** *жаштык көктөмүн* (Ж.Ш.). *Келин болуп, жолу ачылып калган Саадатка* ***ким көз артпасын! Ким асылып, кимдер чалма ыргытпасын****!* (У.А.) ж.б. Мындагы 1, 2-мисалдарда **ким** ат атоочу өздөрү катышта келген оң формадагы этиштердин өзүнчө тургандагы туюнтмаларына тескери болгон "эч ким качып кутулган эмес", "эч ким таба албайт" деген маанилерди билдирди. Ал эми 3-мисалдагы терс формалуу этиштердин баштапкы маанилери "ким" ат атоочунун таасиринде өзгөрүп "баары көз артат", "баары асылып, чалма ыргытат" деген түшүнүктү туюндурду. Ошондой эле бул ат атооч "бар" сөзү менен биргеликте келип, аны антоними, же терс түшүнүгү болгон "жок" сөзүнүн маанисине өткөрөт. Маселен, *"Бу жарыкчылыкта сынбас, бүлүнбөс болуп келген ким бар?!"* деген сүйлөмдүн предикатында "эч ким жок" деген маани берилди. Жогорку мисалдардан көрүнгөндөй, "ким" сурама ат атоочу оң формадагы этиш менен катышта келгенде "эч ким" тангыч ат атоочуна, терс формадагы этиш менен биргеликте келсе, "бардыгы" деген аныктама ат атоочко өтүп колдонулган маанини туюндурат да, логикалык предикаттын курамы аларга катышта келе алчу сөздөр менен контекстке ылайык алмашылат.

**Эмне** (не) сурама ат атоочу **ким** ат атоочунан белгилүү чекте өзгөчөлөнүп, негизинен, төмөнкүдөй сөздөр менен катышта келүү аркылуу жалпы сүйлөмгө терс түшүнүктүк маанини киргизет:

а) **Айып, күнөө, пайда** деген өңдүү абстрактуу зат атоочтор жана заттанып колдонулган **керек** модалдык сөзү менен катышта келүү аркылуу терс түшүнүктү туюнтуп, же **жок** сөзүнүн синоними катары колдонулат.

Кээде бул ат атоочтун сүйлөмдөгү орун абалын өзгөртпөй туруп, **жок** сөзү менен алмаштырып берүүгө мүмкүн болсо, көбүнчө өзү катышта болгон сөз менен орун алмашылып берилет. М: -*Ал эми калган элди капалантып **кереги эмне**!? (кереги жок)* (А.Ч.). *Алты айлык наристеде **эмне айып**!? (айып жок)* (Ж.Ж.*). Алганың долу жан болсо, башыңдагы замандын тынчтыгынан **не пайда**!? (пайда жок)* (К.Ж.). *Көз сүйлөшүп турганда, сөздүн **эмне кереги**! (кереги жок)* ж.б. Эгерде мындай сөздөр менен катышта келген "эмне" ат атоочунун таасиринде уюшулган предикаттын курамында "бар" сөзү катышкан болсо, бул экөөнүн ("эмне" менен "бардын") ордун "жок" сөзү алмаштыра алат. Маселен, *"Эртеңки күндүн тумандаган ой-кырын ойлонуп баш катыруунун **эмне кереги бар**!?* деген сүйлөмдүн предикаты "кереги жок" деп берилсе да, сүйлөмдөгү ой, маалымат өзгөрүүгө дуушарланбайт.

б) Бул сурама ат атооч **бол, жет, кыл, тап** деген өңдүү көмөкчү этиштер менен айкаша келип колдонулганда, сүйлөмдүк жалпы мааниге ал этиштердин түпкү семантикасына, берилүү формаларына тескери келген түшүнүктөрдү киргизет. М: - *Кечиксе **эмне болуптур**!? **(эч нерсе болбойт)*** (У.А.). *Андан көрө, колдон келсе, "туштүгүңө жорго минип алууга" **не жетсин**! **(эч нерсе жетпейт)*** (Ш.Э.). – *Жалгызсыратпай Жамалканга бел болуп турбасаңар, мен **эмне кылмак элем?! (эч нерсе кыла албайм)*** (У.А.). ж.б. Ошондой эле **-ганда** формасындагы этиштерден кийин келип колдонулганда, андай этиштер менен биргеликте предикаттык функцияны аткарып, "пайдасы жок", "антүүгө болбойт" деген маанилерди туюнтуп калат. *М: -Аныңа муну **айтканда эмне, айтпаганда эмне!?*** (С.М.). *–Азыр ал жерге **жетип барганда эмне!?*** (Ж.А.). – *Кечке **күтүп отурганда эмне**!?* (С.Ж.) ж.б.

Ошондой эле **эмне** ат атоочу илик жөндөмөдө туруп 3-жактын таандык мүчөсүн кабыл алган зат атооч менен, барыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринде туруп этиштер менен айкаша келүү аркылуу предикат болуп түшкөн сүйлөмдөрдө терс түшүнүктүк маани берилет. М: - *Анда **эмненин кайраты**!* (У.А.) - *Бизде **эмненин тамагы**!* (У.А.). - *Жеңеңин **эмнесинен уялам**!?*

(У.А.). – *Анын **эмнесине таарынасың!*** (У.А.) ж.б. Мындай сүйлөмдөрдөгү маалымат тике, же одоно түрдө берилгенде, зат атооч менен келген “эмненин” деген сөз “жок” сөзү менен алмашылып, ал эми этиш менен келген “эмнесинен”, “эмнесине” түшүрүлөт да, андагы этиштер терс формаларына өтөт. (Анда кайрат жок. Бизде тамак жок. Жеңеңен уялбайм. Ага таарынба).

в) **Эмне** сурама ат атоочу **бар, жок** сөздөрү менен тике айкаша келип да предикаттык кызматты аткарат. Эгерде **бар** сөзү менен катышта келсе, анын терс түшүнүгү болгон “жоктук” маанини, ал эми **жок** сөзү менен келсе, каршы болуу, наараза болуу маанилерин туюндуруп калат. М: - *Бул жерде силерге **эмне бар!? (эч нерсе жок)*** (А.Г.). – *Сен го актанып жатасың, а тигиниңе **эмне жок**!?* (С.М.). – *Сен өзүңдү билсең, **сага эмне жок**!?* (Оозеки кеп). - *Силердин өз жолуңар бар, балдар,а ага ал жерде **эмне бар?!*** (Э.И.) ж.б. **Эмне** ат атоочунун сүйлөм маанисине тийгизген таасирин акыркы мисалда камтылган “жолуңар бар” жана “эмне бар” деген айкалыштарды өз ара салыштыруу аркылуу да аңдоого болот, башкача айтканда, алардын ойду берүүдөгү функциялары такыр айырмалуу. Ошондой эле, жогоруда алынган фактылык материалдардан айкын байкалып тургандай, бул ат атооч “бар”, “жок” сөздөрү менен айкаша келгенде, анын сүйлөм тутумундагы барыш жөндөмөдө турган кайсыл бир ат атооч менен синтаксистик катышта болору көрүнөт. Эгерде **эмне** жогорудагыдай **бар, жок** сөздөрү менен айкаша келбей, өз алдынча туруп барыш жөндөмөдөгү ат атооч менен синтаксистик катышта турса, алардан айырмаланган маанини туюндурат. Маселен, - *Эркинче уктай берсин, **мага эмне!”*** деген сүйлөмдө **эмне** суроо, же терс түшүнүктүк маанилерди эмес, мага “баары бир” деген кайдыгерлик маанини билдирди.

**Кайда, кайдан** сурама ат атоочу да айрым сүйлөмдөрдүн тутумунда өз семантикалык функциясында колдонулбай (же суроо маанисин туюндурбай) контексттик, интонациялык өзгөчөлүктөргө ылайык өзү катышта турган сөздүн терс түшүнүктөрүн, же иш аракеттин аткарылбасын, сүйлөөчүнүн

ынанбагандыгын туюндурат. М: *Казандагы* ***кайда качат****, каптагыга сак болгун* (Макал). *Сергий* ***кайдан качырсын****, Наташка өзү болбой жатып бийге жетелеп чыккан* (Ч.А.). – *Сиздики* ***кайдан*** *меникинен* ***оор болсун****, көп болсо зайыбыңыз менен чатактырсыз.* (У.А.) ж.б. Алынган мисалдардын ат атоочтор катышып уюшулган предикаттары өздөрүнүн курамындагы этиштердин семантикасына каршы, же тескери келген: “кайда качат”- “качпайт”, “жоголбойт”; “кайдан качырсын”- “качырган жок”, “бийге тарта алган жок”; “кайдан оор болсун”-“оор эмес”, “жеңил” деген кыйыр, образдуу маанилерди туюндурду. Албетте, мындай маанилердин берилишиндеги негизги роль ат атоочторго таандык. Өзгөчө “кайдан” формасында берилген сурама ат атооч көбүнчө **–сын** мүчөлүү көмөкчү этиштер менен биргеликте келип, жогоркудай маанилик өзгөчөлүктөгү предикаттарды уюштурат. Мындай предикаттардын тутумуна кирген сөздөрдүн сүйлөм ичиндеги орун абалы эркин болуп, стилдик бөтөнчөлүктөргө ылайык араларына кайсыл бир сөздөр (актанттык, же сирконстанттык функцияда келген сөздөр) кыстырылып берилсе да, бирдиктүү предикаттык функциясын жоготпойт.
М: *Атакенин ойлогону башка экени менен алардын* ***кайдан иши болсун*** (А.С.). *Өз жарыңдын кадырына жетпесең,*

*Мага* ***кайдан*** *сенден* ***артсын*** *жакшылык* (М.Б.) ж.б.

**Качан** ат атоочу сурама ат атоочтордун башка түрлөрүнөн заттык түшүнүктөргө эмес, мезгилдик түшүнүккө карата колдонулгандыгы менен өзгөчөлөнүп, “ким”, “эмне” ат атоочторундай жөндөмө категориясында өзгөрбөйт. (Анын “качанга”, “качантан” деп берилиштеринде **–га, -дан** мүчөлөрү жөндөмөлүк эмес, сөз жасоочулук функцияда келген, же мындай формада берилгенде ал сөздөр ат атооч эмес, мезгил тактоочтор катары каралат.) Бул ат атооч өзү катышкан сүйлөмгө терс түшүнүктүк маанини киргизип, же иш аракеттин аткарылбагандыгын туюнтуп колдонулганда, белгилүү бир чекте суроо, кекетүү маанилерин да камтып калат. М: - ***Качан*** *мен сенин* ***башыңды байлап алдым эле!?*** ***Качан*** *мен сени* ***өлтүрө сабап жүрчү элем!?*** ***Качан*** *сага менин* ***колум тийди эле****!?* (У.А.) ж.б. Мындагы

предикаттардын семантикасы боюнча “Башыңды байлап алган эмесмин”, “Өлтүрө сабап жүргөн эмесмин”, “Колум тийген эмес” деген маанилер берилди. Алардын курамындагы “качан” ат атоочу орун абалы боюнча сүйлөмдүн кайсыл жагында келсе да, өз таасирин жоготпойт, же предикаттын курамынан чыкпайт. Эгерде ал катыштырылбай берилсе, образдуу кыйыр маанидеги эмес, *Мен сенин башыңды байлап алдым эле, Мен сени өлтүрө сабап жүрчү элем, Сага менин колум тийди эле* деген эскерүү, моюнга алуу маанилерин камтыган маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр уюшулмак. Бул өзгөчөлүктө уюшулган сүйлөмдөр структуралык аспектиден анализделингенде да бир топ татаалдыкты, чаташууну пайда кылышы мүмкүн. Тактап айтканда, мындай сүйлөмдөр сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратылганда, “качан” ат атоочу орун абалы боюнча кайсыл жакта келсе да, тутумдаш баяндоочтун курамынан ажыратылып каралбайт. Мындай көрүнүштөр тил илимине тийиштүү болгон бардык маселелердин структуралык берилишине карай эмес, маанилик бөтөнчөлүгүнө ылайык аныкталарын айкындайт.

**Кантип (кандай+эт+ип)** чакчыл этишинин келип чыгышында “кандай” сурама ат атоочунун катышы болгондуктан, бул сөз да жогорку ат атоочтордой эле сүйлөмдө терс түшүнүктүк маанинин берилишин шарттайт. А түгүл көркөм чыгарманын тили менен оозеки кепте ал ат атоочтордон да арбын колдонулуп, аталган маанилик түшүнүктү туюндурууда активдүү рол ойноору байкалат.

Бул чакчыл формадагы этиш башка бир нагыз, же көмөкчү этиштер менен биргеликте келип предикаттык функцияны аткарганда, көбүнчө терс түшүнүктүк маанини пайда кылат, же терс формадагы этиш менен бирдикте келсе, анын оң түшүнүгүн, оң формада берилген этиш менен келсе, анын терс формада берилишиндеги түшүнүгүн туюндурат. М: - *Ишенбейсиңби мага? – деди жоодураган коюлуңку көз. –* ***Кантип ишенбейин!*** (У.А.). (Ишенем деген маани). *– Мага ишенбей калдыңбы? – Ушунча сөздөн кийин* ***кантип***

***ишенейин!*** (Ишенбейм деген маани). *Салкынайды кармап беришке* ***кантип дитим барат да, кантип түтөм!*** (У.А.) (Дитим барбайт, түтпөйм) ж.б.

**Кантип** этиши да "кайдан" ат атоочундай эле көбүнчө **–сын** мүчөлүү буйрук ыңгай формасындагы этиштер менен бирдикте келип, сүйлөм ичинде предикаттын курамына кирген сөздөр менен ар кандай орун абалында туруп катыша берет. М: *Турмуш чындыгын, тарых жолун* ***кантип тосуп коюуга болсун!*** ("Ала-Тоо") – ***Кантип*** *сиздин кайгыңызды көрүп туруп* ***унчукпай өтүп кетмек элем!*** (Достоевский). *Ак эле буудай унундай,*

*Жуурулушкан чагымды,*

*Унутуп* ***кантип сындырам,***

*Алтыным, сенин* ***шагыңды*** (У.А.) ж.б.

Айрым учурда бул чакчыл этиштин мындай маани жасоочулук функциясынын бардык өзгөчөлүктөрүн анын варианты катары келген "канткенде" сөзү аткарып калат. М: ***Канткенде*** *жигит* ***албасын,***

*Ак алма турса ийилген* (Об.ырдан) ж.б.

Терс түшүнүктүк маанидеги маалыматты камтыган мындай сүйлөмдөрдүн предикаттарынын курамындагы сөздөрдү антонимдик катыштагы, же ошол сөз түркүмүндөгү башка сөздөр менен алмаштырууга, же түшүрүп берүү аркылуу ошол эле маанидеги маалыматты, ойду туюнткан сүйлөмдү түзүүгө болот. Бирок анда образдуу кыйыр маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр эмес, тике маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр уюшулат да, алар, негизинен, көркөм кепке эмес, официалдуу кепке мүнөздүү болот. М: 1. *Аларды окуп жаткан студенттердин шору шорподой кайнап жатканы менен* ***кимдин кандай иши бар***! (С.К.). 2. *Аларды окуп жаткан студенттердин шору шорподой кайнап жатканы менен* ***эч кимдин эч кандай иши жок.*** 1. *Ойноп бир* ***кимдер күлбөгөн****, оюнду* ***кимдер сүйбөгөн***. ("Ала-Тоо таңшыйт"). 2. ***Баары ойноп күлгөн****, оюнду* ***баары сүйгөн***. 1. *Туубас кылып жолго салып жатканынан* ***кантип эле кабарың болбой калсын***! (С.К.). 2. *Туубас кылып жолго салып жатканынан* ***кабарың болгон***! 1. *Кызганыч деген* ***неге гана жөндөмдүү эмес***! (А.Г.). 2. *Кызганыч деген*

***баарына жөндөмдүү!*** ж.б. Мындай негизде уюшулган сүйлөмдөрдөн синтаксистик (сүйлөмдүк) синонимия пайда болот.

Сурама ат атоочтор жана суроо маанисин өз ичине камтыган сөздөр менен мүчөлөр сүйлөм тутумунда эки башка өзгөчөлүктө: эң алгач, суроолуу сүйлөмдөрдү уюштуруучулук, экинчиден, суроо маанисин туюнтпай, терс түшүнүктүк, каршы болуучулук өңдүү маанилерди билдирип колдонулат. Бул тилдик бирдиктер менен каражаттардын кандай өзгөчөлүктө колдонулгандыгы жалпы контексттик мааниден, мурда, же кийин келген сүйлөмдөрдүн маанилик катыштарынан, учурдагы жагдайга ылайык айтылган интонациялык бөтөнчөлүктөрдөн жана башкалардан айкындалып турат. М: 1. – *Анын сизге* ***эмне кереги бар****! Андан көрө, өз тынчыңыздын камын көрбөйсүзбү!* (У.А.). 2. – *Анын сизге* ***эмне кереги бар****? Муну да бир нерсеге жаратса болобу?* (Оозеки кеп). 1. *Ал жак суук да, балдарга* ***эмне бар!*** (Оозеки кеп). 2. *Курсактары ачып кетти, балдарга* ***эмне бар****?* (Оозеки кеп) ж.б. Келтирилген мисалдардын 1-катардагылары менен 2-катарда берилгендеринин кандай маанилик өзгөчөлүктөрдө колдонулгандыгы айкын көрүнүп турат.

Фактылык материалдардан айкын көрүнгөндөй, жогоруда көрсөтүлгөн сурама ат атоочтор менен “кантип” сөзүнүн суроо маанисин эмес, терс түшүнүктүк маанини пайда кылышы, негизинен, **-сын** мүчөлүү көмөкчү этиштер менен биргеликте келип предикаттык функцияны аткарган учурларына мүнөздүү. Маселен, *Абышка сакалын сүйрөп* ***кантип*** *ушул ишке* ***барсын***. ***Кантип*** *баласындай болгон немеге* ***дити барып бирдеме десин****!* деген сүйлөмдөр менен *Мени* ***кантип*** *ошого* ***кыясыз****, жеке. Мунун чын-төгүнүн* ***кантип билиш керек****?* деген сүйлөмдөрдө катышкан “кантип” сөзүнүн сүйлөм маанисине тийгизген таасирлерин бирдей кароого мүмкүн эмес.

Ошондой эле жогоруда белгиленген ат атоочтордун дагы бир өзгөчөлүгү катары алардын этиштер менен эле эмес, зат атооч сөздөр менен айкаша келип да биргелешкен терс түшүнүктүк маанини туюнтушунан

тышкары сүйлөм ичинде нагыз этиштер сыяктуу эле предикаттык функциясын туруктуу сактагандыгын белгилеп көрсөтүүгө болот. М: - *Өзүм билсем болду, шарыяты менен* ***ишим эмне!*** - *...**ишим эмне** шарыяты менен!* (Т.К.). – *Ошондой кулда **кайдагы акыл!** – **Кайдагы акыл** ошондой кулда!* (И.К.) ж.б. Сурама ат атоочтор сүйлөм ичинде бул белгиленгендей негиздеги биргелешкен каймана маанилерди негизги сөз түркүмүндөгү сөздөр менен айкаша келип гана пайда кылбастан, кээде көмөкчү сөздөр менен катышта келип да пайда кылат. Маселен, -*Ай, кудай ай, ушинтип жашоо ким үчүн керек!”* деген сүйлөмдө “ким” ат атоочу “үчүн” жандоочу менен “керек” модал сөзүнүн катышында “эч кимге керек эмес” деген терс түшүнүктүк маанини туюнтту. Ал эми Э***мне үчүн*** *бүгүн мисс Джейн Мюррей менен Чарльз Брайттын никелешүүгө макулдашуулары жөнүндө салтанаттуу түрдө жарыялоого* ***болбосун!****?* (А.Ч.) деген сүйлөмдүн предикаты (Эмне үчүн болбосун) “болот” деген түшүнүктү билдирди. Мындан сурама ат атоочтордун сүйлөм тутумунда ар кандай сөздөр менен маанилик катышта келип, өзү катышта болгон сөздөрдүн түпкү семантикасына таасир этери айкын көрүнөт.

**Бар, жок** сөздөрү айрым сүйлөмдөрдө бири-биринен өзгөчөлөнгөн структуралык курулушта берилип, өздөрүнүн түпкү маанилерине каршы түшүнүктөрдү туюнтушат. Мындай учурда **бар** сөзү катарлаш орун абалында келген сурама ат атооч менен жак-таандык мүчөлүү зат атоочтон кийин келсе, **жок** сөзү **–бы** мүчөсүн кабыл алып, же бул мүчө жалганган жардамчы сөздүн алдында келет. М: - *О, тагдырым, сага **не жазыгым бар эле!*** (Т.К.). – *Аны түшүнбөгөн түр көрсөтүп, анткорлонуштун **эмне кереги бар** сага!* (А.А.). – *Ал каирдинге **эскерткен жок белем!*** (С.Ж.). – *Андан аркысын **эптеп кетпей жаны жокпу!*** (Ч.Э.). ж.б.

Ошондой эле сейрегирээк болсо да, мындай терс түшүнүктүк маанилер айрым зат атооч сөздөрдүн таасиринде да берилип калат. М: - Э*, аны бир **кудай билет*** !(Эч ким билбейт) (А.С.). *Андай болуп кетишин **ит ойлоптурбу!*** (Эч ким ойлогон эмес) (Оозеки кеп) ж.б.

Ошентип, сүйлөмдөгү терс түшүнүктөрдүн берилишинде, жогортодо көрсөтүлгөндөгүдөй, айрым мүчөлөр менен сөздөр негизги орунда турса да, алар өз алдыларынча келип, мындай маанилерди жасай алышпайт. Алар сөзсүз түрдө кайсыл бир маани берүүчү, же көмөкчү сөздөр менен катышта туруп гана аталган маанини пайда кылгандыктан, мүчөнүн таасири басымдуулук кылган учурун "синтетика-аналитикалык ык" деген, ал эми кайсыл бир сөздүн ролу басымдуулук кылган абалын "лексика-аналитикалык ык" деген тилдик терминдер менен ажыратып кароо максатка ылайык келет. Ал эми терс түшүнүктүк маанилердин берилишинин "контекстуалдык ыгы" бул көрсөтүлгөн жолдордон белгилүү бир айырмачылыктарга ээ болуп турат.

Сүйлөмдүк жалпы мааниде камтылган терс түшүнүктүк маанилердин берилишинин контекстуалдык ыгында да жогоруда көрсөтүлгөн айрым мүчөлөр, сурама ат атоочтор сыяктуу тилдик каражаттардын кайсыл бири катышып келет. Бирок ал ыктардан айырмаланып, мында терс түшүнүктүк маани предикатта гана камтылбастан, же ошол сүйлөмдөгү, же алдында келген сүйлөмдөрдөгү контексттик маанилердин таасиринде айкындалып турат. М: - *Бир катынды бага албай жүргөн жаманга Жамал сыяктуу жанды телмиртип коюуга болобу!?* (К.Ж.). – *Алар жесирлер экен деп коелу, эми Жамалда кандай акыңар бар?* (К.Ж.). – *Ооба, тийбесин! Экөөбүздү келип качан уруксат берет деп күтүп жаткандыр. Аны Хасар дейт!* (И.К.). – *Анык өлмөк болгон окшоймун эми! Алдап, жылкы катып алганымды билди дегиче Темүчүн мени соо коебу?!* (И.К.) ж.б. Келтирилген мисалдардын биринчи сүйлөмүндөгү "Жамал сыяктуу жанды телмиртип коюуга болбойт" деген маани андагы **–бы** мүчөсүнүн таасиринде эмес, бул сүйлөмдөгү "Бир катынды бага албай жүргөн жаманга" деген айкындооч мүчөлөрдө камтылган маанилердин таасиринде келип чыкты. Эгерде бул сүйлөмдө көрсөтүлгөн айкындооч мүчөлөрдүн учурдагы мааниси камтылбаган болсо, кийинки бөлүгү терс түшүнүктүк маанини туюнта албай, түз маанидеги суроолуу сүйлөмдүк гана функцияны аткармак. Экинчи мисалдагы терс түшүнүктүк маани бул татаал сүйлөмдүн экинчи жөнөкөй сүйлөмүндө камтылып, ал 1-

жөнөкөй сүйлөмдүн таасиринде пайда болду. Эгер мында 2-жөнөкөй сүйлөм өз алдынча колдонулса, терс түшүнүктүк маани жоголуп, ал да суроолуу сүйлөм катары каралар эле. Ал эми 3-4 сүйлөмдөрдөгү “Хасар күтүп отурбайт, иш өтүп кетти”, “Темүчүн соо койбойт” деген негиздеги терс түшүнүктүк маанилер катарлаш орун абалында, өз ара маанилик катышта келген сүйлөмдөрдүн жалпы контексттик маанилеринен белгилүү болду.

Ошондой эле сүйлөөчүнүн берилген маалыматка, айлана-чөйрөлүк таасирге карата болгон сүйлөм ичинде камтылган пикирин, көз карашын чагылдыруучу терс түшүнүктүк, күмөндүүлүк, салыштыруучулук, каршылаштык өңдүү маанилердин айрым түрлөрү бир эле сүйлөмдө катарлаш абалда берилип, бири-бирин толуктоочу көмөкчү функцияда келиши да мүмкүн. Маселен, -*Бул эмне кылганың, апа?! Менин ишиме кийлигишкениң эмнең*? деген сүйлөмдөрдө каршы болуу, терс түшүнүктүк, суроо-тактоо маанилери камтылды. Ал эми -*Э, Никелей падыша тагын берсе, карыганынан бергендир, ол качанкы падыша ... болбосо “ме” деп тагын бирөөгө берет беле?!* деген сүйлөмдө терс түшүнүктүк маани менен бирге эле күмөндүүлүк мааниси да берилди.

Жогоркудай маанилик өзгөчөлүктөрдө берилген сүйлөмдөр көбүнчө көркөм чыгарманын тилинде жана оозеки кепте арбын колдонулуп, мындай сүйлөмдөрдү кыргыз тилинде сүйлөй алган ар бир эле адам жеткиликтүү деңгээлде, же дароо түшүнө албайт. Ал эми кыргыз тилин үйрөнүүчүлөр үчүн мындай тилдик көрүнүштөр бир топ татаалдыктарды туудурат. Андыктан сүйлөмдө камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдү, алардын берилүү ыктарын, андай сүйлөмдөрдүн колдонулуу өзгөчөлүктөрүн атайын максатта изилдөө, тилди окутууда өзгөчө көңүл буруу учурдагы зарыл маселелерден болуп саналат.

### *Тастыктоо жана тактоо маанилери*

Аталган маанилик өзгөчөлүктөр, бир караганда, өз ара жакын түшүнүктөр катары туюлган менен, алар сүйлөөчүнүн (же жазып жаткан адамдын) иш аракетке, окуя-көрүнүшкө карата болгон эки башка мамилесин билдирүүчү айырмалуу түшүнүктөр болуп эсептелинет. Тастыктоо мааниси сүйлөөчүнүн өзүнүн тааныштыгы, катышы бар иш аракеттик көрүнүштүн чындыкка шайкеш келишине ынангандыгын, же ага күбө болууга, далилдөөгө даяр экендигин билдирген маани болуп саналса, тактоо мааниси, тескерисинче, андай көрүнүш, түшүнүктөрдүн чындыкка дал келүүсүнө сүйлөөчүнүн толук көзү жетпегендигин, ал боюнча дагы кошумча маалыматтардын керек экендигин туюнткан маани болуп саналат. Ошондуктан тастыктоо маанисиндеги сүйлөмдөр маалымдоо тибиндеги сүйлөмдөргө кирсе, тактоо маанисиндеги сүйлөмдөр суроо тибиндеги сүйлөмдөрдүн түрүнө кирет. Андыктан аларды өз ара жакын түшүнүктөгү маанилик түрлөр катары кароо, же бири-бири менен байланыштыруу туура эмес түшүнүктөргө алып келет. Мындай маанилик түрлөрдү камтыган сүйлөмдөрдүн тутумунда келчү тилдик бирдиктер, алардын берилүү өзгөчөлүктөрү да орчундуу айырмачылыктарга ээ болуп турат.

**Тастыктоо маанисин** берилүү өзгөчөлүктөрүнө ылайык өз ара айкын тастыктоо жана көркөм тастыктоо деп бөлүп кароого болот.

**Айкын тастыктоо** маанисин камтыган сүйлөмдөр кыргыз тилинде функционалдык стилдин бардык түрлөрүндө колдонулуп, негизинен, төмөнкүдөй тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде уюшулат:

а) Бул маанини тике туюнткан "тастыктаймын", "ырастаймын" деген сөздөрдөн тышкары да көпчүлүк этиш жана атооч сөздөр сүйлөмдө предикаттык кызматта келүү менен тастыктоо маанисин туюнтушат. Башкача айтканда, мындай сүйлөмдөрдө сүйлөөчүнүн ал маалымдалган иш аракетке, окуя, кубулушка болгон ынанымын билдирген маани берилет. Мындай маанилик өзгөчөлүктү камтыган сүйлөмдөр, дээрлик, тыянактуу көтөрүңкү интонация менен айтылат. М: *Көп үйрөнүп, көп жеп, көп кадырлаган адам*

***асти кор болбойт*** (Ж.М.). *Ак* ***ийилет,*** *бирок* ***сынбайт*** (Макал). *Адамдын көркү -* ***бөз,*** *көңүлү - эки ооз* ***сөз*** (Макал). *Күлсөң күлкүгө, ойносоң оюнга тойбой турган* ***кезиң*** (Кан жол) ж.б. Кээде бул мааниде берилген сүйлөмдөрдүн тутумунда ал маанини бышыктоочу кызматта келген киринди сөз катышып, тастыктоо мааниси кайталанма абалда келген түрмөк аркылуу берилип калат. М: *Анан,* ***чындыгында эле****, ал суракты* ***мен жүргүзбөгөндө ким жүргүзөт!?*** (А.Ч.) ж.б.

б) **экен, эмес** көмөкчү сөздөрү айкаша келген айрым атооч сөздөр да тастыктоо маанисинин берилишин шарттайт.

М: *Атка минген келбети,*

*Сырттан эрдин* ***өзү экен****.*

***Карарган кара көзү экен*** ("Эр Төштүк").

*Албай жатып тизгинин,*

*Аялына берүүчү,*

*Акылсыз эркек* ***мен эмес*** ("С-Б").

*Барса Бөкөй* ***бек экен,***

*Башында кара болсо да,*

*Баркы журтка* ***кең экен*** ("С-Б") ж.б.

Бирок мындай көмөкчү сөздөр менен айкаша келген **атооч,** же **бар, жок** сөздөрү кээ бир сүйлөмдөрдө тастыктоо маанисин эмес, моюнга алуу маанисин туюнтуп калат. Мындай маанилик бөтөнчөлүктөр контекстке ылайык айкындалат. Маселен, *Кармашканды калдайтып,*

*Алып турган* ***кези экен****.*

*Балекетти дөөлөргө,*

*Салып турган* ***кези экен*** ("Эр Төштүк") деген

сүйлөмдөр менен *Жаан кезген сен Төштүк,*

*Балбандыгың* ***чын экен****.*

*Көк темирден дөңгөчтү,*

*Жаргандыгың* ***чын экен"*** ("Эр Төштүк").

*Таш да болсо эриткен,*

*Таӊдайда сөөлүӊ* ***бар экен*** ("Эр Табылды") деген сүйлөмдөрдө камтылган маанилик түрлөрдү бирдей кароого болбойт, анткени контекстке ылайык мындагы 1-мисалда тастыктоо мааниси берилсе, 2-3- мисалдарда моюнга алуу мааниси берилди.

**Эмес** тангыч сөзүнүн **-бы** мүчөсү жалганып келген суроолуу варианты (эмеспи) сүйлөм тутумунда уӊгу абалынан айырмаланган тастыктоо маанисин туюнтуп, көркөм тастыктоо маанисинин белгилерин пайда кылат. М: - *Мына ушунун өзү эле түрк улутунун тилин* ***урматтабагандык эмеспи!*** (Ж.М.).

*Караӊгыны жаркыткан,*

*Айдын* ***нуру эмеспи,***

*Жаш баладай жайнаган,*

*Жаздын* ***күнү эмеспи*** (Барпы).

*Ата-энем турса кубанып,*

*Зор бакыт* ***ошол эмеспи!*** (Обондуу ырдан) ж.б.

Ошондой эле бул көмөкчү сөздүн тубаса, туунду (эмес, эемспи) формада берилиши этиш, айрым модалдык сөздөр менен айкашып, тастыктоо маанисин камтыган сүйлөмдөрдүн предикаттарынын тутумунда келет. М: *Ынтымак бар жерге ырыскы өзү* ***келет дейт эмеспи*** ("Көч"). *Эстегилерди жана сезүүнү, Хемунгуэй айткандай, дал ошолорду кайра кайрууга* ***мүмкүн эмес*** (А.Ч.) ж.б.

в) **Тактооч** жана **бар, жок** сөздөрү предикаттык функцияда келген сүйлөмдөрдө тастыктоо мааниси берилет. Бул маанилик түрдү камтыган мындай сүйлөмдөр да маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болот.
М: *Күйүмдүү* ***көп,*** *күйгөн* ***аз,*** *билимдүү* ***көп,*** *билген* ***аз*** (Макал). *Акылмандын ачуусу* ***бар,*** *кеги* ***жок,*** *даанышмандын курбусу* ***бар,*** *теӊи* ***жок*** (Макал).

*Аргымак жыйгын, тулпар жый,*

*Чалкуйруктай буудан* ***жок*** ("Эр Төштүк") ж.б.

г) Кээбир сүйлөмдөрдө **го** бөлүкчөсү менен айрым **модалдык сөздөр** тастыктоо маанисинин берилишине көмөктөшчү, же аны туюнтуучу каражат

катары келет. М: -*Ал председателге* ***айтты го,*** *"бирдемени эске аламын" деп* (Г.А.). *Жатындаш иним барбы? деп,*

*Жамгырчы* ***колун сунду го*** ("С-Б"). *Бул жерде бардык нерсеге* ***мүмкүн*** (С.Ж.). *Мындай нерселерди өз учурунда* ***айтып туруу керек*** (О.К.) ж.б.

д) **турбайбы** жардамчы этиши, негизинен, таануу маанисин билдирип колдонулганы менен, айрым сүйлөмдөрдө **-ып** формалуу чакчыл этиш менен биргеликте келип, тастыктоо маанисин туюндуруучу кызматты аткарып калат. М: - *Өңүңүздөн эле* ***билинип турбайбы****! Оозуңуз айткан менен, көзүңүз "калп" деп* ***айтып турбайбы****!* (У.А.). ж.б. Эгерде чакты билдирүүчү этиштер менен, же өзүнө жак мүчөлөрүн кабыл алып келсе, тастыктоо эмес, таануу маанисин билдирип калат. М: - *Мен тим эле токтобой кетип барат****кан турбаймбы*** (У.А.) ж.б.

е) Предикативдүүлүктү уюштуруучу негизги тилдик каражаттардан болгон **жак мүчөлөрү** атооч жана этиш сөздөргө жалганып келип, предикат болуп түшкөндө, ал сүйлөмдө айкын тастыктоо мааниси берилет. М: *Бул бүркүтүм үчүн жердин жети кабатына түшүүгө даярмын* (Ж.М.).

*Сен менин жазылбаган* ***ырларымсың****,*

*Сен менин айтылбаган* ***сырларымсың*** (Б.А.). *Андайда урушуп да, жалынып жа* ***жаза албайсың*** *жигитти* (К.А.) ж.б.

Кээде мындай сүйлөмдөрдөн кийин андагы тастыктоо маанисин кошумча түрдө бышыктоочу "ооба" көмөкчү сөзү берилет. М: - *Ким эрсиз жашаса, анын этегинен оору арылбайт, ооба ушундай...* (Ф.Н.) ж.б.

Ошентип, айкын тастыктоо маанисин камтыган сүйлөмдөрдүн предикаттык бөлүктөрү түз мааниде колдонулган жогорудагыдай негиздеги атооч, этиш, тактооч жана айрым кызматчы сөздөрдүн катышынан уюшулуп, мындай сүйлөмдөрдө сүйлөөчүнүн ал түшүнүккө болгон ынанымы айкын маалымдалат.

Ал эми **көркөм тастыктоодо** ушул эле маани жогоркудагыдай айкын маанилүү сөздөр аркылуу эмес, төмөнкүдөй тилдик бирдиктердин таасиринде белгилүү чекте образдуу-көркөм абалда туюнтулат. Мындай

сүйлөмдөр маалымдоо маанисин да, суроо маанисин да камтып, андагы тастыктоо маанисин кабылдоодо контекстке ылайык логикалык тааным талап кылынат:

а) **Ким, эмне, кайда, кайдан, кана** сурама ат атоочтору же баштапкы абалдарында, же кыскарган варинаттарында, же чакчыл формалуу этишке өткөн абалында атооч, этиш сөздөр менен катышта келип, терс түшүнүктүк айкаштарды түзүү аркылуу предикаттык функцияда келүү менен сүйлөмдө айтылган ойдун чындыкка болгон катышын тастыктоочу маанини пайда кылышат. М: *Жүрөктө көп сыр бар кайнаган,*

*Үмүтсүз жашаган **кайда адам**?!* (С.С.).

***Ким жыттабайт** сүйүү чиркин гүлүнөн!* (Мидин). - *Ээ, коюңузчу, мен андан **кантип кем калайын**!* (Ж.М.).

*Артыңда балаң калбаса,*

***Арман эмей эмине!*** (Жеңижок). - *Жок, Бектур ага, **кайдан унутайын**!* (Ч.А.) ж.б. Алынган мисалдарда катышкан сурама ат атоочтор өздөрү катышта келген сөздөр менен биргеликте төмөнкүдөй негиздеги: "кайда адам"-"адам жок", "ким жыттабайт"-"баары жыттайт", "кантип кем калайын"-"кем калбайм", "арман эмей эмине"-"арман да", "кайдан унутайын"-"унутпайм" деген тастыктоочу маанилерди туюнтушту.

б) **-бы** мүчөсү жалганып келген атоочтук, этиштик предикаттардан уюшулган айрым сүйлөмдөрдө көркөм тастыктоо мааниси камтылат.

М: *Ушулар жөнүндөгү жомокторду угуп **чоңойбодукпу*** (Ч.А.). *Акылдан жакшы **дос барбы**, ачуудан жаман **кас барбы*** (Макал).

*Өмүрдүн болбойт ченеми,*

*Өкүнсөң **кайра келеби**.*

*Картайып кетсең жаштыкты,*

*Карызга **бирөө береби**!?* (Эл ыры) ж.б.

**-бы** мүчөсү түпкү табияты боюнча өзү уланган этиш, атооч сөздөргө суроо маанисин киргизген мүчө болгону менен, кээде кандай сөз менен биргеликте келгендигине ылайык айрым сурама ат атоочтордой эле суроо

маанисин туюнтпай, басымдын, интонациянын, контексттин өзгөчөлүгүнө жараша тастыктоо, тактоо өңдүү маанилерди билдирип калат. Ал тастыктоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө катышканда, негизинен, терс формадагы этиштерге жана атооч сөздөр менен "бар", "жок" сөздөрүнө жалганып, эки учурда эки башка айырмалуу өзгөчөлүктөгү тастыктоо маанисинин берилишин шарттайт. Мындай учурда өзү жалганган сөзүнүн терс маанисин туюндурган жалпы сүйлөмдүк, же айтымдык маанини пайда кылат. Маселен, *Сарыгул так үстүнөн чыгып, сөзү туура болуп **жатпайбы!*** (У.А.). *Канды көрсө жаланган, карышкыр **жокпу** адамдан* (Барпы) деген сүйлөмдөрдүн биринчисинде өзүнүн алдындагы **-ба** мүчөсүнүн маанисин жокко чыгарып, "туура болуп жатат" деген түшүнүктү, экинчисинде "жоктун" "бар" деген антонимдик түшүнүгүн туюндуруп, бул эки сүйлөмдө семантикалык жактан да, стилистикалык жактан да белгилүү негизде өзгөчөлөнгөн тастыктоо маанилерин жаратты. Ошондой эле бул мүчөнүн мындай абалда колдонулган учурларында контексттик маани менен интонациянын ролдору да чоң болот. Маселен, -*Үйлөнгөнү жатам **дебедимби!(?)*** (Достоевский), -*Командировкага келдим деп кагазын **көрсөтпөдүбү!(?)*** (У.А.) деген сүйлөмдөрдү кептик жагдайга, интонациялык бөтөнчөлүккө ылайык тастыктоо маанисиндеги илептүү сүйлөм катары да, нукура суроо тибиндеги суроолуу сүйлөм катары да кабылдоого болот.

в) Сүйлөмдөгү тастыктоо маанисинин берилишинде сурама ат атоочтор, **-бы** мүчөсү сыяктуу эле **беле** сурама бөлүкчөсүнүн да таасири күчтүү. Бул көмөкчү сөз оң жана терс формаларда берилген этиштерден кийин келип предикаттык функцияны аткарган сүйлөмдөрдө аталган маани айкын туюндурулат. Мындай сүйлөмдөрдүн тутумунда (-бы мүчөсү катышкан сүйлөмдөрдүн тутумунда да) көбүнчө "болбосо" каринди сөзү катышып келет. Эгерде **беле** предикаттык кызматта келген атооч сөздөн кийин келсе, мындан мурда "эмес" жардамчы сөзү берилет. М: - *Сенин карааныңа киши теңебейт экенмин, **болбосо**, "бери кел, сага убал болду" дегендер болбой койду дейсиңби, аны өзүңө деле **айтпадым беле**!?* (У.А.).

- ***Болбосо**, сенин буйругуңсуз мени **камай алышат беле**!?* (М.Б.). *Кыдырбек менен сүйлөшүп жүргөнүн менден жашырып, күндөлүк дептерин көргөзбөй каткан **Бермет эмес беле**!?* (У.А.) ж.б. Ал эми **-мак** мүчөлүү этиштер менен келип аталган маанини туюндурганда, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринде турган зат атооч, ат атооч сөздөр менен берилип, булардан мурда **-ганда** мүчөсүн кабыл алган терс формадагы этиш катышып келет.

М: - *Шырдак койу көп, бай силерде **болбогондо, менде болмок беле**!* (У.А.).

- *Иштен **келбегенде, тойдон келмек беле!*** (С.М.) ж.б. Мындай абал, тактап айтканда, **-ганда** мүчөсүн кабыл алган терс формалуу этиштин тастыктоо маанисинин туюнтулушундагы кыйыр таасири **ким** сурама ат атоочу катышкан сүйлөмдөрдөн да көрүнөт. Мындан сурама ат атоочтор менен суроолуу **-бы** мүчөсүнүн, **беле** сурама бөлүкчөсүнүн өз ара генологиялык, семантикалык жана функциялык жакындыктары айкындалат. Маселен,

-*Ушул сыяктуу иштерди бул жерде сиз **кылбаганда, ким кылат**?!* (Ф.М.) деген сүйлөм *Ушул сыяктуу иштерди бул жерде сиз кылбаганда, мен кылам**бы**!? Ушул сыяктуу иштерди бул жерде сиз кыл**баганда**, мен кылат **белем!?...*** деп берилсе да, сүйлөмдүн субъективдүү маанисинде да, объективдүү маанисинде да, түгүл ички маани катары келген тастыктоо маанисинин берилишинде да орчундуу айырмачылык болбойт. Ошондой эле **-бы** менен **беле** удаалаш келген тастыктоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө бири-бирин толуктоочу функцияда келишет. М: - *Анан Токтогул жаман ыр ырдачу **беле**! Токтогул тегинден Токтогул болуптур**бу!*** (Б.С.) ж.б.

г) **Фразеологизмдер** предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөрдө да көркөм тастыктоо мааниси берилип, андай сүйлөмдөр, негизинен, маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болот.

*М: Турмуш менин **чыгып алды кырыма**,*

*Сенин болсо **туш тарабың кыбыла**.* (Омар Хаям). -*Жүрөксүнөр жөнүң жок, сенин **төрт тарабың кыбыла*** (Т.К.).

***Ичим күйүп, боорум чок,***

*Мааникер жүрбөй калганда,*

*Кандай болот дүйнө бок!* ("Эр Төштүк"). ж.б.

Буга чейин келтирилген мисалдардын айрымдарынан көрүнгөндөй, тастыктоо маанисиндеги сүйлөмдөр башка маанилик типтеги сүйлөмдөр менен да, бул маанинин эки түрдө берилиши өз ара да катарлаш абалда келе берет. Маселен, -*Жок, кайтпаймын айтканымдан,* ***Шамырзаны туз урду, Ярматты ант урду,*** *алар чыккынчынын жолуна түштү!* (Т.К.). ***Жаштыкты кимдер самабайт****, жалган сөз айткан жарабайт.* (Элдик ыр) деген сүйлөмдөрдө айкын тастыктоо маанилери да камтылган. (Көркөм тастыктоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн алды сызылды - Э.Ж.). Ошондой эле тастыктоо мааниси айрым сүйлөмдөрдө атайын сүйлөмдөрдүн көмөгүндө чечмеленип түшүндүрүлсө, кээде суроолуу сүйлөмгө жооп иретинде келип, бул маани кириндисүйлөмдүн таасиринде бышыкталат. М: ***Исхак Раззакович тажикче жакшы билген киши болчу,*** *анткени Тажикстандын Ленинабад шаарында балдар үйүндө өскөн, тарбияланып билим алган эмеспи*. ("Улуу инсан").

- *Капрай, ошондой да шумдуктар болобу?*

- ***Болбогондочу,*** *"көргөнүңдөн көрө элегиң көп" деген кеп бар* (А.С.).

- *Алар ошончолук кудуретке эгедерби?*

- ***Ананчы****, аларды көкө теңир өзү жараткан соң!* (И.К.) ж.б.

**Тактоо маанисин** камтыган сүйлөмдөр, жогоруда белгиленгендей, жалпы мааниси боюнча суроолуу сүйлөмдөрдүн тибине кирип, анын "тактама суроо" деп аталган ички маанилик түрү катары келет да, суроо маанисинин башка маанилик түрлөрүнөн айырмаланып турат. Мында сүйлөөчүнүн алдына такыр белгисиз болгон маалыматты алуу максаты эмес, ага белгилүү өлчөмдө айкын болгон түшүнүктү тактоочу, өзү үчүн да, тыңдоочу үчүн да ынанымдуулукту камсыздоочу кошумча маалыматты алуу максаты коюлат. Сүйлөөчү тарабынан коюлган сүйлөмдөгү мындай максаттар ал сүйлөмдөгү жалпы маани аркылуу, же андан мурда, же кийин келген сүйлөмдөрдүн таасири аркылуу да айкын болуп турат. Маселен, *Салкының жазгы таңдайсың, санааңда кимди жандайсың?* (Э.У.) деген

сүйлөм менен *Жалпы агайын бул элдин, жамандык кылдым кимиңе?* ("С-Б") деген суроо маанисиндеги сүйлөмдөрдө сүйлөөчүлөрдүн алдына бирдей максат коюлган жок. Тактап айтканда, 1-сүйлөмдө сүйлөөчү тарабынан өзүнө белгисиз болгон маалыматты алуу максаты коюлса, 2-сүйлөмдө *Мен эч кимиңе жамандык кылган жок элем го, андай болсо айткыла* деген контексттик ой камтылып, сүйлөөчүнүн алдына тактоочу кошумча маалымат алуу максаты коюлду.

Тактоо маанисинин берилишинде төмөнкүдөй негиздеги тилдик бирдиктер да белгилүү рол ойнойт:

а) Суроо маанисиндеги сүйлөмдө камтылган бул кошумча маанинин туюндурулушун анын алдында келген сүйлөм, же сүйлөмдөр шарттайт.

М: *Бөлөк эмес, тууганмын,*

***Жеңе, сен кайгырасың несине****?* ("С-Б").

*Тушумда бирөө кеп айтат,*

*Сенин тууганың кесел деп айтат.*

*Туугандын жаны соо болсо,*

***Душмандын сөзүн неге айтат****?* ("С-Б") ж.б.

Мындагы 1-мисалдагы тактоо маанисин алдында келген тастыктоо маанисиндеги сүйлөм шарттаса, 2-мисалдагы тактоо мааниси да алдындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн таасиринде келип чыкты. Эгерде алар өз алдыларынча колдонулса, бул суроо маанисиндеги сүйлөмдөрдө кошумча түрдө берилген тактоо маанилери камтылмак эмес.

б) **-бы** мүчөсү тастыктоо маанисинин туюндурулушун шарттоочу каражат катары келгенде, өзүнүн баштапкы суроо маанисинен четтеп колдонулат да, тактоо маанисин суроо мааниси менен биргеликте билдирип, төмөкүдөй өзгөчөлүктөрдө берилет.

*М: Өчкөн отум **тамдыбы**?*

*Өлгөн Төштүк **келдиби?!*** ("Эр Төштүк").

*Ушулардын сөзүнө,*

*Уялбай Бөкөй **шендиңби**?* ("С-Б"). - *Сен эмне, тартуудан баш*

***тартасыңбы?*** (И.К.) ж.б.

Көпчүлүк тастыктоо маанисиндеги сүйлөмдөр структуралык жактан эч кандай өзгөрүүгө дуушарланбай туруп эле бул мүчөнүн таасиринде тактоо маанисиндеги суроолуу сүйлөмгө өтөт. Андай учурларды төмөнкүдөй сүйлөмдөрдүн мисалынан көрүүгө болот. М: *Чын эле мен сени таптым(бы?)* (Ж.А.). - *Сен бул жерге кечээ келгенсиң(би?* (С.М.) ж.б.

Ошондой эле бул мүчө "чын", "туура", "ырас" деген сөздөргө жалганып, ал сөздөр менен биргеликте кээде өзүнөн мурда келген сүйлөмдөгү, кээде өзү предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөгү ойду тактоочу маанини билдирет. М: -*Угушума караганда, сен мени өлтүрүүгө кастанып, ээн жер издеп жүрөт экенсиң, ушул* ***чынбы?*** (М.Б.). - *Айтмакчы, силерди Караколго көчүрөт дегени* ***ыраспы?*** (У.А.). - *Макалаларыңдын этегине "Юсуф Сафо" деп кол коесуң,* ***туурабы?*** (Ф.М.) ж.б.

Айрым учурда **-бы** мүчөсүнүн таасиринде уюшулган тактама суроо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн диалогдуу кеп уюшулат:

- *Салкынай "караторпок" жүгүртөт, аны билесиң**би**?*

- *Жок. Ал эмне торпок? Караторпок дейсиң**би**?* (У.А.) ж.б. Кээде мындай диалогдуу кептеги тактоо маанисин камтыган сөзгө жалганчу **-бы** мүчөсү түшүрүлүп, анын маани туюнтуучулук кызматын интонация аткарып калат:

- *Бул келин кимдин келини?*

- *Мугалим!*

- *Маалим? (дейсиңби?)* (У.А.) ж.б.

в) Сейрегирээк болсо да айрым сүйлөмдөрдө **-чы, -ар** мүчөлөрүнүн таасиринде тактоо мааниси берилет. **- чы** көбүнчө атооч сөздөр менен **-ган** мүчөлүү заттанган атоочтукка, кээде де көмөкчү этишине жалганып, **-ар** нагыз жана көмөкчү этиштерге жалганып келип, аталган маанинин туюндурулушуна көмөктөшүшөт. М: - *Тиги коңшуну**чу**? Аларды да айтып койгула* (С.М.). - *Кечээ чурулдап жат**кандарчы**?* (П.Д.). - *Оту да жагылуу, казаны да асылуу, арагы да куюлуу, төшөгү да салынуу де**чи!?*** (У.А.). - *Сиз, албетте, бул эң сонун баатыр адамды тарыхтан бил**ер**сиз**?*** (А.Г.). - *Сен да*

*эл менен бар**ар**сың?* (П.Д.) ж.б. Бирок бул мүчөлөрдүн **омонимдери** бир топ арбын. Алардын ичинен, маселен, суроо маанисин туюнткан **-чы** мүчөсү менен арсар келер чактык маанидеги **-ар** мүчөсү гана аталган маанини туюндура алышат. Ошондой эле **-чы** мүчөсү "де" көмөкчү этишине жалганып келип да ар дайым эле тактоо маанисин билдире бербейт. Маселен, - *Мен го унуткан жокмун **дечи**!* (А.Г.) деген сүйлөмдө тактоо эмес, тастыктоо мааниси берилди.

г) **го** бөлүкчөсү айрым сүйлөмдөрдө болжолдоо, тастыктоо, күмөндөө, ынанбоо өңдүү маанилерди эмес, тактоо маанисинин берилишин шарттоочу тилдик каражат катары да кызмат аткарат. Мындай учурда, албетте, сүйлөм курамына кирген сөз, же сөз айкаштарынын семантикалык өзгөчөлүктөрү негизги орунда турат. Бул бөлүкчө тактоо маанисин, негизинен, өткөн чактык формада турган этиштерден кийин келгенде туюндурат. М: - *Алар кечээ эле келиш**кен** эле **го**?* (А.Ч.). - *Анан калса, аялы Момчиловго бир да жолу келб**ептир го**?* (А.Г.). - *Эмне үчүн жакшы кылбаптырмын? Сен өзүң өткөндө макул бол**дуң** эле **го?*** (Ф.Н.) ж.б.

д) **беле** көмөкчү сөзү айрым сүйлөмдөрдүн атоочтук, же этиштик предикаттарынын тутумунда, негизинен, төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдө келип, ал сүйлөмдөрдө тактоо маанисинин пайда болушун шарттайт. М: - *Сен, эмне, карта ачканы турасыңбы? **Ишим бар дебедиң беле**?* (У.А.). *Силер кечээ эле **келдиңер беле**?* (Б.С.). - *Өткөндө сени менен жүргөн аял **жолдошуң беле**?* (С.С.). - *Ошондо жакшы сөзүн кошкон **акем беле**?* (А.З.). ж.б. Бул келтирилген жана тастыктоо маанисинде берилген мисалдардан көрүнгөндөй, **беле** көмөкчү сөзү аталган эки маанилик өзгөчөлүктөгү сүйлөмдөрдүн экөөндө тең, дээрлик, окшош абалда катышып келе бергени менен, анын колдонулушунда жана андай сүйлөмдөрдө төмөнкүдөй бөтөнчөлүктөр сакталат: Биринчиден, тастыктоо маанисиндеги сүйлөмдөргө көтөрүңкү илептүү интонация мүнөздүү болсо, тактоо маанисиндеги сүйлөмдөргө басыңкы суроолуу интонация мүнөздүү. Маселен, жогорку 1-сүйлөм *Сен эмне карта ачканы турасың?! **Ишим бар дебедиң беле**!* деп

көтөрүңкү илептүү интонация менен айтылса, тактоо эмес, тастыктоо маанисин туюндурмак. Экинчиден, эгерде бул сөз атоочтук предикаттын тутумунда келсе, тастыктоо маанисиндеги сүйлөмдө атооч сөз менен "беленин" аралыгына "эмес" жардамчы сөзү кыстырылып айтылат. Маселен, жогоруда келтирилген акыркы сүйлөм *Ошондо жакшы сөзүн кошкон **акем эмес беле**!* деп берилип, илептүү интонация менен айтылса, тактоо эмес, тастыктоо маанисин билдирмек.

Ошентип, тастыктоо жана тактоо маанилери өз алдынча бөтөнчөлүктөргө ээ болуу менен бирге, бири (тастыктоо) маалымдоо маанисиндеги, бири (тактоо) суроо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн маанилик типтерине кирип, жогоруда көрсөтүлгөндөй негиздеги тилдик бирдиктердин, каражаттардын таасиринде туюндурулат.

## 4.1.2. Адресанттын туюмуна катышта болгон позитивдүү маанилер

### *Каалоо, эңсөө, кусалануу жана кыялдануу маанилери*

**Каалоо мааниси** сүйлөөчүнүн ички сезим-туюмдук ал-абалын билдирүүчү маанилердин бири катары келип, объектилик жана субъектилик типтеги заттарга, окуя-көрүнүштөргө карата болгон коштоосун туюндуруучу маани болуп эсептелет да, сүйлөм ичинде ал, эки башка бөтөнчөлүктө: сүйлөөчүнүн жеке өзүнө байланышкан ички каалоо-талабын жана 2-3-жактагы жандуу, жансыз заттык түшүнүктөргө болгон каалоосун билдирүүчү өзгөчөүктө берилет. М: *Жердештерим менен жолуккум келип, киндик каным тамган жеримди көргүм келет* (К.К.). *Азыр деле бул таланттуу адамга, төкмөлүк сыйкыр өнөргө ээ болгон адамга дагы да камкордук кылышса жаман болбос эле* («К.М.».) ж.б.

Бул маанилик бөтөнчөлүктү камтыган сүйлөмдөр, дээрлик, маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн тибине кирип, тике маалымдоо абалында да, образдуу-кыйыр маалымдоо абалында да ишке ашат. Каалоо мааниси

салыштырмалуу түрдө жалпы түшүнүк катары келип, андан ***эңсөө, кусалануу, кыялдануу, жактыруу, үмүттөнүү, ниеттенүү, тилөө, кубаттоо*** маанилеринин келип чыккандыгы көрүнөт. Адамзат таанымынын, ой жорумунун өркүндөөсүнүн натыйжасында каалоо маанисинин колдонулуу масштабы кеңейип, акырындык менен бул маанилик түшүнүктөр бутактап чыккан деп белгилөөгө логикалык негиз бар. Анткени аталган маанилердин бардыгынын түпкүрүндө каалоо маанисинин белгилери камтылган да, бул маанилик бөтөнчөлүктөрдүн ар бири акырындык менен калыптанып олтуруп, өз алдынчалык деңгээлге өсүп чыккан.

Каалоо мааниси сүйлөм ичинде кайсыл бир экинчи көмөкчү маани менен коштолуп берилиши мүмкүн.

*М: Өркүндөй бер, өсө бер,*

*Өз тагдырың колуңда!* (КРнын Гимнинен).

*Термеле көр, термеле бер,*

*Акжолтоюм арча бешик!* (Б.А.). *Эмненидир мен сага арноом керек* (Т.К.). *Ой, чиркин ай, болор бекен биздин той* (Об.ырдан). *Менин да адамча жашагым келет* (К.О.) ж.б. Алынган мисалдардын 1-синде кубаттоо-коштоо, 2-синде суранууу, 3-сүндө белгисиздик, 4-сүндө күмөндүүлүк, 5-синде талап кылуучулук маанилери көмөкчү маанилер катары кошо берилди.

Каалоо мааниси кыргыз тилинде, негизинен, төмөнкүдөй тилдик бирдиктердин көмөгүндө туюнтулат:

а) «Жакшы болот эле», «жаман болбос эле», «сонун болот эле» деген өңдүү айкалыштар, айрым фразеологизмдер предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөр өз ичине каалоо маанисин камтыйт. М: *Ал эми колледжге болсо технологиялык университет деген статус берилсе жакшы болот эле* («Ала - Тоо»). *Андан көркүчө, сүт бардыгына жетсе сонун болор эле* (А.Г.). *Бирок алдыда боло турган сүрөткө тартуу жөнүндө бардыгын билсем дегенде эки көзүм төрт болуп турду* (А.Ч.) ж.б.

б) Айрым учурда **бол, ук, өт** деген өңдүү буйрук ыңгайдагы этиштер айтылуу жагдайына, интонациялык бөтөнчөлүгүнө, контекстке ылайык буйруу-талап кылуу маанисин эмес, каалоо маанисин билдирген сүйлөмдөрдүн предикаты болуп түшөт.

М*: Таразанын ташы **бол**,*

*Ырчылардын башы **бол**.*

*Акылманды аңдап **ук**,*

*Дудуктарды жаңсап **ук**.*

*Элдин зарын зардап **өт**,*

*Эзелки ырын ырдап **өт*** (Арстанбек) ж.б.

в) **-са** мүчөлүү этиштер предикатынын тутумунда келген айрым сүйлөмдөрдө каалоо мааниси туюнтулат.

М: *Көлгө жетпей суулар **соолуп калбаса,***

*Жарга жетпей жигит жалгыз **жатпаса*** (А.Ө.).

*Кошулуп бирге **сүрсөм дейм,***

*Акинай, мына бул жыргал доорумду* (Абдылас).

-*Баламдын жүзүн **көрүп алсам болду**, төбөм көккө жеткендей болот эле* («Ала - Тоо») ж.б.

**-са** мүчөлүү этиштер өзү катышкан сүйлөмдө бул маанинин туюндурулушун шарттаганда, ар дайым эле сүйлөөчүнүн оң маанайын, же жакшылык каалоосун гана эмес, сүйлөм тутумундагы сөз жана сөз айкаштарынын лексикалык маанилерине жараша анын терс маанайдагы эмоциялык каалоосун да билдирип калат. Маселен, -*Ушу азыр сүрөтчү болуп туруп тартса...*(У.А.) деген сүйлөмдөгү каалоо мааниси менен -*Келиштирип туруп жаактан ары тартса!* деген сүйлөмдөгү каалоо маанилерин бирдей кароого болбойт.

Эгерде сүйлөмдүн предикаты болуп түшкөн мындай шарттуу ыңгай формасындагы этиштер менен “эмне”, “кана” ат атоочтору, “экен” көмөкчү сөзү биргеликте келсе, каалоо мааниси күчөтүлөт. М: *Ушул чакта, кайран Кыргызым, кайыптан кудурет алып, бир силкинип, ыроолуңа **келе калсаң***

***эмине****!* *Сопсоо болуп* ***сакайып кетсең эмине!*** (С.К.). *Мунун үйүндө жанагы меркиттин колуктусундай буралган селки казан асып* ***от тутантса кана****...* (И.К.). - ***Кана эле****, колтукташып бирге* ***басып баратсак****...* (К.Т.).

*Бүткөн бой мынча балкыган,*

***Бүтпөсө экен*** *бийибиз* (С.Ж.) ж.б.

г) **–сын, -ыңыз, -гыла** мүчөлүү буйрук ыңгай формасындагы этиштик предикаттардан уюшулган сүйлөмдөрдө да каалоо мааниси берилип калат. Эгерде бул маани 2-жакка тике багытталса, мындай сүйлөмдөрдө каратма сөз катышып келиши мүмкүн. М: *Жашообуз* ***болсун*** *көктөмдөй* (Ж.Ш.).

*Сиз мага эрте* ***келиңиз,*** *кеч да* ***келиңиз,***

***Таркасын*** *көңүлдөгү буккан черибиз!* (И.С.)

*Барбардигер кудурет,*

*Пааналап ишиң* ***оңдосун.***

*Камбаркан баба* ***кол берсин,***

*Кыдыр даарып,* ***жол берсин*** (Арстанбек).

*Ата-эненин асыл оюн аткарар,*

*Жар* ***болгула****, эки жаш!* (С.Ж.) ж.б.

д) **–бы** мүчөлүү этиштер предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөрдө каалоо мааниси чагылдырылышы мүмкүн.

М: *Салкындуу жерге Саройго,*

*Сагызган* ***келип конбойбу*** (Эл. ырдан).

*Жаныма* ***келсең болбойбу,***

*Жылкылар жуушап жатканда* (А.А.) ж.б.

Ошондой эле Майрамың менен!, Кут болсун, Той маарек!, Ак жол, Максатыңа жет!, Ийгилик! деген өңдүү айтылыштар өзүнчө келип да, сүйлөм тутумунда берилип да каалоо маанисин туюндурат. Эгерде булар сүйлөм курамында келсе, 2-жактагы адресат каратма сөз болуп түшөт. М: *-И, диплом алган киши, дипломуң кут болсун!* (У.А.). – *Кел, сулуу кыз, туулган күнүң менен!* (С.М.) ж.б.

Кээде сүйлөмдө катышып келген “Кудай кааласа”, “буюрса” деген киринди сөздөрдүн таасиринде кыйыр түрдө болсо да каалоо мааниси туюндурулуп калат. М: - *Кудай кааласа, жеңиштүү келип, кыздардын алдында короздонуп да турарсыңар, жеңиш да, кыздар да силердики болот!* (У.А.). *–Буюрса, үлгүрүп жетип барасыңар* (С.М.) ж.б.

**Эңсөө мааниси** каалоо маанисинин өнүккөн, күчөттүрүлгөн формасы катары каралып, бул маанилер бири-биринен чактык (убакыттык) түшүнүктүн жана контексттик өзгөчөлүктүн негизинде өз ара айырмаланып турушат. Башкача айтканда, каалоо мааниси, негизинен, келер чактык жана учур чактык мааниде айтылган сүйлөмдөрдө берилсе, эңсөө мааниси өткөн чактык маанидеги түшүнүктөргө карата айтылган сүйлөмдөрдө камтылат.

Маселен, *Сен күлсөң, мен да күлсөм дейм,*

*Күлкүңдө кошо жүрсөм дейм* (С.Ш.) деген сүйлөмдөрдө каалоо мааниси камтылса, *Жыңайлак баскан издерим,*

*Жылгаңдан келет издегим* (Ж.М.) деген сүйлөмдө эңсөө мааниси туюнтулду. Ошондой эле бул өңдүү чактык, контексттик маанилерди сүйлөм маанисине күчтүү таасир этүүчү тилдик бирдиктерден болгон сырдык сөздөр да жокко чыгара албайт.

Мисалы, *Көңүлдөн кетпейт, чиркин ай,*

*Айылдын салкын кечтери!* (Обондуу ырдан).

*Аттиңай, бүркүт болуп сызгым келет,*

*Кайрадан жаштыгымдын асманында* (К.М.) деген сүйлөмдөр аларда катышкан «чиркин ай», «аттиңай» сырдык сөздөрүнө карап, 1-сүйлөм суктануу, ал эми 2-сүйлөм өкүнүү маанисиндеги сүйлөм катары каралбайт. Анткени булардагы контексттик, өткөн чактык маанилер бул эки сүйлөмдүн тең эңсөө маанисиндеги сүйлөмдөр экендигин айгинелейт. Мындан тышкары сүйлөмдө камтылган эңсөө мааниси бул маанилик бөтөнчөлүктү тике туюндурган «эңседим», «сагынам» деген өңдүү лексикалык бирдиктер аркылуу да берилет.

М: *Жылдар келсе, айлар келсе жаңырып,*

*Жүрөк эңсейт ошол күндү сагынып* (Ж.С.).

*Бpraktaп ыр дептерин,*

*Мен жаштыкты эңседим* (Обондуу ырдан).

*Колунан кызыл гүл алып,*

*Коштошкон күндү сагынам* (К.А.) ж.б. Ошондой эле контексттик өзгөчөлүккө ылайык бул маани айрым сүйлөмдөрдө кыйыр түрүндө да чагылдырылып калат.

М: *Күүгүмгө чейин сырдашкан,*

*Күн болсо ошол күнүмдөй* (К.А). *Кайран бейпил кез. Капарсыз, кайгысыз жүргөн күндөр!* («Ала - Too»).

*Каректер кадалып сырдашчу,*

*Кайдасың, жылдыздуу, айлуу түн?* (Обондуу ырдан) ж.б.

**Кусалануу мааниси** да өз ичине каалоо маанисинин белгилерин камтып, эңсөө маанисине бир топ жакын келет. Эңсөө мааниси каалоо маанисинин өнүккөн формасы катары келсе, кусалануу мааниси эңсөө маанисинин жогорку баскычы катары каралат. Анткени менен бул маанилик бөтөнчөлүктөр өз ара айырмачылыктарга да ээ болуп, кусалануу маанисинде сүйлөөчүгө мүнөздүү болгон басыңкы маанайлык абал басымдуулук кылат. Бул мааниде айтылган сүйлөмдөр көбүнчө суроо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болуп, маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө сейрегирээк камтылат. М: *Муңканып жалгыз олтурам,*

*Муңдашым, Мунар, кайдасың?* (Аалы).

*Бой таштап тегирмендин парасына ,*

*Кээ күнү калгым келет кайчыланып* (Ж.М.).

*Биз жүргөн айлуу түн кайда?*

*Биз үзгөн жыпар гүл кайда?*

*Көзүңдөн секет болоюн,*

*Көрүнүп койчу бир кайра* (К.А.).

*Апакем кайда, мен кайда?* (Обондуу ырдан) ж.б.

Ошентип, кусалануу маанисин чагылдырган сүйлөмдөр эңсөө маанисин туюнткан сүйлөмдөрдөй эле өткөн чактык маанини камтып, бирок сүйлөөчүнүн кайсы бир заттык, же көрүнүштүк түшүнүккө карата болгон ички каалоосунун, эңсеп сагынуусунун күчөтүлгөн жогорку чегин маалымдайт.

**Кыялдануу мааниси** каалоо маанисинин өзгөчө түрү катары келип, мында сүйлөөчүнүн объективдүү чындык менен шайкеш келиш - келбеши белгисиз болгон (дээрлик, чындыкка ашпаган) каалоосу берилет. Бирок сүйлөөчүнүн чындыкка дал келбеген ой жоруму, же маалыматы кадыресе (жалпы түшүнүктүк) каалоо маанисин камтыган сүйлөмдөрдө да берилиши мүмкүн. Маселен*, Балыр болуп түбүңдө,*

*Жаткым келет, Ысык-Көл.*

*Кеме болуп белчемден,*

*Баткым келет, Ысык-Көл*

(А.Т.) деген ыр саптарында камтылган ойдун чындыкка ылайык келбегендигине карап, мында кыялдануу мааниси берилди деп кароого болбойт, анткени бул сүйлөмдөрдө катышкан «жаткым келет», «баткым келет» деген этиштик предикаттар кыялдануу эмес, каалоо маанисинин берилишин шарттады. Ал эми кыялдануу мааниси, негизинен, ***-са*** мүчөсүнүн, башкача айтканда, шарттуу этиштердин таасиринде уюшулат. М: *Кымыздан ичсең, агай, деп,*

*Кол чанач **болсо** колуңда* (А.А.).

*Көл **болсо** да, көл жээгинде мен **болсом,***

*Көк кайыкчан келе жаткан сен **болсоң*** (С.У.).

*Жалбырактуу жашыл чынар теректин,*

*Булбул болуп бутагында **сайрасак*** (Н.Ж.)

*Ак жамгыр **төксө** шорголоп,*

*Арчага **кирсек** корголоп* (Обондуу ырдан) ж.б.

Эгерде **–са** мүчөлүү этиштен кийин “ээ” сырдык сөзү айтылса, кыялдануу мааниси дагы күчөтүлүп берилет.

М: *Ак шумкар куштай айланып,*

*Ай, жылдыз менен **сызсам, ээ.***

*Ала-Тоо кыргыз элимдин,*

*Дал үстүнөн **чыксам, ээ*** (Актан) ж.б.

Ошондой эле **-са** мүчөсүнөн кийин **-чы** мүчөсү кабатталып келип да кыялдануу мааниси туюндурулат. Мындай учурда көбүнчө ишке ашпай турган кыялдар берилет. Бул эки мүчөнүн арасына жак мүчөлөрү кыстырылып келиши да мүмкүн. М: *Ат арыбас **болсочу,***

*Жаш карыбас **болсочу*** (Т.).

*Мезгилдер **кылчак бурсачы,***

*Адамга **моюн сунсачы.***

*Отуздан жашты өткөзбөй,*

*Ордунда жүз жыл **турсачы*** (Ш.Б.).

*Азыр **учуп келсеңчи**, атаганат,*

*Ак куу сымал сенде да канат болуп* (С.Ж.).

***Калсачы** дайым ушинтип,*

*Кармашкан бойдон колубуз* (С.Ж.) ж.б.

**-са, -чы** мүчөлөрүнүн өзү жалганган сөзгө жана ал аркылуу жалпы сүйлөмгө киргизген маанилик өзгөчөлүктөрү көп кырдуу. Маселен – **са** мүчөсү кыялдануу маанисинен тышкары шарттуулук, мезгилдик, себептик ж.б., **- чы** мүчөсү өз алдынча келип, суранууу, кекетүү маанилерин, **- са** менен биргеликте келгенде суроо маанисин (М: *Эгер жолугуп калсачы?*), кээде тилөө маанисин (М: *Эч ким бизди айрый албас бол**сочу***) туюнтушу мүмкүн. Мындан сүйлөмдүк маанилердин берилишинде мүчөлөрдүн негизги ролду ойной албастыгы, алардын контексттик өзгөчөлүккө ылайык гана кайсыл бир маанинин чагылдырылышын шарттоочу тилдик каражат экендиги көрүнөт.

Каалоо маанисинен бутактап чыккан маанилик түрлөрдүн тобуна тилөө, ниеттенүү, үмүттөнүү маанилерин да кошууга болот.

**Тилөө мааниси** сүйлөөчүнүн өз каалоосунун аткарылышын белгисиз күчтөн сурангандыгын туюндурган түшүнүк катары келип, ал келер чактык

маанини камтып турат. Бул маанидеги сүйлөмдөр кайсыл бир жактан, кыялдануу маанисин камтыган сүйлөмдөргө жакын болгону менен, тилөө маанисиндеги сүйлөмдөрдө, негизинен, ишке ашууга мүмкүн болгон түшүнүктөр чагылдырылат. Кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдө бул маани көбүнчө **– гай эле**, **- са экен** формасындагы, кээде буйрук ыңгай формасында келген этиштердин таасиринде берилет.

М: *Сен сынсаң да, сени сунган перизат,*

***Жашаса экен*** *жары менен бактылуу* (Б.С.).

*Ар кимдин ойлогону* ***ишке ашсын,***

*Ар – ар ким турмушунан* ***бакыт тапсын*** (Т.Э.). *Жанбозум жарк этип* ***кирип келгей эле*** (С.М.). *Эптеп балдар жетилип,* ***буттарына турушса экен*** (И.К.) ж.б.

Тилөө мааниси предикаты **–сын** мүчөлүү этиштерден уюшулган сүйлөмдөрдө дароо айкын болбой, жалпы сүйлөмдүк маани аркылуу билинет. Маселен, -*Бошошпой, кайратту бол, балам, колуңан топурак буюрсун!* (У.А.) деген татаал сүйлөмдүн биринчи жөнөкөй сүйлөмүндө талап кылуу, экинчи жөнөкөй сүйлөмүндө тилөө мааниси туюндурулду.

**Ниеттенүү мааниси** тилөө маанисине бир топ жакын. Анткени бул эки маанилик өзгөчөлүктө тең, сүйлөөчү өзүнүн, же өзүнө катышы бар 2-3-жактын иш аракетинин, ой-максатынын, каалоо мүдөөсүнүн аткарылышын каалагандыгын билдирет. Экөөндө тең объективдүү маалымат эмес, келер чактык маанидеги, чындыкка ашышы, же ашпашы белгисиз болгон, сүйлөөчүнүн субъективдүү жеке оюн билдирген маалыматтар камтылат. Анткен менен алар айырмачылыктарга жана өз алдынчалыктарга ээ. Предикаттарынын курулуу формалары да айырмалуу. Ниеттенүү маанисин өз ичине камтыган сүйлөмдөрдүн предикаттары ниет ыңгай формасындагы **–мак, -макчы** мүчөлүү этиштерден сырткары айкын жана арсар келер чак формасындагы этиштерден уюшулуп, мындай сүйлөмдөрдүн тутумунда көбүнчө **буюрса** кириндu сөзү катышып келет. М: -*Оолун, сени даңазалуу ноёндун аялындай* ***бапестеп алам, буюрса*** (И.К.). *–Ээ, балам,* ***кудай буюрса,***

*курджун чечмей да болор* (У.А.). *–Эмки жылдан уулубуз ушул жерге үй* ***салмак*** (Э.Ө.) ж.б. Мисалдардан көрүнүп тургандай, ниеттенүү мааниси маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө камтылып, сүйлөөчү тарабынан анын өзүнүн, же 2-3-жактын аткарыла элек иш аракетинин, оюнун, каалоосунун иш жүзүнө ашышына кызыктар болгондугун, же ниетин туюндурган маани катары келет.

**Үмүттөнүү мааниси** сүйлөөчүнүн өз каалоосунун ишке ашышын күткөндүгүн билдирип, өз ичине белгисиздик, күмөндүүлүк маанилеринин элементтерин да камтыйт. Бул маани, негизинен, **- дыр, - ар** мүчөлөрүнүн таасиринде берилет. М*: -Тукубайыма да бул айылынын туз – насиби буйруп, аман – эсен* ***кайтып келгиси бардыр*** (Ө.Д.). *Буларга сыр ачып кереги жок, коңурат, же оңгут деп* ***ойлоп калгылары бардыр*** (И.К.).

*Шашпайын өзүң* ***келерсиң,***

*Саамайың менен жел ойноп* (А.Н.).

*Душмандын туусу* ***бүктөлөр,***

*Турмуштун туусу* ***тиктелер*** (Т.) ж.б.

Ошентип, **каалоо мааниси** сүйлөөчүнүн объективдүү жана субъективдүү түшүнүктөргө, көрүнүштөргө карата болгон мамилесин, туюмун билдирүүчү маанилик түрлөрдүн негизгилеринин бири болуп, андан ***эңсөө, кыялдануу, кусалануу, тилөө, ниеттенүү, үмүттөнүү*** маанилеринин өз алдынча маанилер катары өсүп чыккандыгы көрүнөт. Мындай маанилердин өз ара жакындыгын, айырмасын ажырата билүүгө, сүйлөмдө берилүү бөтөнчөлүктөрүн өздөштүрүүгө жетишүү тил илимин изилдөөчүлөр, же үйрөнүүчүлөр үчүн гана эмес, пикир алышуунун, же маалыматтын толук кандуу ишке ашышына жетишүүгө умтулган ар бир инсан үчүн да чоң мааниге ээ.

### *Жактыруу жана суктануу, үндөө жана кубаттоо маанилери*

**Жактыруу мааниси** сүйлөөчүнүн өзүн курчап турган айлана-чөйрөгө: жандуу жана жансыз заттарга карата болгон жеке мамилесинин, ички табиттик туюмунун алардын кайсыл бирине шайкеш келгендигин билдирүүчү маани болуп эсептелет. Жекече көз карашты, табиттик туюмду чагылдыруучу бул маани көбүнчө оозеки жана көркөм кепте колдонулган сүйлөмдөрдө, айтымдарда камтылып, негизинен, төмөнкүдөй тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде берилет:

а) Бул маанини түз туюндурган «жак» этишинин түрдүү грамматикалык формада (жактың, жактырдым ж.б.) берилиши менен «жакшы», «сонун» деген өңдүү сын атоочтордун таасиринде туюнтулушун эске албаганда, жактыруу мааниси мындай сөздөрдүн тике катышуусусуз да айрым сүйлөмдөрдө чагылдырыла берет. Мындай сүйлөмдөрдө сүйлөөчүнүн өзү сөз кылып жаткан заттык, же көрүнүштүк түшүнүккө болгон жактыруусу айкын билинип турат. М: *Жанынан кадам алыстабай, карап эл отура бергиң келет* (Ө.Д.). *Жайкысын жата калып ичсең, тамшанткан даамын айтпа!* (Ч.А.).

*Булбул үнүн, жыпар гүлдүн жытын айт,*
*Бир барганда көңүл черин тараткан!* (Ж.С.) ж.б.

Бирок жактыруу маанисинин бул өңдүү сүйлөмдөр аркылуу берилишин «Жакшы көрөм мен сенин, жазга окшоп жаркып күлгөнүң» деген негиздеги тике берилиши менен бирдей кароого болот.

б) «Кагылайын», «айланайын», «садага» деген өңдүү ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр чыгыш жөндөмөдөгү зат атооч, же заттанган сөздөр менен тике, же кыйыр түрдө катышта болуу аркылуу сүйлөм тутумунда келсе, андай сүйлөмдөрдө жактыруу мааниси камтылат.

М*: Каным, жаным бир өзүңө орногон,*
*Карааның**дан кагылайын** Фрунзем* (Т.Т.).
*Борумуң**дан**, боз бала,*
*Боздотпочу, **садага!*** (А.О.) ж.б.

Анткен менен жактыруу маанисинин бул негизде берилишинде сырдык сөздөрдүн сүйлөмдө катышуусу шарт эмес. Башкача айтканда, андай сөздөрдүн түшүрүлүп калышы кыргыз тилинде стилдик нормага айланып, сырдык сөздүн маанилик функциясын **чыгыш** жөндөмөнүн мүчөсү аткарып калган. М*: Кайталап созгон үнүң**дөн**, бозой,*

*Кайраттуу эрдей түрүң**дөй**, бозой* (Б.С.).

*Ак алма мисал жүзүң**дөн**, жеңе,*

*Аккуудай айбат түсүң**дөн**, жеңе* (А.О.).

*Жагалмай канат кашың**дан**,*

*Жайылган кара чачың**дан*** (Токтогул).

*Жалжылдап жанган көзүң**дөн**,*

*Жатсам да көрөм түшүмдөн* (Ж.С.) ж.б.

Бирок чыгыш жөндөмөнүн мүчөсүнүн жактыруу маанисин туюнтуучулук ролу да туруктуу эмес. Кээде жогоркудай негизде берилген чыгыш жөндөмөдөгү сөз жактыруу эмес, тамашалоо, шакабалоо маанисинин берилишин шарттап калат. М: -*У, жүрөгүң**өн** сенин! – Айдар карс-карс күлүп, кайрадан аны шакаба чегет* (Ө.Д.) ж.б.

**Суктануу мааниси** жактыруу маанисинин күчөттүрүлгөн түрү катары келип, сүйлөөчүнүн жаратылыштык, предметтик, же жандуу заттык көрүнүштөргө карата болгон кызыгуусун, көз артуусун, бүт дилинен берилүүсүн туюндуруу менен жактыруу маанисинен белгилүү өлчөмдө өзгөчөлөнүп турат. Сүйлөмдө, же айтымда камтылган сыктануу мааниси бул түшүнүктү тике туюнткан "суктан" этишинин (М: *Эликтей сулуу чырай жээрде кулун, **суктанам к**өрбөгөнсүп мындан мурун.* (Т.Ү.) ж.б.) катышуусунан тышкары айрым сырдык сөздөрдүн, ошондой эле, "укмуш", "керемет", "сонун" деген өңдүү сын атоочтордун алдына "кандай" сурама ат атоочунун айкаша келишинин таасиринде да берилет. М: ***-Пай, пай, пай**, комуз болбосоң кое кал!* (Т.К.). *Ала-Тоо, сенин көркүң, **ай,***

*Көз жоосун алган төрүң, **ай!*** (Ж.С.).

*Шыктанамын минип кыял кемесин,*

*Чалкып жаткан* ***кандай укмуш*** *немесиң!* (Ж.М.). ***Кандай маңдайы жарык*** *киши! Атаганат, менин зайыбым ушундай жаркыраган аял болсочу!* (У.А.) ж.б.

Экинчи жакка карата айтылган “көргөнүңдөбү”, “айтпайсыңбы” деген өңдүү сөздөр предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөрдө да суктануу мааниси чагылдырылат. *М: -Баарынан да айдай аппак ажарына жарашкан капкара калын* ***айтпайсыңбы!*** (Ж.И.). – *Эх, башын жерге сала назданганын* ***көргөнүңүздөбү!*** (Ж.И.) ж.б.

Айрым сүйлөмдөрдө камтылган суктануу мааниси бул белгиленген тилдик бирдиктердин катышуусусуз да чагылдырылышы мүмкүн. Маселен, *Кайран дүйнө ишине, карап туруп көз тойбойт* (Т.) деген сүйлөмдөгү суктануу мааниси жалпы контексттик өзгөчөлүккө ылайык кыйыр түрдө маалым болуп турат. Мындай абалдагы кыйыр, же күңүрт чагылдырылуу маанилик түрлөрдүн бардыгында болушу мүмкүн.

Бул белгиленген маанилердин терс түшүнүгү, же антоними катары каралган **жактырбоо мааниси** сүйлөөчүнүн айлана-чөйрөлүк, түшүнүктүк көрүнүштөрдүн кайсыл бирине болгон терс мамилесин билдирүүчү маани катары келет да, ал кекетүү, каргоо, жектөө, какшыктоо маанилеринин жаралышын шарттайт. Жактырбоо мааниси айрым сырдык сөздөрдүн (капрай, жашабагыр, өлөт алгыр ж.б.) элестүү этиштердин (былчыйган, шөлпөйгөн, арбайып ж.б.), “тумшугу суук”, “ары жок”, “кемпай” деген өңдүү сөз жана сөз айкаштарынын таасиринде уюшулат. М: *-Кебетесин, салбырап...* (М.С.). *–Эмненин кыясы, аты эле болбосо, деле кыя деп айтчудай эмес а жыласты* (Ө.Д.). *–Ээ, ичин чандайтып...таптар күлүгүң ушубу!* (Ж.М.) ж.б.

Сейрегирээк болсо да жактырбоо маанисинин берилишине **–бы** мүчөсү менен **беле** көмөкчү сөзү таасирин тийгизет. Бирок бул учурда деле негизги рол сүйлөм курамына кирген сөз жана сөз айкаштарынын семантикасына байланыштуу болот. Ошондой эле айтылуу интонациясы да белгилүү бир ролго ээ. *М: -Ушундай да сүйкүмсүз кыз боло****бу!*** (У.А.). *Көрүнгөндүн*

*катыны болгон жакшы болмок **беле!*** (У.А.) ж.б. Алынган мисалдардагы жактырбоо маанилери аталган мүчө менен көмөкчү сөзгө гана байланыштуу эмес, интонациянын, контексттик өзгөчөлүктүн таасирине да байланыштуу чагылдырылды. Эгерде бул сүйлөмдөр көтөрүңкү илептүү интонацияда эмес, басыңкы, жай интонация  менен айтылса, биринчи сүйлөмдө таңдануу мааниси, экинчисинде кайдыгерлик маани туюндурулмак.

Айрым сүйлөмдөрдө бул маанилик өзгөчөлүккө кайсыл бир деңгээлде катышы бар тажоо мааниси чагылдырылат. **Тажоо мааниси** – сүйлөөчүнүн көбүнчө жактырбаган, кээде жактырса да, бир нече ирет кайталанган иш аракетке, көрүнүшкө кабылгандагы психологиялык абалын билдирген маани. Ал көбүнчө жактырбоо маанисинин күчөтүлгөн абалы катары келип, анын туюнтулушун “уф”, “ээ”, “өх” сырдык сөздөрү, “тажаганда”, “айлам кеткенде”, “мукураганда” деген өңдүү сөздөр шарттайт. Кээде “экен” көмөкчү сөзү да таасирин тийгизет.  М: - ***Уф,*** *эми ушул кыз калды эле менден кеңеш сурабаган!* (Ф.М.). – ***Ээ,*** *силерге бул экөөбүздүн кайсыл бир чыр-чатагыбызды айтып түгөтөйүн!* (Ф.М.). – *Деги сен эмне деп жатасың, ыя?* – ***Аргам түгөнгөндө*** *ажылдап жаткан аялыма күңк эттим:* - *Ленин – ким, мен* - *киммин, Крупская – ким, сен – кимсиң?!* (Ф.М.). – *Бу дабасы жоктор качан жок болот **экен!*** (К.Д.) ж.б.

Ошентип, жактырбоо жана тажоо маанилеринин берилишине бирдей, же өз ара жакын келген тилдик каражаттар көмөк көрсөтсө да, алар бири-биринен, негизинен, контексттик өзгөчөлүккө ылайык айырмаланып турушат.

**Үндөө (чакырык) мааниси** – сүйлөөчүнүн өз ой жорумундагы, туюм-таанымындагы туура, же керек, зарыл деп эсептеген түшүнүгүнө кошулууга, аны коштоого 2-3-жактагы жандуу заттарды (адамдарды жана бакма жаныбарларды) ынандырууга үгүттөгөндүгүн, белгилүү чектеги талабын билдирген маани. Сүйлөмдө камтылган маанинин бул түрүн жалпысынан төмөнкүдөй негизде: а) адамдарга карата айтылуучу үндөө мааниси, б) жаныбарларга карата айтылуучу үндөө мааниси деп бөлүп кароого болот.

Жаныбарларга карата колдонулуучу үндөө (чакыруу), негизинен, сырдык сөздүк (*пө-пө, круй-круй, ов-ов, мо-мо, күчү-күчү* ж.б.) деңгээлде ишке ашса, адамдарга карата айтылуучу үндөө мааниси сүйлөм тутумунда, жалпылап айтканда, төмөнкүдөй негиздеги грамматикалык формаларда уюшулган тилдик бирдиктердин таасиринде туюнтулат:

а) 2-3-жакта берилген буйрук ыңгай формасындагы этиштердин таасиринде. М: ***Тур,*** *каргыш тамгасы басылган,*

*Бүт дүйнөдөгү ач кулдар!* (Э.Потье).

*Кайрылып келбейт өмүрүң,*

***Ойлогула,*** *кыздар, ай.*

*Кайран жашты картайтып,*

***Койбогула****, кыздар, ай!* (Токтогул). -***Келгиле,*** *жолдоштор, сот, прокуратура, милиция кызматкерлерин* ***ишсиз калтыралы****!* (Оозеки кептен) *Ынтымак, достук бизде бар,*

***Ырдайлы,*** *достор,* **ырдайлы***!* (Ж.С.) ж.б.

б) Баяндоочу кыскартылган бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн тутумунда келген барыш жөндөмө формасындагы сөздүн таасиринде.

М: ***Катарга,*** *жолдоштор,*

*Жаралсын жоктон бар.*

*Жалындап жан оттой!* (А.Б.).

***Алга,*** *жаштар, чамда, жаштар,*

*Оңой жолду тандабастан!* (С.Ж.). *Илим, билим* ***жаштарга!*** (Оозеки кептен) ж.б. Мисалдардан көрүнгөндөй, бул маанини алып жүрүүчү сүйлөмдөрдө аны пайда кылчу буйрук ыңгай формасындагы этиш менен барыш жөндөмөдөгү сөз бири-бирин толуктоо иретинде катарлаш орун абалында келген сүйлөмдөрдө катыша берет. Мындай сүйлөмдөрдүн, дээрлик, бардыгы каратма сөздүү сүйлөмдөрдөн болот. Ошондой эле үндөө маанисиндеги сүйлөмдөр суктануу маанисиндеги сүйлөмдөр менен маанилик катышта, катарлаш орун абалында келиши мүмкүн.

М*: Жаш курбулар,* ***жашарткыла*** *өмүрдү,*

*Өмүр чиркин, өмүр **кандай көңүлдүү!*** (Ж.Б.) ж.б.

Экинчи, же үчүнчү жактагы активдүү субъекттин иш аракетин, же ой жорумун сүйлөөчүнүн коштогондугун, ага кошулгандыгын билдирүүчү маани **кубаттоо мааниси** катары каралат. Бул маанинин туюнтулушун шарттоочу тилдик бирдиктер катары да сырдык сөздөр менен буйрук ыңгай формасындагы этиштер рол ойнойт. М: -*Йе, Көкөтеңир колдосун! Ошент!* (И.К.). *–Ап, баракелде! Анык өсүмдүү уул экенсиң!* (Ж.М.). – *Уайт десеңчи! Бүтүм болбосоң кое кал!* (“Көч”).

*– И, мобу кызга туш-туштан кат көп келет...*

*– И, келсин, келбей анан, жакшы кыздын кардары ошентип көп болот!* (У.А.). – *Бали, иним, дал ушундай устаттык менен иштөө керек!* (Ф.М.) ж.б.

Ошентип, жактыруу жана суктануу, үндөө жана кубаттоо маанилери өз ара катыштагы маанилик түрлөр катары келет да, буларды байланыштырган өзөк маани болуп жактыруу мааниси эсептелинет. Анткени суктануу, үндөө, кубаттоо түшүнүктөрүнүн алар багытталган окуя-көрүнүштөргө карата болгон сүйлөөчүнүн жактыруусусуз келип чыкпастыгы айкын. Андыктан аталган маанилик түшүнүктөрдү өз ара семантикалык жакындыкта болгон, бирок ар бири өз алдынча автономиялуулукка жетишкен, кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдө, же айтымдарда арбын камтылган маанилердин түрлөрү катары кароого болот.

## 4.1.3. Адресанттын туюмуна негативдүү таасирде болгон маанилер

### *Өкүнүү жана арман кылуу маанилери*

***Өкүнүү мааниси*** сүйлөөчүнүн өз иш аракетине, же болуп өткөн турмуштук кайсыл бир объективдүү чындыкка канааттанбагандыгын туюнтуп, анын жекече оюн, көз карашын билдирүүчү маани катары келет. Сүйлөөчүнүн туюм - таанымын көрсөтүүчү маанилик бөтөнчөлүктөрдүн бул түрүн билдирген сүйлөмдөр ар дайым өткөн чактык маанини камтыйт. Анткени сүйлөөчү өз иш аракетин, же ага тиешеси бар окуя, кубулуштардын анын каалоосуна, кызыкчылыгына дал келген, келбегендигин, туура же туура эместигин, негизинен, убакыт өткөндөн кийин гана түшүнөт. Ал эми сүйлөөчүнүн ой-сезиминдеги өкүнүү абалы качан гана ага байланышкан иш аракеттик көрүнүштөрдүн туура болбой калгандыгын түшүнгөндө пайда болот. Өкүнүү мааниси маалымдоо маанисинде айтылган субъективдүү мазмундагы сүйлөмдөрдө берилип, кыргыз тилинде төмөнкүдөй негиздеги тилдик бирдиктердин таасиринде уюшулат:

а) ***Өкүн*** этиши биринчи жакта (өкүнөм) жана аркылуу мамиледе туруп (өкүнтөт) 3 – жакта келгенде, сөз жасоочу ***– ыч*** мүчөсү жалгануу менен зат атоочко (өкүнүч), ага **-луу** мүчөсү уланып сын атоочко (өкүнүчтүү) өтүп берилгенде, өзү катышкан сүйлөмгө өкүнүү маанисин киргизет. Бирок зат атоочко өткөн абалында өз алдынча эмес, «көп» тактоочу менен ээрчишүү байланышында келип, аталган маанини пайда кылат. Бул айтылгандарды төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот.

М: *Ээй, аппагым, **өкүнөм** ал күн өткөнгө* (А.Ж.).

*Өткөн өмүр **өкүнтөт**, айла барбы,*
*Өкүнгөндө же табар пайда барбы!* (Об. ырдан).

*Өппөдүм, мейли өппөйүн, **өкүнүч көп**.* (Ж.С.).

*Чокко салып өзүбүз өзүбүздү,*
*Ишеничтин кеткени **өкүнүчтүү*** (Э.И.) ж.б.

Бирок «өкүн» этиши 2-3 жактарда берилсе, өкүнүү маанисин туюнта албайт, ал эми «өкүнүчтүү» сын атоочу качан гана сүйлөм тутумунда предикаттык кызматта келгенде аталган маанинин берилишин шарттайт.

б) ***Атаганат, аттиң, кантейин, кап*** деген өңдүү ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр өздөрү катышкан сүйлөмдөрдө өкүнүү маанисин пайда кылышат. М: - ***Кап,*** *ушул күнгө чейин ичим ачышат* (Ч.А.).

*Колдон түшүп сынып калды кокустан,*

***Атаганат****, өмүрүнүн аздыгы!* (Обондуу ырдан).

***Аттиңай****, билсем ошондо,*

*Аябайт элем мынчалык* (Т.М.).

*Санаама алып издесем,*

***Кантейин****, табалбай койдум ордуңан* (Обондуу ырдан) ж.б.

в) ***беле*** көмөкчү сөзү сүйлөмдөгү өкүнүү маанисинин берилишине көмөк көрсөтөт. Бирок анын мындай ролу жогорку сырдык сөздөрдүкүндөй деңгээлде болбойт. М: - *О, Кудай! Менин маңбаш балдарыман бычакка сап болору жок* ***беле!*** (Э.К.). *Желини жер чийген, көргөн кишинин көзү толгон көөмүш эмес* ***беле!*** (А.С.). *Ал экөө биздин жылдыз деп,*

*Албадык* ***беле*** *энчилеп* (С.Ж.) ж.б.

г) **эмне, кана, кайдан** деген сурама ат атоочтор этиш сөздөр менен биргеликте келсе, суроо маанисин туюнтпай, зат атоочтор менен катышта болсо, өз табиятын сактап колдонулуп, өздөрү катышкан сүйлөмдө өкүнүү маанисинин берилишине таасир көрсөтүшөт. М: -***Кана****, баягы токойдо партияга өтүп келаткан түнкү алыска, бийикке учкан кыялдар?!* ***Кайда*** *баягы узун тилек, татты үмүттөр?!* (У.А.). ***Кайдан гана*** *кара жерге киргир караторпокту айта койдум эле!* (У.А.).

*Өмүрдүн таттуу күндөрүн,*

***Өткөрсөк эмне*** *биргелеп* (С.Ж.) ж.б.

д) **карачы, карасаң** этиши түпкү маанисинде келбей, жакты туюнтпай колдонулуп, предикаттык функцияда келсе, өзү катышкан сүйлөмгө өкүнүү маанисин киргизет. Мындай сүйлөмдөрдүн курамында айрым сырдык сөздөр

катышып келиши да мүмкүн. М: - *Эмне үчүн акеңди издеп табарың менен бизге тезинен кат жазгын деп эскертпедим! Жолката эстеп келип ушу жөнө-жөнөдө унутканымды* ***карасаң!*** (М.Б.). – *Менин жазуумдун аныкындай сулуу болбой калганын* ***карачы!*** (Достоевский). – ***Каап****, менин алдыма бир жолу кирүүгө жарабаганыңды* ***карачы!*** (М.Б.) ж.б.

е) **экен** көмөкчү сөзү өзү катышкан сүйлөмдө көпчүлүк учурда таануу маанисин туюнтса да, **-мак** мүчөлүү этиш менен келип, кээде ар кайсыл жардамчы этиштер менен, кээде сырдык сөз менен биргеликте колдонулуп, өкүнүү маанисинин берилишин шарттайт. М: *Кайран гана Толгонайым...Сенден кийин арбагыңды сыйлап* ***үйлөнбөй койсом болмок экен*** (У.А.). – *Мен бул жерге* ***келбей коюшум керек болгон экен!*** (М.Б.). *Абыке, Көбөш эки арам* ***бекер жерден чыккан эмес экен, ов*** (С.К.) ж.б.

ж) **–бы** мүчөсү терс формада берилген этиштерге жалганып келип, предикаттык функцияны аткарган сүйлөмдөрдө аталган маани чагылдырылат. М: -*Кайран Хабул хандын тукуму ушинтип* ***бачикиленип кетпедиби...*** (И.К.). – *Мейли, төрөсө төрөп берип, баласы жок немелердин* ***сообуна калайын дебедимби...*** (У.А.). *Муну айткан башка да эмес, кыргыздын* ***так өзү болуп жатпайбы!*** (С.К.) ж.б.

з) Бир сөздүн бир сүйлөм ичинде кайталанып берилиши да өкүнүү маанисинин туюндурулушуна көмөк көрсөтөт. Эгерде мындай сүйлөмдө сырдык сөз катышып келсе, маани дагы да айкындалат.

М*: Мээримиң төгүп турсаң көз нуруңдан,*

*Мен неге* ***байкабадым, байкабадым!*** (С.Ж.). -***Бул*** *менин* ***эмне кылганым****, кокуй,* ***бул эмне кылганым****?!* (У.А.). - ***Ах,балалык, балалык!*** *Секелек кыздай эселек чагымда баары өтүп кеткен экен го!* (У.А.) ж.б.

и) Өкүнүү мааниси кайсыл бир тилдик бирдик, же каражаттардын жеке таасиринде гана эмес, сүйлөм тутумундагы сөздөрдүн лексикалык туюнтмаларына ылайык да бериле берет. Андай сүйлөмдөрдөгү өкүнүү мааниси контекстке карай айкын болот.

М: *Жүз жылдар мындан кийин да,*

*Дарактар турат шуудурап.*

*Биз жокпуз анда бир гана.* (С.Э.).

*Падышамын деп жүрүп,*

*Башыма жетти кылганым.*

*Билбепмин элдин убалын,*

*Мынчалык кудай урарын!* (“Кедейкан”) ж.б.

**Арман кылуу мааниси** өкүнүү маанисинин жогорку баскычы катары келип, сүйлөөчүнүн өз каалоосуна каршы келген окуя, кубулушка дуушарлангандыгына, же өз тилек-максатынын аткарылбагандыгына катуу кабатырлангандыгын, мүдөөсүнө жетпей калгандыгы үчүн ой-санаага баткандыгын туюнтуучу маани катары каралат. Ошондой эле бул маани сүйлөөчүнүн өзүндө жок нерсе, же түшүнүк үчүн кичирейип кемсингендигин маалымдоочу сүйлөмдөрдө да камтылат. Өкүнүү жана арман кылуу маанилери бири-бирине жакын түшүнүктөр катары келип, алар өз ара сүйлөөчүнүн учурдагы психикалык чыңалуу абалынын деңгээлине ылайык жана ага себеп болгон окуя, көрүнүштүн, болуп өткөн чындыктын сүйлөөчүгө тийгизген таасирине ылайык ажыратылат. Өкүнүү мааниси сүйлөөчү үчүн өтө эле орчундуу эмес,  бирок анын оюна, каалоосуна шайкеш келбеген көрүнүшкө карата билдирилсе, арман кылуу мааниси сүйлөөчү үчүн орчундуу болуп, анын аң – сезимине катуу таасир эткен окуя, көрүнүшкө карата билдирилет. Бирок аталган маанилик өзгөчөлүктөр мындай белгилүү бир негиздеги айрмачылыктарга ээ болгон түшүнүктөр болсо да, өзгөчө оозеки кепте өз орду менен колдонулбаган учурлар кезигип калат. Бул маанилик бөтөнчөлүктөрдү туюндурган сөз жана сөз айкаштарын өз орду менен колдонуу сйлөмдө берилген маалыматтын тактыгын, сүйлөөчүнүн оюн, абалын жеткиликтүү кабылдоону камсыздайт. Бул маанилер өз алдынча түшүнүктөр болгондугу үчүн, маселен, төмөнкүдөй сүйлөмдөр *«Кечээ кемпиримди урушуп койгонума өкүнүп калдым»* (арман кылып калдым эмес), *«Апамын акыркы сөзүн укпай калганыма эмдигиче арман кылам»* (өкүнөм эмес) болуп айтылат. Аталган маанилер өздөрүн тике туюнткан сөздөрдүн

эмес, башка тилдик бирдиктердин таасиринде берилгенде, аларды дароо жана так ажыратуу айрым сүйлөмдөрдө бир топ татаал болот. Мындай татаалдыкты аларды уюштуруучу бирдей маанилик типтеги «аттиң», «атаганат» деген өңдүү сырдык сөздөр, бирдей айтылыштагы интонация ж.б. пайда кылат. Бирок мындай айрым окшоштуктарга карабай бул маанилер сүйлөм тутумундагы сөз жана сөз айкаштарынын туюнтмаларынын негизинде келип чыккан контексттик өзгөчөлүктөргө ылайык айырмаланып турат. Маселен, «атаганат» сырдык сөзү катышып келген «*Атаганат, Жайнагым аман турганда не деген адам болор эле!»* деген сүйлөмдө арман кылуу мааниси камтылса, *«Колдон түшүп сынып калды капыстан, атаганат, өмүрүнүн аздыгы!»* деген сүйлөмдө өкүнүү мааниси камтылды. Анткени адам баласы (сүйлөөчү) жакын адамынан ажыраганын, же өзү үчүн маанилүү болгон, көксөп-эңсеген мүдөөсүнө жетпей калганын эстегенде арман кылуу сезимине дуушарланса, байлык, кызмат өңдүү өзү үчүн керектүү түшүнүктөрдөн, же өтө жакын сезбеген адамынан ажыраган өңдүү учурларда өкүнүү сезимине гана кабылат. Ошондуктан бул эки маанини бири-биринен ажыратып кароо зарылдыгы бар.

Арман кылуу маанисин камтыган сүйлөмдөр субъективдүү мазмундагы маалымдоочу сүйлөмдөрдөн болуп, ал маани, негизинен, төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдө берилет:

а) «Арман» сөзү 1-жактын таандык мүчөсүн, же жатыш жөндөмөнүн мүчөсүн кабыл алып, же **–луу** аркылуу сын атоочко өтүп, көмөкчү этиштер менен сүйлөм тутумунда берилсе, мындай сүйлөмдөрдө арман кылуу мааниси туюнтулат. М: *Ачыгын айтсам жашырбай,*

***Арманым аттын башындай*** (Боогачы).

*Кайсы **арманым айтайын**,*

*Калбады перзент – туягым* («С - Б»).

*Айласын таап жете албай,*

***Армандуу болду*** *жаш башым* (Элдик ырдан).

*Үч атым калды союлбай,*

*Үч катын калды союлдай.*

***Арманда кетип баратам,***

*Ат-Башыга сөөгүм коюлбай* (Боогачы).

*Ай төбөдөн түш болду,*

***Арманым кыйын күч болду*** (Жеңижок) ж.б.

б) Предикаты **–мак** жана терс формалуу (-ба-й-т мүчөлүү) этиштерден кийин келген **беле** көмөкчү сөзүнүн катышынан уюшулган сүйлөмдөр өз ичине арман кылуу маанисин камтыйт, же мындай предикаттуу сүйлөмдөрдө сүйлөөчүнүн кайсыл бир өтүп кеткен, анын ой-максатында жашап, бирок ишке ашпай калган көрүнүш түшүнүккө карата болгон арманы чагылдырылат. *М: Карагер атка мингизип,*

*Кайырма калпак кийгизип,*

***Чыгарбайт белем** жыйынга,*

*Мен курган **жыт кылбайт белем** мурунга!* (Жеңижок). *Баягы байкуш Карлыгачым болсо, ушуну **кылмак беле!** Келинин кызындай көрүп **жүрбөйт беле!*** (У.А.).

*Акын болсом атаа кылган Кудайым,*

***Айтпайт белем** адамзаттын убайын!* (Э.Ж.) ж.б.

Ошондой эле **беле** көмөкчү сөзү катышып келген атоочтук предикаттуу сүйлөмдөрдө да аталган маани туюндурулат.

М*: Аралга бүткөн **тал белем,***

*Аманат болгон **жан белем!***

*Капталга бүткөн **тал белем,***

*Капыстан бүткөн **жан белем!*** (Жеңижок) ж.б.

Кээде терс формалуу (**-ба-й-т** мүчөлүү) этиштен кийин **эле** көмөкчү сөзү катышкан, кээде **–мак** мүчөлүү этиштен уюшулган предикаттуу сүйлөмдөрдө контекстке ылайык арман кылуу мааниси берилет.

М: *Балам кылса базарды,*

***Тартпайт элем** азарды!*

*Балам кылса сооданы,*

***Билбейт элем*** *кооганы!*

*Эгер уулум болгондо,*

*Ак шумкар кушун* ***чуктамак,***

*Ак чатыр кирип* ***уктамак.***

*Аргымак атын* ***ойнотмок,***

*Адырга тайган* ***жойлотмок!*** (Жеңижок) ж.б.

в) Айрым ***–са*** мүчөлүү этиштерге ***–чы*** мүчөсү жалганып келип, бул мүчө сүйлөмдө камтылган арман кылуу маанисинин айкындалышына көмөк көрсөтөт. Мындай сүйлөмдөрдө «атаганат», «аттиң» деген өңдүү сырдык сөздөр катышып келиши да мүмкүн. М: *Атаганат, эч болбосо, ушу мага сенин маркум атаңдын сөзүнүн эми* ***консочу!*** (Ж.М.)

*Керегеден шыкаалап,*

*Атакем, жүзүң* ***көрсөмчү,***

*Анан кийин* ***өлсөңчү!*** («С-Б»). ж.б.

**–сачы** мүчөлүү этиштер өткөн чактык түшүнүктө берилгенде гана аталган маанини туюндуруп, эгер сүйлөмдө келер чактык маанидеги түшүнүк камтылса, каалоо (самоо) мааниси басымдуулук кылат. Маселен, *Тагдырдын башка салганынан так ушинтип тулпар мине качып кетер* ***болсочу, атаганат!*** (И.К.) деген сүйлөмдө "атаганат" сырдык сөзү катышып келген менен, сүйлөөчүнүн арманы эмес, каалоосу туюндурулду. Мындай сүйлөмдөрдөгү арман кылуу маанисинин берилишиндеги негизги рол **–чы** мүчөсүнө эмес, сүйлөм тутумуна кирген сөз жана сөз айкаштарына таандык экендиги төмөнкүдөй сүйлөмдөр менен салыштырып караганда айкын көрүнөт. Маселен, ***Калсачы*** *дайым ушинтип, кармашкан бойдон колубуз* деген сүйлөмдө каалоо-эңсөө мааниси, ал эми

*Төркүндөн келген кунаажын,*

*Уй болгондо* ***өлсөңчү.***

*Жарым канат керего,*

*Үй болгондо* ***өлсөңчү*** деген сүйлөмдөрдө тийишүү, тамашалоо мааниси контекстке, логикалык таанымга ылайык айкын болуп турат.

г) Ошондой эле этиштин терс формасын уюштуруучу **–ба** мүчөсү да сүйлөмдө камтылган арман кылуу маанисин айкындоочу көмөкчү каражат катары келип калат. Башкача айтканда, терс формалуу этиштер да бул маанинин берилишин шарттайт.

М: *Куда болуп мал айдап,*
*Келиним* ***алып келбедим****.*
*Жалгыз перзент баламдын,*
*Жолдошун* ***алып бербедим****!* («С-Б»).

*Жолуктум мындай азапка,*
*Ата деп мойнум* ***кучпады.***
*Адашып келген Токоңдун,*
*Алдынан* ***тосуп чыкпады*** *(Т.).*

*Эркелетип сени тоонун кушундай,*
*Колго кармап* ***жүралбадым*** *учурбай* (С.Ж.) ж.б.

д) Арман кылуу мааниси кайсыл бир сөз, же сөз айкашынын тике таасирисиз контекстке ылайык да берилет.

М: *Наалат, Манас, өлбөй кал,*
*Азапты Бакай көрбөй кал!* («Семетей»)

*Жатындаш тууган болбосо,*
*Жалгыздыкка не дейин!* («С-Б.»)

*Аргымак тандап ат жыйдым,*
*Буудан болуп бербеди.*
*Азамат тандап журт жыйдым,*
*Тууган болуп бербеди* (Элдик ыр) ж.б.

Ошентип, өкүнүү жана арман кылуу маанилери сүйлөөчүнүн каалоо-мүдөөсүнө каршы келген окуя, көрүнүштөрдүн таасиринде адам аң-сезиминде, ал аркылуу кебинде чагылдырылган жана өз ара жакын болгон маанилик түрлөр катары келип, жогоруда көрсөтүлгөндөгүдөй негизде уюшулган сүйлөмдөрдө берилет. Алардын өз алдынча маанилик түшүнүктөр экендигин, жакын жана айырмалуу жактарын ачып берүү, сүйлөм табиятын

жеткиликтүү деңгээлде жеткирүү тилдик зарыл маселелерден болуп саналат. Өз ара жакын түшүнүктөрдөн болгон мындай маанилик түрлөрдү бири-биринен ажыратып кароодо кайсыл бир сөз же мүчөлөр чек боло албайт, башкача айтканда, бул эки маани бир эле сөздүн таасиринде берилиши да мүмкүн. Маселен, *«Атаны арман курган жан, ушу сөздү неге айттым!»* («Жаңыл Мырза») деген сүйлөмдө ***«арман»*** сөзү катышып келген менен, бул сүйлөмдө өкүнүү мааниси гана берилди. Анткени мындай маанилик чектер жалпы контексттен айкын болуп турат.

### *Таңдануу жана кабатырлануу маанилери*

**Таңдануу мааниси** сүйлөөчүнүн сезим-туюмуна, дүйнө таанымына шайкеш келбеген, өз турмуш практикасында дуушарланбаган көрүнүш, кубулушка кабылган учурунда айтылган анын кебинде камтылып, бул мааниде берилген сүйлөмдөр маалымдоо жана суроо тибиндеги сүйлөмдөрдөн болот. Таңдануу мааниси белгисиздик, күтүүсүздүк түшүнүктөрү менен шартталып турат, башкача айтканда, сүйлөөчү качан гана өзү үчүн белгисиз, түшүнүксүз көрүнүшкө күтүүсүздөн кабылганда таңдануу абалына дуушарланат. Мындай тилдик-психологиялык жагдай жаралмайынча, таңдануу маанисин камтыган сүйлөмдөр, же айтымдар уюшулбайт.

Сүйлөөчүнү таңдануу абалына дуушарланткан көрүнүш аны суктандырып кубанткан, же тескерисинче, иренжитип кабатырланткан, же нейтралдуу, кайдигер караткан көрүнүштөрдөн болушу мүмкүн. Маселен, төмөнкү сүйлөмдөрдө камтылган таңдануу маанилери, бул багыттан каралганда, белгилүү чекте өз ара айырмаланып турушат. М: *1) – Жарыктык, ушундай бүркүт да колго түшөт экен ээ!* (Ж.М.). *2) – О, чоң Кудайдын кудурети! Кайран Алимхандын тукуму дешке оозуң барбайт...* (Т.К.). *Уу ичкенден кийин кайра станканын жууп тазалап, анын жанына эмне күч келди?!* (А.Г.). Алынган мисалдардын биринчисинде сүйлөөчү өзү кубанып

суктанган көрүнүшкө таңданса, экинчисинде иренжиген, көңүлүн чөгөргөн көрүнүшкө таңданды. Ал эми үчүнчү сүйлөмдөгү таңдануу мааниси булардан айырмалуу. Мында сүйлөөчү өзүнө белгисиз, же күтүүсүз болгон көрүнүшкө суктанбай, же иренжибей таңданды. Андыктан бул маанинин мындай ички өзгөчөлүктөрүн да эске алууга туура келет.

Өз ичине таңдануу маанисин камтыган сүйлөмдөр, негизинен, төмөнкүдөй тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде уюшулат:

а) көбүнчө “капрай”, “тообо”, “шумдугуң түшкүр”, “укмушуң кургур” деген өңдүү сырдык сөздөр катышып келип, предикат болуп түшкөн сөзүнө **–бы** мүчөсү, же **ээ** бөлүкчөсү жалганган сүйлөмдөрдө камтылат. М: - *О, кудай, бул жакында эле болгон окуя турбайбы!* (Ж.М.). – *Капрай, анын катынын көрбөй туруп да сынайсызбы?* (А.С.). – *Шумдугуң кур, ушундай да болот экен ээ!* (“Ала-Тоо”). *Кудая тообо, болбосо бир жума мурда эле баба каякта эле, мен каякта элем!?* (Ф.М.) ж.б.

б) Формалдуу түрдө II жактын жекелик санында берилген “карасаң”, “айтпайсыңбы”, “көрчү” деген негиздеги этиштик айтылыштар менен аяктаган сүйлөмдөрдө таңдануу мааниси чагылдырылат. М: *Ошону билген ата-бабалардын акылын карачы...*(“Ж.Ж.”). – *Анан ушул аңкоого алдагыдай чүрөктүн келинчек болуп калганын айтпайсыңбы!* (И.К.). *Мусулмандын өлүп баратып өзүнүн шумкарын эсине алгандыгын карасаң! (*Ж.М.). - *Экөөнүн бир болуп калганын көрчү. Экөө эки жакта жүргөн немелердин башы кошулуп калганын кара! Кудаанын кудурети* (А.Б.) ж.б.

в) “Таң калыштуу”, “кызык”, “эмнеси” деген атооч сөздөр предикаты болуп түшкөн, же предикаттын тутумунда келген сүйлөмдөрдө да таңдануу мааниси камтылат. М: *Бул баянда кыргыз жазмасы жөнүндө эске алынгандыгы кызык.* (“Кыргыздар”). – *Эки суу аралашпайт, - дегени кандай!?* (Оозеки кептен). – *Жан адамга айтпай, түн ортосунда жөнөп кеткени эмнеси!?* (С.М.). – *Ээй, бул эмнеси булардын?!* (И.К.) ж.б.

г) **да** бөлүкчөсү предикаттын тутумунда келген сүйлөмдөрдө таңдануу мааниси берилет. Бирок мындай сүйлөмдөрдө аталган маани айкын көрүнбөй, контексттик маанинин көмөгү талап кылынат.

*М: Сен жашап сезимимде, ойлорумда,*

*Кароодон караанынды тойбодум **да**!* (М.А.). *– Мына кызык, эртең келе турган адам бүгүн келиптир **да**?!* (Оозеки кептен). *– Балыктын этин жылкынын жалы менен жаясынан ашык баалаган да эл болот экен **да**!* (А.С.). *– Ушундай да ырайымсыздык, адамгерчиликсиздик болот экен **да**!* (Достоевский) ж.б.

д) **Эмне дейт!, Койчу!, Кантип эле!, Ооба!, Буга эмне болгон!** деген негиздеги айтымдар көтөрүңкү илептүү интонация менен айтылып, диалогдуу кепте колдонулганда, таңдануу маанисин туюнтат. М: - *Эмне дейт мастан, эмне дейт!? Сен билип жүрдүң беле?!* (У.А.). *– Мурунку Өсөр эмес го, буга эмне болгон?!* (М.С.) ж.б. Анткен менен бул өңдүү айтылыштарда контексттик, жагдайлык, интонациялык бөтөнчөлүктөргө ылайык чочуу, ынанбоо, каршы болуу, тактоо маанилеринин кайсыл бири берилип калышы да мүмкүн. Маселен, - *Атаң келип кеттиби?*

*– Ооба,* - деген диалогдуу айтымда "ооба" бөлүкчөсү ырастоо маанисинде берилсе,

-*Биздин бээ эгиз тууду.*

-*Ооба!* деген учурда мурунку сүйлөмдүн семантикалык таасирине, жагдайлык, интонациялык өзгөчөлүктөргө ылайык "-Ооба!" таңдануу маанисин туюндурат. Ал эми – *Шахмат ойнобойлубу?*

*– Койчу,* деген диалогдо "койчу" сөзү каршы болуу маанисинде,

*– Айда адамдар жашашат экен.*

*–Койчу!* - деген диалогдо тыңдоочунун кабылдоосуна байланыштуу ынанбоо, же таңдануу маанилери берилиши мүмкүн.

е) Предикаты жак мүчөлүү этиштерден кийин келген "экен" жана **-са** мүчөлүү этиштен кийин келген "болобу" көмөкчү сөздөрүнүн катышынан уюшулган сүйлөмдөрдө, айтымдарда аталган маани чагылдырылат. *М: Мен*

*муну кантип мурдатан билбей калдым экен, менин акылым буга неге жетпеди экен?!* (Достоевский). *– Ой, укмуш, ай, дүйнөдө не түрдүү кишилер болот экен го!* (У.А.). *Ошол замат менин колумдан суурулуп чыгып, жанагы жигиттин алдын тосо жүгүрсө болобу!...*(Достоевский) ж.б.

“Экен”, “турбайбы” көмөкчү сөздөрү, негизинен, таануу маанисин туюндурган менен, сүйлөмдө катышкан айрым сөз, же сөз айкашынын таасиринде алар таңдануу маанисин билдирип калат. Маселен, - *Эжеке-е? Акын турбайсызбы! Так мен ойлогондой экенсиз!* (У.А.) деген мисалда “эжеке” деген сөздү көтөрүңкү интонацияда, акыркы үндүү тыбышын созулуңку абалда айтуу аркылуу сүйлөөчү өзүнүн учурдагы таңдануу абалын туюндурду. Кыргыз тилинде (негизинен, оозеки кепте) кыска үндүүнү созуп, үнсүз тыбыштарды кабаттап айтуу аркылуу айрым сөз жана сөз тизмектеринде (кээде алардын таасиринде жалпы айтымда) күчөтүү, таңдануу маанилери берилет. М: *Чо-о-ң дарбыз алдык. Ыссык нан келди. – Акета-ай, бул эмнеси!?* ж.б.

ж) Таңдануу мааниси көркөм чыгармаларда кээде каармандын кебинде камтылып, аны автордук кеп да айкындаса, айрым учурда каармандын кебинде сезилбей, бирок сүйлөөчүнүн (каармандын) таңдануусун автордук кеп (же төл сөз) маалымдайт. М: - *“Караторпок” деген – апийим!*

- *Кудай у-ур! – деп Абылкасым таң калганынан эки көзү чанагынан чыгып кете жаздады* (У.А.). - *Жыргал болсо эмне барбайсың? – деди Качике бирге окуган жолдошунун сөзүнө таң калып* (У.А.) ж.б.

Ошентип, таңдануу мааниси өз ичине суктануу, ынанбоо маанилеринин белгилүү чектеги элементтерин да камтуу менен, негизинен, оозеки жана көркөм кепте берилет.

**Кабатырлануу мааниси** сүйлөөчүнүн өзүнө тике, же кыйыр түрдө тиешеси бар окуя, көрүнүшкө, мамилелик жагдайга, ички сезим-туюмдук таанымына карата болгон жекече кабылдоосун, психологиялык удургуусун (реакциясын) чагылдыруучу маани болуп эсептелет. Бул да оозеки жана

көркөм кепке мүнөздүү болуп, көбүнчө суроо, сейрегирээк түрдө маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө, айтымдарда камтылат. Сүйлөөчүнүн кабатырлануусун, тынчсыздануусун шарттоочу зат, же заттык түшүнүктөгү объект үч жактын биринде берилет. Башкача айтканда, сүйлөөчүнүн кабатырлануусуна өзү, же 2-3-жактагы объектилик түшүнүк себеп болот.

*М: Эң эле ачык жан элем,*

*Эмне үчүн мынтип баратам?* (Ж.Ш.).

*Кайда менин кайдасың, көгүчкөнүм,*

*Түштө көрүп, өңүмдө көрүшпөдүм* (Э.И.).

*Андай болгондо, абышканын жалгыз кызы кандай болду экен?* (Э.К.) ж.б. Ошондой эле сүйлөөчү өз кабатырлануусун 2-3-жактагы конкреттүү, же абстарктуу объектиге (же тыңдоочуга) тике, же кыйыр түрдө багыттап айтышы мүмкүн. М: *Асылым төрөм, сен кетсең,*

*Күндө чаап байге алган,*

*Тулпарың жайы не болот?!*

*Балырлуу көлдөн каз алган,*

*Туурда калды талпынып,*

*Шумкарың жайы не болот?!* (“Манас”).

*Кайра көрөр бекемин,*

*Жалгызым, сенин өңүңдү?!* (“С-Б”). – *Ыя, керектөөдөн чыккан эски буюмдай журтка таштап салганың эмнең, Теңирим?!* (Т.К.) ж.б. Кээде кайсыл бир жакка багытталбай, туңгуюк суроо абалында айтылат.

*М: Чоюн алпка көөн берип,*

*Калды бекен каапырың?* (“Эр Төштүк”) ж.б. Мисалдардан көрүнгөндөй, кабатырлануу маанисинде белгисиздик, болжолдоо маанилеринин белгилери да камтылып, бул түшүнүктөр аталган маанинин жаралышын шарттоочу критерийлер катары кызмат өтөйт. Башкача айтканда, сүйлөөчү өз кызыкчылыгына байланышкан, бирок ал үчүн белгисиз, же болжолдуу түрдөгү гана түшүнүккө ээ болгон көрүнүшкө, кубулушка жана башкаларга кабатырланат жана мындай маанилик

өзгөчөлүктөрдү камтыган сүйлөмдөрдө кабатырлануу мааниси негизги орунда турат. Бул маанини камтыган сүйлөмдөрдүн бир өзгөчөлүгү катары мындай сүйлөмдөрдө сүйлөөчү өз оюн 2-3-жакка карата тике багыттабай, каймана түрдө маалымдаганын, же өз алдынча сүйлөнгөн негизде берилишин көрсөтүүгө болот. Айрым сүйлөмдөрдө камтылган кабатырлануу маанисин анын алдында келген сүйлөм айкындаштырат.

Маселен, *Атаны арман, курган жан,*

*Ушул сөздү неге айттым!*

*Эми кандай күн болот,*

*Айткылачы, эрендер?* (“Жаңыл Мырза”) деген мисалдын 3-сабында берилген кабатырлануу маанисин 1-2-сапта келген өкүнүү маанисиндеги сүйлөм айкындады. Ансыз 3-жактагы сүйлөм кабатыр суроо эмес, нукура суроо маанисиндеги сүйлөм катары да каралышы мүмкүн эле.

Кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдө, же айтымдарда камтылган кабатырлануу мааниси төмөнкүдөй сөздөр менен мүчөлөрдүн таасиринде берилет:

а) Сурама ат атоочтор кабатырлануу маанисинин берилишин шарттоочу негизги тилдик бирдик катары келет. Алар этиш, тактооч, айрым чен өлчөм сөздөр менен ширеше келип, өзү катышкан сүйлөмдөрдүн көпчүлүгүндө аталган маанинин туюнтулушун шарттайт.

М: ***Алда кандай*** *күн болот,*

*Балаларым жаш калды* (Арстанбек).

*Кайрылышта мүрзөмдү,*

*Кайрылып барып* ***ким көрөт****?*

*Кайгырып* ***жашын ким төгөт****?* (Жеңижок).

*Айламды* ***кандай*** *кыламын,*

*Ээрчитип алды элесиң?* (А.А.).

***Неге мынча*** *бук болом камыккансып* (Н.Ж.) ж.б.

б) Ошондой эле айрым сурама ат атоочтор этишке өтүп, же заттанып келип **экен** көмөкчү сөзү менен катышта колдонулган сүйлөмдөрдө да кабатырлануу мааниси берилет.

*М: Курдашым элең, Чалкуйрук,*

*Кургурум **кантер экенсиң!*** (“Эр Төштүк”).

*Бирок каражолтой стакан менен сууну **кимиси ичти болду экен**?* (А.Г.). *Сүйгөнүн күйүп издеген Кызкайып ушу азыр **кайда болду экен?*** (Ч.А.) ж.б.

**Экен** көмөкчү сөзү бардык сөздөр менен айкаша келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, көпчүлүк учурда өзү катышкан сүйлөмгө таануу маанисин киргизет. Бирок, **-са, -ды, -ар** мүчөлүү этиштерден кийин келсе, кабатырлануу маанисинин берилишин шарттап калат. М: *Болотбегим айткандай, аман-эсен төрөп **алсам экен**.* (У.А.). – *Мен үчүн кол коюп, куттуктаганың кандай **болор экен**?* (Достоевский) ж.б. Мындай сүйлөмдөрдүн предикатынын тутумунда “гана” бөлүкчөсү катышып келсе, кабатырлануу мааниси дагы айкындалып, күчөтүлөт. М: -*Тиги согуштагы балдарды айтсаң, кантип **гана** жүрүшөт **болду экен**?!* (У.А.) ж.б.

в) **Экен** көмөкчү сөзүнүн суроолуу варианты катары келген **бекен** сөзү ар кайсыл сөз түркүмдөрүнөн кийин келип, өзү катышкан сүйлөмгө кабатырлануу маанисин киргизет. Эгерде анын алдында арсар келер чак формасындагы этиш, же “бар” сөзү келген болсо, аталган маани айкын туюнтулат. М: *Суу табалбай акактап,*

*Чөлдө **калар бекемин**.* (“Эр Төштүк”).

*Айланайын жалгызым,*

*Аман **келер бекенсиң**...* (“Кожожаш”).

*Көрөр бир күнүм **бар бекен**,*

*Көркөмдүү сулуу Зыйнатты!* (Абдрахман).

*Тогуз уруу жердешим,*

*Тобу эсен **бар бекен**?* (“Жаңыл Мырза”) ж.б.

Ошондой эле “беле”, “бейм” бөлүкчөлөрү предикатынын тутумунда келген айрым сүйлөмдөрдө да бул маани чагылтылат.

М*: Күн чыгышым, сени күтөм зарыгып,*

***Анык беле*** *айткан сөзүң келем деп?* (Т.К.). – *Эми эмне болот? Ой-е, башыңа балээ үйдүң* ***бейм****!* (И.К.). *Казак, кыргыз жыйылып,*

*Бата кылып алсак* ***бейм****.*

*Кашкардагы Бакдөөлөт,*

*Ата кылып алсак* ***бейм*** (Арстанбек) ж.б.

Бул көмөкчү сөздөрдүн аталган маанинин туюнтулушуна тийгизген таасири да, негизинен, ал сүйлөмдө катышкан негизги тилдик бирдиктердин семантикасына байланыштуу болот. Маселен, жогорку 1-мисалдын 2-сабында чагылдырылган кабатырлануу мааниси 1-саптагы "сени күтөм зарыгып" деген сүйлөмдүн маанисине ылайык келип чыкты. Эгерде мурунку сап менен бир татаал сүйлөмдүк катышта келбесе, же тыңдоочу ("Күн чыгышы") кеп учурунда катышкан болсо, тактама суроо мааниси туюнтулуп, аталган маани берилмек эмес. Ошондой эле **бейм** көмөкчү сөзү да **–са** мүчөлүү этиштен эмес, **-ган** мүчөлүү этиштерден, же атооч сөздөрдөн кийин келсе, көбүнчө болжолдоо маанисин пайда кылат.

*М: Кара жаак кайкы тил,*

*Кайраным Током келген* ***бейм*** (Эшмамбет). *–Булар тиги айылдын* ***жылкылары бейм*** (С.М.) ж.б.

г) Чакчыл формалуу жана жак мүчөлүү этиштерге суроолуу **–бы** мүчөсү жалганып келген сөздөр предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөрдүн көпчүлүгү кабатырлануу маанисин камтыган сүйлөмдөрдөн болот.

*М: Тулпар баспай талаада,*

*Кан Көкөтай өлөбү?!*

*Сандап жаткан дүнүйөм,*

*Сапырылып кете**би**?!* ("Эр Төштүк").

*Ачылган гүлгө жете албай,*

*Арманда өтүп кетем**би**?!* (Осмонкул).

*Махабаттын бийик кармап байрагын,*

*Сагынычы боло алдым**бы** бир кыздын?* (К.Ж.) ж.б.

д) Предикаты **–гай, -чу** мүчөлүү этиштерден кийин келген **эле** көмөкчү сөзү катышып уюшулган сүйлөмдөрдө кабатырлануу мааниси берилип, алар көбүнчө илептүү сүйлөмдөрдөн болот. М: *Өзүмө киши жакпайт, кишинин эң жаманы мен болуп чыкпа**гай элем*** (У.А.). *–Капрай, көзгө чалдыгып калба**гай эле**!* (Ж.М.). *– Мени унутпайсыңарбы? Таалайлуу болгондор унутуп кет**чү эле**!* (У.А.). *Жаан-жуун азайып,*

*Шамал болот **дечү эле.***

*Адамзаттын билгени,*

*Амал болот **дечү эле*** (Арстанбек) ж.б.

Жогорку мисалдардан көрүнгөндөй, **-гай** мүчөсү терс формалуу этиштерге жалганып келип гана аталган маанини туюнтат, эгерде **–ба** мүчөсүнөн кийин келбесе, тилөө маанисин билдирип калат, тактап айтканда, андай сүйлөмдөрдө белгилүү бир негиздеги кабатырлануу мааниси да камтылган менен, негизги маани катары тилөө мааниси берилет. Салыштырабыз: *Билгизип койбогой эле.* (Кабатырлануу мааниси). *Билгизип койгой эле.* (Тилөө мааниси). ж.б. Негизи, бул маанилер айрым сүйлөмдөрдө, өзгөчө предикаты **–са экен, гай эле** формаларында уюшулган сүйлөмдөрдө экөө тең катышып, мындай учурда кайсынысы негизги маани катары келери **–ба** мүчөсүнүн, кептик жагдайга ылайык берилген контексттик өзгөчөлүктүн ж.б. таасиринде аныкталат. Маселен, *Болотбегим айткандай, аман-эсен төрөп алсам экен. (төрөп алгай элем)* деген сүйлөмдө негизги маани болуп кабатырлануу мааниси келсе, *Болотбегим айткандай, уул төрөп алсам экен. (төрөп алгай элем)* деген негизде келсе, мындагы негизги маани катары кабатырлануу эмес, тилөө мааниси эсептелет. Анткени 1-берилишинин кабатырлануу маанисиндеги сүйлөм деп каралышына анын тутумундагы “аман-эсен” сөзүнүн лексикалык мааниси себеп болсо, 2-берилишинде тилөө маанисинин негизги маани катары келишине андагы “аман-эсен” сөзү катышпай, анын ордуна “уул” деген сөздүн гана катышып келиши өз таасирин тийгизди. Ошентип, мындай учурлардан сүйлөмдөгү маанилик түрлөрдүн берилишин бир жактуу кароого болбой тургандыгы көрүнөт.

е) Кабатырлануу манисинин туюндурулушуна айрым сүйлөмдөрдө **го** бөлүкчөсү көмөк көрсөтөт. Бирок мында да негизги рол ошол сүйлөм тутумунда келген тилдик бирдиктердин маанилик өзгөчөлүктөрүнө таандык болот. М: -*Капрай, Молдоке, эмне болуп кеткенсиз? Жан кыйчудай кейпиңиз бар* ***го****!* (У.А.). *Өз кара жаныма убал* ***го****, туула элек байкушка убал болот* ***го****!* (Т.К.). – *Бул жөн чакырыш эмес* ***го*** (У.А.)

*Энеке, кагылайын, картайбачы,*

*Калыптыр* ***го*** *чачтарың агыш тартып?* (С.Б.) ж.б.

ж) Шарттуу багыныңкы сүйлөм менен катышта болгон баш сүйлөмдүн баяндоочу үч жактын биринде турган **кантет** суроолуу этишинен уюшулса, жана чакчыл этиш менен биргеликте **жүрбөсүн** көмөкчү этиши предикаттык кызматта келген сүйлөмдөрдө кабатырлануу мааниси чагылдырылат. *М:* -*Сиз согушка кетсеңиз, мен* ***кантем****?!* (Ж.И.). – *Меймандардын баары тетири баталарын берип короодон кууп чыгышса,* ***кантебиз****?!* (Ф.М.). *Балким, бул жер жин, перилердин мекендеген* ***жайы болуп жүрбөсүн****?!* (А.М.).

*Мен тиккен кырчын тал калды,*
*Мөгдөгөн кемпир-чал калды.*
***Бөктөрүп кетип жүрбөсүн****,*
*Кулаалы сендей жалжалды!* (У.А.) ж.б.

Кабатырлануу маанисинин берилишинде шарттуу ыңгай формасындагы этиштердин таасири чоң экендиги байкалат. **Кантем, кантет** этиштериндей эле **эмне** ат атоочу менен **болот** жардамчы этишинин айкаша келген абалы **–са** мүчөлүү этишке катышта келип колдонулган сүйлөмдөрдө аталган маани айкын туюндурулат. М: *Шайтандын тили менен сүйлөп жаткан кемпирдин сөзү* ***чын чыгып калса эмне болот?*** (У.А.) – *Маселен, мен сени атадым дейин, а эл Тургутай Курултукту* ***хан көтөрүп салсын****,*(-са)*, ошондо Тургутайдан көргөн күнүм* ***не болот?*** (И.К.). – *Өгөйлүгүн көрүнө* ***көргөзүп отурса****, карыганда жанымды* ***кайда коем****?..*(У.А.) ж.б.

з) **-чы** мүчөсү шарттуу ыңгай формасындагы этиштерге жалганып келген, кээде **–ар** мүчөлүү этиштер баяндоочу болуп түшкөн сүйлөмдөрдө аталган маани берилет. Булардан, арсар келер чак формасындагы этиштерге караганда, **–сачы** мүчөлөрүндө берилген этиштердин кабатырлануу маанисин туюнтуу кызматы туруктуу. М: *А балким, саат он менен он бирдин ортосунда экөө тең кызмат орундарында отуруш**сачы**?!* (А.Г.). *А кокус, кечке чейин бир да кийикке туш келбе**семчи**?* (М.Б.). *Катты алып келгенде ал үйдө болбой калып, аны ушул кезге чейин окуй элек бол**сочу**?* (Достоевский). *Кайран гана кыргыздын,*

*Кылычы кет**ер** кынынан,*

*Кыздары кет**ер** сынынан* (Арстанбек) ж.б.

и) Кабатырлануу маанисинин берилишинде сүйлөм тутумунда келген антонимдик катыштагы сөздөрдүн, сырдык сөздөрдүн таасирлери байкалат. Мындай сүйлөмдөр, өзгөчө, өз ара антонимдик катышта болгон сөздөрүнүн таасиринде бул маанилик өзгөчөлүктү туюндурган сүйлөмдөр сүйлөөчүнүн өз алдынча сүйлөнгөндүгүн, же ойлонгондугун, башкача айтканда, 2-3-жакка карата багытталбай "айтылгандыгын" билдирген сүйлөмдөрдөн болот. М: *"Карындашым" деп издеп келгидей бул ким эле мага. **Жакшылыктын** жарчысыбы, **жамандыктын** кабарчысыбы?* (У.А.). *Кабак-кашы бат бузулуп, бат эле жаачу күндөй бүркөлө берген бул аял ушу күнөөсүз чүрпөсүн **бооруна тарта алабы, жокпу**?* (У.А.). – ***О, жараткан**, а менин аялым, чөжүрөгөн балдарым бар эмеспи!* (А.Г.). – *Мунусу ким, **айланайын кудай**?!* (У.А.) ж.б.

Айрым сүйлөмдөрдө жогоруда көрсөтүлгөндөгүдөй негиздеги сөздөр менен мүчөлөрдүн таасирисиз да сүйлөмдүн, же айтымдын тутумундагы сөз жана сөз айкаштарынын лексикалык маанилерине ылайык контексттен кабатырлануу мааниси кыйыр түрдө туюндурулса, кээ бир сүйлөмдөр аркылуу сүйлөөчүнүн кабатырлануусу ачык маалымдалат. М: - *Боору бүтүн адам калбайт окшоп калды... – деди Молдоыбрайым жерден көзүн албай* (У.А.). *Алдаса мейли мени түркүн кыял,*

*Бир гана келсең болду сен алдабай* (Т.И.). *Биз "ооруп-сооруп төшөккө жатып калды бекен" деп кабатырландык* (Ф.Н.) ж.б. Маселен, жогорку 1-сүйлөм *Мобул дарак гүл ачат окшоп калды, - деди Молдоыбрайым дарактан көзүн албай* деп берилсе, кабатырлануу мааниси жөнүндө сөз да болууга мүмкүн эмес эле. 2-мисалдагы кабатырлануу мааниси анда катышкан "алдабай" деген сөздүн лексикалык маанисине ылайык логикалык тааным аркылуу кыйыр түрдө кабылданды. Ал эми акыркы мисалдагы аталган маани айкын маалымдоо түрүндө берилди.

Ошентип, кабатырлануу мааниси өз ичине белгисиздик, божомолдоочулук түшүнүктөрүнүн элементтерин камтып, сүйлөөчүнүн кайсыл бир көрүнүшкө, же субъектилик, объектилик түшүнүктөргө болгон тынчсызданнуусун, психологиялык чыңалуусун билдирген маани болуп эсептелет да, жалпысынан, жогоруда белгиленгендей негизде, көрсөтүлгөн тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде уюшулат.

Таңдануу жана кабатырлануу маанилери бири-биринен өзгөчөлөнүп турган айырмалуу маанилик түшүнүктөр болгону менен, алардын экөө тең сүйлөөчүнүн кеп куруудагы активдүүлүгүн, алынган маалыматка, жагдайга ылайык билдирген мамилесин (позициясын), ички психологиялык чыңалуусун айгинелеген маанилер катары өз ара катышып турушат.

## 4.1.4. Адресаттын таасиринде пайда болгон позитивдүү маанилер

### *Эскерүү, эскертүү жана эстетүү маанилери*

**Эскерүү маанисин** өз ичине камтыган сүйлөмдөр маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болуп, алардын предикаттары атооч сөздөн уюшулса да, этиштен уюшулса да көбүнчө өткөн чактык формада берилет. Аталган маани сүйлөөчүнүн өз сезим-туюмунда калган өткөн чактык түшүнүктөрүн өзүнө, же 2-жакка карата эске салуу максатында маалымдалган сүйлөмдөрдө, айтымдарда камтылат. Мында сүйлөөчү өзү үчүн, же эскериле турган түшүнүккө катышы бар 2-жак үчүн маалымат бериши мүмкүн. Бирок кандай болгондо да, бул маанини камтыган маалымат эң алгач сүйлөөчүнүн өзү үчүн зарыл, же маанилүү болуп, анын өз башынан өткөргөн кайсыл бир көрүнүшкө, түшүнүккө, окуяга карата болгон эңсөөсүн, кусалануусун, же өкүнүүсүн туюндурган маанидеги маалымат катары келет. Сүйлөөчү тарабынан айтылган эскерүү маанисиндеги айтым 2-жакка тике, же кыйыр түрдө багытталышы ыктымал. Айтылган маанилик бөтөнчөлүктүн сүйлөмдө, же айтымда берилишин *Классташтар окуучулук күндөрдү эскердик, Бүгүн Т.Аширбаевди эскерүү кечеси болду* деген өңдүү маалымдоо маанисинде гана берилген сүйлөмдөрдөй кароого болбойт. Анткени эскерүү маанисин камтыган сүйлөмдөр жалпысынан маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн тибине кирген менен, мындай айтылыштарда маалымат берүү башкы максат болуп эсептелбейт. Мында белгилүү чектеги маалымат берүү функциясы ишке ашкан менен, сүйлөөчүнүн башкы максаты кеп жүрүп жаткан учурга чейин болуп өткөн кайсыл бир окуя, көрүнүштү эскерүүдө, эске салууда болот. Андай эскерүү, же эске салуу тике түрдө эмес, каймана түрдө чагылдырылат. Эскерүү маанисин камтыган сүйлөмдөр оозеки, көркөм жана публицистикалык стилдерде кезигип, негизинен, төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдө уюшулат:

а) “Эс” абстрактуу зат атоочуна жак-таандык мүчөлөрү менен жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү, кээде булардан кийин **–дыр, -бы** мүчөлөрү жалганып келип, бул сөз предикаттык функцияны аткарган сүйлөмдөрдө эскерүү мааниси чагылдырылат. *М: Жымыңдашып жанып-өчүп чырактар,*

*Али* ***эсимде*** *бирге олтурчу убактар* (К.Т.).

***Эсиңдедир*** *өзөндүн жашыл багы,*

*Кызыл гүлдөй кызыл жоолук башыңдагы* (Т.К.).

***Эсиңдеби*** *кечиндеги сырдашуу,*

*Сууруп чыгып таттуу сөздү жүрөктөн* (К.Т.) ж.б.

б) **эле** көмөкчү сөзү үч жактын биринде берилүү менен атооч сөздөрдөн кийин келгенде, алдындагы сөздүн предикаттык функцияны аткарышын шарттап, өзү катышкан сүйлөмгө эскерүү маанисин киргизет. Ошондой эле кыргыз тилинде бул көмөкчү сөз атооч сөздөрдө да өткөн чактык түшүнүктү пайда кылат. Мындан чак категориясынын, өзгөчө өткөн чактын функциялык масштабынын кеңдигин көрүүгө болот.

*М: Жалбырак жайдын* ***кечи эле,***

*Жанаша баскан* ***кез эле*** (К.А.).

*Жайкалган жайлоо* ***гүлү элең,***

*Сумсайып кем сөз,* ***түз элең*** (Ж.Э.).

*Ала жаз сайган чырпыктай,*

*Анда сен* ***он беш жашта элең*** (Ш.С.).

*Бир ак тоогум* ***бар эле,***

*Жумурткасы* ***сары эле*** (Эл оозунан).

*Жашыл ала жагоо тагып желбиреп,*

*Жакшы өмүрдүн жарашыгы* ***биз элек*** (А.О.) ж.б. Бирок сурама ат атоочтордон кийин келсе, мындай семантикалык функцияны аткара албайт. Маселен, *Мекендеп чыкчу кайберен,*

*Мелжиген бийик* ***жайда элең.***

*Мээнетиң алып кетейин,*

*Мен жигит кезде **кайда элең**?!* (Д.С.) деген сүйлөмдөрдөгү ***жайда элең*** деп берилишинде белгилүү бир чектеги эскерүү маанисин камтып турса, ***кайда элең*** деп берилишинде эч кандай эскерүү маанисин туюнткан жок.

в) Эгерде **эле** көмөкчү сөзү этиштерден кийин келсе, **-ган, -чу** мүчөлүү өткөн чактык, **-ар** мүчөлүү арсар келер чактык формадагы этиштер менен берилип, жалпы сүйлөмдө эскерүү маанисин пайда кылат. М: *Ошол жылы пахта бир **болгон эле дейсиз!*** (А.С.).

*Куушуп оюн **салчу элек,***
*Кулундар менен жарышып* (О.С.).

*Гүл кучактап, гүл бактыга чалынып,*
***Турар элек** көзгө көздөр чагылып* (Ж.С.) ж.б.

Эскерүү мааниси айрым учурда болжолдоо маанисин камтуу менен да берилет. Мындай сүйлөмдөрдүн предикаты **эле** көмөкчү сөзүнүн алдында келген **–са** мүчөлүү этиш менен **керек** модалдык сөзүнүн катышынан уюшулат. Эгерде бул өзгөчөлүктө уюшулган сүйлөмдөрдүн предикатынын тутумунда **эле** катыштырылбай берилсе, ал сүйлөм эскерүү маанисин эмес, болжолдоо маанисин билдирип калат. М: *Жаздын акыркы айы **болсо керек (эле)*** (Барпы). *– Шаарга үчөөбүз бирге **келсек керек (эле)*** (С.М.) ж.б. Аталган маанилик өзгөчөлүктө берилген сүйлөмдөрдүн предикатынын тутумунда катышып келчү **эле** көмөкчү сөзү жана анын алдында келген этишке жалганчу мүчөлөр жогоруда көрсөтүлгөндөй негизде гана колдонулбайт. Маселен, бул көмөкчү сөздүн алдында келген этиш терс формада берилип, айкын өткөн чактын **–ды** мүчөсүн кабыл алып келсе, **эле** сөзү суроолуу **беле** формасында келүү менен эскерүү маанисин туюнтат. Кээде **–чу** мүчөлүү этиштен кийин **эмес** көмөкчү сөзү колдонулса, кээде бул мүчө **–уучу** формасында берилет. М: - *Эркелетип, сүйлөшүп жатып таң **атырбады беле*** (У.А.). *Жерди ныгыра-ныгыра басып коюп, сырын эч кимге **аччу эмес*** (С.К.). *Ашка-тойго чакырып,*

*Аземдеп күлүк саб**уучу.***

*Ырчылар чыгып ортого,*

*Сөз гүлгүнүн таб**уучу*** (Арстанбек) ж.б.

Бул белгиленген тилдик каражаттардын эскерүү маанисин камтыган көркөм кепти уюштуруудагы ролун, түрдүү сөз түркүмүндөгү жана түрдүү грамматикалык формадагы сөздөр менен айкаша келүү өзгөчөлүктөрүн төмөнкү мисал да айгинелеп турат. *М: Ал кезде жүз **жок эле** бозорбогон,*

*Асмандан боз **түшчү эле** тозоңдогон.*

*Ар күнү айылдагы ар бир үйдөн,*

*Өкүрүк, ый угул**чу** озоңдогон* (С.Ж.) ж.б.

г) Жалпы жана адат өткөн чактарды туюнткан **–ган, -чу** мүчөлүү этиштер **эле** көмөкчү сөзүнүн таасирисиз да сүйлөмдө эскерүү маанисин билдире алат, бирок **–ар** мүчөлүү этиштер андай мүмкүнчүлүккө ээ эмес. Мындан эскерүү маанисинин туюндурулушунда өткөн чактык түшүнүктүн, аны ар кайсыл сөз түркүмүндө пайда кыла алган **эле** көмөкчү сөзүнүн ролу айкын көрүнөт. М: *Серүүндөп жүрүп боюңда,*

*Сүйгөнүм далай өп**көн**мүн* (Ж.Ш.).

*Сабакта класс, парталар,*

*Шыбырап тур**чу** блбесек* (А.О.) ж.б.

Эгерде мындай сүйлөмдөрдөгү предикат болуп түшкөн этиштер өткөн чактын көрсөтүлгөн мүчөлөрүнөн башка форма жасоочу мүчөлөрдүн кайсыл биринде берилсе, эскерүү мааниси туюнтулбайт. Маселен, жогорку ыр сабын *Шыбырап турат билбесек, Шыбырап турсун билбесек* деген негизде учур чактык, же буйрук ыңгайлык формаларда берсек, аталган маанилик өзгөчөлүк чагылдырылбас эле. Бул маанини туюндурууда **эле** көмөкчү сөзү менен жалпы жана адат өткөн чакты уюштуруучу мүчөлөр өз ара синтетикалык синонимдер катары колдонулуп, бири экинчисин алмаштыра алат. Маселен, *Үйдө кожоюн бир кутурган эле иттей неме эле. Бамбук таяк менен сабачу* деген сүйлөмдөр *Үйдө кожоюн бир кутурган эле иттей неме болчу. Бамбук таяк менен сабар эле* деп берилсе, эч кандай маанилик айырмачылык келип чыкпайт.

Ошентип, эскерүү маанисин камтыган сүйлөмдөрдүн, же айтымдардын предикаттары кайсыл сөз түркүмүндөгү сөздөрдөн уюшулса да, өткөн чактык түшүнүктү туюнтуп, жаңы актуалдуу маалыматты эмес, сүйлөөчү үчүн да, тыңдоочу үчүн да белгилүү болгон түшүнүктү кайталап чагылдырган (рема эмес, тема түрүндөгү) маалымат катары келет. Мындай маалымат эң алгач сүйлөөчүнүн өзү үчүн актуалдуу, же зарыл болуп, 2-жакка багытталуу менен, же кайсыл бир жакка карата тике багытталбай маалымдалат.

**Эскертүү мааниси** сүйлөөчүнүн кабылдоосунда, сезим-туюмунда кырдаалга ылайык пайда болгон проблемалуу, же опурталдуу көрүнүш, түшүнүктөрдү экинчи, же үчүнчү жакка карата маалымдаган сүйлөмдөрдө, же айтымдарда камтылып, андай сүйлөмдөр сүйлөөчүнүн ал жактардын иш аракетине тынчсыздангандыгын, ынанбагандыгын, же алдын ала кабатырлануу менен эсине салгандыгын туюндурган маалыматты билдирет. Аталган маанини камтыган сүйлөмдөрдүн предикаттары, негизинен, этиштик предикаттардан болуп, алар ар дайым келер чактык формада уюшулат, же келер чактык маанини алып жүрүшү эскертүү маанисиндеги сүйлөмдөрдүн мүнөздүү белгиси катары келет. Бул маанини туюндуруучу атайын сөздөр менен сөз айкаштары, же мүчөлөр болбогон менен, аталган маани андай сүйлөмдөрдө айкын сезилип турат. Бул маанидеги сүйлөмдөрдүн, же айтымдардын предикаттары көпчүлүк учурда буйрук ыңгай формасындагы этиштерден болот да, алар жак категориясында берилишине ылайык ич ара да маанилик айырмачылыктарга ээ болот. Буга ылайык эскертүү маанисин **тике эскертүү** жана **кыйыр эскертүү** деп ажыратып кароого туура келет:

а) **Тике эскертүү** маанисиндеги сүйлөмдөрдүн предикаттары 2-же 3-жакта берилген буйрук ыңгай формасындагы этиштерден болуп, андай сүйлөмдөр көбүнчө татаалдашкан сүйлөмдүк структурада курулат да, тутумунда киринди сүйлөмдүк функцияда келген тилдик бирдиктер катышат. М: - *Көзүңө кара, атыңдан ооп түшүп калып жүрбө!* (И.К.). – *Байкагын, кызыл чиедей алты бала менен аял жесир калып жүрбөсүн!* (А.Г.). – *Бир гана жери, сурамжылоодо  сак боло көр!* (А.Г.) ж.б. Мисалдардан

көрүнгөндөй, тике эскертүүдө сүйлөөчүнүн жагдайга болгон тынчсыздануусу 2-жакка карата тике багытталып, тыңдоочунун кепке катышуусу да белгилүү ролду ойнойт. Маселен, *Өрттөнгөн ошо казандын,*

*Серпиндиси тийбесин,*

*Жаныңды эсен катыңыз* деген мисалдагы акыркы сап, же сүйлөм берилбеген болсо, мындагы эскертүү мааниси кыйыр эскертүү түрүндө каралышы да мүмкүн эле. Тике эскертүүнүн кыйыр эскертүүдөн болгон дагы бир өзгөчөлүгү катары андагы (тике эскертүүдөгү) талап кылуу, же өтүнүү маанилеринин да белгилеринин сакталгандыгын көрсөтүүгө болот. Ошондой эле эскертүү маанисинин бул түрүнө илептүү интонация, өктөм маанай мүнөздүү.

*М: Этият бол, түшпө сулуу торуна,*

*Сулуу, сүйүү экөө бүткөн шоруңа!* (О.Х.).

*Өчөшүп ырдап коем деп,*

*Коргоол, өспөй калба жашыңда!* (Т.) ж.б.

б) **Кыйыр эскертүү** мааниси предикаты келер чакта, 1-же 2-жакта берилген этиштерден уюшулган сүйлөмдөрдө камтылып, мындай сүйлөмдөргө, же айтымдарга илептүү интонация менен сүйлөөчүнүн өктөм маанайы мүнөздүү болбойт. *М: Убайымга кийин калып жүрбөйлүк,*

*Уяңдыкка, жалтаңдыкка алдатып* (Б.А.).

*Бармак тиштеп калбайлык,*

*Баркын билбей жаштыктын* (С.М.).

*Жамгыр жаап жаз болот,*

*Жакшынын сөзү аз болот.*

*Жанына адам жолобой,*

*Жамандын баркы пас болот* (Молдо Нияз) ж.б.

Арсар келер чак формасындагы этиштер предикаты болуп түшкөн айрым сүйлөмдөрдө болжолдонгон түшүнүктөгү кыйыр эскертүү мааниси туюндурулат. М: *Ушул орус чыкканда,*

*Кара жол кыл**ар** көлүңдү.*

*Эсепке ал**ар** жериңди.*

*Кайсаңдар сенде чама жок,*

*Капкандай чаб**ар** белиңди* (Арстанбек) ж.б.

Белгилүү чектеги мындай ич ара айырмачылыктарга ээ болгон эскертүү маанисин өз ичине камтыган кыргыз тилиндеги сүйлөмдөр структуралык жактан көбүнчө салыштырма, шартташ тең байланыштагы жана каршылаш, шарттуу багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдөн болот.

М: *Кабарың күнгө кетсе да,*

*Жылдызга колуң жетсе да,*

*Эл менен сен бийиксиң,*

*Элден чыксаң, кийиксиң* (Арстанбек).

*Чын кары деп сыйласаң,*

*Чыкпай жүргүн каршыман* (Барпы). -*Чиледини өлтүрсөң эле, мен өзүм кекиртегимди кесип салам!* (И.К.) ж.б. Мисалдардан көрүнгөндөй, эскертүү мааниси мындай татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар биринде эмес, бирөөсүндө гана камтылат, ал эми бири бул маанинин чагылдырылышына көмөктөшөт. Тактап айтканда, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы акырында келген жөнөкөй сүйлөмү аталган маанини камтыса, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн баш сүйлөмдөрү туюндурат.

Ошентип, "эскер", "эскерт" сөздөрү генология-морфологиялык курамы жагынан бир болгону менен, айырмалуу семантикалык бөтөнчөлүктөргө ээ. "Эскер", жогортодо белгиленгендей, өткөн чактык түшүнүктө гана берилип, "өткөн нерселерди, окуя-кубулуш жана башкаларды эсиңе сал" деген мааниде колдонулса, "эскерт" айырмалуу эки өзгөчөлүктө: "Булардын өткөн күндөрүн эскерт (Алар өткөн күндөрүн эскеришсин)" деген маанидеги аркылуу мамилелик функциясында жана келер чактык түшүнүктөгү "алдын ала эскерт" деген мааниде колдонулат. Биз жогоруда ушул экинчи маанилик өзгөчөлүктөгү колдонулушун эске алдык.

Эскерүү жана эскертүү маанилерин камтыган сүйлөмдөр, негизинен, төмөнкү белгилери боюнча бири-биринен айырмаланып турушат:

1. Эскерүү маанисиндеги сүйлөмдөрдүн предикаттары сөзсүз түрдө өткөн чактык маанини камтыса, эскертүү маанисиндеги сүйлөмдөрдүн предикаттары келер чактык формада берилет.

2. Эскерүү маанисин камтыган сүйлөмдөр аркылуу тыңдоочу үчүн актуалдуу болбогон, ага белгилүү маалымат берилсе, эскертүү маанисинде айтылган сүйлөмдөрдө, тескерисинче, жаңы, актуалдуу маалымат чагылдырылат.

3. Эскерүү мааниси “эсимде”, “эсиңдедир” деген сөздөрдүн жана “эле” көмөкчү сөзү менен өткөн чакты уюштуруучу мүчөлөрдүн таасиринде келип чыкса, эскертүү мааниси, негизинен, буйрук ыңгай формасындагы этиштердин көмөгүндө берилет ж.б.

Ошондой эле бул маанилик түшүнүктөргө жакын катыштагы **эстетүү маанисин** туюндурган сүйлөмдөр да көркөм кепте кезигет. Бул маанилик бөтөнчөлүктөрдө келген сүйлөмдөрдүн өз ара жакын жана айырмалуу жактарын ажырата билүү сүйлөөчүнүн айтайын деген оюн жеткиликтүү кабылдоого алып келет. **Эскерүү маанисинде** сүйлөөчү өз алдынча өз башынан өткөргөн, тике өзүнө тиешеси бар өткөн чактык түшүнүктөрдү, окуя, көрүнүштөрдү өз аң-сезиминде, же ал өткөн окуя, көрүнүштөргө катышы бар 2-же 3-жактар менен биргеликте эсине түшүрүү максатын койсо, **эскертүү маанисинде** келер чактык, же алдыда боло турган түшүнүктөрдү, аткарылчу иш аракеттерди ишке ашыруучу активдүү субъекттин эсине салуу менен бирге эле анын аткарылышына карата болгон өз талабын билдирүү максатын да коет. Ал эми **эстетүү маанисинде** сүйлөөчүнүн алдына келер чактык, же өткөн чактык түшүнүктөрдү ага катышы бар 2-же 3-жактагы активдүү субъекттин (же жамааттын) эсине салуу максаты гана коюлуп, бирок эскертүү маанисиндегидей талап кылуу түшүнүгү камтылбайт. Бул маанилик өзгөчөлүктү камтыган сүйлөмдөрдүн тутумунда көбүнчө “айтмакчы”, “чын эле” деген өңдүү кириндi сөздөр катышып келип,

предикаттары айкын өткөн чактагы терс формалуу этиштерден кийин келген “беле” көмөкчү сөзүнүн катышуусунда уюшулат. Мындай сүйлөмдөр айтылыш максатына карай, негизинен, илептүү, же суроолуу сүйлөмдөрдөн болот. М: - ***Айтмакчы,*** *окууга кеткиле* ***дебедиң беле?*** *– деди Муса Абылкасым менен болгон сөздү эстеп* (У.А.). *– Биз сиз менен Сталинградда немистин кысымын чогуу* ***көрбөдүк беле!*** (У.А.). *– Баягыларды* ***билесиңби,*** *бир күндө макул дедиртип, бир күндө байкелетип, аркаман* ***ээрчитип албадым беле!*** (У.А.) ж.б.

Эстетүү мааниси айрым сүйлөмдөрдө бул белгиленгендерден айырмаланган предикаттык формада, нараазы болуу, зекүү маанилеринин белгилерин камтыган абалда да берилиши мүмкүн. Маселен, - *Ой, бала, мен сени анчейин бийик кылып убараланба деген элем го?!* (Ф.М.) деген сүйлөмдө туюндурулган эстетүү мааниси жогорку мисалдардан өзгөчөлөнүп турат. Ошентип, эскерүү, эскертүү, эстетүү маанилери өз ара жакын түшүнүктөрдү туюндурушкандыктан, алардын ички айырмачылыктарына кепте жеткиликтүү маани берилбей колдонула берилиши мүмкүн, бирок бул сөздөр жогоркудай негизде коммуникативдик-прагматикалык аспектиден каралганда, орчундуу айырмачылыктарга ээ болгон, өз алдынча семантика-стилистикалык функцияларды аткарган сөздөр катары каралышат. Мындан сөз жасоочу мүчөлөрдүн гана эмес, форма жасоочу, сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн да өздөрү жалганган сөздөргө, ошону менен бирге эле ал сөз катышкан сүйлөм аркылуу берилген ойго тийгизген таасиринин да чоң экендиги айкын көрүнөт. Маселен, бир уңгуга жалгануу менен эки башка маанилик өзгөчөлүктөгү этиштерди жасаган, түпкү теги бир **–а, -ла** мүчөлөрү да (ото, отто), эки башка тектеги **–ла, -кар** (эсте, эскер) мүчөлөрү да айырмалуу түшүнүктөрдү туюнткан сөздөрдү жасашат. Аларга мамиле мүчөлөрүнүн кайсыл бири жалганып келсе, семантика-стилистикалык функциясы ар кыл болот. Мисалы, “Эстөө керек- эстетүү керек”, “Эскерүү керек – эскертүү керек” деген айтымдар өз-өзүнчө маанилик бөтөнчөлүктөгү маалыматтарды берет. Ал эми “Эскерүү кечеси” деген сөз тизмегин

“Эскертүү кечеси, же эстөө кечеси” деп берүүгө мүмкүн эмес. Андыктан пикир алышуудагы ойдун, маалыматтын жеткиликтүү, так берилиши, же кабылданышы үчүн ар бир фонеманын жана фонема тибинде келген (бир тыбыштан турган) мүчөнүн өз орду менен колдонулушу талап кылынат.

### *Сунуштоо, кеңеш берүү жана көкүтүү маанилери*

**Сунуштоо мааниси** сүйлөөчүнүн сүйлөм уюшулушуна негиз болгон көрүнүштөн, түшүнүктөн, ал учурдагы жагдайдан келип чыккан көз карашын, пикирин билдирген маани катары келип, негизинен, 2-3-жактагы активдүү субъектке карата айтылгандыктан, мындай сүйлөмдөрдө, же айтымдарда каратма сөздөр катышып келет. Өз тулкусунда сунуштоо маанисин камтыган сүйлөмдөрдүн предикаттары этиштик предикаттардан болуп, андай этиштер структуралык жактан татаал түзүлүштө болот. Бул маани бардык маанилик типтеги сүйлөмдөрдө, тактап айтканда, маалымдоо, суроо, сурануу маанилериндеги сүйлөмдөрдө камтылат да, предикаттары төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдө уюшулат:

а) Өз ичине суроо маанисин камтыган **кантет** этиши **–са** мүчөлүү этиш менен биргеликте келип уюшулган жана ага синонимдик катышта болгон **кандай болот** этишинен уюшулган предикаттуу сүйлөмдөрдө сунуштоо мааниси туюндурулат. М: - *Вася, бери карачы, бир аз* ***уктап алсаң кантет****?* (Достоевский). *Өмүрлүккө сыйлашып,*

*Сүйгөнүм,* ***өткөрсөк кантет*** *өмүрдү?* (Элдик ырдан). *– Мүмкүн, ноенуңа биздин бир тууган экенибизди* ***билдирип койсок кантет****?* (И.К.). *Ой, келин-кыз, ой, жигиттер, курбулар.*

***Кандай болот*** *үй-үйлөргө* ***тарасак?*** (Ж.Б.) ж.б.

б) Сунуштоо маанисин чагылдырган сүйлөмдөрдүн, айтымдардын уюшулушунда **боло, болбойбу** формасында берилген көмөкчү этиштин ролу чоң. Башкача айтканда, аталган маанини камтыган сүйлөмдөрдүн көпчүлүгүнүн предикаттары бул көмөкчү этиштин катышуусунан уюшулат, же мындай предикаттуу сүйлөмдөр көбүнчө сунуштоо маанисин өз ичине

камтыйт. М: -*Урушпай бир* ***ал-жайын сурасаң болбойбу****! Оорубу, же боюнда барбы,* ***сүйлөшүп көрсөң боло!*** (У.А.). -*Эй, наадан, жок дегенде* ***өз наркыңды түшүрбөсөң боло!*** (Ф.М.). – *Андан көрө,* ***кеп тыңшасаң боло****!* (Ж.М.) ж.б. Мисалдардан көрүнгөндөй, **бол** көмөкчү этиши да, **-са** мүчөлүү этиштен кийин аны менен биргеликте келет. Кээде алардын арасына "жакшы", "дурус" сын атоочу кыстырылып берилсе, кээде **–са+бол** негизинде уюшулган предикаттан кийин "кандай дейсиң", **-са** мүчөлүү этиштен кийин "кандай болот" тибиндеги айкалыштар кошо келип предикаттарды уюштурат. *М: - Ушу мектеп ээси дамыла тууралуу да жакшылап* ***кеп курсаңыздар дурус болор эле*** (С.Айни). – *Эртең базар экен, айылга кымыз ала барып, ун, талкан* ***алып келсең болбойбу, кандай дейсиң?*** (У.А.). – *Муну ушул жерге эле* ***таңып салып кете берсек кандай болот?!*** (С.М.). ж.б. Ошондой эле **бол** көмөкчү этишинин **боло, болбойбу** формаларында берилиштери (ар дайым болбосо да) бири-биринин ордуларына колдонулуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Маселен, -*Ай, секелек, сен өз башыңды* ***ойлосоң боло!,*** *Элге окшоп көлөкө жерге* ***отурсаңар болбойбу****!* деген сүйлөмдөрдүн предикаттарын "ойлосоң болбойбу", "отурсаңар боло" деп берүүгө да мүмкүн.

в) Суранууу маанисин туюнтуучу **–чы** мүчөсүн кабыл алып келип предикат болуп түшкөн этиштер сүйлөм курамындагы сөз жана сөз айкаштарынын семантикасына, контекстке ылайык сурануу маанисин эмес, сунуштоо маанисин билдирип калат. Башкача айтканда, мындай негиздеги предикаттардан уюшулган сүйлөмдөр жалпы маанилик тиби боюнча сурануу маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болгону менен, өз ичине сунуштоо маанисин камтышат. М: - *Мусаны өз айылына тургузбай эле кой****соңчу****, - деди Мээримкан* (У.А.). – *Бермет, мындан кийин мени "сен" деп эле жүр****чү****, сый жүргөн кишидей болуп калат экенбиз* (У.А.).

***Көрчү, көрчү*** *көгүш тарткан асманды,*

*Асман тиреп тоолор уктап жатканды!* (У.М.) ж.б. Ошондой эле мындай негизде уюшулган предикаттар сунуштоо маанисин туюндурган

башка предикаттык формада берилсе да, сүйлөмдүк маани өзгөрүүгө дуушарланбайт. Маселен, жогорку 1-мисалдын предикатын “тургузбай эле койбойсуңбу”, 2-сүйлөмдүн предикатын “сен деп эле жүрсөң боло”, 3-мисалдагы предикатты “көрсөң боло” деп берүүгө мүмкүн. Ал эми жалпы сүйлөмдөн сурануу мааниси айкын болуп турган -*Мырзабек, сенин үйүң бар эмеспи, кетсеңчи, Билсең дагы билип койчу ушуну,*

*Көрсөң дагы көрүп койчу ошону* деген сүйлөмдөрдүн предикаттары “кетсең боло”, “билсең боло”, же “көрүп койбойсуңбу” деген формаларда берилсе, сурануу мааниси такыр бузулат.

Сунуштоо маанисин өз ичине камтыган сүйлөмдөрдүн жогору жактарда көрсөтүлгөндөй негиздеги предикаттарынын уюшулушунда шарттуу ыңгай формасындагы этиштердин таасири чоң экендиги байкалат. Башкача айтканда, “кантет”, “боло” көмөкчү сөздөрү, **-чы** мүчөсү да, негизинен, **-са** мүчөлүү этиштен кийин келет. Ал эми жогорудагы мисалдардын предикаттары “сен деп эле жүрсөңчү”, “көрсөңчү” формаларында берилсе, сунуштоо маниси дагы да айкындалмак. Айрым сүйлөмдөрдө бул көмөкчү сөздөр менен **–чы** мүчөсү катышпаса да, **-са** мүчөлүү предикаттын таасиринде сунуштоо мааниси туюндурулуп калат. М*:*
- *Уулум, эгер жарым сааттык убактыңды жок дебесең, экөөбүз бир жакка* ***барып келе калсак*** (Ф.М.). *–Уруксат кылсаңар, мен* ***кетсем*** (У.А.) ж.б.

г) Биринчи жактын көптүк санында (-айлы, -алы формасында) берилген этиштер предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөрдүн, айтымдардын көпчүлүгү контекстке ылайык сунуштоо маанисин туюндурат. Мындай сүйлөмдөр, негизинен, маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн тибинде болот.

М: *Анда эмесе Каңтарбай,*
*Санат ырдан* ***баштайлы****,*
*Санатын журтка* ***таштайлы*** (Арстанбек)
*“Мененди,” иним*, ***таштайлы,***
*“Турбайбыдан”* ***баштайлы*** (Токтогул).
*Эли-журттун алдында,*

*Эсептешпей* ***ырдайлы***.

*Элим угуп тыңдасын,*

***Эси жоктук кылбайлы*** (Эшмамбет). – *Мындан кийин* ***катташ болуп жүрөлү,*** *сыйыбызды көргүн* (У.А.) ж.б. Сунуштоо да ич ара маанилик айырмачылыктарда болушу мүмкүн. Маселен, жогорку 3-мисалда **эскертип сунуштоо** түрүндө, ал эми башкаларында **жайынча сунуштоо** иретинде берилди.

д) Терс формада келген этиштер **–бы** мүчөсүн кабыл алып келип предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөрдө, айтымдарда сунуштоо мааниси камтылат. Мындай сүйлөмдөр, негизинен, суроо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн тибине кирет. М: -*Сөзүңөр бүтсө, тиги үйгө эле кирбейсиңер**би**?* (У.А.). *–Аны кармай албайсың, тим эле койбойсуң**бу**?* (У.А.).

*Атакемдин кош атын,*

***Минбейсиңби****, боз улан?*

*Ак кештелеп тон тиктим,*

***Кийбейсиңби****, боз улан?* (Суусаркан) ж.б. Сунуштоо маанисинин туюндурулушунда этиштин терс формасын уюштурган **–ба** жана суроо маанисин пайда кылган **–бы** мүчөсүнүн биргелешкен таасири күчтүү. Алар бири-бирин толуктоо менен аталган маанинин берилишин шарттайт. Тактап айтканда, бул мүчөлөрдүн кайсыл бири катышпай келсе, сунуштоо мааниси туюндурулбайт. Маселен, *Атакемдин кош атын,*

***Минесиңби,*** *боз улан?*

*Ак кештелеп тон тиктим,*

***Кийесиңби****, боз улан?* деп берилсе, нукура суроо маанисиндеги, ал эми *Атакемдин кош атын,*

*Минбейсиң сен, боз улан.*

*Ак кештелеп тон тиктим,*

*Кийбейсиң сен, боз улан* деп берилсе, тыюу салып маалымдоо маанисиндеги сүйлөм уюшулмак. Мындан форма жасоочу

мүчөлөрдүн да сүйлөмдө камтылган маанилик бөтөнчөлүктөргө тийгизген таасиринин чоң экендиги көрүнөт.

е) **керек** модалдык сөзү кыймыл атоочтор менен биргеликте келип предикаттык функцияны аткарган сүйлөмдөрдүн көпчүлүгүндө сунуштоо мааниси туюндурулат. Алар, дээрлик, жайынча маалымдоо, же эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болот. М: - *Менимче, бул маселени өзүнчө күн тартибиндеги маселе катары* ***кароо керек*** (П.Д.). – *Ата салтын* ***кадырлай жүрүш керек****, кулунум* (“Ала-Тоо”). *Жаза катарында Германиянын территориясындагы курал-жарак чыгарган заводдордун бардыгын* ***жок кылуу керек*** (А.Ч.) ж.б. Ошондой эле мындай предикаттык формалардан кийин “деп эсептейм”, “деп сунуштайм” деген өңдүү этиштик айкалыштар да кошо келиши мүмкүн.

**Кеңеш берүү мааниси** сунуштоо маанисине бир топ жакын түшүнүк болгону менен, алардын чектери сезилерлик деңгээлде айырмаланып турат. Сунуштоо маанисинде учурдагы кайсыл бир иш аракетке, чечилүүнү талап кылган, бирок натыйжасы бир жактуу айкын болбогон проблемалуу, жыйынтыгы бүдөмүк болгон маселеге, көрүнүшкө карата айтылган сүйлөөчүнүн жеке пикири, же каалоосу, анын объективдүү, же субъективдүү ою берилсе, кеңеш берүү маанисинде менталдык сферага мүнөздүү болгон түшүнүктөргө, адамзат коомундагы адеп-ахлактык, жүрүм-турумдук нормаларга байланыштуу келген объективдүү пикирлер, көз караштар берилет. Сунуштоонун тыңдоочу тарабынан кабыл алынган, алынбаган натыйжасы ошол кеп процессинин жыйынтыкталышында белгилүү болсо, кеңеш берүүнүн натыйжасы ошол учурда, же чектелген мезгилдик түшүнүк менен айкындалбайт. Кеңеш берүү маанисиндеги сүйлөмдөргө объективдүүлүк мүнөздүү болуп, көбүнчө конкреттүү үч жактын бирине карата эмес, үч жакка тең тийиштүү болгон жамдоо, жалпылоо маанисинде берилет. Бул маани, негизинен, предикаты буйрук ыңгай формасында уюшулган жамдама жактуу сүйлөмдүк структурадагы макалдарда камтылат. М: *Акылман менен* ***кеңеш****, катарың менен* ***теңеш****. Бузуку менен* ***муңдашпа,***

*түптүү менен* ***түртүшпө.*** *Алтымыш күн атан болуп жүргөнчө, алты күнү* ***буура болуп зиркилде****. Акылдуу касыңдан* ***коркпо****, акмак досуңдан* ***корк.*** ж.б. Кээде бул маани предикаты буйрук ыңгайдагы этиштерден болгон ырларда да туюндурулса, кээде предикаты арсар келер чак формасындагы этиштерден уюшулган макалдарда берилет. М: *Жинди менен* ***жол кошпо,***

***Суу куя бербе*** *толбоско.*
*Акмак болуп каласың,*
***Атаандашпа б****олбоско* (Т.).

*Көйкөлүп жаткан шиберди,*
*Көп көрүп тепсей баспагын.*
*Күзгүдөй тунук булакка,*
*Топурак уучтап чачпагын* (К.М.).

*Акылың көп болуп, ачууң аз болсо, зор болорсуң* (Макал) ж.б.

Предикаты буйрук ыңгай формасындагы этиштерден уюшулган сүйлөмдөр курамына кирген сөз жана сөз айкаштарынын туюнтмаларына, жагдайлык, интонациялык ж.б. бөтөнчөлүктөргө ылайык буйруу-талап кылуу мааанилеринен тышкары сурануу, каргоо, кеңеш берүү өңдүү маанилерди да туюндуруп калат. Мындан сүйлөм, же айтымдагы кайсыл бир маанилик түшүнүктүн чагылдырылышы алардын предикаттарынын уюшулуу формаларына гана байланыштуу эмес экендиги көрүнөт. Андай (бирдей предикаттык формада уюшулган) сүйлөм, же айтымдарда камтылган маанилик бөтөнчөлүктөр белгилүү бир чекте айырмаланган, өзүнө гана мүнөздүү болгон, бирок аңдап кабылдоону талап кылган өзгөчөлүктөргө ээ болуп турушат. Маселен, сүйлөөчү, негизинен, аткарылууга мүмкүн болгон конкреттүү көрүнүшкө, түшүнүккө карата буйруп талап кыла алса, мындай предикаттуу сүйлөмдөрдөгү сурануу, каргоо, кеңеш берүү маанилери, негизинен, аткарылышы, же аткарылбашы айкын болбогон көрүнүшкө, түшүнүккө карата айтылат. Бул өңдүү айырмачылыктарга ылайык (кайсыл маанилик түрдү чагылдырышына ылайык) контексттик, интонациялык

бөтөнчөлүктөр келип чыгат. Айтылгандарды төмөнкү мисалдардан айкын көрүүгө болот. М: - *Кабарды* ***жеткиргин*** *да, тез* ***кайткын****!* (Буйруу).
– *Теңирим, каралдымды өзүң* ***сактагын*!** (Сурануу).

*Таалайыңа* ***куп кылсын,***
*Ушул турган жерлерди.*
*Кайрылып жүзүн* ***көрбөгүн,***
*Кайгырган кытай элдерди* (Каргоо).

*Элиңе жүрөктү* ***арнап салгын,***
*Баарына тең болуп* ***ардакталгын.***
*Сездиңби, шашылат өмүр шамалдай,*
*Мезгилди учурбай* ***кармап калгын*** (Кеңеш берүү) ж.б.

Ал эми предикатынын тутумунда **болбойт** көмөкчү этиши катышып келген сүйлөмдөр кайсыл бир жакка карата конкреттүү багытталбай, жаксыз сүйлөмдүк, кээде эки тутумдуу сүйлөмдүк структурада уюшулуп, өз ичине кеңеш берүү маанисин камтыйт. Мындай негизде уюшулган сүйлөмдөрдөгү кеңеш берүү мааниси предикаты буйрук ыңгай формасындагы этиштерден уюшулган жогоркудай сүйлөмдөргө салыштырмалуу бир аз солгун, же каймана абалда берилет. М: *Көңүлдү* ***жүгөндөп болбойт****, досту* ***түгөлдөп болбойт*** (Макал). *Жатыны бөлөктү* ***жамаса болбойт****, көтөнү бөлөктү* ***көктөсө болбойт*** (Макал). *Бирөөнүн жери* ***жер болбойт****,*

*Бирөөнүн эли* ***эл болбойт****.*
*Туурасын айтсам мен сага,*
*Тууганду адам* ***кем болбойт*** (Эсенаман) ж.б.

Ошондой эле предикаты сын атоочтон болгон айрым сүйлөмдөрдө да кеңеш берүү мааниси камтылышы мүмкүн. Бул ошол сүйлөм тутумунда келген сөз жана сөз айкаштарынын лексикалык маанилерине, мурунку, же кийинки сүйлөмдөрдүн таасиринде айкындалган контексттик мааниге байланыштуу келип чыгат. М: *Чегинен ашса, бал да* ***зыян****, чеги менен болсо, уу да* ***пайдалуу*** (Макал). – *Кууп жүрүп жаруу –* ***опурталдуу,*** *жаштык күчкө салбай, амалга салган* ***пайдалуу*** (Э.К.). *Сулуу сулуу эмес, сүйгөн* ***сулуу***

(Макал) ж.б. Мындагы экинчи мисалдан көрүнүп тургандай, кеңеш берүү маанисиндеги сүйлөм кээде 2-жакка тике багытталып айтылышы да ыктымал.

**Көкүтүү мааниси** белгилүү бир чекте сунуштоо, кеңеш берүү маанилеринин элементтерин камтып, алардын күчөтүлгөн абалы катары келет. Сунуштоо, кеңеш берүү маанилеринде сүйлөөчү өзүнүн, же тыңдоочунун кызыкчылыгын көздөгөн пикирин, сунушун, кеңешин билдирип, аны кабыл алуу, же албоо укугун тыңдоочунун эркине койсо, көкүтүү маанисиндеги сүйлөмдөрдө сүйлөөчү өзүнүн эмес, тыңдоочунун ал-абалына, иш аракетине байланышкан көрүнүштүн, окуянын уланышын, ал гана эмес күчөшүн каалайт, аны күчөтүү үчүн тыңдоочуну намыстандырган, же күш-күштөгөн (колтугуна суу бүрккөн) пикирин билдирет. Көкүтүү сүйлөөчү тарабынан оң максатта да, терс максатта да, жөн гана тамашалоо максатында да болушу мүмкүн. Бул маанини камтыган сүйлөмдөр "көкүтүп салдым", "күш-күштөп койду", "колтугуна суу бүркүп койдум" деген өңдүү предикативдик айкалыштардын катышуусу менен эксплициттик өзгөчөлүктө да, эмоциялуу-экспрессивдүү сөз жана сөз айкаштарынын, өзгөчөлөнгөн интонациянын, контексттин таасиринде имплициттик бөтөнчөлүктө да уюшулат. М: - *А, мүмкүн, сага гана ошондой сезилип жаткандыр! – деп* ***көкүтүп койдум*** (А.Г.). *– Анын* ***колтугуна суу бүркүп****, биротоло карайтып коюптур* (С.М.). *Муңдук күлдү: -* ***Азамат! Туура айтасың. Ошентпейсиңби анан. Сен Есугенин уулусуң го!*** (И.К.). *–* ***Койчу капыр****, анда* ***өлбөгөн жерде калбайсыңбы!*** (У.А.) ж.б. Мисалдардан көрүнүп тургандай, көкүтүү маанисин имплициттик негизде туюндурган сүйлөмдөр, негизинен, эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болот да, оозеки жана көркөм кепке мүнөздүү келет. Ал эми эксплициттик негизде берилгендери көбүнчө жайынча маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болуп, функционалдык стилдин бардык түрлөрүндө колдонулушу мүмкүн. Бул маанинин туюндурулушунда да **–бы** мүчөсүнүн таасири байкалат. М: -*Сен*

*Токтогулдан кемсиң****би****! Токтогулга бирдеме дебейсиң****би****! – дешкенинен ырдап жиберген жерим* (Коргоол) ж.б.

Ошентип, сунуштоо, кеңеш берүү жана көкүтүү маанилери белгилүү бир чекте өз ара семантикалык катышта турушса да, өз алдынча маанилик түрлөр катары каралган, негизинен, тааныштык карым-катышы бар сүйлөөчү менен тыңдоочунун түрдүү жагдайдагы мамилелик байланышын тейлөөчү маанилик түрлөр катары кепте колдонулат. Алар түрдүүчө структуралык түзүлүштөгү, маанилик типтеги айтымдарда, сүйлөмдөрдө камтылып, өздөрүнө мүнөздүү болгон тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде уюшулат.

## *Ыраазылык, канааттануу, алкоо маанилери*

**Ыраазылык мааниси** сүйлөөчүнүн өзүнө тиешеси бар, же жок окуя-кубулуштардын, көрүнүштөрдүн, же 2-3-жактар тарабынан болгон иш аракеттердин таасирине көңүлү толгондугун билдирген маани катары келет. Аны кыргыз тилинде төмөнкүдөй тилдик бирдиктер уюштурат жана бул маанилик түрдөгү сүйлөмдөр көтөрүңкү интонация менен айтылат да, негизинен, илептүү сүйлөм түрүндө берилет:

а) Лексикалык мааниси боюнча бул маанилик өзгөчөлүктү туюнтуучу **ыраазы** сөзү 1-жакта берилгенде, өзү катышкан сүйлөмгө ыраазылык маанисин киргизет. М: ***Ыраазымын*** *миң мертебе тагдырыма,*

*Өмүрдө издеп жүрүп сени тапкан* (Б.А.) ж.б.

Эгерде бул сөз 2-3-жакта, же кайсыл бир көмөкчү сөздөрдүн катышында берилсе, ал сүйлөмдө ыраазылык мааниси келип чыкпайт. Маселен, *Сен жашооңо ыраазысыңбы? Ак сүтүңө ыраазы бол, апаке, Ага эл ыраазы экен* деген сүйлөмдөрдө ыраазылык мааниси эмес, суроо, сурануу жана маалымдоо маанилери берилди. Мындагы экинчи сүйлөмдө катышкан “бол” көмөкчү этиши – өз табиятында талап кылуу, буйруу маанисин туюнткан сөз, бирок бул сүйлөмдүн тутумундагы “Ак сүтүңө”, “апаке” деген

сөздөрдүн таасиринде келип чыккан жалпы сүйлөмдүк маани сурануу мааниси экендигин аңдайбыз. Эгер *Тирүү калганыңа ыраазы бол, Апаңа ыраазы бол* деген сүйлөмдөр болсо, жалпы тексттик мааниге жараша кеңеш берүү, көңүл айтуу, талап кылуу маанилеринин бири камтылмак.

б) **Рахмат, баракелде, шүгүр, бали** деген өңдүү сырдык сөздөр өздөрү катышкан сүйлөмдө сезимдик предикаттык (башкача айтканда, баяндоочтук) кызматта келишип, ыраазылык маанисин пайда кылышат.

М: *Түшүмдө күндө сага жолуктурган,*

*Рахмат миң мертебе махабатка* (О.С.). – *Баракелде, бир мык какпай жыгачтан жыгач улап, чыкпас, куланбас кылып, бир теше жерге бир үй, болгондо да тоодой боз үй курган өнөрүңө баракелде!* (Ж.М.). *Тирүү калтыргандарына да шүгүр!* (А.Ч.) ж.б. Аталган маанинин пайда болушунда бул сырдык сөздөр негизги лексикалык бирдик катары кызмат өтөшөт.

в) Кыргыз тилиндеги “айланайын”, “садага болоюн” деген сырдык сөздөр “рахмат”, “баракелде” деген өңдүү сырдык сөздөрдөй предикаттык функцияда келбесе да, өзү катышкан сүйлөмдө сүйлөөчүнүн учурдагы көрүнүшкө, маалыматка, же иш аракетке болгон ыраазылыгын туюндурууучу бирдик катары келет. Мындай сүйлөмдөр да, негизинен, маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болот. М: - *И, ичтим, ичтим, айланайындар, батар жерим калган жок* (У.А.). – *Оозуңа май, айланайын, оозуңа май! Жарадар болсо да, аман экен да!* (У.А.). – *И, муну жакшы айттың, балам, оозуңан садага болоюн!* (У.А.) ж.б.

г) Сүйлөм тутумундагы айрым туруктуу айкалыштар ыраазылык маанисин пайда кылуучу бирдик катары келет. М: – О, *Кудай! Ак сары башыл! Ак сары башылым...* (Ж.М.). *Алар өз башынын эмес, мында калып жаткан журттун эсендигин тилегендерин укканда булар үчүн жаныңды курмандыкка чапкың келет.* (“Ала-Тоо”) ж.б. Мындай туруктуу айкалыштардын сүйлөм, же текст ичинде камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдүн кайсыл бирин пайда кылышы кыргыз тилинин улуттук өзгөчөлүгү катары каралат.

д) Айрым сүйлөмдөрдө ыраазылык маанисин жаратуучу жогоркудай тилдик бирдиктер катышпаса да, контексттик мааниге, интонациялык өзгөчөлүккө ылайык аталган маани берилет.

М: *Каргадай болгон медерим,*

*Кардыгач менин сейрегим.*

*Кыдыр алда кудурет,*

*Кыз да болсо ушуну,*

*Караан кылып бергенин!* (“Эр Табылды”). *–Биз уулубуздун аманчылыгынан башканы ойлобой жүрсөк, бул биздин камыбызды көрүп жүргөнүн айтсаң!* (У.А.) ж.б.

Ыраазы болуу мааниси менен жакын турган маанилик түшүнүктөр катары **канааттануу** жана **алкоо маанилерин** көрсөтүүгө болот. Анткени сүйлөм аркылуу чагылдырылуучу бул маанилер өз ара катышта болуп, алардын чегин ажыратып кароо бир топ оорчулдукту да жаратат. Алардын бөтөнчөлүктөрүнө, айтылуу шарт-жагдайларына тереңирээк назар салганыбызда, канааттануу мааниси да, алкоо мааниси да сүйлөөчүнүн ошол көрүнүшкө, же иш аракетти аткаруучу субъектке ыраазы болгондугунун натыйжасында келип чыгат. Бул маанилердин туюндурулушуна көмөк көрсөтүүчү каражаттар катары келген тилдик бирдиктер да, дээрлик, бирдей, же жакын. **Канааттануу мааниси** – сүйлөөчүнүн өз иш аракетине байланышкан көрүнүшкө, натыйжага, же 2-3-жактын учурдагы көмөгүнө кубанганын, көңүлү жайына келгендигин туюндуруучу маани. Ал көбүнчө “ырас болбодубу”, “жакшы болду да” деген өңдүү 3-жак формасында берилген этиштердин таасиринде чагылдырылат. М: - *Болсун, болсун, айланайын, эми ырас болбодубу!* (У.А.). – *Жакшы болбодубу, аттардын туяктары карга из салып беришет!* (М.Б.).

*Ырас болду ыраактан,*

*Ырдаймын деп келгениң* (Эшмамбет) ж.б.

Анткен менен бул маанини пайда кылуучу жогорку сөздөрдүн “ырас болбоду”, “жакшы болбоду” деген терс формадагы курулушуна **-бы**

мүчөсүнүн жалганышы аркылуу берилиши аталган маанини гана туюндурса, “ырас болду”, “жакшы болду” деген формада келиши сүйлөм тутумундагы сөз, же сөз айкаштарынын семантикасына ылайык канааттануу маанисин да, кээде анын терс эмоцияда берилиши катары келген **табалоо маанисин** да билдирип калат. Маселен, “*Бул ары жокко ырас болду!”, “Кой десе болбойт, жакшы гана болду да!”* деген сүйлөмдөрдө табалоо мааниси чагылдырылды. Ошондой эле мындай өзгөчөлүктөрдө контекст, интонация ж.б. да белгилүү рол ойнойт.

Канааттануу мааниси айрым киринди сөздөрдүн таасиринде да, негизинен, контекстке ылайык туюнтулуп калат. М: - *Мына, жеңемдин колу ачык десе болбойсуңар!* (У.А.). – *Көрдүңөрбү, мен айткандай болот дебедим беле!* (С.М.) ж.б. Ал эми **алкоо маанисиндеги** сүйлөмдөр, негизинен, адамдарга, кээде жаныбарларга карата айтылып, көбүнчө диний терминдердин, каратма сөздөрдүн катышуусунда уюшулат да, сүйлөөчүнүн 2-3-жакка карата болгон жактыруу, жакшылык каалоо мамилелерин билдирүүчү маани катары келет. Ыраазы болуу, канааттануу маанилери менен тектештик катышта болсо да, алардан сезилерлик деңгээлде өзгөчөлөнүп турат. М: - *Аман болуңуз, эч качан жамандык көрбөңүз, ылайым!* (Ж.И.). -*Өркөнүң өссүн, балам, эркек төрөп ал, оомийин!* (У.А.). - *Кудайым өмүрүн узун кылсын, ылайым!* (Ф.М.) ж.б.

Алкоо маанисинин ыраазы болуу маанисине болгон жакындыгы, алардын бири-бирин коштоп колдонулушу төмөнкү мисалдан да көрүнөт:

*Рахмат сага, келиним,*
*Бар турбайбы желиниң.*
*Балкайган бала төрөп ал,*
*Барында күчү белиңин* (Коргол).

Алынган ырдын 1-сабында ыраазы болуу, 2-сабында таануу, ал эми кийинки саптарында алкоо маанилери берилди. Ыраазы болуу, канааттануу, алкоо маанилеринин жакындыктары жана айырмачылыктары тыңдоочунун (окурмандын) жалпы текст, же айтым менен болгон тааныштыгына, тилдик

сезимталдуулугуна, логикалык ой жорумунун дараметине жараша айкындалат. Бул маанилердин ички катыштык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурганыбызда, канааттануу маанисинен ыраазы болуу, ыраазы болуу маанисинен алкоо мааниси келип чыккандыгы байкалат.

### 4.1.5. Адресат менен катышта болгон негативдүү маанилер

***Кекетүү, какшыктоо, табалоо маанилери***

**Кекетүү мааниси** сүйлөөчүнүн өз каалоосуна каршы келген экинчи, же үчүнчү жактардын иш аракеттерине кыжырдануусун, ага каршы иш аракет жасоого даярдануусун туюндурган сүйлөмдөрдө камтылат. Бул маани бир топ кеңири мазмунда болуп, сүйлөмдө **кекетүү, кекенүү, кектөө, кекээрлөө, зекүү** түрүндө чагылдырылат. Кекетүү, кекенүү маанилери бир эле түшүнүктүн эки башка грамматикалык формада берилиши катары келип, бирок семантикалык жактан белгилүү өлчөмдө өзгөчөлөнүп турат. **Кекетүүдө** сүйлөөчүнүн психикалык чыңалуусу, же кыжырдануусу аны пайда кылган 2-3-жакка карата тике багытталып айтылса, анын өздүк мамиле формасында берилишинде, же **кекенүүдө** сүйлөөчүнүн ошол эле психикалык ал абалы 2-3-жактын бирине тике багытталбай, бирок ал жактардын бирине карата чагылдырылат, башкача айтканда, бул учурда тыңдоочу, же маалымат багытталган жак кепке тике катышпайт. Ал эми **кекээрлөө, зекүү** маанилери буларга салыштырмалуу басыңкы эмоцияда айтылып, бирок бул маанилерде да сүйлөөчүнүн кайсыл бир иш аракетке ачуулангандыгы, канааттанбагандыгы туюнтулат. Аталган маанилер жандуу субъектке карата тике багытталып айтылышы, сүйлөөчүнүн, дээрлик, бирдей негиздеги психологиялык абалын чагылдырышы жагынан жакын болсо да, алар өз ара белгилүү чектеги айырмачылыктарга ээ. Маселен, зекүү маанисиндеги сүйлөмдөр сүйлөөчүнүн 2-жактын иш аракетине тыюу салуусун, макул

эместигин билдирүү максатында айтылса, кекээрлөө маанисиндеги сүйлөмдөрдө кыр көрсөтүү, табалоо, какшыктоо маанилери да камтылат. Бул белгиленген маанилик түрлөрдүн өзүнчө түрү катары **кектөө** маанисин көрсөтүүгө болот. Кектөө кекенүү маанисине бир топ жакын болуп, алар бири-биринен, негизинен, мезгилдик түшүнүк боюнча айырмаланышат. Башкача айтканда, **кекенүү** сүйлөөчүнүн 2-же 3-жакка карата болгон кыжырдануусунун учурдагы абалын туюнтса, **кектөө** түшүнүгү сүйлөөчүнүн ал жактардын бирине карата болгон андай психикалык абалынын узак убакытка созулгандыгын билдирет. Кекенүү мааниси кыйыр түрдө сүйлөмдө айкын болуп турса, кектөө мааниси тике маалымдоочу сөз, же сөз айкаштары аркылуу туюнтулат. Анткен менен бул маанилик түшүнүктөр кээде “кектеп жүрөт-кекенип жүрөт”, “кектеп калыптыр – кекенип калыптыр” деген абалда бир түшүнүк катары да бериле берет. Анткени кек-е-т, кек-е-н, кек-те этиштери морфологиялык курамы боюнча “кек” зат атоочунан этиш жасоочу тектеш **–а, -ла** мүчөлөрүнүн таасиринде жасалган, бирок бул сөздөрдөгү маанилик өзгөчөлүктөр таптакыр айырмаланган маанилик түрлөрдүн деңгээлине өсүп чыга алган эмес, же бул сөздөрдүн маанилик айырмачылыктарын “от-о, от-то”, чен-е, чен-де” сөздөрүнүн деңгээлинде кароого болбойт.

**Какшыктоо мааниси** да 2-же 3-жактар тарабынан болгон иш аракетке, көрүнүшкө сүйлөөчүнүн кошулбагандыгын, ага каршы экендигин, же кыжырлангандыгын туюнткандыгы жагынан жогоруда белгиленген маанилик түрлөргө бир топ жакын. Бирок мында сүйлөөчүнүн көз карашы, же пикири тике түрдө жана көтөрүңкү интонацияда эмес, каймана-кыйыр түрдө чагылдырылат.

Бул белгиленген маанилер сүйлөмдө өз алдынча бөтөнчөлүктөргө ээ болгон маанилик түрлөр катары келип, төмөнкүдөй негиздеги сүйлөмдөрдүн тутумунда камтылат:

**Кекетүү мааниси**, жогоруда белгиленгендей, аны пайда кылуучу иш аракетти жасаган жакка карата тике багытталып айтылып, негизинен,

көтөрүңкү интонациянын, айрым буйрук ыңгай формасында келген этиштердин жана одоно сөздөрдүн таасиринде берилет. М: - *Оозунда сөзүн жөндөп айта албаган* ***шүмшүк****!* ***Ыйманыңды урайын десе****!* (Ж.М.). ***– Тек, ийрилип жат жайыңа****! Октолуп койгонун!* (Т.К.). – ***Ой, ит****, мага буйрук бере турган сен өзүң кимсиң, деги!?* (Ж.И.).

***Арыжок*** *сендей ууруга,*

*Баш кесип алмак оңойбу!*

*Таарынчыңды* ***ит уксун****!*

*Ит укпаса ким уксун!* (“Эр Табылды”) ж.б.

Суроо маанисин пайда кылуучу **–бы,** арсар келер чакты туюнтуучу **–ар** мүчөлөрү өздөрү катышкан айрым сүйлөмдөрдө кекетүү маанисинин берилишин шарттайт. М: *Сенин Баратаалыңды мен тартып албасам* ***элеби****!* (Ж.М.). *Алдагың* ***келеби*** *баарыбызды?!* (А.С.).

*Акберметтей сулууну,*

*Алганыңды* ***көрөрмүн.***

*Жалгызга дагы күн тууса,*

*Бөкөй, жазаңды колго* ***берермин****!* (“С-Б”) ж.б. Бирок бул мүчөлөр сүйлөмдөгү кекетүү маанисин пайда кылчу негизги каражат эмес. Мындай мүчөлөрдүн маани жасоочулук кызматы туруктуу болбойт. Сүйлөмдө камтылган маанилик түрлөрдүн берилишинде негизги рол анын тутумуна кирген сөз жана сөз айкаштарынын лексикалык маанилерине таандык. Ошондой эле лексикалык катышта келген өзүнөн мурунку кайсыл бир сүйлөмдүн таасири болушу да мүмкүн.

Маселен, *Каң дедире кемпирди,*

*Төбөгө тартып жиберди.*

*Жер үстү менен жер алдын,*

*Тойлогон кемпир сенсиң****би****!*

*Көкдөөнүн тилеп тилегин,*

*Ойлогон кемпир сенсиң****би****!* (“Эр Төштүк”) деген мисалдагы

предикативдик функцияда келген “сенсиңби” сөзүнүн өзү катышкан сүйлөмгө суроо маанисин эмес, кекетүү маанисин киргизишине биринчи эки сапта берилген сүйлөм жана илептүү интонация таасирин тийгизди.

**Кана** ат атоочу айрым сүйлөмдөрдө суроо маанисин туюнтпай, кээде туюнтса да, конкреттүү объектиге карата эмес, абстрактуу түшүнүккө карата коюлуп, сүйлөмдөгү кекетүү маанисинин берилишине көмөктөшөт. Мындай сүйлөмдөр көбүнчө илептүү, кээде көтөрүңкү интонациядагы суроолуу сүйлөмдөрдөн болот. М: - *Эмне болгон дейт! Эмне болуптурмун? **Кана**, айтчы, эмне болуптурмун?!* (У.А.). - ***Кана** бек турганыңыз? **Кана** баарын көтөрөм дегениңиз?!* (У.А.) ж.б.

**Кекенүү маанисин** чагылдырган сүйлөмдөрдө да адресат белгилүү болуп, мындай сүйлөмдөр структуралык жактан каратма сөздүү сүйлөмдөрдөн болгон менен, адресат тыңдоочу катары келе албайт. Мында сүйлөөчү өз ой жорумун, жандуу, же жансыз объектке карата болгон өктөсүн өз алдынча сүйлөнүү абалында маалымдайт. Ал эми бул маанини пайда кылуучу тилдик бирдиктер кекетүү маанисин туюнтуучу бирдиктерден, дээрлик, айырмаланбайт. Башкача айтканда, “шашпа”, “карап тур”, “сениби” деген өңдүү сөздөр, 1-жактын жекелик санында айтылган терс формадагы **–са** мүчөлүү этиштер, **-бы, -ар** мүчөлүү сөздөр менен көтөрүңкү интонация бул эки маанинин берилишинде тең, бирдей негизде колдонула берет. Буларды өз ара айырмалап турган негизги белги болуп адресаттын тыңдоочу катары келе алышы, же келе албашы эсептелинет. Кекенүү маанисин билдирген сүйлөмдөрдүн тобуна төмөнкү сүйлөмдөрдү кошууга болот.

М: *Ит ичпестин Алакөл,*

*Кыргынды кызык сал**басам**!* (“Эр Төштүк”). – *Мынабу жетимдердин зарынын тагын анын өз каны менен жуу**басамбы**!* (И.К.). – ***Сениби**, ит, көзүмө бир көрүнөрсүң!* (А.Ш.) ж.б. Кээде тике сөздө берилген кекенүү мааниси төл сөз аркылуу да тастыкталып келсе, айрым сүйлөмдөрдө жогоркудай лексикалык каражаттар катышпаса да, контекстке ылайык жана интонациянын таасиринде аталган маани туюнтулат. М: - *Кое тур,* - *деди*

*кыжынып Молдоыбрайым, - кое тур! Сенин кутурган гана жериңди курутпасам! Шашпа!* (У.А.). *Сенин шишиң толгон болчу, Теке кул!* (А.С.) *Мага да кезек келер, ошондо көрөрмүн алыңды!*(М.С.) ж.б.

**Кекээрлөө мааниси** кекетүү, кекенүү маанилеринин төмөнкү баскычтагы берилиши катары келип, маалымдоо жана суроо маанилериндеги сүйлөмдөрдүн тутумунда камтылат. Бул маани тике жана кыйыр абалда, одоно жана сылык түрдө чагылдырылышы мүмкүн. *М: -Кудайдын каалоосуна не дегиң бар, жээнчер?!* (Т. К.). *– Султан аталган башы менен кылган ишин көр!* (А.С.). *– Менин балама ким көз салып турганында сиздин эмне ишиңиз бар?!* (А.А.). *Кимдин эмне дегени менен сиз экөөбүздүн ишибиз эмне, кадырлуу Иван Василевич* (Т.К.) ж.б. Мисалдардан көрүнгөндөй, мындай маанилик түрдү камтыган сүйлөмдөрдүн тутумунда маанилик, же фонетикалык жактан өзгөртүлүү аркылуу стилдик боектуулукка ээ болуу менен айтылган, же каршылаш түшүнүктө колдонулган бөлүгү менен бирге айтылган сөздөр, же сөз айкалыштары катышып келет. Маселен, жогорку сүйлөмдөрдүн биринчисинде “жээнчер” каратма сөзүнүн, 3-4-сүйлөмдөрдө “эмне ишиңиз бар”, “ишибиз эмне” айкалыштарынын катышуусу, ал эми 2-сүйлөмдүн “Султан аталган башы менен” жана “кылган ишин көр!” деген бөлүктөрүнүн каршылаш мааниде болушу бул сүйлөмдөрдөгү кекээрлөө маанилеринин берилишин шарттаган. Албетте, мындай маанилик түрдө айтылган сүйлөмдөр мындан тышкары өздөрүнө мүнөздүү болгон интонациялык бөтөнчөлүккө да ээ болуп турат.

Кекээрлөө мааниси талап кылуу, буйруу маанисин камтыган түз маанидеги сөздөрдүн ордуна ошол ойду берүүгө катышы бар башка сөздөрдүн ыгы, орду менен алмаштырылып берилиши аркылуу да туюндурулат. Маселен, - *Ай, сүйлөбөчү!* же *– Ай, ыйлаба!* деген айтымдарда камтылган талап кылуу мааниси *– Ай, басасыңбы жаагыңды!?* деген негизде берилсе, талап кылуу түшүнүгү кекээрлөө маанисинде берилди. Эгерде айрым сүйлөмдөрдө камтылган кекээрлөө мааниси ал сүйлөмдүн предикаттык формасы өзгөртүлүп, же кайсыл бир көмөкчү сөз

катыштырылып берилсе, бул маани күчөттүрүлөт. Маселен, *Сенин кандай болуп кетериңди* ***көрөбүз!*** деген сүйлөм менен *Сенин кандай болуп кетериңди* ***да көрө жатарбыз***! деген берилишиндеги кекээрлөө маанилеринин туюнтулуу деңгээлдерин бирдей кароого болбойт. Ошентип, кекээрлөө маанисинин берилишинде да негизги рол сүйлөм тутумундагы сөз жана сөз айкаштарынын лексикалык маанилерине, айрым сөздөрдүн өтмө, же образдуу-боектуу мааниде келишине, айтылуу интонациясына таандык болгону менен, андай сүйлөмдөрдө, же айтымдарда катышып келген төмөнкүдөй айрым мүчөлөр менен сөздөрдүн таасири да жокко чыгарылбайт:

а) **–ыптыр, -бы** мүчөлөрүнүн таасиринде кекээрлөө маанисинин берилиши айкындалат, же күчөтүлөт. *М: - Айтчы, Мырзабек* ***ким болуп калыптыр!?*** (У.А.). *–Мен мал эмес иттин арасында* ***өсүптүрмүнбү?!*** (У.А.).

*“Алтын кемер”* ***сенсиңби****?*
*Акындыкка* ***теңсинби?****!* (Барпы).
*Жаштарында каруу жок,*
*Ырчысында ыйман жок.*
*Жараткан сени* ***урганбы?***
*Жалпы казак* ***курганбы?!*** **(**Арстанбек) ж.б.

б) **ким** сурама ат атоочу **де** көмөкчү этиши жана **эле** жардамчы сөзү менен келип, “ким дейсиң”, “ким эле”, “ким элең” формаларында берилүү менен көтөрүңкү интонацияда айтылганда, дээрлик, аталган маанини туюндурат. *М: Келе сала бер дейсиң,*
*Кыргызды сен* ***ким дейсиң****?!* (Арстанбек).
*Кылыгыңды байкасам,*
*Кызыгансып сүйлөйсүң.*
*Башынан байге бербеген,*
*Барпы аваңды* ***ким дейсиң****?!* (Барпы).
*“Чоң жандуусу” болбосо,*
*Сенин атаң* ***ким эле****?!* (Акыйнектен) ж.б.

в) **беле** көмөкчү сөзү үч жактын биринде, зат атооч, ат атооч, **бар**, **жок** сөздөрүнөн кийин келип, предикаттык функцияда колдонулганда, кекээрлөө маанисин билдирүүчү бирдик катары келет.

*М: Олжо кылып бөлгүдөй,*

*Сен* ***ажоосу белең*** *кыргыздын,*

*Же* ***перзенти белең*** *Нур кыздын?!* (Жеңижок).

*Саадагым чаян чок беле,*

*Санатым сенче* ***жок беле****?!* (Барпы).

*Кул сурайсың, Сүйүнбай,*

*Кул жумшоочу* ***сен белең****!?*

*Кулжуңдаба кур бекер,*

*Кулдук урчу* ***мен белем****!* (Арстанбек) ж.б.

**Зекүү мааниси** кекетүү, кекенүү, кектөө, кекээрлөө маанилери менен белгилүү чекте катышы бар, бирок алардан айырмаланып турган эң төмөнкү баскычтагы түрү катары келет. Бул маани да тике жана кыйыр, одоно жана сылык түрдө берилип, уюшулуу өзгөчөлүгүнө ылайык айырмалуу интонациялык бөтөнчөлүктөрдө айтылат.

*М: Менсинген сендей бозойго,*

*Менде да бардыр айтар сөз* (К.М.).

*Ой, ой, жигит, ой, жигит,*

*Тамашаңды кой, жигит* (С.Ж.). – *Эмне, сенин оюңча, мен өз оюмдан чыгарып айтып жатыптырмынбы?!* (А.Г.). – *Акырын дейм, баланы ойготосуң!* (С.М.). -*Чалкалап жатып алгыдай кайненеңдин үйүнө келдиң беле?!* (У.А.). ж.б.

Ошентип, бул белгиленген маанилик түшүнүктөр белгилүү чектеги өз ара катышта болгон сүйлөмдүк маанилердин өзүнчө тобу катары келип, сүйлөөчүнүн жагдайга ылайык сүйлөм түзүүсүндөгү психологиялык ал абалын туюнтуучу маанилер болуп эсептелинет. Ал эми какшыктоо мааниси, бул багыттан караганда, аталган маанилерден бир топ обочолонуп турат.

**Какшыктоо мааниси** кайсыл бир иш ракеттин, окуя, түшүнүктүн туура эмес экендигине, же анын ишке ашпастыгына сүйлөөчүнүн көзү жетип, бирок аны тийиштүү жакка тике айтпай, өтмө маанидеги тилдик бирдиктердин таасиринде имплициттик өзгөчөлүктө маалымдаган сүйлөмдөрдө камтылат. Мындай сүйлөмдөр, негизинен, көркөм жана оозеки кепте арбын колдонулуп, учурдагы жагдайга ылайык иштелип чыгат да, угарман, же окурмандан тилдик сезимталдуулукту талап кылат. Анткени бул маани контексттик, интонациялык, кырдаалдык жана башка өзгөчөлүктөрдүн негизинде айкындалат. Ошондой эле мында өтмө жана көп маанилүү тилдик бирдиктердин ошол учурда, ошол сүйлөмдө берилүү бөтөнчөлүгү да чоң рол ойнойт. Бул айтылгандарды төмөнкү сүйлөмдөрдөн көрүүгө болот. *М: АКШнын акчалуулары бизге төөнүн куйругу жерге тийгенде келишет көрүнөт* (“К.Т.”). – *Дагы кыйкыра түш, кайрылып алып кеткиси бардыр* (Ч.А.). – *Тигини! Жыргалдан башка самаары, тилээри жок булардын* (Т.К.). – *Дегеле, уялчаагын кантесиң!* (Э.Ө.) ж.б.

Айрым сүйлөмдөрдө какшыктоо мааниси кээ бир көмөкчү сөздөрдүн таасиринде берилип калат. *М: - Анын андай экенине сенин көзүң качан **жете калды?*** (А.Г.). – *Тирүү калгың бар экен **го!*** (А.С.). – *Алдында турса да, байкабай калган **имиш!*** (С.Ж.) ж.б. Бул мисалдардагы “жете калды”, “го”, “имиш” көмөкчү сөздөрү өздөрү катышкан сүйлөмдөргө какшыктоо маанисин киргизип турушат, эгерде бул сөздөр катыштырылбай берилсе, алынган сүйлөмдөрдөн аталган маани чагылдырылмак эмес.

Негизи, какшыктоо маанисинин сүйлөм, же айтым аркылуу туюндурулушу көп кырдуу. Бул маанинин берилүү өзгөчөлүктөрү жана кабылданышы оозеки кеп менен жазуу кебинде да айырмалуу. Оозеки кепте жагдай, сүйлөөчүнүн кыймыл-аракети, ымдоо-жамдоосу өңдүү экстралингвистикалык факторлордун таасири да бул маанини кабылдоону жеңилдетет. Ал эми жазуу кебинде мындай өзгөчөлүктөрдү тыныш белгилери толук, жеткиликтүү абалда чагылдырып бере албайт. Ошондуктан жазуу кебинде жогоруда көрсөтүлгөн “атайын” сөздөр катыштырылбай

берилген сүйлөмдөрдөгү какшыктоо маанисин кабылдоо бир топ татаалдыкты туудурат. Маселен, өз алдынча берилген төмөнкүдөй сүйлөмдөрдө камтылган какшыктоо маанисин ал сүйлөмдүн тутумундагы айрым сөздөрдүн лексикалык маанилерине карап, ой жорум аркылуу туюнсак, кээ бирлериндеги бул маанини андан мурдагы, же кийинки сүйлөмдөрдүн таасирисиз кабылдоого мүмкүн болбойт. *М: - Кудалашкан жердин башын ачканга качантан бери жарап калгансың?* (С.С.). *– Эмне, экинчи аялы “уул төрөп берем” деп алдын ала убада бериптирби?* (Ф.Н.). *– И, ушу Аламан колдойм дегенден кийин болбодубу!* (У.А.) ж.б. Бул келтирилген мисалдардын 1-2-сүйлөмдөрүндөгү сөздөрдүн лексикалык маанилеринен улам аталган маанинин камтылгандыгын аң-сезим аркылуу кабылдасак, 3-сүйлөмдөгү бул маанинин берилишин Аламандын ким экендиги, анын чечилип жаткан маселени колдогонго таасири жок экендиги менен тааныштыгы болбогон адам аңдай албайт. Айрым сүйлөмдөрдөгү какшыктоо мааниси өзүнөн  мурда, же кийин келген сүйлөмдүн маанилик катышы аркылуу айкындалат. *М: -Он гана нөкөр болсо эле бул өзүнүн колуктусун, менин арабам менен өгүздөрүмдү кайра бошотуп келе алат имиш. Анда биротоло тиги каракчыларды деле кошо байлай келбейсиңби?!* (И.К.). *– Келиндин баарын тааный бермек белеңиз, келин тааныган чагыңыздан өтүп калгандырсыз?* (У.А.) ж.б.

Какшыктоо мааниси төмөнкүдөй структуралык негизде уюшулган сүйлөмдөрдө да камтылат:

а) Төл жана бөтөн сөздүү татаал сүйлөмдөрдө, негизинен, бөтөн сөз аркылуу чагылдырылат. *М: Айшакандын бул сөзүн уккан соң дагы тилим кычышты: “Сенин кайсы сөз чеберинен калышкан жериң бар?”* (Ф.М.).

*“Ээ, оен, кыйратарсың” деп күлүшүп,*

*“Аман бол, кайран Бакем” дешкен болду* (А.О.) ж.б.

б) Диалогдуу кепте көбүнчө жооп иретинде келген сүйлөмүндө камтылат. *М: - Сени шашпа сасыган доңуз, азоонун куйругуна таңып*

*сүйрөтпөсөмбү сени! – Ой, өлгүдөй коркуттуң да!* (И.К.). *Желме келип жакын отуруп, зоолуну кармалай сурады:*

- *Оорбу?*

- *Мойнуңа салганда билесиң* (И.К.) ж.б.

в) Мындай маанини камтыган сүйлөмдөрдө "сенин оюңча", "анын оюнча" деген өңдүү кириндиайкалыштар катышып келип, белгилүү өлчөмдө өз таасирин тийгизет. *М: - Демек, сенин оюңча, ким модалуу кийим кийсе, ошол алдыңкы адам болот турбайбы...*(Ф.М.). *Анын ою боюнча, фольклордук чыгармада текст деген нерсе жок, дегеле болбойт имиш* (С.К.) ж.б.

**Табалоо мааниси** – белгилүү чекте какшыктоо мааниси менен катышта болгон маанилик түрлөрдүн бири, анткени бул экөөндө тең сүйлөөчүнүн 2-же 3-жактын иш аракетине карата болгон жеке мамилеси, көз карашы чагылдырылат. Какшыктоо маанисинде 2-же 3-жак тарабынан жасалган туура эмес, же жаңылыш, же атайланган жасалма түрдөгү жагымсыз иш аракетине сүйлөөчүнүн каймана-кыйыр түрдөгү ирониялуу пикири берилсе, табалоо мааниси 2-3-жактагы активдүү субъекттин иш аракетинин, ой-пикиринин жана башкаларынын туура эмес, терс натыйжа берип калганына сүйлөөчүнүн канааттангандыгын билдирүүчү маани катары келет. Табалоо маанисин бир жактуу эмес, төмөнкүдөй эки өзгөчөлүктө ажыратып кароого туура келет:

а) Сүйлөөчүнүн өзү жактырбаган, же жек көргөн 2-3-жактардын иш аракеттеринин терс натыйжасына канааттануусун билдирген табалоо;

б) Сүйлөөчү тарабынан алдын ала эскертилип, бирок аны аткарбаган 2-3-жактардын иш аракетинин терс натыйжасына адресанттын канааттангандыгын билдирген табалоо;

Сезилерлик деңгээлдеги айырмаланган мындай табалоо маанилерин төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот. *М: Азыр Торгутай Курултук өз алапайын таппай жатат. Тоорул менен урушуп калыптыр. Сачабек менен Алтан андан бөлүнүп кетти. Ырас болуптур!* (И.К.). *– И, ушуну укмаксыңар, айтса-айтпаса төгүнбү!* (У.А.) ж.б.

Сүйлөмдөгү табалоо маанисинин берилишине көбүнчө “ырас болуптур”, “чала болду”, “ажеп гана болду да”, “жакшы болуптур” деген атоочтук уңгулуу татаал этиштер, “и-и” сырдык сөзү, “беле” көмөкчү сөзү, **-бы** мүчөсү өз таасирлерин тийгизет. Өз ичине бул маанини камтыган сүйлөм колдонулуш максатына карай жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдөн болушу мүмкүн. *М: - Немецтер кордукту орустун катындарынан көргөнү **ырас гана болду да!*** (У.А.). – ***И-и,** эми жаның тынды**бы**, бетпак?!* (У.А.). *– Айтпадым **беле**, ушуну көрөсүң дебедим **беле**!* (У.А.).

*Алдым**бы**, мерген, кегимди?!*

*Алып келсин башыңа,*

*Ажал деген өлүмдү!*

*Бир кезекте сен мени,*

*Сурасам бербей кууратты*ң,

*Алабаш теке теңимди!* (“Кожожаш”) ж.б.

Айрым сүйлөмдөрдө бул белгиленген сөздөр менен мүчөнүн таасирисиз да **–гын, -сын** мүчөлүү буйрук ыңгай формасындагы этиштер предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөрдө аталган маани туюндурулуп калат. *М: - Намыстанам деп көргүлүктү көрүп жүргөндүр, мейли, **ошону көрсүн,** тим эле намыскөй болуп кетет!* (У.А.) ж.б. Жогорку мисалдардан көрүнүп тургандай, табалоо мааниси сүйлөөчүнүн ички кеби, өзүнчө сүйлөнүүсү катары келген сүйлөмдөрдө да, 2-же 3-жактын бирине тике багытталган сүйлөмдөрдө да берилет. Бирок кандай өзгөчөлүктө айтылган сүйлөм болбосун, сөзсүз адресаты болот. Ошондой эле бул маанини камтыган сүйлөмдөр, негизинен, өткөн чактык, же учур чактык көрүнүштөргө, түшүнүктөргө карата айтылат. Эгерде келер чактык, же аткарыла элек иш аракеттин натыйжасына карата алдын ала айтылса, андай сүйлөмдөр кабатырлануу маанисиндеги сүйлөмдөргө жакын болуп, кайсыл маани экендиги жалпы жагдайлык контексттен, же сүйлөм тутумундагы кайсыл бир сөздөн айкындалат. Маселен, - *Экинчи аялы да кыз **төрөп берсе**, устанын ахвалы кандай болор экен?* деген сүйлөмдөгү табалоо мааниси сүйлөм

курамында келген “төрөп берсе” деген сөздүн ирониялуу маанисинен аныкталып турат. А эгер бул сөз “төрөп койсо” деп берилип, сүйлөөчү адресат менен оң мамиледе болгон болсо, табалоо эмес, кабатырлануу мааниси туюнтулар эле. Анткен менен бул сүйлөмдөгүдөй, же келер чактык түшүнүктөргө карата айтылган табалоо мааниси бир топ солгун болот.

**Келекелөө (шылдыңдоо) мааниси** да какшыктоо, табалоо маанилерине бир топ жакын. Анкени мында да сүйлөөчүнүн 2-жакка (кээде 3-жакка) карата болгон учурдагы кыйгыл мамилеси билдирилет. Келекелөө мааниси сүйлөөчүнүн адресатты басынтуусун, же адресатка болгон мамилесине ылайык аны тамашалоосун билдирген маани катары келет. Бул маани көбүнчө кайсыл бир тилдик каражаттардын таасиринде эмес, негизинен, контексттик өзгөчөлүккө ылайык берилет. Эгерде тике сөз түрүндөгү сүйлөмдө камтылса, төл сөз аркылуу айкын маалымдалып калат. *М:* - *Таяк жегенден кийин мындан да жакшы ийлейт. Темүчүн, шыпыр ыштаныңды! – Көчүгүн көрсөткөндөн уялып жатпайбы! – Улдай келекелеп күлүп калды* (И.К.). – *Эй, таксыр,* - *деп шылдың кылды эми кароол,* - *сизге эмне кереги бар эле алардын!* (Т.К.). – *Башкармабыз жакшы деп койсо, маашүр болуп жүрө бергенсиң да, байкуш!* (У.А.) ж.б.

Ошентип, айрым сүйлөмдөрдө чагылдырылуучу аталган маанилик өзгөчөлүктөр жалпы жакындыкты түзүп турушканы менен, алар маанилик жана колдонулуу бөтөнчөлүктөрү жагынан белгилүү чектеги айырмачылыктарга да ээ. Сүйлөмдөр аркылуу туюнтулуучу мындай өз ара жакындыктагы маанилик түрлөрдүн чегин ажыратуу, алардын берилүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо аракети сүйлөм табиятын тереңдетип үйрөнүүгө өбөлгө түзөт.

## *Наразылык мааниси*

**Наразылык мааниси** сүйлөөчүнүн 2-3-жактагы адамдардын, же өзүнүн иш аракетине, көрүнүш, кубулуштарга болгон терс мамилесин туюнтуп, өз ичине каршы болуу, жек көрүү, таарынуу маанилеринин элементтерин да камтыйт. Бул мааниде берилген сүйлөмдөр төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдө уюшулат:

а) **Каргоо, зекүү, сөгүнүү** маанилериндеги сөздөр сүйлөм ичинде нараазылык маанисин туюнтуучу бирдиктер катары келет.

М: *Энөө Төштүк* ***оңбой кал,***

***Эзелде эки болбой кал!***

*Эрдигиң бар, эсиң жок,*

***Энөө Төштүк экенсиң!*** ("Эр Төштүк"). – *Ай, курган бала, бир* ***бабырыган кысталакка*** *жолуктум дейсиң!* (Э.К.). – *Көпкөн да, аскерден* ***айлангыр!*** (И.М.). ***Көркөмдүү болбой куруп кал,***

*Көз кыссам билбейт экенсиң* (Обондуу ырдан) ж.б.

б) Айрым **фразеологизмдер** өздөрүнүн туюнткан маанилери боюнча өзү катышкан сүйлөмгө наразылык маанисин киргизет. М: *Каргыш тийген Анархайды эми* ***желкемдин чукуру көрсүн!*** (Ч.А.). - *Жоок, кайра "кечээ катуу кетиптирбиз, ана-мына" деп, анысын мактанычы кылганына* ***жаның кашаят*** (Ө.Д.). ж.б. Кээ бир фразеологизмдер өз алдынча эмес, сүйлөм тутумундагы кайсыл бир сөздүн, же жөнөкөй сүйлөмдүн мааниси менен логикалык катышта болуу аркылуу жалпы сүйлөмгө бул маанини киргизет. Маселен, *Базар экономикасы дегенден бери шылуундардын гана күнү туул жатат* ("К.М.") жана *Алдыңда машинаң туруп, кысыр катын чыркатса жете турган жерге саатың чыкпайт.* ("Ала-Тоо") деген сүйлөмдөрдөгү "күнү туул жатат" деген фразеологизм "шылуундардын" деген сөз менен, "саатың чыкпайт" деген фразеологизм "Алдыңда машинаң туруп" деген сүйлөм менен катышта болгондуктары үчүн өздөрү тутумуна кирген сүйлөмдөрдө нараазылык маанисин пайда кылышты.

в) **Сурама ат атоочтор** айрым сөздөр менен айкаша келип, нараазылык

маанисин пайда кылчу бирдик катары кызмат аткарат.

М: *Арка чачым түйөм деп,*

*Алты жылы күйөм деп,*

***Айткан сөзүң канакей?"*** ("С-Б"). - ***Эмне кереги бар эле*** *алакандай абреси калбаган миң тукумунун сизге!* (Т.К.). - *Алдыбыздан чыгып, бизди тосуп алсаңар* ***эмнеңер кетет эле!?*** (Ч.А.). - *Ой, бул парандаларда* ***не күнөө?!*** (И.М.) ж.б.

г) Айрым шилтеме, сурама ат атоочтор менен көмөкчү этиштердин катышынан уюшулган "бул эмне кылганы", "ушу кантип болсун", "ушундай да болобу" деген өңдүү айкалыштар өздөрү катышкан сүйлөмгө нааразылык маанисин киргизишет. М: *Басташам деп ырдадың,*

*Балам,* ***бул эмине кылганың?*** (Эшмамбет).

- ***Ушу кантип болсун,*** *көзүңөр жетпесе, айтпайсыңарбы!* (С.М.). - ***Ушундай да болобу****, ал бала эле бойдон турбайбы!* (Достоевский) ж.б.

д) Терс эмоцияны туюндурган сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдөрдө аталган маани берилет. Мындай сүйлөмдөр, дээрлик, илептүү сүйлөмдөрдөн болот. М: - ***Оу, түрүң кургур!*** *Мен барсканчы бергиле десем, булар кайдагы бир каракчыны жетелеп келгенлдерин кара!* (И.К.). - *Түбүң түшкүр дүйнөдө көзүң өтөрү менен эле кылган эмгегиң унутулганы эмнеси,* ***кокуй!*** (К.М.) ж.б.

е) **имиш** модалдык сөзү өзү катышкан сүйлөмдө наараазылык маанисинин берилишин шарттайт. М: - *Унутуп калган* ***имиш!*** *Атаны унутма тийген иттер, а!* (У.А.). - *Дагы өзү эмес, азага баргансып баарыбыз барат* ***имишпиз!*** (У.А.) ж.б.

ж) Айрым сүйлөмдөрдө **го, да** бөлүкчөлөрү нааразылык маанисинин берилишине көмөктөшкөн тилдик каражат катары келет. Алардан кийин сырдык сөздөр колдонулушу да мүмкүн. М: - *Кийим-кечеден бирдеме берип кетишсе болот эле* ***го****!* (И.К.). - *Эгер бүтпөй калсаң кантесиң? Бүгүн сен үйлөнгөнү жатасың* ***го****. - Ай, ай, ай...* (Достоевский). - *Айтып койсо болот эле* ***да!*** (С.М.) ж.б.

з) Шарттуу ыңгай формасында берилген **де, бол** көмөкчү этиштери

менен аяктаган сүйлөмдөрдө да бул маани туюндурулуп калат. М: - *Мен сизди таза адам экен* ***десе...*** (У.А.). - *Эмне күлөсүңөр?! Азыр менде силерден башка күйөр адамым жок* ***болсо...*** (Ж.И.) ж.б.

и) **бекер кылыптыр, жакшы болбоптур, туура эмес болуптур** деген өңдүү атоочтук уңгулуу татаал этиштер предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөрдө нааразылык мааниси берилет. М: - *Балдарды ала келбей* ***бекер кылыпсың*** (У.А.). - *Аларга эскертип койбогонуңар* ***жакшы болбоптур***. (С.М.). - *Сага айтып койбогону* ***туура эмес болуптур*** (Ө.Д.) ж.б.

к) **беле, бекен** көмөкчү сөздөрү алдындагы сөз менен биргеликте өздөрү катышкан сүйлөмдө нааразылык маанисинин туюнтулушун шарттайт. М: *Туугандыкты ойлосо,*

*Бөкөй* ***турбайт беле жанымда*** ("С-Б"). -*Көзү жок кишиге калп айта берсе* ***болот бекен!*** (Т.К.). ***Ташбоор белең*** *жүрөгүңдө мээриң жок* (Т.Э.). - *Ушуну да* ***айтат бекен!*** (Оозеки кеп) ж.б.

л) **-ба, -бы, -чы** мүчөлөрү сүйлөмдөгү нааразылык маанисинин келип чыгышына көмөктөшүшөт. Бирок мындай учурда да сүйлөмдөгү бул маанинин пайда болушундагы негизги рол ал сүйлөмдөрдүн тутумундагы сөз жана сөз айкаштарынын лексикалык маанилерине, алардын өз ара катыштарына байланыштуу болот. М: *Жалжал көз, шок көз сүйгөнүм,*

*Жабырды тартсам* ***билбедиң*** (С.Ж.).

*Кайрылып назар салып* ***койбодуң*** *да,*
*Кайгынын чеңгелинде калганымда.* (М.А.).

*Эси болсо Бөкөйдүн,*
*Кабар укпай келбей****би.***
*Кайгырып жаткан агасын,*
*Капалуу күндө көрбөй****бү****!* ("С-Б"). -*Баарыбызды жеккөрүп, атүгүл бир жолу мушташ чыгарганы****чы****!* (Ч.А.). - *Мага ушуну айткандан көрө өлсөң****чү****!* (У.А.) ж.б.

м) Айрым каршылаш маанide тутумдашкан багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө баш жана багыныңкы сүйлөмдөрүнүн катыштарына

ылайык жалпы сүйлөмдө нааразылык мааниси туюнтулуп калат. М: - *Минген атын эптей албай, анан ушу мага эле асылтып койсо!* ("Ала-Тоо").

*Жалганда жалгыз болгончо,*

*Жаралбай калган жөн экен!* ("С-Б"). - *Оозуңа карап сүйлөсөң тантыбай, карыганда кудая тообо дебейт экен го киши!* (У.А.) ж.б.

Жогоруда келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, өз ичине аталган маанини камтыган сүйлөмдөр тутумундагы бул көрсөтүлгөн тилдик каражаттардын бөтөнчөлүктөрүнө ылайык көбүнчө илептүү, кээде жай жана суроолуу сүйлөмдөрдөн болот.

Нааразылык мааниси ыраазылык мааниси менен антонимдик катышта болуп, сүйлөмдө камтылган маанилик түрлөргө кирет да, булар, негизинен, көркөм кепте арбын колдонулат. Бул маанилердин берилишин уюштуруучу өздөрүнө мүнөздүү тилдик бирдиктери болгон менен, алар мындай тилдик бирдиктердин таасирисиз эле, контекстке ылайык туюнтулуп калышы да мүмкүн. Бирок айрым көмөкчү сөздөр кээде бул маанилердин бирин экинчисине өткөрүп жиберүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп калат. Маселен, *Ошон үчүн сени чакырткanмын да!* деген сүйлөмдө ыраазылык маани берилсе, *Ошон үчүн сени чакырткан экенмин да!* деген сүйлөмдө "экен" көмөкчү сөзүнүн таасиринде бул сүйлөмдө нааразылык маани туюнтулуп калды. Мындай тилдик көрүнүштөрдөн сүйлөм тутумунда камтылган маанилик түрлөрдүн чагылдырылышында көмөкчү сөздөр менен мүчөлөрдүн да ролу чоң экендиги байкалат. Ошондой эле ыраазылык, нааразылык маанилери тилдик эмес (эксралингвистикалык) каражаттар, башкача айтканда, ымдоо-жамдоо, мимика, көз караш жана башкалар аркылуу да берилет.

## *Каргоо жана кордоо маанилери, алардагы семантикалык катыштар*

Сүйлөм аркылуу чагылдырылган бул маанилик бөтөнчөлүктөр адресат менен адресанттын карым-катышында келип чыккан алардын ажырым көз караштарын, кызыкчылыктарын, өз ара келишпестиктерин, же жек көрүүлөрүн туюнткандыктары үчүн бири-бирине жакын. Аталган маанилик өзгөчөлүктөрдү өз ичине камтыган сүйлөмдөрдүн уюшулушун сүйлөөчү менен тыңдоочунун ортосундагы пикир келишпөөчүлүктү, психикалык чыңалууну пайда кылган объективдүү, же субъективдүү шарт, чөйрөлүк, карым-катыштык жагдай шарттайт. Ошондой эле мындай маанилердин туюндурулушуна өзгөчөлөнгөн интонациялык, мимика-жесттик, басымдык ж.б. бөтөнчөлүктөр мүнөздүү. Анткен менен аталган маанилер өз ара айкын айырмачылыктарга да ээ. Каргоо маанисин камтыган сүйлөмдөр менен айтымдардын уюшулушун ошол жагдайдагы адресанттын “алсыздыгы” шарттаса, кордоодо, тескерисинче, сүйлөөчүнүн ошол кырдаалдагы “үстөмдүгү” себеп болот. Каргоодо адресанттын психикасындагы жек көрүү, наразы болуу, кекенүү түшүнүктөрү үстөмдүк кылса, кордоодо мындай түшүнүктөр адресанттын психикасында болбошу да мүмкүн. Каргоо түшүнүгү бири-бирине жамандык кылган, жамандык каалаган душмандык маанайдагы каршылаш тараптардын ортосунда жүргөн байланыш процессинде колдонулса, кордоо түшүнүгүн камтыган сүйлөмдөр менен айтымдар көбүнчө жогоркудай деңгээлге чыкпаган оппозициялык маанайдагы каршылаш тараптардын карым-катышында уюшулат.

Бул өңдүү маанилерди камтыган тилдик бирдиктердин колдонулуу масштабы ар кайсыл тилде ар башкача экендиги байкалат. Түрк тилдерине салыштырмалуу индоевропа тилдеринде сырдык, тууранды сөздөр жакшы өнүкпөгөн сыяктуу эле ал тилдерде каргоо, кордоо маанилерин туюнткан тилдик бирдиктер да жакшы өнүккөн эмес. Ал эми түрк тилдеринде (анын ичинде өзгөчө кыргыз тилинде) мындай маанилик бөтөнчөлүктөрдүн туюндурулушу оозеки жана көркөм стилдерде ички жанрдык түргө чейин

өнүккөн. Улуттук тилдердеги мындай олуттуу айырмачылыктар саясий-социалдык, маданий-үрп-адаттык өзгөчөлүктөргө, диний, философиялык түшүнүктөргө байланыштуу. Каргоо, кордоо маанилерин өз ичине камтыган сүйлөмдөр менен айтымдардын кыргыз тилинде байыртадан эле кеңири колдонулуп келгендиги элдик оозеки чыгармалардан, төкмө акындардын айтыштарынан айкын көрүнөт. Мындай маанилерди туюндурган атайын тилдик бирдиктер менен каражаттар да калыптанган.

**Каргоо маанисиндеги** сүйлөмдөр менен айтымдардын предикаттары көбүнчө чакчыл формалуу негизги этиш менен айкаша келген **кал** көмөкчү этишинен турган татаал этиштерден жана атооч сөздөр менен айкаша келген **бол, тий, өл** деген өңдүү көмөкчү этиштерге **–гын, -сын** мүчөлөрү жалганып келген татаал этиштерден уюшулат:

М: *Чөп саргайып **күз болсун,***
*Таманың алды **түз болсун!***
***Туруп кал**, мерген, аскада,*
*Тууганга **кыйын иш болсун!***
*Кайрыла турган жагыңа,*
*Карагай **чыксын** бутактап,*
***Калгын,** мерген, аскада,*
*Кара ташты кучактап!* ("Кожожаш").
*Ардактаган Төштүгүң,*
*Жер үстүнөн айрылып,*
*Жер астында **кор болсун**!*
*Арка чачың **өрбөй кал**,*
*Аташканың сырттанды,*
*Алты жыл катар **көрбөй кал**!* ("Эр Төштүк").
*Күнөөсүз мени талаттың,*
*Күйдүргү, балам, **оңбогун**!*
*Эч жазыгым жок эле,*
*Дүйнөдө **эки болбогун**!* ("Кедейкан").

***Уктатпасын*** *убалым,*

***Жаткырбасын*** *жазыгым!* ("Жаңыл Мырза") ж.б.

Мындай этиштер (предикаттар) кыргыз тилиндеги императивдердин өзгөчө түрү катары келип, бирок аларда буйруу, талап кылуу маанилерине караганда каалоо, тилөө түшүнүктөрү басымдуулук кылат. Анткени каргоо маанисин камтыган сүйлөмдөр менен айтымдарда сүйлөөчүнүн иш жүзүнө ашыш-ашпашы айкын болбогон, объективдүү чындыкка шайкеш келбеген негативдүү ой жоруму билдирилет. Андыктан бул маанини камтыган предикаттар менен ошондой эле грамматикалык формада уюшулган нагыз императивдердин ортосунда орчундуу семантикалык айырмачылыктар бар. Маселен, "жазып кал", "зор болсун" деген этиштер менен "жабышып кал", "кор болсун" деген этиштерди бирдей кароого болбойт. Мындай грамматикалык формада берилген этиштердин нагыз императивдик абалда, же каргоо маанисин туюнтуп колдонулушу эң алгач андай этиштердин лексикалык маанилерине, кандай сөз, же сөз айкашы менен синтаксистик катышта турушуна, жалпы контексттик, интонациялык ж.б. бөтөнчөлүктөргө ылайык айкындалат. Каргоо мааниси сүйлөөчү менен тыңдоочунун ортосундагы конфликттик негизде келип чыккан негативдүү маанайдагы карым-катышты туюндургандыктан, терс таасирдеги тилдик бирдиктер менен каражаттар кырдаалга ылайык интонациялык, мимика, жесттик өзгөчөлүктөрү менен активдүү колдонулат. Аталган маанинин туюндурулушу ар кандай айтымда, же сүйлөмдө ар башкача өзгөчөлүктө берилиши мүмкүн. Кээ бир сөз, же сөз айкаштары бул маанилик бөтөнчөлүктөрдү тике туюндурса, айрым сөздөрдүн каргоону билдириши жалпы тексттеги мурунку, же кийинки сүйлөмдөрдүн таасиринде айкын болот. Маселен, жогорку мисалдагы *Чөп саргайып* ***күз болсун****, Таманың алды* ***түз болсун****!* деген саптардагы каргоо түшүнүгү кийинки саптардын таасиринде маалым болду. Ал эми, маселен, ***Калгын****, мерген, аскада, Кара ташты кучактап!* деген сүйлөмдө каргоону туюнткан "калгын" сөзү ушундай эле структурада берилген *Калгын, агай, мектепте, Жаш муундарды*

*өстүрүп!* деген сүйлөмдүн тутумунда келсе, позитивдүү маанайдагы каалоону билдирмек. Мындан предикаттын гана эмес, аны менен маанилик катышта турган сөздөрдүн да лексикалык маанилеринин ролу чоң экендиги айкындалат.

Каргоону билдирген сүйлөмдөр менен айтымдардын предикаты болуп түшкөн **–гын, -сын** уландысындагы буйрук ыңгай формасында берилген этиштерге **–чы** мүчөсү да жалганып айтылат. Ошондой эле аталган маанилик өзгөчөлүктү чагылдырган сүйлөмдөр менен айтымдардын тутумунда "ылайым" сырдык сөзү катышып келген учурлар көп кезигет. Мындай учурларда каргоо түшүнүгүнүн күчөттүрүлгөнү байкалат.

М: *Бир мүшкүлгө жолугуп,*

*Аташканың сырттаның,*

*Жер астына **кетсинчи**, долу!*

*Айтканым башка **жетсинчи,** долу!* ("Эр Төштүк"). ***Ылайым** күнү каран болуп, **темселеп калсын**! Ушунча элдин зары Гитлериңди бир жерге апарар!* (У.А.). – *Бу мыкаачы азап тартып, **кансырап өлсүн, ылайым**!* (Ж.И.) ж.б. Бирок "ылайым" сөзү өз табиятында суранүү маанисин камтыгандыктан, позитивдүү маанайдагы сүйлөмдөрдө да катышат. Маселен, *Кудайым өмүрүңдү **берсин, ылайым**!* деген сүйлөмдө каалоо, тилөө, суранүү маанилеринин туюндурулушуна көмөктөштү. Ошондой эле, бул мисалдан көрүнгөндөй, **-сын, -гын** мүчөлүү (императивдик формадагы) этиштер да сүйлөм тутумундагы тилдик бирдиктердин семантикалык табияттарына ылайык каргоо, же буйруу түшүнүктөрүн туюнтуу функциясынан алыстайт.

Каргыш сөзсүз түрдө кайсыл бир объектиге багытталып айтылат. Көбүнчө экинчи, же үчүнчү жакка карата айтылып, кээде биринчи жакка, же каргоочунун өзүнө багытталып калышы да мүмкүн. Эгерде биринчи жакка багытталса, бир топ солгун маанайда, экинчи жакка карата айтылса, көтөрүңкү интонацияда, өктөм маанайда берилип, көбүнчө каратма сөздөр катышып келет. Ал эми үчүнчү жакка карата багытталса, бир аз каймана түрдө айтылат.

*М: Балам каапыр болгуча,*

*Каңгырап өтсүн бир башым.* ("Кедейкан").

*Жети жылы кар болгун, долу!*

*Сырттанын көрбөй зар болгун!*

*Элким басып оңуп кал, долу!*

*Эр үчүн какшап зарланып,*

*Тирүүлөй жесир болуп кал, долу!* ("Эр Төштүк"). *Өз тууганына кол көтөргөн иттерге каргыш тийсин!* (И.К.) ж.б.

Каргыш объективдүү, же субъективдүү шарт, жагдайга ылайык сүйлөөчүнүн психикалык чыңалуусунун натыйжасында адамдарга жана жаныбарларга карата айтылат. Өз ичине бул маанини камтыган мындай сөздөр көбүнчө **-гыр** мүчөсү жалганган этиштерден болуп, алар сырдык сөздүк функцияда колдонулуп кеткен. Мындай тилдик бирдиктерге адамдарга карата айтылуучу ***жарыбагыр, жашабагыр, көрүң өрттөнгүр, оңбогур, колуң сынгыр*** ж.б., жаныбарларга карата айтылуучу ***корум болгур, арам өлгүр, өлөт алгыр, жаталак болгур*** деген өңдүү сырдык сөздөрдү айтууга болот.

Каргоону билдирген ар кайсыл тилдик бирдиктер экинчи жакка карата айтылганда, ага ошондой эле негиздеги "жооптор" айтылып, маселен,
- *Жакшылык көрбөй кал!*
– *Каргышың кара башыңа жетсин!* - деген өңдүү диалогдук кайым айтыштарга себеп болот. Бул учур, негизинен, оозеки кепке мүнөздүү болуп, официалдуу эмес, карапайым чөйрөдө жүзөгө келет.

Каргоо түшүнүгү тике жана каймана түрдө туюндурулушу мүмкүн. Айрым сүйлөмдөр менен айтымдарда жогор жактарда белгиленген каргоо сөздөрүнүн кайсыл бири катышпаса да, аталган маанилик түшүнүк каймана түрдө контексттен туюндурулса, айрым сүйлөмдөрдө андай сөздөр катышса да, каргоо туюндурулбайт.

Маселен, *Жайлоонун көркү өр болот,*

*Жайыттын көркү төр болот.*

*Сендей устатына асылган,*

*Жаман адам көр болот!* (Токтогул) деген ыр саптарынын контексттик мазмунунда каргоо түшүнүгү камтылып турса,

*Кордого салып кайнаткан,*

*Түрпүң менен **куруп кал.***

*Көк өгүздөй үнү бар,*

*Түркүң менен **куруп кал!*** (Калмырза) деген мисалда "куруп кал" этиши катышкан менен, каргоо эмес, жактырбоо, кемсинтүү маанилери берилди.

Каргоо **карганyу** түрүндө да берилип, мында сүйлөөчү өз алдына өзү тарабынан аткарылган, же аткарылчу иш аракетинин чындыкка дал келерлигине экинчи, же үчүнчү жактагы субъектти ынандыруу, же анын ишенимин алуу максатын коет. Каргоодо экинчи, же үчүнчү жак кеп багытталган объект катары каралып, негативдүү ой-пикирдин себепкери катары келсе, каргануда сүйлөөчүнүн иш аракетинин чын-төгүнүн контролдоочу, аны тастыктоочу жак катары келет. Мында сүйлөөчү өз кебинде камтылган ойдун, же маалыматтын объективдүүлүгү жөнүндөгү жоопкерчиликти өз мойнуна алат. Сүйлөөчүнүн каргануусу өзүнүн иш аракетинин, же өзү көрүп билген окуя, көрүнүштүн, же маалыматтын чындыгына экинчи, же үчүнчү жакты ынандыруусундагы убадасы, же анты катары кызмат өтөйт. Карганyу "Эгер аткарылбаса, айтканым калп болсо" деген негиздеги шарттар менен айтылгандыктан, аны туюндуруучу тилдик бирдиктер да, негизинен, шарттуу багыныңкы сүйлөмдүк структурада берилет. Каргануну туюндурган сүйлөмдөр менен айтымдар каргоону билдирген сүйлөмдөр менен айтымдарга окшош жана айырмаланган предикаттык формага ээ. Тактап айтканда, карганyу мааниси да **–сын** мүчөлүү буйрук ыңгай формасындагы жана **–айын** мүчөлүү ниет ыңгай формасындагы этиштердин таасиринде туюндурулат.

М: *Кол берип сизден бурул**сам**,*

***Кудай урсун, кут урсун**!*

*Бирөөгө зыян каала**сам**,*

*Эшеним, сиздей **пир урсун**!*

*Калп айтчу бол**сом** бул сөздү,*

*Кара эшегиң **болоюн**!* ("Кедейкан"). *Мынабу батып бараткан күн менен кошо **батайын**, калп айт**сам**, - деди Мамбетаалы кайратынан жазбай.* (У.А.) ж.б.

Ошондой эле каргануунун сүйлөөчү экинчи, же үчүнчү жакка эмес, өзүнө-өзү шерт кылган негизде айтылган түрү да кезигет. Мындай карганууда шарттуу багыныңкы сүйлөмдөр аркылуу берилип, кошумча түрдө кекенүү мааниси да камтылат. М: *Бака чардап жатуучу,*

*Баткактуу чалчык кылба**сам**.*

*Төштүк болбой өл**өйүн**,*

*Туулбай туна чөг**өйүн**!* ("Эр Төштүк") ж.б.

Анткен менен **–айын** формалуу этиш предикаты болуп түшкөн сүйлөмдөр менен айтымдардын баары эле карганууну туюнта бербейт. Ал үчүн предикаттык функцияда келген мындай этиштердин ички семантикасындагы негативдүүлүктүн сүйлөөчүнүн өзүнө багытталышы шарт. Эгерде предикаттагы мындай өзгөчөлүк сакталбаса, каргануу эмес, ниеттенүү мааниси туюндурулуп калат. Андай сүйлөмдөр менен айтымдар да шарттуу багыныңкы сүйлөмдүк структурада болушу мүмкүн.

М: *Куу изине чөп салып,*

*Кубара кууп бар**айын**!*

*Кабыма келсе Чоюн алп,*

*Барып башын ала**йын**!*

*Чамам келбей мен кал**сам**,*

*Ошондо өлүп кал**айын**!* ("Эр Төштүк") ж.б.

Карганууунун бул түрүнө жакын маанилик түшүнүк биринчи жакта айтылган **–бы** мүчөлүү этиштик предикаттар аркылуу да берилип калат. Андай этиштердеги каргануу түшүнүгү бир топ солгун болуп, контексттик өзгөчөлүккө ылайык жана каргоо маанисиндеги сүйлөмдөр, же айтымдардан кийин келгенде туюндурулат. М: *Ата, балдар, **оңбой кал**,*

*Эгерим* ***эки болбой кал****!*
*Жаным бирге сырттанды,*
*Азык кыл****сам оңомбу!****?*
***Эзелте эки боломбу****?!* (“Эр Төштүк”) ж.б.

Алынган мисалдын акыркы эки сабында “Азык кылсам оңбойм (оңбой калайын), эзелте эки болбойм (эки болбой калайын)” деген негиздеги ой туюндурулду.

Ошентип, каргоо жана каргануу сүйлөөчүнүн экинчи, үчүнчү жакка, же өзүнө карата айтылган оюн, жамандык каалоосун, же шертин билдирип, белгилүү бир чектеги айырмачылыктарга ээ болсо да, негизи бир негативдүү түшүнүктөр болуп эсептелет. Алар көбүнчө жогоруда көрсөтүлгөндөй негиздеги тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде чагылдырылат.

**Кордоо** маанисин туюнткан сүйлөмдөр менен айтымдарда сүйлөөчүнүн оппозициялык маанайдагы экинчи, же үнүчү жакка карата болгон негативдүү ой жоруму берилет. Мында сүйлөөчүнүн максаты тыңдоочуну, же кеп багытталган жакты басынтуу, кадырын кетирүү, абийирин төгүү болгондуктан, адресаттын кемчилдигин табуу аракетинде болот. Мындай маанилик бөтөнчөлүктөгү сүйлөмдөрдүн предикаттары каргоо маанисин билдирген сүйлөмдөрдөгүдөй белгилүү бир грамматикалык формага ээ эмес. Кордоо мааниси, негизинен, предикат аркылуу эмес, сүйлөмдүн, же айтымдын тутумунда келген негативдүү маанайдагы кайсыл бир сөз, же сөз айкашы аркылуу берилет. Адресаттын психикасына терс таасир этүүчү мындай тилдик бирдиктер ага (адресатка) тиешелүү кемчилдикти, жетишпестикти чагылдырат. Андай жетишпестик кеп багытталган жактын кулк мүнөзү менен иш аракети, же жеке физиологиялык кемчилдиги болушу мүмкүн.

М: *Манапты мактап май жеген,*
***Шалпаң кулак тайганым****.*
*“Ашка жарчы болдум” деп,*

***Адыраңдап** ырдадың* (Токтогул).

*Аксылыктын Курманын,*

***Анги чалыш урганын**.*

*Ачуума көп тийсе,*

*Азыр **бычып ат кылам**!* (Эшмамбет).

*Өрдөк учат көлдөрдөн,*

*Кутулбадым ар жерде,*

*Сага окшогон **көрлөрдөн**!* (Бекназар).

*Найманбай менен ырдашып,*

*Абийириң кеткен Аркадан.*

*Ким кутулуп калыптыр,*

*Сага окшогон **маңкадан**!* (Барпы) ж.б.

Кордоого мындан тышкары да көптөгөн себептер негиз боло алат. Кээде сүйлөөчү жагдайга ылайык адресаттын кемчилдигин гана эмес, артыкчылыгын да кордоонун объектиси катары пайдаланышы мүмкүн.

Маселен, *Семиз-Белдин кары жок,*

*Күп семирип алыпсың,*

*Мал экенсиң, ары жок!* (Жеңижок) деген сүйлөмдө "семиздик", "семирүү" кордоого себеп катары келсе,

*Өмүрүң өтүп кеткиче,*

*Көргөнүң жок бир койду.*

*Сага окшогон кедейге,*

*Семиришти ким койду!* (Сыдык Алайчы) дегенде "семирүү" артыкчылык катары каралып, бирок башка кемчилдикке (кедейчиликке) каршы коюлуу менен кордоонун туюндурулушун шарттады.

Ошондой эле көбүнчө оппозициялык маанайдагы тараптардын социалдык абалдары кордоонун объектиси катары келет.

М: *Үйүмдө жүргөн "уулумсуң",*

*Үч тиллалик кулумсуң!*

*Каптагын, кулум, саманды,*

*Жумшаймын сендей жаманды!* (Назарбай).

*Ырысы жок жетимдин,*
*Башкалар сөзүн угабы!*
*Сага окшогон каргышка,*
*Жеген жеми жугабы*! (Ташмат).

*Сайратсам кызыл тилим бар,*
*Санда жок сендей ырчыны,*
*Сандалтып кубар жөнүм бар.*
*Салпайбай, балам, ары бар!* (Эсенаман).

*Менин апам ар жакта,*
*Айдап жүрөт машина.*
*Сенин апаң үйүңдө,*
*Осмо таппайт кашына!* (Акыйнектен) ж.б.

Ошентип, кордоо маанисин камтыган сүйлөмдөр менен айтымдар кыргыз тилинде байыртадан эле калыптанып, каршылаш тараптардагы акындардын айтыштарында, акыйнек айтышууларда жана күнүмдүк турмуштагы пикир келишпестиктерден келип чыккан кайым айтышууларда кеңири колдонулуп келет. Кордоону туюнтуучулук функцияны, негизинен, негативдүү таасирдеги сөз жана сөз айкаштары аткарат.

## 4.1.6. Сүйлөм тутумунда камтылган жалпы маанилер

### *Күчөтүү мааниси*

Күчөтүү мааниси сүйлөмдө камтылган 2-баскычтагы маанилердин өзүнчө түрү катары келип, ал, негизинен, маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө камтылат. Күчөтүү маанисин туюнткан сөз, же сөз айкашы ал сүйлөмдөгү сүйлөөчүнүн маани берген, басым жасаган бөлүгү катары келет да, белгилүү бир өлчөмдөгү образдуулукту, көркөмдүктү камтып турат. Бул маанини кыргыз тилинде айрым образдуу- күчөтүү маанисинде колдонулган жеке сөздөр менен кайталанып берилген сөздөр, сөз тизмектери,

фразеологизмдер менен сүйлөмдүк структурада келген учкул сөздөр, күчөтмө бөлүкчөлөр менен айрым мүчөлөр пайда кылат. Алар предикаттык функцияда келсе, жалпы сүйлөмдүк мааниге, эгер андан башка кызматта келсе, ички курамдык бөлүккө күчөтүү маанисин киргизет. Бирок кыргыз тилиндеги мындай бирдиктер көбүнчө предикаттык эмес функцияда колдонулат. Аларды төмөнкүдөй негизде конкреттештирип көрсөтүүгө болот:

***а)*** Өз семантикалык табиятында күчөтүү маанисин камтыган **укмуш-укмуштуудай, кыпкызыл-кызылдай, толгон токой, миң кайталап, теңдеши жок** деген өңдүү сөздөр кайсыл бир сүйлөм мүчөсүнүн кызматында келип, өзү катышкан сүйлөмгө, же анын курамдык бөлүгүнө күчөтүү маанисин киргизет. М: *Бизде кечкисин* ***ушунчалык*** *караңгы болот дейсиң,* ***укмуш эми*** (А.Ч.). *Шамырбектин айылы тараптан* ***жер дүңгүрөткөн*** *өкүрүк чыкты* (К.Ж.). *Дүйнөдөгү* ***эч теңдеши жок*** *ыйык адам, бул-эне* («Ош жаңырыгы»).

*Чертчү эле го түгөнбөгөн күүлөрүн,*
***Миң кайталап*** *музыкалуу булактар* (К.Т.) ж.б.

Кээде өз табиятында күчөтүү маанисин камтыбаган эле айрым сөздөр маанилик катыш жасоого логикалык жактан туура келбеген сөз менен синтаксистик байланышта келип, контекстке ылайык күчөтүү маанисин туюнтуп калат. М: *Эламандын Төштүгү,*

*Көзүнүн жашы* ***төгүлүп.***
*Бакырык келди башына,*
*Аюуну* ***жууду*** *жашына* («Эр Төштүк») ж.б.

***б)*** Кош, кошмок сөздөр жана сөз тизмеги түрүндө кайталанып берилген тилдик бирдиктерде да күчөтүү мааниси берилет.

М: *Бөдөнөдөй кара көз,*
***Бөлөк-бөлөк*** *жаш кетти.* («Эр Төштүк»).

*Бозала болуп, чанга батып* ***жүргөнү жүргөн*** (Ө.Д.).

*Гүлдүн да гүлдөй түрү бар,*

***Гүлдөрдүн гүлүн*** *билип ал* (Б.К.). ***Таттуудан таттуу****-таңкы убак таттуу* (Т.Б.) ж.б. Айрым учурда бири-бирине жакын болгон түшүнүктөрдү туюнткан ар башка сөздөр бир өңчөй мүчөлүк функцияда келсе да, күчөтүү мааниси пайда болот.

М: *Эскере берем унутпай,*

***Түштөбү, кечпи, таңында!*** (Т.К.) ж.б.

***в)*** Өз алдынча туруп күчөтүүчүлүк, образдуулук маанилерин билдирбеген айрым сөз жана сөз тизмектери кээ бир сүйлөмдөрдө күчөтүү маанисин туюнтуп калат. Мындай учурда алар, дээрлик, предикаттык функцияда келет. М: *Жоодурап көпкө тиктешик,*

***Жок чыгар*** *андай эч кызык!* (К.А.).

*Кайратың* ***карды эритет*** *чыкыроондо,*

*Ажарың* ***айды уялтат*** *түнкү тоодо* (А.И.) ж.б.

Кээде мындай сөз, же сөз айкаштары аркылуу берилүүчү күчөтүү маанисинин туюнтулушуна айрым бөлүкчөлөр көмөк көрсөтөт.

М: *Ичим жалын, боорум чок,*

*Кенжекенин колунда,*

***Нелер бар да, нелер жок!*** («Эр Төштүк»). *И.Раззаковдун тушунда республика үчүн, элибиз үчүн, жерибиз үчүн* ***эмне деген гана*** *маселелер чечилген жок* («Улуу инсан») ж.б.

***г)*** Элдик оозеки чыгармаларда арбын колдонулган троптун түрлөрү салыштыруу мааниси менен бирге эле күчөтүү маанисин да камтыйт.

М: *Көзү* ***тоонун быткылдай,***

*Көрүнгөндү жуткудай* («Манас»).

*Көөдөнгө батпай көп санаа,*

*Бул бечара Күлайым,*

*Көзүнүн жашы* ***он талаа*** («Эр Төштүк»).

*Көрүнгөндө көрүнүп,*

*Көрүнбөсө Чалкуйрук,*

***Көк түтүн болуп бөлүнүп.*** («Эр Төштүк») ж.б.

***д)*** Көпчүлүк «эки көзү төрт болуу», «дүмүрүн түз кылуу», «ташка тамга баскандай», «ат тезегин кургатпай» деген өңдүү фразеологизмдер сүйлөм тутумунда күчөтүү маанисин пайда кылуучу тилдик бирдик катары кызмат өтөйт. М: - *Биз эмне, биз алардын* ***шоонасын эшүүгө*** *да жарабайбыз!* (Ж.М.).

*Чың-чың үнү чың чыгат,*

*Чымырканып бек чыгат.*

*Тыңшап туруп байкаса,*

***Кулак-мурун жеп*** *чыгат* («Эр Төштүк»).

*Алп-дөөлөрдүн баарына,*

***Көк таштан жаман*** *тийгенде…* («Эр Төштүк») ж.б. Бул мисалдардан көрүнгөндөй, фразеологизмдер сүйлөм тутумунда структуралык жактан бузулуп, же өзгөртүлүп берилиши мүмкүн. Бирок алар мындай учурда да өз маанилерин сактап калат. Ошондой эле фразеологизмдик деңгээлге чыкпай калган айрым учкул айкалыштар да сүйлөм ичинде күчөтүү маанисин туюнтуп колдонулат. М: ***Куркулдаган кузгун жок,***

***Каркылдаган карга жок,***

*Ээн талаага конду эле* («Эр Төштүк»).

*Кайың барбы кыргыз балта  чаппаган,*

*Кыраң барбы кыргыз сөөгү жатпаган* (Эл сөзү) ж.б.

***е)*** **Кандай, канча, ким** деген сурама ат атоочтор айрым сүйлөмдөрдө суроо маанисин туюнтпай, жалпы сүйлөмгө күчөтүү маанисин киргизет. Бул учурда белгиленген ат атоочтор кайсыл бир сөз менен биргеликте, же өз алдынча туруп предикаттык функцияда келет. Мындай сүйлөмдөр, негизинен, илептүү сүйлөмдөрдөн болот. М*: -Сиздин ниетиңиз* ***кандай ак!*** (Достоевский). *Билектей суу талашып араздашканы* ***канча!*** (М.Б.). *– Ээ, бу коңшу менен жаңжалдашпаган аялды* ***ким көрүптүр!*** (Ф.М.) ж.б.

Сурама, шилтеме ат атоочтордон жасалган «канчалык», «ушунчалык» деген чен өлчөм сөздөр да өздөрүнүн аныкталгычтары туюнткан маанини күчөтүп көрсөтөт. М*: - О, жараткан! Сиздин достугуңуз мен үчүн*

***ушунчалык кымбат!*** *- О, Настенка, бул сөздөрдүн мааниси* ***канчалык терең!*** (Достоевский) ж.б.

Ошондой эле «не деген» деген атоочтук «кандай», «канча» ат атоочторунун жогоркудай маанилик өзгөчөлүктөрүндөгүдөй негизде колдонулуп, же алар менен синонимдик абалда болуп, өзү баш ийип келген атооч сөздөгү маанини күчөтөт. М*: Өлүп бараткан кишиге сүйүү* ***не деген оорчулук*** *да,* ***не деген жыргалчылык****!* (У.А.) ж.б.

***ж)*** «турсун», (тургай) жандоочу – **мак** мүчөлүү этиштен кийин келип, сүйлөмгө күчөтүү маанисин берет. Бул сөздүн таасиринде күчөтүү маанисинин берилишиндеги бир өзгөчөлүк – андай сүйлөмдөрдүн, дээрлик, диалогдуу сүйлөм тибинде берилиши. Башкача айтканда, «турсун» жандоочу катышып, аталган маанини камтыган сүйлөм суроолуу сүйлөмгө жооп болуп түшкөн илептүү сүйлөм болот.

М*: - Дале бооруң ооруп турабы?*

- ***Оорумак турсун*** *ичимен кан өтүп жатат, кан!..* (У.А.).

- *Байкуш эркек куурайт, ээ?*

- ***Куурамак тургай*** *баарынан куру калат!* (У.А.) ж.б.

***з)*** Күчөтүү мааниси айрым төмөнкүдөй форма жасоочу, сөз жасоочу мүчөлөрдүн таасиринде да берилип калат:

**- ба** мүчөлүү терс формадагы этиштер предикаты болуп түшкөн айрым сүйлөмдөрдө аталган маани чагылдырылат. *М: Муну укканда Настенканын селт этип чочуп кеткенин* ***айтпаңыз!*** (Достоевский). *Ошондогу анын кубанганын* ***айтпа!*** (Ж.Б.) ж.б.

**- бас, (-гыс)** мүчөлүү этиштер арсар келер чактык маанисинде да, атоочтук абалында келип да (предикаттык, же сирконстанттык кызматта келип да) кээ бир сүйлөмдөрдө күчөтүү маанисин пайда кылат. М: -*Сиздин көз карашыңыздан артык мага* ***сүйүнүч болбос!*** (У.А.). *Анын өзүнчө бир коороздугун сүрөттөп айтууга* ***сөз жетпес!*** (А.Г.)

***Канаттуу куш каттагыс,***

*Жерге кетип барасың.*

***Адам каттап, журт укпас,***

*Элге кетип барасың.* («Эр Төштүк») ж.б .

- **сыз** мүчөсү «сан», «эсеп» сөздөрүнө жалганып келгенде, өзү катышта болгон зат атоочтун чен өлчөмүн күчөтүп көрсөтөт. *М: Ошондо* ***сансыз жылкы, эсепсиз кой*** *олжого кеткен* (К.Ж.) ж.б.

- **дай** мүчөсүнүн жалганышынан жасалган туунду сын атоочтор өзүнө салыштыруу маанисин камтуу менен бирге эле күчөтүү маанисин да туюндурат. М*: Андай баатыры бар элдин бактысы* ***тоодой!*** (А.С.). *Душмандын огу баш көтөртпөй,* ***мөндүрдөй жаап жатты*** (С.М.) ж.б.

**-ча** мүчөсүнүн зат атооч, ат атооч сөздөргө жалганышынан жасалган чен-өлчөм сөздөр атооч, этиш сөздөр менен айкашып, аларга күчөтүү маанисин киргизет. М: *Башынан капа бөлүнбөй,*

*Көкүрөктө чымын жан,*

***Жалгыз кылча көрүнбөй****…* («Эр Төштүк»).

*Жайлоолоруң* ***мынча сүйкүм,***

*Жанга* ***мынча жагымдуу*** (Э.Ж.) ж.б.

***и)*** Күчөтмө бөлүкчөлөр күчөтүү маанисин жалпы сүйлөмгө эмес, негизинен, өзү катышта болгон сөзгө киргизет. Алар сын атооч, тактооч, этиш сөздөр менен катышта болуп, белгилик, чен-өлчөмдүк, кыймыл аракеттик ж.б. түшүнүктөрдү күчөтүп көрсөтөт. Мындай бөлүкчөлөр менен «эле» көмөкчү сөзү биргеликте колдонулса, күчөтүү мааниси андан бетер күчөтүлөт. *М: Камчыбек* ***абдан ылдам*** *бастырып баратты* (Т.К.). ***Аябай коркуп калган*** *Дүрүя аны таанybады* (Ф.К.). *Эл Есугенин жакшылыктарын* ***өтө эле тез*** *унутту* (И.К.) ж.б.

***к)*** «Суудан таза», «сүттөн ак», «куштан илгир» деген өңдүү чыгыш жөндөмөдөгү сөз менен айкаша келген сын атоочтор өздөрү катышта болгон сөз жана сөз айкаштарына күчөтүү маанисин киргизет. *М: - Сен өзүңдү* ***суудан таза, сүттөн ак*** *адаммын деп ойлойсуңбу?!* (Оозеки кеп).

*Улакчы Ашыр ал кезде,*

***Куштан илгир*** *жан эле* (К.Т.) ж.б.

***л)*** Өз ичине күчөтүү маанисин камтыган айрым тилдик бирдиктер сүйлөмдүк структурада берилет. М*: Ай десе аркы жок, күн десе көркү жок* (Учкул сөз). *Башыма эмне кирип, эмне гана чыкпады* (А.Ч.) ж.б. Күчөтүү маанисинин берилүү өзгөчөлүктөрүн, бул маанини туюнтуучу тилдик бирдиктер менен каражаттарды жогоруда көрсөтүлгөндөр менен чектеп коюуга болбойт. Кээде контекстке ылайык сүйлөмдүн, негизинен, обьективдүүлүккө шайкеш келбеген ойду билдирген кайсыл бир бөлүгү өтмө маанидеги күчөтүлгөн түшүнүктү туюнтуп калат. *М: - Ботобай менен Кал ырчы, Маргалаңга Саит Ахмат Эшендин тоюна* ***көрдө болсоңор да тирилип келгиле!*** (Б.С.).

*– Агайдын нерви күчтүү экен.*

- *Ээ, а кишинин нерви* ***жок!*** (Оозеки кеп) ж.б.

Ошентип, күчөтүү мааниси сүйлөм тутумунда камтылган маанилик өзгөчөлүктөрдүн өзүнчө түрү катары келип, объектилик, белгилик, сан өлчөмдүк, кыймыл аракеттик түшүнүктөрдү күчөтүп көрсөтөт да, ойду образдуу, жеткиликтүү берүүдө кызмат өтөө менен бирге оозеки жана көркөм кепте арбын колдонулат. Бул маани кээде жалпы сүйлөмдө, кээде сүйлөм ичиндеги сөз, же сөз айкашында гана чагылдырылышы мүмкүн.

## ***Салыштыруу мааниси***

Салыштыруу мааниси сүйлөм тутумунда камтылчу маанилердин өзгөчө түрү катары келип, ал адабият илиминде троптун жөнөкөй түрү деп каралат. **Салыштыруу** негизги төрт элементтин катышынан курулат: 1) окшогон нерсе; 2) окшотулган нерсе; 3) окшош белги; 4) окшоштукка кошумча каражаттар (**- ча, - дай** мүчөлөрү, ***сыяктуу, сыңары, окшош, түстүү, бетер, куду, өңдүү*** деген кошумча кызматчы сөздөр). (Адабият терминдеринин түшүндүрмө сүздүгү. Фрунзе, 1988. Түз.: Ж.Шериев, А.Муратов). Салыштыруу маанисинин берилишин тилдик багыттан караганда да, бул белгиленген өзгөчөлүктөр эске алынат. Анткени бул талаптар толук сакталган учурда гана салыштыруу мааниси сүйлөмдө айкын

көрүнөт. Анткени менен лингвистикалык иликтөөдө жогорку талаптардын 4-элементин, башкача айтканда, салыштыруу маанисин пайда кылуучу тилдик бирдиктер менен көмөкчү каражаттардын берилүү бөтөнчөлүктөрүн, курулуу формаларын жана башкаларын анализдөө башкы максат катары келет.

Сүйлөм тутумунда камтылган салыштыруу маанисинин берилишинде жогоруда көрсөтүлгөн талаптар ар дайым эле толук сактала бербейт.

Маселен, *Балтырканы билек**тей**,*

*Маралдарын карасаң,*

*Мала кашка инек**тей*** («Манас»).

*Унутулбайт эч убакта туулган жер,*

*Энекемдин ыйык тамчы сүтүн**дөй*** (Т.К.) деген сүйлөмдөрдө жогорудагы белгилердин төртөө тең толук сакталган: 1) Окшогон нерселер – билек, инек, сүт; 2) Окшотулган нерселер – балтыркан, марал, жер; 3) Окшош белгилери -1-2 – сүйлөмдөрдө формалык – көлөмдүк, 3 – сүйлөмдө сезимдик, түшүнүктүк жакындык; 4) Салыштыруу маанисин жаратуучу – **дай** мүчөсү.

Айрым сүйлөмдөрдө, эгер окшотулган нерсе конкреттүү жактагы адам болсо, ал катыштырылбай да берилип, бирок предикатка жалганган жак, же таандык формалары аркылуу айкын болуп турат. Мындай сүйлөмдөрдө салыштыруу мааниси солгундабайт.

*М: Атка салган дил**дейсиң**,*

*Ачылган кызыл гүл**дөйсүң*** (Токтогул).

*Үн жок, сөз жок томсоро**суң**, тура**сың**,*

*Ыйлап – ыйлап улутунган бала**дай*** (Мидин).

*Жандай чыккан тал**дайым**,*

*Жанып турган шам**дайым*** (К.М.) ж.б.

Ал эми коюлган талаптардын кайсыл бири сакталбаган болсо, салыштыруу мааниси белгилүү өлчөмдө берилген менен, өз деңгээлиндегидей айкын болбой калат. Андай деңгээлдеги салыштырууну кабылдоо үчүн контекстке ылайык туюм талап кылынат.

М: *Аккуу канат каккан**дай**,*

*Дарыя жылып аккан**дай**.*

*Элестетем бир туруп,*

*Жаштар бирге баскан**дай*** (Т.Ч.).

*Жазгы бир тай**дай** элирген,*

*Сүлөөсүн белең керилген* (Т.Т.).

Мындагы 1-мисалда салыштырууга коюлуучу талаптардын 2-3-сү катышпагандыктан, 2-мисалда алардын өз ара катыштары айкын болбогондуктан, бул сүйлөмдөрдөгү салыштыруу мааниси мурдагы сүйлөмдөрдөгүдөй деңгээлде берилген жок. Мындай абалга ылайык кыргыз тилиндеги салыштыруу маанисин: а) ***айкын салыштыруу*** б) ***солгун салыштыруу*** деп бөлүп көрсөтүүгө туура келет. Ошондой эле салыштыруу маанисинин айкын, же солгун берилиши бул маанини пайда кылуучу активдүү каражат катары кызмат өтөгөн **-дай** мүчөсүнүн **зат атооч**, же **этиш** сөзгө жалганып келишине да байланыштуу болот.

Маселен, *Көрбөсөм көөнүм жайланбай,*

*Көп ишим унут калган**дай**.*

*Жанымда турсаң жарым саат,*

*Ошол күн мага майрам**дай*** (А.А.) деген ырдын 4-сабындагы **-дай** мүчөсү зат атоочко улангандыгы үчүн *«Ошол күндү» «майрамга»* салыштыргандыгы айкын болуп турса, 2-сапта этишке жалганып келип, андай функцияны аткара алган жок. Бул абалга төмөнкү мисалдарды да келтирүүгө болот: *Көңүлүң жумшак **саздайсың,***

*Пейилиң келгин **жаздайсың.***

*Көйкөлүп басып жүргөнүң,*

*Көлдөгү сүзгөн **каздайсың*** (Ш.Ш.).

*Карасаң мени **карап жаткандайсың***

*Ырдасаң мени ойлонуп **таңшыгандай*** (Ж.С.) ж.б.

Мындай абалдын негизги себеби зат атооч сөздөрдүн «окшогон» жана «окшотулган» нерсе, же түшүнүк болуп түшө алгандыгында.

Салыштыруу маанисин анын туюнтулуу деңгээлине ылайык айкын салыштыруу жана солгун салыштыруу деп бөлүп карагандай эле окшогон жана окшотулган нерселердин кайсыл өзгөчөлүктөрү боюнча салыштырылгандыгына ылайык: **а)** ***сапаттык салыштыруу*, б) *көлөмдүк салыштыруу*** деп эки түргө ажыратып кароого болот. Анткени кептик фактылардан салыштырылган нерселер менен түшүнүктөрдүн, негизинен, ушул эки өзгөчөлүк боюнча салыштырылгандыгы көрүнөт.

М: ***Сапаттык салыштыруу:*** *Келериңде,* ***дүнүйө,***

*Толукшуп чыккан* ***айдайсың*** (Токтогул).

***Сен кайыңдай*** *жаңы гана бүр байлап* (А.О.) ж.б.

***Көлөмдүк салыштыруу: Чымыны*** *бар* ***чымчыктай,***

***Чычканы*** *бар* ***күчүктөй*** («Манас»).

***Нардай*** *болгон* ***Буурулду,***

*Ойнотуп оозун бурду эле* («Семетей») ж.б.

Салыштыруунун бул түрү чоңойтулуп гана салыштырылбастан кичирейтилип да салыштырылат жана сапаттык салыштыруу менен көлөмдүк салыштыруу катарлаш сүйлөмдөрдө келе берет.

М: ***Акылың*** *тунук* ***булактай,***

***Аркар көз күйгөн чырактай.***

*Эмгекте бирге баратсак,*

*Калбастыр* ***арман тырнактай*** (Н.Б.) ж.б.

Салыштыруу мааниси кыргыз тилинде төмөндөгүдөй мүчөлөр менен сөз жана сөз айкаштарынын таасиринде уюшулат:

а) **- дай** мүчөсү, негизинен, зат атооч, кээде ат атооч сөздөргө (окшогон нерсеге) жалгануу аркылуу аны экинчи бир зат, же заттык түшүнүк менен (окшотулуучу нерсе менен) салыштыруучулук кызматты аткарат.

М*: Көпөлөк консо жарашкан,*

***Кызгалдактай*** *жайнай****сың*** (А.Ж.).

*Мээ сергитет менде жүргөн* ***элесиң,***

*Мелтиреген Ысык-Көлдүн* ***таңындай*** (Мидин).

***Караганың*** *Соңкөлдүн,*

***Чүрөгүндөй****, Перизат* (Аалы).

***Ысык- Көл жаштык жыргалындай,***

***Сүйүүнүн ырларындай*** (О.С.) ж.б.

Мисалдардан көрүнгөндөй, **-дай** мүчөсүнүн таасиринде уюшулган салыштырууда окшогон нерсе сүйлөмдө катышпай калышы да мүмкүн (1-мисал), абстрактуу сөздөн (2-мисал), заттанган кыймыл-аракеттик түшүнүктөн (3-мисал) болушу да мүмкүн. Ошондой эле бир конкреттүү түшүнүк (окшогон нерсе) бир эле учурда эки башка (абстрактуу, конкреттүү) түшүнүккө салыштырылышы ыктымал (4-мисал). Бирок мындай өзгөчөлүктөрдү чектеп көрсөтүүгө болбойт. Бул мүчө **-ган** формалуу этиштерге жалганып келгенде, ал сүйлөмдө окшогон нерсе катышса, салыштыруу маанисин туюнтуп, катышпай калса, бул маанини билдире албай калат.

М: ***Көздөрүң алоо жаккандай,***

*Каректе көп сыр* ***жаткандай*** (А.А.). Бул мисалдын 1-сүйлөмүндө «көздөрүң» деген окшогон нерсе катышкандыгы үчүн анда салыштыруу мааниси берилип, кийинки сүйлөмдө окшогон нерсе, же түшүнүк болбогондугу үчүн бул маани туюнтулган жок. Кээде салыштырууда камтылган окшогон нерсе бузулуп, кыймыл-аракеттик түшүнүктө берилип калат. Мындай учурда салыштыруу мааниси солгундап кетет.

Маселен, *Жарк этип күлсөң кайрылып,*

***Жайкы таң супа салгандай*** (О.А.) деген сүйлөмдөгү солгун салыштыруу эгер бул сүйлөм *Жарк этип карап* ***күлгөнүң,***

***Жайкы таң супа салгандай*** деп берилсе (этиш заттанып берилсе), мындагы салыштыруу айкын салыштыруу түрүндө берилмек.

**-дай** мүчөсү көпчүлүк сөз түркүмүндөгү сөздөргө жалгануу мүмкүнчүлүгүнө ээ, бирок ар дайым эле салыштыруу маанисин пайда кыла бербейт. Маселен, *Ала айгыр****дай*** *ат минип,*

*Кыл куйругун чарт түйүп* деген сүйлөмдө салыштыруу мааниси берилген жок. Кээде зат атоочко уланып күчөтүү маанисин (*Ит**тей** тартаал*), сын атоочко жалганып да күчөтүү маанисин (*Кызыл**дай** жинди экен*), сан атоочко уланып чамалоо маанисин (*Он**дой** адам*), ат атоочко жалганып маалымдоо маанисин (*Өзгө өз**дөй***), этишке жалганып, болжолдоо маанисин (*Айлананы боз туман каптаптыр, жакында көз ачырбачу**дай***) туюнтуп калат.

**- ча, - гансы** мүчөлөрү айрым сүйлөмдөрдө **-дай** мүчөсүнө синоним катары келип, салыштыруу маанисин пайда кылышат.

М: *Эркелеп жапжаш бала**ча,***

*Сүйлөсөң бир сөз талаша…* (Обондуу ырдан).

*Ак жүзүңдөн көрүн**гөнсүйт** күн нуру,*

*Алда кайдан жалт бурулуп карасаң* (Т.Т.) ж.б.

Мисалдардан көрүнгөндөй, **-ча** зат атоочко, **-гансы** этишке жалганып келет да, булар көбүнчө солгун салыштырууну уюштурушат.

**б)** «окшоп», «өңдөнөт», «сымал», «сыяктуу», «сыңары» деген өңдүү айрым сөздөр сүйлөм тутумунда грамматикалык жактан төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрдө келип, салыштыруу маанисин уюштуруучу кызматты аткарышат:

Окшогон нерсени (объектини) туюнткан сөздү жандап келүү менен бышыктоочтук функцияда колдонулат.

М: ***Ашыгым өңдүү** сагынган,*

*Бетимен сылап жиберди* (Э.К.).

***Айга окшоп** мен да токойдо,*

*Бастырып жүрдүм жай гана* (Б.С.) ж.б.

Мындай абал чакчыл түрмөк формасында да берилиши мүмкүн.

М: *Болжолуң таап жете албай,*

*Мен жүрөм **боздогон тайлак үндөнүп*** (Атай).

***Таалайдын таңы өңдөнүп,***

*Жаралсаң керек мен үчүн* (Аалы) ж.б.

Окшогон нерсени туюнткан сөз менен биргеликте окшотулган объектиге ыкташуу байланышында катышып, аныктоочтук кызматта келет.

М: *Көрүнүп көзгө элестейт,*

***Көлдөлөң сымал*** *чөптөрүң* (Ж.Ш.) ж.б.

Кээде окшотулган нерсени туюндурган сөз менен бирдикте баяндоочтун тутумунда берилет. М: *Жанаша өскөн кайың, тал,*

***Жаш бозой, селки өңдөнөт*** (Б.С.) ж.б.

**в)** Айрым учурда жогорудагыдай мүчөлөр да, сөздөр да катыштырылбай, окшотулган нерсени билдирген сөз ээлик, окшогон нерсени туюнтканы баяндоочтук функцияда келип уюшулган сүйлөмдө салыштыруу мааниси берилет. М: ***Доссуз адам – канатсыз куш*** (макал).

***Көздөрүң – Чолпон таңдагы,***

*Көрүнөт бал-бал жанганы* (Т.Т.).

***Көзүң*** *укмуш –* ***ак чыныда карагат****,*

*Көп караба жүрөгүмдү жаралап* (Мидин) ж.б.

Бирок мындай сүйлөмдөрдө камтылган салыштыруу мааниси окшогон нерсени туюндурган сөзгө жалганчу **-дай** мүчөсүнүн түшүрүлүп берилишинен калыптанган.

Ал эми *Ажарың жүрөк жандырган,*

*Ак шоокум сен деп сеземин* (А.А.) деген негизде уюшулган сүйлөмдөрдө камтылган салыштыруу мааниси контексттик, интонациялык өзгөчөлүктөргө байланышкан.

**г)** Кээде ыр түрүндө берилген татаал түзүлүштөгү сүйлөмдүн ар бир жөнөкөй сүйлөмүнүн тутумунда салыштыруу мааниси камтылып, ошол эле учурда ал жөнөкөй сүйлөмдөр да өз ара салыштырылып берилип калат.

*М:* ***Сен*** *бир* ***бакча*** *мөмөлөрү келишкен,*

***Мен жүргүнчү*** *ооз тийген жемиштен* (А.О.).

***Мен - булбул*** *таңда таңшыган,*

***Сен*** *- бир* ***гүл*** *тоодо аңкыган* (Н.Б.) ж.б. Бул өзгөчөлүктө берилген салыштыруу маанилерин **кабатташ салыштыруу** деп көрсөтүүгө туура

келет. Анткени мындай учурда сөздөр арасындагы салыштыруу да, сүйлөмдөр арасындагы салыштыруу мааниси да камтылат. Бирок жогоркудай «Мен-булбул», «Сен-гүл» деген өңдүү контексттик салыштырууларды «Мен-жылкычы, сен-чабан» деген өңдүү түз маанидеги жалаң сүйлөмдөр менен чаташтырууга болбойт.

**д)** Салыштыруунун өзгөчө ыкта уюшулган өзүнчө түрү катары татаал түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн тутумунда келген жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы салыштыруучулук маанини көрсөтүүгө болот. Сүйлөмдөр ортосундагы мындай маанилик катыш жогоруда белгиленген салыштыруу маанисинин берилүү бөтөнчөлүктөрүнөн айырмаланып туруу менен бирге эле өз ара да, башкача аяктаганда, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы салыштыруучулук мааниси менен тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда болгон салыштыруу мааниси да бири-биринен өзгөчөлөнүп турут. Маселен, багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн ортосунда болгон салыштыруу мааниси багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна бул маанини пайда кылуучу **–дай** мүчөсү менен «сымал», «окшоп» деген өңдүү сөздөрдүн биринин жалганышынын таасиринде келип чыкса, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара салыштыруучулук катыштары андай мүчөлөрдүн, же сөздөрдүн таасирисиз пайда болот. М: *Кар жаап турган**дай**, оттун учкуну жерге жалбырттап түшүп жатты* (Я.Ш.). *Жаш бала күлүп олтуруп эле ыйлап жибер**ген сымал**, бул жерде күн тийип туруп эле жамгыр, же мөндүр жаап жиберет* (Оозеки кептен) ж.б.

*Өзөктөн күйгөн өрт жаман,*
*Өздөн чыккан жат жаман.* (Макал).

*Күлүп сүйлөгөн бийден түңүл,*
*Тийип туруп жааган күндөн түңүл* (Макал) ж.б. Мисалдардан көрүнгөндөй, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумуна кирген жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара салыштыруучулук катышы бул маанинин берилишинин

башка бардык учурларынан сезилерлик негизде айырмаланып турат. Анткени мында салыштырууда сакталчу төрт талаптын 4-элементи катышпайт, ошондуктан мындай сүйлөмдөр ортосундагы салыштыруу **логикалык салыштыруу** катары өзгөчөлөнүп турат.

Салыштыруу түшүнүгү теңештирүү түшүнүгүнө бир топ жакын, бирок булар бири-биринен айырмаланган бөтөнчөлүктөргө да ээ. Салыштырууда сүйлөөчү өз оюн же сапаттык, же көлөмдүк, же маанилик жакындыгы, окшоштугу бар нерсе менен нерсени, түшүнүк менен түшүнүктү бирин экинчисине салыштыруу аркылуу образдуу, көркөм маалымдаса, теңештирүү түшүнүгүндө эки нерсени, негизинен, маанилик, функциялык жакындыктары боюнча теңештирип, бир катарга коюп маалымдайт.

Маселен, *Мээримиң кимге теңелсин,*

*Мен үчүн атам – энемсиң».*

*Сууларың тунук агылган,*

*Бүткөндөй менин каньымдан* (Ж.М.) деген сүйлөмдөрдө жер-ата-энеге, суу-канга салыштырылган жок, теңештирилди. Ал эми салыштырууда бир түшүнүктүн экинчи бир түшүнүк, же нерсе менен окшоштурулуп, салыштырылып көрсөтүлгөнү тилдик бирдиктер, же каражаттар аркылуу да, контексттик маани аркылуу да айкын болуп турат.

М: *Кээ бирөөнүн **алтын**, **күмүш** сыңары,*

***Ичи** менен эч окшошпойт **ыраңы*** (О.Хаям) ж.б.

Ошентип, салыштыруу, күчөтүү маанилери структуралык жактан түрдүүчө уюшулган ар кандай сүйлөмдөрдө, айтымдарда камтылып, кептин ар кайсыл тармагында, өзгөчө поэтикалык кепте арбын колдонулган маанилик бөтөнчөлүктөрдүн өзгөчө түрлөр болуп эсептелет. Аталган маанилик өзгөчөлүктөр айрым сөз, же сөз айкаштарына, же кээде жалпы эле сүйлөмгө да мүнөздүү болуп калгандыктан, бул маанилик бөтөнчөлүктөр шарттуу түрдө “жалпы маанилер” деп аталып, бир топчого бириктирилипаралды. Ошондой эле, жогоруда кыскача белгиленгендей, кээде бир учурда, бир тилдик бирдикте экөө тең камтылып калат. Мындан тышкары, бул эки

маанинин тең туюндурулушу айрым сүйлөмдөрдө күңүрттөнүп, кайсыл объект кайсыл объект же түшүнүк менен салыштырылгандыгы жана сүйлөмдөгү кайсыл тилдик бирдик, же түшүнүк күчөттүрүлүп берилгендиги дароо айкын болбой калган учурлар кезигет.

Маселен, *Сен мага белгисиз бойдон кал,*

*Алыскы планет сыяктуу* (Об.ырдан) деген сүйлөмдө планетага экинчи жактагы адресат салыштырылса,

*Кабарың күнгө кетсе да,*

*Жылдызга колуң жетсе да,*

*Эл менен сен бийиксиң,*

*Элден чыксаң, кийиксин* (Арстанбек) деген мисалдагы 1-2-сапта келген каршылаш багыныңкы сүйлөмдөрдө берилген күчөтүү маанилери күчөттүрүлүүчү кайсыл бир тилдик бирдик менен тике катышта болгон жок.

## 4.1.7. Сүйлөмдө сейрегирээк камтылган маанилер

Кыргыз тилиндеги сүйлөмдөр менен айтымдар аркылуу кырктан ашуун маанилик түрдөгү маалыматтар берилип, алардын бир тобу, тактап айтканда, жогоруда көрсөтүлгөн түрлөрү оозеки жана көркөм кепте арбын колдонулса, айрымдары сейрегирээк кезигет. Мындай маанилик бөтөнчөлүктөрдүн ар кайсыл түрү өзүнө мүнөздүү болгон лексикалык, грамматикалык, интонациялык, контексттик ж.б. өзгөчөлүктөргө ээ. Андай маанилик айырмачылыктар сүйлөөчүнүн өз маалыматындагы берейин деген ички оюн, ага болгон көмүскө мамилесин билдирип, тыңдоочунун кабылдоосуна, таасирленүүсүнө көмөктөшөт. Сүйлөмдө, же айтымда камтылуучу мындай ички маанилик өзгөчөлүктөрдү жеткиликтүү кабылдоосуз пикир алышуу өз деңгээлинде ишке ашпайт.

Сүйлөм тутумунда салыштырмалуу сейрегирээк камтылган маанилик түрлөргө төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

**Аёо мааниси** экинчи, же үчүнчү жактын учурдагы физикалык, же моралдык оор абалына сүйлөөчүнүн тынчсызданып боор ооругандыгын, аны аягандыгын билдирет. Мындай маанилик бөтөнчөлүктү камтыган сүйлөмдөр менен айтымдардын тутумунда “ай”, “бечара”, “байкуш” деген өңдүү сырдык сөздөр, кээде **–чы** мүчөлүү этиштер катышып келет. М: *Менин бактым үчүн өмүрүн сайган **байкуш** апам!* (И.Ж.). – *Мамазия аваңыз шул айдын онуда өтүп кетти**, бичара*** (С.К.).

***Турбачы**, ак марал,*

*Түңүлүп турба, жебе жетпейт!* (А.Р.) ж.б.

Бул өңдүү сырдык сөздөрдүн, **-чы** мүчөсүнүн таасиринде аталган маанинин туюндурулушу контексттик, интонациялык өзгөчөлүктөргө байланыштуу, же бул каражаттардын катышуусу менен аео эмес, жекирүү, жек көрүү өңдүү маанилер да берилип калышы мүмкүн.

**Түңүлүү маанисин** камтыган сүйлөмдөр менен айтымдар сүйлөөчүнүн өз иш аракетинин, каалоосунун, мүдөө-максатынын аткарылбасына көзү жеткендеги пессимисттик маанайын чагылдырат. Бул маани көпчүлүк учурда “кантейин”, “арга канча”, “кантмек элем”, “антмек кайда” деген өңдүү тилдик бирдиктердин таасиринде туюндурулуп, сүйлөөчүнүн мукураган, аргасыз жагдайга кабылган абалын билдирет. *М: Бирок көңүл каалаган менен, ага **жетмек кайда**!* (У.А.). – *Айрым аялдардын табияты ушундай болот, үкөм, **арга канча!** Тагдыр ушу болсо, мен **кантейин**!* (Ф.Н.). – *Чын айтам. Баары бир эми өлө турган болгон соң жалган айтып **не опо!** Кыйнабай өлтүрсөң эле болгону!* (И.К.). *Сүйбөйм десең, **амалым жок нетейин**!* (Т.Т.) ж.б. Кээде жогоркудай сөз, же сөз айкаштарынын таасирисиз да контекстке ылайык түңүлүү мааниси туюндурулуп калат.

М*: Ичим кайнап, боорум чок,*

*Эңкеймек болдум мен Төштүк* (“Эр Төштүк”). *Ошондо да көп бөрүдөн кайсы шыбага тиймек эле* (Э.К.) ж.б.

Түңүлүү белгилүү бир чекте айырмаланган эки башка өзгөчөлүктө: сүйлөөчүнүн өз мүмкүнчүлүгүнөн түңүлүүсү жана экинчи, же үчүнчү жактан

түңүлүүсү түрүндө берилет. Муну төмөнкү эки мисалдан аңдоого болот. М: - Айла канча, кудайдын жазганы ошондой болсо керек! (А.Г.).

Алганым кетсе кантейин,

Өз күнүн көрсүн а дагы (Токтогул) ж.б.

**Ызалануу мааниси** сүйлөөчүнүн иш аракеттери тоскоолдукка учурап, же өз чындыгы башкалар тарабынан туура кабылданбай калган жагдайдагы анын капалануусун, ардануусун, психикалык чыңалуусун билдирген маани болуп эсептелет. Аны ар дайым эмоциялуу көтөрүңкү интонация коштоп жүрөт. Кыргыз тилиндеги сүйлөмдөр менен айтымдардагы бул маанилик өзгөчөлүктүн чагылдырылышына айрым сырдык сөздөр, **-бы** мүчөсүнүн жалганышын шартап, үч жактын биринде берилген этиштер жана 1-жактын жекелик санында берилген **–са** мүчөлүү этиштер көмөктөшөт. М: - *Аз жерден шпион болуп кала жаздадым, баарыдан да ошого **күйбөдүмбү!*** (У.А.). *Ошол бийик максатты көздөп коюлган ысымдарын "Макс", "Гуля" деп өзгөртүп, сонуркагандарын **карабайсыңбы!*** (К.М.). -***Олда дүйнө ай**, мага эмне мынча тар болуп кеттиң?! Дүйнөң тарыган абышка, **ай!*** (У.А.). *Кудай ай! Биринчи жолу ага өзүм келгенимди, анын алдында өзүмдү кемсинтип ыйлаганымды, бир тамчы болсо да махабатын мага ыраа көрүшүн жалынып суранганымды эст**есем!**..* (Достоевский) ж.б. Мындагы 2-мисалдан көрүнүп тургандай, сүйлөөчүнүн ызалануусуна экинчи, же үчүнчү жактын иш аракети да себеп болушу мүмкүн.

**Жайкоо маанисиндеги** сүйлөмдөр менен айтымдар, негизинен, тынчсыздануу, ачууулануу, же стресс абалында болгон 2-жакка карата айтылып, сүйлөөчү тарабынан ал жакты тынчтандыруу, сооротуу, же алаксытуу максаты коюлат да, мында сүйлөөчүнүн тыңдоочуга карата болгон оң мамилеси туюндурулат. Сүйлөмдөгү, же айтымдагы бул маанинин берилишинде "бекен" көмөкчү сөзү белгилүү бир чекте рол ойнойт.

*М: - Кантет, жигит ашык болгон кыз да **ошентет бекен!*** (У.А.).
– *Кечириңиз эжеке, чын сөздү айтса деле **капа боло берет бекен!*** (У.А.).
– ***Койчу эми**, ошого да ушинтесиң**би**?!* (П.Д.) ж.б.

**Саксынуу мааниси** сүйлөөчүнүн өзүнө каршы келчү иш аракеттин алдын алуусун, андан сактануусун туюндурган маани катары келип, ал тике жана кыйыр түрдө чагылдырылат. Аны өз ичине камтыган сүйлөмдөр менен айтымдар кайсыл бир конкреттүү жакка багытталбай, сүйлөөчүнүн ички кеби катары айтылат. Бул маанилик өзгөчөлүктүн туюндурулушуна көбүнчө сурама ат атоочтор катышта болгон тилдик бирдиктер таасир көрсөтөт. *М: Абайласа экен кыз, Абакир менен азыр **сак болбосо болбойт*** (Ч.А.). *Есуге Чарх-Эстугенди таап алды, кокус, **не бар, не жок**, мындайда кеп-кеңешке жарамдуу киши керек да* (И.К.). ***Кандай эле** мени кабинага отургузуп калды?* (Ч.А.) ж.б.

**Бүшүркөө маанисиндеги** сүйлөмдөр менен айтымдар сүйлөөчүнүн экинчи, же үчүнчү жактагы адамды жакшы тааный албаган, же кайсыл бир окуяны, маалыматты толук эстей албаган жагдайга туш келген учурунда айтылып, так эмес, күмөндүү маалыматты билдирет. “Кайдандыр”, “эмнегедир”, “керек” деген өңдүү белгисиздик маанисин алып жүргөн сөздөрдүн катышып келиши, так эмес маалыматты бериши жагынан болжолдоо маанисиндеги сүйлөмдөргө бир топ жакын болсо да, мындай сүйлөмдөр өз алдынча маанилик түрдөгү сүйлөмдөр катары каралат. *М:* - *Мен сиз менен сүйлөшсөм керек эле* (У.А.). *– Аны кайдандыр көргөндөй болуп турам* (П.Д.). *– Эмнегедир эстей албай жатам, ошондо да ушул ойду айткандай болду эле* (С.Ж.) ж.б.

**Кыйытуу мааниси** өтмө маанинин өзгөчө түрү катары келип, сүйлөөчүнүн 2-жакка (тыңдоочуга) карата айтылган маалыматы, же сунуш-пикири 3-жак формасында берилет да, каймана, кыйыр ой иш жүзүндө 2-жакка, же тыңдоочуга тиешелүү болот. Тактап айтканда, адресат 3-жак эмес, 2-жак болуп калат. Маселен, Барпынын Алымкулга көңүл айтуусу

*Кара шумкар жем жесе,*
*Канатын канга тийгизбейт.*
*Кайраты бар азамат,*

*Кайгысын элге билгизбейт* деп адресатка тике багытталбай, 3-жак формасында айтылып жатканы менен, мындагы “Кайгыңды элге билгизбе, кайраттуу бол” деген маани 2-жакка карата кыйытылып берилди.

Ошондой эле табышмактуу каймана маалымдоо да кыйытуу маанисинин өзүнчө түрү катары келет.

Маселен, *Туу куйругу бир кучак,*

*Тулпар качты, Айганым.*

*Туурунан бошонуп,*

*Шумкар качты, Айганым.*

*Алтын така, күмүш мык,*

*Дулдул качты, Айганым.*

*Алтын туур ордунан,*

*Туйгун качты, Айганым* деген маалыматта “тулпар”, “шумкар”, “дулдул”, “туйгун” тууралу эмес, Айгандын баласынын өлүмү жөнүндөгү кабар берилди.

Кыйытуу түрдүүчө ык, формаларда берилип, мындай сүйлөмдөр менен айтымдардын функциясы, кабылдануусу адреснт менен адресаттын карым-катыштык, мамилелик өзгөчөлүгүнө, алардын тема менен тааныш, же тааныш эместигине, учурдагы шарт-жагдайга жана башкаларга ылайык ишке ашат. Маселен, - *Паспортторубузду көрсөтүшөбүзбү?* деген сүйлөм тең курактагы адамдар ортосунда айтылган болсо, *Жашыбызды тактайлыбы*? деген маани, эгерде ушул эле сүйлөм автобустун ичинде орундукта отурган адамга жанындагы тике турган адам тарабынан айтылса, *Менин жашым чоң, орун бер* деген маани туюндурулат. Ал эми маалыматтын мындай имплициттик негизде берилиши көпчүлүк арасында колдонулса, бири ыңгайсыз абалга кабылган, бири күлгөн, бири эч нерсени түшүнбөй караган жагдай пайда болушу мүмкүн. Мисалы, көпчүлүк олтурган жерде бирөөсү телефонун жоготуп алып, бирок ким алганын билип, аны бир жолдошуна айтып, андан кийин көпчүлүккө *Адалсынган молдонун үйүнөн алты камандын башы чыгыптыр* деген макалды *Адалсынган молдонун үйүнөн*

*алты сотканын кабы чыгыптыр* деп өзгөртүп айтса, ууру кызарып, уккан шериги күлүп, калгандары бири-бирин караган абал түзүлөт.

**Өчөшүү маанисин** камтыган сүйлөмдөр менен айтымдар өз ою, иш аракети экинчи, же үчүнчү жак тарабынан аткарылбай тоскоолдукка учураган жагдайдагы сүйлөөчүнүн реакциясын, психологиялык абалын туюнтуу менен, анын аткарылышын андан бетер талап кылгандыгын, же ага терс натыйжадагы иш аракетти жасагандыгын, же такыр реакция кылбай таштап койгондугун билдирет. Мындай маанилик өзгөчөлүк айрым сөздөрдүн кайталанып берилишинин, же атайын лексикалык бирдиктердин, интонациянын таасиринде туюндурулат да, алар көбүнчө илептүү сүйлөмдөрдүн тутумунда берилет. М: - *Балапандай кезимде койнуңда жаттым, жытыңды алдым, жанымдай жакшы көрдүм, эми өз колуңдан өлөйүн, өлтүр, өлтүр, өлтүр!* (У.А.). – *Болбойт дейт тура, ушундай сонун болот дейсиң, аны өзүң да билбей каласың!* (С.М.). – *Жөн кой, өз убалы өзүнө!* (Оозеки кеп) ж.б.

**Эркелетүү, эркелөө маанилери** тыгыз карым-катыштагы жакын адамдар ортосундагы мамилелик байланышты туюндуруп, жактыруунун, жакшы көрүүнүн негизинде келип чыккан маанилик түшүнүк болуп эсептелет. **Эркелетүү** жаш өзгөчөлүгү боюнча тең курбу, же сүйлөөчүдөн кичүү курактагы жактарга карата айтылса, **эркелөө** тең курбу, же сүйлөөчүдөн чоң курактагы тараптарга карата айтылат. Мындай маанилерди камтыган сүйлөмдөр, негизинен, экинчи жакка карата айтылгандыктан, көбүнчө каратма сөздөрдүн катышуусу менен уюшулуп, андай каратма сөздөргө эркелетүүдө **-ке, –тай**, эркелөөдө **–ке, -бай** мүчөлөрү, кээде өз алдыларынча, кээде бир татаал мүчө катары жалганып айтылат.

М: Кечиргин мени, Ширин**тай,**
Шириндигиң билинди, ай (Ш.Б.).

Энеке**бай**, оо, ыйыгым, ыйыгым,
Энеке**бай**, оо, кутманым, уюгум (Ө.К.) ж.б.

Ошондой эле, негизинен, эркектердин ысымдарынын башкы тыбыштарынан кыскартылып айтылышына **–ке** (М: *Абдыке (Абдыкул), Боке (Болотбек), Жаке (Жаныбек);* **-ыш** (М: *Сатыш (Сатыбалды), Кутуш (Кудайберди), Олжош (Олжобай);* **-кы** (М: *Какы (Каргабай), Сакы (Сарыбай), Бөкү (Бөрүбай)* мүчөлөрүнүн жалганып айтылышы да эркелетүүнү туюнтат. Кээде **-кы** менен **-ыш** кабатталып да айтылат. М: *Саты-Сатыш (Сатыбалды, Саткын* ж.б.), *Гүкү-Гүкүш (Гүлмира, Гүлайым* ж.б.). Мындан тышкары орус тилинен кирип калыптанып кеткен **-чик, -ка, -ичка** мүчөлөрү да эркелетүүнү туюндуруп, род категориясын ажырымдайт. **-чик** сүйлөөчүдөн кичүү курактагы эркектердин эки муундан ашпаган жана **-ыш** мүчөсүнүн таасиринде эркелетилип кыскартылган аттарына жалганса (*Аманчик, Жапарчик, Сатышчик, Кутушчик,* бирок *Жакечик, же Кудайбердичик* эмес), **-ка, -ичка** мүчөлөрү сүйлөөчүдөн кичүү курактагы кыз-келиндердин үнсүз менен аяктап, эки муундан ашпаган аттарына түрдүүчө өзгөчөлүктө жалганат. М: *Чика,Чынаричка (Чынар), Чолпошка, Чолпонишка (Чолпон), Анаричка, Анарка (Анар),* бирок *Анарканичка*, же *Айшаичка* эмес ж.б.у.с.

Эркелетүү маанисин пайда кылчу тилдик каражаттардын дагы бири катары айрым абстрактуу зат атоочтор менен **-дай** мүчөсү жалганып, же жалганбай келген конкреттүү зат атоочторго, кээ бир сын атоочторго уланган 1-жактын таандык мүчөсүн көрсөтүүгө болот. Бул мүчө жалганып айтылган төмөнкүдөй сөздөр эркелетүү маанисин туюндуруп, өздөрү катышкан сүйлөмдөр менен айтымдарда сүйлөөчүнүн тыңдоочуга болгон мамилесин, эркелетүүсүн билдирет. М: *Айым, Күнүм, Айдайым, Күндөйүм, берекем, көлөкөм, бүркүтүм, жолборсум, (бүркүттөйүм, жолборстойум), жаркыным, акылдуум* ж.б. *Жандай чыккан* ***талдайым,***

*Жаныпп турган* ***шамдайым*** (К.М.).

*Ээй,* ***аппагым****, сен менен кетти жаш чагым* (А.Ж.).

***Айым, Күнүм****, кайдасың сен,* ***ардагым,***

*Кыялымда элесиңден калбадым* (С.М.) ж.б.

Жогоруда көрсөтүлгөн тилдик каражаттардын аталган маанилик бөтөнчөлүктү туюдурушу, колдонулуу абалдары көп кырдуу. Маселен, **-ке** мүчөсү "эже" сөзүнө жалганып колдонулганда үч башка семантикалык өзгөчөлүктө: "энеке", "атаке" дегендей эркелөө маанисинде, окуучунун, же студенттин мугалимине карата официалдуу кайрылуусунда жана эркектер тарабынан өзүнөн чоң, же тең курактагы бейтааныш аялдарга, кыздарга карата болгон кайрылууларында сыйлоо маанисинде колдонулат. Эгерде бул мүчө жалганып эркелөө маанисин туюндурган сөздөрдөн кийин "ов" сырдык сөзү катышып, "атаке ов", "эжеке ов" түрүндө айтылса, аталган маани дагы күчөтүлөт. Кээде эркелетүү, эркелөө маанилеринин берилишин шарттаган жогорку мүчөлөр "ага-тай-ым", "эже-ке-бай-ым" түрүндө бир эле уңгуга бир учурда жалганып келиши да мүмкүн.

Мындан тышкары эркелетүү мааниси көбүнчө "айланайын", "садага болоюн", "балакетиңи алайын" деген негиздеги сырдык сөздөрдүн таасиринде берилип, дээрлик, жаш балдарга, өспүрүмдөргө карата айтылат.

- *Айланайын, айланайын! - деп энеси кеседеги сууну башына тегеретип жатты* (Г.Ж.) ж.б.

Ошентип, мындай маанилерди чагылдырган мүчөлөрдүн ар биринин сөзгө, же сөз бөлүгүнө жалгануу ыктары, андан кийинки андай лексикалык бирдиктердин колдонулуу чөйрөсү, семантика-стилистикалык шарт-жагдайы бар. Эгерде бул тилдик бирдиктер сүйлөөчү менен тыңдоочунун ортосундагы мамилелик карым-катышка, туугандык, жаш курактык ж.б. өзгөчөлүктөргө ылайык өз орду, шарт-жагдайы менен колдонулбаса, "Шаардык бир жигит сүйгөн кызын атасы менен тааныштыруу үчүн үйүнө алып барса, кызы:

-Чинаричка, - деп колун сунган экен, атасы: -Жапарчик, - деп колун сунуптур" дегендей жагдай түзүлөт.

**Сыймыктануу (мактануу) мааниси** сүйлөөчүнүн өзүнүн, же жакындык катышы бар жактардын ийгиликтерине, же өз эл, жеринин артыкчылыктарына кубангандыгын, аны экинчи, же үчүнчү жакка көтөрүңкү маанай менен жар салганын, маалымдаганын билдирүүчү маани катары

келет. Аны камтыган сүйлөмдөр менен айтымдар көбүнчө илептүү интонацияда айтылып, предикаттары **-бы, -чы** мүчөлөрүн кабыл алган "көр", "бил", "кара" деген этиштерден болот. Бирок **-бы** мүчөсү мындай этиштерге жак мүчөлөрүнөн кийин жалганат. *М: - Көрдүңбү биздин жаштардын шамдагайлыгын!* (С.Э.).

*Көрчү, көрчү, көңүл бурчу, карачы,*
*Көркко толгон колхозумдун талаасы* (З.С.) ж.б.

Мындан тышкары "беле" көмөкчү сөзү 1-2-жакта айтылган этиштер менен биргеликте келип да сыймыктануу маанисинин берилишине көмөк көрсөтөт. *М: - Ана, айтпадым беле менин күлүгүм биринчи келет деп!* (С.Р.). - *Менин аялымдай сулууну өмүрүңдө көрдүң беле?!* (Ш.М.) ж.б.

Сыймыктануу, же мактануу маанисин камтыган сүйлөмдөр менен айтымдар да, негизинен, оозеки жана көркөм кепке мүнөздүү. Аларды колдонуунун да өзүнчө ыгы, шарт-жагдайы, орду бар. Мындай тилдик бирдиктерди артыкча, орунсуз колдонуу, же мактанчаактык адамдарды иренжитет. Адам өз жетишкендиктерин, ийгиликтерин өзү айтканга караганда өзгөнүн айтканы жагымдуу да, таасирдүү да болот.

**Кайраттануу маанисин** камтыган сүйлөмдөр менен айтымдар сүйлөөчүнүн оор абалга, же кыйынчылыкка кабылган жагдайындагы өзүн өзү психологиялык жактан чыйралтуусун, чечкиндүүлүккө кадам таштоосун, тобокерчиликке бел байлоосун туюнткан маанилик түшүнүктү билдирет. Аталган маани "тобокел", "мейли", "атасынын көрү" деген өңдүү сөздөрдүн таасиринен жана контексттен билинип турат. Мындай сүйлөмдөр менен айтымдар да оозеки кепке мүнөздүү болуп, көтөрүңкү интонацияда айтылат. М: - *Мейли, таап алышса, бешенемден көрөм!* (Ж.И.). - *Тобокел, бара көрөбүз башка келгенди!* (С.М.). - *Атасынын көрү! Кырк байталдын карызы карызбы!* (Элдик учкул сөз). - *Көтөр башыңды! Мындай абалга кабылбай жүрдүк беле!* (Д.А.) ж.б.

**Тартынуу мааниси** кайраттануу маанисине антонимдик түшүнүктө келип, мында сүйлөөчүнүн кайсыл бир иш аракетти аткарууга, же сүйлөөгө

батына албагандыгы, же тике айткандан, аткаргандан, билдиргенден ийменгендиги, же корккондугу туюндурулат. Бул маанилик бөтөнчөлүк сүйлөм, же айтым тутумунда келген "кайсы", "кантип" сурама ат атоочторунун, "го" бөлүкчөсүнүн, **-са+чы** мүчөлөрүнүн таасиринде берилет. - *Азыр мен ал кызыма **кайсыл бетим менен**, (кантип) караймын?* (Ф.Н.). - *Дароо эле балп этип айта салганда болбойт **го...*** (Б.Т.). - *Ачуулуу адам эле, **кагып койсочу**?* (Г.Д.) ж.б. Кээде сын атоочтун басаңдама даражасын уюштурган **-ыраак** мүчөсү "эле" көмөкчү сөзү менен биргеликте айтылып, сүйлөөчүнүн "тартынчаактыгын" билдирип калат. Буга мисал катары *Бир мекеменин жетекчиси чогулушун баштап жатып: - Паланчаев барбы? - деп сураса, бир "тартынчаак" сүйлөөчү "жок" деп айтууга батынбай: - **Жогураак эле.**.. деп жооп бериптир* деген кеп айтылып калган.

**Кайдыгерлик мааниси** сүйлөөчүнүн айлана-чөйрөдөгү окуя, көрүнүштөргө, экинчи, же үчүнчү жактардын иш аракеттерине маани бербегендигин, кош көңүл карагандыгын билдирет. Негизи, кайдыгерликке басыңкы маанай, басыңкы интонация мүнөздүү, бирок кээде, өзгөчө тыңдоочуга тике багытталып айтылганда, аны менен болгон мамилелик катышына, кырдаалга ылайык өчөшүүнүн белгилери да камтылып, көтөрүңкү илептүү интонацияда да айтылып калат. Бул маанилик өзгөчөлүктүн берилишин шарттоочу тилдик бирдиктер катары "мага эмне", "өлүп кетпейби", "эмне болсо ошо болсун" деген негиздеги айкалыштар, сүйлөм, же айтым тутумунда келген каршылаш маанидеги сөздөр кызмат өтөшөт. *М:* - *Айтабы, коёбу, урабы, соёбу мага эмне* (Эл оозунан).

*Ак зоонун башы жошо бол,*
*Мага десең бото бол.*
*Атаң өлүп калыптыр,*
*Эмне болсоң ошо бол* (Эл оозунан).

- *Сен ага болушасыңбы, же табалайсыңбы, ал өз ыктыярың!* (У.А.) ж.б. Аталган маанинин туюндурулушунда да кеп айтылган жагдайдын, интонациянын ролу чоң. Маселен, *Бириң - кайың, бириң - тал, бириң өлүп,*

*бириң кал* деген сүйлөм эки адамдын мушташып жатканын алысыраактан көрүп карап турган, же басып кеткен адам тарабынан басыңкы интонацияда айтылса, кайдыгерлик маанини, эгерде экөөнү ажырата албай чарчаган адам тарабынан илептүү интонацияда айтылса, өчөшүү маанисин туюнтуп калат.

**Кичирейтүү мааниси** сүйлөөчүнүн кайсыл бир жандуу, же жансыз заттарды, айрым абстрактуу зат атоочтук түшүнүктөрдү көлөмдүк, сапаттык, формалык ж.б. жактан минималдык деңгээлге түшүрүп маалымдоосун билдирет. Аталган маани көбүнчө сүйлөмгө, же айтымга эмес, кайсыл бир сөзгө, же сөз айкашына тийиштүү болот. Аны кыргыз тилинде **-ча, -чук, -дай** мүчөлөрү пайда кылып, алар эки башка өзгөчөлүктө, тактап айтканда, **-ча, -чук** (кутуча, китепче, көлчүк, тойчук) өзү жалганган сөздөрдү, **-дай** өзү жалганган сөздөрдүн аныкталгычы болуп түшкөн сөздөрдү (*Чыканактай Эрагыш, Тырнактай күнөөсү жок* ж.б.*)* кичирейтип, минималдык чекке жеткирип көрсөтөт. Бирок **-дай** мүчөсү чоң көлөмдөгү (*тоодой, төөдөй*), же өң-түстүк, сапаттык белгилерди камтыган (*сүттөй ак, суудай таза*) зат атоочторго жалганса, күчөтүү маанисин туюнтуп калат. Негизи **-дай** мүчөсүнүн күчөтүү, же кичирейтүү маанилерин билдирүү семантикасы көп кырдуу келип, кээде кайсыл маанини чагылдырып жаткандыгы контекстке ылайык айкындалат. Маселен, *Аты болду торгойдой, өзү болду ыргайдай* ("Эр Төштүк") деген сүйлөмдө айтуучу тоодой ат менен тоодой баатырды кичинекей торгой менен ыргайга салыштыруу аркылуу Чалкуйрук менен Эр Төштүктү кичирейтип эмес, алардын азап тартып кыйналгандыктарын, жүдөп арыктагандыктарын, тескерисинче, күчөтүп көрсөткөн.

Ал эми төмөнкү мисалдардагы "көк жашык", "бир кашык", "чөп", "алакандай" деген сөз жана сөз айкаштары аркылуу кичирейтүү маанилери туюндурулган. М: *Этиң калар көк жашык,*

*Каның калар бир кашык* ("Эр Төштүк").

*Атаңдын көрү көп калкым,*
*Баарың бирдей чөп калкым.*
*Алакандай кыргызды,*

*Атайы келип ала албай,*

*Алдыңа жылкы сала албай...* ("Эр Табылды") ж.б.

Ошентип, сүйлөм, же айтым аркылуу туюндурулган маанилик түрлөр, көбүнчө көркөм жана оозеки кепте, публицистикалык стилде арбын камтылып, кыргыз тилинде алардын кырктай түрүн кезиктирүүгө болот. Айрымдары ар кыл тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде берилип, арбын колдонулса, айрымдары аз сандагы тилдик бирдиктер менен каражаттардын көмөгүндө жана экстралингвистикалык факторлор аркылуу уюшулуу менен салыштырмалуу түрдө аз санда кезигет.

### 4.1.8. Маанилик түрлөрдүн жөнөкөй, татаал сүйлөмдөрдө катарлаш абалда келүү өзгөчөлүктөрү

Ар кайсыл сүйлөм, же айтым маанилик типтердин (маалымдоо, суроо, сурануу) кайсыл биринде уюшулуп, өз ичине маанилик түрлөрдүн кайсыл бирин камтып да, камтыбай да берилиши мүмкүн. Маанилик түрлөрдүн сүйлөмдө камтылуу өзгөчөлүктөрүн конкреттүү кылып, же бирдиктүү нормага салып көрсөтүү мүмкүн эмес. Анткени жандуу тилдин бардык табиятын өз ичине сиңирген сүйлөмдүн семантика-структуралык, коммуникативдик-прагматкиалык функциясы өтө көп кырдуу келип, ага ылайык өз ичине маанилик түрлөрдү камтуу бөтөнчөлүгү да ар тараптуу болот. Шарттуу түрдө болсо да, маанилик түрлөрдүн сүйлөмдө берилүү өзгөчөлүктөрүн төмөнкүдөй негизде ажыратып кароого мүмкүн:

а) **Маанилик түрлөрдүн жөнөкөй сүйлөмдөрдө берилиши**

Сүйлөм, же айтым тутумунда камтылган маанилик түрлөр кыргыз тилинде бир топ арбын кезигип, алардын сүйлөмдө туюнтулуу бөтөнчөлүктөрү да көп кырдуу. Жогортодо сүйлөмдүн маанилик типтери жана түрлөрү жөнүндөгү маалыматта көрсөтүлгөндөй, маанилик түрлөрдүн көпчүлүгү жалпы сүйлөмдүк тулкуда чагылдырылса, айрымдары (күчөтүү, салыштыруу маанилери) же сүйлөмдүн белгилүү бир бөлүгүндө, же

сүйлөмдүк тулкуда, же айкындооч мүчөлүк кызматта келген сөз, же сөз айкаштарында камтылат. Ал эми маанилик түрлөрдүн көпчүлүгүнүн туюндурулушу сырдык, киринди, каратма сөздөрдүн, предикаттын тутумунда келген модалдык сөздөр менен бөлүкчөлөрдүн, айрым мүчөлөрдүн табиятына байланыштуу болсо, маанилик типтер предикаттык функцияда келген сөз жана сөз айкаштарынын табиятына, айтылуу интонациясына, контекстке ылайык айкындалат.

Жөнөкөй сүйлөмдүк структурада уюшулган сүйлөмдөрдө камтылган маанилик түрлөрдүн берилиши да ар тараптуу. Айрым жөнөкөй сүйлөмдөрдө бирдей негиздеги, же ар башка өзгөчөлүктөгү экиден төрткө чейинки маанилик түрлөр катышып келет. Алар көбүнчө маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн (кошумча маанилүү маалымдоолордун) тутумунда берилет.

М: *Дарчыдай басып өткөн араң-араң,*

*Сүйүүнүн ок жолундай жолуң татаал* (О.С.).

(Салыштыруу+салыштыруу).

*Жүзүмдөй бышкан мөлтүрөп,*

*Жүзүңдөн жаным садага* (А.А.). (Салыштыруу+эркелетүү).

*Атылып келип алалбай калган калтарды,*

*Армандуу бүркүт сыяктуу, аттиң, далдайдым (М.А.)*

(Салыштыруу+өкүнүү).

*Сайраган булбул тилиндей,*

*Көшүтүп көзгө илинбей,*

*Жаш кезиң өтөт турбайбы,*

*Жадырап-жайнап билинбей* (Б.С.).

(Салыштыруу+сыпаттоо+таануу+сыпаттоо) ж.б.

Келтирилген мисалдарды бул багыттан анализдесек, төмөнкүдөй негиздеги түшүндүрмөлөр берилет: Маанилик типтери боюнча алынган мисалдардын бардыгы – жөнөкөй сүйлөмдүк структурада уюшулган маалымдоо (кошумча маанилүү маалымдоо) маанисиндеги сүйлөмдөр. 1-сүйлөмдө *жолуң татаал* деген баш мүчөлөр аркылуу ишке ашкан

маалымдоо мааниси *Дарчыдай басып өткөн араң-араң, сүйүүнүн ок жолундай* деген салыштыруу маанилерин билдирген айкындооч мүчөлөр менен биргеликте (алардын коштоосунда) берилди. 2-мисалдагы маалымдоочулук маани *жүзүңдөн жаным садага* деген 2-сап аркылуу эркелетүү маанисин өз ичине камтуу менен кыйыр абалда туюнтулду. Анткени мындагы өз табиятында эркелетүү маанисин камтыган "садага" сырдык сөзү бул сүйлөмдө баяндоочтук (садага кетсин) функцияда келип, ээ болуп түшкөн "жаным" сөзү менен биргеликте маалымдоочулук, ойду тыянактоочулук кызматты аткарды. Ал эми бул жөнөкөй сүйлөмдөгү салыштыруу мааниси *Жүзүмдөй бышкан мөлтүрөп* деген бирдик аркылуу обочолонуп, бирок сүйлөм тутумунда берилди. 3-мисалдагы негизги маани, же маанилик тип катары келген маалымдоо мааниси предикат болуп түшкөн "далдайдым" этиши аркылуу берилсе, кошумча маани, же маанилик түр катары келген салыштыруу мааниси *Атылып келип алалбай калган каптарды армандуу бүркүт сыяктуу* деген бөлүк аркылуу, өкүнүү мааниси "аттиң" сырдык сөзү аркылуу берилди. 4-мисалдагы негизги маани (маалымдоо мааниси) *жаш кезиң өтөт турбайбы* деген жалаң сүйлөмдүк структурадагы сап аркылуу кошумча түрдө таануу маанисин камтуу менен туюндурулду. Мындагы көмөкчү маанилер, же маанилик түрлөр катары келген салыштыруу 1-сапта, сыпаттоо маанилери 2-4-саптарда камтылды.

Суроо тибиндеги сүйлөмдөрдө берилген маанилик түрлөр маалымдоо маанисиндегилерден айырмаланган ыкта, тактап айтканда, көбүнчө контекст аркылуу туюндурулат. Башкача айтканда, мындагы маанилик түрлөр жалпы сүйлөмдүк тулкуда камтылып, контекстке ылайык маалым болуп турат.

М: *Калдымбы чындап ажырап,*
*Кайраным Жамгыр көк жалдан?* ("С-Б").
*Ардагым Зыйнат деп жүрүп,*
*Арманда өтүп кетемби?* (Абдрахман).
*Күн күркүрөп, жамгыр төккөн,*

*Ошол күндөр кайда кеткен?* (К.Т.) ж.б. Бул мисалдардын контексттеринен 1-сүйлөмдө өкүнүү, 2-синде кабатырлануу, 3-сүйлөмдө кусалануу маанилери айкын билинип турат. Кыргыз тилинде суроо тибиндеги сүйлөмдөр мындай маанилик түрлөрдүн бир нечесин камтып уюшулат.

Ал эми сурануу тибиндеги сүйлөмдөр айрым сырдык, каратма сөздөрдүн көмөгүндө маанилик түрлөрдүн ичинен, негизинен, эркелетүү маанисин кошо камтып колдонулат. М: - *Көп ыйлабачы, берекем.*

*– Каралдым, тигилерди жыйнашып жиберчи. – Эсеке, аны азырынча сыр сактап туруңузчу* ж.б.

б) **Удаалаш келген жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү маанилик катыштар**

Жөнөкөй сүйлөмдүк структурада уюшулган сүйлөмдөрдүн бир канчасы текст ичинде маанилик түрлөрдүн бир, же ар башкасын камтып, катарлаш орун абалында келет. Маселен, *Ошондо көрөрмүн. Ошондо мен да тескери карап, унчукпай туруп алып жазаңды берермин. Менин кадырымды ошондо билерсиң...* (У.А.) деген тексттин тутумуна кирген жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар бири кекерлөө маанисин камтып турса, *Экөөбүз эки жакка качалы. Кош, канжыгада кез болгончо...* (Э.К.) деген сүйлөмдөрдүн биринчисинде сунуштоо, кийинкисинде коштошуу маанилери камтылган.

Ошондой эле андай удаалаш орун абалында келген жөнөкөй сүйлөмдөр маанилик типтери боюнча да бирдей, же ар башка типтеги сүйлөмдөрдөн болушу мүмкүн. Маселен, *Мага эмне болду? Эмне үчүн бутум шишип, боюм оордошуп, чүнчүп баратам? Жүрөгүм жаманбы? Жаш туруп эмне үчүн жаман? Же боюнда бар аял башында ушундай болобу?* (У.А.) деген мисалдагы сүйлөмдөрдүн ар бири кабатырлануу маанисин камтып, маанилик типтери боюнча суроо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болсо, *Атаны байкуштар айя! Эми абышка-кемпир мөгдөп калат го!* (У.А.) деген мисалдагы аео жана кабатырлануу маанилериндеги сүйлөмдөрдүн экөө тең эмоциялуу маалымдоо маанисинин тибиндеги сүйлөмдөрдөн болду. Ал эми *Менимче, ушул темадан кыйын, татаал нерсе жок болсо керек. Чынбы?*

(Ф.М.) деген мисалдын болжолдоо маанисин туюнткан 1-жөнөкөй сүйлөмү - маанилик тиби боюнча маалымдоо, тактоо маанисин камтыган 2-сүйлөмү - суроо маанисиндеги сүйлөмдөр.

Бул көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөрдө, катарлаш орун абалында келген жөнөкөй сүйлөмдөрдө берилген маанилик түрлөр бири экинчиси менен семантика-логикалык катышта болот. Тактап айтканда, алдындагы сүйлөмдө камтылган маани кийинки сүйлөмдөгү мааninин берилишин, же тескерисинче, кийинки сүйлөмдөгү маани алдындагы сүйлөмдөгү маанинин камтылышын шарттайт. Маселен, – *Атаны кудай жалгаган келиним айя! Анык малдын кишиси турбайсыңбы! Осмон эмне эле батасын берип кыйкырып атат десе... Кудай тилегиңди берсин, берекем!* (У.А.) деген мисалдагы таануу маанисин туюнткан 2-3-жөнөкөй сүйлөмдөрдүн таасиринде 1-сүйлөмдөгү ыраазы болуу, 4-сүйлөмдөгү алкоо маанилери келип чыккан. Бир маанилик түрдүн таасиринде позитивдүү маанайдагы маани да, негативдүү маанайдагы маани да берилиши мүмкүн. Маселен, жогорку мисалдагы таануу маанисинин таасиринде ыраазы болуу, алкоо маанилери келип чыкса, – *А-а, Бермет, сен дале мени түшүнө элек турбайсыңбы! Мен баятан берки сөздөрдү сага бекер айтып отурамбы!?* (У.А.) деген мисалдын 1-сүйлөмүндөгү таануу маанисинин таасиринде 2-сүйлөмдөгү наараазы болуу мааниси берилди. Сүйлөм тулкусунда, же тутумунда камтылган маанилик түрлөрдүн мындай өз ара катыштарын төмөнкү мисалдарды анализдөө аркылуу да көрүүгө болот.

М: *Мезгил артка чегинсе ээ бир азга,*

*Биз олтурсак анда олтурган класста.*

*О, ал кайда! Ошондогу күндөрдөн,*

*Калды жалаң эскерүүлөр мураска* (С.Э.). Алынган мисалдын өз алдынча жөнөкөй сүйлөмдүк структурада берилген 1-2-саптары субъективдүү мазмунда берилип, өз ара катыштагы, бири-бирин шарттаган каалоо маанилерин камтып турушса, алардан кийин келип, түңүлүү маанисин билдирген *О, ал кайда*! деген сүйлөм алдындагы сүйлөмдөр туюнткан

маанилердин реалдуулукка дал келбестигин көрсөтүү максатында берилди. Мына ушундан кийин гана *Ошондогу күндөрдөн,Калды жалаң эскерүүлөр мураска* деген объективдүү мазмундагы сүйлөмдүн берилиши шартталды.

М: *Эми өзүнүн тагдыры кандай болот? Же чын эле Очигинге салып беришеби? О, көк Теңир, касиеттүү Жер эне, силерге кайсынымдан жаздым эле?! Мага кылган күнүңөр ушул беле!?* (И.К.). Бул тексттин тутумуна кирген жөнөкөй сүйлөмдүн ар бири субъективдүү мазмундагы сүйлөмдөрдөн болуп, 1-2-сүйлөмдөрдө камтылган кабатырлануу маанилери 3-4-сүйлөмдөрдөгү нааразы болуу маанилеринин берилишине негиз болду.

М: - *Элдин алды менен келип, арты менен кетчү элеңиз. Бүгүн кызматка да чыкпаптырсыз. Келиниңиз да жок дейт. Деги, тынччылыкпы?* (У.А.). Объективдүү мазмундагы жана маанилик типтери боюнча маалымдоо, суроо маанилериндеги сүйлөмдөрдүн катыштарынан уюшулган бул тексттик бөлүктүн 1-жөнөкөй сүйлөмү өз ичине эскерүү маанисин камтып, ага каршылаш түшүнүктөрдү туюнткан 2-3-сүйлөмдөрдөгү маалыматтардын таасирин күчөттү. Ал эми акырында келген суроо маанисиндеги сүйлөм мурунку сүйлөмдөрдө берилген маалыматтарды тактоочу функцияны аткарып, өз ичине тактоо маанисин камтуу аркылуу мурункулары менен маанилик катышта берилди. Катарлаш орун абалында келген сүйлөмдөр менен айтымдардагы мындай логика-семантикалык катыш текст бөлүктөрүндөгү сөзсүз сакталуучу көрүнүш катары келип, берилген ойдун системалуулугун, логикалуулугун, аргументтүүлүгүн камсыздайт. Эгерде берилип жаткан ой, камтылган маалымат такыр башка багытка бурулса, бул катыш өз функциясын токтотуп, кайрадан андай негиздеги жаңы катыштар келип чыгат. Бул учурду жазуу кебинде, негизинен, абзац аркылуу берүү талап кылынат.

Ошентип, жөнөкөй түзүлүштө уюшулуп, катарлаш орун абалында берилген сүйлөмдөр менен айтымдарда камтылган маанилик түрлөр да маанилик катышы бар сөз, же сөз айкашы менен гана синтаксистик байланышты түзө алган сөздөр сыяктуу эле өз ара катышы бар маанилик

түрлөрдү берилген жөнөкөй сүйлөмдөр гана катарлаш орун абалында келип, тексттик бөлүктү түзө алат. Бул - ойду, маалыматты жеткиликтүү, системалуу берүүдө сакталчу негизги талаптардын бири.

### в) Татаал сүйлөмдүн тутумунда келген жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү маанилик бөтөнчөлүктөр

Кыргыз тилинин структуралык синтаксисинде татаал түзүлүштө уюшулган сүйлөмдөр өздөрүнүн тутумуна кирген жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтук формаларына, ойду, маалыматты тыянактай алуу, же албоо ж.б. өзгөчөлүктөрүнө ылайык **багыныңкы байланыштагы**, **тең байланыштагы** жана **аралаш** татаал сүйлөмдөр делип классификацияланып, алардын багыныңкы жана тең байланыштагылары тутумдарындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилик катыштарына карай өз ич ара дагы бир нече түрлөргө ажыратылып каралары маалым. Тил илиминдеги “маани” түшүнүгү эң негизги жана өтө көп кырдуу түшүнүк болгондуктан, мындай катыштарды ишке ашыруучу маанилер өзүнчө функциядагы, өз алдынча багыттан каралчу маанилик өзгөчөлүктөр болуп эсептелет. Ал эми татаал сүйлөмдөрдөгү маанилик туюнтмалар семантикалык аспектиден анализделингенде, ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн жогору жактарда көрсөтүлгөн маанилик типтер менен маанилик түрлөрдүн кайсынысында берилгендиги аныкталат. Багыныңкы сүйлөм кандай маанилик бөтөнчөлүктө берилсе да, татаал сүйлөмдүк тулкуда көмөкчү маани катары каралса, баш сүйлөмдөгү маани негизги маани катары каралат. Ал эми тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөм өз алдынча негизги маанини алып жүрүүчү сүйлөм болуп келет. Анткен менен багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдөгү, тең укукта байланышкан жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү маанилик типтер менен маанилик түрлөр өз ара тыгыз катышта болот.

Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө негизги маани менен көмөкчү мааниилерди камтыган сүйлөмдөр өз ара байланыш-катышты түзө алган маанилик типтер менен түрлөрдүн кайсыл биринде берилет. Негизги маани да, көмөкчү маани да көбүнчө маалымдоо тибиндеги сүйлөмдөрдөн

болсо, суроо, сурануу тибиндеги сүйлөмдөр, дээрлик, негизги маанини гана алып жүрөт. Анткени бул маанилик типтер (суроо, сурануу) негизинен, предикат аркылуу туюндурулат. Башкача айтканда, негизги маанини камтыган баш сүйлөм предикативдик конструкциядагы пропозицияда уюшулса, көмөкчү маанини алып жүрүүчү багыныңкы сүйлөмдөр предикативдик эмес конструкциядагы пропозицияда уюшулуп, шарттуу түрдө гана “сүйлөм” деген аталышка ээ болот. Бирок ал да маанилик түрлөрдүн кайсыл биринде берилип, негизги маани менен логика-семантикалык катышта келет. Маселен, *Абийир тапса баласы, атасына бак конот* деген сүйлөмдөгү “*атасына бак конот*” деп жалпы татаал сүйлөмдө берилген маалыматты жыйынтыктаган бөлүгү тарабынан билдирилген маалымдоочулук маани негизги маани катары келсе, *Абийир тапса баласы* деген бөлүгү туюндурган маани өз алдынча маалымат катары келе албагандыктан, көмөкчү маани катары каралып, негизги мааниде берилген маалыматтын шарттык өзгөчөлүгүн көрсөттү.

Багыныңкы сүйлөм аркылуу берилген көмөкчү маанилер кандай маанилик өзгөчөлүктө болсо да, өзү менен катышта боло алган негизги маани менен байланышат, же ар кайсыл негизги маани берилип жаткан ойдун талабына ылайык кайсыл бир көмөкчү маани менен катышты түзөт. Ошондой эле көпчүлүк көмөкчү маанилер негизги маани аркылуу айкындалат.

М: *Биз турмушка аталардан кеч келип,*

*Тээ батышта согуш отун кечпедик* (Т.М.). (Көмөкчү маани – себептик малымдоо, негизги маани – кошумча маанисиз маалымдоо).

*Топ жигиттер мен деп тургансып,*

*Кызганасың неге мынчалык?* (Обондуу ырдан). (Көмөкчү маани – сыпаттама маалымдоо, негизги маани – суроо мааниси).

*Элим аман болсун деп,*

*Атыңды койдум Эламан* (И.Ж.). (Көмөкчү маани – максаттык маалымдоо, негизги маани – кошумча маанисиз маалымдоо).

*Жан дүйнөм тынчалалбай уйгу-туйгу,*

*Желеде туйлагандай азоо кулун* (М.Аа). (Негизги маани – кошумча маанисиз маалымдоо, көмөкчү маани – салыштырып маалымдоо).

*Бала казса, суу чыгып, эл суу ичип жыргап калган экен.* ("Кыргыз эл жомоктору"). (Көмөкчү маанилер – шарттык, себептик маалымдоолор, негизги маани – кошумча маанисиз маалымдоо).

*"Басмачылардын уюгу талкаланды" деген кабар угулгандан кийин, калк өздөрүн эркин сезди, адамдар белдерин бек бууп, тиричиликке киришишти* (О.Д.). (Көмөкчү маани – мезгилдик маалымдоо, негизги маанилер – кошумча маанисиз маалымдоолор) ж.б.

Ошентип, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүк структурада түзүлгөн сүйлөмдөр негизги жана көмөкчү маанилердин өз ара катыштарынан уюшулуп, бирдиктүү маалыматты билдирет. Камтыган көмөкчү маанилеринин бөтөнчөлүктөрүнө ылайык кыргыз тилиндеги багыныңкы сүйлөмдөр бир нече түрлөргө ажырап кетет. Алар туюнткан маанилик өзгөчөлүктөр белгилүү бир өлчөмдө айрым айкындооч мүчөлөрдө (бышыктооч менен аныктоочто) да берилет, бирок буларда камтылган маанилик түрлөрдүн берилиши менен жалпы сүйлөмдөгү ролдору бирдей эмес.

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүк структурада уюшулган сүйлөмдөрдүн тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөм өз алдынча предикативдик конструкцияда уюшулгандыктан, алардын ар биринде камтылган маанилер маанилик типтердин кайсыл биринен болуп, ар бири негизги маани катары каралат. Башкача айтканда, мындай сүйлөмдөр маанилик типтердин, же негизги маанилирдин семантикалык катыштарынан уюшулат да, алар маанилик түрлөрдүн кайсыл бирин камтып, же камтыбай колдонулат. Ошондой эле тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир, же ар башка маанилик типтеги сүйлөмдөрдөн болушу мүкүн. Маселен, *Өмүрүм өзүң менен өтсө болду, өзгөгө ачылбаган сырларымсың* (Т.Э.) деген сүйлөм маалымдоо*, Кана эмесе,*

*курбулар, келгилечи, бирге олтуруп өткөндү эстейличи* (М.Ө.) деген сүйлөм сурануу, *Эч качан мээрим чачып койбойсуң да, айтчы өзүң, жароокерим, таш боор белең?* (С.А.) деген сүйлөм маалымдоо, сурануу, суроо маанилериндеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн катыштарынан уюшулган. Ал эми *Акты жылдар, өттү баштан далайлар, кайдасыңар, бизди окуткан агайлар?* (С.Э.) деген татаал сүйлөм эки маалымдоо, бир сурануу маанисиндеги, *Айтчы мага, айтчы менин жылдызым, анан качан сырдашканга көчөбүз?* (Т.Н.) сурануу+суроо маанилериндеги, *Сезсеңчи, тилегимди түшүнсөңчү, сенчелик бир да кызды жактырбагам* (Т.Э.) сурануу+маалымдоо маанилериндеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айкашууларынан түзүлгөн.

Жогоруда белгиленгендей, бул өңдүү маанилик типтердин (маалымдоо, суроо, сурануу) биринде берилген жөнөкөй сүйлөмдөр өз ичине көмөкчү маанилердин (маанилик түрлөрдүн) кайсыл бирин камтып да, камтыбай да келиши мүмкүн, тактап айтканда, маанилик типтер, өзгөчө маалымдоо мааниси кошумча маанилүү түрүндө да, кошумча маанисиз түрүндө да берилет. Маселен, *Эми жок менин арманым, бар экен сендей ардагым* (Т.) деген себептеш тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумуна кирген жөнөкөй сүйлөмдөрдүн экөө тең маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдөн болуп, биринчиси кошумча түрдө канааттануу маанисин камтып турса, *Жалындан бүткөн окшойсуң, илебиң ысык чоктойсуң* (Э.М.) деген татаал сүйлөмдүн курамындагы жөнөкөй сүйлөмдөр да маалымдоо маанисинде болуп, бирок мындагы биринчи жөнөкөй сүйлөм өз ичине кошумча түрдө болжолдоо маанисин, экинчиси салыштыруу маанисин камтыды.

Ошондой эле мындай структуралык өзгөчөлүктө уюшулган татаал сүйлөмдүн курамына кирген жөнөкөй сүйлөмдөр же объективдүү, же субъективдүү мазмундагы, же бири объективдүү, бири субъективдүү мазмундагы сүйлөмдөрдөн болот. Бирок кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөрдүн көпчүлүгү субъективдүү мазмундагы сүйлөмдөрдүн

айкашынан уюшулары байкалат. Ал эмес объективдүү жана суьективдүү мазмундагы эки жөнөкөй сүйлөмдөн уюшулган тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө субъективдүү мазмундагы жөнөкөй сүйлөмдө берилген маани негизги маани катары келип калат. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөргө салыштырмалуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн курамына кирген жөнөкөй сүйлөмдөрдө камтылган маанилердин ар бири негизги маани катары келген менен, алардын кайсыл бири жалпы татаал сүйлөмдүк маани катары келет. Маселен, *Чачыңа ак кирди, ордонун эмне кереги бар сага?!* (Т.К.) деген татаал сүйлөмдүн биринчи жөнөкөй сүйлөмү - объективдүү мазмундагы, тастыктап маалымдоо маанисиндеги, 2-жөнөкөй сүйлөмү - субъективдүү мазмундагы, каршы болуп маалымдоо маанисиндеги сүйлөм. Мында жалпы татаал сүйлөмдүк маани катары каршы болуу мааниси келди, же бул татаал сүйлөм аркылуу сүйлөөчү тыңдоочунун иш аракетине каршы экендигин маалымдады. Бул маанидеги маалымат субъективдүү мазмундагы жөнөкөй сүйлөм аркылуу берилип, ал эми объективдүү мазмундагы жөнөкөй сүйлөм аны аргументтөөчү функцияны гана аткарды. Бир татаал сүйлөмдүн тутумуна кирген жөнөкөй сүйлөмдөр маанилик жактан органикалык биримдикте болуп, биринин курамында келген сырдык сөз кээде ошол жөнөкөй сүйлөмгө эмес, кийинки жөнөкөй сүйлөмгө маанилик таасирин тийгизет. Маселен, *Аттиң, акын кызматтан түшпөйт тура,*

*Аким болбой, албапмын акын болуп* (С.Ж.) деген мисалдын эки жөнөкөй сүйлөмү тең маанилик типтери боюнча маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр болуп, маанилик түрлөрү боюнча биринчиси таануу, экинчиси өкүнүү маанисин туюнтту. Бирок өкүнүүнү туюнтуучу "аттиң" сырдык сөзү экинчи жөнөкөй сүйлөмдүн эмес, биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн курамында келип калды. Структуралык жактан мындай абалда берилгени менен, сырдык сөздөгү жана татаал сүйлөмдөгү жалпы маани катары келген өкүнүү мааниси объективдүү мазмундагы биринчи жөнөкөй сүйлөм аркылуу эмес, субъективдүү мазмундагы экинчи жөнөкөй сүйлөм аркылуу берилди. Анткени өкүнүү мааниси - объективдүү мазмунга эмес,

субъективдүү мазмунга мүнөздүү болгон маанилик түшүнүк. Мындан сүйлөмдө камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдүн структуралык эмес, мазмундук (семантикалык) уюшулушка көз каранды экендиги айкын көрүнөт. Тактап айтканда, мындай тилдик көрүнүштөр жалпы сүйлөмдүк мазмунга, логикалык таанымга ылайык айкындалат.

Жогоруда айтылгандарды бышыктоо максатында айрым сүйлөмдөргө анализ жүргүзөбүз.

*М: - Люса - жакшы кыз, сөз жок жакшы кыз, бирок күтүп жүргөнү бар го дейм* (У.А.). 1-жөнөкөй сүйлөмү-объективдүү мазмундагы, ырастап маалымдоо маанисиндеги, 2-си-субъективдүү мазмундагы, болжолдоп маалымдоо маанисиндеги сүйлөм. Татаал сүйлөмдөгү жалпы маани катары болжолдоп маалымдоо мааниси берилди.

М: *Үй ичи тынчый түштү, Ниязаалы комузун күүлөй баштады* (С.М.) Объективдүү мазмундагы, кошумча маанисиз маалымдоо маанисиндеги эки жөнөкөй сүйлөмдүн өз ара катышынан түзүлгөн тең байланыштагы татаал сүйлөм. Жалпы сүйлөмдө кошумча маанисиз маалымдоо мааниси берилген.

*М: Бактылуу болгум келет махабаттан,*

*Аруу кыз, ажайып бир нуруң төккүн* (А.О.). Субъективдүү мазмундагы эки жөнөкөй сүйлөмдөн уюшулган тең байланыштагы татаал сүйлөм. Маалымдоо жана сурануу маанисиндеги сүйлөмдөрдүн айкашынан уюшулган. Жалпы сүйлөмдүк маани катары сурануу мааниси каралат.

М: *Ойлочу, курбум, сен бүгүн,*

*Ошол күн бардыр эсиңде* (К.К.). Сурануу жана болжолдоп маалымдоо маанилерин камтыган субъективдүү мазмундагы эки жөнөкөй сүйлөмдөн уюшулган тең байланыштагы татаал сүйлөм. Мында жалпы татаал сүйлөмдүк маани катары сурануу мааниси каралат ж.б.у.с.

Аралаш татаал сүйлөмдүк структурада уюшулган сүйлөмдөрдө көбүнчө эки негизги, бир көмөкчү маанини туюнткан жөнөкөй сүйлөмдөр камтылып, алар да өз ара тыгыз карым-катыштагы объективдүү, же субъективдүү мазмундагы сүйлөмдөрдөн болот. Маселен, *Бул мезгилде*

*Байкалда жашаган тумэт жана байлук деген элдер монголдорго каршы көтөрүлгөн, алар кыргыздардын коңшусу болгондуктан, Чыңгызхан бул көтөрүлүштү басуу үчүн кыргыздардан аскер талап кылган* ("Кыргыздар") деген аралаш татаал сүйлөм объективдүү мазмундагы үч жөнөкөй сүйлөмдүн катышынан уюшулса, *Макул, Америка бүт баарын берсин, бирок мен Америкасыз бир самалетту асманга көтөрө албасам, же бир танкты ордунан жылдыра албасам, андай куралдуу күчтөрдүн кереги барбы?* ("Асаба") деген сүйлөм үч субъективдүү мазмундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара катышынан уюшулган. Бул эки мисалда тең экиден негизги маани катары, бирден кошумча маани катары келген маанилик бөтөнчөлүктөр камтылган. Тактап айтканда, алгач берилген мисалдын биринчи жана үчүнчү жөнөкөй сүйлөмдөрү кошумча маанисиз маалымдоо маанисин камтып, жалпы сүйлөмдөгү негизги маанилер катары келсе, экинчи жөнөкөй сүйлөмү себептик маалымдоо маанисинде болуп, өз алдынча туруп, бүткөн ойду бере албагандыктан, кошумча маанилик кызматты аткарды. Ал эми экинчи мисалдын маалымдоо жана суроо маанилерин туюнткан биринчи жана үчүнчү жөнөкөй сүйлөмдөрү баш сүйлөмдүк структурада уюшулуп, татаал сүйлөмдөгү негизги ойду берип жатышкандыктан, алар негизги маанилер катары келишсе, шарттуу маалымдоо маанисин камтыган экинчи жөнөкөй сүйлөмү багыныңкы сүйлөмдүк структурада уюшулуп, негизги ойду бере албагандыктан, кошумча маани катары келди.

Аралаш татаал сүйлөмдүк структурадагы сүйлөмдөр кыргыз тилинде көбүнчө эки баш сүйлөм менен бир шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн катышынан уюшулары көрүнөт. Аны жогоруда келтирилген жана төмөнкү мисалдардан да байкоого болот. М*: Бая эле чындыкты айтсам болмок экен, паска түшкөндө дагы сураса, эмне деп жооп берем?* (М.Б.). (Баш сүйлөм+багыныңкы сүйлөм+баш сүйлөм). Үч субъективдүү мазмундагы жөнөкөй сүйлөмдөн уюшулган. 1-сүйлөмдөгү өкүнүп маалымдоо мааниси менен 3-сүйлөмдөгү кабатыр суроо маанилери негизги маанилер катары келсе, 2-сүйлөмдөгү шарттуу маалымдоо мааниси кошумча маани катары

келди.

М: *Адам өз адебинен көбүнесе күйүп кетиши мүмкүн, бирок ак болсоң, эч качан тагдыр сени талаага таштабайт* ("Кыргыз Туусу"). (Баш сүйлөм+багыныңкы сүйлөм+баш сүйлөм). Бул да субъективдүү мазмундагы үч жөнөкөй сүйлөмдөн уюшулган. Мында да 1, 3-жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү маанилер негизги, ал эми 2-жөнөкөй сүйлөмдөгү маани кошумча маани катары келди. Бирок жогорку мисалдан өзгөчөлөнүп, мында биринчи сүйлөмдө болжолдоп маалымдоо, 2-сүйлөмдө шарттуу маалымдоо, 3-сүйлөмдө тастыктап маалымдоо маанилери берилди.

Ошентип, татаал сүйлөмдүк структурада уюшулган сүйлөмдөр өз ара тыгыз байланышта келген, маанилик типтер менен маанилик түрлөрдүн кайсыл бирин өз ичине камтыган объективдүү, субъективдүү мазмундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ырааттуу катышынан түзүлүп, ар тараптан аргументтелген, жөнөкөй сүйлөмгө салыштырмалуу кенен ойду, маалыматты, суроону, сураныччты билдирген коммуникативдик кызматты аткарат. Ал, жогоруда белгиленгендей, үч түрдүү структуралык бөтөнчөлүктө (багыныңкы байланыштагы, тең байланыштагы жана аралаш татаал сүйлөмдүк) берилет да, ага ылайык маанилик типтер менен маанилик түрлөрдүн өз ара катыштары ишке ашат.

## Корутунду

1. Диссертациялык иштин жалпы мазмуну киришүү, корутунду жана адабияттардын тизмесинен тышкары 4 главадан камтылды. Ар бир глава кыскача кириш сөз менен башталып, акырында жыйынтык чыгарылып турду.

2. Киришүү бөлүмүндө диссертациянын мазмунуна жалпы мүнөздөмө берилүү менен изилдөөнүн актуалдуулугу, максат, милдеттери көрсөтүлүп, иштин илимий жаңылыктары, коргоого коюлуучу жоболору, теориялык жана практикалык маанилери, методологиялык негиздери, апробацияланышы ж.б. белгиленди.

3. I глава “Синтаксистин концептуалдык салааларына мүнөздөмө” деп аталып, мында синтаксистик парадигма жана генеративдик синтаксис, тыгыздык түзүүчүлөрдүн (байланыштардын) синтаксиси, позициялык синтаксис, семантикалык синтаксис, коммуникативдик синтаксис жөнүндө негизги теориялык маалыматтар берилди.

4. II глава “Сүйлөмдүн мазмундук уюшулушун изилдөөнүн негизги аспектилери” деген аталышта берилип, мында сүйлөмдү изилдөөнүн негизги багыттары боюнча жарык көргөн илимий эмгектердеги пикирлерди, көз караштарды жалпылаштырган обзордук маалыматтар айтылды.

5. Сүйлөмдүн семантикалык аспектиден изилдениши жөнүндөгү маалымат: андагы пропозиция, предикат, актант, сирконстант түшүнүктөрү кыргыз тилинин фактылык-материалдарынын негизинде маалымдалып, кыргыз тилиндеги предикаттар кайсыл сөздөрдөн уюшулгандыгына ылайык **этиштик** жана **атоочтук предикаттар** деп эки топко ажыратылуу менен ич ара маанилик түрлөрүнө ылайык этиштик предикаттардын 11 түрү, атоочтук предикаттардын 14 түрү көрсөтүлдү. Ошондой эле сүйлөмдүн диктумун (объективдүү мазмунун) анализдөөнүн үлгүсү да иштелип чыгылды.

6. Сүйлөмдү изилдөөнүн коммуникативдик аспектисинин максат, милдеттери бул багыт боюнча жазылган илимий эмгектерде айтылган пикирлердин негизинде көрсөтүлүп, сүйлөмдү, же айтымды актуалдуу мүчөлөштүрүүнүн кыргыз тилиндеги үлгүлөрү берилди жана сүйлөм

курамын **тема** менен **ремага** ажыратуудагы көп кырдуу шарт-талаптар айтылды. Мындан тышкары сүйлөмдүк структурага ээ болбосо да коммуникативдик функцияны аткара алаган коммуникаттар (же релятивдер) жөнүндө да кабарланды. Ошондой эле сүйлөмдүн формалдык-грамматикалык, семантикалык жана коммуникативдик структурасын аныктоонун (талдоонун) өз ара жакын, айырмалуу жактарын көрсөткөн таблицалар берилди.

7. Сүйлөмдү изилдөөнүн прагматикалык аспектисинин негизги бөтөнчөлүктөрү айрым белгилүү окумуштуулардын объективдүү, жеткиликтүү делген пикирлеринен цитаталар келтирилүү менен кыргыз тилиндеги фактылык материалдардын негизинде маалымдалды. Сүйлөм аркылуу туюндурулган маалыматтын эксплициттик жана имплициттик бөтөнчөлүктөрдө берилиши өтө көп кырдуу келип, ар тараптан аныктоону талап кылгандыктан, аны менен логика, философия, психология илимдери да алектенери айтылды. Бул татаал процесстин табияты ар тараптуу келип, лингвистикада имплициттүүлүктүн тилдик тааным менен дүйнө таанымды, контексттик жана коммуникативдик кырдаалдык өзгөчөлүктөрдү өз ичине камтыган пресуппозиция түшүнүгүнүн негизинде аныкталары жөнүндө сөз болду.

8. Сүйлөмдү изилдөөдөгү логицизмдин орду, ролу бул багытта айтылган илимий пикирлерди талдоо, жалпылаштыруу аркылуу көрсөтүлдү. Бул маселеге арналган лингвистикалык, логикалык, философиялык эмгектер да арбын болгондуктан, аларды кеңири талдоого аракеттендик.

9. III главанын кириш сөзүндө алгачкы жолу аныкталып жаткан **сүйлөмдүк келки маанилердин типтери жана түрлөрү** боюнча жалпы маалыматтар берилди. Мындай маанилик типтер менен маанилик түрлөрдүн камтылуу өзгөчөлүктөрүнө ылайык сүйлөмдү **түз маанидеги сүйлөмдөр** жана **образдуу кыйыр маанидеги сүйлөмдөр** деп эки чоң топко ажыратып кароо сунушталды жана жетиштүү мисалдар аркылуу аларга түшүндүрмөлөр берилди.

10. Сүйлөмдүк келки маанилердин типтеринин (маалымдоо, суроо, суранУУ маанилеринин) ар бири өз алдынча тема түрүндө каралды. **Маалымдоо мааниси** берилүү өзгөчөлүгүнө карай **жайынча маалымдоо** жана **эмоциялуу маалымдоо** деп ажыратылып, жайынча маалымдоо өз ич ара ***тике маалымдоо*** жана ***кыйыр маалымдоо*** деген, ал эми эмоциялуу маалымдоо ич ара ***талап кылып маалымдоо*** жана ***сезимдик маалымдоо*** деген түрлөргө ажыратылды. Маанилик түрлөрдүн кайсыл бирин камтып келгендигине ылайык өз учуранда булар да өз алдынча бир нече түрлөргө классификацияланды. Маселен, ***тике жана кыйыр маалымдоо***; *салыштырып маалымдоо, тастыктап маалымдоо; каршылаш маалымдоо*; *шартташ маалымдоо деген түрлөргө,* ***талап кылып маалымдоо***; *буйрук талап кылуу, суранып талап кылуу, эскертип талап кылуу, кекенип талап кылуу, тыюу салып талап кылуу, сунуштап талап кылуу, чыйралтып талап кылуу, коркутуп талап кылуу, шарт коюп талап кылуу* деген түрлөргө ажыраса, ***сезимдик маалымдоо*** өз ичине *кубаттоо, кекетүү, коркуу, кабатырлануу, суктануу, өкүнүү* өңдүү маанилердин кайсыл бирин камтып келет. Ошондой эле маанилик түрлөрдү өз ичине камтып, же камтыбай келгендигине ылайык маалымдоо маанисин ***кошумча маанисиз маалымдоо*** жана ***кошумча маанилүү маалымдоо*** деп бөлүп карадык.

11. Суроо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн уюшулуу өзгөчөлүктөрү, суроо маанисин туюнтуучу тилдик бирдиктер менен каражаттардын кыргыз тилинин грамматикаларында көрсөтүлгөн жана көрсөтүлбөгөн түрлөрү жөнүндө айтылып, суроо мааниси ички семантикалык бөтөнчөлүктөрүнө карай ***нукура суроо, туңгуюк суроо, маалымдама суроо*** деген үч типке ажыратылды да, булардан ***туңгуюк суроо*** өз ич ара: *адамдарга карата коюлуучу туңгуюк суроо, жаныбарларга жана жансыз заттарга карата айтылуучу туңгуюк суроо, абстрактуу түшүнүктөргө карата айтылуучу туңгуюк суроо, сүйлөөчүнүн өз туюмуна карата коюлуучу туңгуюк суроо* деген түрлөргө ажыратылды. Ал эми сүйлөөчүнүн туюмун, учурдагы психологиялык абалын, андагы көрүнүшкө карата болгон ички мамилесин

туюнтушуна карай суроо маанисинин *кабатыр суроо, тактама суроо, өкүнүч суроо, божомол суроо, нааразы суроо, кусадар суроо, зекиме суроо, эскерме суроо, таарыныч суроо, тастыктама суроо, эканжы суроо, сунуштама суроо, таңданыч суроо, какшык суроо, шектенич суроо* деген 15 түрү көрсөтүлдү. Бул маанилик типтер менен түрлөрдүн ар биринин уюшулуу бөтөнчөлүктөрү көрсөтүлүп анализденди.

12. Сурануу мааниси өз алдынча маанилик типтеги сүйлөмдөрдү уюштурары белгиленип, суроо маанисинен болгон айырмачылыктары көрсөтүлүү аркылуу анын туюнтулушун шарттоочу тилдик бирдиктер менен каражаттар аныкталды. Ички семантикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык *көмөк күтүп сурануу* жана *кечирим күтүп сурануу* деген түрлөргө ажыратылды. Бул маанилик өзгөчөлүктүн берилиш бөтөнчөлүктөрү орус тил илиминде да каралгандыктан, салыштырма анализдер жүргүзүлдү.

13. IV глава “Сүйлөмдүк келки маанилердин түрлөрү” деп аталып, мындагы кириш сөздө жогоруда каралаган маанилик типтердин кайсыл биринин тутумунда келүү менен сүйлөөчүнүн сүйлөм мазмунунда берилген түпкү оюн, ал объективдүү, же субъективдүү мазмунга карата болгон таанымдык кабылдоосун, көз караштык позициясын жана башкаларын туюнтуучу маанилик түрлөрдүн изилденүү ыраттуулугу жөнүндө маалымдалды.

14. “Адресаттын таанымдык деңгээлине байланышкан маанилердин” тобунда ***таануу*** жана ***каршы болуу***, ***ынануу*** жана ***моюнга алуу***, ***белгисиздик*** жана ***эканжылык***, ***болжолдоо***, ***терс түшүнүктүк***, ***тастыктоо*** жана ***тактоо*** маанилери каралып, алардын берилүү ыктары, жакын жана айырмалуу жактары, аларды туюнтуучу тилдик бирдиктери менен каражаттары көрсөтүлдү.

15. “Адресанттын туюмуна катышта болгон позитивдүү маанилер” деген бөлүккө ***каалоо, эңсөө, кусалануу*** жана ***кыялдануу, ниетенүү, үмүттөнүү, жактыруу*** жана ***суктануу, үндөө*** жана ***кубаттоо*** маанилери киргизилип, аларды туюнтуучу тилдик бирдиктер менен каражаттар

аныкталуу аркылуу ар бири кеңири мисалдардын негизинде талданды, өз ара катыштары көрсөтүлдү.

16. “Адресанттын туюмуна негативдүү таасирде болгон маанилердин” курамында ***өкүнүү*** жана ***арман кылуу, таңдануу*** жана ***кабатырлануу*** – маанилери каралды. Аталган маанилик түрлөргө аныктамалар берилүү менен аларды уюштуруучу тилдик каражаттар көрсөтүлүп, өкүнүү жана арман кылуу маанилеринин чектери ажыратылды. Таңдануу маанисинин 7 түрдөгү, кабатырлануу маанисинин 9 түрдөгү өзгөчөлүктөрдө келген тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде туюнтулары аныкталды.

17. “Адресаттын таасиринде пайда болгон позитивдүү маанилердин” түрлөрүнө ***эскерүү, эскертүү*** жана ***эстетүү, сунуштоо, кеңеш берүү*** жана ***көкүтүү, ыраазычылык, канааттануу, алкоо*** маанилери киргизилип, өз ара семантикалык катыштары боюнча темачаларга бөлүштүрүлүп берилди. Уюшулуу өзгөчөлүктөрү көрсөтүлүү менен ар тараптуу анализделинди.

18. “Адресат менен катышта болгон негативдүү маанилердин” тобун ***кекетүү, какшыктоо, табалоо, келекелөө***, маанилери, ***нааразылык*** мааниси, ***каргоо*** жана ***кордоо*** маанилери түзүп, алардын өз ара семантикалык катыштары, уюштуруучу тилдик бирдиктери, каражаттары көрсөтүлүү менен айрымдарынын ички семантикалык өзгөчөлүктөрү да айтылды. Маселен, кекетүү маанисинин кекенүү, кектөө, кекээрлөө, зекүү түрлөрүндө берилиштери да мисалдар аркылуу көрсөтүлдү. Ал эми нааразылык маанисин камтыган сүйлөмдөрдүн предикаттарынын 12 түрдүү өзгөчөлүктө уюшулары белгиленсе, каргоо мааниси менен кордоо маанисинин семантикалык катыштары көрсөтүлүп, чектери ажыратылды.

19. “Сүйлөм тутумунда камтылган жалпы маанилер” деген бөлүмчөдө ***күчөтүү*** жана ***салыштыруу*** маанилеринин берилүү өзгөчөлүктөрү каралды. Күчөтүү маанисинин 11 түрдүү, салыштыруу маанисинин 5 түрдүү бөтөнчөлүктөгү тилдик бирдиктер менен каражаттардын таасиринде туюнтулары көрсөтүлдү. Аталган маанилер башка маанилик түрлөрдөн белгилүү бир чекте айырмаланып, алар көбүнчө жалпы сүйлөмдө эмес,

сүйлөм тутумундагы кайсыл бир сөз , же сөз айкаштарында камтылары белгиленди. Ошондой эле салыштыруунун буга чейин жарык көргөн илимий адабияттарда айтылбаган ***сапаттык салыштыруу, көлөмдүк салыштыруу; логикалык салыштыруу*** деген түрлөрү боюнча сөз болду.

20. "Сүйлөмдө сейрек камтылган маанилердин" тобуна салыштырмалуу түрдө болсо да ***аео, түңүлүү, ызалануу, жайкоо, саксынуу, бүшүркөө, кыйытуу, өчөшүү, эркелетүү, эркелөө, сыймыктануу, кайраттануу, тартынуу, кайдыгерлик, кичирейтүү*** маанилери киргизилип, алардын өздөрүнө мүнөздүү болгон лексика-семантикалык, грамматика-стилистикалык, интонациялык бөтөнчөлүктөрү аныкталуу менен сүйлөмдө берилүү өзгөчөлүктөрү көрсөтүлдү.

21. "Маанилик түрлөрдүн жөнөкөй, татаал сүйлөмдөрдө катарлаш абалда келүү өзгөчөлүктөрү" деген тема: а) Маанилик түрлөрдүн жөнөкөй сүйлөмдөрдө берилиши, б) Удаалаш келген жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү маанилик катыштар, в) Татаал сүйлөмдүн тутумунда келген жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү маанилик бөтөнчөлүктөр деген темачаларга ажыратылуу менен анализделинди. Мындагы акыркы темачада багыныңкы байланыштагы, тең байланыштагы жана аралаш татаал сүйлөмдүк структурада уюшулган сүйлөмдөр өз алдыларынча талданды. Ошондой эле мындай семантикалык талдоолордун үлгүлөрү берилип турду.

Ошентип, адамдар ортосундагы карым-катнаш жасоонун негизги куралы болгон тилдин (анын ичинен негизиги тилдик бирдик болгон сүйлөмдүн) табияты өтө көп кырдуу келип, аны ар тараптан изилдөө азыркы лингвистиканын  башкы милдеттеринен болуп кала берүүдө. Карым-катнаш жасоодогу, пикир алышуудагы негизги талап болуп сүйлөөчүнүн өз маалыматын, суроосун, сурануусун жеткиликтүү деңгээлде бере алуусу менен тыңдоочунун берилген маалыматты жана башкаларды толук аңдай алууга жетишүүсү эсептелгендиктен, бул эмгекте каралган сүйлөмдүк келки маанилердин типтери менен түрлөрүнүн кептеги ролун аңдоого, алардын сүйлөм же айтым аркылуу берилүү бөтөнчөлүктөрүн өздөштүрүүгө үйрөтүү

тил илимин окутуунун башкы милдеттеринен болуп саналат. Андыктан сүйлөм табиятынын мындай көп кырдуу өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн масштабын кеңейтүү, негизги маселелерин жогорку, орто окуу жайларынын филология адистиктеринин, орто мектептердин окуу программаларына киргизүү – келечектин иши.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси

## Колдонулган адабияттардын тизмеси

1. ***Абдуллаев, С.Н.*** Простое предложение в уйгурском языке: структурно-семантические модели и парадигма описание [Текст] / С.Н. Абдуллаев. – Каракол: Б.и., 2004.–
2. ***Абдыкеримова, А.Э.*** Лингвопоэтика: статусу жана проблемалары [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. / А.Э. Абдыкеримова. – Бишкек, 2008. – 320 б.
3. ***Жапаров, А.*** Сопоставительная грамматика кыргызского и русского языков [Текст]: учеб. для вузов / А. Жапаров. – Бишкек: Б.и., 2007. – 407 б.
4. ***Агибалов, А.К.*** Вероятностная организация внутренного лексикона человека [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / А.К. Агибалов. – СПб., 1995. – 18 с.
5. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / түз.: Ж. Шериев, А. Муратов. – Фрунзе: Мектеп, 1987. – 119 б.
6. ***Азнабаева, Л.А.*** Принципы речевого поведения адресата в конвенционалъном общении [Текст]: дис. ... д-ра филол. наук. / Л.А. Азнабаева. –Уфа, 1999. – 308 с.
7. Азыркы кыргыз адабий тили: Фонетика, лексикология, лексикография, фразеология, морфология, синтаксис, текстаану, лингвопоэтика [Текст]. – Бишкек: Б-сыз, 2009. – 927 б.
8. ***Акимова, Г.Н.*** Новое в синтаксисе современного русского языка [Текст] / Г.Н. Акимова. – М.: Высш. шк., 1990. – 168 с.
9. ***Акопян, К.С.*** Семантика, синтаксис и прагматика [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / К.С. Акопян. – Ереван, 2005. – 22 с.
10. ***Алефиренко, Н.Ф.*** Спорные проблемы семантики [Текст] / Н.Ф. Алефиренко. – Волгоград: Перемена, 1999. – 274 с.
11. ***Ананьев, Б.Г.*** Психология чувственного познания [Текст] / Б.Г. Ананъев. – М.: Изд-во АН пед. наук РСФСР, 1960. – 486 с.

12. ***Анисимова, Е.Е.*** О коммуникативно-прагматических нормах текста [Текст] / Е.Е. Анисимова // Сб. науч. тр. МГПИИЯ им. М. Тореза. – 1983. – Вып. 209: Прагматика и структура текста. – С. 3-15.
13. ***Апресян, Ю.Д.*** Прагматическая информация для толкового словаря [Текст] / Ю.Д. Апресян // Прагматика и проблемы интенсиональности. – М., 1988. – С. 7-44.
14. ***Арват, Н.Н.*** Семантическая структура простого (односоставного) предложения [Текст]: (текст лекций) / Н.Н. Арват. – Черновцы: Б.и., 1974. – 68 с.
15. ***Аристотель.*** Сочинения [Текст]: в 4-х т. / Аристотелъ. – М.: Мыслъ, 1983. – Т. 4. – 830 с.
16. ***Арутюнова, Н.Д.*** Аномалии и язык. (К проблеме языковой "картины мира") [Текст] / Н.Д. Арутюнова // Вопр. языкознание. – 1987. – № 3. – С. 3-19.
17. ***Арутюнова, Н.Д.*** Истина: фон и коннотация [Текст] / Н.Д. Арутюнова // Логический анализ языка: культурные концепты. – М., 1991. – С. 21-30.
18. ***Арутюнова, Н.Д.*** Понятие пресуппозиции в лингвистике [Текст] / Н.Д. Арутюнова // Изв. АН СССР. Сер. лит. и яз. – 1973. – Т. 32, вып. 1. – С. 84-89.
19. ***Арутюнова, Н.Д.*** Предложение и его смысл [Текст] / Н.Д. Арутюнова. – М.: Наука, 1976. – 383 с.
20. ***Арутюнова, Н.Д.*** Речъ [Текст] / Н.Д. Арутюнова // Лингвистический энциклопедический словарь. – М., 1990. – С. 414-416.
21. ***Арутюнова, Н.Д.*** Типы языковых значений: Оценка. Событие. Факт [Текст] / Н.Д. Арутюнова. – М.: Наука, 1988. – 341 с.
22. ***Арутюнова, Н.Д.*** Истоки проблемы и категории прагматики [Текст] / Н.Д. Арутюнова, Е.В. Падучева // Новое в зарубежной лингвистике.– М., 1985. – Вып. 16. – С. 3-43.
23. ***Атакулова, М.А.*** Инвариантное в прономинальной парадигме языка [Текст] / М.А. Атакулова. – Бишкек: Б.и., 2010. – 260 с.

24. ***Аттокуров, А. А.*.** Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст] / А.А. Аттокуров. – Ош: Б-сыз, 2006. – 223 б.
25. Аспекты семантических исследований [Текст]. – М.: Наука, 1980. – 356 с.
26. ***Ахматов, И.Х.*** Проблемы семантического анализа простого предложения [Текст] / И.Х. Ахматов. – Нальчик: Изд-во Кабардино-Балкар. ун-та, 1979. – 167 с.
27. ***Ахматов, И.Х.*** Структурно-семантические модели простого предложения в современном карачаево-балкарском языке [Текст] / И.Х. Ахматов // Нальчик: Эльбурс, 1983. – 360 с.
28. ***Аширбаев, Т.*** Кыргыз тилинин стилистикасы: Морфологиялык жана синтаксистик стилистика [Текст] / Т. Аширбаев. – Бишкек: Б-сыз, 2001. – 3 китеп. – 172 б.
29. ***Бабайцева, В.В.*** Предложение как многоаспектная единица синтаксиса [Текст] / В.В. Бабайцева // Рус. яз. в шк.– 1984. – №3. – С. 78-82.
30.***Бабенко, Л.Г.*** Обозначение эмоций в языке и речи [Текст]: учеб. пособие / ***Л.Г. Бабенко***. – Свердловск: УрГУ, 1986. – 100 с.
31. ***Баженова, И.С***. Эмоции, прагматика, текст [Текст] / ***И.С***. ***Баженова.*** – М.: Менеджер, 2003. – 392 с.
32. ***Бакашева, Ж***. Художественные функции сравнения и метафоры в повестах Чингиза Айтматова [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / ***Ж. Бакашева***. – Бишкек, 1992. – 26 с.
33. ***Балакай, А.Г.*** Словарь русского речевого этикета [Текст] / ***А.Г. Балакай***. – 3-е изд., испр. и доп. – М.: Астрель: АСТ: Хранитель, 2006. – 767 с.
34. ***Балли, Ш.*** Общая лингвистика и вопросы французского языка [Текст] / ***Ш. Балли***. –М.: Изд-во иностр. лит., 1955. – 416 с.
35. ***Баранов, А.Н.*** Социальный статус человека в лингвистическом аспекте [Текст] / А.Н. Баранов // ”Я”, “субъект”, “индивид” в парадигмах современного языкознание: сб. науч.-аналит. обзоров.– М., 1992. – С. 47-74.

36. ***Баранов, А.Н.*** Лингвопрагматические механизмы аргументации [Текст] / А.Н. Баранов, В.М. Сергеев // Рационалъность, рассуждение, коммуникация. – Киев, 1987. – С.22-41.
37. ***Бейкер, А.*** Пресуппозиция и типы предложений [Текст] / А. Бейкер // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1985. – Вып. 16. – С. 406-418.
38. ***Бекбалаева, Ж.А.*** Семантика-прагматическое содержание формул приветствия в английском и кыргызском языках [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / Ж.А Бекбалаева. – Бишкек, 2009. – 212 с.
39. ***Белошапкова, В.А.*** Современный русский язык. Синтаксис [Текст] / В.А. Белошапкова. – М.: Высш. шк., 1977. – 248 с.
40. ***Беляева, Е.И.*** Модальностъ в различных типах речевых актов [Текст] / Е.И. Беляева // Науч. докл. высш. шк. Филол. науки. – 1987. – № 3. – С. 64-69.
41. ***Бердалиев, А.*** Семантико-сигнификативная парадигматика и синтагматические отношения в конструкциях сложноподчиненного предложения узбекского литературного языка [Текст]: автореф. дис. ... д-ра филол. наук / А.Бердалиев. – Ташкент, 1989. – 51 с.
42. ***Бертагаев, Т.А.*** Субъект и подлежащее [Текст] / Т.А.Бертагаев // Вопр. языкознания.– 1958. – № 5. – С. 65-69.
43. ***Блохина, И.А.*** Типологические свойства и коммуникативные смыслы междометных высказываний [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / И.А. Блохина. – М., 1990. – 242 с.
44. ***Богданов, В.В.*** О конститутивной единице смысла предложения [Текст] / В.В. Богданов // Предложения и текст в семантическом аспекте. – Калинин, 1978. – С. 27-38.
45. ***Богданов, В.В.*** Речевое общение: прагматические и семантические аспекты [Текст] / В.В. Богданов. – Л.: Изд-во ЛГУ, 1990. – 87 с.
46. ***Богданов, В.В.*** Семантико-синтаксическая организация предложения [Текст] / В.В. Богданов. – Л.: Изд-во ЛГУ, 1977. – 204 с.

47. ***Бондарко, А.В.*** Грамматическая категория и контекст [Текст] / А.В. Бондарко. – Л.: Наука, 1971. – 116 с.
48. ***Бондарко, А.В.*** Теория значения в системе функциональной грамматики [Текст] / А.В. Бондарко. – М.: Яз. славян. культуры, 2002. – 736 с.
49. ***Брудный, А.А.*** Семантика языка и психология человека: о соотношении языка, сознания и действительности [Текст] / А.А. Брудный. – Фрунзе: Илим, 1972. – 232 с.
50. ***Буслаев, Ф.И.*** Историческая грамматика русского языка [Текст] / Ф.И. Буслаев // Хрестоматия по истории грамматических учений в России / сост.: В.В. Щеулин, В.И. Медведева.– М., 1965. – С. 140-156.
51. ***Валгина, Н.С.*** Современный русский язык. Синтаксис [Текст] / Н.С. Валгина. – 4-е изд., испр. и доп. – М.: Высш. шк., 2003. – 416 с.
52. ***Василенко, А.И.*** Структурно-семантическая роль модальных слов в тексте [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / А.И. Василенко.– М., 1985. – 199 с.
53. ***Васильев, Л.М.*** Современная лингвистическая семантика [Текст] / А.И. Василъев. – М.: Высш. шк., 1990. – 176 с.
54. ***Венрейх, У.О.*** О семантической структуре языка [Текст] / У.О. Венрейх // Новое в лингвистике. – М., 1970. – Вып. 5. – С. 153-177.
55. ***Виноградов, В.В.*** О языке художественной прозы: избр. тр. [Текст] / В.В. Виноградов.– М.: Наука, 1980. – 366 с.
56. ***Винокур, Г.О.*** О языке художественной литературы [Текст] / Г.О. Винокур. – М.: Высш. шк., 1991. – 448 с.
57. ***Винокур, Г.О.*** Филологические исследования: Лингвистика и поэтика [Текст] / Г.О. Винокур.– М.: Высш. шк., 1990. – 452 с.
58. ***Винокур, Т.Г.*** Говорящий и слушающий. Варианты речевого поведения [Текст] / Т.Г. Винокур. – М.: Наука, 1993. – 172 с.
59. ***Вольф, Е.М.*** Грамматика и семантика местоимений [Текст] / Е.М. Вольф. – М.: Наука, 1974. – 224 с.

60. ***Вольф, Е.М.*** Функциональная семантика оценки [Текст] / Е.М. Вольф. – М.: Наука, 1985. – 228 с.
61. ***Всеволодова, М.В.*** Практикум по курсу “Функционально-коммуникативный синтаксис” [Текст] / М.В. Всеволодова. – М.: Изд-во МГУ, 1995. – 112 с.
62. ***Выготский, Л.С.*** Мышление и речь [Текст] / Л.С. Выготский. – 5-е изд., испр. – М.: Лабиринт, 1999. – 352 с.
63. ***Гак, В.Г.*** Высказывание и ситуация [Текст] / В.Г. Гак // Проблемы структурной лингвистики. 1972.– М., 1973. – С. 349-372.
64. ***Гак В.Г.*** К проблеме семантической синтагматики [Текст] / В.Г. Гак // Проблемы структурной лингвистики. 1971.– М., 1972. – С. 367-395.
65. ***Гак, В.Г.*** К типологии и методике историко-семантических исследований [Текст] / В.Г. Гак.– Л.: Наука, 1979. – 232 с.
66. ***Гак, В.Г.*** Семантическая структура слова как компонент семантической структуры высказывания [Текст] / В.Г. Гак // Семантическая структура слова: Психолингвистические исследования.– М., 1971. – С. 78-96.
67. ***Гак, Г.В.*** К проблеме синтаксической семантики [Текст] / В.Г. Гак // Инвариантные синтаксические значения и структура предложения. – М., 1969. – С. 77-86.
68. ***Галунов, В.И.*** Речь, эмоции и личность: проблемы и периспективы [Текст] / В.И. Галунов // Речъ, эмоции и личность: материалы и сообщ. Всесоюз. симпоз.– Л., 1978. – С. 3-12.
69. ***Гальперин, И.Р.*** К проблеме зависимости предложения от контекста [Текст] / И.Р. Гальперин // Вопр. языкознания. – 1977. – № 1. – С. 48-55.
70. ***Гальперин, И.Р.*** Относительное употребления терминов “значение”, “смысл”, “содержание” в лингвистических работах [Текст] / И.Р. Гальперин // Науч. докл. высш. шк. Филол. науки. – 1982. – № 5. – С. 34-43.
71. ***Гальперин, И.Р.*** Текст как объект лингвистического исследования [Текст] / И.Р. Гальперин. – М.: Наука, 1981. – 139 с.

72. ***Гапаров, С.*** Кыргыз макал, лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү [Текст] / С. Гапаров.– Фрунзе: Мектеп, 1979. – 140 б.
73. ***Гаспаров, Б.М.*** Язык, память, образ. Лингвистика языкового существования [Текст] / Б.М. Гаспаров. – М.: Новое лит. обозрение, 1996. – 352 с.
74. ***Георик, Л.Ф.*** Межсловные связи в процессе синтеза семантики при восприятии текста [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Л.Ф. Георик. – Минск, 1991. – 21 с.
75. ***Годер, Н.М.*** О логической структуре познания, выраженного словосочетанием [Текст] / Н.М. Годер // Логико-грамматические очерки.– М., 1961. – С. 49-58.
76. ***Голякова, Л.А.*** Текст. Конспект. Подтекст [Текст] / Л.А. Голякова. – Пермь: Изд. Перм. гос. ун-та, 2002. – 231 с.
77. ***Горелов, И.Н.,*** Основы психолингвистики [Текст] / И.Н. Горелов, К.Ф. Седов. – М.: Лабиринт, 1998. – 256 с.
78. ***Городецкий, С.Ю.*** К проблеме семантической типологии [Текст] / С.Ю. Городецкий. – М.: Изд-во МГУ, 1969. – 563 с.
79. ***Грайс, П.Г.*** Логика и речевое общение [Текст] / П.Г. Грайс // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1985. – Вып. 16: Лингвистическая прагматика. – С. 217-237.
80. ***Греч, И.И.*** Пространная русская грамматика [Текст] / П.Г. Грайс // Хрестоматия по истории грамматических учений в России / сост.: В.И. Щеулин, В.М. Медведева. – М., 1965. – С. 41-62.
81. ***Даль, В.И.*** Толковый словарь живого великорусского языка [Текст]: в 4-х т. / В.И. Даль. – М., 1989-1991. – Т. 1. – 1989. – 699 с.; Т. 2. – 1989. – 779 с.; Т. 3. – 1990. – 555 с.; Т. 4. – 1991. – 683 с.
82. ***Данеш, Ф.*** К семантике основных синтаксических формаций [Текст] / Ф. Данеш, К. Гаузенблас // Грамматическое описание славянских языков: Концепции и их методы. – М., 1974. – С. 90-97.

83. ***Дейк, Т.А. ван.*** Вопросы прагматики текста [Текст] / Т.А. ван Дейк // Новое в зарубежной лингвистике.– М., 1978. – Вып. 8. – С. 259-336.
84. ***Дейк, Т.А. ван.*** Язык. Познание. Коммуникация [Текст] / Т.А. ван. Дейк.– М.: Прогресс, 1989. – 312 с.
85. ***Дементьев, В.В.*** Непрямая коммуникация и ее жанры [Текст] / В.В. Дементъев. – Саратов: Колледж, 2002. – 248 с.
86. ***Дементьев, В.В.*** Непрямая коммуникация и этикетные смыслы [Текст] / В.В. Дементъев // Проблемы речевой коммуникации. – Саратов, 2005. – Вып. 5. – С. 196-204.
87. ***Дешериева, Т.И.*** Субъектно-объектные отношения в разноструктурных языках [Текст] / Т.И. Дешериева. – М.: Наука, 1985. – 168 с.
88. ***Дербишева, З.К.*** Теоретическая основы сопоставительной грамматики русского и кыргызского языков [Текст]: автореф. дис. ... д-ра филол. наук. / З.К. Дербишева.– Бишкек, 2001. – 38 с.
89. ***Лайонз, Дж.*** Введение в теоретическую лингвистику [Текст] / Дж. Лайонз.– М.: Прогресс, 1978. – 543 с.
90. ***Джусаев, Дж.*** Категория модальности и средства ее выражения в современном кыргызском языке [Текст]: автореф. дис. ... д-ра филол. наук / Дж. Джусаев. – Бишкек, 2000. – 36 с.
91. ***Долгова, О.В.*** Синтаксис как наука о построении речи [Текст] / О.В. Долгова. – М.: Высш. шк., 1980. – 191 с.
92. ***Драгой, О.В.*** Разрешение синтаксичечкой неоднозначности: правила и вероятность [Текст] / О.В. Драгой // Вопр. языкознания.– 2006. – № 6. – С. 44-61.
93. ***Дридзе, Т.М.*** Текстовая деятельности в структуре социальной коммуникации. Проблемы семиосоциопсихологии [Текст] / Т.М. Дридзе. – М.: Наука, 1984. – 227 с.
94. ***Дридзе, Т.М.*** Психология общения [Текст] / Т.М. Дридзе, В.Э. Реньге. – Рига: МИПКСНХ ЛатвССР, 1979. – 65 с.

95. ***Дунканаев, А.Т.*** Кыргыз макалдарынын тексттик коммуникативдик өзгөчөлүктөрү [Текст] / А.Т. Дунканаев. – Каракол: Б-сыз, 2010. – 202 б.
96. **Дуйшеев, Ж.** Интонация простого повествовательного предложения в современном киргизском литературном языке [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Ж. Дуйшеев. – Фрунзе, 1980. – 25 с.
97. ***Жакыпов, Ы.*** Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси [Текст] / Ы. Жакыпов. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1958. – 282 б.
98. ***Жапаров, А.*** Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст] / А. Жапаров. – Фрунзе: Мектеп, 1979. – 323 б.
99. ***Жаманкулова, К.Т.*** Кыргыз тилиндеги бышыктооч мүчөлөр [Текст] / К.Т. Жаманкулова.– Бишкек: Бийиктик, 2009. – 216 б.
100. ***Элчи, Жаанбай уулу.*** Сүйлөмгө грамматикалык жана мазмундук талдоо жүргүзүү [Текст] / Элчи Жаанбай уулу.– Бишкек: Бийиктик, 2001.– 118 б.
101. ***Жинкин, Н.И.*** Язык. Речь. Творчество [Текст] / Н.И. Жинкин.– М.: Лабиринт, 1998. – 366 с.
102. ***Журавлев, А.П.*** Звук и смысл [Текст] / А.П. Журавлев. – 2-е изд., испр. и доп. – М.: Просвещение, 1991. – 160 с.
103. ***Журавлев, А.П.*** Содержательность синтаксической формы (синтаксический символизм) [Текст] / А.П. Журавлев // Вопр. языкознания. – 1987. – № 3. – С. 46-57.
104. ***Зализняк, А.***А. Феномен многозначности и способы его описания [Текст] / А.А. Зализняк // Вопр. языкознания. – 2004. – № 2. – С. 20-45.
105. ***Засорина, Л.Н.*** Введение в структурную лингвистику [Текст] / Л.Н. Засорина. – М.: Высш. шк., 1974. – 319 с.
106. ***Звегинцев, В.А.*** Предложение и его отношение к языку и речи [Текст] / В.А. Звегинцев. – М.: Изд-во МГУ, 1976. – 308 с.
107. ***Звегинцев, В.А.*** Смысл и значение [Текст] / В.А. Звегинцев // Теоретические и эксперименталъные исследования в области структурной и прикладной лингвистики. – М., 1973. – С. 91-98.

108. ***Зимняя, И.А.*** Лингвопсихология речевой деятельности [Текст] / И.А. Зимняя. – Москва; Воронеж: НПО “МОДЭК”, 2001. – 432 с.

109. ***Золотова, Г.А.*** Коммуникативные аспекты русского синтаксиса [Текст] / Г.А. Золотова. – М.: Наука, 1982. – 369 с.

110. ***Золотова, Г.А.*** Роль ремы в организации и типологии текста [Текст] / Г.А. Золотова // Синтаксис текста. – М., 1979. – С. 112-133.

111. ***Золотова, Г.А.*** Синтаксический словарь. Репертуар элементарных единиц русского синтаксиса [Текст] / Г.А. Золотова. – М.: Наука, 1988. – 440 с.

112. ***Золян, С.Т.*** Семантическая структура слов в поэтической речи [Текст] / С.Т. Золян // Изв. АН СССР. Сер. лит. и яз. – 1981. – Т. 40, № 6. – С. 509-520.

113. ***Зулпукаров, К.З.*** Падежная грамматика: теория и прагматика [Текст] / К.З. Зулпукаров. – СПб.; Ош: Б.и., 1994. – 317 с.

114. ***Зулпукаров, К.З.*** Тюркское лично-поссесивное словоизменение [Текст] / К.З. Зулпукаров, М.А. Атакулова. – Ош: Б.и., 2005. –

115. ***Ибрагимов, С.*** Вопросы сложносочиненного предложения киргизского и русского языков в аспекте лингво-культурологии [Текст] / С. Ибрагимов.– Бишкек: Б.и., 2001. – 148 с.

116. ***Ибрагимов, С.*** Лингвокультурология – тилдик маданият таануу [Текст] / С. Ибрагимов. – Бишкек: Б-сыз, 2004. – 118 с.

117. ***Иманов, А.*** Кыргыз тилинин синтаксиси [Текст] / А. Иманов. – Бишкек: Б-сыз, 2009. – 419 б.

118. ***Каменская, О.Л.*** Текст и коммуникация [Текст] / О.Л. Каменская. – М.: Высш. шк., 1990. – 152 с.

119. ***Караева, З.К.*** Перевод и семантика: Многоязычное бытие эпоса “Манас” и теоретико-методологические проблемы переводоведения [Текст] / З.К. Караева.– Бишкек: Айат, 2006. – 332 с.

120. ***Караулов, Ю.Н.*** Русский язык и языковая личность [Текст] / Ю.Н. Караулов. – М.: Наука, 1987. – 264 с.

121. ***Касевич, В.Б.*** Семантика. Синтаксис. Морфология [Текст] / В.Б. Касевич. – М.: Наука. Гл. ред. вост. лит., 1988. – 311 с.
122. Категории глагола и структура предложения. Конструкции с предикатными актантами [Текст] / отв. ред. В.С. Храковский. – Л.: Наука, 1983. – 248 с.
123. Категория субъекта и объекта в языках различных типов [Текст] / под ред. С.Д. Кацнельсона. – Л.: Наука, 1982. – 189 с.
124. ***Кацнельсон, С.Д.*** К понятию типов валентности [Текст] / С.Д. Кацнельсон // Вопр. языкознания. – 1987. – № 3. – С. 20-32.
125. ***Киселева, Л.А.*** Язык как средство воздействия [Текст] / Л.А. Киселева. – Л.: ЛГПИ им. Герцена, 1971. – 60 с.
126. ***Кифер, Ф.*** О роли прагматики в лингвистическом описании [Текст] / Ф. Кифер // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1985. – Вып. 16. – С. 333-348.
127. ***Ажеж, Клод.*** Человек говорящий. Вклад лингвистики в гуманитарные науки [Текст]: пер с фр. / Клод Ажеж. – 2-е изд., стереотип. – М.: Едиториал УРСС, 2008. – 304 с.
128. ***Ковтунова, И.И.*** Поэтический синтаксис [Текст] / И.И. Ковтунова. – М.: Наука, 1986. – 206 с.
129. ***Ковтунова, И.И.*** Современный русский язык. Порядок слов и актуальное членение предложения [Текст] / И.И. Ковтунова. – М.: Просвещение, 1976. – 239 с.
130. ***Кокорина, С.И.*** О семантическом субъекте и особенностях его выражения в современном русском языке [Текст] / С.И. Кокорина. – М.: Изд-во МГУ, 1979. – 77 с.
131. ***Колосова, Т.А.*** Имплицитные сложные предложения с контактирующими скрепами [Текст] / Т.А. Колосова // Полипредикативные конструкции и их морфологическая база.– Новосибирск, 1980. – С. 34-48.

132. ***Колшанский, Г.В.*** Коммуникативная функция и структура языка [Текст] / Г.В. Колшанский. – М.: Наука, 1984. – 173 с.

133. ***Колшанский, Г.В.*** Контекстная семантика [Текст] / Г.В. Колшанский. – М.: Наука, 1980. – 149 с.

134. ***Колшанский, Г.В.*** Логика и структура языка [Текст] / Г.В. Колшанский. – М.: Высш. шк, 1965. – 239 с.

135. ***Колшанский, Г.В.*** Соотношение объективных и субъективных факторов в языке [Текст] / Г.В. Колшанский. – М.: Наука, 1975. – 232 с.

136. ***Корженский, Я.*** Прагматический компонент и теория текста // Синтаксис текста [Текст] / Я. Корженский. – М., 1979. – С. 68-77.

137. ***Кормилицина, М.А.*** Семантическая структура предложения в русском языке [Текст] / М.А. Кормилицина, З.Л. Новоженова.– Саратов: Изд-во Сарат. ун-та, 1985. – 48 с.

138. ***Костомаров, В.Г.*** Наш язык в действии: Очерки современной русской стилистики [Текст] / В.Г. Костомаров. – М.: Гардарики, 2005. – 289 с.

139. ***Котелова, Н.З.*** О логико-грамматическом уровне в языке [Текст] / Н.З. Котелова // Язык и мышление.– М., 1967. – С. 130-136.

140. ***Кох, А.*** Предварительный набросок дискурсивного анализа семантического типа [Текст] / А. Кох // Новое в зарубежной лингвистике.– М., 1978. – Вып. 3. – С. 149-172.

141. ***Крамских, С.В.*** Смысловая организация местоименно-соотносительных (отождествительных) предложений в современном русском языке [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / С.В. Крамских. – М., 1982. – 199 с.

142. ***Красных, В.В.*** Основы психолингвистики и теории коммуникации [Текст] / В.В. Красных. – М.: ИТДГК “Гнозис”, 2001. – 270 с.

143. ***Крылова, О.А.*** Современный русский язык. Теоретический курс. Синтаксис. Пунктуация [Текст] / О.А. Крылова, Л.Ю. Максимов, Е.Н. Ширяев. – М.: Изд-во РУДН, 1997. – 256 с.

144. Краткий словарь когнитивных терминов [Текст] / Е.С. Кубрякова, В.З. Демьянков, Ю.Г. Панкрац, Л.Г. Лузина. – М.: Изд-во МГУ, 1997. – 245 с.

145. ***Кубрякова, Е.С.*** Типы языковых значений. Семантика производного слова [Текст] / Е.С. Кубрякова. – М.: Наука, 1981. – 200 с.

146. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / ред.: Э. Абдулдаев, Д. Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1984. – 1- т. – 108 б.

147. ***Лазариди, М.И.*** Психические состояния в полевом описании: номинативно-функциональный аспект [Текст] / М.И. Лазариди.– Бишкек: Б.и., 2005. – 310 с.

148. ***Лаптева, О.А.*** Теория современного русского литературного языка [Текст] / О.А. Лаптева. – М.: Высш. шк., 2003. – 351 с.

149. ***Леонтьев, А.А.*** Основы психолингвистики [Текст] / А.А. Леонтьев.– М.: Смысл, 1997. – 287 с.

150. Лингвистическая прагматика и проблемы общения с ЭВМ [Текст]. – М.: Наука, 1989. – 142 с.

151. Логический анализ языка. Проблемы интенсиональных и прагматических контекстов [Текст] / отв. ред. Н.Д. Арутюнова. – М.: Наука, 1989. – 288 с.

152. Логический анализ языка: Знание и мнение [Текст]. – М.: Наука, 1998. – 127 с.

153. ***Лосева, Л.М.*** Структурно-семантическая организация целых текстов [Текст]: метод. рек. / Л.М. Лосева.– Одесса: Изд-во Одес. ун-та, 1973. – 100 с.

154. ***Макаров, М.Л.*** Основы теории дискурса [Текст] / М.Л. Макаров.– М.: ИТДГК “Гнозис”, 2003. – 280 с.

155. ***Мамытов, Ж.*** Көркөм чыгарманын тили [Текст] / Ж. Мамытов. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 121 б.

156. ***Маразыков, Т.С.*** Кыргыз тилинде текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар [Текст] / Т.С. Маразыков. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 3-китеп. – 166 б.

157. ***Маразыков, Т.С.*** Текст таануу жана анын айрым маселелери [Текст] / Т.С. Маразыков. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 1-китеп. – 144 б.
158. ***Маразыков, Т.С.*** Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы [Текст] / Т.С. Маразыков. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 2-китеп. – 167 б.
159. ***Менг, К.*** Семантические проблемы лингвистического исследования коммуникации [Текст] / К. Менг // Психолингвистические проблемы семантики.– М., 1983. – С. 221-241.
160. Метафора в языке и тексте [Текст] / под ред. В.Н. Телия. – М.: Наука, 1988. – 174 с.
161. ***Мураталиев, М.*** Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөр [Текст] / М. Мураталиев.– Фрунзе: Илим, 1981. – 108 б.
162. ***Мусаев, С.Ж.*** Кеп маданияты жана норма [Текст] / С.Ж. Мусаев. – Бишкек: Б-сыз, 1999. – 160 б.
163. ***Мусаев, С.Ж.*** Текст: прагматика, структура [Текст] / С.Ж. Мусаев. – Бишкек: Раритет, 2000. – 321 с.
164. ***Мусаев, С.Ж.*** Текстти система-структуралык анализге алуунун илимий методологиялык негизи [Текст] / С.Ж. Мусаев // Тил, адабият жана искусство маселелери.– Бишкек, 2009. – №3(8). – 25-30- б.
165. ***Мусаев, С.Ж.*** Тексттин коммуникативдик структурасы [Текст]: филол. илим. д-ру. ... дис. / С.Ж. Мусаев.– Бишкек, 2000.– 338 б.
166. ***Муханов, И.Л.*** Интонация в практике русской диалогической речи [Текст] / И.Л. Муханов. – М.: Ойкумена, 1995. – 230 с.
167. ***Мухин, А.М.*** Синтаксемный анализ и проблема уровней языка [Текст] / А.М. Мухин. – Л.: Наука. Ленингр. отд-ние, 1980. – 303 с.
168. ***Никитин, М.В.*** Основы лингвистической теории значения [Текст] / М.В. Никитин. – М.: Высш. шк., 1988. – 168 с.
169. ***Новиков, Л.А.*** Избранные труды [Текст] / Л.А. Новиков.– М.: Изд- во РУДН, 2001. – Т. 1: Проблемы языкового значения.– 672 с.

170. ***Новиков, Л.А.*** Семантика русского языка [Текст] / Л.А. Новиков.– М.: Высш. шк., 1982. – 272 с.
171. ***Новиков, Л.А.*** Семантика текста и ее формализация [Текст] / Л.А. Новиков. – М.: Наука, 1983. – 215 с.
172. Узбек тилининг мазмуний синтаксиси [Текст] / А. Нурманов, Н. Махмудов, А. Ахмедов, С. Солихожаева.– Тошкент: Фан, 1992. – 292 б.
173. ***Нуруев, Т.*** Татаалдашкан сүйлөмдүн семантика-грамматикалык түзүлүшү [Текст] / Т. Нуруев. – Ош: Б-сыз, 2007. –
174. Общение. Текст. Высказывание [Текст]. – М.: Наука, 1989. – 175 с.
175. ***Орузбаева, Б.Ө.*** Кыргыз тил илими: Макалалар жыйнагы [Текст] / Б.Ө. Орузбаева. – Бишкек: Б-сыз, 2004. – Т. 2. – 286 б.
176. ***Осмонова, Ж.*** Кыргыз фразеологиясынын негиздери [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. автореф. / Ж. Осмонова. – Бишкек, 2008. – 46 б.
177. ***Өмүралиева, С.Ч.*** Айтматовдун көркөм чыгармаларына лингвистикалык илик [Текст] / С.Ч. Өмүралиева. – Бишкек: Б-сыз, 1999. –
178. ***Өмүралиева С.Ч.*** Текст: Семантика, структура [Текст] / С.Ч. Өмүралиева. – Бишкек: Б-сыз, 2002. –
179. ***Павиленис, Р.И.*** Проблема смысла: Современный логико-философический анализ языка [Текст] / Р.И. Павиленис. – М.: Наука, 1983. – 509 с.
180. ***Падучева, Е.В.*** Высказывание и его соотнесенность с действительностью [Текст] / Е.В. Падучева. – М.: Наука, 1985. – 272 с.
181. ***Падучева, Е.В.*** О семантике синтаксиса: (материалы к трансформационной грамматике русского языка) [Текст] / Е.В. Падучева. – М.: Наука, 1974. – 292 с.
182. ***Падучева, Е.В.*** Семантические исследования: Семантика времени и вида в русском языке. Семантика нарратива [Текст] / Е.В. Падучева.– М.: Яз. рус. культуры, 1996. – 464 с.
183. ***Панфилов, В.З.*** Взаимоотношение языка и мышления [Текст] / В.З. Панфилов. – М.: Наука, 1971. – 232 с.

184. ***Панфилов, В.З.*** Грамматика и логика (грамматическое и логико-грамматическое членение простого предложения) [Текст] / В.З. Панфилов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1963. – 79 с.

185. ***Перевлесский, П.М.*** Начертание русского синтаксиса [Текст] / П.М. Перевлесский // Хрестоматия по истории грамматических учений в России / сост.: В.И. Щеулин, В.М. Медведева. – М., 1965. – С. 122-139.

186. ***Петров, В.В.*** Философия, семантика, прагматика [Текст] / В.В. Петров // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1985. – Вып. 16. – С. 471-476.

187. ***Полонский, А.В.*** Категориальная и функциональная сущность адресатности [Текст] / А.В. Полонский.– М.: Рус. двор, 1999. – 256 с.

188. ***Поляков, М.Я***. Вопросы поэтики и художественной семантики [Текст] / М.Я. Поляков. – М.: Сов. писатель, 1986. – 480 с.

189. ***Попов, А.С.*** Три сектора в структуре простого предложения (предикативный, полупредикативный, непредикативный) [Текст] / А.С. Попов // Синтаксические связи в русском языке.– Владивасток, 1974. – Вып. 1. – С. 65-82.

190. ***Почепцов, Г.Г.*** Семантическая организация предложения в аспекте пресуппозиции [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Г.Г. Почепцов. – Киев, 1976. – 22 с.

191. Принципы и методы семантических исследований [Текст] / ред. В.Н. Ярцева. – М.: Наука, 1976. – 377 с.

192. Пропозициональные предикаты в логическом и лингвистическом аспекте [Текст]. – М.: Наука. Гл. ред. вост. лит. 1987. – 139 с.

193. ***Прохоров, Ю.Е.*** В поисках концепта [Текст] / Ю.Е. Прохоров.– М.: Икар, 2004. – 204 с.

194. ***Прохоров, Ю.Е.*** Действительность. Текст. Дискурс [Текст] / Ю.Е. Прохоров. – М.: Флинта: Наука, 2004. – 224 с.

195. ***Распопов, И.П.*** Несколько замечаний о так называемой семантической структуре предложения [Текст] / И.П. Распопов // Вопр. языкознания. – 1981. – № 4. – С. 24-34.

196. ***Ратмайр, Р.*** Прагматика извинения: Сравнительное исследование на материале русского языка и русской культуры [Текст] / Р. Ратмайр.– М.: Яз. рус. культуры, 2003. – 272 с.

197. ***Ревзин, И.И.*** О логической форме лингвистических определений [Текст] / И.И. Ревзин // Применение логики в науке и технике.– М., 1960. – С. 130-149.

198. ***Рождественский, Ю.В.*** Введение в общую филологию [Текст] / Ю.В. Рождественский.– М.: Высш. шк., 1979. – 224 с.

199. ***Розенталь, Д.*** Словарь-справочник лингвистических терминов [Текст] / Д. Розенталъ, М. Теленкова.– М.: Просвещение, 1985. – 399 с.

200. Русская грамматика. [Текст]: в 2-х т. / под ред. Н.Ю. Шведовой. – М.: Наука, 1980. – Т. 2: Синтаксис. – 714 с.

201. Русский язык в его функционировании. Коммуникативно-прагматический аспект [Текст]: сб. ст. / отв. ред.: Т.Г. Винокур, Е.А. Земская, Д.Н. Шмелев. – М.: Наука, 1993. – Т. 1. – 219 с.

202. Русский язык [Текст]: энцикл. / гл. ред. Ю.Н. Караулов.– М.: Большая рос. энцикл.: Дрофа, 1997. – 721 с.

203. ***Савельева, Е.П.*** Номинации речевых интенций в русском языке и их семантико-прагматическое истолкование [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / Е.П. Савелъева. – М., 1997. – 199 с.

204. ***Сагынбаева, Б.*** Кыргыз жана түрк тилдериндеги этиш сөз түркүмүнүн структура-функционалдык салыштырмасы [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. автореф. / Б. Сагынбаева. – Бишкек, 2008. – 41 б.

205. ***Саматов, К.*** Кыргыз тилиндеги өң-түс сөздөрүнүн лексика-семантикалык жана стилистикалык мүнөздөмөлөрү [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. автореф. / К. Саматов.– Бишкек, 2003. – 54 б.

206. ***Сартбаев, К.К.*** Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси [Текст] / К.К. Сартбаев. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1957. – 176 б.

207. ***Сгалл, П.*** Значение, содержание и прагматика [Текст] / П. Сгалл // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1985. – Вып. 16.– С. 384-399.

208. Семантические типы предикатов [Текст]. – М.: Наука, 1982. – 365 с.

209. Семантика слова и семантика текста [Текст]: сб. науч. тр., посвящ. 80-летию со дня рождения акад. Н.М. Шанского / Моск. гос. обл. ун-т.– М.: МГОУ, 2002. – Вып. 5.

210. ***Серль, Дж.Р.*** Косвенные речевые акты [Текст] / Дж.Р. Серль // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1986. – Вып. 17: Теория речевых актов. – С. 195-222.

211. ***Сильницкий, Г.Г.*** Семантические типы ситуаций и семантические классы глаголов [Текст] / Г.Г. Сильницкий // Проблемы структурной лингвистики. 1972.– М., 1973. – С. 373-391.

212. ***Сиротинина, О.Б.*** Лекции по синтаксису русского языка [Текст] / О.Б. Сиротинина. – М.: Высш. шк., 1980. – 74 с.

213. Смысловое восприятие речевого сообщения (в условиях массовой коммуникации) [Текст] / отв. ред. Т.М. Дридзе, А.А. Леонтьев. – М.: Наука, 1976. – 153 с.

214. Современный русский язык [Текст] / под ред. В.А. Белошапковой. – М.: Высш. шк., 1989. – 800 с.

215. ***Солганик, Г.Я.*** Синтаксическая стилистика (сложное синтаксическое целое) [Текст] / Г.Я. Солганик. – 2-е изд., испр. и доп. – М.: Высш. шк., 1991. – 182 с.

216. ***Сорокин, Ю.А.*** Психолингвистическая аспекты изучения текста [Текст] / Ю.А. Сорокин. – М.: Наука, 1985. – 168 с.

217. ***Стародумова, Е.А.*** О некоторых “дополнительных” значениях предложения [Текст] / Е.А. Стародумова // Синтаксические связи в русском языке. – Владивосток, 1978. – С. 56-63.

218. ***Старикова, Е.Н.*** Имплицитная предикативность в современном английском языке [Текст] / Е.Н. Старикова. – Киев: Вища. шк., 1974. – 142 с.

219. ***Степанов, Ю.С.*** В трехмерном пространстве языка [Текст] / Ю.С. Степанов. – М.: Наука, 1985. – 335 с.

220. ***Степанов, Ю.С.*** Имена. Предикаты. Предложения [Текст] / Ю.С. Степанов.– М.: Наука, 1981. – 361 с.

221. ***Степанов, Ю.С.*** Концепты. Тонкая пленка цивлизации [Текст] / Ю.С. Степанов. – М.: Яз.славян. культуры, 2007. – 248 с.

222. ***Степанов, Ю.С.*** Методы и принципы современной лингвистики [Текст] / Ю.С. Степанов. – 3-е изд., стереотип. – М.: Едиториал УРСС, 2003. – 359 с.

223. ***Степанов, Ю.С.*** Семиотика [Текст] / Ю.С. Степанов. – М.: Наука, 1971. – 168 с.

224. ***Столнейкер, Р.С.*** Прагматика [Текст] / Р.С. Столнейкер // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1985. – Вып. 16. – С. 419-438.

225. ***Супрун, А.В.*** Грамматика и семантика простого предложения: (на материале испанского языка) [Текст] / А.В. Супрун. – М.: Наука, 1977. – 264 с.

226. ***Супрун, А.Е.*** Лекции по теории речевой деятельности [Текст] / А.В. Супрун. – Минск: Б.и., 1996. – 144 с.

227. ***Сусов, И.П.*** Прагматическая структура высказывание [Текст] / И.П. Сусов // Языковое общение: единицы и регулятивы. – Калинин, 1985. – С. 7-11.

228. ***Сусов, И.П.*** Семантическая структура предложения [Текст] / И.П. Сусов. – Тула: ТГПИ, 1973. – 141 с.

229. ***Тагаев, М.Дж.*** Полипарадигмальное описание морфемики и словообразование [Текст] / М.Дж. Тагаев.– Бишкек: Б.и., 2004. – 281 с.

230. ***Тарланов, З.К.*** Университетский курс русского синтаксиса в научно-историческом освещении [Текст] / З.К. Тарланов. – Петрозаводск: ПетрГУ, 2007. – 480 с.

231. ***Телия, В.Н.*** Коннотативный аспект семантики номинативных единиц [Текст] / В.Н. Телия. – М.: Наука, 1986. – 141 с.

232. ***Телия, В.Н.*** Русская фразеология: Семантический, прагматический и лингвокультрологический аспекты [Текст] / В.Н. Телия. – М.: Яз. рус. кулътуры, 1996. – 288 с.

233. ***Телия, В.Н.*** Типы языковых значений: связанное значение слова в языке [Текст] / В.Н. Телия. – М.: Наука, 1981. – 269 с.

234. ***Тойчубекова, Б.*** Азыркы кыргыз тилиндеги бир составдуу жана кемтик сүйлөмдөр [Текст] / Б. Тойчубекова. – Фрунзе: Илим, 1983. – 265 б.

235. ***Токоев, Т.Т.*** Кыргыз тилинин экспрессивдик синтаксиси [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. автореф. / Т.Т. Токоев. – Бишкек, 2006. – 45 б.

236. ***Токтоналиев, К.Т.*** Кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-функционалдык жана интонациялык структурасы [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. автореф. / К.Т. Токтоналиев. – Бишкек, 2004. – 51 б.

237. ***Түмөнбаева, М.Ж.*** Кыргыз тилиндеги айтымдын эмоционалдык-экспрессивдик каражаттары (илептүү айтымдын негизинде) [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. / М.Ж. Түмөнбаева. – Бишкек, 2010. – 154 б.

238. ***Турсунов, А.*** Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары [Текст] / А. Турсунов.– Фрунзе: Илим, 1976. – 1 бөлүк. – 94 б.

239. ***Турсунов, А.*** Кыргыз тилиндеги этиштик сөз айкаштары [Текст] / А. Турсунов. – Фрунзе: Илим, 1978. – 2 бөлүк. – 337 б.

240. Турсунов, А. Кыргыз тилинин тыныш белгилери [Текст] / А. Турсунов. – Бишкек: Б-сыз, 2002. – 142 б.

241. ***Усубалиев, Б.*** Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. автореф. / Б. Усубалиев.–Бишкек, 1994. – 38 б.

242. ***Федосюк, М.Ю.*** Неявные способы передачи информации в тексте [Текст] / М.Ю. Федосюк. – М.: МГПИ им. В.И. Ленина, 1988. – 83 с.

243. ***Филлмор, Ч.*** Фреймы и семантика понимания [Текст] / Ч. Филлмор // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1986. – Вып. 23. – С. 52-92.

244. ***Формановская, Н.И.*** Речевое взаимодействие: коммуникация и прагматика [Текст] / Н.И. Формановская. – М.: ИКАР, 2007. – 480 с.

245. ***Формановская, Н.И.*** Способы выражения просьбы в русском языке (прагматический подход) [Текст] / Н.И. Формановская // Рус. яз. за рубежом. – 1984. – № 6. – С. 67-72.

246. ***Формановская, Н.Н.*** О смысловой объемности текста с коммуникативно-прагматической точки зрения [Текст] / Н.И. Формановская // Рус. яз за рубежом. – 1988. – № 5. – С. 44-49.

247. ***Франк, Д.*** Семь грехов прагматики: тезисы о теории речевых актов, анализе речевого общения, лингвистике и риторике [Текст] / Д. Франк // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1986. – Вып. 17: Теория речевых актов. – С. 363-373.

248. Функциональные и семантические характеристики текста, высказывания, слова [Текст] / под ред. М.Л. Ремневой, Е.В. Клобукова.– М.: Изд. МГУ. 2000. – 238 с. – (Вопр. языкознания; Вып. 8).

249. ***Храковский, В.С.*** Семантика и типология императива. Русский императив [Текст] / В.С. Храковский, А.П. Володин. – Л.: Наука, 1986. – 272 с.

250. ***Хоанг, Фэ.*** Семантика высказывания [Текст] / Фэ Хоанг // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1985. – Вып. 16. – С. 399-405.

251. ***Чанаков, Ы.*** Интонация вопросительного предложения в современном киргизском литературном языке. (опыт экспериментально-фонетических исследований) [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Ы. Чанаков. – Фрунзе, 1982. – 18 с.

252. Человеческий фактор в языке. Коммуникативность. Модальность. Дейксис [Текст] / под ред. Т.В. Булыгиной. – М.: Наука, 1992. – 281 с.

253. ***Черемисина, М.И.*** Очерки по теории сложного предложения [Текст] / М.И. Черемисина, Т.А. Колосова. – Новосибирск: Наука, 1987. – 198 с.

254. ***Чесноков, П.В.*** Логические и семантические формы мышления как значение грамматических форм [Текст] / П.В. Чесноков // Вопр. языкознания. – 2002. – № 5. – С. 3-14.

255. ***Чолпонбаев, А.К.*** Кыргыз тилиндеги объектилик катыштын семантикалык-структуралык өзгөчөлүктөрү [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. автореф. / А.К. Чолпонбаев. – Бишкек, 2007. – 23 б.

256. ***Чыманов, Ж.А.*** Тил жана кеп жөнүндө сөз [Текст] / Ж.А. Чыманов. – Бишкек: Б-сыз., 2005. – 122 б.

257. ***Шаховский, В.И.*** Категоризация эмоций в лексико-семантической системе языка [Текст] / В.И. Шаховский. – Воронеж: Изд-во Воронеж. ун-та, 1987. – 192 с.

258. ***Шаховский, В.И.*** Дейксис в сфере эмоциональной речевой деятельности [Текст] / В.И. Шаховский, В.В. Жура // Вопр. языкознания.– 2002. – № 5. – С. 38-56.

259. ***Шемякин, Ф.Н.*** Язык и чувственное познание [Текст] / Ф.Н. Шемякин // Язык и мышление. – М., 1967. – С. 38-55.

260. ***Шмелева, Т.В.*** Смысловая организация предложения и проблема модальности [Текст] / Т.В. Шмелева // Актуальные вопросы синтаксиса.– М., 1984. – С. 78-100.

261. ***Щерба, Л.В.*** Языковая система и речевая деятельность [Текст] / Л.В. Щерба. – М.: Наука,1974. – 428 с.

262. ***Эргешова, С.Б.*** Паремияларда антонимдик концепттер аркылуу тилдик дүйнө сүрөтүнүн жана менталдык пропозициянын берилиши [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. / С.Б. Эргешова. – Бишкек, 2012. – 166 б.

263. Эффективная коммуникация: история, теория, практика [Текст]: слов.-справ. / отв. ред. М.И. Панов. – М.: Олимп, 2005. – 959 с.

264. ***Юнусалиев, Б.М.*** Тандалган эмгектер [Текст] / Б.М. Юнусалиев. – Фрунзе: Илим, 1985. – 509 б.

265. Язык и общение [Текст]: (учеб.-метод. пособие по спецкурсу). – Саратов: Б.и., 1995. – 48 с.

266. Языкознание [Текст]: большой энцикл. слов. – М.: Большая Рос. энцикл., 1998. – 687 с.